**А.В. Белоглазов**

# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРГЕ ИСЛАМДЫН ТААСИРИ

**ОКУУ КУРАЛЫ**

***Оңдолгон, толукталган экинчи басылышы***

**«Биргелешкен Рухий Семинария» диний коому**

**Бишкек 2022**

УДК 327(5-015):297(075.8)
ББК 66.4:86.38я73
Б 43

**Белоглазов А.В.**
Б 43 **Борбордук Азиядагы саясий процесстерге исламдын таасири**: окуу куралы. Онд. ж-а толукт. 2-чи бас. -Б.: Айат, 2022. –352 б.

ISBN 978-9967-16-280-8

**«Борбордук Азиядагы саясий процесстерге исламдын таасири»** окуу куралы «Чет өлкөлүк регион таануу», «Эл аралык мамилелер», «Чыгыш таануу», «Дин таануу» багыттары боюнча окуган жогорку окуу жайлардын студенттерине арналган. VII–XXI кылымдардын ортосунда Борбордук Азиянын өлкөлөрүнүн саясатында исламдык фактордун пайда болушу, калыптанышы жана өсүш кыймылы жөнүндө ар тараптуу чагылдырган тарыхый эмгек.

Ошондой эле бул аймакта аракет кылган башка саясий күчтөр дагы көрсөтүлөт. Өзгөчө постсоветтик доорго көңүл бөлүнгөндүктөн Борбордук Азиянын мамлекеттери – Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстандын азыркы саясаты жана региондогу радикалдык ислам уюмдарынын жүргүзгөн иштери кеңири баяндалат.

Бул окуу куралы автордун уруксаты менен ОДС тарабынан орус тилинен кыргыз тилине которулуп, жалпы окурмандарга сунушталып жатат.

УДК 327(5-015):297(075.8)
ББК 66.4:86.38я73

ISBN 978-9967-16-280-8

© Белоглазов А.В., 2021.
© «Биргелешкен Рухий Семинария» диний коому, кыргыз тилине котормо, 2022

**Мазмуну**

КИРИШҮҮ ........................................................................................................ 6

1. VII–XVIII КЫЛЫМДАРДА ФЕОДАЛИЗМ ДООРУНДА БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРГЕ ИСЛАМДЫН ТААСИРИ.............. 17

1.1. Исламга чейинки доордогу Борбордук Азиянын диндери ............... 17

1.2. VII–VIII кылымдардагы арабдардын басып алуу мезгилинде исламдын Борбордук Азияга кириши ............................................................. 20

1.3. IX–X кылымдарда көз карандысыздыкка ээ болуу учурунда Орто Азиядагы саясатка исламдын таасири ................................................... 29

1.4. XI–XIII кылымдардын башында Борбордук Азияда Караханиддер менен Хорезмшахтардын башкаруусунун убагында саясий процесстердеги исламдык фактор ........................................................................................ 35

1.5. XIII–XIV кылымдарда моңголдор бийлик кылган доордо Борбордук Азиядагы ислам ............................................................................................ 40

1.6. XIV–XV кылымдарда Тимур (Темирлан) жана Тимурдун тукумдары бийлик жүргүзгөн мезгилде исламдын ролу. ................................ 50

1.7. XVI–XVII кылымдарда Бухара менен Хива хандыгынын саясатына исламдын таасири ......................................................................................... 57

1.8. XVI–XVII кылымдарда Борбордук Азиянын чыгыш жана түндүк аймактарындагы исламдык фактор ................................................................ 64

1.9. XVIII кылымда Бухара, Хивин жана Кокон хандыгындагы ислам фактору........................................................................................................... 68

1.10. XVIII кылымда Борбордук Азияда исламды таратууда Россиянын ролу ................................................................................................................. 76

1-бөлүм боюнча жыйынтык ........................................................................ 82

2. XIX–XX КЫЛЫМДАРДА БОРБОРДУК АЗИЯНЫН САЯСАТЫНА ИСЛАМДЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ........................................................ 84

2.1.XIX кылымдын биринчи жарымындагы Борбордук Азиядагы мамлекеттер ................................................................................................... 84

2.2. «Чоң оюндагы» ислам фактору ........................................................ 90

2.3. XIX кылымдын экинчи жарымында Россияга Борбордук Азиянын кошулуу процессиндеги исламдык фактор ........ 94
2.4. XX кылымдын башында жадидизм Борбордук Азиянын саясий процесстеринде ислам факторунун көрүнүшү катары ........ 101
2.5. 1917–1926-жылдарда Борбордук Азияда жарандык согуш жана басмачылык менен күрөш убагында ислам факторунун саясатка тийгизген таасири ........ 107
2.6. 1926–1941-жылдарда Борбордук Азиянын совет республикаларында басмачылар менен күрөштү аяктагандан кийинки жана Улуу Ата Мекендик согушка чейинки ислам ........ 116
2.7. 1941–1985-жылдарда Борбордук Азиянын саясатында Улуу Ата Мекендик согуш убагында жана согуштан кийинки мезгилде ислам фактору ........ 119
2.8. 1985–1991-жылдарда СССРдин кайра куруу жылдарында Борбордук Азияда исламдын кайрадан жандануусу ........ 122
2-бөлүм боюнча жыйынтык ........ 127
3. КМШ БОРБОРДУК АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН САЯСАТЫНДАГЫ ИСЛАМ ФАКТОРУ ........ 129
3.1.Постсоветтик доордо Борбордук Азияда исламдын саясатташуусу ........ 129
3.2.Борбордук Азиядагы Хизб ут-Тахрир партиясы ........ 137
3.3. Өзбекстандагы саясий процесстерде ислам фактору ........ 147
3.4. Тажиктердин ортосундагы жаңжалда жана аны жөнгө салуу процессинде ислам факторунун ролу ........ 158
3.5. Кыргызстандагы саясий процесстерде ислам фактору ........ 179
3.6. Казакстандагы исламдын саясий процесстерге тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрү ........ 187
3.7. Түркмөнстан саясатында ислам факторун азайтуу ........ 198
3-бөлүм боюнча жыйынтыктар ........ 205
КОРУТУНДУ ........ 206
СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР ........ 212
ТОПОНИМДЕР ЖАНА ГИДРОНИМДЕР СӨЗДҮГҮ ........ 214
ГЛОССАРИЙ ........ 223

ТИРКЕМЕЛЕР ........................................................................................ 229

Тиркеме 1. ДИНИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮК ЖАНА ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕР: Казакстан Республикасынын Мыйзамы № 483-IV 2011-жыл, 11-октябрь ........................................................................................ 231

Тиркеме 2. ЭКСТРЕМИЗГЕ КАРШЫЛЫК КҮРӨШҮҮ БОЮНЧА Казакстан Республикасынын 2005-жылдын 18-февралындагы № 31-III ЗРК Мыйзамы246

Тиркеме 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАРЫ ЖӨНҮНДӨ: Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 31-декабрындагы №282 мыйзамы .................................... 255

Тиркеме 4. АБИЙИР ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ: 2009-жылдын 26-мартындагы № 489 Тажик Республикасынын Мыйзамы ........................................................................................ 278

Тиркеме 5. ИШЕНИМ ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАР ЖӨНҮНДӨ: 2003-жылдын 21-октябрындагы Түркмөнстан мыйзамы ................................ 295

Тиркеме 6. «ДИНИЙ ИШЕНИМ ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАР» жөнүндө 2016-жылдын 26-мартындагы Түркмөнстандын мыйзамы ............ 308

Тиркеме 7. АБИЙИР ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАР ЖӨНҮНДӨ: Өзбекстан Республикасынын 1998-жылдын 1-майындагы Мыйзамы ........... 323

Тиркеме 8. АБИЙИР ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАР ЖӨНҮНДӨ ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ .................................... 332

## КИРИШҮҮ

XXI кылымдын башында мусулмандардын саны дагы, ислам дүйнөсүнүн саясий активдүүлүгү дагы олуттуу түрдө өсүүдө. Бүгүнкү күнү мусулмандар 1,9 миллиард адамды б.а. бүткүл адамзаттын төрттөн бир бөлүгүнө жакынын түзөт. «Пью Рисерч» аттуу америкалык борбордун эсеби боюнча 2010-жылы жерде 1,6 миллиардга жакын мусулман жашап жаткан, бул планетанын жалпы калкынын 23,2 % билдирсе, анда XXI кылымдын ортосуна чейин алардын саны 2,76 миллиардга чейин өсөрү күтүлүүдө. Демек, ошол кезде мусулмандар Жердин жашоочуларынын 29,7 пайызын түзүп калат[1].

Мусулмандар Ислам Кызматташтыгы Уюмуна (2011-жылга чейин Ислам Конференциясынын Уюму деп аталган) кирген 57 ислам өлкөлөрүндө, дагы 120 мамлекеттин мусулман коомчулугунда жашашат. Ушунун өзү эле мусулман өлкөлөрүнүн ичинде да, саясатта жана эл аралык аренада дагы ислам факторунун абдан күчөшүн аныктап турат.

Бирок мындан да чоң ролду мусулмандардын өздөрүнүн исламга болгон мамилесинин өзгөрүлүшү, ошондой эле бул мамиленин сырткы дүйнөгө карата өзгөчө басым жасап, багыт алышы ойнойт. Башка дүйнөлүк диндерден айырмаланып, ислам өзүнүн жолдоочулары үчүн ишеним, дин, мамлекеттик-укуктук нормативдер менен кошо маданияттын айрым түрлөрүнүн туруктуу бирикмеси болуп саналат.

Мына ошондуктан ал өз негизинде диний жана маданий институттарды гана эмес, саясат, экономика жана коомдук мамилелерди дагы курганга умтулууларды жаратып жатат. Мына ушундан исламдын саясатташуусунун тездетилген тенденциясы келип чыгууда. Өзгөчө бул процесс XX–XXI кылымдар тогошкон мезгилде, социализм системасы кыйрап, батыштык либералдык-демократиялык баалуулуктар өз

---

[1] The Future of World Religions: Population Growth Projections, 2010-2050. Why Muslims Are Rising Fastest and the Unaffiliated Are Shrinking as a Share of the World's Population. URL: http://www.pewforum.org/2015/04/02/religious-projections-2010-2050/.

маанисин жоготуп жаткан кезде адамзаттын өнүгүшүнүн үчүнчү жолунун варианты катары өзүн көрсөтө баштады.

С. Хантингтон өзүнүн айтылуу «Цивилизациялардын кагылышуусу» аттуу эмгегинин «Исламдык кайра жаралуу» деп мүнөздөлгөн бөлүмүндө мындай деп жазат: «Мусулмандардын көпчүлүгү исламга бирдейликтин, теңчиликтин, маңыздын, мыйзамдын, өнүгүүнүн, күч менен үмүттүн булагы катары кайрылышат.

Мунун баарына болгон үмүт «Исламда гана чечим бар» деген урaaнда чагылдырылат. Өзүнүн таралышы жана тереңдиги боюнча Исламдын кайра жаралуусу – бул исламдык цивилизациянын Батышка карата ыңгайлашуусунун акыркы фазасы, «чечимди» батыштык идеологиялардан эмес, исламдан издөө болуп саналат»[1].

Сөзсүз, жалпы исламдык кайра жаралуунун контекстинде ислам дүйнөлүк саясий процесстерге барган сайын активдүү таасир бере баштады. Америкалык теолог Джордж Вейгель ачкан, коомдо жана саясатта диндин жана диний мекемелердин ролунун өсүшүн билдирген «десекуляризация (светтиктен динге өтүү)» термини – көп учурда исламдык дүйнөгө карата айтылганы бекеринен эмес.

Азыркы заманда ислам эл аралык карым-катнашка активдүү таасир берүүдө, бул Батыштын саясатынын жана маданиятынын кеңири таралышына (экспансиясына) карата мусулман өлкөлөрүнүн реакциясында өзгөчө ачык-айкын көрүнөт. Ислам дүйнөсүндө пайда болгон саясий, экономикалык, социалдык, теологиялык жана маданий көйгөйлөр эки тараптуу мамлекеттик деңгээлде гана эмес, азыркы эл аралык саясатта маанилүү роль ойноп, өсүп бара жаткан исламдык уюмдардын жардамы менен дагы чечилүүдө.

Баарынан кызыгы, исламдын, мусулман өлкөлөрүнүн жана исламдык уюмдардын саясий процесстерге тийгизген таасиринин күчөшүнө Батыштын саясаты дагы өз салымын кошуп жатат. Биринчиден, мусулман өлкөлөрү глобалдык ири маселелерди чечүүгө көбүрөөк тартыла башташты. Мисалы, G20 чөлкөмүндөгү дүйнөлүк финансылык кризиске байланыштуу үч мусулман өлкөсү (Сауд Аравиясы, Түркия жана Индонезия) дагы чакырылган эле[2]. Андан тышкары, гуманизмдин,

---

[1] *Хантингтон С.* Столкновение цивилизаций М.: АСТ, 2003. С. 162.

[2] Индонезия дүйнө жүзүндө калкынын саны боюнча Кытай, Индия жана АКШ дан кийин төртүнчү орунду ээлейт жана анда беш дин расмий түрдө таанылган. Бирок мусулмандар

толеранттуулуктун жана мультимаданияттын идеалдарын жарыялаган батыш өлкөлөрү, өзгөчө европалыктар цивилизациялардын өз ара диалогуна гана эмес, мусулман өлкөлөрдөн мигранттардын активдүү агылып келишине түрткү болушту. Ошол үчүн 2015-жылкы миграциялык кризис учурунда Европага бир жарым миллион адам мусулман өлкөлөрүнөн каптап кирген. Алардын жарымынан көбү үч өлкөнүн: Сирия, Афганистан жана Ирактын качкындары болушкан.

Ошол эле учурда көптөгөн батыш өлкөлөрүнүн бийлиги ар түрдүү исламдык партиялар менен топтордун жаралып жана өсүп жатканына кайдыгер мамиледе болушкан. Алардын арасында коркунучтуу радикалдык уюмдар дагы пайда болууда.

Акыркы кезде Германия, Франция жана Великобританиянын лидерлери мультимаданияттык саясаттын кыйрашын ачык эле жарыялашты, мунун себеби мусулман мигранттарынын саясий активдүүлүгүнүн өсүп кеткендигинин кесепетинен болду, анткени алар өздөрүн кабыл алган өлкөгө караганда уммага (диний жамаат) көбүрөөк байланышып турушат.

Экинчиден, исламдык дүйнө менен Батыштын ортосунда карама-каршылыктар курчуду. XXI кылымдын башында Батышта мусулмандарга көп учурда ишенбестикти көрсөтүп, бой көтөрүшкөн, агрессияга жол беришкен. Алсак, 2001-жылы Нью-Йоркто эгиз-мунараларга жана Пентагондун имаратына чабуул жасалгандан кийин АКШнын расмий жетекчилиги жана бүт батыш дүйнөсүнүн басма сөздөрү жоопкерчиликти радикалдык ислам уюму болгон Аль-Каидага гана эмес, талибдер башкарган Афганистанга дагы жүктөшкөн. Андан кийин Афганистанга чабуул жасалып, 20 жылдык оккупация башталган.

Афганистанга жасалган чабуулдан кийин АКШнын президенти кичүү Джордж Буш бул урушту «эркиндик үчүн кресттик жортуулдар» деп жарыялады, муну менен ал аны Орто Кылымдардагы диний согуштарга окшотту. Ошол эле жылы ал француз тарыхчысы Максим Родинсон ойлоп тапкан «исламдык фашизм» деген терминди өзүнүн расмий сөзүндө колдонгон. Кийинчерээк, 2002-жылы белгилүү америкалык политолог Френсис Фукуяма ошол эле провокациялык аталыш менен макала жарыялаган. Бул термин Батышта ушунчалык белгилүү болуп кеткендиктен

---

88% болуп, калктын басымдуу көпчүлүгүн ээлегендиктен Индонезияны дүйнөдөгү эң көп мусулмандар жашаган өлкө деп эсептешет.

АКШнын алдыңкы университеттери 22-октябрдан 27-октябрга чейин «исламдык фашизмге каршы жумалык» өткөрүшкөн, анда радикалдык ислам жана исламдык террористтик уюмдар жөнүндө документалдык фильмдерди көрсөтүшүп, адабияттарды таратышкан.

2002-жылы кичүү Джордж Буш жана АКШнын мамлекеттик катчысынын жардамчысы Джон Болтон «жамандыктын уюгу» деген түшүнүктү түзүшүп, ага Ирак, Иран, Сирия, Ливия, Куба жана түндүк Кореяны киргизишкен. Бул уюкка киргендердин көпчүлүгү мусулман өлкөлөрү экени ачык эле көрүнүп турат. 2003-жылы АКШ жана Великобритания Иракка каршы агрессияны БУУнун резолюциясын албай, атүгүл НАТОнун санкциясы жок эле башташкан, анткени Альянстын кээ бир негизги мүчөлөрү, мисалы, Германия менен Франция бул согушка каршы болушкан. Согуш ачкандардын жүйөлөрүнүн бири Иракта массалык талкалоочу курал бар деген жомоктук ой-жорум менен кошо исламдык радикал уюмдарга Ирак жардам берип жатат деген эч негизсиз айыптоо болгон эле.

2005-жылы Jyllands-Posten деген даниялык гезитке Мухаммед пайгамбарга карата 12 карикатуралык сүрөт жарыяланган болучу. Мына ошондон кийин 2005-жылдын аягы, 2006-жылдын башында «карикатуралык жаңжал» чыкты. Ал эми 2012-жылдын сентябрында АКШда тартылган «Мусулмандардын аруулугу» («Innocence of Muslims») аттуу ачык эле исламга каршы фильмге карата трейлер пайда болду. Фильм Мухаммед пайгамбардын жашоосу жөнүндө баяндалат жана аны өтө эле адепсиз, мазактаган мүнөздө сүрөттөгөн. Египеттик телекөрсөтүү 11-сентябрда андан бир нече эпизоддорду көрсөтүп, трейлер интернетте таралгандан кийин көптөгөн мусулман өлкөлөрүндө АКШнын элчиликтеринин астында массалык тартипсиздиктер башталды. Атүгүл Ливияда америкалык элчи Кристофер Стивенс өлтүрүлдү.

Исламга жана ислам дүйнөсүнө каршы мына ушундай жактырбаган, кастык же ачык эле агрессивдүү чабуулдар мусулман өлкөлөрүндө ого бетер дүркүрөгөн реакцияларды пайда кылып, алардын дүйнөлүк саясатка киришүүсүн өстүрүп, ислам факторунун таасирин күчөттү.

Акырында, үчүнчүдөн, бул мезгилде дагы бир көрүнүш байкалган болчу. АКШ менен Батыш Европанын саясатынын прагматизми өздөрүнүн саясий маселелери үчүн ислам факторун колдонууга жол берген. Мындай тактиканын негизинде эч кандай позиция жок болгон, б.а. принципиалдуу түрдө антиисламисттик көз карашты же мусулмандарга карата урматтоону

карманышкан эмес. Айрым учурларда ислам саясий кыймылдарынын кызыкчылыктары АКШ жана анын НАТО боюнча союздаштарынын кызыкчылыгына туура келип калса, ислам террористтик уюмдарын кадимкидей колдошкондору, көмөк кылышкандары байкалган. Алсак, АКШ жана анын союздаштары 1990-жылдардын башында Пакистанда Талибан кыймылынын жаралышына жардам беришкен. Анткени аны Афганистандын үстүнөн көзөмөл кылып турганга пайдалуу деп эсептешкен. Талибандар Борбордук Азиядан көмүртектерди Аравиялык деңиздеги пакистандык терминалдарга жеткизүүнү камсыз кылышмак. 1990-жылдардын ортосунда АКШ жана НАТО өлкөлөрү Босния менен Герцеговинадагы жаңжалда бошняктарды колдошкон (босниялык мусулмандар). Босния жана Герцеговина боюнча Дейтон макулдашуу документи көп жагынан босниялык мусулмандардын пайдасына чечилип, босниялык сербдер үчүн өтө чектелген, пайдасыз мүнөзгө ээ болгон. 1990-жылдардын аягында так ошондой эле АКШ жана НАТО өлкөлөрү Югославияга каршы (Сербия менен Черногория) согушта косоволук мусулман албандарга колдоо көргөзүштү. Ушул кезге чейин жаңы пайда болгон Косово республикасынын мусулман албан эли америкалыктардан жардам алып турушат. Приштина шаарында сербдердин борбору Белград шаарын бомбалоого буйрук берген Билл Клинтонго эстеликтин салтанаттуу түрдө ачылышы бекеринен эмес. Ал эми Косоводон сербдерди кууп жиберишкенден кийин анда Кэмп-Бондстил аттуу америкалык база жайгаштырылган. Ал Германиядагы Рамштайндан кийин эле Европада көлөмү боюнча экинчи чоң база катары эсептелет.

2011-жылдагы «араб жазы» учурунда Батыштын колдоосуна Магриб жана Жакынкы Чыгыштын радикал исламчылары ээ болушкан. Өзгөчө бул ливиялык согуш учурунда, НАТОнун самолёттору радикал исламчылар түзгөн аскердик бөлүктөрдүн өкмөткө каршы согуш ачкандарды абадан колдогондо көрүндү.

2012-жылы исламчыларды Сириядагы Башар Асаддын өкмөтүн кулатыш үчүн колдоно башташкан. Эгер башында жардам «Эркин сириялык армия» деп аталган токтоо мүнөз исламчыларга берилип жатса, кийинчерээк өтө эле ашынган радикалдуу исламчыларды, алардын ичинен бүт дүйнө жүзүндө террористтик деп таанылгандарынан (Жебхат ан-Нусра, Ислам мамлекети (ISIS) ж.б.). дагы колдоно башташкан. 2014-жылы батыш өлкөлөрүнүн саясаты АКШ басып алган Иракта түзүлгөн ISIS террордук уюмуна Сирия менен Ирактын көптөгөн территорияларын

ээлеп алганга жана «Исламдык мамлекетти» бүт дүйнөлүк халифат кылып жарыялаганга мүмкүндүк берди. Эгер 2011-жылы боевиктер аз-аздан аракет кылышса, 2012-жылдан баштап аларга болгон Батыштын жардамы аябагандай эле байкалды. Алсак, 2012-жылдын августунда Барак Обаманын АКШнын Борбордук Чалгын Башкармалагына (БЧБ-ЦРУ) «Эркин сириялык армияга» көмөк көрсөтүүсүн буйругандыгы белгилүү болгон.

Ошентип, ички жана сырткы бир топ факторлор исламдын саясий активдүүлүгү менен таасиринин күчөшүнө түрткү болуп жатат. Бул процесс постсоветтик аймакта, өзгөчө Борбордук Азияда байкалууда.

Борбордук Азия XXI кылымда дүйнөлүк саясаттын башкы державаларынын көңүлүн өзүнө катуу бурду. Көрсө, бул аймак нефть, газ, көмүр, уран жана гидроресурстар өңдүү энергия ресурстарына өтө эле бай экен. Андан тышкары бул регион – россиялык, кытайлык жана исламдык үч ири маданий катмардын чордонунда жайгашып, аларды өз ара бириктирип турат, демек, борбор азиялык кыймылга келтирүүчү күчтөр аркылуу аларга таасир эткенге мүмкүндүк берет.

Борбордук Азия Россия үчүн экономикалык, саясий жана маданий-гуманитардык мамилелер менен байланыштуу постсоветтик мейкиндиктин орчундуу бөлүгү гана эмес. Бүгүнкү күндө ал Россиянын коопсуздугун камсыз кылуудагы эң маанилүү региондордун бири. Бул аймактан геополитикалык жана аскердик факторлор менен байланышкан илгертен бери келе жаткан коркунучтар гана эмес, экстремизм, наркотрафик, мыйзамсыз миграция, экологиялык көйгөйлөр өңдүү жаңы кыйынчылыктар дагы чыгууда.

Россиянын дал ушул Борбордук Азияда интеграциялык проекттерди ишке ашырууда катуу аракеттерди жасап жаткандыгы бекеринен эмес. ШКУ (ШОС), ЕАЭС (ОДКБ), ЖККУ (ЕАЭБ) өңдүү уюмдардын катышуучуларынын көпчүлүгүн так ушул региондун мамлекеттери түзөт. Ошого карабай Россиянын Борбордук Азиядагы саясаты жетишсиз жана анча жигердүү эмес. Россиянын улуттук кызыкчылыгына толук жооп бере ала турган  саясатка өтүү үчүн сырткы саясий ресурстар гана эмес, региондо жүрүп жаткан процесстерди терең анализден өткөрүү керек, бирок аны ислам факторунун ролун түшүнбөй туруп кылуу мүмкүн эмес.

Борбордук Азия – постсоветтик мейкиндикте толугу менен мусулмандар жашаган регион. Анын саясий тарыхы ислам менен ажырагыс байланышкан. Өз кезегинде Борбордук Азия мусулман илими

менен маданиятынын, ислам укугунун теориясы менен практикасынын өнүгүшүнө баа жеткис салым кошкон болчу. Бул региондун алдыңкы окумуштуулары жана ойчулдары Абу Наср аль-Фараби, Аль-Хорезми, Ибн Сина, Бируни, Улугбек, Алишер Навои жана кадырлуу диний аалымдар Кожо Ахмед Ясави, Имам Аль-Бухари, Аль-Маргинони, Ас-Самани, Аз-Замахшари жана башкалардын көптөгөн эмгектери мусулман дүйнөсүндө бүгүнкү күнгө чейин чоң урмат-сыйга ээ. Андыктан исламдын кайра жаралуусу региондо ачык-айкын, өзгөчө күчтүү көрүнгөн. Мындан тышкары, ага акыркы он жылдыкта тынымсыз аракет жасап келе жаткан афган фактору дагы таасир берип келе жатат.

Азыркы реалдуулукту өткөн тарыхты иликтебей түшүнүү мүмкүн болбогондуктан, бул окуу куралында исламдын таралышынан бүгүнкү күнгө чейинки Борбордук Азиянын саясатына тийгизген таасири – бардык тарыхый доорлордо кандай болгондугу ирети менен каралат.

«Борбордук Азия» терминининин мазмуну өз мезгилине жана аны колдонгон авторлордун кайсы өлкөгө таандык экендигине байланыштуу өзгөрүлүп турган. Биринчи жолу ал XIX кылымда жашаган немис географы жана окумуштуусу Александр фон Гумбольт тарабынан киргизилген жана илимий түрдө негизделген болчу. Урал, Алтай, Каспий деңизине жана анын жанындагы аймактарга саякаттап барып келгенден кийин ал 1844-жылы «Борбордук Азия» деген үч томдук эмгегин чыгарган. Гумбольт Борбордук Азия деп түштүктөн 39˚ 30′, түндүктөн 49˚ 30′ параллель менен чектелген аймакты атаган. Ал Борбордук Азиянын батыш чек арасын Каспий деңизи менен чектеген, бирок чыгыш жагы кайсы экенин белгилеген эмес.

Башка немис географы Карл Риттер ошол эле кезде «Жер жөнүндөгү илим» деп аталган 19 томдук зор эмгектин үстүндө иштеп жаткан жана бул терминди кеңири талкуулап чыккан. Ал Азиядан жарым аралдарды жана ойдуңдарды ажыратып бөлүп, материктин калган бөлүгүн Борбордук Азия деп атаган болчу[1].

Немис географы жана геологу Фердинанд фон Рихтгоффен XIX кылымдын 80-жылдары Борбордук Азия деп түштүгү Тибеттен түндүгү Алтайга, батышы Памирден чыгышы Хинганга чейин созулган аймак деп

[1] *Риттер К.* Землеведение Азии: пер. и доп. П. Семенов. СПб.: Типография Императорской академии наук, 1856. Ч. 1: Общее введение и Восточная окраина Азии. 736 с.

жаңы аныктама берген эле. Анын пикири боюнча Арал-Каспий ойдуңу өтмө алкакка кирген[1].

Ошол эле кезде XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башында жашаган россиялык авторлор 1960–1880-жылдары Россияга кошулган территориялар үчүн «Орто Азия» деген терминди колдонушкан. Алар бул терминге казак талааларынан түштүгүрөөк жакта жайгашып, мурун Кокон, Хива хандыктары жана Бухара эмираты башкарган аймакты киргизишкен[2]. Мисал катары ошол мезгилдин белгилүү эмгектеринен бир нечесин эле келтирели. Аларга: Л.Ф. Костенко «Борбордук Азия жана анда орус жарандыгынын киргизилиши», М.А. Терентьева «Орто Азияны ээлеп алуунун тарыхы» жана «Россия менен Англия Орто Азияда», В.В. Григорьева «Орто Азияга карата орус саясаты», А.Е. Снесарева «Орто Азия маселесинде Индия башкы фактор катары»[3] китептери кирет. Мындан биз бул терминди көбүнчө саясатчылар жана аскер географтары колдонгонун көрөбүз.

XX кылымдын башында белгилүү окумуштуу географтар Азиянын бүт ички жабык аймактарын «Ички Азия» деп атай башташкан. Ал эми мурунку «Борбордук Азия» деген аталыш Памирдин чыгыш тарабында жаткан кең аймактын чыгыш бөлүгүнө карата гана айтылып калган. Түркестан жайгашкан батыш аймагын, Арал-Каспий ойдуңун жана Иранды «Орто Азия» деп аташкан. Бирок бул түшүнүк көп учурда тар мааниде дагы колдонулган. Алсак, Брокгауз менен Ефрондун энциклопедиясында Орто Азия «Түркестан бассейнин б.а. Батыштан Каспий деңизи, Чыгыштан Памир, Түндүктөн Арал-Иртыш суулары, Түштүктөн Копет-даг жана Гиндикуш менен чектелген аймак» деп берилген[4].

---

[1] См.: *Richthofen F. von.* Führer für Forschungsreisende. Anleitung zu Beobachtungen über Gegenstände der physischen Geographie und Geologie. Berlin: R. Oppenheim, 1886. 745 S.

[2] *Сиверс В.* Всемирная география. Азия. СПб.: Просвещение, 1900. 724 с.

[3] *Костенко Л.Ф.* Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности. СПб., 1871; *Терентьев М.А.* Россия и Англия в Средней Азии. СПб., 1875; *Терентьев М.А.* История завоевания Средней Азии. СПб., 1906; *Григорьев В.В.* Русская политика в отношении Средней Азии. СПб., 1874; *Снесарев А.Е.* Индия как главный фактор в среднеазиатском вопросе. СПб, 1906.

[4] Энциклопедический словарь Брокгауза и Ефрона. URL: http://ebrokhauz.ru/description/sredniaia%20aziia/87834.

Баарынан кызыгы, ошол эле Ф.А. Брокгауз – И.А. Ефрондун Кичине энциклопедиялык сөздүгүндө аралашкан «Борбордук Орто Азия» деген термин пайда болгон, ал «азиялык материктин ички бөлүгүн: Иран жапыс тоолорун жана Түркестандык бассейнди билгизген»[1].

Советтик илимий адабиятта 1924–1925-жылдардагы улуттук-мамлекеттик бөлүнүүлөргө чейин региондун территориясы Түркестан деген атты алып жүргөн. Ал кийин Борбордук Азиядан бөлүнүп, Орто Азия деген атка алмашылып кеткен. Убакыт өткөндөн кийин бул эки түшүнүк айкын ажыратылып, аныкталган болчу. «Географиялык энциклопедиялык сөздүк» Борбордук Азияга бир маанилүү түшүндүрмө берген: «Азия материгинин ички жагында жайгашкан жаратылышы бай өлкө. Аянты ар кыл эсептөөлөр боюнча 5 тен 6 млн. кв.км. түзөт. Рельефтин 2 негизги деңгээли бар. Төмөнкү (түндүк) деңгээл Гоби, Алашань, Ордос жапыс тоолорун жана Жунгар, Тарим түздүгүн түзөт. Жогорку (түштүк) деңгээл – Тибет тоолору. ...Борбордук Азиянын территориясында Монголия жана Кытайдын чоң бөлүгү жайгашкан»[2].

Орто Азия ошол эле сөздүктө «СССРдин азиялык бөлүгү, ал Батыштан Каспий деңизинен Чыгыштагы Кытайдын чек арасына чейин жана Түндүктөгү Арал-Иртыш суу бөлгүчүнөн Түштүктөгү Иран менен Афганистандын чек арасына чейин созулат... Орто Азия деген аталыш көбүнчө бир гана Өзбек ССР, Кыргыз ССР, Тажик ССР жана Түркмөн ССРи жайгашкан территорияга гана колдонулат» - деп жазылган[3].

Эгер изилдөөчүлөр азыр Борбордук Азия деп аталган бүтүндөй регион жөнүндө жазышса, анда алар «Орто Азия жана Казакстан» деген сөз айкалышын пайдаланышкан. Ошол эле учурда, б.а. 1960–1970-жылдары Батышта Борбордук Азия деп Орто Азия республикаларын жана 50 параллелден түштүгүрөөк турган Казакстанды аташкан.

Баса, 1980-жылдардын башында ЮНЕСКОдо эл аралык агартуучу проекттин алкагында бириккен компромисстик версия пайда болгон. Борбордук Азиянын маданий-географиялык мейкиндигин кеңири чечмелөө ЮНЕСКОнун жетеги менен жарык көргөн «Борбордук

[1] Малый энциклопедический словарь. Изд. II-е, вновь переработанное и значительно дополненное. СПб.: Издание Брокгаузъ-Ефронъ, 1909. Т. II, вып. IV. С. 1987.

[2] Географический энциклопедический словарь. М.: Советская энциклопедия, 1989. С. 533.

[3]. Ошондо 452-б.

Азиядагы цивилизациялардын тарыхы» аттуу алты томдук эмгекте берилген[1].

ЮНЕСКОнун версиясы боюнча Борбордук Азия Монголияны, Кытайдын батыш бөлүгүн, Тибетти, түндүк-чыгыш Иранды, Кашмирдин территориясын, Афганистанды, Россиянын тайга зонасынан түштүгүрөөк болгон чыгыш бөлүгүн, Орто Азиянын советтик республикаларын, Уттар Прадеш, Харьяна, Химачал Прадеш, Пенджаб жана Пакистанды камтыган. Бирок бул аныктаманы СССРде бир гана географтар эле эсепке алышкан. Саясий жана экономикалык контексте Борбордук Азия түшүнүгү колдонулган эмес, анын ордуна «Орто Азия жана Казакстан» термини эле айтылган.

СССР кыйрагандан кийин Борбордук Азия термини беш регионалдык субъектке карата биринчи жолу расмий түрдө 1993-жылы январда жарыяланган. 1993-жылдын 4-январында Ташкенде региондун өлкөлөрүнүн башчыларынын кеңешмеси болуп өткөн. Анын катышуучулары мурунку «Орто Азия жана Казакстандан» баш тартып, «Борбордук Азия» деген терминди колдонууга өтүүнү макулдашышкан[2].

1993-жылдын 22-январында көз карандысыз мамлекеттердин – КМШ (СНГ) мүчөлөрүнүн Минскидеги жолугушуусу аяктаганда өткөрүлгөн пресс-конференцияда Ташкенттин протоколу боюнча журналисттердин суроосуна жооп берип жатып, Өзбекстандын президенти И.А. Каримов мындай деген: «Бизди – орто азиялык республикаларды жана Казакстанды – Борбордук Азиянын республикалары деп атоо туура болот»[3].

Россиялык саясий жана илимий адабияттардын авторлору дагы жаңы терминге бат эле макул болушуп, аны активдүү түрдө колдоно башташты. РФнын мамлекеттик расмий документтери бул терминди 1993-жылдын декабрынан баштап пайдаланышууда.

Азыркы кезде батыш адабиятында «Борбордук Азия» деп Орто Азиянын республикаларын, Казакстанды жана Афганистанды белгилешет. Россия бул региондо өзүнүн ордун калыбына келтирүү

---

[1] ЮНЕСКО: расмий сайт. URL: http://www.unesco.org/culture/asia/index.html.

[2] *Меликянц Г.* Пять бывших республик Советского Союза идут к новому союзу // Известия. 1993. 6 января.

[3] Пресс-конференция по окончании встречи независимых государств – участников Содружества Независимых Государств в г. Минске. 22 января 1993 г. // Внешняя политика России: сб. документов. 1993. Министерство иностранных дел Российской Федерации. М.: Международные отношения, 2000. Кн. 1: январь – июнь. С. 180.

максатында атайын стратегияны иштеп чыгып, расмий түрдө Борбордук Азияны беш постсоветтик мамлекет түзөт деп эсептейт: Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан. Бул эмгектин автору дагы ушул көз караштты карманат.

Региондун аталышы жана чек арасын аныктоодо пикир келишпестиктен тышкары, бүгүнкү күндө илимий жана саясий адабиятта Кыргызстан менен Түркмөнстандын аталыштары боюнча ар кыл окулуштар кездешет. Көп учурда орус тилдүү адабиятта кыргыздар өздөрү атагандай Кыргызстан жана расмий эмес тилдеги Түркмения деген аталыштар колдонулат. Бирок автор орус тилинин нормаларынын жетегинде болуп, бул өлкөлөрдү китебинде Киргизия жана Түркмөнстан деп берген.

Мындай аталыш советтик мезгилде эле энциклопедиялык адабиятта бекитилген болчу[1]. Бүгүнкү күнү Россия Федерациясынын Тышкы Иштер Министрлиги өзүнүн документтеринде жана расмий сайтында бул өлкөлөрдүн аталышынын ушул формасын колдонот[2]. Ошондой эле Борбордук Азиядагы улуттардын аты менен аталган бир аз өзгөрүлгөн шаарлардын аттары дагы орус тилинин нормасында калтырылган. Алсак, бул эмгекте Алматы эмес, Алма-Ата, Ашгабат эмес, Ашхабад деген аталыштар колдонулат. Ошол эле учурда автор өлкөлөрдүн аталыштарын жазуудагы ой-пикирлерди да эске алган[3].

Окуу куралынын түзүлүшү Борбордук Азиянын саясатындагы ислам факторунун өсүш кыймылынын логикасы менен жазылган. Анын негизги бөлүгү бардыгы болуп 24 параграфтан турган үч бөлүмдөн турат. Алардын ар бири аяктагандан кийин жыйынтык жазылып, параграф үчүн суроолор берилет.

Эмгектин аягында текстте кездешкен топонимдер жана гидронимдер, глоссарий дагы келтирилген. Тиркеме Борбордук Азиянын мамлекеттеринин сегиз мыйзамынын текстеринен турат. Бул мыйзамдар мамлекеттин жалпы эле динге жана анын ичинде исламга карата расмий позициясын чагылдырып турат.

---

[1] Географический энциклопедический словарь. М.: Советская энциклопедия, 1989. С. 235, 491; Советский энциклопедический словарь. М.: Советская энциклопедия, 1989. С. 584, 1379.

[2] Россия – государства-участники СНГ // МИД РФ: официальный сайт. URL: http://www.mid.ru/ns-rsng.nsf/strana.

[3] См.: *Белоглазов А.В.* Формирование политики России в Центральной Азии. Казань: Казан. ун-т, 2011. 358 с.

# 1. VII–XVIII КЫЛЫМДАРДА ФЕОДАЛИЗМ ДООРУНДА БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРГЕ ИСЛАМДЫН ТААСИРИ

## 1.1. Исламга чейинки доордогу Борбордук Азиянын диндери

Биздин доордун VII кылымына чейин Борбордук Азиянын диний көрүнүшү абдан ар түрдүү болгон. Региондун түндүгүндө көчмөн түрк уруулары ар кыл культтарды, негизинен теңирчиликти карманышкан.

Борбордук Азиянын түштүк аймактарында отурукташкан, көпчүлүгү иран тилдүү калктын үстөмдүк кылган дини – байыркы жергиликтүү культтар менен байланышкан зороастризм эле. Ал Персиядагы зороастризмден ушунусу менен бир топ айырмаланып турган. Зороастрийлер Хорезмде, Согда жана Чачада көбүрөөк жашаган, муну ал жактардан көп табылган оссуарийлер (өлгөндөрдүн сөөктөрү сакталган идиштер) күбөлөндүрүп турат. Көптөгөн шаарларда зороастрий ийбадатканалары – вагналар бар болчу.

Тохаристан, Фергана өрөөнү, Жетисууда жана өзгөчө Чыгыш Түркестанда буддизм кеңири таралган. Атүгүл VI кылымдын аягы VII кылымдын башында кээ бир батыш түрк кагандары буддизмди кабыл алып, буддисттик ийбадатканаларды кура башташкан. VII кылымда Балх шаарында эле жүз, ал эми Термезде – он жана Кобадианада – үч буддисттик монастырлар болгон. Фергана калаасынан анча алыс эмес жерде жайгашкан Кува шаарчасынан алгачкы Орто кылымдардагы буддисттердин эки ийбадатканасынын урандылары казылып чыккан. Мында Будданын жана бодхисатвалардын түрдүү түстөгү бир нече чопо скульптуралары табылган болчу. Термезге жакын жерде, Заңгтепеден (Заңдөбө) кайыңдын кабыгына (береста) жазылган VII–VIII кылымдарга таандык буддисттик кол жазмалар табылган[1].

VII кылымда жашаган кытай саякатчысы Сюань Цзандын маалыматы боюнча Чыгыш Түркестанда эле жүздөгөн буддисттик ийбадатканалар

[1] *Мухамеджанов А.Р.* История Узбекистана. URL: http://www.slt.uz/history_pages.html

болгон. Аларда он миңден ашык өз динине катуу берилген кечилдер жашашкан[1]. Булардан тышкары көптөгөн шаарларда манихейлердин, жүйүттөрдүн жана машайакчылардын дагы жамааттары жайгашкан эле[2].

Жазма булактар күбөлөндүргөндөй, Борбордук Азияда несторианчылыкты кармангандар көп эле болгон экен. Самаркан аймагындагы Ургут району Согданын гана эмес, бүтүндөй региондогу машайакчылыктын борбору болуп эсептелген. Машайакчылык Согдага Мервден V–VI кылымдарда келсе керек. VI кылымда Самаркандда епископтук кафедра, ал эми VIII кылымда – митрополия түзүлгөн. VIII–IX кылымдарда жашаган араб авторлору ошондой эле Бухара, Самарканд жана Жетисууда жашаган машайакчылар жөнүндө дагы эскеришет. Бул аймактарда машайакчылык жамааттардын жашагандыгын археологиялык табылгалар дагы күбөлөндүрүшөт – түрк, согда жана сирия тилиндеги машайакчылык жазмалар түшүрүлгөн көп буюмдар табылган. Алсак, Ургутка жакын Коштепеде (Кош Дөбө) табылган керамиканын сыныгында машайакчылардын эң негизги ырым-жырымдарынын бири – чөмүлдүрүү сүрөттөлгөн. Анда узун кара көйнөк кийген ыйык кызматчы сол колунда китепти, оң колунда айкаш жыгачты кармап, баш кийимсиз тизе бүгүп турган ишенүүчүнүн алдында турат.

Алгачкы Орто кылымдарда Борбордук Азиянын элдеринин диний түшүнүктөрүндө манихейизм терең тамырлап орун алган болчу. Бул дин Библ аттуу сириялык шаарда 216–274-жылдары жашаган Манинин насаат сөздөрүнүн жана зороастризм, машайакчылык менен буддизмдин негизинде жаралган. Уламыш боюнча ал Иранда өз кызматын таратып баштаган, бирок анын окутуусу зороастрий дин кызматчылары тарабынан катуу каршылыкка дуушар болгон. Кийинчерээк Ирандан манихейизм Борбордук Азиянын түштүк аймактарына кирип, ал жактан көп сандаган колдоочуларын тапкан. Манихейизм региондо ислам толугу менен таралганда да жашап турса керек, анткени Манинин бир нече шилтемеси X–XI кылымда жашаган Абу Рейхан Бирунинин китептеринде сакталып калган экен.

---

[1] *Сюань Цзан и Вянь Цзи.* Записки о западном крае при великой Танской династии // Восточная литература. URL: http://www.vostlit.info/Texts/Dokumenty/China/VII/620-640/Sjuan_tsan/text1.htm.

[2] Всемирная история. М.: Государственное издательство политической литературы, 1957. Т. III. С. 128–129.

Манихейизмдин негизинде жаратылуунун баштапкы принциптери катары жамандык менен жакшылыктын, жарык менен караңгылыктын күрөшү жөнүндө окутуу жатат. Бул динди кармангандардын пикири боюнча жеткилеңдикке умтулган адам жамандык менен күрөшүп жаткан жакшылыкка жардам берүүсү тийиш болгон. Манихейизмдин негизги салттары болуп сыйынуу, орозо кармоо жана садага берүү болчу. Манихейизм окутуусу сооданы кубаттап, акчаны пайызга(процентке) берүүгө уруксат кылган. Андыктан аны баарыдан мурда Борбордук Азиянын шаарларында жашаган көпөстөр, өлкөлөр аралык соода менен алек болгон соодагерлер жана жергиликтүү аксөөк башкаруучулар кабыл алышкан. Манихейлердин диний китептери перс тилинен согда, тохар, түрк жана кытай тилдерине которулган.

VI–VIII кылымдарда манихейизм Мургабдык оазиз, Тохаристан жана Согда аркылуу Чыгыш Түркестан жана Кытайга өткөн. VIII кылымда бул окутууну кытай императору «батыш башкаруусунун» улуттук дини жана Уйгур каганатынын мамлекеттик дини деп жарыялаган.

Согдийлерге Кытай империясынын территориясында манихейлердин ийбадатканаларын курганга уруксат берилген. Манихейизм салттарында сүрөтчүлүк жана музыка чоң роль ойногондуктан Борбордук Азияда искусствонун ушул түрлөрүнүн гүлдөп өнүгүшүнө таасирин бергени шексиз.

Түрк каганатынын малчылык кылган калкы байыртан бери эле шаманизмди карманып келген. Бул диндин баштапкы формасы ар бир нерсенин руху, жаны боло тургандыгы жөнүндө анимисттик түшүнүккө негизделген. Байыркы түрктөр өз динин «кам» деп аташкан. VI–VIII кылымдарда Батыш-Түрк каганатынын көчмөн калкынын арасында буддисттик жана машайакчылык жамааттар пайда болгон, атүгүл түрк башкаруучулары дагы бул диндерге колдоо көрсөтүп турушкан. Бирок көчмөндөрдүн көпчүлүгү баары бир көк асманда жашаган, асман ээси Теңир болгон кудайга карата теңирчилик ишенимди карманып келишкен.

***Жыйынтык.*** *VI–VII кылымдарда исламга чейинки Борбордук Азия диний көз караштардын көп түрдүүлүгү жана диний толеранттуулук менен айырмаланып турган. Анын калкы зороастризм, буддизм, машайакчылык, манихейизм жана теңирчиликти карманышкан. Кээ бир аймактардын территорияларында диний эрежелер жана салттар өз ара аралашып, коомдун рухий жашоосунда маанилүү роль ойношкон. Ар кыл*

*диний ишенимдердин биригүүсүнүн негизинде региондун өзгөчө маданияты калыптанган жана өнүккөн.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Ислам келгенге чейин Борбордук Азиянын жашоочулары кайсы диндерди карманышкан?
2. Манихейизмдин негизинде кандай принциптер турат?
3. Борбордук Азиянын кайсы бөлүктөрүндө теңирчилик таралган?

## 1.2. VII–VIII кылымдардагы арабдардын басып алуу мезгилинде исламдын Борбордук Азияга кириши

VII кылымдын ортосунда араб жортуулдары менен кошо Борбордук Азияга ислам кире баштады. Сасаниддик Иранды жеңип, Мерв өрөөнүн ээлегенден кийин араб халифатынын аскери 651-жылы Амударыяга чейин жеткен. Мервде бекемделип алып, арабдар VII кылымдын аягына чейин ал жерден тоноо максатында чакан Орто Азия мамлекеттерине чабуулдарды жасашкан. Алсак, 674–676-жылдары Согда жана Хорезм оазисине басып киришкен. Бул мезгилде Борбордук Азиянын түштүк дыйканчылык бөлүгү ондогон согушуп жаткан мамлекеттерге бөлүнүп, арабдардын басып алышын жеңилдетти.

674-жылы Убайдулла ибн Зияд баштаган араб аскерлери Амударыя дарыясынан өтүп, Пайкенд шаарын курчоого алып басып алышкан. Андан кийин Бухарага келип, жергиликтүү башкаруучу, бала падыша Тугшаданын энесинин аскерин жеңишти. Пайкенд менен Бухарадан араб жоокерлери көп олжого ээ болуп – алтын, күмүш, курал-жарак, туткундарды ж. б. алып кетишкен[1].

Бирок араб баскынчыларынын чабуулун баштан өткөргөн Борбордук Азиянын маданий борборлорунда VIII кылымдын башына чейин активдүү исламдаштыруу байкалган эмес. Муну бир нече себеп менен түшүндүрүүгө болот: жергиликтүү калк катуу каршылык көрсөткөндүгү, арабдардын мамлекеттик аппаратынын жетишсиз өнүккөндүгү жана алардын башкаруу иштеринде тажрыйбасыздыгы, ошондой эле Араб Халифатынын бийлик төбөлдөрүнүн саясий жактан туруксуздугу ж.б.

[1] Мусульманский мир. Средние века. Новое время. Очерки исламской истории и культуры. Казань, 1996. С. 71.

Буга карабастан арабдардын алгачкы жортуулдары кийинки басып алууларга жол ачкан[1].

VIII кылымдын башында халифаттын чыгыш аймактарынын губернатору Хаджжадж колбашчы Кутейба ибн Муслимди Борбордук Азияга жөнөткөн. Анын жетеги менен араб аскери 705-жылдан 715-жылга чейин региондун түштүк бөлүгүн дээрлик ээлеп бүтүшкөн. Кайрадан соода борбору Пайкендди ээлеп, андан чоң олжого тунуп, арабдар Бухарага жакындап келип, 709-жылы басып алышкан. 710-жылы Кутейба көптөгөн согдий жерлерин баш ийдирип, ал эми 712-жылы Хорезмди багындырып, андан ары аскерин Самаркандга жөнөттү, аны ээлегенден кийин Шаш менен Ферганага кирип барып, басып алган шаарларды талап-тоноп, өрттөп жиберген[2].

Арабдардын Борбордук Азияны басып алышы кыйроолор жана бай аскердик олжону басып алуу менен гана чектелбестен, көптөгөн жарандарды кулчулукка алып кетүү менен коштолгон. Тарыхчы Ибн ал-Асирдин маалыматы боюнча Кутейба региондон 100 миңге чейин туткундалган кулдарды айдап кеткен[3].

Ислам Борбордук Азияга келген алгачкы жылдарынан эле араб баскынчылары жана жергиликтүү ак сөөктөр аны саясий максаттарда пайдаланышкан. Өз кезегинде жаңы дин региондогу саясий процесстерге орчундуу таасир бере баштаган. Борбордук Азиянын түштүк аймактарын басып алуу жана исламдаштыруу менен кошо араб тили жана маданияты тараган. Баштапкы этаптарда арабдаштыруу жана исламдаштыруу калктын кеңири катмарын ээлебей, башкарган төбөлдөргө гана тийиштүү болгон.

Басып алган шаарларда мусулман мечиттерин куруу – Араб халифатынын саясатынын эң маанилүү, эң орчундуу бөлүгү эле. Арабдар зороастрийлер жана машайакчылардын ийбадатканаларын мечиттерге ылайыкташтырып, алардын негизинде жаңы сыйынуучу жайларды

---

[1] *Абу Хасан М.Н.* Начало распространения ислама на территории Киргизии (середина VIII – X вв.) // Вестник КРСУ. Бишкек. 2002. № 2. С. 14.

[2] История Казахстана и Центральной Азии. Алматы: Дайк-Пресс, 2001. С. 94.

[3] См.: *Ибн ал-Асир.* Ал-Камил фи-т-та’рих (Полный свод истории). Избранные отрывки: пер. с араб., примеч. и коммент. П.Г. Булгакова; доп. к пер., примеч. и коммент., введ. и указ. Ш.С. Камолиддина. Ташкент–Цюрих: Изд-во АН Республики Узбекистан, 2005. 595 с.

курушкан[1]. Ошентип, аймактагы биринчи медресе 736-жылы Бухарада курулса, 742-жылы Балх шаарында биринчи собордук мечит ачылган[2].

Арабдардын басып алуулары жергиликтүү маданиятка чоң сокку урду. Пехлевий, согдий жана хорезм жазууларынын байыркы жазма эстеликтери жок кылынган, көптөгөн баа жеткис искусство чыгармалары, архитектуралык комплекстер өрттөлгөн. Ошол эле мезгилде арабдар Борбордук Азиянын бардык жеринде өжөрлүк менен каршы турган баатырдык каршылыкка туш болушкан. Ферганада, Жетисууда жана орто Сырдарыяда халифтерге жана алардын орун басарларына каршы көтөрүлүштөр чыгып, ага карата баскынчылардын жазалоочу жортуулдары күчсүз болуп чыккан.

Катуу жазалоо коркунучуна карабастан, аскерлердин жортуулу учурунда ислам динин кабыл алган калк, чет жерликтер кеткенден кийин мурунку өз ишенимине кайтып келишкен. Буга, мисалы, байыркы Бухара шаарын исламдаштырууга багытталган Кутейба ибн Муслимдин аракеттери тууралуу баяндаган Абу Бекр Мухаммед ибн Жафар ан-Наршахинин «Бухара тарыхы» эмгеги далил болот.

Наршахинин жазганы боюнча Кутейбанын аскери Бухараны басып алган сайын «шаардын тургундары исламды улам кабыл алышкан, ал эми арабдар кетишкенде, андан баш тартып кетишчү. Кутейба аларды үч жолу мусулманчылыкка киргизген, бирок алар улам баш тартышып, каапыр болуп калышчу экен. Акыры төртүнчү жолу Кутейба шаарды алып, көп кыйынчылыктар менен исламды адамдардын жүрөгүнө орнотуптур. Кутейба бүт жагынан аларды мажбурлагандыктан калк сыртынан исламды кармангандары менен, жан дүйнөсүндө бутпарас бойдон калышкан. Акыры Кутейба Бухаранын тургундарына үйлөрүнүн жарымын арабдарга бергенге буйрук берген. Арабдар алар менен аралашып жашап, алардын жашоосун көрүшкөн, өздөрү болсо аларга мусулманчылыкты үйрөтүшкөн.

Ошентип, Кутейба исламды негиздеп, Бухаранын тургундарын шариаттын өкүмдөрүнө баш ийдирген. Ал мечиттерди салган жана бутпарастыктын белгилери менен Гебрлердин каада-салттарын жок

[1] Мусульманский мир. Средние века. Новое время. Очерки исламской истории и культуры. С. 72–73.

[2] История народов восточной и Центральной Азии с древнейших времен до наших дней. М.: Наука, Главная редакция восточной литературы, 1986. С. 222.

кылды. Ал шариаттын өкүмдөрүн бузгандардын ар бирин жазалады»[1]. Кутейба ибн Муслим Бухаранын тургундарына ар жума сайын мурунку бутпарастык ийбадаткананын ордуна курулган собордук мечитке чогулганга буйрук берсе дагы бул чара анча таасирлүү болбоптур. Ошондуктан бул административдик кысымдан тышкары пара берип сатып алуу да кошо колдонулган. Арабдар элди намазга чакырганда ким келсе, ага Кутейба ибн Муслим эки дирхем, б.а. күмүш тыйын берет деп жарыялашкан. Бирок баскынчылардын абалы бул акчалай чарадан деле коопсуз болуп калган жок. Арабдар өздөрү бул мечитке куралчан барууга аргасыз болушкан[2].

Кутейба өз колу менен буркандарды отко жаккан, китептерди, катчыларды, окумуштууларды, зороастрий кечилдерин жок кылган. Арабдардын Борбордук Азияга баскынчылык жортуулдарынын максаты – кулдар болчу, ал эми мусулман миссиясынын ийгиликтүү болушуна жергиликтүү башчылардын ортосундагы жаңжалдар көмөк кылган. Көп конфессиялуу коомдун саясий жактан бытыранды болушу исламды курал менен таратууну туура, адилеттүү деп эсептеген арабдардын бирдиктүү ишенимине каршылык көрсөтүп, туруштук бере албады. Согдийлер, аларга жардамга келген түрктөр биригип, чет жерликтердин басып келген чабуулун токтотууга аракет кылышкан[3]. Бирок Борбордук Азиянын түпкүрүнө арабдардын киришин токтотууга болгон аракеттин бардыгы ишке ашкан жок.

VIII кылымда араб халифатынын кызыкчылыктары Борбордук Азиянын бир бөлүгүнө ээ болгусу келген Тандык Кытайдын кызыкчылыктары менен кагылышты.

Түштүк-батыш жана түштүк-чыгыш басып алуучулардын ортосундагы чыр-чатактар 751-жылы арабдар менен кытайлардын ортосундагы Таластагы салгылашууда акыры чечилген. Талас дарыясынын боюндагы айыгышкан салгылаштын бешинчи күнү арабдар жеңишке жетип, көп сандаган туткундарды алып, бай олжолорду колго түшүрүшкөн. Кытайлар болсо, Борбордук Азиянын жашоосуна өздөрүнүн саясий жана маданий таасирин кайрып алуудан үмүтүн үзүштү. Бирок, Таластан ары Жетисууга карай арабдар да жыла алышкан

[1] *Наршахи М.* История Бухары. Ташкент, 1897. С. 62–63.
[2] URL: http://islam-info.ru/koran/page,9,134-xalifat-i-zavoevaniya-arabov.html
[3] *Абу Хасан М.Н.* Начало распространения ислама на территории Киргизии (середина VIII – X вв.). С. 14.

жок. Арабдардын жеңиши Талас калкынын ишенимине дагы таасирин тийгизбеди. Алсак, ошол кездеги күмбөздөрдөн мусулмандардын мүрзөлөрү табылган эмес. Ошентип, Борбордук Азиядагы исламдын таралуу аймагынын чыгыш чек арасы белгиленген.

Кутейба ибн Муслим басып алгандан кийин Борбордук Азиянын отурукташкан оазистеринде бекем орун алуу аракетинде арабдар бүт үй-бүлөсү менен басып алынган шаарларга жана кыштактарга отурукташкан. Аймакка араб акимдери жөнөтүлүп, аларды иш кагаздарын түзүүчү бөлүмдөр менен катчылар коштоп жүрүшкөн. Алар менен бирге мусулман дин кызматчылары өлкөгө барып, исламды бардык жолдор менен жайылтышкан[1].

Ошентип, 728-жылы араб бийлиги исламды кабыл алган дыйкандар үчүн жер салыгын (харадж) алып таштайбыз деп убада беришкен. Бирок көптөгөн согдий дыйкандары мусулман болууга макул болушканда, баскынчылар өз убадасын аткарышпай, хараджды жазалоочу отряддардын жардамы менен чогултууга өтүшкөн. Ошондо он жылга чейин созулган согдийлердин көтөрүлүшү башталган. Көптөгөн жер ээлери көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кетишкен. Бирок дайыма халифаттан жардам алып турган арабдар козголоңчуларды Кеш шаарынын жанынан 737-жылы биротоло жеңген. Мына ошондон кийин көтөрүлүш басылып калган. Жер ээлери өздөрүнүн социалдык укуктарын жана мүлкүн сактоого умтулуп, жеңүүчүлөргө кызматка өтүп, араб ак сөөктөрү менен сүйлөшүүлөргө барышкан. Алардын берилгендигининин символу – исламды кабыл алуу болгон[2]. Андан тышкары исламды кабыл алуу салыктын бир бөлүгүн төлөгөндөн бошоткон, анткени калктын мусулман эмес бөлүгүнө «жизья» деген оор салык салынчу.

Ошондуктан, бара-бара калктын башка катмарлары исламды кабыл ала башташты. Арабдар кербен соодасын ар тараптан колдогондуктан, соодагерлер исламды тез кабыл алышкан. Бул алысты көрө билген саясат мусулман соодагерлеринин көп өтпөй башкаларга караганда көбөйүшүнө салым кошкон. Кербен жолдорунун боюндагы дээрлик бардык шаарларда соодагерлерди жана миссионерлерди тейлеген собордук мечиттер курулган. Араб басып алуучулары динин жаңы кабыл алгандарды

---

[1] Всемирная история. М.: Государственное издательство политической литературы, 1957. Т. III. С. 130.

[2] Ошондо.

азаттыкка чыккандар – мавалилер деп эсептешкен, алар исламды кабыл алуунун аркасында бир катар салыктардан бошотулган, бирок социалдык абалы арабдарга караганда төмөнүрөөк болгон[1].

Он жылдан кийин, 747-жылы Мерв оазисинде Абу Муслимдин жетеги менен жаңы көтөрүлүш чыккан. Баарынан кызыгы бул козголоң диний жактан болчу, бирок мурункусунан айырмаланып, исламга каршы ураандар менен эмес, тескерисинче, ислам үчүн чыккан. Биздин көз карашыбыз боюнча, ал Борбордук Азиядагы гана эмес, бардык халифаттагы саясий процесстерге исламдын тийгизген таасирин ачык-айкын көрсөтөт.

Чындыгында Абу Муслим Мухаммед пайгамбардын агасы Аббастын тукумунан чыккан Аббасиддерди колдоп, Мухаммед пайгамбардын урпактары эмес деген жүйө менен Омейяд династиясын кулатууну жактаган. Омейяддар болсо исламдын жайылышына көпкө каршы турган Абу Суфяндын уруусунан чыккан. Көтөрүлүшкө араб ак сөөктөрү, жергиликтүү дыйкандар жана элдин кеңири катмары дагы кошулган. Алардын өкүлдөрүнө көтөрүлүшкө катышканы үчүн адегенде үч, андан кийин беш дирхам беришкен. Мындан тышкары, Аббасиддер элге салыктарды азайтууга, зордук-зомбулук чараларын токтотууга, арабдар басып алган жерлердеги дыйкандардын жана шаардыктардын жашоосун жеңилдетүүгө убада беришкен[2].

Ошол кезде Хорасандын башкаруучусу Наср ибн Сайяр болчу. Абу Муслимдин көп сандаган аскерине каршылык кыла албай, ал 748-жылы өз борбор калаасы Мервди согушсуз өткөрүп берген жана Нишапурга чегинип кеткен. Артынан куугунга алган козголоңчулар аны жеңишкен, бул жеңилүү Омеяддардын династиясынын тагдырын биротоло чечкен болчу. Халиф Марван II бардык аскер күчтөрүн чогултуп, козголоңчуларга каршы жөнөтсө да, аббасиддердин кыймылынын башкы жетекчиси Ибрахим ибн-Мухаммед өлтүрүлсө дагы, бул окуялардын жүрүшүнө таасир эте албай калган.

749-жылы Абу Муслим жетектеген көтөрүлүшчүлөр халифаттын борбордук аймагына жөнөшкөн. Кыска мөөнөттүн ичинде алар Ирак менен Алжирде Омеяддардын аскерине бир нече орчундуу соккуларды урушат.

---

[1] *Халид А.* Ислам после коммунизма. Религия и политика в Центральной Азии. М.: Новое литературное обозрение, 2010. С. 44–45.

[2] История Казахстана и Центральной Азии. Алматы: Дайк-Пресс, 2001. С. 95.

Андан кийин алар халифаттын борбору – Дамаскка чабуул коюшту. Борборду алгандан кийин Марван II тактан түшүрүлгөн жана халиф болуп Абул-Аббас ас-Саффах (749–754-жж.) шайланган. Жер-жерлерде кулаган династиянын тарапташтары жана алардын жакындары өлтүрүлгөн. Ошентип, араб халифатындагы бийлик Аббасиддердин жаңы династиясынын колуна өткөн.

Бирок, арабдар басып алган аймактардагы Борбордук Азиянын калкынын жашоосу ого бетер оорлошуп кеткен. Ошонун натыйжасында 776–783-жылдары Ал-Махди халифтин тушунда Согдуда «ак кийимчендердин кыймылы» деген жаңы көтөрүлүш чыкты. Ага калктын ар түрдүү катмарлары – экономикалык теңсиздикке каршы чыккан карапайым дыйкандар менен кол өнөрчүлөр жана кээ бир жер ээлери – арабдарды кууп жиберип, өз бийлигин кайрып алгысы келген жергиликтүү ак сөөктөр катышкан. Козголоңдун башчысы Хашим ибн Хакимди Муканна б.а. «беткапчан адам» деп аташкан. Ал Мервден алыс эмес Каза кыштагында туулган. Наршахинин маалыматы боюнча, «ал байыркы илимдер боюнча көп китеп окуган», «сыйкырчылык кылууда көп амалды билген» жана «өзүн пайгамбар катары көрсөткөн» имиш»[1].

Муканна Маздактын байыркы окутуусуна негизделген социалдык теңчилик жана эркиндикке чакырган идеяларды үгүттөгөн. Бул окутуу III кылымдын аягында манихейизмдин таасири менен чыккан, анын негиздөөчүсү зороастрий ыйык кызматчысы Зардушт-и Хурракан болгону белгилүү. Мына ушундан улам бул көтөрүлүш арабдарга эле эмес, ислам динине дагы каршы протест болгон деп болжолдосок болот.

Көтөрүлүш бүт Согдуну – Мавераннахрдын борборун камтыган жана Илака жана Чача өрөөнүнө таасирин берген. Муккана Кеш шаарына жакын тоонун чокусунда курулган Сом чебин өзүнүн резиденциясы кылып алган. Көп өтпөй бүт Кашкадарыялык өрөөн анын тарабына өтүп кеткен. Козголоңду басуу үчүн 775-жылы халиф ал-Мансур Жабраил ибн Яхья башында турган чоң аскерди Мавераннахрга жөнөттү.

Бирок бул аскерди көтөрүлүшчүлөр талкалап салышкан. Эмир Жабраил көп жоготууларга учурап, Самаркандга кыйынчылык менен качып барган, ал жерде өзүнүн аскеринин калган калдыгын араб гарнизону менен бириктирген. Жабраилге жардамга жөнөтүлгөн Укаб ибн Салимдин он миң кишилик аскери Самарканд менен Кештин

[1] *Наршахи М.* История Бухары. Ташкент, 1897. С. 85.

ортосундагы урушта талкаланган, ал эми Гаричтин он төрт миңдик армиясы дагы Термездин алдында жеңилген. Натыйжада Нахшеб менен Чаганиан көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өткөн.

776-жылы көтөрүлүш Бухара оазисине өтүп кетти. Наршах чеби «ак кийимчендердин» орчундуу күчтөрү топтолгон борборуна айланган. Ошо эле жылы чептен алыс эмес жерде козголоңчулар менен Бухаранын эмири Хусайн ибн Маъаза жана Мавераннахрдын акими Жабраил ибн Яхъянын бириккен армиясынын ортосунда уруштар болуп жатты. Согуш аракеттери төрт айга созулду. Арабдар менен ачык согушта «ак кийимчендер» жеңишке жетишти. Бирок саны боюнча арабдар көтөрүлүшчүлөрдөн көп эле. Чепти курчап алышып, алар анын дубалынын астын казып, ичине кирип барышты. Катуу салгылашта көтөрүлүшчүлөр жеңилип, Наршахды арабдар ээлеп алышкан.

Мына ошондон кийин арабдар өздөрүнүн бүт күчүн көтөрүлүштүн борбору болгон Самарканд менен Кешке жумшашкан. 777-жылы халиф ал-Махди өзү жеке козголоңчулардын биротоло талкалануусун жетектөө үчүн Нишапурга келген. Хорасандын акими Маъаз ибн Муслим жана Гераттын эмири Сейид ал-Хараши башчылык кылган чоң аскер Самаркандга жөнөтүлгөн.

Кызыгы, араб аскерлери менен согушка Жетисуунун түрк көчмөн уруулары дагы: Сырдарыянын жээгинде көчүп жүрүшкөн түргөштөр менен карлуктар катышышкан. Алар менен чогуу көтөрүлүшчүлөр алгач араб армиясын жеңишкен. Эки жыл бою «ак кийимчендер» түрк уруулары менен кошо Самарканд үчүн салгылашышкан. Бирок акыры көтөрүлүшчүлөр жеңилип, шаар алынган. «Ак кийимчендердин» көтөрүлүшү басылгандан кийин Наршах менен Самарканддагы феодалдык ак сөөктөр өз элин сатып, мурунку көтөрүлүштөрдөгүдөй эле арабдар жакка өтүп, аларга көмөк кылышкан. Сейид ал-Харашинин аскери менен чогуу жер ээлери Муканнага каршы жортуулга катышышат. Акыркы аёсуз салгылаштар Кеш өрөөнүндө, тоолуу аймактарда болуп өттү. Көтөрүлүштүн жетекчисинин резиденциясы Сом чеби курчоого алынган. Муккана өзүн-өзү өрттөп өмүрүн кыйган. Мунун символикалык мааниси бар. Бул анын исламдын нормаларын четке каккандыгын дагы бир жолу ачык көрсөттү.

Ошентип, ондон ашуун жылга созулган жана ошол кездеги эң ири мамлекеттердин бири – Араб халифатын солкулдаткан Мавераннахр элдеринин эркиндикке умтулган кыймылы аяктаган. Ал

талкалангандыктан кийин региондун исламдашуусу ого бетер күчөгөн. Бирок ошого карабастан маздакиттердин жамааттары Борбордук Азияда XIV кылымга чейин сакталып калган. Араб халифатынын үстөмдүгүнө карата андан дагы ири көтөрүлүш 806–810-жылдары болуп өттү. Ал Хорезмден Памирге чейинки зор аймакты кучагына алды. Ошондо халиф Мамун дагы өзүнөн мурункуларга окшоп, көтөрүлүшчүлөрдүн бир бөлүгү болгон ак сөөктөрдү сыйлыктарды жана жерлерди берип соодалап, өз тарабына өткөрүп алып, козголоңду басып коё алды[1].

Ошол доордо эркин дыйкан жамааттарына тиешелүү жерлердин бир бөлүгү мамлекеттин карамагына, б.а. халифатка, башка бөлүгү ак сөөк араб үй-бүлөлөрүнө өткөн. Жердин калган бөлүгү халифаттын бийлигине баш ийип, исламды кабыл алган жергиликтүү ак сөөктөргө берилген. Андыктан феодалдар жана шаар калкынын бай катмары жаңы саясий системага ыңгайлашып, саясий жана экономикалык кызыкчылык үчүн исламды кабыл алышкан.

Л.Н. Гумилев жазгандай: «исламга өтүү алгачкы үч кылымда абдан кыйынга турган, жаңы кайрылгандардан төлөм оор салык түрүндө алынган. Ошондуктан Гиндукуштун тоолук эли жана Орто Азиянын талаада жашаган көчмөндөрү ишеними менен кошо көз карандысыздыгын коргоо үчүн күчтөрүн аяшпады. Бирок, эгерде тоолуктардын эгемендигин чептер орнотулган өтө алгыс капчыгайлар жана бийик аска-зоолор ишенимдүү коргосо, анда шаардыктар өз абийири менен өкмөттүн буйруктарынын ортосунда компромисске барууга аргасыз болушкан»[2].

Ошого карабай араб тарыхчылары жана географтары түрктөр жашаган коңшулаш Фергана жана Шаш шаарлары менен мусулмандардын дайыма согушуп тургандыгын күбөлөндүрүшкөн. Алсак, бул жөнүндө улуу араб географтарынын бири ибн Хордадбектин жазуулары бар[3].

***Жыйынтык.*** *VII–VIII кылымдарда ислам араб жортуулдары менен кошо Борбордук Азиянын түштүк региондорго таралган. Бул кыймыл батыштан, Мерв аймагынан башталып, чыгышка чейин жылып, Талас*

---

[1] Всемирная история. Т. III. С. 131.

[2] *Гумилев Л.Н.* Древняя Русь и Великая степь. М.: Мысль, 1992. С. 65.

[3] *Ибн Хордадбех.* Книга путей и стран: пер. с араб., коммент., исслед., указ. и карты Н. Велихановой; АН АзССР, Ин-т востоковедения. Баку: Элм, 1986. 427 с.

*өрөөнүндө токтогон. Ислам зордук-зомбулук ыкмалары аркылуу кыйынчылык менен таратылган.*

*Бирок исламдын жергиликтүү ишенимдерге ыңгайлашып алышы, мусулманчылыкка чейинки диндерди сиңирип алышы акырындап өз натыйжасын берген. Андан тышкары зомбулукка караганда соода, миссионердик насаат сөздөр, экономикалык чаралар көбүрөөк пайда алып келген.*

*Бул доордо исламдын Борбордук Азиянын саясий процесстерине тийгизген таасири ачык-айкын көрүнгөн. Ислам көптөгөн сан жеткис согуштар, көтөрүлүштөр жана элдик кыймылдардын чыгышына себепкер болгон. Анын таралышы аймактын картасын өзгөртүп, андагы бытыранды өлкөлөрдү орто кылымдардагы эң ири мамлекет болгон – Араб халифатынын курамына бириктирди.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Ислам дини Орто Азияга качан кире баштаган?
2. Борбор Азия калкы башында аймактын исламдашуусуна кандай көз караште болушкан?
3. VII–VIII кылымдарда Орто Азияда кайсы көтөрүлүштөр диний мүнөзгө ээ болгон?
4. Исламдын аймактарда бекемделишине жана жайылышына эмне себеп болду?

## 1.3. IX–X кылымдарда көз карандысыздыкка ээ болуу учурунда Орто Азиядагы саясатка исламдын таасири

VIII кылымдын аягында – IX кылымдын башында халифаттагы татаал кырдаал Аббасиддерди Мавераннахрга карата мамилесин өзгөртүүгө мажбурлады. Алар жергиликтүү аристократтарды козголоңдорду басуу үчүн эле эмес, чыгыш аймактарды башкаруу үчүн, алардын колдору менен ушул аймактарды баш ийдирип туруу үчүн өздөрүнө тарта баштаган.

Халиф Мансурдун башкаруусунан баштап (754–775-жж.) жана анын орун басарлары Махди (775–785-жж.) менен Харун ар-Рашиддин убагында (786–806-жж.) Мавераннахр негизинен жергиликтүү ак сөөктөр тарабынан башкарылган. Бирок бул халифтин Орто Азиядагы бийлигин бекемдеген эмес, тескерисинче Мавераннахрды араб башкаруусунан

бошотууга өбөлгө түзгөн. Жергиликтүү аристократиянын ролу бийликке Саманиддердин династиясы келгенде өзгөчө күч алган (819–999-жж.). Бул 811–813-жылдары халифаттагы бийликти талашкандагы Харун ар-Рашиддин Амин жана Маъмун деген мураскерлеринин ортосундагы согуштан кийин болгон.

Жеңүүчү Маъмун Балхтан келип чыккан жер ээси Саман-худаттын неберелери Саманиддердин Мавераннахрда өзүн колдогон эмгегин унуткан эмес. Маъмун аларды Орто Азиядагы бир нече шаардын эмирлери кылып дайындаган. Нух – Самаркандды, Ахмад – Ферганы, Яхъе – Шашты, ал эми Ильяс – Гератты алган. Саманид бир туугандар жылдык харадж (жер салыгы) салыгынан Мавераннахга чоң акча каражаттарын жиберип турушкан. Ибн Хордадбехтин маалыматтарына таянсак, ар бир жылда халифаттын казынасына Шаштан 607 миң дирхем, Согддон – 326, Ферганадан – 220, Уструшандан – 50 миң дирхем түшүп турган[1].

Бирок саясий жактан Саманиддер көбүрөөк халифке эмес, Хорасандын жаңы башчылары аларды чындап халифаттан бөлүп турган Тахириддерге баш ийишкен. Кызыктуусу, Тахириддер саясий көз карандысыздыкты жарыялоо үчүн ислам контексти менен да байланыштуу өзгөчө бир ыкманы колдонушкан. Ошентип, 821-жылы Тахир ибн Хусейн Хорасан менен Мавераннахрда халифтин орун басары болуп дайындалган. Бир жыл өтпөй эле ал жумалык хутба ибадатында халифтин атын эскерүүгө тыюу салган, бул көз карандысыздыкты жарыялоону билдирген.

Бир аз өтпөй халифтин буйругу боюнча Тахир уулантылса да, анын уулу Абдаллах башкарган учурда алар көз карандысыздыкка ээ боло алышкан (828–844-жж.) Хорасан Нишапурда борбор шаары менен чындап көз карандысыз мамлекетке айланган.

Ошентип Хорасан менен Мавераннахрды Тахириддердин тукуму мурастап башкарып калган. Мавераннахрга карата Тахириддер Саманиддердин мыйзамдуу түрдө эмир болуп дайындалганын кандайдыр бир деңгээлде кабыл алышкан. Өз кезегинде Саманиддер Тахириддерге баш ийип, өлкөнү тынчтыкта башкарып келишкен. Бул Хорасан менен Мавераннахрдын халифаттан көз карандысыздыгын жана эки жергиликтүү династияны саясий кабыл алууну билдиргени шексиз. Бирок

---

[1] *Ибн Хордадбех.* Книга путей и стран.

Борбордук Азиянын халифаттан бөлүнүүсү, анын күч алып жаткан исламдашуу процессине таасир тийгизе албай калган. Буга ал халифаттан бөлүнгөндөн кийин, ушул аймакта исламдын абалын бекемдөөдө маанилүү фактор бойдон кала берген арабдардын бир топ чоң диаспорасы да өбөлгө түзгөн.

Араб колонисттери Жакынкы Чыгыштын негизги мусулман борборлору – Дамаск, Багдад, Джазира, Мосул, Иерусалим ж.б жерлерден келишкен. Орто кылымдар бою Орто Азияда отурукташкан арабдар өзүнүн этникалык өзгөчөлүгүн сактап келишкен. Жаңы доордо гана ассимиляция процесси арабдардын жергиликтүү калк менен аралашуусуна жана тилдин жок болуп кетишине алып келген. Орто Азиядагы жакынкы чыгыш жана түндүк африка өлкөлөрүнөн айырмаланып, араб эли толугу менен ассимиляция болуп, жергиликтүү үрп-адаттарды жана салттарды өздөштүрүп алышкан[1].

Борбордук Азияда исламдын позицияларын бекемдөөгө ушул мезгилде араб диаспорасынан сырткары дагы үч негизги фактор таасирин тийгизген. Биринчиден, бул саманиддер менен тахириддерге баш ийген жергиликтүү башчылардын аракеттери. Экинчиден, ар түрдүү ислам секталарынын, агымдарынын, өзгөчө суфий ордендеринин, расмий суннит улемдеринин жана дин кызматчыларынын жигердүү диний кабар таратуу иштери. Ал эми үчүнчүдөн, Борбордук Азиянын исламдашуусунда мечиттерде, мектептерде жана медреселерде кайрадан түзүлгөн билим берүү системасы  маанилүү ролду ойногон. Исламдагы билим берүүнүн демократиялык мүнөзү, бул аймакта жаңы динди бекемдөөдө, илимди жана билимди өнүктүрүүдө  чоң жардам кылган.

Бул тууралуу академик В.В. Бартольд жазгандай: «Х кылымда Хорасан менен Мавераннахрдагы медреселер, мусулман өкмөтүнүн иш-аракеттеринен көз карандысыз, исламды таратуунун абдан күчтүү куралы болгон. Ушул учурда халифаттан сырткары мусулманчылыкка үгүттөө, Орто Азияда башка бир да мусулман дүйнөсүнүн айланасында болуп көрбөгөндөй ийгиликке жеткенин балким ушуну менен түшүндүрсө болот»[2].

---

[1] Мусульманский мир. Средние века. Новое время. Очерки исламской истории и культуры. С. 71.

[2] *Бартольд В.В.* Тюрки. Двенадцать лекций по истории турецких народов Средней Азии. Алматы: Жалын, 1998. С. 45.

Ушул бардык факторлордун таасири астында X кылымдын акырында эле, Мавераннахрдын дээрлик бардык жашоочулары исламды кабыл алышкан. Мындан сырткары, ал өз кезегинде башка аймактарды исламдаштырууга же исламдаштыруу аракеттерине таасирин тийгизе баштаган. Ибн-Фадландын «Волгага саякат» деген белгилүү китебинен биз 922-жылы исламды волгалык булгарлар Хазар каганатына каршы халифаттан колдоого ээ болуу максатында кабыл алганын билебиз. Бирок Булгариянын башчысы эльтебер Алмуш, арабдар материалдык жардам көрсөтпөй турганын билгенде, өч алуу катары икамды (сыйынууга чакыруу) борборазиялык үлгү боюнча эки жолу жарыялоону буйруган. Бул халифатта икамды бир жолу жарыялоону кабыл алынган үрп-адатка альтернатива болгон[1]. Ушундан Булгариянын башчысы исламды кабыл алуудан мурун эле, борборазиялык ислам ишениминин өзгөчөлүктөрү менен тааныш болгонун билсек болот.

X кылымдын акырында хорезм соодагерлери Мервезинин күбөлүктөрүнө ылайык, Киевке барып, ал жерде «Русанын падышасы Буладимир» (Владимир Святославович, Красно Солнышко. – *А.Б.*) алар менен мусулманчылык ишеним тууралуу сүйлөшкөнүн айтат[2]. Сыягы, бул Владимирдин 980-жылдардын орто ченindеги тарыхта «ишеним тандоосунун» мезгили болгон жана Борбордук Азиядан келген соодагерлер Киев князына исламдын башка диндерден артыкчылыгын түшүндүрүп беришкен. «Ишенимди тандоо» көп изилдөөчүлөр тарабынан легенда катары кабыл алынса да, бул эпизод Борбордук Азия соодагерлеринин миссионердик аракеттеринен кабар берет.

Борбордук Азиянын исламдаштырылган аймактарынын көпчүлүк бөлүгүндө IX кылымдан баштап эле, Абу Ханифа жана анын шакирттери Абу Юсуф жана Шейх Зуфар деген араб теологдору негиздеген суннит исламында төрт ортодоксалдык укук окуу жайларынын бири ханафит мазхабы басымдуулук кыла баштаган. Ошол эле учурда ханафит мазхабы шариаттын төрт мазхабынын ичинен токтоо мүнөзгө ээ болгон.

Ушуга карабастан Орто Азияда синкретизм үстөмдүк кылган, б.а. жергиликтүү жашоочулардын аң-сезиминде ислам ага чейинки ишенимдер менен бирге жашай берген. Е.Е. Березиков «Ыйык ислам»

[1] Путешествие Ибн-Фадлана на Волгу: пер. и коммент. А.П. Ковалевского; под редакцией И.Ю. Крачковского. М.–Л.: Изд-во Академии наук СССР, 1939. С. 69–70.

[2] Всемирная история. Т. III. С. 475.

деген чыгармасында, 810-жылы төрөлгөн Исмаил Аль-Бухаринин жашоосун сүрөттөп жатып: «Ислам дароо даңктуу Бухара жана Самарканд шаарларынын жашоочуларынын ишеними болуп калган жок. Отко табынуучулардын байыркы ишеними – зороастризм – дагы узак убакыт бою исламдын жолун тосуп турган. Мусулмандардын ыйык жазмасы Курандан да, тарыхка чейинки Авестадан да сыйынууларды келтирген үй-бүлөлөр дагы деле болгон»[1].

Ушуга карабастан IX–X кылымдарда Борбордук Азияда ислам маданиятынын, баарынан мурда архитектуранын гүлдөгөн мезгили болгон. Буга Хазарда аркалары жана куполдору бар, чийки кыштан салынган тогуз куполдуу мечит далил болуп саналат. Ошол мезгилдеги көрүнүктүү архитектуралык эстелик болуп, Бухарада дубалдарына кооз геометриялык чиймелер тартылган куб түрүндөгү Исмаил Саманиддин мавзолейи эсептелет (892–907-жж.). Ошондой эле бул Борбордук Азиядагы ислам контекстинде илимий ой жүгүртүүнүн жана адабияттын чыныгы өрчүп-өнүгүүсүнүн мезгили болгон. Ушул мезгилге Аль Фараби, Ибн Сина, Бируни, Рудаки, Фирдоуси сыяктуу дүйнөгө атагы чыккан окумуштуулардын жана жазуучулардын чыгармалары туура келет. Алардын дээрлик бардыгы илимпоздор жана жазуучулар гана эмес, суфий уюмдарынын өкүлдөрү болгон.

Акырындап ислам мурунку – зороастризм, буддизм, машайакчылык ишенимдердин ордун ээлей баштаган. Ошону менен бирге, Европанын көпчүлүк өлкөлөрүндө латын тили кандай ролду ойносо, мусулман өлкөлөрүндө ошондой эле ролду ойногон адабий араб тилинин маанилүүлүгү бекемделген жана жогорулаган.

Араб тили ислам жана халифаттын мамлекеттик канцелярияларынын тили гана эмес, илимдин жана маданияттын тили, соода жана саясат тармагында эл аралык баарлашуунун куралы болгон. Ошентип, исламдын тараганы халифаттын борбордук азия аймактарында жашаган элдердин жашоосуна чоң тарыхый-маданий өзгөрүүлөрдү алып келген[2]. Бара-бара ислам түрк чөйрөсүнө кире баштаган.

VI кылымдан баштап, түрк көчмөн элдери Борбор Азиянын түндүгүндө жашап келишкен. Алардын ичинен эң алдыңкылары Чыгыш

---

[1] *Березиков Е.Е.* Святые ислама. Казань: Татар. кн. изд-во, 1996. С. 3.

[2] История народов восточной и Центральной Азии с древнейших времен до наших дней. М.: Наука, Главная редакция восточной литературы, 1986. С. 223.

Туркестандын түндүгүндө жашаган уйгурлар болгон. Алардын айрымдары отурукташкан жашоого өтүшүп, Кытайга кеткен кербен жолунда оазистерде байырлашкан. Уйгурлардын бутпарастык шамандык ишенимдери VIII кылымдын аягында манихейлик динге алмашкан. Бирок X кылымда уйгурлардын бир бөлүгү буддизмди, ал эми башка бир бөлүгү несториандык машайакчылыкты кабыл алышкан.

Заманбап Кыргызстандын Тянь-Шань аймагында, Енисейдин жогору жагынан келген кыргыздар көчүп жүрүшкөн. Жетисуунун түздүктөрүндө, азыркы Казакстандын түндүк-чыгышында, карлуктар жана ягмалар, ал эми Ысык-Көл көлүнүн жанында – чигил эли көчүп жүрүшкөн. Сырдарьянын ылдый жагында жана Каспий менен Арал деңизинин арасындагы аймакта огуздар жашаган, кийин алардын айрымдары түркмөн урууларын түзгөн. Батыш Казахстанда, кийин XI кылымдын ортосунда Дондогу түндүк Причерноморьеге көчүп кеткен жана Руста половец деген ат менен белгилүү болгон кыпчактар көчүп жүрүшкөн.

X кылымдын экинчи жарымында, огуздардын, карлуктардын, чигилдердин жана ягмалардын хандары жана ак сөөктөрү жакын жайгашкан өнүккөн феодалдык коомдордун динин – исламды кабыл алышып, аны калың көчмөндөрдүн арасында таратышкан[1].

Бул процесстин башталышы Караханиддер династиясынын каганы Сатук-Богра-хандын аты менен байланыштуу, ал 955-жылы династияда биринчилерден болуп, ислам динин кабыл алган[2]. Бул ага Саманиддердин колдоосуна таянып, тууганы жана атаандашы Огулшакты жеңүүгө шарт түзүп берген. Тараз менен Кашгарды баш ийдирип алгандан кийин, 942 жылы Сатук-Богра-хан Баласагынды басып алган жана өзүн жогорку каган деп жарыялаган. Ушинтип, бир борборго баш ийген Караханиддердин мамлекети пайда болгон. Жетисуудан баштап, батышта Исфиджаба жана чыгышта Кашгарияга чейинки аймактар Караханид мамлекетинин карамагына кирген. Сатук-Богра-хандын уулу Муса 960-жылы исламды мамлекеттик дин деп жарыялаган. Андан соң Жетисуу аймагында 200 миң чатыр түрктөр исламды кабыл алышкан[3].

---

[1] Всемирная история. Т. III. С. 479.
[2] *Кан Г.* История Казахстана. Алматы: Аркаим, 2002. С. 44.
[3] *Абдакимов А.* История Казахстана. Алматы: Казакстан, 2001. С. 92.

***Жыйынтык.*** *IX кылымда Борбордук Азиянын Араб халифатынан бөлүнүүсү бул аймактагы саясий процесстерге исламдын таасири тийбей калганын билдирген эмес. Анан калса, бул таасир акырындап күчөп ар тараптуу болуп, башкаруучулардын түз саясатына гана эмес, билим, илим, маданият, адабият жана искусство аркылуу коомдук аң-сезимге да таасирин тийгизген. Ошондой эле, биз исламдын таасири түндүк тараптагы саясатка эле эмес, көчмөн түрктөр байырлаган талаа аймактарына да тараганын белгилейбиз.*

*Мындан сырткары, биз исламдын таасири Борбордук Азия аркылуу аймактын сырткы субъектилерине тараганынын алгачкы мисалдарын көрөбүз.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Мавераннахрдын көз карандысыз болуусуна кайсы окуялар өбөлгө түзгөн?
2. Исламдын Борбордук Азия аркылуу аймактан сырткары субъектилердин саясатына таасир тийгизгенин эмнеден билсе болот?
3. Борбордук Азияда IX–X кылымдарда Исламдын позицияларынын бекемделишине кандай факторлор таасир тийгизген?
4. Ислам Борбордук Азиянын түндүктөгү талаа аймактарына качан кирип барган?

## 1.4. XI–XIII кылымдардын башында Борбордук Азияда Караханиддер менен Хорезмшахтардын башкаруусунун убагында саясий процесстердеги исламдык фактор

X кылымдын эң акырында, 999-жылы, Саманид мамлекетин, Караханиддер – Борбордук Азиянын түндүк талаа тараптарында жашаган түрк урууларынан келип чыккан ягма уруусу басып алган.

Караханиддер алдын ала мусулман дин башкармалыгынын жана Саманид мамлекетинин түрк гвардиясынын кызматчыларынын жогорку бөлүгүнүн колдоосуна ээ болгон[1]. Караханиддер – европалык тарыхчылар тарабынан киргизилген термин. Араб булактарында бул династия «ал-хаканийа» деп аталат, бул «кагандар» дегенди билдирет.

[1] Всемирная история. Т. III. С. 479.

Мавераннахрды басып алган биринчи Караханид – Чыгыш Ферғананын башкаруучусу Наср Илек-хан болгон. 999-жылы октябрда ал Бухараны ээлеп алган жана ал жерде башкарып жаткан Саманид династиясынан чыккан эмир Абд ал-Малика II нин бийлигин тартып алган. Мавераннахр толугу менен 1005-жылы Самарканд алынгандан кийин Караханиддердин бийлигине өткөн.

Караханиддердин басып алуусунан кийин, Мавераннахрдагы бийлик түрктөрдүн ак сөөктөрүнө өткөн. Ошол мезгилден баштап, Мавераннахрга Жетисуудан жана Чыгыш Түркестандан көп сандаган түрк калкы көчүп келген. Түрктөр Чирчик, Ылдыйкы Зеравшан, Кашкадарыяда отурукташа баштаган.

XI–XII кылымдарда көчмөндөрдүн айрымдары, биринчи кезекте жакыр катмардагылары, бара-бара жер иштетүүгө өтүшүп, отурукташкан тажик жашоочулары менен аралышып, аларга советтик тилчилер «байыркы өзбек тили» деп атаган түрк системасындагы тилин өткөрүү менен аларды ассимиляция кылган. Ошентип, кийинчерээк «өзбек» деп аталган улут түзүлгөн[1].

Албетте, Борбордук Азиянын бул жаңы жашоочулары бат эле исламдашып кеткен. Ырас, XI кылымда «Диван лугат ат-тюрк» мусулман эстелигинин автору Махмуд Кашгари ишенимсиз-түрктөргө зээни кейиген[2].

Ошентсе да, XI–XII кылымдарда Борбордук Азиянын исламдык калкынын арасында түрк компоненти байкаларлык күчөй баштайт.

Караханид башкаруучуларынын арасында XI кылымдын ортосунда бийлик жүргүзгөн Ибрахим хан ислам факторунан өзгөчө таасир алган. 1050-жылы Ибрахим хан Караханиддердин арасында Сулайман Арслан-хандын өлүмүнөн кийинки башаламандыктан колдонуп, алардын көп ээликтерин, анын ичинде чыгыш Фергана, Ташкент оазиси жана Исфиджабды тартып алган. Ибрахим өзү башкарган бардык жерлерде тартипти жана коопсуздукту сактоого кам көргөн. Ар бир кылмыш катуу жазаланган, бул өлкөдөгү каракчылыктын жана уурулуктун толук жоюлуусуна алып келген. Ушуну менен бирге Ибн ал-Асирдин күбөлүгүнө ылайык, Ибрахим өтө такыбаа адам болгон. Ал факихтер

---

[1] Ошол эле китепте. С. 480.

[2] *Ал-Кашгари Махмуд.* Диван лугат ат-тюрк (түрк тилдеринин сөздүгү): орус тилине биринчи котормо Зифа-Алуа Ауэзова-Эрмерс. Алматы: Дайк-Пресс, 2006. 1300 с.

менен кеңешпей туруп, эч качан жаңы салыктарды киргизген эмес жана ар дайым динге берилүүнү колдогон.

Ошентсе да, исмаилиттерди кырып жок кылган жана суфийлерди куугунтуктаган. Ал дин кызматчыларын ушунчалык сыйлагандыктан, Алинин тукуму, нассатчы Абу Шуджа бир күнү ага: «Сен падыша болууга татыксыз адамсың» дегенде, Ибрахим хан сарайынын эшиктерин жаап алып, падышалыктан баш тартмак болгон. Антсе да жашоочулар насаатчы жаңылып калганын, анын сөздөрүн хандын кол алдындагыларына көрсөткөн кам көрүүсү төгүнгө чыгарып турганын айтып, ханды ынандырышкан. XI кылымдын экинчи жарымында Караханиддердин мамлекети аймактагы жаңы саясий жетекчинин – Сельджуктардын түрк мамлекетине көз каранды болуп калган. 1072-жылы алгачкы кагылышуулардан кийин эле Караханиддердин үйү сельджуктардын алдында өзүнүн вассалдык көз карандылыгын тааныган. Бирок бул диндин ролун солкулдаткан эмес, анткени сельджуктар, оболу алардын саясий элитасы исламдаштырылган болчу.

Ошентип, ислам фактору Караханиддердин сельджуктардан вассалдык көз карандылык мезгилинде салмактуу бойдон кала берген. Ошол эле учурда бардык эле Караханид башкаруучулары мусулман дин кызматчыларынын колдоосуна ээ боло берген эмес. Ошентип 1093-жылы сельджуктар вассалдык мамлекетте тартипти орнотуу үчүн Ахмад-ханга тактыны ээлөөгө жардам беришкен. Бирок бул Караханид кол алдындагылар менен тил табыша албай койгон. Жергиликтүү факихтер аны жалган окутууда айыптап, аскердин арасында ханды тактыдан түшүрүү жана өлтүрүү фетвасын таратышкан. 1095-жылы шаардын башчысы Касан Тогрыл Йанал-беганын колдоосу менен Ахмад тактыдан түшүрүлүп, дин кызматчылар соту тарабынан айыпталган жана жаанын жиби менен муунтулуп өлтүрүлгөн. Ошондон кийин козголоңчулар тактыга факихтерге көбүрөөк жаккан анын аталаш бир тууганы Масуд-ханды отургузушкан. Ошентип, биз дин кызматчылары Караханид мамлекетинин хандарына, жада калса аларды алмаштырууга чейин барып, олуттуу таасир тийгизгенин көрө алабыз.

XII кылымдын 30-жылдарында Караханиддердин Жетисуу жерлерине чыгыштан монгол тобуна кирген көчмөндөр – каракытайлар (киданилер) кирип келишкен. 1037-жылы Караханиддер талкаланган, ошондо хан Махмуд өзүнүн сюзерени сельджуктардын султаны Санжарга кайрылган.

1141-жылы сентябрда Самарканддын жанындагы Катван түздүгүндө кандуу салгылаш каракытайлардын Махмуд менен Санжардын бириккен күчтөрүн толук талкалоосу менен аяктаган. Жеңилгенден кийин Махмуд менен Санжар Термезге качышкан. Өлкө Самарканд менен Бухараны басып алган каракытайларга баш ийип берген. Ошондон кийин дээрлик XIII кылымдын башына чейин Караханиддер борбор шаарын Баласагын кылып алган каракытай гурхандарынын вассалдары болуп кала берген.

Каракытайлар Борбордук Азиянын бир топ жерин, анын ичинде Мавераннахрды басып алышкан, жергиликтүү башкаруучуларды баш ийдирип, салык салышкан. Басып алынган жерлердин бир бөлүгүндө Талас менен Чу дарыяларынын ортосунда алар Батыш Ляо мамлекетин түптөшкөн. Анын жашоочулары монгол тилинде сүйлөгөн, кытай иероглифтери менен жазышкан жана буддизмди тутушкан. Ошентсе да, жергиликтүү элге исламдын ордуна буддизмди жайылтуу ишке ашкан эмес.

Сельджуктар менен Караханиддердин алсырап калганын Хорезм колдонгон. Бул мезгилде ал Борбордук Азиядагы чыныгы саясий, чарбалык, маданий жана диний жашоонун борбору болуп калган. Мындан мурун Саманиддердин учурунда бөлүнүп кеткен ал, 996-жылы эле бирдиктүү феодалдык мамлекет болуп калган. Анын борбор шаары Ургенч XI кылымдын башында Чыгыштын эң кооз жана ыңгайлаштырылган шаарларынын бири болгон. Ал шаарда көрүнүктүү илимпоздор, анын ичинде Ибн Сина жана Бируни жашашкан.

XII кылымдын ортосунда хорезмшахтар Хорезмдин Караханиддерден толук көз карандысыздыгына жетишкен жана XII кылымдын аягында басып алууларды башташкан. Алар өзүнүн бийлигине Хорасан, Батыш Иран, Афганистан жана Мавераннахрды баш ийдирип алышкан[1].

1207-жылы Хорезмшах Мухаммед өзүн бошотуучу деп эсептеген каракытайлар мамлекетинин мусулмандарынын колдоосуна таянып, каракытайлар менен согуш баштаган. 1210-жылы сентябрда Сырдарыянын ары жагында Иламиш түздүгүндөгү салгылашта каракытайлардын аскерлери жеңилип калышкан. Мусулман дүйнөсүндө Мухаммеддин жеңиши исламдын «каапырлардын» үстүнөн жеңиши катары кабыл алынган, бул хорезмшахтын кадыр-баркын абдан жогорулаткан.

[1] Всемирная история. Т. III. С. 481.

Анын колундагы шакегинде сельджуктардын мамлекет башкаруучуларынын эң жогорку наамдарынын бири «Алланын жердеги көлөкөсү» деген жазуу пайда болгон. Бухараны ээлеп алгандан кийин Мухаммед Караханид Усманга бир динге ишенген адам катары каракытайлардан Самаркандды тартып алууга жардам берген. Анткен менен Караханиддер үчүн Хорезмдин колдоосу каракытайлардын бийлигинен да оор экени айкын болгон. 1212-жылы Усман көтөрүлүш чыгарып, Самарканддагы хорезмдин гарнизонун талкалаган. Мухаммед дароо Мавераннахрды көздөй жолго чыгып, Самаркандды курчап басып алып, аны тоногон, андан кийин борбор шаарын ошол жакка көчүргөн. Усман жана анын бардык туугандары өлүм жазасына тартылган. Ошол кезде эле Хорезмдин бийлиги Фергананын үстүнөн орнотулган. Караханиддердин айрым башкаруучулары мүлктөрүн дагы бир нече жыл гана сактап кала алышкан. 1217-жылы алардын баары кызмат ордуларынан алынып, хорезмшах тарабынан өлүм жазасына тартылышкан.

XIII кылымдын башында Хорезм ири феодалдык империянын борбору болуп калган, анын аркасы менен ислам саясий процесстерге ого бетер таасирин тийгизип, Борбордук Азияда бекемделген. Ошондой эле ислам Хорезмдин бүтүндөй маданиятына да олуттуу таасир эткен. Мисалы, ошол мезгилдеги архитектурада Джаркурган, Бухара жана Вабкенттеги мечиттердин мунаралары өзгөчөлөнүп турат. Ал эми поэзияда – байыркы өзбек тилинде суфий-акын Ахмед Ясавинин поэтикалык жыйнактары белгилүү.

Айтмакчы, изилдөөчүлөрдүн айтымында, Курандан кийин Ахмед Ясавинин эмгектери жергиликтүү тургундар арасында эң популярдуу болгон. Анын кайрылуулары саясий кырдаалга чоң таасирин берген. Ошентип, ал башка ишенимдеги жана улуттагы адамдарга сабырдуу болууга чакырган[1].

***Жыйынтык.*** *XI–XII кылымдарда аймакта түрк элементинин бекемделиши менен саясатта да ислам факторунун ролу күчөйт. Ошентип, Саманид мамлекетин басып алуудан мурун, Караханиддер алдын ала ээлик кыла турган дин кызматчылардын колдоосуна кепилдик*

[1] *Березиков Е.Е.* Святые ислама. С. 61.

*алышкан. Сельджуктардын басып алуулары ислам факторунун бекемделишине алып келген.*

*Караханиддер Сельджуктардын вассалы болуп турган мезгилде, биз биринчи жолу ислам теологдору тарабынан уюштурулган бийликтин алмашуусун көрө алабыз. Ислам факторунун ролуна жаңы басып алуучулар – буддизмди туткан каракытайлар да таасир тийгизе алган эмес. Хорезмшахтардын аларга каршы согуштары, ишенимсиздерге каршы күрөш деген ураан менен жетектелген. Ислам факторунун мындан да өсүп күчөгөнүн, мусулман маданиятынын, илиминин жана саясатынын топтолуусунун борбору болуп калган Хорезмде, биз карап жаткан мезгилдин акырында көрөбүз.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Караханиддердин саясатында ислам факторунун күчөгөнү эмнеден көрүнгөн?
2 Борбордук Азиядагы сельджук вассалынын мезгилинде ислам теологдорунун ролун мүнөздөп бериңиз.
3. Ислам фактору каракытайларга каршы согушта кандай колдонулган?
4. Хорезм XIII кылымдын башында исламдын позицияларынын күчөгөнүндө кандай роль ойногон?

## 1.5. XIII–XIV кылымдарда моңголдор бийлик кылган доордо Борбордук Азиядагы ислам

XIII кылымдын башында Хорезм ири мамлекетинин өтө тездик менен өсүп-өнүгүүсүн Чынгызхандын басып алуулары токтоткон. Хорезм менен анын империясынын кагылышуусу биринчи жолу 1218-жылы болгон. Моңгол аскерлери Хорезм аймактары менен чектешкен жерлерге качкан меркиттердин артынан кубалап бара жатышкан. Моңголдор чек арага жакындаганын уккан хорезмшах Мухаммед 60 миңдик аскерин баштап Самарканддан чыгат. Ал Иргиз дарыясын кечип өтүп, Тургай деңизине келет, ал жерден меркиттерди кыйраткан издерди көрөт. Хорезмшах моңголдордун артынан түшүп, Чыңгызхандын уулу Жучу жетектеген аскерди кубалап жетет. Жучу хорезмшахка атасы ага Хорезм аскерлери менен салгылашууга тыюу салганын айтат. Бирок хорезмшах

Жучуга: «Чыңгызхан сага мени менен салгылашпа десе да, Алла Таала мага сени менен салгылаш деди. Ошондуктан согушабыз» деген[1].

Ошентип бул ири мамлекеттердин салгылашуусу диний жүйөлөргө негизделген, исламдын саясий процесстерге бир топ таасир кылганынан дагы бир жолу кабар берет. Көп өтпөй, Түндүк Кытайдагы согушту аяктап Чыңгызхан аскерлерин батышты көздөй бурат.

1219-жылы анын аскерлери Борбордук Азияны басып алууну баштайт, ал эми 1220-жылы алар Бухара менен Самаркандды басып алышкан. Кызыктуусу, калгандары гарнизонду кайраттуулук менен коргоп жаткан учурда, мусулман дин кызматчыларынын башчылары шейх-уль-ислам жана кади (казы) шаардын дарбазаларынын бирин ачып бергенден кийин Самарканд багындырылып алынган. Коргоочулардын бардыгы кырып жок кылынган[2].

Хорезм мамлекети кулап, ал эми хорезмшах Мухаммед Иранга качып, Каспий деңизиндеги аралдардын бирине жашырынган. Ал жерде көп өтпөй каза болгон. Анын уулу Желал-ад-динди сая түшүп кубалаган моңгол аскерлери түндүк-батыш Индияга чейин кирип барган, бирок катуу каршылык аларды субконтинентке тереңирээк кирип баруудан токтоткон. Борбордук Азияга кайтып келгенден кийин моңголдор басып алууларын улантышкан. Мерв менен Ургенчтин жашоочулары узак убакыт бою баатырдык менен шаарларын коргосо да, алар багындырылып талкаланган. 1221-жылы Борбордук Азиянын түштүк, айыл чарба жүргүзүлгөн тарабы толугу менен басылып алынган[3]. Анын ошол аймагы моңгол империясына кирген. 1223-жылы Чыңгызхан бул жерлердин башчысы кылып, уулу Чагатайты (Жагатайды) дайындаган, анын атына ылайык бул жерлер Чагатай улусу деп аталып калган. Анын борбор шаары Алмалык болгон. Чыңгызхан өзү негизги күчтөрү менен 1225-жылы мартта ата-мекенине кайтып кеткен. Моңголдор отурукташкан жашоочулардын үстүнөн катаал экономикалык эксплуатацияны орноткон, ал эми бул аймактын диний иштерине киришкен эмес. Бирок алардын шариатка карама-каршы койгон, «яса» деген мыйзамдарынын жыйнагы бар эле.

---

[1] *Безертинов Р.Н.* Татары, тюрки – потрясатели вселенной (история великих империй). Новосибирск: ЦЭРИС, 2001. С. 181.

[2] Ошондо. 185-б.

[3] Всемирная история. Т. III. С. 520.

Ошентип, моңголдор исламдын диний-маданий негиздерин козгобогону менен, анын саясий үстөмдүгүн төгүндөгөн. Ошол себептен баскынчыларга каршы тез-тез чыгып турган козголоңдордо жергиликтүү жашоочулар мусулманчылыктын ураандарын колдонгону таң калыштуу эмес.

Ошентип, 1238-жылы Жувейни тарабынан сүрөттөлгөн Бухара оазисиндеги көтөрүлүш[1], айкын диний түскө ээ болгон. Көтөрүлүштү Бухаранын жанында Тараб деген айылда жашаган элек жасоочу адис, мусулман элдин арасында «ыйык» аталган Махмуд аттуу адам баштаган. Махмуд Тарабинин ийгиликтүү таалимдери жөнүндө угуп, моңгол нойондору аны куулук менен Бухарага азгырып киргизип өлтүрмөкчү болушкан. Бирок Махмуддун Бухарага келиши элдик көтөрүлүшкө белги болгон, анын жүрүшүндө козголоң чыгаргандар бухара садрын тактыдан түшүрүп, кубалап жиберишип, Махмуд Тарабини султан жана халиф деп жарыялашкан. Моңгол башчылары качып кетишкен.

Махмуд Тараби светтик жана диний бийликти өз колунда бириктирип, жергиликтүү ак сөөктөргө каршы бир топ катаал чараларды көргөн. Көп өтпөй моңгол башчылары аскерлерди ээрчитип Бухарага кайтып келишкен. Ошондо көтөрүлүшчүлөргө Бухаранын жанындагы дыйкандардын баары кошулган, ошентип моңгол аскерлери талкаланган. Бирок бул салгылашта Махмуд Тараби каза болот. Моңгол аскерлери менен кийинки салгылашууда козголоңчулар 20 миңдей адамды жоготуп, жеңилип калышкан. Жеңүүчүлөр Чагатай хандын буйругу боюнча жеңилгендерди өтө ырайымсыздык менен кырып, Бухара оазисин талкалашкан[2].

Басылып алынган жерлерди башкаруу үчүн Чыңгызхандын атактуу уулу хан Угэдей, улус ханы Чагатай бир тууганы менен макулдашып, Чыңгызхандын убагында эле кызматта турган бай хорезм көпөсү Махмуд Ялавачты дайындаган. Мавераннахрдын айыл-чарбалык жерлерин башкарган анын урпактары, жергиликтүү феодалдык ак сөөктөргө эле эмес, мусулман дин кызматчыларына да таянган. Чагатай хан өзү жана анын орун

[1] Ата-Мелик Жувейни. Чингисхан. История Завоевателя Мира. Genghis Khan: the history of the world conqueror / Перевод с текста Мирзы Мухаммеда Казвини на английский язык Ж. Э. Бойла, с предисловием и библиографией Д. О. Моргана. Перевод текста с английского на русский язык Е. Е. Харитоновой. — М.: «Издательский Дом МАГИСТР-ПРЕСС», 2004. - 690 с.

[2] *Ата-Мелик Жувейни.* Чингисхан. История Завоевателя Мира. М.: «Издательский Дом МАГИСТР-ПРЕСС», 2004. - 690 с.

басарлары Жетисууда кол алдындагы уруулар менен бирге жашап, көчмөн калк болушкан. Ошону менен бирге Чагатайдын тукумундагы башчылар жүз жылдан ашык моңголдордун салттык ишенимдерин карманып келишкен.

XIV кылымдын башында Чагатай тукумунун моңгол хандары Жетисуудан Кашкадарыя дарыясынын түздүгүнө, Карши шаарына келишип, Мавераннахрды башкарууну өз колуна алышып, жергиликтүү ак сөөктөр менен жакындашуу аркылуу күчтүү борбордук бийликти орнотууга аракет кылышкан.

Чагатай улусундагы хандардын ичинен исламды биринчи болуп Тармаширин кабыл алган, ал бир тууганы Дурра-Тимур каза болгондон кийин 1331-жылы бийликке келген. Тармаширин Мавераннахрды түгөл Чагатай мамлекетинин административдик-саясий борбору кылган. Хан болгондон кийин ал исламды гана кабыл албастан, Ала-ад-дин (ишенимдин даңкы) деген мусулман ысымды кабыл алып, Чагатай мамлекетинин расмий дини ислам деп жарыялаган[1]. Чагатай хандарынын саясатындагы мындай өзгөрүү, салттык ишенимди жана көчмөн турмушту сактап калууну көздөгөн көчмөн моңгол ак сөөктөрүнүн көпчүлүгүнүн арасында катуу каршылыкты пайда кылган.

Ошол себептен Индиядагы согуш жортуулунан кайтып келгенден кийин Тармаширин жээни Бузан жетектеген көтөрүлүштүн натыйжасында өлтүрүлгөн. Бул төңкөрүш диний негизге ээ болгондой көрүнөт, себеби Бузан дароо Чагатай улусундагы саясий элитанын арасындагы мусулмандарды кырууга киришкен жана бир нече Чыңгыз төрөлөрүн жана бир топ эмирлерди кырып жок кылган. Бирок, Ибн-Баттутанын күбөлүгүнө ылайык, ханзаадалардын бири Халил, эмир-мусульмандарга таянып, Бузанга каршы көтөрүлүш чыгарып, аны туткунга алып, жаанын жиби менен муунтуп өлтүрткөн[2]. Ошентсе да, ислам Чагатай улусунун жашоочуларынын арасында кыйынчылык менен тамыр алган.

Ошентип, Халил хан согуш жортуулуна чыгып кеткенде, мамлекеттин чыгыш тарабындагы көпчүлүгү мусулманчылыкты карманбаган көчмөн элдер, башка ханды, исламдын каршылашы Жанкши ханзааданы тандап

---

[1] *Абусеитова М.Х., Абылхожин Ж.Б., Кляшторный С.Г. и др.* История Казахстана и Центральной Азии. Алматы: Дайк-Пресс, 2001. С. 188.

[2] *Ибрагимов Н.* Ибн Баттута и его путешествия по Средней Азии / Нематулла Ибрагимов. - М.: Наука (Главная редакция восточной литературы), 1988. С. 107-108.

алышкан. Жанкши хан болгондон кийин, өлкөнүн саясий борборун кайрадан Алмалыкка которгон. Ал башкарган мезгилде кайрадан диний сабырдуулук орногон. Ушул мезгилде Алмалыктын айланасында католик миссионерлери чиркөөлөрдү тургузуп, көптөрдү сууга чөмүлдүрүшкөн. Ал түгүл хандын жети жаштагы уулу да, атасынын макулдугу менен Жакан деген ысымды алып, сууга чөмүлдүрүлгөн.

Мындан сырткары Муин ад-дина Натанзинин күбөлүгүнө ылайык, хандын көчмөн резиденциясында көчүрүп алып жүрүүчү бутканалар болгон, ал бардык иштеринде буддист дин кызматчылары менен кеңешип турган[1].

Мындай абал улусту исламдаштырууну жактагандардын ишин жигердүү баштаганга шарт түзгөн. Эки жыл бийлик жүргүзгөндөн кийин 1338-жылы Жанкши, Махмуд ибн Валинин айтымында[2], Йисун-Тимур бир тууганы тарабынан өлтүрүлгөн. Ал эми кийинки жылы эле Йисун-Тимур өзү мусулман Угэдей Али-Султандын урпагы тарабынан тактыдан түшүрүлгөн. Андан кийин Мухаммад жана Казан деген эки хан келген, кыязы ал экөө тең мусулман болгон.

Ошентип, Л.Н. Гумилевтун сөздөрүн келтирүү менен, мындай деп ырастасак болот: «Орто Азияда, б.а Жагатай улусунда бардыгы тескери багытта кеткен. Моңгол бутпарастар, ата-бабалары мындан миң жыл мурун мусулманчылыкты кабыл алган түрк-мусулмандар менен согушта жеңилип калышкан.

XIII кылымда моңголдордун калк арасында жайылтып колдонгон пассионардуулук (этностордун өз ара жигердүү иштешүүсү) жашоочуларга кошумча энергия берген, бирок маданиятка да, этникалык үстөмдүккө да таасирин тийгизе алган эмес. Самарканд, Бухара, Мерв, Балх жана Хорезмдин жашоочулары бир топ күчкө толуп, жигердүү болуп калышкан, бирок моңголдорго жана кыпчактарга айланып калган эмес»[3].

Бирок Чагатай улусунда саясий элитанын исламдаштырууну жактоочулары менен каршылаштарынын ортосундагы тынымсыз күрөш

---

[1] *Абусеитова М.Х., Абылхожин Ж.Б., Кляшторный С.Г. и др.* История Казахстана и Центральной Азии. С. 190–191.

[2] *Махмуд ибн Вали.* Море тайн относительно доблестей благородных: (География) / Махмуд ибн Вали ; Введ., пер., примеч., указ. Б.А. Ахмедова; АН УзССР, Ин-т востоковедения им. Абу Райхана Беруни. - Ташкент: Фан, 1977. - 167 с.

[3] *Гумилев Л.Н.* Древняя Русь и Великая степь. М.: Мысль, 1992. С. 588.

мамлекеттин күчүн жана биримдигин алсыраткан. XIV кылымдын ортосунда бул бөлүнүүгө алып келген. 1347-жылы Казан-хан козголоңчу көчмөн ак сөөктөр менен күрөшүүдө курман болгон. Ал өлгөндөн кийин Чагатай ири мамлекети батыш жана чыгыш – эки мамлекетке бөлүнүп кеткен. Жетисуу жана Чыгыш Түркестанды камтыган чыгыш аймакта Могулистан деген мамлекет пайда болгон, ал жерде жергиликтүү эмирлер тактыга Чыңгызхандын тукумунан Туглук-Тимурду отургузушкан. Мурунку улустун батыш жагында Мавераннахрда, Чагатай тукуму үстөмдүк бийлигин жоготкон, ал эми бийлик түрк-моңгол бектеринин (эмирлеринин) колуна өткөн. Чагатай улусу бөлүнүп кеткенден кийин Мавераннахр менен Могулистандын ортосунда тынымсыз согуштар болуп турган.

Борбордук Азиянын түндүк бөлүгү Жучу улусуна кирген, ал Батыйдын согуш жортуулдарынын натыйжасында Чыңгызхандын улуу уулунун атынан ушундай аталып калган. Кийинчерээк, Алтын Ордо жаралганга чейин, бул регион жаңы түзүлгөн мамлекеттин карамагына кирген. Башында ал Чыңгыз хан тарабынан негизделген Моңгол империясына баш ийген, бирок Менги-Тимур хандын (1266–1282-жж.) доорунда толугу менен өз алдынча мамлекет болуп калган.

Көчмөндөрдүн арасында исламды жайылтуу алтынордо хандарынын бири, эң биринчилерден болуп исламды кабыл алган Берке хандын учурунда эле башталган (1255–1266-жж.). Ошентсе да, XIV кылымдын башына чейин Алтын Ордодо, Чагатай улусундагыдай эле диний ар түрдүүлүк жана сабырдуулук байкалып, ислам көптөгөн башка диндердин бири катары каралган. Бирок 1312-жылы Менгу-Тимурдун небереси Узбек ханзаада, салттык моңгол динин карманган акыркы хан Токтуну уулантып өлтүрткөн жана исламды Алтын Ордонун расмий дини катары жарыялаган. Албетте, Чагатай улусундагыдай эле бул жерде да саясий элитанын исламды киргизгени ар түрдүү маанайларды жараткан. Бектердин айрымдары: «Сен бизден моюн сунууну жана баш ийүүнү күт, бирок биздин ишенимибиз менен эмне ишиң бар, биз Чыңгызхандын мыйзамын жана ясакты таштап, кантип арабадардын динине өтүп кетмек элек», – деген[1]. Ошондон кийин исламды кабыл алууга каршы чыккан 120 ханзаада жана нойон (аскер башчы) өлтүрүлгөн.

---

[1] *Тизенгаузен В.Г.* Сборник материалов, относящихся к истории Золотой Орды. СПб., 1884. Т. II. С. 197.

Окуялардын ушундай өңүттөн өнүгүүсү, ички саясий интригалардын пайда болуусуна гана эмес, башкаруучу бийлик менен калың көчмөн элдин ортосунда бирдей идеологияны куруу жана өз ара туруктуу мамилени колдоо кызыкчылыгынын пайда болуусуна өбөлгө түзгөн. Алтын Ордонун башчылары исламдын күчүн кандайдыр бир сырткы саясий мамилелерди чечүү үчүн да колдонушкан. Дал ушул диний сабырдуулук Египеттин мамлюк султандары менен Хулаг мамлекетине каршы аскердик биримдик түзүүгө жол берген. Расми түрдө Алтын Ордонун хандары Хулаг мамлекетинин ильхандарын чыныгы ишенүүчүлөрдү кысымга алганына жана мусулман ыйык жайларын кордогонуна айыптаган. Иш жүзүндө алардын тирешүүсүнүн себептери саясий атаандаштык болгон. Бирок кандай жол менен болсо да, ислам бүткүл аймактагы эл аралык саясаттын ажырагыс бөлүгү болуп калган.

Хан Өзбек отуз жыл бийлик жүргүзгөн мезгилде (1312–1342-жж.) ислам үстөмдүк кылуучу абалды ээлеген, жергиликтүү маданият толугу менен мусулманчылык мүнөзгө ээ болгон, ал эми шамандар жана ламалар куугунтукка алынган. Араб географы жана тарыхчысы Аль-Омари мындай деп жазган: «Өзбек-хан ал жерде (Сарайда) илимге жана элге берилгендиктен медресе курган. Ал динчилдигин ачык көрсөткөн жана мусулманчылык мыйзамдарды бекем карманган, эң таза мусулманчылыктын жолдоочусу»[1]. Ушул мезгилде Алтын Ордонун борбор шаарында жана башка шаарлардын борборлорунда көптөгөн мечиттер жана ар түрдү диний-кайрымдуулук уюмдары курулган.

XIV кылымдын биринчи жарымындагы саякатчылардын бири Ибн Баттута[2] Алтын Ордонун кээ бир шаарларында ар түрлүү улуттардагы факирлер жана дервиштер, ошондой эле жергиликтүү түрктөр жашаган атайын турак-жайлар жөнүндө маалымат берет.

Ислам даватчыларынын жана таратуучуларынын арасында эң көрүнүктүү орунду XIV–XV кылымдарда Бухаранын, өзгөчө Хорезмдин дин кызматчылары ээлеген. Мусулманчылык диний пропагандасы кеңири тараганын XIV кылымда Алтын Ордодо түзүлгөн азыркы учурда Алтын Ордо жазууларынын саналуу эстеликтеринин бири «Тафсир»

---

[1] *Аль-Омари.* Пути взоров по государствам с крупными городами. Цит. по: Мусульманский мир. Средние века. Новое время. Очерки исламской истории и культуры. С. 75.

[2] *Ибрагимов Н.* Ибн Баттута и его путешествия по Средней Азии / Нематулла Ибрагимов. - М.: Наука (Главная редакция восточной литературы), 1988. С. 125-127.

(Курандын түрк тилинде чечмелөөсү) жана XV кылымда Абулхайр хандын тапшырмасы боюнча XIII кылымдагы суфий башчыларынын бири Жалал-ад-Дин Руминин «Маснави» деген чыгармасына жазылган түшүндүрмө күбөлөндүрөт[1].

Бирок, кыязы ислам биринчи кезекте талаалуу аймактагы коомчулукка бийлик жүргүзгөн башчылардын арасында тараган, ал эми жашоочулардын көпчүлүгү жаңы динди формалдуу түрдө кабыл алган жана мурунку ишенимдерин кармануусун уланткан. Тимурдун өз чыгармасын XV кылымдын биринчи жарымында жазган тарыхчыларынын бири Ибн Арабшах, Алтын Ордонун кээ бир көчмөндөрү дагы деле буттарга табынарын ырастаган[2].

Ошентсе да, мындан ары Алтын Ордонун ар бир ханы өзүнүн жеке түрк атынан сырткары араб атын да алып жүргөн. Ошентип тыйындар боюнча, Жанибек – Султан Жалал Ад-Дин Махмуд, Бердибек – Султан Мухаммад, Тохтамыш – Султан Насир Ад-Дин ж.б. ушундай аттарга ээ болгон. Хандын айланасындагылардан кийин Борбордук Азиянын талаалуу аймактарындагы феодал ак сөөктөр да исламды кабыл алышкан. Өз кезегинде алар жаңы динди катардагы көчмөндөрдүн арасында тарата баштаган. Натыйжада ар кандай деңгээлде болсо да түгөлү менен Борбордук Азия исламдаштырылган.

Моңголдор бийлик кылган мезгилде Борбордук Азияда, өзгөчө аймактын түштүгүндө арабдардын саясий гегемониясынын (кандайдыр бир саясий күчтүн үстөмдүк кылуусу) астында түзүлгөн диний факторлордун мүнөзү өзгөргөн. Ошого жараша, ханафит улемдеринин коомдук-диний процесстерге таасири алсырай баштаган.

Ханафиттердин саясий алсыраганы илимий тармакка да таасирин тийгизген. Алгач аймакта фетваларды чыгаруу, андан кийин фетвалардын жыйнактарын жана оригиналдуу чыгармаларын түзүү токтогон. Автордук окуп берүүлөр (имла) жөн гана китептерди көчүрүп жазуу менен алмашкан. XIII–XIV кылымдардын аралыгында аймактагы фикха окуу жайынын акырындап өчүүсү убакыттын өтүшү менен фикха коомдун жашоосундагы кылдат өзгөрүүлөрдү эске алган илимден, схоластикага айланган.

---

[1] *Иванов П.П.* Очерки по истории Средней Азии. М.: Изд-во Восточной литературы, 1958. С. 49–50.

[2] *Ибн Арабшах.* История Амира Тимура. Ташкент: Институт истории народов Средней Азии имени Махпират. – 2007. URL: https://www.sites.google.com/site/shekitarixi/ibn-arabsah.

Коомдук турмуштун жаңы шарттарында «айылдык дин кызматчыларынын» көчмөндөрдүн арасында, салттуу түрдө күчтүү таасирге ээ болгон харизмат шейхтердин ролу жогорулай баштаган. Убакыттын өтүшү менен улемдердин жаңы тобунун жөрөлгөлөрүн салтташтыруу муктаждыгы пайда болгон. Жаңы мазмун үчүн эң ыңгайлуу форма суфий окутуусу болуп калган. Шаардын чачыранды катмарлары – көпөстөрдүн уюмдары, чакан кесиптик топтор, азчылыктар – жаңыдан түзүлгөн суфийлик бир туугандардын коомдук жана диний ишмердиги аркылуу өз кызыкчылыктарын билдире башташкан.

Моңголдор бийлик кылган дал ушул мезгилде; Борбордук Азиянын белгилүү суфийлери Хожа Ариф Ревгари ибн Исмаил, Азизан Али ар-Ромитани, Мухаммад Баба ас-Самаси, Амир Сейд Кулал аль-Бухари жана албетте Мухаммад Бахаутдин Накшбанди өз эмгектерин жазганы таң калыштуу эмес. Ошол эле учурда факихтер кади, шейх уль-ислам кызматтарына дайындалып, медреселерде окутушкан. Бирок алар коомдук-саясий тармактарда пассивдүү болушкан. Фикхада суроолорду талкуулоо мурункудай коомдук мааниге ээ болгон эмес. Ошол себептен мындан ары бийликтен шариаттын көрсөтмөлөрүн аткарууну факихтер эмес, шаардык чөйрөдө кеңири коомдук таасирге жана колдоого ээ болуп жаткан суфий шейхтери талап кылышкан[1].

Каралып жаткан мезгилде Борбордук Азияда исламдын тамырланышы башка ишенимдерди түртүп чыгаруу жана салттуу үрп-адаттарды кысымга алуу аркылуу гана болгон эмес. Көбүнчө анын жергиликтүү чөйрөгө катмарлануусу жана аймактын элдеринин руханий турмушу негизделген бардык нерсенин өзгөрүшү болгон. Бул татаал жана узак процесстин жүрүшүндө ислам Борбордук Азияга гана мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ эле. Ислам баалуулуктары менен таанышуу белгилүү шарттардан улам шаарларда жана ири калктуу конуштарда зор ийгиликке жеткен. Самарканд, Ташкент, Бухара, Хива, Түркестан диний жашоонун борбору болгон, ал шаарларда мечиттер ачылып медреселер салынган.

Талаалуу аймактарда жашаган көчмөндөр исламдын элементтерин баштапкы көнгөн түшүнүктөрү менен айкалыштырып, андан үстүртөн таасир алган. XV кылымдын башында Алтын Ордонун чыныгы башчысы аскер башчы Едигей исламды талаалуу аймактагы калың көчмөн элине

---

[1] *Камилов М., Рахимжанов Д.* Ислам в монгольский период. URL: http://istorik.uz/index.php?option=com_content&view=article&id=296:islam-v-mongolskiy_-period&catid=28:islam&Itemid=8.

күчтөп киргизүү аракетин көргөн. Бирок бул Улуу Талаа аймагында мусулманчылык туура ишенимдин абсолюттук салтанат куруусуна алып келген эмес. Кыпчактардын биримдигинин этникалык өзөгү катары казактар, ата-бабаларынын арбактарына табынууну улантып, ислам үрп-адаттары менен бирге бутпарастардыкын да урматташкан[1].

***Жыйынтык.*** *Моңгол бийлигинин убагында ислам ураандары саясий, коомдук жана улуттук-боштондук күрөштөрүндө кеңири колдонулган, ал эми ислам дини эки моңгол мамлекетинде тең – түштүктө Чагатай улусунда жана түндүктө Алтын Ордодо (Жучу улусунда) расмий мамлекеттик дин болуп жарыялангандан кийин саясатка өтө жигердүү таасир тийгизген.*

*Бул күтүлбөгөн нерсе болсо да, моңголдор бийлик жүргүзгөн дал ушул мезгилде бүткүл аймактын толук жана кайтарылгыс исламдашуусу болгон. Өзгөчө бул Борбордук Азиянын түндүктөгү талаалуу аймактарында айкын байкалат, ал жерде ислам көбүнчөсү Алтын Ордо хандарынын саясатынан улам киргизилген. Бирок бул мезгилде расмий дин кызматчыларынын саясий абалы алсырап, суфий ордендеринин, өзгөчө Борбордук Азияда пайда болгон Накшбандия жана Кубравия тарикаттары өсүп-өнүккөн.*

**Параграфтын суроолору:**

1.Моңголдордун Борбордук Азияны басып алуусу бул аймактагы исламдын позицияларына кандай таасирин тийгизген?

2.Кандай козголоңду исламды коргоо мүнөздөмөсүнө ээ десе болот?

3.Моңгол хандарынын арасынан биринчилерден болуп Чагатай улусунда ким исламды кабыл алган?

4.Алтын Ордого кирген Борбордук Азиянын түндүк аймактарында исламдашуу кандай жол менен өткөн?

5.Эмне үчүн моңголдор бийлик жүргүзгөн мезгилде Борбордук Азияда суфизмдин позициялары күчөгөн?

[1] *Жумалы Р.* Ислам в Центральной Азии. URL: https://www.exclusive.kz/expertiza/antresoli/9965/.

## 1.6. XIV–XV кылымдарда Тимур (Темирлан) жана Тимурдун тукумдары бийлик жүргүзгөн мезгилде исламдын ролу

XIV кылымдын 60-жылдарында Мавераннахрдын көчмөн феодалдарынын арасынан өлкөдөгү бийликке эки талапкер чыккан, алар; Балх менен Самаркандды башкаруучу Хусейн жана түрктөшкөн моңгол уруусу барластан келип чыккан Тимур (Темирлан).

Тимур 1336-жылы төрөлгөн, ал ак сөөк, бирок бай эмес бектин уулу болгон. Ал өтө мыкты уюштуруучу жана аскердик жөндөмдөргө ээ болчу. Атак-даңкты сүйүүчү, эрки күчтүү жана принциптерди карманбаган, бардык жолдор менен бийликке жетүүгө умтулган. Ал Хусейндин карындашына үйлөнүп, аны менен биримдик түзгөн. Бир учурда Тимур Мавераннахрды басып алган могулистан ханына кызмат кылган, бирок бийликтегилерге жагымсыз болуп калгандан кийин качууга аргасыз болгон[1].

XIV кылымдын 70-жылдарынын башында Тимур Мавераннахр жерлеринин баарын багындырып, ал жерде күчтүү мамлекет негиздеп, Самаркандды борбор шаар кылган. Ушул мезгилде ислам саясий максатта дагы көбүрөөк колдонула баштаган. Аны «Аллахтын даңкы үчүн» согуш жоортулдарын жана төңкөрүштөрдү жасаган саясий элиталар да, карапайым калк да колдонгон. Түрк-моңгол башчылары менен күрөштө диний ураандардын колдонулганын Самаркандда 1366-жылы сербердарлардын көтөрүлүшөн көрөбүз. Көтөрүшчүлөр мусулман укугуна (шариатка) негизделбеген бардык салыктарды жокко чыгарууга аракет кылышкан.  Айта кетчү нерсе, анын аймактагы үч жетекчисинин бири студент Маулан-задэ болгон.

Тимур анын алдында турган эң маанилүү маселе – бытырандуулукту жок кылуу жана өз алдынча ээликтерди бир мамлекетке бириктирүү экенин эң сонун түшүнгөн. Ушул процессте ал өз кезегинде исламга жана мусулман дин кызматчыларына таянууну чечкен.

1370-жылы Тимур жаңы эле багындырылган Балхта болуп турган кезде ага Термезден белгилүү бир тууган шейхтер Абу-л-Маали жана Али Акбар келген. Бул жолугушуу ислам дин кызматчыларынын өкүлдөрү менен бекем байланыштын башталышы болгон. Сеиддер Тимурдун падышачылыгынын акырына чейин мамлекеттеги таасирдүү адамдардан

---

[1] Всемирная история. Т. III. С. 571.

болуп кала берген. Бирок ошентсе да алардын көз карашы боюнча мусулман дин кызматчыларынын өкүлдөрү жетиштүү бийликке ээ болушкан эмес. Ушуга байланыштуу алардын өкүлдөрү 1371-жылы Тимурга каршы кутумга катышышкан. Ага самарканддык шейх Абу-л-Лейс термездик Сеид Абу-л-Маали да катышкан. Кутум ийгиликсиз болгон, бирок Тимур ага катышкан дин кызматчыларынын өкүлдөрүнө ырайым кылган. Шейхти Меккага коё беришкен, ал эми Сеид мамлекеттен кубаланган, бирок көп өтпөй кечирилген жана 1372-жылы эле Тимурдун Хорезмге каршы согуш жортуулуна катышкан[1]. Тимур бийлик кылган мезгилде ислам көп учурда саясий максаттарда жана эл аралык мамилелер тармагында колдонулуп келген. Ошентип, XV кылымдын башында Тимурдун ири мамлекети менен Мин империясынын ортосунда чыңалуу пайда болот.

1404–1405-жылдардын кышында Тимурдун буйругу боюнча Сырдарыядагы Отрар шаарынын алдында Кытайга каршы согуш жортуулуна чыгуу үчүн чоң аскер күчтөрү топтоло баштайт. Согушка шылтоо катары ал Кытайдын Орто азия көпөстөрүнө – мусулмандарга көрсөткөн кысымды жана ал жактагы мусулмандарды куугунтуктоону айткан[2].

Р.Н. Безертдиновдун оюу боюнча башка жортуулдарда да, «Тимурдун аскерлеринин артынан анын бардык иш-чараларын колдоп, актаган көптөгөн молдолор, муфтийлер, Мухаммеддин тукумунан чыккандар жана дервиштер жүргөн. Тимур да адаттагыдай өз каалоосу менен алардын макулдугун сурап турган»[3]. Айта кетчү нерсе, Тимур суфий устаттары менен тыгыз байланыш түзгөн Борбордук Азиядагы эң алгачкы башчы. Анын биринчи рухий окутуучусу, атасынын устаты – суфий шейхи Шамсаддин Кулял болгон. Ошондой эле, хорасандын башкы шейхтеринин бири Зайнуддин Абу Бакр Тайбади жана Накшбандия тарикатынын көрүнүктүү ишмери карапачы – Шамсуддин Фахури.

Ал эми Тимурдун эң башкы руханий устаты Мухаммед пайгамбардын урпагы Мир Сейид Береке болгон. Дал ушул адам 1370-жылы Тимурду эң жогорку эмир деп жарыялаганда жаңы башчыга добулбас менен тууну тапшырган. Бийликтин бул символдорун тапшырып жатып, Мир Сейид Береке аны улуу келечек күтүп турганын алдын ала айткан. Ал Тимурду

[1] *Безертинов Р.Н.* Татары, тюрки – потрясатели вселенной. С. 469.
[2] Всемирная история. Т. III. С. 574.
[3] *Безертинов Р.Н.* Татары, тюрки – потрясатели вселенной. С. 486.

чоң согуш жортуулдарында коштоп жүргөн. 1391-жылы шейх ага Тохтамыш менен салгылашуунун алдында батасын берген. 1403-жылы алар күтүлбөгөн жерден каза болуп калган такты мураскору Мухаммад-Султанды жоктоп ыйлашкан. Мир Сейид Береке, Гур Эмир мавзолейинде көргө коюлган, анын бут жагында Тимурдун өзүн да көргө коюшкан.

Тимурдун дагы бир устаты суфий шейхи Бурхан ад-дина Сагардж жана анын уулу Абу Саид болгон. Тимур алардын көрүстөндөрүнүн үстүнө Рухабад мавзолейин курууну буйруган. Тохтамышка каршы жеңиштүү согуш жортуулунан кийин Тимур XII кылымда жашаган суфий ыйыгы Ахмад Ясавинин эбегейсиз чоң мавзолейин курууга киришкен. Анын тушунда ислам менен байланыштуу дага башка архитектуралык эстеликтер курулган.

Бул мезгилдеги ислам архитектурасынын эстеликтери монументалдык формалары менен, тактап айтканда бийик порталдары жана куполдору, ошондой эле кооз жасалгалары менен айырмаланат. XIV кылымга байыркы Ургенчтин, 60 метр бийик минарети, Наджм-ад-дина Кубра жана Султан Алинин мавзолейи, ошондой эле борбордук азия архитектурасынын шедеврлеринин бири – сырты он эки жактуу жана ички жагы алты кырдуу призма түрүндө курулган, четтери терең арка сымал ланцеттик уячалары бар абдан кооз Тюрабек-ханымдын мавзолейи таандык. Ич жагынан бул имараттын куполу укмуштуудай чеберчилик менен жасалган мозаика шыбы менен кооздолгон.

Тимурдун тушунда Самарканддын Шах-и-Зинда архитектуралык комплексинде абдан кооз мозаикалык композициялар менен жасалгаланган бир нече мавзолейлер, арка порталдары жана ойулуп чиймеленген көк куполу бар укмуштуудай кооз Бибиханым мечити, жогоруда айтылып кеткен Тимурдун тукумунан Гур Эмирдин күмбөз-мечити салынган. Бул эстеликтердин куполдоруна жана фасаддарына айнектелген ар түрдүү плиткалардан мозаикалар кооздолуп түшүрүлгөн. Бул эстеликтердин бардыгы укмуштуудай чеберчилиги менен айырмаланат. Тимурдун буйругу боюнча мечит жана медреселер да салынган. Ар бир тармакка ал такыбаа адамдардын билимине жана таалим-тарбиясына көз салып, кам көргөн белгилүү ислам аалымдарын дайындаган. Ал өзүнүн бардык согуштарын динди таратуу максаты менен түшүндүргөн.

«Тимурдун кодексинде» жазылган Тимурдун өзүнүн сөздөрү боюнча, Тимур диндин өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн, мусулман мамлекеттеринде

шариаттын бекемдөөсүнө кол кабыш кылган. Тимур ислам динин таратып жатканы ак сөөктөргө жана карапайым калкка жеткенде, мусулман улемдери кийинки фетваны чыгарышкан: «Жүз жыл сайын Алла-Таала өзүн Мухамеддин динин өнүктүрүп, жаңыртууга арнаган адамды тургузат. Кудайдын ырайымы жана батасы анын үстүндө болсун! Бул сегизинчи кылымда исламды жер жүзүндөгү жашоочулардын арасында Амир Сахибкиран таратты (Тамерланды ушундай аташкан – *А.Б.*). Демек, [ушул кылымда] Амир Темур ишенимди жаңыртуучу болуп эсептелет»[1].

Бирок, академик В.В. Бартольд мындай дейт: «Тимур астрологияны кабыл албаган, Куранга негизделген төлгөнү тандаган, берилген мусулман болсо да, көпчүлүк учурда дин анын иш-аракеттерин аныктаган негиз болгонго караганда, саясий максаттарына жетүү үчүн курал болгон. Ошол эле Тимур Сирияда Алини жана анын урпактарын коргогон, (натыйжада сириялыктар аны ынталуу шиит деп эсептешкен), Хорасанда суннит агымын калыбына келтирген, Мазендаранда болсо шиит дервиштерин Пайгамбардын шериктерине тил тийгизгени үчүн жазалаган. Мусулман теологдору мындай башкаруучу менен сүйлөшкөндө ар дайым тузактан корккону таң калыштуу эмес»[2].

1405-жылы Тимур каза болгондон кийин жарандык согуш башталган. Мавераннахрда бийликти анын небереси Халиль-Султан басып алган (1405–1409-жж.), ал эми Хорасанда бир нече кагылышуудан кийин бийлик Тимурдун кичүү уулу – Шахрухка өткөн. 1409-жылы Халиль-Султанды талкалагандан кийин тимурид аскер башчылары Мавераннахрда бийликти Шахрухка өткөрүп беришкен.

Шахрух бийлик жүргүзгөн мезгилде мусулманчылык идеология менен моңголдордүн талаа-аймактык үрп-адаттарынын каршылыгында түп-тамырынан өзгөрүү болгон. Расмий документтерде Чыңгызхандын көрсөтмөлөрү жана мыйзамдары жоюлуп, шариат гана күчкө ээ экени айтылган[3]. Шахрух мамлекеттин борбор шаарын Герат кылып, Хорасандан

---

[1] Уложение Тимура: пер. Х. Кароматова. Ташкент: Изд. лит. и искусства им. Гафура Гуляма, 1999. С. 73–74.

[2] *Бартольд В.В.* Сочинения. М: Изд-во Восточной литературы, 1964. Т. II, ч. II. С. 47.

[3] *Абусеитова М.Х., Абылхожин Ж.Б., Кляшторный С.Г. и др*. История Казахстана и Центральной Азии. С. 209.

бийлик жүргүзүүнү чечкен, ал эми Мавераннахр анын уулу Улугбекке өткөрүлүп берилген (1409–1449-жж).

Улугбек Борбордук Азиядагы мамлекеттерде тактыда отургандардын ичинен тарыхта биринчи жолу мусулман окумуштуусу катары белгилүү болгон. Ал ар түрдүү илимдерди изилдеген, бирок өзгөчө астрономия жаатында зор ийгиликтерге жеткен.

Өзү курган обсерваторияда байкоолорду жүргүзүп, «Гурган астрономиялык таблицаларын» түзгөн, ошол мезгилде ал эң мыкты таблица деп эсептелген. Улугбектин токтомунун негизинде Бухарада, Самаркандда жана Гиждуванда үч атактуу мечит салынган. Бухара медресеси 1417-жылы салынган, ал бүгүнкү күнгө чейин сакталып турат. Анын дарбазасында терең маңыздуу жазуу жазылган: «Билимге умтулуу ар бир эркек жана аял мусулмандын милдети болуп саналат».

Экинчи медресе 1417–1420-жылдарда Самарканддын борборунда Регистан аянтында курулган. Ал орто кылымдагы Чыгыштын эң мыкты курулушу, алгач ал элүү кичине бөлмөдөн жана эки окуу залынан турган. Анда жүздөн ашык студенттер окуган. Гиждуванда медресе 1433-жылы салынган.

Бул окуу жайларды ошол мезгилдеги университеттер десе болот. Аларда: тафсир, хадис, фикх сыяктуу рухий сабактар менен бирге астрономия, математика, геометрия, медицина, география, поэтика, араб тили жана тарых сабактарын окутушкан.

XV кылымда мусулман архитектурасы өнүгүүсүн улантат. Бул мезгилдеги эстеликтердин ичинен, эң сонун архитектурасы жана мозаикасы менен айырмаланган жогоруда айтылган медреселерден сырткары, Бухарадагы шейх Сейф-ад-дин Бахарзинин мечити, азыркы Ашхабаддын жанындагы Анау мечити жана Самаркандда Ишрат-хандын мавзолейин белгилей кетсе болот.

Улугбектин иш-аракеттери мусулман дин кызматчыларынын арасында сынды пайда кылган. Шариатты жактоочуларды Самаркандда шарап, музыка жана ырлар кадыресе нерсе болгону кыжырданткан. Улугбек өзү дин кызматчыларына, суфизмге жана дервиш ордендерине кастык менен мамиле кылган, ошону менен алардын жек көрүүсүнө кабылган. 1449-жылы алардын колдоосу менен Улугбектин уулу Абд ал-Латиф хан сарайда төңкөрүш жасап, атасын тактыдан түшүрүп, андан кийин ага жалданган адам өлтүрүүчүлөрдү жиберген.

Атасынан айырмаланып, Абд ал-Латиф «Кудайдын адамдарына», б.а.

дервиштерге, чоң урмат менен мамиле кылган. Собордук мечитте жума күндөрү хутбаны биринчи халифтердин тушундагыдай эле мамлекет башчысы өзү окуган. Расмий дин кызматчыларынын консервативдүү бөлүгү Абд ал-Латифтин чыныгы колдоосуна ээ болушкан.

Бирок бул Улугбекти өзүнүн нөкөрлөрү уюштурган кутумдан сактап кала алган эмес, нукерлер атасын өлтүрткөн адамдан өч алууну өзүнүн милдети деп эсептеген. Абд ал-Латиф Самарканддын четинде кутумду уюштуруучулар тарабынан өлтүрүлгөн, анын ордуна Улугбекти тууроо үчүн мирза Абдулла тактыга отургузулган[1]. Бул ислам дин кызматчыларынын таасирдүү борбору Бухарада нааразычылыкты жараткан.

Бухаранын даругасы жана казысы мамлекетти башкарууга өзүнүн талапкери – Тимурид Абу Сеидди алып чыгышкан. Абу Сеид Алтын Ордо татарларына таянган кыска согушта, Абдулла өлтүрүлгөн. Ошентип Абу Сеиддин он жети жылдык башкаруусу башталган (1452–1469-жж.). Абу Сеиддин тушунда суфий шейхтеринин таасири күчөгөн. Алардын арасынан Абу Сеид тарабынан Ташкенттен чакырылган суфий орденинин башсычы, көпчүлүккө  Кожо Ахрари деген ат менен белгилүү болгон Накшбандия Убайдулла аль-Ахрари өзгөчө  атактуу болгон. Шариаттын жана суфизмдин ышкыбозу Кожо Ахрари кадимки «эшен» эле. Ошол эле учурда совет адабияты аны эң ири феодал катары мүнөздөгөн. Абу Сеид көз жумгандан кийин Тимурид мамлекети, башында тимуриддердин династиясынын эки бутагынын өкүлдөрү турган эки султанатка бөлүнүп кеткен. Алардын бири Хорасанда жана Афганистанда, башкасы – Мавераннахрда болгон. Мавераннахрда акыркы тимурид султандарынын тушунда Кожо Ахраринин таасири ого бете күчөгөн[2].

Шейх Кожо Ахрари; Самарканд, Бухара, Герат, Кабул, ж.б.у.с. аймактын ири шаарларында көптөгөн мечиттерди жана медреселерди салган. Анын өмүр баянын жазган авторлор, бул көрүнүктүү адам ойчул, керемет жасоочу жана жакырлардын колдоочусу гана эмес, дасыккан саясатчы да болгонун айтышат.  Анын улуу замандашы Алишер Навои чечендик менен: «...ал ири мамлекеттерге таң калтырган таасир тийгизүү жөндөмүнө жана башкаруучулар, бийлик башчылары менен сөз менен сүрөттөөгө кыйын болгон жакын мамиле кура алган. Мавераннахрдын

[1] *Безертинов Р.Н.* Татары, тюрки – потрясатели вселенной. С. 500.
[2] Всемирная история. Т. III. С. 575.

башкаруучулары өздөрүн анын мүриддери жана шериктери деп эсептешкен, мындан сырткары Египеттен Индия менен Кытайга чейин көптөгөн бийлик башчылары өздөрүн Кожонун шериктери жана кол алдындагы адамдары катары эсептешкен...», - деп жазат[1].

Ахрар бүткүл Мавераннахр аймагында кулчулук салыкты жоюуга жетишкен. Бирок андан да өтүп Ахрардын көрүнүктүү тынчтык орнотуучу иш-аракеттери эң чоң таасирге ээ болгон. Ал бир нече жолу тимуриддердин ортосундагы бир туугандык согуштарды болтурбай токтото алган. Ошентип 1454-жылы Хорасандын башчысы Абул-Касым Бабур Самаркандды курчап алып Абу Сеид менен беттешкенде ушундай болгон. Экинчи жолу Абдуллатифанын уулу Мухаммад Жуки отурукташкан Абу Сеид, Шахрухияны курчап алганда, 1463-жылы согушту болтурбай токтотуп калган. Акыры 1469-жылы Ахрардын тынчтык орнотуучу катары эң таасирдүү эпизоду, Самарканддын башчысы Султан Ахмаддын көп сандуу аскери Ферганынын башчысы Омара Шейхтин жана Ташкенттин башчысы Султан Махмуддун аскерлери беттешкенде болгон. Алардын 200 миңден ашык адамдан турган аскерлери Ходженттин алдында беттешип турушкан. Кандуу салгылаш каалаган учурда башталып кетиши мүмкүн эле. Бирок ыйык шейх кийлигишип, согушту болтурбай токтоткон; Самарканд, Фергана жана Ташкенттин башчылары элдешип гана тим болбостон, көз жаш менен өкүнүп бири-биринен кечирим сурашкан[2].

XV кылымдын акырында тимуриддердин мамлекетинин ички абалы татаалдаша баштаган. Мавераннахрдын ири шаарларында өз алдынча, бири-бири менен касташкан башчылары пайда болгон, алардын ар бири аскердик колдоо издеп же Могулистандын хандарына, же Борбордук Азиянын түндүк-чыгышындагы көчмөн өзбектердин башчыларына кайрылышкан. Тимуриддер мамлекетинин жарандык кагылыштары жана бытырандылыгы алардын династиясынын кулашына жана Мавераннахр менен Хорасандагы бийликтин Шейбаниддер династиясынын өкүлдөрү башында турган көчмөн өзбектердин колуна өтүшүнө алып келген.

***Жыйынтык.*** *XIV–XV кылымдарда Борбордук Азияда Тимурдун жана тимуриддердин тушунда саясатта исламдын ролу бир топ күчөгөнү*

[1] Цит. по: *Березиков Е.Е.* Святые ислама. С. 157.

[2] *Березиков Е.Е.* Святые ислама. С. 158. См. также: *Кадырова М.* Жития Ходжа Ахрара. Опыт системного анализа по реконструкции биографии Ходжа Ахрара и истории рода Ахраридов. Отв. ред. Б. Бабажанов. Ташкент: IFEAC, 2007. - 110 с.

*байкалат. Бир жагынан башчылар өзүнүн саясий күрөшүндө, өзгөчө согуш жортуулдарында ислам идеяларын, ураандарын жана жүйөлөрүн жигердүү түрдө колдонушкан.*

*Ал эми башка жагынан – расмий мусулман дин кызматчылары да, суфийлер да бул мезгилде жигердүү түрдө саясий процесстерге киришишкен.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Тимурдун саясатына исламдын таасир тийгизгени эмнеден көрүнгөн?
2. Эмне үчүн дин кызматчылары, Улугбекти тактыдан түшүрүүгө кол кабыш кылышкан?
3. Тимуриддердин кимиси ислам факторунун күч алышына эң көп кол кабыш кылган?
4. XIV–XV кылымдарда саясатта суфий шейхтери кандай роль ойногон?

## 1.7. XVI–XVII кылымдарда Бухара менен Хива хандыгынын саясатына исламдын таасири

Шейбаниддер өз атын Жуучунун уулу, Чынгызхандын небереси Шейбани-хандан алышкан. Бул династия Батыш Сибирде Шейбани улусун башкарышкан, бирок ал жерди көпкө кармана алышкан эмес. 1428-жылы Тюмен шаарынан куулган Абулхайыр Шейбанид Ордо-Ичендин улусуна кол салып, Борбордук Азиянын түндүгүндөгү жерлерди, б.а. азыркы Казакстандын территориясын басып алган. Ошондо уруулардын бирикмеси түзүлгөн, аны «өзбек» деп аташкан. Бирок Абулхайыр өлгөндөн кийин бул бирикме тарап кеткен.

XV–XVI кылымдарда Шейбаниддерди Абулхайырдын небереси кайраттуу Мухаммед Шейбани башкарган. 1500-жылы бир катар көчмөн уруулардын башында ал түштүккө көчүп, Самаркандды, Бухараны жана башка бир нече чептерди басып алат. 1501-жылы Самаркандды өзүнүн борбору деп жарыялап, Бухарага иниси Махмуд-Султанды аким кылып дайындаган. 1503-жылдын башында Мухаммед Шейбани Ташкент менен Шахрухияны, 1504-жылдын жазында Ферганаиы багындырган. Ошол эле жылы ал Хорезмге жортуул жасап, 1506-жылы Үргөнчтү ээлеп алган. 1507-жылы Мухаммед Хорасанга кол салган. Герат менен Жамдын жанында акыркы Тимуриддерди талкалап, эбегейсиз чоң империянын

ээси болгон. Балким, анын кыймылы мындан ары да уланмак, бирок буга Сефевиддер аркылуу диний-саясий фактор тоскоол болду.

Сефевиддер династиясы XIII–XV кылымдарда Иранда суфизмдин жана дервиштик ордендердин таралышы менен байланыштуу. Сефевийя ордени түштүк азербайжандык шаар Ардебилде жаралган, ал жерде анын негиздөөчүсү шейх Сефи ад-дин жашаган. Анын уулу Садр ад-диндин тушунда орден имамиттердин салкын мүнөздөгү шииттик агымына кошулуп кеткен. XV кылымда Сефевиддердин негизги таянычы көчмөн түрк уруулары болгон, аларды кийин жалпысынан «кызылбаштар» деп атап коюшкан.

Бул кезде Сефевийя ордени тынч дервиштик бир туугандыктан рухий-аскердик орденге айланып кеткен болчу. «Ишеним үчүн согуш» дегенди шылтоо кылып, Сефевиддер дайыма коңшу территорияларга жортуул жасай башташкан. Ак-Коюнлу өлкөсүн талкалап, Тебриз шаарын алгандан кийин Исмаил Сефевид 1501-жылы Иран деген мамлекетти түзүп, өзүн шах деп атаган.

Ошентип, Сефевиддик Иранда тарыхта биринчи жолу мамлекеттик дин катары шииттик ислам жарыяланган. 1502-жылдан 1509-жылга чейин Исмаилга Хузестан, Курдистан, Гилян, Мазендарандын башкаруучулары баш ийишкен. Бүткүл батыш Иран кызылбаштардын колуна түшкөн, андан кийин алар Хорасанга басып киришип, Шейбаниддер менен кагылышкан.

1504-жылы Мервдин алдындагы кан төгүлгөн согушта Мухаммед Шейбани жана анын бардык өзбек эмирлери курман болушкан. Исмаил Гератты ээлеп алгандан кийин Мухаммед Шейбанинин уулу Тимур-султан менен келишим түзгөн, ага ылайык Амударыянын сол жээгиндеги бардык жерлер Иранга өтүп кеткен.

Бабур Тимурид шейбаниддердин алсырап калышынан пайдаланып, Сефевиддерден жардам алып, Хиссар, Кундуз, Куляб жана Бадахшанды ээлеп алат. 1512-жылы Бабур Самарканды алды. Саясий жактан ага ал жерде бекемделип алганга эч нерсе тоскоол кыла алмак эмес, бирок мында дагы диний фактор өз ролун ойноду. Сефевиддерге берген убадасын аткарыш үчүн Бабур Исмаилдин ысымы менен хутба жарыялаганга буйрук берди, шах жана он эки имамдын ысымдары менен тыйын жасатты.

Бирок Самарканддын жана анын тегерегинде жашаган калктын көпчүлүгү сунниттер болушчу жана алар шииттик жаңы буйруктарды оор

кабыл алышкан. Анын үстүнө Исмаил Иранда сунниттерди куугунтуктап өлтүрүп жатат деген ушак да тараган эле. Дин өкүлдөрүнүн шаардыктарды күч менен шиизмге киргизет экен деген коркутуп-үркүтүүлөрү да чоң роль ойногон.

Калктын каршылык маанайын Шейбаниддерди колдоп жүрүшкөн өзбек эмирлерлери колдонуп кетишти. 1513-жылы алар Мавераннахрга кирип келишип, Бабурдун аскерин талкалашты. Бабур Сефевиддерден жардам сурады, бирок бул аны куткарып кала алган жок. Ал Гератка качты, ал жактан Индияга жортуул жасап, Лахорду ээледи. Кийинчерээк Дели менен Аграны басып алып, Бабур Улуу Моголдордун империясын түптөдү. Анын кетиши менен Тимуриддер династиясы толугу менен Борбордук Азиянын саясий аренасынан кетти жана анын ордун Шейбаниддер бекем ээлеп алышып, 1598-жылга чейин бийликте болушту.

Шейбаниддердин башкаруусу аймактагы маданий-диний бөлүнүүнү билдирген. Биринчи жолу Борбордук Азия Ирандын маданий ареалынан өз алдынча бөлүнүп чыккан. Диний ажырым Борбордук Азияны иран тилдүү дүйнөнүн маданий жетишкендиктерине тааныш болгонго гана эмес, ошол ирандык территория бөлүп турган аркы жактагы араб өлкөлөрү жана Түркия менен карым-катнашына дагы тоскоолдук кылып калды. Ошентип, диний карама-каршылыктар саясий каршылыктарга чейин өсүп чыкты[1].

Шейбаниддер учурунда, Тимуриддер бийликте кезиндегидей эле мусулман дин кызматчылары менен суфий шейхтеринин саясатка жана хандарга күчтүү таасири болгону белгилүү. Мусулманчылык такыбаалыктын идеалдарына шайкеш келет деп Шейбаниддердин ичинен Махмуд Шейбанинин жээни Убайдулла хан саналган. Ал 1533–1540-жылдары такта отурган. Бул башкаруучу бекеринен Муизз ад-дин, «ишенимди даңазалоочу» деген лакап ат алган эмес[2].

Баса, Убайдулла деп аны атасынын рухий насаатчысы болгон бизге белгилүү суфий шейхи Убайдулла Ходжо Ахрардын ысмынан аташкан экен. Ал эми Убайдулла хандын өзүнүн рухий насаатчысы Ходжо Ахрардын шакирти, йемендик шейх Сайид Абдулла ал-Яманий болгон.

---

[1] Международные отношения в Центральной Азии. События и документы. М.: Аспект-пресс, 2011. С. 71–72.

[2] История Казахстана в персидских источниках. Алматы: Дайк-Пресс, 2007. Т. 5. С. 228

Убайдулланын учурунда ордо калаа Самарканддан Бухарага көчкөн. Анын буйругу менен улуу шейх Абдулла Яманийге белек кылып 1530–1536-жылдары Бухарада Мири Араб деген медресе ачылган эле. Ошону менен Бухарада светтик илимдерди берүү толугу менен токтотулган. Мавераннахрдын окумуштууларынын кызыкчылыктары негизинен араб тилин, дин таануу жана мусулман укугун (фикх) үйрөнүү менен эле чектелип калган[1]. Убайдулла хандын буйругу менен Фазлуллах Рузбихан деген окумуштуу «Сулук ал-мулук» деген мамлекетти башкаруу боюнча колдонмону (Падышалардын жүрүм-турум эрежеси) жазып чыккан. Ал жерде саясий бийлик бул абсолюттук муктаждык жана ал диний милдетке барабар деп ачык эле айтылган.

Ошондой эле күч колдонуу жана согуштук кудурет менен башкаруучу болуп калган жетекчи – мыйзамдуу башкаруучу болорун, мусулмандар анын айткандары шариатка каршы келбесе, аткарышы керек экендиги жазылган. Өз кезегинде бийлик ээси дагы шариатты коргогонго аракет кылышы тийиш болгон[2]. Биздин көз карашыбыз боюнча, Рузбихандын идеялары фикхти (мусулман мыйзамын) мамлекеттин кызыкчылыгына ылайыкташтырган жана башкаруучулар аркылуу саясатка таасир берип турган аймактык аалым-уламалардын ошол кездеги макулдашууларын чакылдырып турат деп ойлойбуз.

Убайдулла хан өлгөндөн кийин Шейбаниддердин ортосунда XVI кылымдын аягына чейин созулган жаңжалдар башталат. Бул доордо, XVI кылымдын ортосунда Шейбаниддердин ордосу биротоло Бухарага көчүрүлөт, ошондуктан бул хандыкты Бухара деп атап калышкан.

XVI кылымдын 50-жылдарынын аягында такка өз атасы Искандер-ханды такка отургузган Абдулла-хан Шейбаниддин таасири күчөйт (1561–1583-жж). Атасынын атынан иш кылып, өзүнө аскерлердин кол башчысы милдетин алган Абдулла-хан такка башка мураскорлор менен күрөштү ийгиликтүү аяктап, Бухара хандыгынын чек арасын бир топ кеңейте алган. Ал Фергана өрөөнүн баш ийдирип, Балхты жеңет, ал эми 1576-жылы Ташкент менен Самаркандды ээлеген.

1583-жылы атасы өлгөндөн кийин Абдулла-хан такка отуруп, 1598-жылга чейин башкарган. Хан бийлигин чыңдоо үчүн күрөштө ал эң

[1] Всемирная история. М.: Государственное издательство политической литературы, 1957. Т. IV. С. 589.

[2] Fazl Allah b. Ruzbihan al-Isfahani. Kitab-I Suluk al-muluk: eds. Muhammad Nizamutdin and Muhammad Ghaus. Hyderabad, India, 1966. P. 59.

жогорку мусулман дин кызматчыларынын колдоосуна таянып, ырайымсыздык менен аракет кылып, баш ийбеген тууган-туушкандарын жана ага көз каранды болгон вассалдарын өлтүрүп жок кылган. Шейбаниддердин ээлигиндеги ушундай чаралар менен жетишилген феодалдык бытырандылыкты убактылуу жеңүү, Мавераннахрды бир борбор – Бухаранын тегерегине бириктирүү, өлкөдө орнотулган тынчтык – калктын жашоосунда соода менен экономиканын өнүгүшүнө жагымдуу мүмкүнчүлүктөрдү берди жана исламдын ролунун күчөшүнө алып келди.

Абдулла-хандын аскердик жортуулдары жана саясий иш-аракеттери, өзүнө тартуу максатында казак султандарына марттык менен үлүштүк жерлерди тартуулоосу XVI кылымдын 70–80-жылдары Түштүк Казакстандын аймагына чоң таасирин берген. Бирок 1588-жылы Тевеккель аттуу казак ханы Бухаранын ханы менен вассалдык мамилесин бузуп, ага согуш жарыялаган.

Ошентип, Бухар хандыгы менен казак феодалдарынын XVII кылымдын биринчи жарымына чейин бүтпөгөн узак салгылашуулары башталган.

1584-жылы Абдулла-хан Бадахшанды басып алган, аны али Тимуриддердин династиясынан калгандар башкарып турган эле. Андан кийин Мерв, Герат жана Мешхед шаарларын алды. Ал эми 1593–1594-жылдары Хорезмди баш ийдирди. Ошентип, Бухара хандыгы мусулман дүйнөсүндөгү ири жана күчтүү мамлекетке айланды.

Бирок Абдулла-хандын өлүмүнөн кийин козголоңчулар көп өтпөй эле анын уулун дагы өлтүрүшүп, Шейбаниддер династиясы тарыхта жок болду. Бухара тагына Аштарханиддер келишти (1599–1753-жж). Алар Астраханды Иван Грозныйдын аскери келип басканда качып кетишкен астрахандык хандардын укум-тукумдарынан эле.

XVII кылымдын башында Аштарханиддердин учурунда Бухаранын саясий мааниси өтө эле кескин төмөндөп кеткен.

1598-жылы эле Хорезмдин башкаруучулары кайрадан эгемендүүлүккө ээ болушкан, андан кийин Абдулла-хандын башка дагы көптөгөн ээлеген жерлери жок болгон. Бийлигин кандайдыр бир деңгээлде чыңдап, казак талааларына бир нече ири жортуулдарды жасаган Имамкули-хандан (1611–1642-жж) кийин Мавераннахрда феодалдык бытырандылык кайрадан орногон.

Бухара хандыгынын түзүлүшү менен чогуу эле Хива хандыгы да жаралган болчу. 1505-жылы Тимуриддер башкарган Хорезмди Шейбани-

хан басып алат, ал өлгөндөн бир нече жылдан кийин бул оазиске өз бийлигин кылуу үчүн Шейбанид династиясынан өзбек хандары келишкен.

Бирок алар Мавераннахрдык Шейбаниддерге кастык кылган тукумдан болушкан. Жаңы династиянын негиздөөчүсү Ильбарс эле.

Хорезмге Борбордук Азиянын талаа бөлүгүнөн көчмөн өзбек урууларынын келгенине байланыштуу, бул династиянын өкүлдөрү бекемделип алышып, Ирандын алсырап калганынан пайдаланышып, өз ээликтерине азыркы Түштүк Түркмөнстандын территориясын жана Балхан менен Мангышлак деген түркмөн жерлерин дагы кошуп алышкан. Бирок Хорезм оазисинде хандардын ордосу XVI–XVII кылымдардын биринчи жарымында Вазир, анан Үргөнч, акыры хандыкка жаңы ысым берген Хивак (Хива) шаарлары болгон.

Ильбарстан кийин XVII кылымдын ортосуна чейин феодалдык-уруулук манаптардын ар кыл топторунун ортосунда бийлик үчүн күрөштөр жүрөт. Хорезмдеги ички саясий абал өзбектер менен түркмөн феодалдарынын ортосунда тынбай жүрүп жаткан согуштар менен дагы татаалдашат. XVII кылымда Асфендиар хандын (1623–1643-жж) тушунда түркмөн ак сөөктөрү көбүрөөк таасирге ээ болот. Аларга каршы чыккан өзбек ак сөөктөрү узак күрөштөн кийин акыры такка Абулгази ханды отургузушат (1643–1663-жж), анын бийлиги учурунда хандык бийлик бир аз бекемделип, түркмөн урууларына бир катар жортуул жасалат. Өзгөчө салор уруусун аябай талкалашат.

Хива хандыгынын калкы өз ара этникалык жагынан да, экономикалык, маданий жагынан да айырмаланган үч топтон турган. Шаарлар менен кыштактардын тургундары негизинен оазистин байыркы жашоочулары – хорезмдиктердин тукумдары болушкан, бирок алар көп келгиндер, өзгөчө көчмөн түрктөр менен аралашып кетишкен. Экинчи топту хандыктын батыш жана түштүк бөлүгүндө жашап, малчылык менен оокат кылышкан түркмөн уруулары түзгөн. Ал эми үчүнчү топко Хорезмге Ильбарс хандын тушунда көчүп келген көчмөн өзбектер кирген. Өзбектердин чоң тобу акырындап дыйканчылык кылууга өтө башташкан. Кийинчерээк өзбектер менен хорезмдиктер бир эл болуп калышкан.

Диний жактан  бул топтор айырмаланышкан эмес, анткени баары сунниттик исламды таанышкан. Бирок көчмөн түркмөндөр дайыма эле исламдын окутууларын кармана беришкен эмес. Алсак, Хива хандыктын

бүт калкы исламдын беш парзына кирген зекет беришкен (2,5% мүлкүнөн). Түркмөндөр зекетти малы менен төлөшкөн. XVI кылымдын ортосунда эрсары уруусу хан жиберген кырк салыкчыны кырып салып, зекет төлөөдөн баш тартышат. Буга жооп кылып хан аларга каршы жазалоочу отряд жиберген. Ошондо эрсары уруусу суусуз ээн талаага сүрүлүп, ар бир өлгөн салыкчыга миң койдон деп 40 миң кой төлөгөнгө аргасыз болушкан. Кийин бул оор салык жыл сайын төлөнүүчү салыкка айланган[1].

XVI кылымда жалпысынан Хорезмде маданияттын деңгээли бир топ эле төмөндөгөн, анткени ал жерде Мавераннахрга караганда чарбачылык иштери бошоңдоп, феодалдык бытыранды бөлүнүүчүлүк дагы көбүрөөк эле. Мунун баары суфий башчыларынын кадыр-баркынын күчөшүнө себепкер болду.

XVI–XVII кылымдарда мусулмандардын диний мектептери болгон медреселер жергиликтүү маданий жана саясий жашоодо мурункудай эле чоң роль ойношкон. Шейбаниддер жана алардын мураскорлору Аштарханиддер дагы жогорку диний мектептердин таасирин бекемдөөгө умтулуп, өзгөчө Бухара, Самарканд, Ташкент жана Балхта медресе менен мечиттерге арнап көп жаңы имараттарды курушат. XVI–XVII кылымдарда курулган имараттардын көпчүлүгү бүгүнкү мезгилге чейин сакталып калган. XVI кылымда курулган имараттардан Ташкенттеги Барак-хандын медресесин, Бухарадагы Мир-Араб жумалык чоң мечитин жана медресесин, ошондой эле Абдулла хан курдурган бир катар архитектуралык эстеликтерди, анын ичинде эки бухаралык медресени белгилеп көрсөтсөк болот. Бардык имараттар түстүү плиткалар, көп түстүү сүрөттөр менен кооздолгон жана деталдардын жогорку көркөмдүк менен жасалгаланышы жагынан айырмаланган. XVII кылымдагы ислам архитектурасынын эстеликтеринен эң көрүнүктүүлөрү Бухарадагы хан Абдул-Азиздин медресеси жана Самарканддагы Шир-дар жана Тилля-кары медреселери болуп саналат[2].

***Жыйынтык.*** *XVI–XVII кылымдарда исламдын ири борборлору болуп Мавераннахрдын шаарлары, өзгөчө Самарканд менен Бухара кала берген. Эки жаңы хандык – Бухара жана Хива түзүлгөндөн кийин саясатта ислам фактору өскөнү көрүнүп турат. Аймактын бардык саясий*

[1] Всемирная история. Т. IV. С. 584.
[2] Иванов П.П. Очерки по истории Средней Азии. С. 77.

*субъекттеринин дин кызматчылары саясий процесстерге активдүү катышкан, бирок бул шаарлардын диний чөйрөлөрү менен суфий шейхтери эң активдүү жана ийгиликтүү болгон.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Мавераннахрдагы шейбаниддердин бекемделишинде ислам факторунун ролу кандай?
2. Сефевиддердин аймактагы саясатка тийгизген таасири кандай болгон?
3. Бухара жана Хива хандыктары кандайча пайда болушту?
4. Феодалдык бытырандылык исламдын аймактагы абалына кандай таасир эткен?

## 1.8. XVI–XVII кылымдарда Борбордук Азиянын чыгыш жана түндүк аймактарындагы исламдык фактор

Ислам дининин таасиринин күчөшү менен коштолгон саясий процесстер бул мезгилде Борбордук Азиянын түндүк бөлүгүндө, казак талааларында өттү. Бул каралып жаткан доордо бир эле мезгилде бир нече казак хандыктары жашап турган эле. Касым Хан менен анын уулу Хакк-Назар хандардын бир чоң казак мамлекетин түзүү аракети ийгиликке жеткен эмес. Касым (1511–1520-жж) Ташкент үчүн Шейбаниддер менен күрөш жүргүзүп келген жана өз бийлигин негизинен Түштүк Казахстандын кеңири территориясынын үстүнөн бекемдегенге үлгүргөн.

Бирок ал каза тапкандан кийин хандардын ортосунда өз ара жаңжалдар башталат. Катаал, кара ниет Тагир хандын тушунда (1523–1533-жж) көптөгөн казак уруулары ал ээлик кылган территорияны таштап көчүп кетишкен. Касымдын уулу Хакк-Назар (1538–1580-жж.) ногой феодалдарынын өз ара уруштарынан пайдаланып, бийлигин бекемдеп алганга аракет кылган. Анын башкаруусунун алгачкы жылдары казактар менен кыргыздардын Могулистан хандарына каршы чогуу күрөшү уланган. Бул согуштар ар кандай деңгээлдеги ийгиликтер менен коштолгон. 1560-жылы Хакк-Назар могулистандык Абдур-Рашидден олуттуу жеңилүүгө учурайт, ошондон кийин казак хандары көп мезгилге чейин Жетисуудагы таасиринен ажырап калышат. Бирок көп өтпөй эле Жетисуудагы бийлик Могулистандан ойроттук (жунгарлык) феодалдарга өткөн. Жогоруда эскерилген казактардын Тевеккел ханы (1586–1598-жж) Шейбанид Абдулла-ханга каршы согуштарды жүргүзүп, Борбордук Азиянын түштүк жагындагы Ташкент жана башка шаарларга дагы бир

катар жортуулдарды жасап турган. Ал эми Есим (1598–1628-жж) бухара ханы менен тынчтык келишимин түзгөнгө жетишет. Ошондо Ташкент казак ханына караштуу болуп калган, негизинен бул шаар үчүн казактар менен бухаралыктардын ортосунда дайым согуш жүрүп келген болчу.

Мавераннахрдын байыркы дыйканчылык жана шаардык маданиятынын күчтүү таасиринде калып, акырында отурукташып калган өзбек көчмөндөрүнөн айырмаланып, казак малчылары негизинен көчмөн бойдон калышкан. Казак хандыктарынын калкынын көпчүлүгүн майда малчылар (чарба) түзгөн. Казак жамааттары өз уруу формасын туруктуу түрдө сакташып, көбүнчө уруулук аталыштарын алып жүрүшкөн. Уруулук санжыраларын сакташкан, салттары да туруктуу болгон. Казак аскеринин айрым бөлүктөрү уруулары менен чогулган, алардын ар биринин өзүнүн жоокердик урааны болгон. Мунун баары расмий кабыл алынган ислам менен кошо байыркы шамансттик ишенимдердин сакталышына жол берген. Бул өзгөчө түндүк аймактарда кеңири кездешкен. Анын үстүнө ислам Борбордук Азиянын талаа аймактарына XIV кылымдан баштап гана тарала баштаган эле, демек обьективдүү түрдө ал али байыркы салттык ишенимдерди сүрүп чыгара албайт болчу.

Казак тарыхчыларынын пикири боюнча, казактын салттык ишенимдеринин көрүнүшү катары ошол кезде калк арасында «кут» деп аталган буркандардын сакталып калышын көрсөтсөк болот. Андан тышкары жаз келип кымыз пайда болгондо казактар аны идишке куюп ичер алдында Күнгө жүзүн буруп, чыгышты көздөй бир аз кымызды чачып ийип, анан Күнгө ийилип таазим кылышкан. Бул балким жылкысы оттой турган чөптү өстүрүп жаткан Күнгө ыраазычылык билдирүү болсо керек. Анан туткунга түшкөн мусулмандарды казактар кулга айлантып, аларды каапыр кулдардан эч айырмалашкан эмес[1]. Ошого карабай мусулман дин кызматчылары казак коомунда, өзгөчө ислам бекемделип калган Казакстандын түштүк аймактарында кадыр-баркка ээ болушкан[2].

Ислам кыргыздардын арасында казактардан дагы кечирээк тарала баштаган. Бул диндин жайылышына кыргыздардын феодалдык уруулук төбөлдөрү активдүү жардам беришкен. Алар экономикалык жана саясий жактан коңшу мусулман өлкөлөрү менен байланышта болушуп,

[1] Абусеитова М.Х., Абылхожин Ж.Б., Кляшторный С.Г. и др. История Ка-захстана и Центральной Азии. С. 270.

[2] Всемирная история. Т. IV. С. 585.

мусулман шейхтерине колдоо көрсөтүшкөн. Шейхтер болсо кыргыздарга Фергана жана Тянь-Шанга коңшу башка аймактардан келишкен. Бул шейхтердин айтуусу боюнча XVI кылымдагы кыргыздар али политеисттер болушкан жана буркандарга табынышкан.

Ошого карабай, XVI–XVII кылымдарда Могулистандын элинин арасында, б.а. борбору Яркенд болгон Чыгыш Түркестанда, негизинен кыргыздардын арасында ислам биротоло орноду. Бул процесс суфий ишмерлери шейхтер Махмуд-и-Азам, Лутфаллах жана кожо Исхактын аракети менен болгон[1]. Көп жагынан ага ислам факторунун жана суфий башчыларынын Могулистанда күчөшү жана андан 1514-жылы Яркенд хандыгынын (кийинчерээк Кашгария деп аталган) «Актоолуктар» менен «Каратоолуктардын» ортосунда таймаш кезинде бөлүнүп кетиши себепкер болгон.

1530-жылы Яркенд хандыгынын биринчи ханы Чагатай династиясынан чыккан Султан-Саид-хан (1514–1532-жж) Махмуд Азим деген ат менен белгилүү болгон кожо Хасанини ордосуна чакырган. Кожо өзү бул чакырыкты кабыл албай, эки уулу Имам-Калян менен кожо Исак-Валини Саиддин ордосуна даават кылуу үчүн жиберет. Бул мезгилде хан бийлигинин бедели бир топ төмөн болгон жана мындай шарттарда суфий үгүтчүлөрүнүн таасири күчтүү боло баштаган. Хан Саид өзү дагы дервиш болууну чечкен, бирок эң акыркы учурда баш тарткан. Кожо Хасанинин уулдарынан кийин Кашгарияга башка дервиштер да көбөйүп келе баштаган. Жергиликтүү светтик башкаруучулар аларга ар тараптан колдоо көрсөтүшкөн.

Ошол кезден баштап кожолор чоң таасирге ээ боло баштайт. Хандар аларды көп сыйлашчу, эл болсо терең урматташкан. Махмуд Азим кожонун ар бир уулу жайнаган жолдоочулары, фанат дервиштер, шакирттер жана жөн гана жактоочулары тарабынан курчалып жүргөн. Ошентип, окутуусунун маңызы менен гана эмес, жетекчилеринин жеке инсандык өзгөчөлүктөрү менен дагы айырмаланган эки партия түзүлгөн. Имам-Калянды жолдоочуларды эл «ишкия», кийинчерээк Актаглик («ак тоолуктар») деп аташкан. Ал эми Исак-Вали кожонун жолдоочулары өздөрүн «исакия», кийинчерээк – Каратаглик («кара тоолуктар») дешкен.

[1] Абусеитова М.Х., Абылхожин Ж.Б., Кляшторный С.Г. и др. История Казахстана и Центральной Азии. С. 275.

Ушул эки партия пайда болор менен эле алардын ортосунда атаандаштык, тирешүү жүргөн. Алгач ошол атаандаштык бир гана диний мүнөзгө ээ болчу. Кийинчерээк бүт калк эки жаатка бөлүнгөндө, диний жаңжалга айланып, саясий бийликке умтулуу дагы келип чыккан.

Чохан Валихановдун изилдөөсүнө ылайык, актоолуктар партиясынын башчысы Аппак кожо жунгарлардын жардамы менен Кашгарда 1660-жылы светтик бийликке жетишкенде, мамлекет өзүнүн көз карандысыздыгын жоготуп алган. Жунгарлар сыяктуу эле кытайлар дагы актоолуктар менен каратоолуктардын ортосундагы өз ара жек көрүүнү колдонгонго аракет кылышып, бир жаатты колдоо менен бүт өлкөнү ээлеп алганга жетишкен.

Яркендте Акбаш хан келгенден кийин, Ходжентте жүргөн каратоолук Даниел кожону өзүнө чакырып алган. Кашгар менен Яркендтин ортосунда кан төгүлгөн согуш башталган. Аягында кара тоолуктар жеңип чыккан дагы, бардык светтик бийлик Даниел кожонун колуна топтолот. Ал Кашгарды алуу үчүн калмактардын аскердик күчүн пайдаланган болчу[1].

***Жыйынтык.*** *XVI–XVII кылымдарда ислам Борбордук Азиянын Улуу Талаа кошулган бүт территориясына таралгандыгын белгилесек болот. Бирок анын таасири анын таралышы сыяктуу эле бирдей болгон эмес.*

*Аймактын түндүгүнөн түштүккө чейин таралышында ислам улам күчөп жүрүп отурган. Ошол эле учурда Борбордук Азиянын чыгыш аймактарында биз биринчи жолу шейхтердин колунда светтик бийликтин топтолуш мисалын жана мусулман дин башчыларынын ортосундагы согуштарды көрөбүз.*

**Параграфтын суроолору:**

1. XVI–XVII кылымдарда казактар менен кыргыздар арасында исламдын таралышынын өзгөчөлүктөрү кандай болгон?
2. Суфий шейхтери кайсы мамлекеттерде саясий бийликке ээ болгон?
3. Актаглик (Актоолуктар) менен Каратаглик (Каратоолуктар) согушун мүнөздөп бергиле.

[1] Валиханов Ч. Избранные произведения. М.: Наука, 1986. 420 с.

## 1.9. XVIII кылымда Бухара, Хивин жана Кокон хандыгындагы ислам фактору

XVII кылымдын аягы, XVIII кылымдын башында Борбордук Азияда феодалдык-кландык ак сөөктөрдүн ролу бир топ жогорулаган. Бухара жана Хивин хандыктарында бул борбордук бийликтин алсыроосуна жана чарбанын начарлоосуна алып келген. Бул мамлекеттердин ичинде өз ара феодалдык согуштар он жылдап улана берген. Эки мамлекеттин ортосунда да дайыма согуштар болуп турган. Бухара жана Хивин мамлекеттериндеги абалды Петр I нин элчиси Флорио Беневени кыска, бирок таамай сөздөр менен: «Бардык генералдар бири-бири менен согушуп жатышат»,[1] – деп сүрөттөгөн.

Мындай шарттарда жалпысынан исламдын таасири жана анын ичинде дервиш уюмдарынын башчылары – эшендердин таасири өскөн. Алар кенен жерлерге ээ болуп, зор байлыктарды топтоп, диндин кадыр-баркын колдонуп, чарбаларын эч тоскоолдуксуз өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Уюм башчыларынын байлыгы жана саясий салмагы ушунчалык өскөндүктөн, алар жада калса хандардын саясатына таасир тийгизе алган, ал эми кээде түз эле өздөрүнүн бийлигин орнотуп коюшкан. Ошентип, XVIII кылымда Бухара хандыгынан бөлүнүп кеткен Фергана өрөөнүндө кожолор бир нече ири шаарларды ээлеп алуу менен ушундай кылышкан[2]. Негизинен алар Чадак шаарчасында жашаган дервиштер уюмунун өкүлдөрү болгон, ошол айылда алар көп санда жана ынтымактуу жашаган. Бул дагы бир жолу суфий ордендеринин жигердүү саясий позициясын ачык көрсөтүп турат.

Диний башчылар менен бирге жергиликтүү уруулардын ак сөөктөрү, бийлер Бухаранын көзөмөлүн алсыратууну көздөшкөн. Ханга каршы жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү менен бирге алар кожолордун мамлекет башчысы болуп калуусуна каршылык кылышкан. Болжол менен 1710-жылы минг уруусунан өзүн Чыңгызхандын тукуму атаган Шахрух-бий кожолордун бийлигин кулаткан. Ал түптөгөн жергиликтүү Минг династиясы дээрлик Сырдарыянын бассейинине толугу менен жана

[1] См.: Посланник Петра I на Востоке. Посольство Флорио Беневени в Персию и Бухару в 1718–1725 годах: вступ. ст. В.Г. Воловников; отв. ред. Н.А. Халфин; подгот. текста и коммент. В.Г. Воловников. М.: Наука. Гл. ред. вост. лит., 1986. 159 с.

[2] Всемирная история. М.: Государственное издательство политической литературы, 1958. Т. V. С. 254.

Жетисуунун бир бөлүгүнө ээлик кылышкан. Жаңы түптөлгөн мамлекеттин аты Хоканд (Кокон) болгон, Шахрух-бий аны Орто кылымдарда ушул жерде жайгашкан Хоканд (Хуканд) шаарчасынын ордуна тургузган. Ошол эле учурда Шахрух-бий исламга же суфизмге дегеле каршы болгон эмес, анын үстүнө ал Мухаммед Хаким-хандын аныктамасына ылайык, «акыйкат жолду үйрөтүүнүн баш калкалоочусу Маулана Лутфаллах Чистинин мүриди болгон, ал эми ал өз кезегинде олуялардын султанынын жана тандалгандардын жардамчысы Махдум-и Азаманын муриди болгон»[1].

Албетте, бул эки суфий шейхи XVI кылымда жашап өтүшкөн, ошондуктан алар Шахрух-бийдин түздөн-түз устаты боло алган эмес. Кеп анын ушул атактуу кожолордун окуусуна берилгендигин жана алардын мурасчыларынан билим алганын, б.а. Кокон хандыгын негиздеген окутуучулар жана кеңешчилер да суфий шейхтери болгонун билдирет.

Ошентип, Фергана өрөөнүндө кожолордун бийлигин кулатуу светтик башкаруучулардын диний башчыларга каршы иш-аракетинин негизинде эмес, ар кандай диний бийлик башчыларынын колдоосуна ээ болгон ар түрдүү саясий топтордун күрөшүнүн негизинде болгонун айгинелейт. Муну кийинчерээк Кокон хандыгында исламдын саясий процесстерге тийгизген таасири жогорку деңгээлге ээ болгону ырастайт.

Бирок XVIII кылымда бул таасир баарынан да Бухара хандыгында өзгөчө байкалган (1785-ж. – Бухара эмираты). Ушул мезгилде мурун Бухара хандыгын бүтүн саясий биримдикте кармап турган аз сандагы жана алсыз байланыштар биротоло үзүлгөн. Эми мамлекеттин бөлүнөрү айдан айкын болуп калган. Ферганадан сырткары андан ошондой эле Балх бөлүнүп кеткен, ал жерде кийинчерээк Аштарханид Надир-Мухаммед-хандын тукумдары жана ошондой эле ар башка өзбек ханзаадалары, анын ичинде хивиндер бийлик жүргүзүшкөн. Бадахшанда Ярбектин династиясы башкарып калган. Хорезм кайрадан толугу менен Бухарага көз каранды болбой калды.

XVIII кылымдын экинчи жарымында Бухарадан Ташкент бөлүнүп кеткен, ал жерде кайрадан жергиликтүү суфий кожолорунун бийлигинин алдында көз карандысыз мамлекет түзүү аракеттери көрүлгөн. Ташкенттин ар биринин өзүнүн аскери бар төрт аймагындагы өз ара

[1] *Мухаммад Хаким-хан.* Мунтахаб ат-таварих // Восточная литература. URL: http://vostlit.narod.ru/Texts/rus4/Muhammadhakimhan/text.htm.

кагылышуулар жана шаарга казактардын кол салуусунан дайыма коркуу, ташкенттиктерди расмий эмес таасирдүү дервиш насаатчыларына кайрылып, Жунус кожону өздөрүнүн башчысы кылып тандоого түрткөн. Ал XVI кылымда атактуу ташкенттик шейх Антаурдын (шейх Хавенд-Тахур – таза мырза) тукумдарынын – кожолордун башчысы болгон. Жунус кожо эң оболу шаарды көчмөндөрдүн кол салууларынан коопсуз сактай турган дубал менен курчоону буйруган. Ал ушунчалык ийгиликтүү бийлик жүргүзгөндүктөн, бул мезгилде казактардан бардык кыштактарын тартып алууга жана Ташкент аймагында көчүп жүргөн казактарды баш ийдирип алууга мүмкүн болгон.

Бухаранын өзүндө саясий кризис Аштарханиддер династиясынан акыркы Абулфейз хан башкарып туган учурда өтө курч мүнөзгө ээ болгон (1711–1747-жж.). Эркинин алсыздыгы жана аракечтикке жакындыгы менен белгилүү болгон хандын бедели кол алдындагылардын жана тегеректеги башчылардын алдында өтө төмөн эле. Анын тушунда мангыт уруусунан Мухаммед-Хаким-бий бийликти толугу өз колуна алганы таң калыштуу эмес. Бул мезгилде бири-бирине каршы сүйлөшүүлөр жана өз ара согуштар кадимки нерсе болуп калган.

Хандын каршылаштарынын бири Раджаб, көчмөн казактарга басылып алынган аймактардан мол олжону убада кылып, алардан жардам сурап кайрылган. 1723-жылы жунгарлардын башчысы Цеван Рабтандан жеңилип калган казактар бул чакырууну дароо эле кабыл алышкан жана кийинки жети жыл бою, эч кандай каршылыкка туш болбостон бүтүндөй Зеравшан түздүгүн кыдырып кыйратып турушкан.

Ушундан Борбордук Азиянын түндүк аймактарында отурукташкан эл, түштүктөгү жашоочуларды ишенимдеги бир туугандары катары эсептегидей исламдашпаганын көрө алабыз.

Бухара хандыгындагы өз алдынча ири жана кичи аймактардын башчылары негизинен алардын үстүнөн көзөмөл жок экенин билип өздөрүн эркин алып жүрүшкөн. Бухараны башкаруудагы толук анархия тууралуу Абулфейз менен официалдуу жолугушууга такыр жете албай койгон ошол эле Флорио Беневени жазган. Ал Абулфейз хан калмак кулдардан жана орустардан турган аскерлеринин ишенимдүүлүгүнө гана таяна аларын баса белгилеген[1].

---

[1] Посланник Петра I на Востоке. Посольство Флорио Беневени в Персию и Бухару в 1718–1725 годах.

Бухара хандыгынын алсыраганын Иран башкаруучусу түрк уруусунан келип чыккан афшар Надир-шах (1736–1747-жж) пайдаланган. 1730-жылдарда Иран аскерлери анын башчылыгы астында афгандарды Ирандан кууп чыгышкан жана Турцияга каршы ийгиликтүү кол салууга өтүшкөн. Ирандын күч алуусуна Россиянын саясаты да салым кошкон. 1732-жылы январда Рештеде орус-иран келишимине кол коюлган, ага ылайык Петра I нин Каспий согуш жортуулунун натыйжасында Орусияга тиешелүү болуп калган Гилян, Мазандеран жана Горган провинциялары бекер кайтарылып шахтын ээлигине өткөн, ал эми орус аскерлери Куруга жиберилген[1]. Бул чечимдердин мааниси Иранды Осман империясына каршы күрөштө бекемдөө болгон.

1734–1735-жылдарда Закавказьеде Иран аскерлеринин Турцияга каршы ийгиликтүү жортуулдары, түрк аскерлеринен Түндүк Азербайжан, Чыгыш Грузия жана Түндүк Арменияны бошотуу, Персиянын абалын бир кыйла чыңдаган. Россиянын Каспийдеги геосаясий позицияларынын алсыроосу, Кавказда эле эмес, Борбордук Азияда да Ирандын пайдасына күчтөрдүн тең салмактуулугунун өзгөрткөн. Афганистанды басып алгандан кийин, Надир өзүнүн аскерин жергиликтүү уруулардын өкүлдөрүн кошуп бекемдеген, андан кийин Индияга кол салган жана Улуу Моголдорду талкалаган.

Падышалык тактыга отургандан кийин Надир шиизмдин ордуна суннизмди мамлекеттин расмий дини деп жарыялаган, анткени ал суннит өлкөлөрүн басып алууну көздөгөн. Ал исламдын жана диний ураандардын саясатка кандай таасир тийгизгенин эң сонун түшүнгөн. 1740-жылы өзүн шах жана «ааламдын коркунучу» атаган Надир Борбордук Азиага жортуулун баштаган. Анын иш-аракеттеринен коркуп кеткен Абулфейз-хан аны жайгаруу үчүн ага Мухаммед-Хакимди элчи кылып жиберет. Мухаммед-Хаким шахтын лагерине келгенден кийин анын урматына ээ болуп, ага өлкөдө чоң укуктарга ээ кылган Надир-шахтын грамотасы ыйгарылган[2]. Ал артка кайтканда Абулфейздин элчиси катары эмес,  Надирдин өкүлү катары келген.

Борбор шаарга кайтып келгенден кийин Мухаммед-Хаким бардык жашоочуларды ирандыктар тарабынан эч кандай коркуныч жок экенине

---

[1] Трактат, заключенный в Реште 21 января 1732 г. // Договоры России с Востоком. СПб., 1869. С. 195–197.

[2] *Наливкин В.* Краткая история Кокандского ханства. Казань: Типография императорского  университета, 1886.

жана шахтын ниети жакшы экенине ынандырган. Бирок ошол эле учурда ал коопсуздук үчүн ханга кайтып барбай, Мири-араб медресесине барып токтогон. Бул кадамы менен ал ислам баалуулуктарынын ишенимдүүлүгүнө басым кылган.

Анын жүрүм-туруму аны чыккынчылык кылды деп айыптаган сарай кызматчыларынын жана ак сөөктөрдүн арасында өтө катуу кыжырданууну пайда кылган. Аны хандын алдына чакырып, андан кийин жалпы күчтөр менен элди көтөрүп арам «жалган окутуучу-шииттерге» каршы чыгуу чечими чыгарылган. Кайра эле исламдын бутактарындагы диний айырмачылыктар саясий каршылык көрсөтүү үчүн катализатор катары колдонулган.

Бирок Мухаммед-Хаким хан чакырганда барбай койгон. Ошентсе да, элди чыныгы окутууну бузукулардан коргоого чакырыктар өз таасирин тийгизген. Бухара, Самарканд, Кокон жана Анжияндан басып алуучуларга каршы ыктыярдуу элдик жоокерлердин калың тобу чыккан, бирок алар көп өтпөй эле Чарджоуда талкаланган.

Шах Надирдин жеңишин негизинен европалык ыкма менен уюштурулган артиллерия камсыз кылган. Абулфейз-хан Надирден жеңилип, ага Амударыяга чейинки жерлерди берген. Аштарханиддер менен Надирдин биримдиги тууганчылык байланыштарды бекемдеген. Абулфейздин бир кызына шах өзү, башка кызына анын жээни үйлөнгөн. Бирок Надир Бухаранын хан сарай кызматчылары жана жашоочулары менен толук ишеним арткан Мухаммед-Хаким аркылуу гана байланыш түзгөн. Абулфейз-хан бардык жагынан андан көз каранды болуп калган. Көп өтпөй, катуу каршылык көрсөткөндөн кийин хивин ханы Ильберз талкаланган, анын ордуна тактыга Абулфейздин аталаш бир тууганы – Тагыр-хан отурган. Хивин хандыгы да Иран бийлигинин астына кирген. Надирдин ийгиликтери тегеректеги өлкөлөргө, анын ичинде Россияга өтө катуу таасирин тийгизген. Орусиянын саясий жана интеллектуалдык элитасынын ага болгон мамилесин Екатерина II нин күндөлүгүндөгү: «Чаадаевдин акылынан айныганы Надир шахты же Персияны басып алган, залим эзүүчү Тамас-Кули-ханды кудай-теңир катары эсептегенинде», – деп ачык айтылган сөздөрдөн байкасак болот[1].

Абулфейз-хан үстүнөн жогорку башкаруучуну жана Иран шахтарынын көз карандысыздыгын тааныганы Аштарханид

[1] Цит. по: Мемуары Екатерины II // Эйдельман Н. Из потаенной истории России XVIII–XIX веков. М.: Высшая школа, 1993. С. 159.

династияларынын өз алдынча бийлик жүргүзүсүн токтоткон. XVIII кылымдын экинчи чейрегинде түзүлгөн коомдук жана саясий шарттарда династия башкы ролду жаңы башкаруучуларга – өзбек урууларынын ак сөөктөрүнүн өкүлдөрү мангыт уруусунун башчыларына өткөрүп берген.

Мухаммед-Хакимдин көзү өткөндөн кийин анын уулу Мухаммед-Рахим бардык бийликти өз колуна алган. Ал 1747-жылы Надир көз жумгандан көп өтпөй өзүнүн аброюнан таптакыр айрылган Абулфейз ханды өлтүрткөн. Ак сөөктөрдүн жана дин кызматчылардын макулдугуна таянып Мухаммед-Рахим 1753-жылы Бухаранын тактысына отурган. Ошентип, 1920-жылга чейин уланган Мангыт династиясынын башкаруусу башталган.

Кызыктуусу, Мухаммед-Рахим түзгөн саясий аппаратта дин кызматкерлери аз эмес болгон. Кожо-калян, шейх-уль-ислам, накыба жана башкы казы (казы-уль-куззат, же казы-кален), ошондой эле аскердик казы (казы-аскер) жана Бухара вилайетинин реис кызматы эң жогорку руханий кызматка тиешелүү болгон. Кожо-калян жана шейх-уль-ислам кызматтарына ата-бабалары Бухарада XVI кылымда эле көрүнүктүү роль ойногон джуйбар кожолорунун өкүлдөрү дайындалган.

Башкы Бухара казысынын «Бухаранын бардык окумуштууларынан, мыйзам чыгаруучуларынан, теологдорунан, хатибдеринен жана имамдарынан» ар түрдүү сураныччтарды жана арыздарды кабыл алуу укугуна ээ болгон кызматы өтө чоң мааниге ээ боло баштаган[1].

Мухаммед-Рахимдин уулдары жок болгондуктан, 1758-жылы ал көз жумгандан кийин тактыга анын жаш небереси Фазил-тюря отургузулган, ал эми анын камкорчусу Мухаммед-Рахимдин улуу агасы – Даниал-бий болгон. Ага юз, кенегес, бүркүт, бахрин жана сарай өзбек урууларынын эмирлери каршы көтөрүлүп чыгышкан. Алар он миңге жакын куралданган уруулаштарды чогултуп, аларды Бухарага алып келишкен. Кызыктуусу, төңкөрүш чыгарган эмирлер тарапташтарынын чогула турган жери Чоң собор мечити болорун жарыялаган. Бирок Даниал-бий аскерлердин гана эмес, дин кызматчылардын, ошондой эле таасирдүү суфий шейхтеринин колдоосуна ээ болгон. Ушунун аркасында ал ошол эле 1758-жылы кутумчуларды талкалай алган жана өзбек урууларынын башчыларын өлүм жазасына тарткан.

[1] *Иванов П.П.* Очерки по истории Средней Азии. С. 104.

Даниал-бийдин биринчи уулу Шах-Мурад атасы тарабынан Самарканд вилайетин башкарууга дайындалган. Ал суфийликке өтө кызыкканына жана динге абдан берилгенине карабастан, өзүн абдан жигердүү башкаруучу катары көрсөткөн. Ал такыбаа жашоосу, шаарда жана өз вилайетинде тартипти орнотууга кам көрүүсү жана аймактагы феодалдык өз-ара кагылышуулардын айынан талкаланган маданий-экономикалык абалды калыбына келтирүү иштери менен белгилүү болгон. Шах-Мурад медреселерди калыбына келтирүүгө, аларда окутуучуларды дайындоого жана дарстардын окулуусуна өзгөчө көңүл бурган.

Бирок каражаттар жетишпегендиктен ал аман калган медреселер менен мечиттерди калыбына келтирүү жана талкаланган калдыктардын арасынан табылган кыштардан анча чоң эмес имараттарды тургузуу иштерин жүргүзүү менен гана чектелген. Суфизимдин идеяларын кызганчаактык менен жактоочу, ырайымсыздыгы жана амалкөйлүгү сырткы такыбаалыгы менен айкалышкан Шах-Мурад өз тарабына суфий уюмдарын жана дервиштердин таасири астындагы калың элди тартууга умтулган. Тактап айтканда, ал атасы каза болгондон кийин мурастын өзүнө тиешелүү бөлүгүнөн баш тартып, аны коомдук кайрымдуулукка жумшаган. «Алар (каражаттарды таратуу жоопкерчилиги тапшырылгандар) бул кимден тартылып алынган болсо, ошолорго таратылсын, анткени мен үйүмө адилетсиз жол менен келген каражаттар менен колумду булгай албайм»[1], – деген ал. Ал тобо кылган күнөөкөрдүн кейпинде базарларды кыдырып атасы Даниал-бий элге алып келген зыяндары үчүн өкүрүп ыйлап баарынан кечирим сураган. Андан кийин Бухаранын собордук мечитине барып, сырткы дүйнө менен дээрлик бардык байланышты үзүп бир жол бою ошол жерде болгон.

1785-жылы Даниал-бийдин өлүмүнө байланыштуу мамлекеттеги толкундоолор ого бетер күч ала баштаган. Шах-Мурад көтөрүлүштөрдү басып, жигердүүлүк менен мамлекетте тартип орнотту. Ошону менен бирге такыбаа эмир калың элдин арасында суфий рухундагы динге урматтоону тамырлантууга абдан аракеттенген. Ал адеп-ахлактуулукту сактоочу раис деген кызматты калыбына келтирген. Тактыга отургандан кийин Шах-Мурад хан деген наамдан баш тартып, аны эмир деген наамга алмаштырган,

---

[1] Цит. по: *Бахрушин С.В.* История народов Узбекистана, Ташкент: Изд-во АН Узбекской ССР, 1947. С. 234.

бирок ал өзүнүн адаттарын жана жашоо образын өзгөрткөн эмес. Ал мурункудай эле өзүнө күнүнө бир «танга» короткон, эң жөнөкөй жана эски кийимдерди кийип жүргөн, аз тамак жеген, жортуулга чыкканда эски тытык чатырларда түнөгөн, ак сөөктөрдүн эч кимисиникине конокко барган эмес жана эч кимден белектерди кабыл алган эмес.

Тактысы бекемделгенден кийин, Шах-Мурад алдырып жиберген аймактарды жана Бухара мамлекетинин позицияларын кайтарып алуу боюнча жигердүү, а түгүл агрессивдүү сырткы саясат жүргүзө баштаган. Борбордук Азиянын өлкөлөрүнө дайыма коркунуч жаратып келген Ирандын алсыраганынан колдонуп, Шах-Мурад ага каршы согуш ачкан. Ал чыныгы мусулман мамлекет башчысы катары, каапырлар менен б.а. Ирандын шииттери менен согушууну максат кылганын түшүндүргөн. 1789–1790-жылдары Шах-Мурад Мервге каршы жортуулга аттанган, катуу салгылашта Иран шахынын мервдик орун басары Байрам-Али-хандын аскерлерин талкалап шаарды ээлеп алган, андан кийин үч миң мервдик шииттерди алып кетип аларды Бухара менен Самарканддын аймактарында отурукташтырган. XX кылымга чейин алардын тукумдары Бухара хандыгында жана Самарканд аймагында жергиликтүү калктын арасында марви (мервдер) деген ат менен белгилүү болуп обочолонуп, өзгөчө бөлүнүп турушкан. Эмир Шах-Мурад 1800-жылы он беш жыл бийлик кылгандан кийин каза болгон, ал тирүү кезинде эле «күнөөсүз эмир» (эмир-и-магсум) деген атка конгон[1].

Хивин хандыгында бир топ көтөрүлүштөрдөн жана өз ара согуштардан кийин бийликке жаңы Кунград династиясы келген. Анын негиздөөчүсү 1763-жылы тактыга отурган Мухаммед-Амин, өзбек уруу башчыларынын, шаардын бай жашоочуларынын жана дин кызматчыларынын айрымдарын бириктире алган. Бул анын ийгилигин алдын ала аныктаган. 1770-жылдарда ал кээ бир түрк урууларына катуу сокку урган. Ага кастык кылган топтор Бухаранын аскердик күчүнө таянууга аракет кылган, бирок Мухаммед-Амин 1782-жылы бухаралыктардын чабуулун да ийгиликтүү кайтара алган. Ушул кадамдардын баарында дин кызматчыларынын өкүлдөрү аны колдоп турушкан.

Исламдын саясатка күчтүү таасири Хивин хандыгында өзбектердин арасында эле эмес, каракалпак урууларынын арасында

[1] *Бахрушин С.В.* История народов Узбекистана. С. 236.

да аябай эле сезилген. XVIII кылымда каракалпактардын ак сөөк уруу башчылары чындыгында өз туугандарын башкарып калышкан. Алар менен мусулман дин кызматкерлери жана суфий өкүлдөрү (эшендер, шейхтер ж.б.) тыгыз байланышта болгон.

Императрица Анна Иоанновна, грамота берүүдө каракалпак элинин «атактуу адамдарын» тизмектеп жатып, алардын арасында шейхтер менен кожолорду да атаган. Мындан сырткары бул мезгилде уруу аксакалдары катарында молдолор жана шейхтер да жолугат. Ошентип XVIII кылымдын 40-жылдарында «бардык каракалпак эли ыйык жана атактуу адам деп эсептеген» Мурад-шейх тууралуу айтылат, анын уулу Хильвет-шейх башкаруучу аксакалдардын катарына кирген[1].

***Жыйынтык.*** *XVIII кылымда Борбордук Азиянын түштүк аймактарында исламдын, дин кызматчылардын, суфий коомчулуктарынын башчыларынын саясий таасири бир топ өскөн. Бул мезгилде биз абдан кызыктуу эки көрүнүштү байкайбыз: биринчиден, Фергана менен Ташкентте кожолордун бийлиги астында суфий мамлекеттеринин түзүлүүсү, экинчиден, Бухара эмиратында суфизмдин ролу бир топ күч алганы, муну Бухаранын биринчи эмири Шах-Мураддын – суфизмдин бардык негизги классикалык касиеттерине ээ болгон адамдын мисалынан даана көрсөк болот. Бул каралып жаткан мезгилде исламдын Борбордук Азиядагы саясатка эбегейсиз зор таасирин көрсөтүп турат.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Эмне үчүн XVIII кылымда Борбордук Азия хандыктарында эшендердин саясий таасири өскөн?
2. Надир-шахтын аймагындагы басып алуулардын учурунда ислам фактору эмнеден көрүнгөн?
3. Бухаранын эмири, суфий Шах-Мураддын иш-чараларын мүнөздөп бериңиз?

## 1.10. XVIII кылымда Борбордук Азияда исламды таратууда Россиянын ролу

XVIII кылымдын биринчи жарымында казак таала аймактарында маанилүү саясий окуялар болуп өткөн. Бухара жана Хивин хандыктары Сырдарыянын төмөн жагындагы казактарды сүрүп чыгууну уланткан.

[1] Цит. по: Бахрушин С.В. История народов Узбекистана. С. 244.

Казактардын андан да коркунучтуу коңшусу Жунгария эле. XVII кылымдын акыры, XVIII кылымдын биринчи жарымында жунгар аскерлеринин кол салуусу казактарга чоң кырсыктарга учураткан. Буга казак хандыктарынын өз-ара кагылышуулары көп жагынан шарт түзгөн.

1723-жылы казак-жунгар мамилелери кескин курчуган. Кытай императору Канси каза болгондон кийин жунгар-кытай келишими түзүлгөн. Жунгарлар чыгыш тараптан өздөрүнүн коопсуздугун камсыз кылган жана казактардын бытырандылыгынан колдонуп аларга бүт күчтөрүн топтоп кол салган. 1727-жылга чейин уланган Жунгар хандыгынын агрессиясы, Казакстандын тарыхында «Улуу алаамат жылдары» деп аталган жана ачкачылык менен талкаланууну алып келген мезгил. Ошол эле убакытта, казактардын бул трагедия тууралуу элдик кайгысынын символу катары Шакарим Кудайберди-уулу жазгандай: «ошол мезгилде «Жоктау Елимай» деген казактардын эң байыркы кошок ыры жаралган» («О, элим менин!»).[1]

Казактар Ходжент, Самарканд жерлерине жана Хива, Бухара тарапка көчүүгө аргасыз болушкан. Алар чегинип, мал-мүлкүн, чатырларын таштап качышкан. Жунгарлар Ташкент жана Түркестанды басып алышкан жана талап-тоношкон. Натыйжада жунгар аскерлери борбордук, чыгыш жана түштүк-чыгыш Казакстанда жуздардын Улуу жана Орто аймактарын басып алышкан. Жунгарлардын андан ары илгерилеши казактардын толук кулдарга айлануу коркунучун туурдурган.

1726-жылы күздө Ордобашыда Жалпы казак курултайы болуп өткөн, анда казак аскеринин башчысы болуп Кичүү жуздун ханы Абулхаир шайланган. 1730-жылы ал Россия өкмөтүнө жардам сурап кайрылган. Буга жооп катары Россия казактарга Орусиянын протекторатын кабыл алуу сунуш кылынган. 1731-жылы 19-февралда императрица Анна Иоанновна Кичүү жуздун Россия империясына өз ыктыяры менен кирүүсү тууралуу «Хан Абулхаирге жана бардык казак элине орусиянын карамагына киргени тууралуу» деген грамотага кол койгон[2].

Кичүү жуздун Россияга кошулуу маселеси 1731-жылы орус элчиси А.И. Тевкелевдин миссиясынын негизинде биротоло чечилген. 1731-жылы 10-октябрда Абулхаир-хан жана Кичүү жуздун 29 аксакалы

---

[1] *Шакарим Кудайберды-улы.* Родословная тюрков, киргизов, казахов и ханских династий: пер. Бахыта Каирбекова. Алма-Ата: Жазушы, 1990. 118 с.

[2] *Канн Г.В.* История Казахстана. Алматы: Аркаим, 2002. С. 97–98.

макулдашуу түзүп, келишимдин бузулбастыгы тууралуу ант беришкен. Ал учурда бийлик башында Аблай хан турган Ортоңку жуз Россия менен азыраак байланыш түзүп, ал эми Улуу жуз жунгарлар менен кокондордун бийлиги алдында болсо да, Абулхаир хандын өзүнчө макулдашуусу Орусиянын казактардын жашоосуна таасиринин уламдан-улам күчөшүнө алып келген.

1730-жылдардын ортосунда жунгарлар кайрадан казактарга, өзгөчө Ортоңку жузга каршы коркунуч туудурган. Мындай кырдаалда Ортоңку жуздун Анна Иоанновнанын 1734-жылы 10-июнда чыккан Токтомуна ылайык Россиянын карамагына киргени кадимки жана негиздүү чечим болгон[1]. Бирок Семеке (Шахмухамед) хандын өлүмүнө байланыштуу бул токтом жузга жеткирилбей калган, ошентип 1740-жылы гана Ортоңку жуз Орусиянын протекторатынын алдына кирген.

Ошондой эле Анна Иоанновнанын убагында Жайык дарыясынын жана ага куйган суулардын жээктеринде жаңы бекемделген Оренбург чеги пайда болгон. 1734-жылы жаңы кошулган жерлерди бекитүү үчүн, башында сенаттын обер-секретары И.К. Кириллов турган атайын кыргыз-кайсак, кийин Оренбург деп аталып калган экспедиция түзүлгөн.

Таң калычтуу түрдө, эки жуздун Россияга кошулуусу машайакчылыктын таралуусуна алып келбестен, тескерисинче Борбордук Азия талаа аймактарынын исламдашуусун күчөтүп тездеткен. XVI кылымдын экинчи жарымында, Орусия өз карамагына Казан, Астрахан жана Сибир хандыктарын кошкондон кийин, анын өкмөтүндө мурунку Жучу улусунун бардык жашоочулары – динге берилген мусулмандар, ал эми ислам алардын дүйнө таанымынын, өкмөттүк түзүлүшүнүн жана күнүмдүк турмушунун жалгыз булагы деген пикир орногон. Мындай көз караш XVIII кылымда алгачкы үчтөн бир бөлүгүнө чейин уланып келген.

Ошол себептен А.И. Тевкелев башында эле Борбордук Азияга кетип жатып, казактардын Куран менен ант берүүсүн талап кылуу көрсөтмөсүн алган. Бирок биз көргөндөй ислам бул мезгилде казактардын формалдык гана дини болгон. Саясий элиталар гана диндин негиздери жөнүндө түшүнүккө ээ болушкан, ошондо да алар исламга чейинки ишенимдер менен аралашкан болчу. Ошентип, 1748-жылы жайында көз жумган Абулхаир, мусулман салты боюнча, бирок «кадимки кийим кийгизилип,

[1] Ошондо. 99-б.

кылыч, найза, жебелери менен жаа сыяктуу аскердик куралдары менен кошо» көргө коюлган.[1] Булардын баары исламга чейинки салттарды сактоону билдирген.

Казак талаа аймактарынын жашоочуларынын айрымдары исламды тутпаганын билгенден кийин, Россия өкмөтү жаңы азиялык ээликтеринде аны таратуу боюнча атайын салым кылуу чечимин чыгарган. Елизавета Петровна бийлик кылган мезгилде эле атайын токтом менен мечиттер салуу буйругу берилген. Тактап айтканда, 1755-жылы Оренбургдан алыс эмес жерде эң сонун мечити менен Сеитов кыштагы түптөлгөн, ал Уфим губерниясында Стерлибашта диний колониясы менен бирге Казак талаа аймактарында мусулман илиминин жаңы борбору болуп калган. Ушул жактан исламды таратуу үчүн казак талаа аймактарына мусулман дааватчылары жана медреселерди уюштуруу үчүн молдолор жиберилген, Орусия бийлиги мындан кабардар болгон[2].

Мындай саясат XVIII кылымда Екатерина II нин тушунда өзгөчө айкын көрүнгөн. Ортоңку Поволжье мусулмандарынын жагымдуу жана сабырдуу мамилесин татыктуу баалап, Россия өкмөтү ислам институттарын казактардын Кичүү жана Ортоңку жуздары менен ынтымактуу коңшулук мамиле түзүү үчүн курал катары колдоно баштаган. Орусиянын саясаты өзүнө берилген татар молдолорду казак султандарына дайындап берүү болгон. Ушул шарттардын негизинде 1768-жылы чек аралык экспедиция учурунда казак акуну деген кызмат орду уюштурулган, ал кызматка болочок муфтий Мухамеджан Хусаинов дайындалган. Ошол эле жылы ага биринчи акун деген наам ыйгарылган[3].

Академик В.В. Бартольд жазгандай: «Орто Азияга илгерилеп кирген сайын жана чыгыштын саясаты активдешкен сайын, өкмөттүн алдында орус эмес элдер менен жаңы принциптер аркылуу мамиле куруу муктаждыгы пайда болду»[4]. Жаңы саясат бир чети Екатерина II нин 1773-жылы чыккан токтому боюнча диний сабырдуулук принцибине негизделсе, ал эми экинчи жагынан – бийликтин татар элинин руханий да, жарандык да жашоосунда маанилүү ролду ойлогон мусулман дин кызматчылары менен

---

[1] *Абусеитова М.Х., Абылхожин Ж.Б., Кляшторный С.Г. и др.* История Казахстана и Центральной Азии. С. 271.

[2] Ошондо. 272-б.

[3] *Вяткин М.* Журнал оренбургского муфтия // Исторический архив. М.–Л.: Изд-во АН СССР, 1939. Т. II. С. 117–220.

[4] *Бартольд В.* История изучения Востока в Европе и России. М., 1964. Т. 9. С. 409.

мамиле курууга негизделген. Диний жөрөлгөлөрдү өткөрүүдөн сырткары, дин кызматчылар мусулмандардын билим алуу тармагын жетектеген, нике, үй-бүлө жана мураска ээ болуу иштери боюнча өзүнүн диний окутуусунун принциптеринин негизинде сот өндүрүш иштерин жүргүзүшкөн.

Ошонун негизинде, Екатерина II Россия саясатынын казак талааларында жана заманбап Казакстандын аймагында пайда боло баштаган жаңы шаарларда таасирин күчөтүү үчүн мусулман дин кызматчылыгын маанилүү субъект катары караган.

Казак элинин тилин, үрп-адаттарын, турмуш маданиятын билүү, окшош конфессиялык топко тиешелүү болуу, маданий өз ара мамилелешүү тарыхы, татар диаспораларынын өкүлдөрүнө казак коомчулугун Россия империясынын катарына киргизүү саясатын жүргүзүүдө ортомчунун ролун аткаруу мүмкүнчүлүгүн берген. Мындан сырткары татар молдолору казак талааларынын аймактарында ортоазиялык молдолордун таасирин токтотушу керек болгон. Ушуга байланыштуу революцияга чейинки изилдөөчү А. Добросмыслов татарлар жана мечиттер «орустар менен жакындашуу үчүн алгач кыргыздар (казактар) өтө турган» көпүрө болуп калганын айткан[1].

Екатерины II нин саясатын ишке ашыруунун биринчи кадамдары 1782-жылы 8-июлда жана 1784-жылы 2-майда мечиттерди куруу жөнүндөгү токтомдору болгон. Ошол эле учурда Илимдер Академиясынын типографиясында араб тамгалары менен Курандын толук текстти басылып чыккан. Кийинчерээк бул басма 1789, 1790, 1796 жана 1798-жылдарда кайталанып басылып чыккан. 1800-жылы мусулмандардын диний адабиятын эч чектөөсүз басып чыгарууга уруксат берилген. Негизинен ал Казандагы Азиат типографиясында басып чыгарылган.

Жаңы саясий курстун кийинки этабы Екатерина II нин 1785-жылы 25-ноябрда жана 1787-жылы 21-апрелде казак урууларын татар молдору менен гана камсыз кылуу тууралуу токтомдорду чыгаргандан башталган. Падышалык өкмөт үчүн дайындалган молдолордун, мечиттерди куруунун жана мектептерди ачуунун үстүнөн көзөмөлдү орнотуу маанилүү болгон. Ушул максат менен 1788-жылы 22-сентябрда, башында

[1] *Добромыслов А.* Тургайская область: исторический очерк. Оренбург, 1900–1902. Вып. 1–3. С. 173.

буга чейин бизге белгилүү болгон Мухамеджан Хусаинов менен Уфада «Магометан мыйзамынын руханий чогулушу» өткөрүлгөн[1].

Россия мусулмандарынан атайын башкаруучу түзүлүштү уюштуруп, Руханий чогулуш Борбордук Азиянын тышкы саясий иштерине активдүү катышат жана аны менен бирге дин кызматчыларды көзөмөлгө алат деген ишеним менен мамлекет исламды биротоло империянын негизги диндеринин бири катары кабыл алган. ОМДС сынагынан өткөн молдолор Оренбург губерниясынын башкаруу бөлүмүнөн токтом алышып (ушундан улам «токтомдуу молдолор» деген ат келип чыккан), ошондо гана казак талаа аймактарына бара алышкан.

XVIII кылымдын 80-жылдарынан баштап Россия бийлиги түрткү берген жана көзөмөлдөгөн татар молдолорунун казак талаа аймактарына миграциясы башталган. Негизинен алар жашаган жери; табын, тама, жагалбайлы жана жаппас деген казак урууларынын жайыттары менен чектешкен Казань губерниясынын жана Оренбург губерниясынын Сеитов кыштагынын татарлары болгон[2].

Ошол мезгилде исламдын ийгиликтүү болгонун 1780-жылдары «бүткүл кыргыз-кайсак журтунун пири» деген ардактуу наамды алып жүргөн, б.а. башкалардан айырмаланган талаа аймагынын шейх-уль исламы, Абу-л-Жалил аттуу кожо, казак талаа аймактарында расмий түрдө иш алып барганы күбөлөндүрөт. Ушул мезгилден баштап, Улуу талаа аймактарында мусулман маданияты менен ислам түштүктөн гана эмес, түндүктөн да тараган. Мындай кырдаал мурунку Кыпчак талаа аймагы толугу менен жана биротоло мусулман болуп калуусуна алып келген[3].

Болжол менен ушул эле мезгилде, эки орус-түрк согушу болгон жылдары, Осман империясынын исламды каапырлардан коргоо ураандарын колдонуп, казак жуздарын жана борборазиялык хандыктарды Россия империясына каршы күрөшүүгө кириштирүү аракеттери байкалат.

---

[1] *Султангалиева Г.С.* Западный Казахстан в системе этнокультурных контактов. XVIII – начало XX в. Уфа, 2001. С. 104.

[2] *Каримов Т.А.* Политика Российского правительства и татарские муллы в северо-западных казахских землях (вторая половина XVIII – начало XX вв.) // Источники существования исламских институтов в Российской империи: сб. статей: сост. и отв. ред. И.К. Загидуллин. Казань: Институт истории им. Ш. Марджани АН РТ, 2009. С. 147–148.

[3] *Абусеитова М.Х., Абылхожин Ж.Б., Кляшторный С.Г. и др.* История Казахстана и Центральной Азии. С. 272.

Ошентип, чек ара администрациясы Турциядан Бухара эмиратына жиберилген катты ортодон кармап калышкан, анда жакында ал жакка зор белектер менен паша жиберилери айтылган. Мындан сырткары Екатерина II ушуга окшош маалыматты Ирандан да алган. Турция казак талаа аймактарында орус мусулмандарынын эң жогорку кадыр-баркына ээ болгон бухаралык насаатчыларды колдонууну көздөгөнү билинген.

Ошол себептен, заманбап изилдөөчүлөр, тактап айтканда, И.К. Загидуллин, ОМДСти ачуу жөнүндө падышанын 1788-жылы 2-сентябрда чыккан токтомун «уммага коңшу ислам мамлекеттеринин кабарчыларынын киришүү аракеттерине каршы чара»[1] , – деп атаган.

***Жыйынтык.*** *XVIII кылымда ислам фактору жергиликтүү саясатка эле эмес, Россия империясынын Борбордук Азиядагы саясатына, ал анын аймактарына таштаган биринчи кадамдарынан баштап эле таасирин тийгизген. Орусиянын максаттуу саясатынын негизинде, өзгөчө Екатерина II нин тушунда, ислам, орусиянын таасири тараган Борбордук Азиянын бүткүл түндүк райондоруна жайылган. Казан татарлары бул процессте өтө чоң роль ойношкон.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Эмне үчүн XVIII кылымда Кичүү жана Ортоңку жуздун казактары Россия империясынын карамагына протекторат болууга макул болушкан?
2. Россия мамлекети кандай максат менен Борбордук Азиянын түндүк аймактарында исламды таратууга көмөктөшкөн?
3. XVIII кылымда Борбордук Азияны исламдаштырууда татарлар кандай роль ойношкон?

## 1-бөлүм боюнча жыйынтык

*Борбордук Азияда исламдын миң жылдык мезгилиндеги таралуусунун натыйжаларын төмөнкүдөй корутундуласа болот. Бул аймакта VII кылымдын аягында пайда болуп, ислам туруктуу түрдө географиясын кеңейтип тарай берген жана жашоонун бардык тармактарына таасирин тийгизген. Өзгөчө анын саясий процесстерге таасири маанилүү жана салмактуу болгон. Бул мезгилдин акырында ислам*

---

[1] *Загидуллин И.* Исламские институты в Российской империи. Мечети в европейской части России и Сибири. Казань: Татар. кн. изд-во, 2007. С. 74.

*бүткүл Борбордук Азияны, анын ичинде көчмөндөр отурукташкан талаа аймактарын камтыган. Анын саясий процесстерге тийгизген таасири өзгөчө маанилүү жана олуттуу болгон.*

*Баскынчылар аймакты багындырып алуу үчүн ислам ураандарын колдонушкан. Бул аймактагы көп сандаган төңкөрүштөр алгач антиисламдык ураандары менен, андан кийин ислам ураандары менен болуп турган. Расмий руханий дин кызматчылар, аймактык бийлик башкарууга талап кылгандардын баары эсептешүүгө мажбур болгон таасирдүү саясий күч болуп калган. Ошол эле учурда суфий тарикаттары, өздөрүнүн башчылары – шейхтер аркылуу саясатка таасирин тийгизген өтө зор күч болуп калган. Суфийлер да, шейхтер да кайсы бир бийлик башчыларынын тактыдан түшүүсүнө жана башкаларынын келүүсүнө активдүү түрдө таасир тийгизишкен, согуш жортуулдарына батасын беришкен жана душмандарды элдештиришкен. Ушул мезгилде кайсы бир аймактардын бөлүктөрүндө саясий бийлик дин кызматчылардын колунда толугу менен топтолгон жана теократиялык мамлекеттер пайда болгон учурлар кездешет.*

*Ошондой эле, каралып жаткан мезгилде бул аймактардагы ислам, аймактан тышкаркы ири ойунчулардын – Араб халифаты, Монгол мамлекети, Сефевид Ираны, Россия Империясы ж.б. саясатына таасирин тийгизген.*

*Ошентип, VII–XVIII кылымдарда ислам факторунун ролу өтө маанилүү болгон. Борбордук Азиянын ички же сырткы саясатындагы бир дагы суроо аны эсепке албай туруп чечилген эмес.*

# 2. XIX–XX КЫЛЫМДАРДА БОРБОРДУК АЗИЯНЫН САЯСАТЫНА ИСЛАМДЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

## 2.1.XIX кылымдын биринчи жарымындагы Борбордук Азиядагы мамлекеттер

XIX кылымдын башында Борбордук Азиядагы орчундуу саясий мамлекеттер катары Бухара эмираты, Кокон хандыгы жана Хива хандыгы болуп калды. Зеравшан өрөөнү борбору болгон Бухара эмираты үстөмдүк абалда турган, Хива хандыгы Амударыянын төмөн жагында, ал эми Кокон хандыгы тоолор курчаган Фергана өрөөнүндө жайгашкан эле. Булардан тышкары майда феодалдык ээликтер өзүнүн көз карандысыздыгын сактап турушкан, аларды коңшу күчтүү мамлекеттер өз таасирине баш ийдириш үчүн көп жолу аракет кылышса дагы, эгемендигин коргоп кала алышкан.

XIX кылымдын башында ушундай көз карандысыз ээликтерге Бухаранын жанындагы Шахрисябз, Хиванын түндүк жагындагы Арал шаары, Коконго коңшу Ташкент жана азыркы Тажикстандын аймагында жайгашкан Каратегин, Дарваз, Шугнан ж.б. бир катар тоолуу райондор кирет. Борбор Азиялык хандардын ушундай майда коңшу ээликтерди баш ийдирүү үчүн күрөшү көп учурда айрым чоң өлкөлөрдүн ортосунда куралдуу кагылыштарга алып келген. Ушундай согуштар XIX кылымдын биринчи жарымында Бухара, Кокон жана Хиванын ортосунда болгон.

Бул мезгилде Бухара хандыгынын курамына анын Зеравшан жана Кашкадарыянын өрөөнүндөгү негизги территориясынан тышкары, азыркы Түркмөнстандын Мерв (Мары) шаары кошулган бүт чыгыш бөлүгү кирген. Ошондой эле Бухарага азыркы Тажикстанга кирген бир катар аймактар: Гиссар, кез-кезде Хожент, Ура-төбө, Пенжикент, Ургут жана Зеравшан дарыясынын үстү жагындагы кээ бир майда ээликтер дагы кирген эле.

Түндүк-чыгыштан Бухарага тегереги казак аймактары менен курчалган Түркестан шаары дагы тиешелүү болчу. Бир топ эле кеңири территориясы жана башка орто азиялык хандыктарга караганда борбордук орунда тургандыгына карабай, Бухара XIX кылымдын

биринчи он жылдыктарында олуттуу саясий күчкө ээ болбой, коңшуларына кадыры, таасири азыраак болгон.

Бухара хандыгына кирген көп аймактар жарым-жартылай көз карандысыз феодалдык ээликтер болуп, борбор менен экономикалык жана саясий жактан өтө эле аз байланышып турган.

Саякатчылардын айтуусуна караганда эмираттын калкынын жалпы саны эки жарымдан үч миллион адамга чейин жеткен. Эң ири калаа болгон Бухарада 70 миңге жакын калк жашап, анын төрттөн үч бөлүгү тажиктер болгон. Бул аймактын эң маанилүү соода жана кол өнөрчүлүк борбору эле. Өзүнүн экономикалык маанисинен тышкары Бухара бүт исламдык Чыгышта орчундуу мусулмандык дин таануу илиминин ордосу катары дагы таанылган. Ага окуш үчүн Борбордук Азиянын бардык райондорунан гана эмес, Поволжиеден, түндүк-батыш Индиядан, Афганистан ж.б. жактардан жаш уландар келе турган.

Эмираттын экинчи маанилүү шаары 30 миңдей тургуну бар Самарканд шаары болгон. Бухара сыяктуу эле Самарканд дагы эң маанилүү соода жана кол өнөрчүлүктүн борбору эле. Шаар дагы өзүнүн диний ыйык жайлары менен даңкталган, алардын ичинен эң белгилүүсү деп Шах-и-Зинда күмбөзүн айтышкан.

Калкынын саны боюнча үчүнчү орунду өлкөнүн түштүк-чыгышында, Кашкадарыянын өрөөнүндө, орто кылымдагы Несеф калаасынын ордунда турган Каршы шаары ээлеген. Ал афгандык Түркестанга барчу кербен жолунда жайгашкандыктан Бухара эмиратынын соодалык жашоосунда көрүнүктүү роль ойногон. Бухара эмиратында диний кызматчылар Орто кылымдардан бери эле административдик жана хан сарайлык кызматтарды ээлеп келишкендиктен, медреселерди окуп чыккандарга талап чоң болгон.

Белгилүү орус чыгыш таануучусу, Бухарага 1840-жылдары барып келген Н.В. Ханыковдун айтуусуна караганда медреселердин саны 180ден 200гө чейин эле[1]. Ал эми венгер чыгыш таануучу жана саякатчы Арминий Вамбери жыйырма жылдан кийин Бухарага барган жана медреселердин саны 80 ден ашпайт жана аларда 5000 окуучу бар деп эсептеген. Анын айтуусу боюнча, бухаралык медреселерде Борбордук

[1] *Ханыков Н.В.* Записки по этнографии Персии: перевод с французского / Н. В. Ханыков; АН СССР. Институт востоковедения; Всуп. статья В.В. Трубецкого. (Центр. Азия в источниках и материалах XIX - начала XX в.) — Москва: Наука, 1977.- 151 с.

Азиядан гана эмес, Индиянын түндүк-батышынан, Кашмирден, Афганистандан, Россия менен Кытайлык Түркестандан жаштар келип окушчу экен. Бухара өзүн региондогу диний борбор деп элге көрсөтүп, Кокон хандыгы менен тирешип турган. XIX кылымдын биринчи жарымында бул мамлекеттердин ортосундагы айыгышкан күрөш ислам факторунан улам болгон.

Кокон хандыгынын чарбалык-саясий жашоосунун ордосу Фергана өрөөнүндө болгон, ал Борбордук Азиядагы отурукташып жашагандардын эң байыркы очогунун бири. Ферганы бардык жагынан курчап турган тоолор, батыштан Хожент дарбазасы деп аталган кыркалар түзөт, ал аркылуу аймактын Самарканд жана башка шаарларына, алардын ичинен түндүктөгү Ташкентке кетчү жол кетет.

Ошондуктан, кокон бийлиги XVIII–XIX кылымдын көп бөлүгүндө Хожент менен анын коңшу Жизак жана Ура-Төбө райондору үчүн Бухара менен катуу согуш жүргүзүп келгендиги таңгаларлык эмес.

Ферганадан түштүк-чыгышты көздөй, тоолуу кыйын, татаал жолдор аркылуу Кашгарияга кербендердин соода жолу өтчү. Бул соодада Кокон хандыгы эң маанилүү роль аткарган. Борбордук Азиянын эң чоң дарыясы Сырдарыяга жана башка майда суулардын башаты болгон тоолордун этегинде байыртадан бери эле көптөгөн айыл-кыштактар менен шаарлардын катарлары орун алып келген. Кийинчерээк дөңсөө жерлерде отурукташуу башталган, бирок аларды XIX кылымдын башына чейин көбүнчө малга жайыт катары колдонулушчу.

Ферганада шаардык жашоонун өнүгүшү бир топ жогору деңгээлге жеткен. Ири шаарларга Кокон, Анжиян, Наманган жана Маргалаң кирген. Хандыктын мамлекеттик аппараты Умар хандын тушунда калыптанып бүткөн (1809–1822-жж), анда светтик жана диний чиндер атайын дайындалып, ханга болсо мусулман дүйнөсүндөгү эң жогорку «туура ишенимдегилердин өкүмдары» деген наам берилген, бул наам бир кезде Бухаранын кээ бир башкаруучуларына, мисалы, эмир Хайдарга ыйгарылган эле.

Ошондой эле светтик кызматтар менен кошо хандыкта жогорку диний орундар дагы болгон, аларга диний ишмердүүлүккө жалпы көз салган калян-кожо менен шейх-уль-ислам, калян-казы – башкы сот, аскер-казы – аскердик сот, садр ж.б.кирген.

XIX кылымдын биринчи жарымында Кокон хандыгында кожолор дагы көрүнүктүү мамлекеттик кызматтарды ээлеп, Хожент жана башка

шаарларды, аймактарды жарым-жартылай көз карандысыз башкарып, бийликтин өкүлдөрү жана ири феодалдык жер ээлөөчү катары чоң ролду ойношкон. Кокон калаасы хандыктын саясий жана экономикалык гана эмес, ири диний борбору дагы болгон. XIX кылымдын орто ченине тиешелүү болгон маалыматтарга карасак, шаарда 360 мечит бар эле. Андан тышкары вакф жерлеринен түшкөн кирешеден 12 медресе ачылган.

Хива хандыгынын аймагы XIX кылымдын биринчи жарымында дайыма өзгөрүлүп турган. Хандыктын курамына түркмөн, казак жана каракалпак калкы менен жаңы аймактар киргендиктен, Хиванын чек арасы бир топ эле кеңейип кеткен. Кунгурад династиясынын биринчи хандарынын тушунда, Эльтузерге чейин (1804–1806-жж) мамлекет Хива оазисинин түштүк жагындагы Хива шаары башкалаа болгон чакан аянтка эле ээ болчу. Оазистин түндүк бөлүгүндө борбору Кунград деп аталган, XVII кылымда эле Арал деген өз алдынча ат менен белгилүү болгон өз алдынча көз карандысыз ээлик бар эле. Хива хандыгынын түштүктө жана түштүк-чыгыштагы чек арасы хивалык оазистин отуруукташкан калк жайгашкан маданий тилкеси менен дал келген. Ал эми Хива хандыгы менен Бухаранын ортосунда Кызылкумдун суусуз кылкылдаган ээн чөлдөрү жаткан, алар Амударыянын тар тилкеси менен гана кесилген, анын жээктери бул жерде таптакыр ээн болчу. Хандыктын саясий абалы туруктуу болбогондугуна байланыштуу XVIII кылымдын биринчи он жылдыгынан бери эле баш ийип келген түркмөн аймагы андан бөлүнүп чыгып, айрым түркмөн урууларына ажырап кеткен.

XIX кылымдын биринчи он жылдыктарында хандыктын ички абалы бекемделгенден кийин анын ээлигинин чек арасы бир топ эле кеңейди. Бирок көчмөндөр дайыма көчүп жүргөн зор талаа мейкиндиктери менен курчалган Хива хандыгынын чек арасын так аныктоо мүмкүн эмес, андан көрө хандыктын чет-жакалардагы көчмөн элдерге «тийгизген таасири» жөнүндө гана сөз кылууга болот. Хива хандыгынын географиялык абалынын өзгөчөлүгү анын коңшу өлкөлөрдөн толук бөлүнүп тургандыгы экендиги белгилүү. Хиваны курчаган көз жетпеген какшыган чөлдөр Бухаралык Абдул-Керим айткандай, «ислам адамдарын» «каапырлардан» коргоо үчүн Алланын эрки менен курулган бөгөт болуп турушкан[1].

[1] См. Материалы по истории туркмен и Туркмении. Т. 2. М.-Л.: Изд-во АН СССР, 1938.

Хива хандыгында маданияттын өнүгүшү Бухара менен Коконго караганда анчалык күчтүү эмес болчу. Бирок ошого карабастан, Г.И. Данилевскийдин айтуусу боюнча, XIX кылымдын 40-жылдары медреселердин саны Хива хандыгынын баш калаасында эле 22 ге чейин жеткен[1].

Коңшу отурукташкан аймактарда өзүнүн үстөмдүгүн орнотууга аракет кылып, ошонун айынан дайыма кагылышып жүргөн борбор азиялык хандар ошол эле учурда чет жакалардагы көчмөндөрдү дагы басып алуу үчүн күрөшүп келишкен.

Бул согуштардын натыйжасында мамлекеттердин чек арасы түндүк-чыгыш (казак жана кыргыздардын), ошондой эле түштүк-батыш (түркмөндөрдүн) аймактарынын эсебинен бир топ эле кеңейген. Бирок, белгилей кетчү нерсе, өз территориясын көчмөндөр жашаган чет жакалар менен кеңейтүүгө Хива жана Кокон хандыгы гана жетише алды, ал эми Бухара эмиратынын территориясы тескерисинче кыскара берген.

Борбордук Азиянын ушул үч өлкөсүндө дервиштик эшендер чоң кадыр-баркка ээ болуп, жергиликтүү саясатка орчундуу таасир тийгизип турушкан, өздөрү абдан бай эле. Алардын кеңири жерлери жана чоң үйүр жылкылары, койлору болгон. XIX кылымда Бухара жана Кокон хандыктарында кеңири таралган ордендердин ичинен эң таасирлүү жана бай болуп Накшбандия же Ходжагон деген орден кала берген. Ал мурункудай эле калктын ар кыл катмарынан көптөгөн жолдоочуларга ээ болчу. Анын мазарларында, ханака жана башка мекемелеринде зор жер аянттары (вакфка) болгон.

Хивада Накшбандиядан тышкары Кубравия ордени дагы таралган. Түздөн-түз шаарлардын көчөлөрүндө тентип, кайыр-садага менен күн көрүп, өзүнчө жатакана-ханакаларда жашаган дервиш-шакирттеринен тышкары, ар бир эшендин калктын ар кыл катмарынан чыккан көп сандаган жолдоочулары дагы болгон. Алар жашоосундагы ар кандай татаал, кыйын учурунда эшенден кеңеш сурап кайрылышып, дайыма аны марттык менен сыйлап турушкан. Шаарлардын бардык эле кол өнөрчүлөрү, соодагерлери жана чиновниктери бул өзгөчө боордоштуктун мүчөлөрү болушкан эле. Аларга көп сандаган дыйкандар дагы, көчмөн-малчылар дагы кирген, андыктан өзгөчө кадыр-барктуу эшендердин

[1] *Данилевский Г.И.* Описание Хивинского ханства // Записки Императорского Русского географического общества. Кн. V. СПб, 1851. С.62-159.

окуучулары он миңдеп саналчу жана зор аймакта чачырап жашашчу. Дервиштик насаатчы-жетекчилер расмий дин кызматчылардын (уламалар) катарына киришкен эмес, уламалар болсо аларды күчтүү атаандаштар болгондуктан жаман көрүшчү.

Дервиштик эшендер өз окутуусун мусулман дининин негиздери жана окуулары менен айкалыштырганга аракет кылышкан. Алар мурдагы суфийлик аскетизм жана дүйнөдөн кечип кетүү өңдүү принциптерден баш тартышып, эми бийлиги күчтүү диний феодалдарга айланышкан жана расмий дин кызматкерлерине окшоп, бардык жаңылыктарга жана бүт чет өлкөдөн келген нерселерге терс мамиле кылышкан[1].

Замандаштардын күбөлөндүрүүсү боюнча, ошол кезде тентиген дервиштер жана алардын арасында ачыктан-ачык алдоо жана калкты талап-тоноо менен алектенгендердин саны ушунчалык көп болгондуктан, хандар алар менен ачык күрөшө башташкан. Бухаралык Абдул-Керимдин жазганы боюнча, Кокондо көптөгөн жолдоочу-мюриддери бар, көп насааттарды айткан жана керемет жасаган бир шейх болуптур. Бир жолу Алим-хан (1799–1809-жж) шейхти өзүнө чакырып алып: «сен жолдоочуларыңды тозоктун үстүндө тартылып турган кыл көпүрөдөн өтүп бейишке кантип барышты үйрөтүп жатасың, андай болсо ушул аркандан өзүң өтүп көрчү, мен сенин ыйыктыгыңа ишенип калайын» деп, хан сарайынын короосундагы бассейндин үстүндө тартылып турган аркандан басып өт деген[2]. Бечара шейх сууга кулап түшкөндө, хан аны таяк менен өлөрчө сабаганга буйрук бериптир.

XIX кылымдын биринчи жарымындагы кокон тарыхчысы Мухаммед-Хаким Алим-хан тентиген дервиштерди жана кайырчыларды чогултуп алып, аларды мамлекеттин төөлөрүн кайтартып койгонун жазат. Ушул эле хан калк арасындагы ар кыл ырым-жырымдар менен күрөшкөнгө аракет кылган. Бирок ал суфий ордендери менен эмес, анын көз карашы боюнча тарикатка шек келтирген шарлатандар менен күрөшкөн. Буга далил катары Алим-хан өзү дервиш ордендеринин биринин мүчөсү болгондугун жана ак сарайда түндө уюшулган зикир чалууларга катышып тургандыгын келтирсек болот. Мына ушундай зикир түндөрүнүн биринде ханга кол салуу болгон, аны уюштуруучулар ханга кек сактап калган

---

[1] *Бахрушин.* С.В. История народов Узбекистана. С. 284.
[2] Цит. по: *Иванов П.П.* Очерки по истории Средней Азии. С. 186.

шейхтер болсо керек[1]. Ошондой эле саясатка чоң таасирди «диний кызмат аткаруучу сословие» расмий дин кызматчылар дагы көрсөтүшкөн. Андайларга мечиттердин жетекчилери (имамдар), соттор (казылар), медресенин окутуучулары (мударристер) кирген.

***Жыйынтык.*** *XIX кылымдын башында Борбордук Азиянын үч негизги саясий субьекти болгон – Бухара эмираты, Кокон жана Хива хандыгынын саясатында ислам фактору маанилүү роль ойногон. Бул мамлекеттерде акырындап дин кызматкерлери менен саясий аппараттын ортосундагы чек ара жоюла баштаган. Ошол эле учурда аймактагы башкы ислам борбору болууну каалоо дайыма Бухар эмираты менен Кокон хандыгын саясий жана согуштук кагылышууларга түрткөн.*

**Параграфтын суроолору:**

1. XIX кылымдын биринчи жарымында Бухара эмираты, Кокон жана Хива хандыктары Борбордук Азиянын кайсы аймактарында жайгашкан?
2. Дин кызматчылары бул мамлекеттердин саясатында кандай орунду ээлешкен?
3. Аталган мамлекеттердин кайсынысы аймактын диний лидеринин орду үчүн күрөшкөн?
4. Ошол мезгилде суфий тарикаттарынын аймактагы таасири кандай болгон?

## 2.2. «Чоң оюндагы» ислам фактору

XIX кылымдын биринчи жарымында Борбордук Азиянын салттуу саясий процесстерине дагы бир глобалдуу, геосаясаттык – «Чоң оюн» кошулду, б.а. Британия менен Россиялык империялардын атаандаштыгы пайда болду. Орус империясынын Борбордук Азиянын түндүк аймактарындагы исламга кылган мамилеси жана аймактык саясатында исламдык факторду эсепке алуусу жөнүндө жогорудагы бөлүмдө сөз кылдык. XIX кылымдын башында мында эч нерсе олуттуу түрдө өзгөрүлгөн эмес. Орус бийликтери ошону менен региондун түштүгүндөгү исламдык мамлекеттерге кылдат, аяр мамиле жасашкан.

[1] Иванов П.П. Очерки по истории Средней Азии. М.: Изд-во Восточной литературы, 1958.С.186.

Анткени Великобритания Россияга каршы борбордук азиялык саясатта исламдык факторду колдонгонго аракет кыларын түшүнүшкөн. Алардын кооптонуусу жөн жерден болгон эмес, анткени британиялыктар ырас эле исламдык факторду «Чоң оюнда» Россияга каршы пайдаланышты жана муну ар кыл түрдө жасашты.

Биринчиден, Борбордук Азияда шпиондук кылуу жана диверсия жасоо үчүн англиялыктар британия таажысынын букаралары болгон индиялык мусулмандарды колдонушкан, алар тийиштүү деңгээлде үйрөтүлгөн жана даярдыктан өтүшкөн. Алсак, Гиндукушка барчу ашуулардын топографиялык сүрөттөрүн жасап жүрүшкөн британиялык армиянын офицерлери Бэрслем менен Стэрттин күбөлөндүрүүсү боюнча, өздөрүнүн саякаттары учурунда алар англиялык агенттер – индиялык мусулмандарды көп эле жолу кездештиргенин жазышат. «Алар Орто Азиядан британиялык Индияга Бухара, Хива жана Кокон хандыгындагы жагдайлар боюнча көптөгөн маалыматтар менен кайтып баратышкан болор эле. Бул агенттердин арасында капитан Далгеттинин жетеги менен Индияда англиялык бийлик уюштурган атайын чалгындоо мектебинин мурунку окуучулары дагы болушкан»[1].

Экинчиден, англиялыктардын өздөрүнө дагы көп жолу борбор азиялык мамлекеттерге атайын миссия менен барганга туура келген. Бул өлкөлөрдүн саясий элитасы менен сүйлөшкөндө англиялык шпиондор сөзсүз түрдө исламдык факторду эске алышкан жана өздөрүн көбүнчө мусулмандар катары көрсөтүшкөн. «Чоң оюн» боюнча көрүнүктүү британиялык адис Питер Хопкирк англиялык шпион Чарльз Кристи 1810-жылы «Меккеден кайтып келе жаткан мусулман ажынын кейпин кийип жүрүүнү чечкенин» жазат. Анан бир жерден жергиликтүү молдо аны менен теологиялык тартышка түшүп калганда, айласы абдан кетип, аз жерден билинип кала жаздаган. Бирок ал молдого «сизге окшоп шиит эмес, суннитмин» деп жооп берип, кутулган экен[2].

Бул үзүндүдөн англиялыктар куулук менен алдамчылыкка басым коюп, исламды жакшылап үйрөнүүгө көңүл деле бурушпагандыгын байкасак болот. Айрыкча бул башка шпион, Поттинжердин окуясынан айкын көрүнөт. Ал элге өзүн кадыр-барктуу ислам аалымы катары

---

[1] *Халфин Н.А.* Политика России в Средней Азии (1847–1868). М.: Изд-во восточной литературы, 1960. С. 28.

[2] *Hopkirk P.* The Great Game on Secret Service in High Asia. L.: John Murray, 1997. P. 73.

көрсөткөн. П.Хопкирк жазгандай: «ошол кечте кыштактын аксакалдары, сардардын өзү баш болуп, Поттинжердин үйүнө келишти. Ага ар кыл маселелер менен кошо диний суроолорду дагы беришкен. Поттинжер өзүн диний авторитет катары көрсөткөндүктөн, анын көз караштары адамдар үчүн абдан кызыктуу болуп, анын пикирин сыйлап угушкан. Мусулман теологиясы боюнча таптакыр караңгы болсо дагы, лейтенант саймедиреп сүйлөп, башкаларга күмөн жараткан эмес»[1].

Үчүнчүдөн, англис агенттери борбор азиялык бийликтерге өздөрүнүн кейпинде келишкенде, исламды абдан урматтаганын билдириш үчүн ар кыл айла-амалдарга барышкан. Мисалы, Бернс деген агент 1832-жылы Бухарага кириш үчүн Бухаранын Куш-бегине (улуу вазир) кат жазып, анда «Исламдын мунарасы» же «Ишенимдин кымбат асыл ташы» деген өтө эле жогорку эпитеттерди ага карата колдонгон. Экөө жолугушканда вазир андан Кудайга ишенесиңби деп сурайт жана андан кийин буркандарга табынбайсыңбы дейт. Анын бул жоромолун Бернс чечкиндүү түрдө четке кагат. Анан вазир Бернстен чочконун этин жейсиңби деп да сураган. Бернс бул суроого өтө абайлап жооп бериш керек экендигин билгендиктен: «Биздин кээ бирөөлөрүбүз аны жешет», - деп мойнуна алып, бирок көбүнчө аны кедейлер жешет» деген[2].

Дагы бир англиялык шпион полковник Стоддарт Бухарада кармалып калган жана машайакчылыктан калп эле баш тартып, исламды кабылдаган, бирок бул аны өлүм жазасынан бошоткон эмес.

1853–1856-жылдардагы Крым үчүн болгон орус-түрк согушунда Англия каапырлар менен күрөшүш керек деген ураандар менен борбордук азиялык мамлекеттерди Россияга каршы тукурууда Түркияны колдонгусу келген.

Ошентип, 1853-жылдын аягында Борбордук Азиянын ар кыл райондорунда Осмон империясынын эмиссарлары пайда болду. Алар Бухара, Хива жана Коконду Россия империясына кол салууга чакырган түрк султанынын чакырыгын алып келишкен.

Ошондуктан дал ушул кезде он эки миңдей кокон аскери Перовский фортуна чабуул койгону бекеринен эмес. Кокон аскерлеринин мизи кайтарылып, артка чегинет. Муну падышалык бийликтегилер Кокондун

[1] *Hopkirk P.* The Great Game on Secret Service in High Asia. P. 79–80.
[2] Цит. по: Ibid. P. 159.

гана эмес, Англия менен Осмон империясынын дагы жеңилиши деп эсептеп абдан кубанышкан.

Оренбургдук генерал-губернатор В.А. Перовский Россия империясынын тышкы иштер Министрлигине кокондуктардын жеңилиши жөнүндөгү айың кеп бүт аймакка тарайт жана «түркиялык жана англиялык өкмөттөрдүн Бухара менен Хивада бизге каршы козутуп жаткан ушактарын азайтканга жардам берет» деп билдирген[1].

Борбордук Азиядагы англиялык-түрк эмиссарларынын жигердүү аракеттери падышалык өкмөттү британиялык же түрк аскерлеринин аймакка кирип келишинен кооптондурган. Мисалы, «Чоң Ордонун кыргыздарынын» б.а. казактардын Улуу Жүзүнүн орус башкаруучусу 1855-жылы 23-январда Батыш-Сибирдик генерал-губернатор Г.Х. Гасфордго 1854-жылдын аягында бухаралык эмирге англиялык элчи келгендигин кабарлаган. Бул элчи британиялык аскердин Афганистандан Бухара аркылуу түндүккө, орус чек арасына өтүп кетишине уруксат беришин суранган. Эмир башында анын бул өтүнүчүн четке каккан имиш, бирок «англиялык элчи ага түрк султанынын катын бергенде гана уруксат бериптир»[2].

***Жыйынтык.***

*Борбордук Азияда ислам фактору «Чоң оюндун» эки негизги катышуучулары менен тең эсепке алынган. Жергиликтүү башкаруучуларды жана саясий элитаны өз жагына тартып алуу үчүн ар бир империя – Россия дагы, Британия дагы исламга болгон сый-урмат мамилесин көрсөтүшкөн. Мамилелерди түзүү үчүн Орусия өзүнүн эле мусулман жарандары болгон татарларга таянса, британдыктар Борбордук Азияга индиялык мусулмандарды жиберип турган. Бирок Россияда чын эле исламды урматтаса, британдыктар сыртынан гана сый мамилени көрсөтүшкөн. Көбүнчө бул өз жемиштерин апкелгени менен, кээде Стоддарттын окуясындагыдай жаман бүткөн. Ал эми борбор азиялык мамлекеттер болсо «көп багыттуу» саясат жасап, дароо эки жакка тең багыт алганга аракет кылышкан.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Борбордук Азиядагы «Чоң оюн» деген эмне?

[1] *Халфин Н.А.* Политика России в Средней Азии (1847–1868). С. 49–50.
[2] Ошондо. 51-б.

2. Британия империясы региондогу саясатында ислам факторун кантип колдонгон?

3. Россия менен тирешүүдө британиялыктар Борбордук Азия мамлекеттерине кандай роль беришкен?

## 2.3. XIX кылымдын экинчи жарымында Россияга Борбордук Азиянын кошулуу процессиндеги исламдык фактор

XIX кылымдын экинчи жарымында орусиялык-британиялык тирешүүлөр бир топ эле күчөп кетти. Өзгөчө бул Крым согушу учурунда көрүнгөн, анда Великобритания саясий басым жасоодон согуштук чабуулга өткөн болчу. Крым согушунда Россия жеңилип калгандан кийин Борбордук Азиядагы анын позициясына Великобританиянын чабуулу күчөгөн.

1856-жылы Бухарада индиялык жана афгандык соодагерлердин кейпин кийген британдык эмиссарлардын тобу пайда болушуп, алар соода байланыштарынын абалы жана перспективаларын талкуулоо менен эле чектелишкен эмес. Ошол кездеги документтерде миссия көбүнчө «англиялык офицерлерден туруп, эмирди британиялык өкмөт менен тыгыз байланыш курууга көндүрүү максатын көздөгөндүгү кабарланган».

Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө басым Бухаранын куралдуу күчтөрүнүн жакшырышы жана аларды заманбап курал-жарактар менен куралдандыруу болгон. Эмир Насруллага «аскерлерди үйрөтүү үчүн англиялык офицерлер сунуш кылынган». Британиялык тарап дагы өзүнө өлкөгө «куралдарды жана артиллерияны» алып келебиз деген милдеттенме алышкан. Ал эми бухара бийликтеринен бухара базарына «орус көпөстөрү сунуш кылган баадан төмөн» сатыла турган англиялык өндүрүштүн товарларын эркин алып киргенге мүмкүнчүлүк берүүнү талап кылышкан жана «Амударыяда кеме алып кирүүгө» укук сурашкан[1].

1857-жылы Коконго эки тараптуу жашыруун англия-кокон келишимине ылайык, артиллеристтерди жана жөө аскерлерди окутуу, коргонуу курулуштарын куруу менен алектенген британ офицерлеринин тобу келген. Ошол эле офицерлер Британ Индиясынан курал-жарак жеткирүүнү уюштурушкан. Соода элчиликтерине жамынган англиялык

---

[1] *Ниязматов М.* Шпионаж, дезинформация, подкуп. Англо-русское противостояние. URL: http://www.apn.ru/publications/article22560.htm

миссиялар Хива хандыгына кирип, мурдагыдай эле Англия менен аскердик союзду түзүү жөнүндө жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, курал-жарак жана ок-дары, айрыкча артиллериялык курал-жарактар менен армияга заманбап согуш ыкмаларын үйрөтүүдө ж. б. акысыз жардам берүүнү убада кылышкан.

Мындай башкаруучу кландардын башчыларына пара берүү системасы Хива, Бухара жана Кокондун башкаруучуларын Россия менен болгон мамилесин толугу менен бузууга жана саясий багытын Англияга же анын Жакынкы жана Орто Чыгыштагы союздаштарына багыттоо үчүн системалуу түрдө колдонулган[1].

Мына ушуга байланыштуу орус геосаясатынын түштүк, анын ичинде борбордук азиялык багыты олуттуу гана эмес, улуттук коопсуздук үчүн өтө маанилүү болуп калган. Россия Борбордук Азияга бүт күч-аракетти топтоого мажбур болгон. Анткени баарынан мурда өзүн британиялык коркунучтан сактап, Тянь-Шань, Памир, Гиссар-Алай жана Гиндикуш табигый тоо кыркаларына Англия жете электе барып бекемделип калгысы келген.

Россия жана Европадагы замандаш адамдар дагы ушуну ырасташкан. Алсак, француз тарыхчысы Э.Оман минтип жазат: «Орусиянын Борбордук Азиядагы колониялык саясаты жана колониялык басып алуулары көп жагынан Крым согушунун кесепеттеринен улам болгон: Европадагы басып алууларына чек коюлуп, жеңилүүнүн ызасын тарткан Россия Чыгыштан намысын калыбына келтирип гана тим болбостон, жаңы европалык жаңжал боло турган болсо, өзүнүн эң өжөр душманы болгон Англиянын кызыкчылыктарына түздөн-түз коркунуч туудура турган позицияларды издегенге аргасыз болгон»[2].

Ошону менен катар Борбордук Азиянын түштүк, отурукташкан аймактарына улам жылган сайын орус аскерлери мусулман дин кызматчыларына жана жалпысынан эле исламга абдан урмат менен мамиле кылышкан. Мисалы, генерал М.Г. Черняев Ташкентти аскери менен басып алгандан кийин, ал «Ташкенттин мусулмандарынын башчысынын үйүнө барган, башын ийип таазим кылуу менен бул шаарга

---

[1] *Ниязматов М.* Шпионаж, дезинформация, подкуп. Англо-русское противостояние.

[2] *Оман Э.* Иностранная политика России // История XIX в.: под ред. Лависса и Рамбо. М.: ОГИЗ, Государственное социально-экономическое издательство, 1938. Т. 6. С. 99.

келгенде аксакалдардын шаар иштерин башкаруусуна тоскоол кылбасын жана диний жашоого аралашпай тургандыгын билдирген. Кокон хандыгынын койгон салыгына калктын аябай нааразычылыгын билгендиктен, ал баарын бир жыл бою ар кандай салык төлөөдөн бошоткон»[1].

Андан кийин М.Г. Черняев шаардын кадырлуу өкүлдөрү – Хаким кожо, Абдурахман эшен жана Салихбек Ахун домулла менен сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Көрүнүп тургандай, алардын арасында расмий дин кызматчылар да, суфий башчылары да болгон. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында эки тарап тең шаардын калкы өз ишенимин сактап, бардык иштер шариат мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырылышы керек деген милдеттенмеге кол коюшту. Генерал шаардагы абалды жөнгө салганга умтулуп, тургундарга кайрылып, алардын ишенимин, үрп-адаттарын жана мүлкүн сактап калууга убада берген[2].

Ал тургай, Россияга жана анын аймактагы иш-аракеттерине аябай терс мамиле кылган англиялык авторлор да «Черняев менен анын аскерлеринин ачыктыгы жана боорукердиги, кең пейилдиги буга чейин орустарды дээрлик адам жегичтер катары көрсөткөндөрдүн көпчүлүгүн багындырбай коё алышкан жок. Бул сонун саясат болчу» деп моюндашкан[3].

Орус мамлекетинин чек арасынын кеңейиши жана жаңы аймактарды геосаясат жактан өздөштүрүү крайдын (өлкөнүн) административдик түзүлүш маселесин тез аранын ичинде чечилиш маселесин койду. Александр II 1867-жылдын 14-июлунда Түркестан генерал-губернаторлугун түзүү жөнүндө жарлык чыгарып, анын курамына эки облус – Сырдарыя жана Жетисуу кирген. Генерал-губернатор болуп генерал-адъютант К.П. Кауфман региондогу саясий жана экономикалык маселелерди чечүүдө зор ыйгарым укуктарды алган. Анын башкы штаб-квартирасы Ташкентте жайгашкан.

Америкалык тарыхчы Адиба Халиддин пикири боюнча, Түркестандагы орус саясатына биринчи генерал-губернатор К.П. Кауфмандын инсандык жүзү терең из калтырган. 1867-жылдан 1881-жылы өлгөнгө чейин кызматта турган К.П. Кауфман исламга абдан урмат-

---

[1] *Hopkirk P.* The Great Game on Secret Service in High Asia. P. 159.
[2] *Рахимов Ж.* История Узбекистана. Ташкент: Узбекистон, 2001. С. 89.
[3] *Hopkirk P.* The Great Game on Secret Service in High Asia. P. 159.

сый менен мамиле кылган жана ага каршы жасалган ар кандай зордук-зомбулук же кемсинтүү аракеттеринен баш тартууну талап кылган[1].

Алсак, Н.Н. Кноррингдин айтканы боюнча, Россиянын позициясын ал жергиликтүү калктын өкүлдөрүнө мындай деп түшүндүргөн: «Орус мыйзамы ар бир киши тынч, ак ниет жашап, сыйынып, иштеп, байышын талап кылат. Ар бириңер мыйзам талап кылгандай жашап, атаңар үйрөткөндөй Кудайга сыйынгыла. Кудай бирөө эле, орустар дагы, мусулмандар дагы – бир Кудайга сыйынышат; орустун мыйзамы эч кимдин абийирин мажбурлабайт, Кудайга мындай сыйын, андай сыйынба дебейт. Ал бир гана жакшы, адилет жашоону талап кылат»[2].

Мына ошондуктан Россияга кошулган аймактардын калкы мурункудай эле жергиликтүү мыйзамдарга баш ийишкен. Бирок орус бийлиги отурукташкан жана көчмөн калкты ачык ажыратышкан.

Көчмөндөр шариатка караганда салттарды көбүрөөк кармангандыктан, аларга салттардын мыйзамы – адатты жетекке алуу сунушталган. Отурукташкан калк ислам динин карманган, шариаттын бийлиги астында болушкан. Бул эки форма тең жергиликтүү ак сөөктөр тандап алган соттор тарабынан көзөмөлгө алынган. Адат соттору – бийлер, ал эми шарият соттору – казылар 25 жаштан жогору, атайын белгилүү бир квалификациясы бар жергиликтүү эркектерден тандалып алынган. Шариаттык соттор Россиялык империяга киргенден кийин дагы Борбордук Азиянын отурукташкан аймактарында уламалардын орчундуу таасирин сактап калганга жардам берген.

Бирок Орусиянын узак мөөнөттөгү түпкү максаты Борбордук Азиянын экономикасынын жана агартуу иштеринин өнүгүшү болгон. Албетте, мындай шарттарда дин мамлекеттен ажыратылып бөлүнмөк, бирок бул акырындык менен ишке ашкан.

Уламалар аймактын Орусияга кошулушуна ар кандай мамиле кылышкан. Кээ бир учурларда алар орус аскерлерине куралдуу каршылык көрсөтүшкөн. 1866-жылы Бухаранын эмири Музаффар-хан орус аскерлери борбор шаардын жолунда турган Жизак калаасына жакындап келишкенде эч кандай чара көргөн эмес. Шаардык медреселердин уламалары анын ак сарайынын дарбазасына чогулуп келишип,

---

[1] *Халид А.* Ислам после коммунизма. Религия и политика в Центральной Азии. М.: Новое литературное обозрение, 2010. С. 60–61.

[2] *Кнорринг Н.Н.* Генерал Михаил Дмитриевич Скобелев // Белый генерал. М.: Патриот, 1992. С. 48.

баскынчыларга каршылык көрсөтүүсүн талап кылышкан. Ушундай эле толкундоолор Самаркандда дагы болгон. Бул митингдер баш аламандыкка чейин өсүп кетип, эмирдин аскери тарабынан ырайымсыздык менен басылды, ошондо медреселердин көп окуучулары менен кадырлуу уламалар өлтүрүлгөн[1].

1868-жылы мартта орус армиясы Зеравшан дайрасына карай келгенде бухара дин башкармалыгы Орусияга ыйык согуш болгон газават фатвасын жарыялашкан. Бул жолу эмир уламаларды колдогон. 1868-жылы апрелде бухаралык аскерлер анын колбашчылыгы астында Самарканд аймагындагы Зеравшан дарыясынын жээгине жакындап келишкен. Ал жакка К.П. Кауфман башындагы орус армиясы жетип барган. Бул уруш бухаралыктардын чегиниши менен аяктаган. Самаркандда болсо ошол кезде жоокер эмирди колдогон дин кызматчылар менен Орусияга кошулууну көздөгөн соодагер-кол өнөрчүлөрдүн ортосунда күрөш күчөдү. Шаардыктар чегинип бараткан бухаралык аскердин алдында калаанын дарбазасын жаап салышкан. Ал эми 1868-жылы майдын башында орус отряддары шаарга келишкенде Самарканддын дарбазалары ачык болуп, ал согушсуз алынган[2].

Бирок, уламалардын согушчандыгынын ушул сыяктуу мисалдары 1860-жылдары гана, активдүү согуш аракеттери учурунда байкалган. Россия аймакта бекемделип жана Бухара менен Хива мамлекеттүүлүгүн сактап калгандан кийин, дин кызматкерлеринин маанайы өзгөрдү. Тез эле уламалардын көпчүлүгү ханафиттик мазхабдын жергиликтүү вариантына мүнөздүү болгон эски салтка кайрылышты. Ал боюнча эгер кандай гана бийлик болбосун, шариатты карманса, анда аны мыйзамдуу деп кабыл алуу керек эле. Бул принцип XVI кылымда эле Фазлуллах Рузбихандын эмгегинде иштелип чыгып, эч ким тарабынан талашка алынган эместигин мурда сөз кылганбыз.

Ошентип, аалымдардын көз карашы боюнча орустардын башкаруусу шариатка кол салбаса жана мусулмандардын жамаат катары исламды эркин тутууга укугу сакталып калса, анда легитимдүү болуп саналган. Атүгүл, Адиба Халид айткандай: «алар орус бийлиги

[1] *Халид А.* Ислам после коммунизма. С. 62.

[2] *Терентьев М.А.* Россия и Англия в Средней Азии. СПб.: Типография П.И. Меркульева, 1875. С. 28–29.

менен абдан жигердүү кызматташкан, алардан мамлекеттик сыйлыктарды жана урматтоолорун сүйүнүп кабыл алышкан»[1].

Орус империясынын курамында жарым кылым өткөндө Борбордук Азияда соода айыл чарбасы пайда болуп, соода гүлдөп өнүгө баштаган. Анын натыйжасында шаарлар өсүп, экономикада орчундуу өсүүлөр болгон. Андыктан ушул кезде Борбордук Азияда көп жаңы медреселер менен мечиттер курулган. Жергиликтүү калктын жашоосуна кийлигишпөө саясаты мусулмандарды өз алдынча түпкү, өзгөчө жамаат катары кабыл алууга жол берди. Бул турмуштук өзгөчөлүктөрдүн сактоочулары деп уламалар өздөрүн көрсөтүшкөн.

Россиянын протекторатынын алдында калган мамлекеттерде иштер бир аз бөлөкчө болгон. Мисалы, Бухара консервативдик исламдык ортодокстордун тиреги деген кадырлуу наамга ээ болчу. Орусия Бухараны толугу менен баш ийдирүүдөн исламдык радикализмди пайда кылабыз жана ошондо таптакыр башкара албай калабыз деп (ал кезде «фанатизм» дешчү) кооптонуп баш тарткан. Россия бийликте монарх-мусулман адам калса, мусулмандар тынчыраак болот деп чечишти. Эмир Музаффар өз букараларынын алдында ислам салттарынын акыркы коргоочусу катары турса, орус бийлигинин алдында исламдык калктын радикалдашып кетпешинин кепилдиги катары болду.

Өз абалын колдонуу менен Музаффар бийлигин уламалардын үстүнөн бекемдеп, аларды баш ийдирип алган. Ошол эле учурда ал ак сарайга намаз окугандарды чакырып, медреседе окугандарга стипендия төлөп берген. Дин өкүлдөрүн ар кыл посттор менен кызматтарга дайындаган.

Уламалар ушундай абалды кабыл алышканы менен, аягына чейин моюн сунушкан эмес. Кээде алар эмирдин демилгелерин жактырышпаган учурлары болгон, кээде алар боюнча коомдук диспуттарды уюштурушкан. Орусия Бухаранын маданий жана диний жашоосуна эч кандай кийлигишпегендиктен бул шаар Борбордук Азиядагы ислам аалымдарынын башкы борбору болуп кала берген. Ага мурункудай эле бүт аймактан жаш уландар келип окуп турушкан.

Ошондой эле Россияга кошулууну диний авторитеттердин башка бир тобу – эшендер дагы бирдей кабыл алышкан эмес. Бул кезде алар диний гана эмес, коомдук-саясий жашоодо дагы маанилүү роль ойношкон. Анткени алар дипломатиялык өкүлдөр, идеялык шыктандыруучулар

[1] *Халид А.* Ислам после коммунизма. С. 65.

жана кээде этникалык топтордун же куралданган отряддардын жетекчиси катары да чыгышкан.

XIX–XX кылымдардын аягында эшендер менен суфийлик тарикаттардын мындай активдүүлүгү орус империясынын бийлигине жаккан эмес. Кээ бир эшендер өздөрүнүн орустарга каршы көз карашын жашырбаган, андыктан аларды кээде чет өлкөлүк агенттер катары көрүшкөн. Буга мисал катары Курбанмурад эшенди алсак болот. Ал 1870-жылдары бийлик үчүн күрөштө тильки жана ганжик деген түркмөн урууларын кагыштырып, кандуу салгылашты уюштурган. Бир аз убакыттан кийин ал каапырларга каршы күрөш желегинин астында 1880–1881-жылдары Геок-Тепеде текин-орустардын согушунун башкы идеологу катары чыккан.

Анжиянда 1898-жылы болуп өткөн көтөрүлүш, анын жетекчиси Мухаммад-Али-калпа (Дукчу-эшен) В.В. Бартольддун пикири боюнча бийликтин гана эмес, көп изилдөөчүлөрдүн дагы көңүлүн эшенчиликти изилдөөгө бурду[1]. Дукчу-эшен Россияга газават жарыялап, өзүн түрк султаны Абдул-Хамид II нин жолдоочусу деп жарыялап, аймакта исламдык мамлекет курганга чакырган.

Ошондуктан көтөрүлүштөн кийин өзүнүн билдирүү кабарында генерал-губернатор С. Духовский: «...суффизм көп жагынан биз үчүн зыяндуу болуп көрүнөт» деп жазганы таңгаларлык эмес[2].

Буга байланыштуу расмий дин башкармалыгынын жардамы менен аймакты андан ары исламдаштыруу орус бийликтегилери тарабынан колдоо тапкан. Алар өздөрүнө берилген мусулман дин кызматкерлери аркылуу социалдык-саясий процесстерди көзөмөлдөп туруу оңой болот деп эсептешкен.

Ушул максатта бул аймакка волгалык татарлардын көчүп келүүсүн абдан колдошкон. XVIII кылымдагыдай эле падышалык бийлик татарлар орус идеяларын Борбордук Азия элдерине жеткире турган канал болот деп үмүттөнгөн. Татарлардын таасири менен Борбордук Азияда жадиддердин кыймылы пайда болуп калыптанган, алар кийинчерээк аймактын саясий маданиятынын калыптанышына чоң таасир тийгизишкен.

---

[1] *Бартольд В.В.* Сочинения. М., 1966. Т. 6: Работы по истории ислама и арабского халифата. С. 675.

[2] Караныз.: Ислам в Туркестане: всеподданнейший доклад Туркестанского генерал-губернатора Генерала от Инфантерии Духовского. Ташкент, 1899. С. 131.

***Жыйынтык.*** *XIX кылымдын экинчи жарымында аймактын жарымы Орусиялык империяга, ал эми жарымы – Бухаралык эмират, Хива хандыгынын протектораттын астына кириши менен Борбордук Азиянын саясий абалы түп-тамырынан бери өзгөрүлгөн. Бирок исламдын позициясы бардык жагынан бекем бойдон калды.*

*Орус өкмөтү мажбурлап христиан динине киргизген жок, тескерисинче, жергиликтүү калктын исламды эркин карманууукугун ачык белгиледи. Ал эми Бухара мурункудай эле бүт аймактын эң маанилүү исламдык борбору бойдон кала берди. Өз жагынан расмий дин кызматчылар дагы негизинен орус бийлигин тааныды жана аны менен жакшы кызматташты.*

*Алардан айырмаланып, өз саясий жана экономикалык таасирин жоготуп бараткан суфийлик эшендер бул кезде жаңы тартипке карата исламдык ураандар менен чыгышкан. Бирок алар калктын калың катмарын козгоп, ээрчите алган жок, анткени падышалык бийлик элдин диний жашоосуна кийлигишкен эмес.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Борбордук Азияны Россия империясына киргизүүнүн себептери эмнеде?
2. Орусия офицерлери менен чиновниктери исламга жана ислам дин кызматчыларына кандай мамиле кылышкан?
3. Эмне үчүн Бухара эмираты жана Хива хандыгы Орусиянын курамына кирбей, протекторат болуп калган?
4. Орто Азия уламаларынын орус бийлигине берилгендигине эмне менен түшүндүрсө болот?

## 2.4. XX кылымдын башында жадидизм Борбордук Азиянын саясий процесстеринде ислам факторунун көрүнүшү катары

XX кылымдын башында Борбордук Азияда уламалар, эшендер менен кошо эле саясатка ислам менен байланышкан дагы бир топ – жадиддер таасир эте баштаган. Жадидизм Россия империясынын мусулман, баарынан мурун түрк элдеринин ичиндеги маданий-реформатордук, агартуучулук жана коомдук-саясий кыймылы болуп саналган. Борбордук Азияда ал 1890-жылдары пайда болгон, бирок XX кылымдын башында кеңири таралган.

Реформатор-мусулмандардын тобу коомдогу прогресстин жыргалчылыгы үчүн иштөөнү өз жашоолорунун максаты деп

эсептешкен. Жадиддер молдолорго жана бардык мусулмандарга заманбап цивилизациянын артыкчылыктарын көрсөтүүгө аракет кылып, билим берүү жана агартуу жолу менен иш алып барууну каалашкан. Алар европалык цивилизациясы мусулмандардын алдына койгон маселелерди чечүү үчүн «ижтихад дарбазасын» ачуу зарылдыгын баса белгилешкен. Борбордук Азияда жадидизмдин белгилүү өкүлдөрү Мунаввар Кара Абдурашидханов, Махмудхожа Бехбуди, Файзулла Ходжаев, Абдурауф Фитрат, Саиднасыр Миржалилов болгон.

Алгач жадидизмдин негизинде мусулман мектептерине киргизилген окутуунун жаңы ыкмасы жана бир катар светтик предметтер жаткан. Андан тышкары жадиддер улуттук искусство жана адабияттын өнүгүшү, аялдардын тең укуктуулугу, диний ишмердүүлүктү реформалоо, мектептерде улуттук тилде сабак берүү үчүн чыгышкан. Алар артта калууну жеңүү үчүн агартуу тармагын жана административдик системасын реформалап, оңдоо керек деп эсептешкен. Бул максатты ишке ашыруу үчүн гезит-журнал чыгарып, жаңы усулдагы мектептерди ачып, көркөм труппаларды уюштуруп, өздөрү окуу китептерин, окуу куралдарын жазышып, өздөрүнүн идеяларын өздөрү ишке ашырып, балдарды окутуп келишкен.

XX кылымдын башында аймакта 100 дөн ашык жаңы жадиддик мектептер ачылып, аларда он миңге жакын окуучулар окушкан. Мектептер жадиддер түзгөн жаңы окуу куралдары жана программалары менен камсыз болушкан. Алардын мектептеринде сөзсүз түрдө окутула турган диний предметтерден тышкары арифметика, тарых, география, табият таануу өңдүү сабактарды окутушкан. Мисалы, жадид кыймылынын башчыларынын бири Мунавар Кары Абдурашидхановдун өзү түзгөн программасында он предмет бар болчу: мурас укугу, арифметика, араб грамматикасы, дүйнөнүн географиясы, исламдын тарыхы, ыйык тарых, араб жана түрк орфографиясы.

Махмудхожа Бехбуди жадидизмдин ири өкүлү, жаңы усулдук мектептин теоретиги жана практиги гана эмес, Борбордук Азиядагы драматург, театр негиздөөчүсү, басмаканачы жана журналист дагы болчу. Ал руханий жашоонун учурдагы системасын түп-тамырынан бери реформалоо менен убакыттын талабына жооп бере турган прогрессивдүү жана жаңыланган жолду жетектөөгө жөндөмдүү жаңы кадрларды даярдоону баштоого аракет кылды. М.Бехбуди газета менен журнал чыгарып, алардын беттеринде жүздөгөн макала жазган.

Жадиддер үчүн исламды чыныгы түшүнүү кылымдар бою окумуштуу аалымдар түзгөн комментарийлер менен глоссарийлерсиз эле жазма ислам булактарына түздөн-түз кайрылуу болгон. Исламдын негизги тексттери – Куран менен Хадистер – эми бардык сабаттуу мусулмандар үчүн жеткиликтүү жана түшүнүктүү болуп саналган. Ал эми уламалардын кадыр-баркы исламдын ыйык тексттерин чечмелөө салттарын билгендигине негизделген болчу.

Жадиддер медреселерде көптөгөн жылдар бою окутулуп келген чечмелөө салтын четке кагышкан. Бул жадиддер менен уламалардын ортосундагы олуттуу кагылышууга алып келди. Жадиддер менен талашып-тартышкан улама-консерваторлор коомдун жетиштүү бай жашаган катмарынан колдоо табышкан, анткени байлар жадиддердин айынан өздөрүнүн абалы ылдый түшүп кетиши мүмкүн деп коркушкан эле.

Борбордук Азиялык көпөстөр өз балдарын орус тилинде жана ар кыл илимдерге окута алышканы менен жадиддер айткандай, коомду реформалоонун зарылчылыгын көрүшкөн эмес. Анын үстүнө жадиддердин баары жаштар болушкандыктан, салт боюнча улууларды сыйлаган коомдо аларды олуттуу кабыл алышкан жок. Ошого карабай, жадиддер Борбордук Азиянын коомдук-саясий жашоосунда байкаларлык из калтырышты. Басма гезит-журналдар, театр, сабак берүүнүн жаңы усулдары салттык иретти бузуп, уламалардын кадыр-баркына шек жаратты.

Бирок изилдөөчүлөр көп учурда прогрессивдүү жадиддерди консервативдүү дин кызматкерлерине карама-каршы коюшкандыгы менен бул конфликт исламчылар менен секуляристтердин күрөшү болбогондугун баса белгилей кетүү керек. Эки тарап тең диний жүйөлөрдү келтиришкен, алардын талашы ислам коомунун өнүгүшүнүн ар түрдүү сценарийлеринин атаандашуусунда гана турган[1]. Демек, исламдын саясатка тийгизген таасири дайыма эле бирдей эмес жана көп нерсе чечмелөөдөн көз каранды.

Агартуу жаатында биринчи ийгиликтерден кийин жадиддер искусство, басма сөз, адабият, юриспруденция, ден соолук жана дин жаатында реформаларды өткөрүүнү сунуштай башташкан. Кийинчерээк алар маданий жактан өнүккөн өлкөлөрдүн мисалында бүт социалдык жана

---

[1] *Халид А.* Ислам после коммунизма. С. 74-75.

экономикалык системаны реформалоону каалашкан. Исламдык жаңычылдардын реформатордук импульсу салттык деспотияларды чектөө аркылуу гана мусулман өлкөлөрүн жарым-жартылай саясий жактан жаңылантуу мүмкүн экендигин түшүнүүгө алып келген.

Жадиддердин көз караштарынын саясатташуусу XX кылымдын алгачкы он жылдыктарындагы 1905–1907-жылдардагы биринчи орус революциясы, 1905–1911-жылдардагы Ирандагы конституциялык революция, 1907–1908-жылдардагы Осмон империясындагы кичинекей революция, 1911–1912-жылдардагы Кытайдагы синьхай революциясы, ошондой эле Индиянын түндүк ислам аймактарындагы митингдердин таасири астында өткөн.

Бул багытта жадиддердин теоретиги жана идеологу Абдурауф Фитраттын чыгармачылыгын мисал катары көрсөтсөк болот. Ал билим берүүнүн реформасы үчүн эле чыккан эмес, өзүнүн чыгармачылыгында эмирдик Бухаранын социалдык-экономикалык жана саясий жагдайын ашкерелеген.

Мына ушундан улам Фитрат кардиналдуу максат койгон. Ал коомдук-маданий жашоонун айрым жактарын гана реформалоо кылбастан, бүт мамлекеттик түзүлүштү реформалоо керек деген. Бул өзгөчө Фитраттын эки программалык эмгегинде – «Бухара мударриси менен Индиядагы европалыктын ортосундагы жаңы усул мектептеринин артыкчылыктары тууралуу талаш» (1910) жана «Азаттыкка чыгууга жол көрсөткүч» (1915) аттуу эмгектеринде айкын көрсөтүлгөн.

Эл аралык-саясий планда жадиддер пантүркисттердин идеяларына жана Түркия менен мамилелерди өнүктүрүүгө багытталышкан. Бирдиктүү борбору жок болгондуктан, алар россиялык Түркестан шаарында жана Бухарада мыйзамдуу түрдө басылып чыккан айрым басмаканалардын, газеталар менен журналдардын, ошондой эле жаңы усулдук мусулман мектептеринин жана кайрымдуулук коомдорунун айланасында топтолушкан.

Кийинчерээк жадидизмден Борбордук Азиядагы саясий процесстерге олуттуу таасир эткен жаш бухаралыктар, жаш хивалыктар жана жаш афгандар деген токтоо-антимонархиялык жана реформисттик кыймылдар өсүп чыккан[1].

[1] Международные отношения в Центральной Азии: события и документы. М.: Аспект-пресс, 2011. С. 117.

Февраль революциясынан кийин жалпы революциялык энтузиазмдын толкунунда Борбордук Азияда исламдык мүнөзүн баса көрсөткөн бир катар саясий уюмдар түзүлгөн. Алардын ичинен эң ириси «Шура-и-Ислам» («Ислам кеңеши») Түркестандык жадиддердин түздөн-түз катышуусу менен түзүлгөн болчу. Уюм 1917-жылы марттын башында Ташкентте негизделген. Аны Борбордук Азиядагы жадиддердин башчыларынын бири, жогоруда айтылган М.К. Абдурашидханов жетектеген. Уюмда активдүү ролду М. Чокаев, А.В. Кори, М. Муминбаев, А. Темирбеков, С. Миржалилов ж.б. ойношкон[1]. 1917-жылы марттын аягында Шура-и-Исламдын бөлүмдөрү Түркестандын бардык шаарларында пайда болгон эле.

Партиянын башкы саясий талаптарынын бири болуп Орусиянын курамында Түркестандын улуттук-диний автономиясын түзүү эле. 1917-жылдын 16–23-апрелинде Шура-и-Исламдын курултайы болуп, ага анын 42 бөлүгүнөн келген делегаттар катышкан. Съезд Түркестандын маданий жана саясий өз алдынча башкармалыгы жөнүндө чечим кабыл алып, Убактылуу өкмөткө ишеним көрсөттү. Съездде «Түркестан мусулмандарынын крайлык кеңеши» шайланган.

Ошону менен бирге жадидчилер менен уламалардын ортосундагы Борбордук Азиядагы мусулман коомунун өнүгүш жолу жөнүндөгү талашы жаңы, ачык-айкын көрүнүшкө ээ болду. Алсак, бул уюмдун түзүлөр менен эле анда эки негизги фракция – жадидчилер менен уламачылардын өзгөчө бөлүнүп турушкан. Биринчилери буржуазиялык-демократиялык реформалардын жүрүшүн үчүн чыгышса, экичилери ортодоксалдуу исламдын жактоочулары болушуп, шариаттын эрежелери сакталышын талап кылып, европалык түрдөгү билим берүүдөгү реформага каршы болушкан.

Натыйжада жадидчилер жеңип чыгышкан дагы, уламачылар 1917-жылы июнда Шура-и-Исламдан чыгышып, өздөрүнүн Шура-и-Улема деген уюмун түзүшкөн.

Бул уюмдун катышуучуларынын арасында панисламизмдин, Түркестанды Орусиядан чыгарып, Түркиянын протектораты астында

[1] Гражданская война и военная интервенция в СССР: энциклопедия. М., Советская энциклопедия, 1987. С. 684.

бардык мусулмандарды бир жалгыз «мусулмандык мамлекетке» бириктирүү идеялары таралган эле[1].

Бир эле учурда Бухара эмиратында дагы жадиддер активдүү боло башташкан. Алардын эң уюшкан бөлүгү, жаш бухаралыктар, Россиянын саясий уюмдары менен байланышты түзүп, сабатсыздыкка белчесинен батып, административдик өзүм билемдиктен жапа чеккен эмираттан эң кеңири демократиялык реформаларды талап кылышкан.

1917-жылы, март айында Бухарада жаш бухаралыктар массалык түрдө митингдерди уюштурушкан. Ал эмирдин саясий системаны кичине эле реформалаган манифестти кабыл алуусуна байланыштуу болгон. Жаш бухаралыктардын бул иши дин кызматчыларынын жана эмират бийлигинин курч реакциясын жараткан. Партиянын башчыларынын көпчүлүгү репрессияга дуушар болуп, жашынууга аргасыз болгон. Мына ошондон кийин партиядагы жетекчилик күрөштүн активдүү ыкмаларына каршы чыккан «мурунку жадиддердин» өкүлдөрүнө өткөн.

***Жыйынтык.*** *Жадидизм Борбордук Азиянын саясий процесстеринде жаңы фактор болгон. Билим берүү системасын реформалоодон баштап, бара-бара жадиддер саясий талаптарга өтүшкөн. Кийинчерээк, алар саясий партияларды түзгөнгө чейин жетишишкен. Бирок алар ушуну менен бирге өздөрүнүн саясий көз караштарын диний жүйөлөр менен эле негиздеп, исламды биринчи орунга коюшкан.*

**Параграфтын суроолору:**

1.Жадидизм деген эмне?

2.Борбордук Азиянын жадиддери алгач кандай максаттарды коюшкан?

3.Аймактарда жадиддердин программаларынын саясатташып кетишине эмне таасир этти?

4.Борбордук Азиянын жадиддери февраль революциясын кандай кабыл алышкан?

[1] Гражданская война и военная интервенция в СССР. С. 684.

## 2.5. 1917–1926-жылдарда Борбордук Азияда жарандык согуш жана басмачылык менен күрөш убагында ислам факторунун саясатка тийгизген таасири

Октябрь революциясынан кийин Борбордук Азияда Россиянын бийлиги калктын алдында өз мыйзамдулугун жоготкон. Жергиликтүү ак сөөктөрдүн арасында пан-исламисттик жана пан-түрктүк идеялар кеңири тарай баштаган. Исламга каршы куугунтуктар, ислам – этникалык коомчулукка тиешелүү катары караган жергиликтүү жашоочулар тарабынан аймактагы элдердин этникалык өзгөчөлүгүн жок кылуу деп эсептелген.

Ошол себептен большевиктер бардык диндерге терс мамиле кылганына карабастан, совет өкмөтү бийлик кылган алгачкы жылдарынан баштап, Борбордук Азиядагы исламга прагматикалык мамиле кылууга аракет кылган. Анткен менен бул мамиле эки тараптуу болгон: бир чети кызматташууга умтулуу, ал эми башка жагынан – айыгышкан күрөш жүргөн. Ошентип, 1917-жылы 20-ноябрда жарыяланган РСФСР эл комиссарлар Советинин «Россиянын жана Чыгыштын эмгек кылган бардык мусулмандарына» деген кайрылуусунда: «Мындан ары силердин ишенимдер жана салттар, улуттук жана маданий мекемелер эркин жана кол тийгис болот. Улуттук жашооңорду эркин жана тоскоолдуксуз уюштура бергиле. Ушундай кылууга силердин укугуңар бар. Силердин укук, Россиянын бардык элдеринин укуктарындай эле революциянын жана анын бардык күч органдары – Жумушчулар, Солдаттар жана Дыйкан Депутаттарынын Кеңеши бүт күчү менен корголот»[1] – деген.

В.И. Ленин жана большевик өкмөтү Борбордук Азияда исламга кылынган мамиле эң биринчиден саясий болгонун жана анын натыйжасында жумушчулардын калың тобунун революцияга мамилеси аныкталарын билип иш алып барышкан. Совет өкмөтүнүн бийлигинин биринчи жылдарындагы кырдаалдар массалык динге каршы пропаганда жүргүзүүгө, исламды сындоого жол берген эмес.

РКП (б) Борбордук Комитетинин Орто Азия бюросу жашоочулардын диний сезимдерине аярлык менен мамилени кылууну, тактап айтканда, чыгыш Бухарада мекемелер ээлеп турган бардык мечиттерди тезинен

[1] Ислам в СССР. М.: Мысль, 1983. С. 7.

бошотуу сунуштаган[1]. Ошол эле учурда жергиликтүү партия органдары көпчүлүк дин кызматчыларынын эксплуататорлор менен тыгыз байланышын ачыкка чыгарууга өтө көп көңүл бөлүшкөн. Бул тууралуу Түркестан Компартиясынын Борбордук Комитетинин агитация жана пропаганда бөлүмүнүн бардык партиялык ячейкаларына жиберилген «Түркестан шарттарында динге каршы пропаганда тууралуу» деген агитацилык-пропагандалык тезистер күбөлөндүрөт[2].

Совет бийлигинин биринчи жылдары большевиктердин демилгеси менен ички иштер боюнча Борбордук мусулман комиссариаты, 1918-жылы Мусулман уюмдарынын Борбордук бюросу жана мусулман элдеринин арасында саясий иштерди күчөтүү үчүн Мусбюро түзүлгөн, 1919-жылы мусулмандар мусулман Кызыл Армиясына чакырылган[3].

Түркестан Коммунисттик партиясынын мусулман бюросунун (Мусбюро) 1918-жылы 17–29-декабрда Ташкентте өткөн Экинчи съездинде, Мусбюронун тандалган жетекчилеринин арасынан, партиянын Борбордук Комитетинин мүчөсү, кийинчерээк Фергана революциялык комитетинин председатели Низаметдин Ходжаев, Түркестан Совет өкмөтүнүн саламаттыкты сактоо комиссары, кийинчерээк улуттук иштер боюнча комиссар жана Эл комиссарлар Советинин мүчөсү Турсун Ходжаев, Түркестан Советинин аткаруу комитетинин президиумунун төрагасынын орун басары Турар Рыскулов катышкан.

Мусбюронун негизги максаты Түркестандын мусулман жашоочуларын социалисттик курулушка кийлигиштирүү, жергиликтүү аймактарда Совет бийлигин бекемдөө, басмачылар көзөмөлдөгөн аймактарда, басмачылардын корбашылары менен сүлөшүүлөрдү жүргүзүү аркылуу тынчтыкты орнотуу болгон. Мусбюро уюмдарына жадиддердин көп өкүлдөрү киришкен.

Мындан сырткары, РКП (б) Борбордук Комитети партиялык комитеттерден жана саясий бөлүмдөрдөн Чыгыш элинин арасында иш алып барууда, алардын жашоосунда чоң роль ойногон диний жана

---

[1] *Росляков А.А.* Средазбюро ЦК ВКП (б) (вопросы стратегии и тактики). Ашхабад, 1975. С. 62.

[2] Ислам в СССР. С. 8.

[3] *Беннигсен А., Лемерсье-Келькеже Ш.* Деятельность Центрального мусульманского комиссариата Советской России (страницы истории). URL: http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1131095220.

улуттук факторлорду дайыма эске алууну талап кылган. Коммунисттер Борбордук Азия элдеринин жашоосунда дин чоң орунду ээлегенин түшүнүшкөн. Ошентип, 1920-жылы РКП (б) Борбордук Комитети Чыгыш элдеринин арасында иш алып барууда «Диний калыптанган жалган түшүнүктөр менен күрөшүүдө этияттык кылуу керек. Аны менен динди түз четке кагып күрөшпөстөн, мектептерди, клубдарды, китеп окуу залдарын ачып, мусулман диний катмарынын класстык мүнөзүнө өзгөчө көңүл буруу менен тарыхты жана адамды таанып билүү боюнча агартуу иштерин жүргүзүү керек»[1] деген көрсөтмө берген.

В.И. Ленин «кыргыздар, өзбектер, тажиктер, түркмөндөр молдолорго баш ийгендиктен, молдолорду бийликтен түшүрүүгө мүмкүн эмес» экенин мойнуна алган жана «улуттун өнүгүүсүн, сөзсүз боло турган пролетариаттын буржуазия элементтеринен бөлүнүүсүн күтүү керек»[2] деген.

РКП (б) Борбордук Комитетинин башка резолюцияларында «өзүнчө бир диний топтор менен күрөшпөй, жалпысынан диний көз караш менен күрөшүү керек, диний фанатизмди ого бетер күчөтүп ишенүүчүлөргө тил тийгизбөө зарыл»[3] деген кеңештер айтылат. Мындай сунуштарды эске алуу менен партиялык уюмдар, өздөрүнүн мүчөлөрүнө намаз окууга уруксат беришкен.

Түркестан коммунисттеринин арасында ушул мезгилде ишенүүчүлөрдүн 44% түзгөн, ал эми кээ бир аймактарда, мисалы, Жетисуу аймагында 57% болгон. Ошентип, 1925-жылы Кыргызстанда айылдык партия ячейкаларын изилдөөдө, намаз убактысы келип калган учурда партиянын көп мүчөлөрү текшерүү процессин шаштырышкан. Партия органдары жергиликтүү органдарга мечиттерди ыңгайлаштыруу, ал жактарга калың элди топтоо, ал эми козголоңчуларды жоопкерчиликке тартып, керек болсо атууга буйрук кылынган учурлар кездешкен[4].

1922-жылы 18-майда РКП (б) Борбордук Комитети «Түркестан-Бухара иштери» тууралуу чечим чыгарган, анда кээ бир вакф жерлерин диний уюмдарга кайтарып берүү жана жергиликтүү сотторду калыбына

---

[1] См.: КПСС в резолюциях и решениях съездов и пленумов ЦК. М.: Политиздат, 1970. Т. 2. С. 147.

[2] Цит по: *Абдылдаев М.* Из истории религии и атеизма в Кыргызстане. Бишкек, 1991. С. 69.

[3] КПСС в резолюциях и решениях съездов и пленумов ЦК. М., 1984. Т. 3. С. 15.

[4] См.: *Табышалиева А.* Вера в Туркестане. Бишкек, 1993. С. 108–122

келтирүү (казы жана бий соттору деген мааниде), ошондой эле конфессионалдык мектептерди мыйзамдаштыруу каралган[1]. Ошону менен бирге совет бийлиги алгачкы жылдардан баштап эле коомдук жашоонун бардык тармактарында секуляризация өткөргөн.

Ошентип, Түркестан Компартиясынын Борбордук Комитети бардык партиялык ячейкаларга «Түркестандын шартында динге каршы пропагандасы» жана «Эшенчиликке жана башка диний агымдар менен күрөшүү» тууралуу тезистерин жиберген. Түркестан АССРнин эл комиссарлар кеңеши 1918-жылы 20-ноябрда «Чиркөөнүн мектептен, мектептин чиркөөдөн бөлүнүүсү» тууралуу декретти кабыл алган.

Анын негизинде мусулман уюмдарына тиешелүү мүлк (вакфтар) элдик менчик деп жарыяланган жана аны башкаруу үчүн Комиссариатта вакф бөлүмү түзүлгөн. Мектептерде дин боюнча сабактар жоюлган. Мындан сырткары Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин жана РСФСР Эл Комиссарлар Советинин «Катмарларды жана жарандык чиндерди жоюу» деген декретине ылайык мусулман дин кызматчылары ээ болгон артыкчылыктардын баары жоюлган. Дин кызматчылары, өзгөчө Шура-и-Улемге киргендери совет бийлигинин биринчи күндөрүнөн баштап эле саясий процесстерге таасирин жоготуп жатканын айкын сезип, советтик эмес мамлекет болуу демилгесин көтөрүп чыкканы бекеринен эмес.

1917-жылы 26–29-ноябрда (жаңы стиль боюнча 9–12-декабрь) Коконддо Өзгөчө кырдаалдар боюнча Төртүнчү кезексиз аймактык мусулмандар съездинде мусулман дин башкармалыгы жана жергиликтүү ак сөөктөрдүн өкүлдөрү Кокон автономиялык республикасын Россиянын курамында деп жарыялашкан. Ошондой эле съездде совет бийлигине каршы «ыйык согуш жарыяланган». Съезде мыйзам чыгаруучу орган – Түркестан убактылуу кеңеши жана автономиянын убактылуу Өкмөтү дайындалган.

Кокон Республикасынын буржуазиялык-улуттук өкмөтү Түркестанда Совет өкмөтүн жок кылууну, Кокон хандыгын калыбына келтирүүнү, Түркестанды Советтик Россиядан бөлүүнү жана мусулмандардын Түркиянын колдоосунун астында биригүүнү көздөгөн.

Чет элдик мамлекеттер тарабынан, өзгөчө Великобританиядан жигердүү колдоо көргөн автономия, бухара эмири атаман, Убактылуу

[1] Ислам в СССР. С. 13.

өкмөттүн өзгөчө кырдаалдар боюнча мурунку комиссары А.И. Дутов жана Хивин хандыгында аскер башчысы жана И.М. Зайцевке жолугушуп, Түркестандын Совет бийлигине каршы иш-аракеттери тууралуу макулдашкан. Калың элдин колдоосуна ээ болбогон улутчулдар Иргаштын жетекчилигинин алдында куралчан топторду түзүшүп, 1918-жылы январдын аягында ачык түрдө куралдуу күрөш башташкан. Адатта басмачылык кыймылдын башталышын ушул окуялар менен байланыштырышат.

1918-жылы 6–9-февралда (19–22) Кокон автономиясынын армиясы Кызыл Гвардия отряддары тарабынан талкаланган[1]. Иргаш Кытайга чегинген жана ошол жактан Фергана өрөөнүнө кол салып турган, 1920-жылдын башында ал М.В. Фрунзенин башчылыгы алдында совет аскерлери тарабынан толук талкаланган[2].

Бирок басмачылык кыймыл ушуну менен токтоп калган эмес. Белгилүү болгондой басмачылык (түрк тилинде «басмак» – тоноо, кол салуу, чабуул кылуу) – Борбордук Азияда совет өкмөтүнө каршы улуттук куралдуу күрөш. Революцияга чейин Борбордук Азияда кербендерге жана кыштактарга кол салган каракчыларды басмачы деп атагандыктан, куралдуу түзүмдөрдүн мүчөлөрү бул аталышты жактырышкан эмес, алар өздөрүн моджахеддер, б.а. газаваттын – каапырларга каршы мусулмандардын ыйык согуш жоокерлери деп аташкан.

Кыймылдын башчылары ислам ураандарын жигердүү колдонуп, ага миңдеген жөнөкөй дыйкандарды тартышкан. Ыйык согуш ураандары менен совет бийлигине каршы күрөш басмачыларга ишенгендердин айрым бөлүгү, улуттук интеллигенция, ислам ишкерлери жана жетекчилери, ошондой эле Түркиянын жана башка өлкөлөрдүн панислам топторунун колдоосуна ээ болгон. Басмачылык кыймылына Шура-и-Ислам жана Шура-и-Улем сыяктуу уюмдар колдоо көрсөтүшкөн.

Басмачылык идеологиянын негизи панисламизм жана пантүркизм болгон. Басмачылардын отряддарын уюштурууда жана куралдандырууда 1918-жылы жайында чет мамлекеттердин расмий өкүлдөрү – Англия өкмөтүнүн аскердик-дипломатиялык миссиясынын башчысы Ф. Бейли жана Ташкентте Американын консулу Р. Тредуэлл катышкан.

[1] Гражданская война и военная интервенция в СССР. С. 268.
[2] Международные отношения в Центральной Азии. С. 121–122.

Басмычалардын отряддарын түзүү жана даярдоону англис, түрк жана ак гвардия офицерлери жүргүзүшкөн.

Басмачылардын куралдуу түзүмдөрүнүн башчылары мурунку саясий жана дин кызматчылар элитасынын өкүлдөрү болгон. Алардын тактикасы совет аскер бөлүмдөрү, өндүрүш объектилери, темир жол станциялары, кампалар, калктуу конуштарга күтүүсүз чабуул коюу болгон, алар көп сандагы адам өлтүрүүлөр, өрттөө жана кыйроолор менен коштолгон.

Совет адабиятында басмачылыкка адатта бир тараптуу терс баа берүү салтка айланган. Борбордук Азия республикаларынын заманбап жана алыскы чет мамлекет адабиятында басмачыларга көбүнчөсү улуттук боштондук кыймылынын катышуучулары[1] жана күрөштүн идеологиялык мотивацияларына ээ партизандар[2] катары оң баа берилет. 1918-жылы басмачылар Ош шаарына жакын аймакта жигердүү иш чараларды башташкан. 1918-жылы Фергана өрөөнүнүн чыгыш аймагына Мадамин-бектин басмачы тобу кирип келген. 1918–1920-жылдарда Түркестанда басмачылык кыймылдын эң негизги аренасы Фергана өрөөнү болуп калган. Бул жерде 30 миң басмачы иш алып барган. Пирлердин көрүстөндөрү жана мазарлар көп учурда көтөрүшчүлөрдүн чеби болчу. Фергана өрөөнүнүн бүт аймагында жихад пропаганда кылынган, ал эми басмачылык отряддар шейхтердин батасы менен иш-аракет кылышкан. Ошентип, Ярмат-Махсум менен Нурмат-корбашынын отряддары Фергана өрөөнүндөгү «Хазрет-али» мазарында жайгашкан.

1919-жылы августта «Түркестан мусулман ак гвардиясынын» башчысы Мадамин-бек, Совет бийлигине биримдикте каршылык көрсөтүү үчүн, Түштүк Кыргызстанда өздөрүн коргоо максатында орус келгиндеринен түзүлгөн «Дыйкандар аскерлеринин» командири К. Монстров менен аскердик-саясий макулдашуу түзгөн.

Басмачылык 1919-жылы сентябрдан – октябрга чейин аябай күчөгөн, фергана басмачыларынын жана Дыйкандар аскерлеринин бириккен куралдуу күчтөрү Ош, Жалал-Абадды басып алышкан, ошондой эле Анжиянды тосуп, Ферганага коркунуч туудурушкан. Бирок М.В. Фрунзенин башчылыгы астында Түркестан фронтунун совет аскерлери

---

[1] *Шахназаров Б.* Узбеки Турции. Басмачи или участники национально-освободительного движения? URL: http://www.fergananews.com/article.php?id=5725

[2] Zentralasien. Geschichte. Politik. Wirtschaft. Ein Lexikon. Herausgegeben von Marie-Carin von
Gumppenberg und Udo Steibach. Munchen: Verlag C.H. Beck, 2004. S. 124.

1920-жылы марттын башында бириккен дыйкан-басмачы аскерин талкалашкан. 1920-жылы жайында жана күзүндө Ферганада басмачылардын чабуулдары кайра көбөйө баштаган, бул жолу аларды Курширмат жетектеген, бирок ушул эле жылдын акырында Фергана өрөөнүнүн түздүктөрү алардан тазаланган.

1921-жылы октябрда Бухарага исламды туткан бардык элдерди биримдиктеги мусулман мамлекетин түзүү ураанын жактаган Түркиянын мурунку аскер министри Энвер-паша келген. Ал басмачылардын чачырап кеткен отряддарынан 16 миң адамдан турган армияга бириктире алган. Бул армия 1922-жылы Бухара элдик совет республика аймагынын бир топ жерин басып алган.

Совет өкмөтү жана РКП (б) Борбордук Комитети Энвер-пашанын аскерин жок кылуу үчүн чечкиндүү чара көрүшкөн. Басмачылар менен күрөштө Кызыл Аскерлердин туруктуу бөлүктөрүнө дыйкандардын өзүн коргоо жана ыктыярдуу милициянын отряддары чоң жардам кылышкан. 1922-жылы июнда Энвердин отряддарына катуу сокку урулган, июлда Душанбе бошотулган, ал эми августта салгылаштардын биринде Энвер-паша өзү өлтүрүлгөн.

1922-жылдын аягында Ферганада жана Хорезмде басмачылардын негизги күчтөрү талкаланган. Бирок Афганистан, Кытай жана Ирандын өкмөттөрү талкаланган басмачы отряддарынын калдыктарына өз мамлекеттеринин аймактарында жашырынууга мүмкүнчүлүк берип, адамдарды толуктоого, куралданууга жана кайрадан советтик Борбордук Азиянын аймактарына кайрадан басып кирүүгө жардам берген. Бухарада Ибрагим-бектин жана Хорезмде Жунаид-хандын басмачылык отряддарына эң узак убакытка туруштук бере алышкан.

1924-жылы башында Жунаид-хандын отряддары жок кылынган, ал эми 4 миң адамдан турган Ибрагим-бектин аскерлери 1926-жылы талкаланган. 1929-жылы аягында жана 1930-жылдын акырында басмачылардын отряддары чет өлкөлөрдөн кайра киришкен, бирок жок кылынган.

Басмачылар менен күрөшкөн мезгилде большевиктер аймакта өзүнүн таасирин бекемдөө үчүн жергиликтүү мусулман элитасын бардык жолдор менен өз тарабына тартканга аракет кылып, мамлекеттик башкарууга жол ачкан. Динге карата лоялдуу саясат жүргүзүлгөн. Улуттук курулуш башталгандан кийин, ислам дини менен тыгыз байланышкан улуттук

интеллигенция жаңы Орто Азия республикаларынын дээрлик бардык алдыңкы эшелонунан турган.

Ошентип, Бухара республикасынын мамлекетин 1920-жылы Ферганадагы Ош шаарынан чыккан Усмон Ходжаев башкарган, анын орун басары Файзулла Ходжаев Бухарадан болгон. Алардын фамилияларынан, алар кожолордун тукумунун өкүлдөрү экенин көрөбүз. Ушундай эле көрүнүш бийликтин бардык деңгээлдеринде болгон, анда жетекчилердин олуттуу бөлүгү «Ходжаев», «Тураев» деген фамилияларды алып жүргөн же ысымдарына «хан» деген ардактуу наам кошулган. Ошентип, советтердин жетектөөчү органдарына рухий мусулман үй-бүлөлөрдөн чыккан адамдар киришкен.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында исламга карата лоялдуу саясат жүргүзүлгөнүн, мисалы, 1920-жылы сентябрда Бакуда Чыгыш элдеринин Съездинин делегаттары тарабынан даярдалган документтен көрсө болот. Ал «Шариаттын долбоору» деп аталган жана коммунисттик доктринага туура келген шариаттын 15 жобосун түшүндүрүүдөн турган. Документтин авторлору жаңы бийликти шариатка кайрылуу менен мыйзамдаштырууга жана шариатты жаңы шарттарга ыңгайлаштырууга умтулушкан. Ошону менен бирге расмий дин кызматчылары менен  суфий эшендерин бөлүү аракети көрүлгөн. Акыркылары, жаңы бийликтин иш- аракеттерин «шайтандын иштери» деп атап, салыктарды төлөөдөн баш тартууга жана ачыктан-ачык баш ийбөөгө чакырып, совет бийлигине каршы чыгууну жетектеген учурлар аз эмес. Мунун натыйжасында суфизмге каршы жигердүү күрөш башталган, анын көптөгөн жолдоочулары камакка алынган жана сүргүнгө айдалган.

Ошентип 1923-жылы эшенчилик жана башка диний агымдар менен күрөшүү тууралуу кат жарыяланган. Жыйынтыгында, Борбордук Азияда совет бийлигинин учурунда исламдын агымдары  «зыяндуу» жана «зыянсыз» болуп бөлүнгөн. Резолюцияда: эшендер жана алардын тарапташтары «исламдын негизги принциптерин талкалагандыктан» окутууларын таратууну токтотушу керектигине басым кылынган.

Ошентсе да, 1920-жылдардын ортосунда Борбордук Азияда диний жандануу туу чокусуна жеткен. Архивдеги документтерине ылайык, мусулман мекемелери дээрлик бүт аймактарда ишмердүүлүк кылган. Казахстанда 1924-жылы ондогон диний окуу жайлар болгон, мусулман өнөр жайлары иштеген, мечиттер курулган, суфий жөрөлгөлөрү

жаңыланып аткарыла баштаган; кээ бир ишандардын мүриддеринин саны 500–800 адамга чейин жеткен[1].

Бирок диний жигердүүлүк, совет мезгилине чейин болгондой эле, Борбордук Азиянын ар башка тараптарында ар түрдүү болгон. Ошентип айыл чарба менен күн көргөн жашоочулардын арасында ислам институттарын өнүктүрүүгө умтулуу вакфтар дин кызматчыларына кайтарылып берилгенге чейин ачык байкалган. Ал эми Борбордук Азиянын көчмөн элинин арасында исламдашуунун деңгээли бир топ төмөн болгон: саналуу гана диний мектептер бар эле, ал эми сот жүргүзүү иштеринде кадимки укук нормалары – адаттар колдонулган.

Таң калыштуусу, 1930-жылдарда динге каршы жалпы күрөш башталганга чейин, Борбордук Азия көчмөн калкынын арасында исламды таратуу процесси уланган: мечиттердин жана дин кызматкерлеринин контингенти өскөн. Ошентип, Кыргызстанда 1919–1928-жылдарда Чүй, Каракол, Жалал-Абад жана Нарын кантондорунда 141 мечит салынган. 1926-жылы Жалал-Абад кантонунда эле 200 имам болгон, болгондо да алардын 72си жогорку билимге ээ адамдар эле[2]. Башка маалыматтарга ылайык революцияга чейин 17 жыл мурун Нарын кантонунда 25 мечит жана революция болгондон 9 жылдан кийин дагы ушунча мечит салынган. Ошентип, ушул жылдары Каракол кантонунда 11 жана Чүй кантонунда 61 мечит салынган.

***Жыйынтык.*** *1917–1926-жылдардын мезгилинде ислам фактору аймактагы саясатка олуттуу таасир тийгизгени байкалган. Бир жагынан совет бийлигине каршы ислам ураандары менен басмачылык кыймылдардан байкалган, башка тарабынан – Россиянын ички аймактарына караганда азыраак диний куугунтук көргөн аймактагы саясатты большевиктер тууралаганынан көрүнгөн. Борбордук Азиядагы совет бийлиги бул учурда большевиктер башкаруусун бекемдөө үчүн колдонууну көздөгөн ислам дүйнө таанымы жана социомаданий система менен жанаша жашоого умтулган.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Басмачылар совет бийлигине каршы кайсы ураандар менен чыгышкан?
2. Басмачылардын чет элдик мамлекеттер менен байланышы эмнеден көрүнгөн?

---

[1] *Султангалиева А.* Эволюция ислама в Казахстане // ЦентральнаяАзия и Кавказ. 1999. № 4 (5). С. 29.

[2] См.: *Абдылдаев М.* Из истории религии и атеизма в Кыргызстане. С. 105.

3. Каралып жаткан мезгилде совет бийлигинин исламга карата эки тараптуулугун эмне менен түшүндүрсө болот?
4. Мусбюро кандай максат менен түзүлгөн жана ага кимдер кирген?

## 2.6. 1926–1941-жылдарда Борбордук Азиянын совет республикаларында басмачылар менен күрөштү аяктагандан кийинки жана Улуу Ата Мекендик согушка чейинки ислам

1923–1925-жылдары совет бийлиги СССРдин көпчүлүк аймактарында динге жигердүү чабуул жасаган, Борбордук Азияда большевиктер диний көйгөйлөргө дагы деле этияттык менен мамиле кылган. Бул ал жерде конфессиялык салттын абсолюттук үстөмдүгүнө, ошондой эле аймактагы басмачылардын каршылык көрсөтүүсүнө байланыштуу болгон. Мындан сырткары, ушул мезгилде аймакта улуттук-мамлекеттик курулуш башталган. Процесс расмий түрдө көз карандысыз Бухара жана Хивин республикаларын жоюудан башталган.

1923-жылы октябрда Хивин республикасы, РСФСР менен биримдик келишимине кол коюп, Хорезм Советтик Социалисттик республикасы болуп калган. 1924-жылы сентябрда Бухара республикасы ушундай эле келишимдин негизинде Бухара Советтик Социалисттик республикасы деп аталып, ал эми ошол эле жылдын октябрында СССРдин аймактарын демаркациялоодо, ал кайра бөлүштүрүлгөн.

Анын негизинде 1924-жылы Өзбек ССРи курамында автономиялык Тажик республикасы түзүлгөн. Өзбек ССРи мурунку Бухара хандыгынын дээрлик бардык жерлерин эле эмес, Хивин хандыгынын аймактарын, ошондой эле Түркестан АССРнин маанилүү аймактарын да камтыган.

1926-жылы басмачылык каршылыктын негизги борборлору жок кылынган. Ушул эле учурда жер-суу реформасы аяктаган, ал ири жер ээлеринин жоюлуусуна алып келген. Борбордук Азияда жер-суу реформаларын жүргүзүү менен бирге, аны колдоо жана коомдук жаңылануну идеологиялык жактан негиздөө боюнча социалдык чаралардын комплекси ишке ашырылган. Тактап айтканда, дин кызматчыларынын укуктары чектелген жана коомдогу аялдын абалын өзгөртүүгө негиздер салынган.

Советтик изилдөөчү Т.С. Саидбаевдин айтымында, Борбордук Азияда секуляризациянын эң интенсивдүү процесси 1925–1941-жылдар болгон[1]. Ырас, ал жергиликтүү калктын көпчүлүгү жашаган айыл жерлеринде салттар өтө күчтүү кармалганын жана 1920-жылдын экинчи жарымында маасалык динге каршы иштери айыл активдеринин арасында гана жүргүзүлгөнүн белгилейт.

Жаш Өзбек республикасы динге каршы жаңы кампаниянын чордонунда болгон. Бул аймактагы республикалардын ичинен эң жыш жана эң исламдашкан республика эле. Бул жерде мечиттер жана медреселер эң көп болчу, ал эми улемдер эң көп санда жана өтө таасирдүү болушкан. Кампания 1926-жылы эскирип калган мектептерди жана бөлүнгөн медреселерди жабуудан башталган. 1927-жылдан баштап, медреселер биринин артынан бири жабыла баштаган. Ошол эле жылы казылардын соттору жабылган. Шариат башкаруулары 1928-жылы жоюлуп, ошол эле учурда бийликтегилер мечиттерди жабышкан. Ошону менен бирге бийликтегилер диний адабияттарды басып чыгарууну кыскарткан. Ошентип, 1927-жылы Борбордук мусулман диний башкаруусунун «Ислам» журналы үзгүлтүккө учурап, ал эми кийинки жылы чыкпай калган.

Көп өтпөй, 1928-жылы Өзбекстан Согушчан атеисттер союзу (САС) түзүлгөн. Ал түзүлгөндөн кийин мечиттер тез-тез жабылган, айрым учурларда аларды бузушкан. Мындай акция 1929-жылга чейин уланган. Алардын жабылуусу революциялык үчилтиктер тарабынан ишке ашырылган, аларга комсомолдор жана САСтын мүчөлөрү жардам беришкен. Көптөгөн улемдер сүргүнгө айдалган.

1929-жылы ВКП (б) Борбордук Комитети «Динге каршы күрөштү күчөтүү чаралары» тууралуу токтом чыгарган, ал эми Эл Комиссарлар Советинин президиуму «Диний биримдиктер» тууралуу токтомду кабыл алган, аларга ылайык, жергиликтүү бийликтер тарабынан каттоодон өткөн, расмий кабыл алынган ишенүүчүлөрдүн коомчулугунда гана диний иш-аракеттерди кылууга уруксат берилген. Диний уюмдар жөрөлгөлөрүн өткөрүү үчүн жайларды ээлөөгө укуктуу болгон, бирок аларга билим берүү мекемелерин ачууга тыюу салынган. Натыйжада Борбордук Азияда исламдын үстүнөн толугу менен партиялык-мамлекеттик көзөмөл орнотулган.

---

[1] *Саидбаев Т.С.* Ислам и общество. М.: Наука, 1975. С. 151.

Кийинки он жылда исламчылдардын арасында бардык радикалдар жана нонконформисттер жок кылынган же обочолонтулган, көптөгөн улемдер жана эшендер  репрессияланган. Жазуунун араб тилинен латын алфавитине, андан кийин кириллицага өтүшү Борбордук Азиянын калган мусулман дүйнөсү менен байланышын кыйындаткан. Бул өз кезегинде олуттуу кесепеттерге алып келген: классикалык ислам интеллектуалдык жана саясий ой жүгүртүү салтын үзгүлтүккө учураткан.

Калган расмий дин кызматкерлери өтө лоялдуу, ал эми расмий эмес калың топтун даярдыгы начар болгондуктан коомчулук диний жетекчилерден алыстап кеткен. Бул мезгилде дин кызматчыларынын арасынан аймактык же улуттук масштабдагы күчтүү өзүнө тарткан жетекчилер чыккан эмес. Буга байланыштуу ислам дини элдик каада-салт жана үрп-адаттардын формасын алып, биринчи кезекте аймактын калкынын турмушундагы маанилүү окуяларда, мисалы, наристенин төрөлүүсү, үйлөнүү тою жана көргө коюу ж.б.у.с. маанилүү окуялардан көрүнгөн.

***Жыйынтык.*** *1926–1941-жылдарда Борбордук Азияда аябай масштабдуу динге каршы кампания өткөрүлгөн. Анын натыйжасы исламдын саясатка таасиринин кескин төмөндөшү болгон. Бул таасир бардык изилденген жылдары эң төмөнкү деңгээлге түшкөн. Бирок аймактагы ислам турмуштук диний үрп-адаттар катары сакталып калган, алар туруктуу болуп, жашоонун жаңы реалдуулуктарына ылайыкташа алган жана коомдо мамилелерди жөнгө салуунун маанилүү фактору катары алар менен жанаша жашай берген.*

**Параграфтын суроолору:**

1. 1926–1941-жылдарды СССРдин исламга куугунтугу эмнеден көрүнгөн?
2. Борбордук Азиянын кайсы республикасы динге каршы кампаниянын чордонунда болуп калган, эмне үчүн?
3. Аймакты секуляризациялоо процесси кандай натыйжага алып келген?

## 2.7. 1941–1985-жылдарда Борбордук Азиянын саясатында Улуу Ата Мекендик согуш убагында жана согуштан кийинки мезгилде ислам фактору

Улуу Ата Мекендик согуш жылдары Борбордук Азия ишканаларды жана калкты басып алынган аймактардан эвакуациялоо процессинде абдан маанилүү рол ойногон. Аймакта жаңы шаарлар пайда болгон, калктын улуттук курамы өзгөргөн.

Согуш объективдүү түрдө динчилдиктин, анын ичинде мусулманчылыктын чыңдалышына салым кошкон, бийликтегилер муну менен эсептешүүгө аргасыз болушкан. Мындан сырткары согуш жылдары диний сезимдерге кайрылуу совет элинин биримдигине кол кабыш кылган. Ошол себептен каралып жаткан мезгилде дин кызматчыларды жана динди куугунтуктоо дээрлик токтогон.

Советтик республикалардын баары согуштун жүрүшүндө мамлекеттик бийликти колдогон. Борбордук Азия мусулмандарына ишеним артуу ушунчалык күчөгөндүктөн, 1943-жылы Орто Азия жана Казакстан Мусулмандарынын Диний башкармалыгы (ОАКМД) түзүлгөн. Аны түзүү демилгеси 1943-жылы диний уюм түзүү үчүн бүткүл ортоазиялык съезд өткөрүүгө уруксат сурап бийликке кайрылган өзбек улемдеринен келип чыккан. Бийликтегилер съезд өткөрүүгө жана Диний башкарууну түзүүгө уруксат гана бербестен, анын юрисдикциясын бүткүл Борбордук Азияга таратууну жактырышкан. Ошол эле учурда бийликтегилер мамлекеттин көзөмөлүнүн алдында диний иш-аракеттерге жол берүү менен анын иштерин текшерип, жашыруун көрүнүштөрдүн алдын алууга үмүттөнгөн[1].

ОАКМДды негиздөөчүлөр 1930-жылы репрессияларды башынан өткөргөн улемдер эле. Башкаруунун биринчи башчысы Накшбанди тарикатынын ташкенттик шейхи Эшхон Бабахан ибн Абдулмажидхан болгон. Кыязы бийликтегилер аны колдогон, анткени анын тукумдары ОАКМДди дээрлик 1989-жылга чейин башкарган. ОАКМДдин алгачкы кадамдарынын бири жашоочулардан келген суроолорго жооп берүү боюнча фетваларды түзүү бөлүмүн уюштуруу болгон. Мындан ары ОАКМД медреселерди ача алган.

---

[1] *Бабаханов Ш.* Муфтий Зияутдин ибн Эшхон Бабахан. Ташкент, 2001. С. 21–25.

Орто азиялык диний башкармалыгы акырындык менен көбүрөөк таасирге ээ болуп, СССРдеги төрт диний мусулман башкармалыгынын эң кадыр-барктуусу болуп калган. ОАКМДнын улам жаңы келген муфтийи бардык советтик мусулмандырынын расмий эмес диний жетекчисинин ролуна доомат кылган.

1945-жылы мартта диний башкарууларга, анын ичинде ОАКМДга жана алардын алдында жооптуу уюмдарга чарбалык ишмердүүлүк менен алектенүүгө, атап айтканда мамлекеттик банктарда өз эсептерин ачууга уруксат берилген. Катардагы ишенүүчүлөр мечиттер кайра калыбына келтириле турганына жана ал жакта табынуу ибадаттары уланаарына өзгөчө кубанышкан.

1948-жылы Бухарадагы «Мир-и-Араб» медресесиси ОАКМДдун карамагына өтүп, анда билим берүүгө уруксат берилген. Мындан ары ага Ташкенттин макулдугу менен гана кирүүгө мүмкүн эле. ОАКМД түзүлгөндөн кийин бийлик башка диний уюмдарды экинчи даражадагы «советтик исламдын» тышкаркы уюмдары катары карашкан. ОАКМДдын башчысы СССРден сырткары өлкөлөрдө дагы эң чоң кадыр-баркка ээ болгон.

Ушуга байланыштуу ОАКМД совет жетекчилигинин саясий акцияларына, өзгөчө сырткы советтик саясатты пропаганда кылууга жигердүү катыша баштаган. Анын жетекчилери СССРдин кол алдында өткөрүлгөн ар түрдүү тынчтыкты сактоо конференцияларына катышкан. Анда Советтер Союзунан диний башчылардын катышуусунун өзү эле, өлкөдө демократиялык эркиндик, биринчи кезекте абийир эркиндиги бар экенин бүткүл дүйнөгө көрсөтүүгө багытталган. Мечиттерде ишенүүчүлөрдү совет мамлекетинин сырткы саясатын колдоого чакырган митинг-таалимдер айтыла баштаган.

1971-жылы ОАКМД Ташкентте медреседен кийинки билим алуу этабын уланткан Аль-Бухари имамдын атындагы Ислам институтун ачууга уруксат алган. Анда окугандар салыштырмалуу аз болгон. 1982-жылы Мир-и-Араб медресесинде 86 студент болсо, ислам институтунда болгону 34 студент окуган. Бирок ОАКМД жана Ислам институту кызматкерлерин жана студенттерин чет өлкөгө жиберип, ССдин сыртындагы мусулмандар менен байланыш түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Мындан сырткары бийликтегилер институттун басма иштерине да каражаттарды бөлүшкөн. Өз кезегинде ОАКМД чет элдик мусулмандарга СССРде, тактап айтканда Борбордук Азияда дин эркиндиги бар экенин көрсөтүп турган. Ошону

менен бирге ал СССР эч качан дипломатиялык мамилелерди түзбөгөн өлкөлөр менен да, ошондой эле кансыз согуш мезгилинде «баррикадалардын ары жагындагылар» менен да байланыш кура алган.

Ошентип 1974-жылы ОАКМД Аль-Бухари имамынын 1200 жылдыгына арналган СССР мусулмандарынын конференциясын өткөргөн, ага биринчи жолу Сауд Аравиясынын өкүлү катышкан[1].

Бул жылдары Борбордук Азия жашоочуларынын олуттуу бөлүгү ачык эле ислам жөрөлгөлөрүн аткарганы таң калыштуу эмес. Бул иште аларга а түгүл партия мүчөлөрү, колхоздордун жана совхоздордун жетекчилери кол кабыл кылышкан. Ошентип, 1958-жылы Фергана өрөөнүндөгү «Большевик» колхозу ыйык Рамазан айынын бардык эрежелерин аткарган, ал эми жергиликтүү электростанция күндүзгү орозону баштоого белги берген.

1961-жылы Навои колхозунун башкармасы А. Аъзамов кызматтан алынган, анткени ал жергиликтүү дин башкармалыкка колхоздун жеринен бир гектар бөлүп берген жана колхоздун акчасына эски мечитти калыбына келтирген[2].

Ушундай учурлар көп эле кездешкен. Бул 1959-жылы Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин пленумунда сүйлөгөн сөзүнөн көрөбүз: «Алдын ала маалыматтарга таянганда, республикада 2ден ашык эшендер бар… Катталган мечиттерге эле «Орозо айт» жана «Курман айт» майрамдарында 1955-жылы 164 миң адам, ал эми 1958-жылы көбөйүп 288 миң адам келген»[3]. Бирок ошол эле мезгилде турмуштук ислам көбүнчөсү саясатка киришкен эмес.

***Жыйынтык.*** *Ата Мекендик согуштан кайра куруу жылдарына чейин, Борбордук Азия республикаларынын жашоосуна жана аймактагы саясий процесстерине исламдын таасири акырындап көбөйө баштаганын көрөбүз. Бирок саясатка таасири негизинен ОАКМДдын ислам башкаруучуларынын деңгээлинде гана байкалат. Мындан сырткары, Борбордук Азия бул мезгилде ислам билимин – медреседе да, ислам институтунда да алууга мүмкүн болгон жалгыз аймак болуп калган.*

[1] Ислам в СССР. С. 158.

[2] *Халид А.* Ислам после коммунизма. С. 123.

[3] Цит. по: Там же. С. 153.

**Параграфтын суроолору:**

1. Эмне үчүн Ата Мекендик согуш убагында Борбордук Азияда мусулмандарды куугунтуктоо токтогон?
2. Согуштан кийинки мезгилде Орто Азия жана Казакстандын Диний Башкаруусу кандай рол ойногон (ОАКМД)?
3. Борбордук Азияда согуштан кийинки совет жылдарында кандай ислам окуу жайлары ачылган?

## 2.8. 1985–1991-жылдарда СССРдин кайра куруу жылдарында Борбордук Азияда исламдын кайрадан жандануусу

Борбордук Азияда исламдын саясатташуусу кайра куруу жылдарында башталган. Совет мезгилинде ислам аймакта эки түрдө сакталган: бийлик тарабынан көзөмөлгө алынган расмий дин жана жашыруун расмий эмес ислам.

Борбордук Азияда исламдын кайрадан жандануусу СССРдин калган аймактарындагы диний ренессанска караганда тынч жана токтоо мүнөздө өткөн. Жергиликтүү партиялык жана совет элитасы өтө этияттык менен идеологиялык көзөмөлдү азайткан жана 1988-жылга чейин диний жашоону жетектөөнү уланткан.

1986-жылы 18-августта мусулмандардын жашоосун жөнгө салган КПСС БКнын Саясий бюросунун «Исламдын таасирине каршы күрөштү күчөтүү» деген акыркы токтому кабыл алынган. Буга эң биринчиден Борбордук Азияда 1980-жылдары алгачкы жолу ваххабисттердин иш-аракеттери башталганы себеп болгон.

Ваххабизм – Сауд Арабиянын расмий идеологиясы болгон исламдагы диний-саясий кыймыл. Ал XVIII кылымда түзүлгөн жана Мухаммад ибн Абд аль-Ваххаба ат-Тамиминин атынан аталып калган. Ал чыныгы ислам Мухаммед пайгамбардын үчүнчү тукумуна чейин гана туура тутулуп келген деген жана андан кийин жаңы киргизилген нерселердин баарын сырттан кирген жалган окутуу катары эсептеп, аларга каршы чыккан. Ваххабисттер кыймылынын заманбап идеологдору бардык күчү менен «таза исламга» кайтуу боюнча таалимдерди айтышып, ыйыктарды жана ыйык жерлерди кабыл алышпайт, Курандын бардык түшүндүрмөлөрүн четке кагып, анын тексттин гана кароону талап кылышат.

Ошондой эле вахабисттер исламдык эмес маданияттын жетишкендиктерин четке кагышат. Борбордук Азияда пайда болгон

ваххабисттер расмий дин башкармалыгы тарабынан көзөмөлдөнбөгөн диний оппозиционерлер болгон. Алар максаттарына жетүү үчүн эң негизги курал «каапырларга» каршы жихад деп эсептешкен. Алар исламды жандандырууга үндөшкөн, ислам менен саясаттын биримдигин жакташкан жана совет аскерлерине каршылык көрсөтүүдө моджахеддер деп аталган афган «душмандары» менен биригишкен. Көп жагынан Борбордук Азияда ваххабисттердин иш-аракеттери ЦРУнун жана аны менен байланышы бар Жакынкы Чыгыш менен Түштүк Азиянын (Сауд Арабия, Пакистан ж.б.) атайын кызматтарынын иш чараларынын натыйжасы болгон.

Америкалык изилдөөчүлөрдүн күбөлүгүнө ылайык 1984-жылы эле Афганистанда америкалыктар тарабынан каржыланган жихад учурунда, ЦРУ жана анын пакистандык кызматташтары план иштеп чыгышкан. Афганистанда СССР менен кадимки күрөштүн ордуна алар мусулмандардын маанайы үчүн күрөшүүнү чечишкен. Борбордук Азия республикаларында ЦРУнун директору Уильяма Кейсинин ою боюнча Советтер Союзуна олуттуу зыян келтире алган көп сандагы мусулмандар жашаган. Ушул максат менен ЦРУнун жумушчулары жада калса Куранды өзбек тилине которуп, аны советтик аймакка контрабанда менен алып киришкен[1].

СССРдин жетекчилери, ЦРУнун жетекчилериндей эле саясий исламдын күч алуусу, бүт мусулман дүйнөсүндө фундаменталисттердин таасиринин өсүүсү, Ирандагы ислам революциясы, афган жихадынын бүт күчү менен туруштук берүүсү – ушулардын баары советтик мусулмандардын, эң биринчиден Борбордук Азияда жашаган мусулмандардын жүрөгүндө сөзсүз орун табарын билген. Бирок бул көрүнүш менен күрөшүү кыйын болгон, анткени исламдын кайрадан жандануу мезгили СССРде кайра куруу мезгилине туш келген. Кайра куруу абалды ого бетер курчутуп, натыйжада саясий башкаруунун кулашына алып келген, ушуну ислам активисттери жана сепаратисттери колдонгон. Совет жетекчилери бул мезгилде исламдын талаптарына тийиштүү жоопторду бере алышкан жок жана эч кандай каршылык көрсөтүшкөн эмес.

[1] *Coll S.* Ghost Wars: the Secret History of the CIA, Afghanistan and Bin Laden, from the Soviet Invasion to September 10, 2001. New York, 2004. P. 104–105.

Бул процесстер башка аймактарга караганда динчил жана шариаттын стандарттарын кылдаттык менен аткарган Фергана өрөөнүндө өтө интенсивдүү болгон. Совет жылдарынын дал ушул мезгилинде бул жерде «расмий эмес» же «параллелдик» жарым-жартылай жашыруун ислам жаралган. 1980-жылдары бул жерде исламисттик идеологияга жана риторикага кайрылган саясий уюмдар пайда болгон. Алардын пайда болуусунда жана калыптануусунда сырткы факторлор менен аларды ишке ашыруу каражаттары чоң мааниге ээ болгон.

Ошентип 1987-жылы Наманганга мыйзамсыз жолдор менен Сауд Аравия, Афганистан жана Пакистандын эмиссарлары келген. Жергиликтүү дин кызматчылары менен шаардык «Гумбаз» мечитинде жашыруун жолугушууда, бүткүл Фергана өрөөнүндө ислам республикасын негиздөө максаты менен «Исламды жандандыруу» партиясын түзүү маселеси талкууланган. Кийинчерээк бул гипотетикалык мамилекеттин аталышы аймактагы эң негизги шаарлардын: Фергана, Анжиян, Наманган жана Оштун башкы тамгаларынан ФАНО деп аталып калган.

1989-жылы Борбордук Азияда ислам тарыхынын жана анын аймактагы саясатка таасиринин жаңы барагы ачылат. 1989-жылы 4-февралда Өзбекстандын жана Тажикстандын диний жетекчилери жана теологдору «Барак хан» медресеси, ОАКМДдин административдик имаратынын алдында чогулуп, мусулмандардын Өзгөчө кырдаалдар чогулушунун башталуусун жарыялаган. Алар ОАКМДдин председатели муфтий Шамсиддин Бабахановго «кудайсыз бийликке» сатылган, исламга каршы келген адаттарга ээ жана ээлеген кызмат ордуна татыксыз деген айыптарды коюп, аны кызмат ордунан алуу ультиматумун коюшкан.

Мамлекеттик органдардын каршылык көрсөтүүсүн күтүү менен чогулуштун демилгечилери Өзбек ССР Министрлер Кеңешинин имаратын көздөй бет алышкан. Демонстранттар үчүн күтүлбөгөн жерден Өзбек ССРинин КПСС БКнын председатели Ислам Каримов аларды угууга макул болгон жана жаңы муфтийди дайындоо суроосу чечилген. Көп өтпөй

муфтийдин ордуна ОАКМДдин алдында Жогорку Ислам институтунун директору Мухаммад Содик Мухаммад Юсуф дайындалган[1].

Бабахановдун кызматтан алынуусу диний башкаруунун советтик системасынын талкалануусунун башталышын билдирген. ОАКМДдин председатели кандай оңой жол менен алмашканы көптөгөн советтик имамдардын эсинде калган. Көп өтпөй Орто Азия жана Казакстан Диний башкармалыгы, Мавераннахр мусулмандарынын Диний башкармалыгы болуп өзгөрүлгөн, андан кийин жоюлуп республика муфтияттарына бөлүнүп кеткен[2].

Кайра куруунун акыркы жылдарында Борбордук Азияда радикал исламисттердин уюмдары пайда болуп бекемделе баштаган. 1990–1991-жылдарда бул жерде 1990-жылы Астраханда түзүлгөн Исламды Жандантуу Партиясы пайда болгон (ИЖП). Партия өзүнүн биринчи кезектеги маселелеринин бири катары бүткүл Советтер Союзунда ислам оппозициясын бириктирүү деп эсептеген. Бул ячейкалардын кээ бири кийинчерээк көз карандысыз аймактык топторго бөлүнүп кеткен. Кайра куруунун аягында Борбордук Азияда ваххабизмдин күч алуусу 1991-жылы Наманганга жана Ошко мечиттерде таалимдерди айтып, тарапташтарды топтогон Амужид Алинин келүүсүнө байланыштуу болгон[3].

Тактап айтканда, 1991-жылы январда Наманганда «Адолат» (адилеттүүлүк) тобу түзүлгөн, анын программалык максаты бийликке келүү, иштеп жаткан түзүлүштү кулатуу жана ислам мамлекетин куруу эле. 500 мүчөдөн турган уюмду Хакимджон Сатимов жетектеген. Коомдук тартипти коргоо, көчөдөгү кылмыштуулук менен күрөшүү шылтоосу менен бул топ ар түрдүү рейддерди, текшерүүлөрдү жүргүзүп, адамдарды камакка алышкан.

«Ыктыярдуу топтордун» көз карашы боюнча күнөөлүүлөргө шариаттын көрсөтмөлөрү боюнча эл алдында жазалар колдонулган. Мындай иш-аракеттин чыныгы ниети жергиликтүү бийликтин жана укук

---

[1] *Forest J.* Religion In the New Russia. New York, 1990; *Krichlov D.* Islam In the Soviet Central Asia: Renovation Or Revolution? // Religion In Communist Lands. 1990. Vol. XVIII.

[2] *Мурслиев А.* Духовный переворот в Ташкенте // Комсомольская правда. 1991. 9 июля.

[3] *Косолапов Н.А.* История афганской наркоэкспансии 1990-х. URL: http://www.nationalsecurity.ru/library/00035/00035afg_drugs11.htm.

коргоочу органдардын керектүү коопсуздукту жана тартипти камсыз кыла албаганын көрсөтүп, алардын абройун түшүрүү эле. «Адолатчылардын» руху жана максаттары, Наманганда ошол эле мезгилде жаралган «Ислом лашкарлари» («Ислам жоокерлери») менен идеологиялык түзүлүшү өтө жакын болгон. Аны Т. Юлдаш жетектеген. Бул топтун ишмердүүлүгүнүн негизги формасы – массалык митингдерди, жүрүштөрдү, көчө баш аламандыктарын уюштуруу жана административдик имараттарды басып алуу болгон[1]. Бул топтор негизинен Сауд Аравиянын эсебинен каржыланган, ал олуттуу финансылык ресурстарга ээ болуу менен ваххабисттердин идеяларын экспорттоого ар тараптан салым кошкон.

Фергана өрөөнүнөн исламисттик идеялар Өзбекстан, Тажикстан жана Кыргызстанга тараган. Исламизмди киргизүү процессинен Казакстан эң аз жабыркаган. Казак коомунун диний кайдыгерлигинин өзгөчө көрсөткүчү, 1989-жылы 1-январына карата Казакстанда бардыгы 671 диний жамааттын ичинен 46сы гана мусулман жамааты болгон. Буга, биринчиден, казактар калктын басымдуу бөлүгүн түзбөгөндүгү себеп эле. Совет бийлигинин жылдарында республикада казактарга караганда орустар көп отурукташкан. 1979-жылы бул жерде орустардын 40,8%, казактардын 36% жашаган[2].

Кайра куруу жылдарында Казакстандан орустар агылып кете баштаган, бирок 1989-жылы алар республиканын калкынын 37,8% түзгөн[3]. Калктын дагы 20% казак эмес орус тилдүүлөр болгон.

Экинчиден, Казахстанда ислам, өзгөчө республиканын түндүк аймактарында бир топ кеч тамырлаган жана исламга чейинки бутпарастык элементтерди сактап калган, б.а. өтө көп көрүнүштөрдү аралаштырып синкреттешкен эле, анда ортодоксалдуулук өтө аз болгон. Бирок кеч кайра куруу шарттарында диний түзүлүштөрдүн ишмердиги республиканын саясий жашоосунун маанилүү бөлүгү болуп калган[4].

Ошентип, 1991-жылы декабрда адамдардын тобу борбордук Алма-Ата мечитин басып алышкан жана мындан бир жыл мурун ОАКМДдын

---

[1] Ошондо.

[2] Демографический энциклопедический словарь. М: Советская энциклопедия, 1985. С.169.

[3] *Савоскул С.С.* Русские нового зарубежья: Выбор судьбы. М.: Наука. 2001. С.348.

[4] Религиозный фактор в политической жизни и в идеологии национальных движений Казахстана http://www.panorama.ru/works/rk/indexk.html

муфтийи болуп дайындалган Ратбека-кажи Нысанбайдын кызматтан алынганын жарыялаган.

***Жыйынтык.***

*Кайра куруу мезгили Борбордук Азиянын ар бир республикасында улуттук ислам институттарын өнүктүрүү үчүн кандайдыр бир трамплин болгон. Экинчи жагынан, дал ушул мезгилден баштап аймакта исламчыл уюмдар иштей баштаган. Исламизмдин таралышынын борбору Фергана өрөөнү, биринчи кезекте Наманган болгон, ал эми анын таралышына ислам мамлекеттеринин тышкы күчтөрү да, АКШ да катализатор болуп калган.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Кайра куруу жылдарында Борбордук Азияда исламдын жандануусу эмнеден көрүнгөн?
2. Исламизмдин аймакка кирүүсүндө сырткы күчтөр кандай роль ойногон?
3. Кайра куруу мезгилинин акырында Борбордук Азияда кайсы исламисттик уюмдар түзүлгөн?

## 2-бөлүм боюнча жыйынтык

*XIX–XX кылымдар боюнча жалпы жыйынтык кылууда, бул мезгилди негизинен саясатта ислам факторуна Россиянын таасири мүнөздөөрүн көрөбүз. XIX кылымдын биринчи жарымында Орусия Великобритания менен аймактагы «Улуу оюнда» атаандашууда Борбордук Азиянын түштүк аймагына жылып кире баштаган. Эки оюнчу тең бул учурда ислам факторун эске алуусу керек эле. XIX кылымдын экинчи жарымында аймактын бардык субъектилери Россия империясынын курамына кирген же анын протекторатын кабыл алууга дуушар болгон. Бул учурда машайакчылыкты тамырлантуу же исламды куугунтуктоо болгон эмес, бирок исламдын саясий таасири бир топ чектелген. XX кылымдын башында аймакта жадидизм Орусия империясынын башка аймактарынын таасири астында өнүгүп саясатташкан.*

*Октябрь революциясынан кийин басмачылар большевиктик жана антисоветтик кыймылды уюштурушкан, ал жалпы ак гвардиячыл контекстке туура келгени менен, бирок каапырларга каршы күрөш ураандар менен ишке ашкан. Согушка чейинки жылдарда СССР бийлиги*

*исламдын саясатка таасирин болушунча азайтууга жетишкен. Согушта жана согуштан кийинки мезгилде алар ОАКМДдин жигердүүлүгүн сырткы саясий маселелерди чечүүгө багыттаган. Акыры, кайра куруу жылдары борбордук бийликтердин алсыроосу жана СССРге каршы сырткы күчтөрдүн күрөшү аймакта радикалдуу исламдын өнүгүүсүнө түрткү берген.*

# 3. КМШ БОРБОРДУК АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН САЯСАТЫНДАГЫ ИСЛАМ ФАКТОРУ

## 3.1.Постсоветтик доордо Борбордук Азияда исламдын саясатташуусу

Советтер Союзунун ыдырашы региондогу геосаясий кырдаалды өзгөрттү. Борбордук Азияда Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан деген жаңы мамлекеттер пайда болушту. Борбордук азиялык мамлекеттер өз көз карандысыздыктарын аргасыздан жарыялоого мажбур болушту. Эл башкарган төбөлдөр өз абалын мыйзамдаштыруу, экономикалык жана социалдык системаны кыйроодон сактап калуу, коммунисттик идеологияны улуттук идеологияга алмаштыруу үчүн бир катар чараларды көрүштү. Андан тышкары, аларга дүйнөлүк коомчулукта жана эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшүндө өз ордун табуу дагы керек эле. Баарынан мурун титулдук этностордун лидерлери полиэтникалык көп түрдүүлүктү же моноэтникалык артыкчылыкты тандашы тийиш болчу. Алар экинчисин тандап алышып, этникалык, кландык жана локалдык айырмачылыктардагы көйгөйлөрдү азайтып, коомдук, жарандык маанидеги патриотизмдин ордуна улутка жана республикага берилгендикти үндөштү. Ошол эле учурда базар экономикасына жана демократиялаштырууга өтүүнүн катаал мезгилинде жаралган көйгөйлөрдү чечүүгө аргасыз болушту.

Бир катар батыш изилдөөчүлөрүнүн пикири боюнча региондун постсоветтик мамлекеттеринин башчылары «улут демократияга каршы» же «улут жана демократия» деген позицияларды тандоонун алдында калышты дагы, демократиянын ордуна булардын биринчисин тандап алышкан[1]. Бул чечим көп жагынан бул өлкөлөрдөгү улуттук идеологияны алдын ала аныктады.

---

[1] *Landau Jacob M., Kellner-Heinkele Barbara.* Politics of Language in the ex-Soviet Muslim States.Azerbaijan, Uzbekistan, Kazakhstan, Kyrgyzstan, Turkmenistan and Tajikistan. London: Horst and Company, 2001. P. 29.

Бардык борбордук азиялык республикалар өздөрүн светтик өлкөлөр деп жарыялашкан жана динди мамлекеттен ажыратууга умтулушту. Ошентип, ислам коомдун саясий жашоосуна расмий түрдө кийлигишүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. Бирок ал эгемендүү борбордук азиялык республикалардын башчылары тарабынан жаңы мүнөздөгү иденттүүлүктү, көз карандысыз мамлекетти куруунун куралдарынын бири катары активдүү колдонула баштаган. Алсак, Өзбекстандын президенти Ислам Каримов «Өзбекчилик» деген бириктирүүчү улуттук идеянын артынан эле рухий ислам баалуулуктарын жандандыруу идеясын дагы маанилүү деп атаган.

Бир катар борбордук азиялык мамлекеттердин президенттери Куранды кармап ант беришип, ажылыкка барышып, өлкөнүн символикасына ислам элементтерин киргизишкен. Алсак, Өзбекстан менен Түркмөнстандын гербинде жарым ай тартылган. Андан тышкары, исламдын маданий активдүүлүгүнө карата бардык чектөөлөр алынып салынган. Бийлик мечиттердин курулушуна жана ажылыкка барууга жол бере баштады, жаштарга мусулман өлкөлөрүнөн билим алууга, ошондой эле исламдык жогорку окуу жайларында билим алууга мүмкүнчүлүк ачылды.

Борбордук Азия республикаларында ислам университеттери ачылды, диний майрамдар пайда болду. Албетте, мындай демилгелер өкмөттөн же расмий дин башкармалыгынан келип чыгышы тийиш болчу.

1991-жылы Орто Азия жана Казакстан мусулмандарынын диний башкармалыгынан кайра түзүлгөн Мавераннахрдын диний башкармалыгы жабылып, бир нече көз карандысыз муфтияттарга ажырап кетти: Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан жана Тажикстандын өз алдынча муфтияттары пайда болду. Алардын бардыгы иш жүзүндө регион үчүн салт болуп калган суннизмдин ханафиттик мазхабын карманышып, бийликтегилерге лоялдуулукту көрсөтүшкөн.

Ошол эле учурда ислам бул өлкөлөрдүн жетекчиликтери тандаган өнүгүүдөн башка жолду көрсөтүшүп, мамлекетти исламдаштыруу керек деп чыккан күчтөрдүн көтөргөн желеги болуп калды. Мисалы, ошол 1990-жылдардын башында эле Борбордук Азияда радикал мүнөздөгү ислам саясий уюмдары түзүлө баштаган.

Алгач, радикалдык ислам идеяларын үгүттөөгө Фергана өрөөнүнө жана кийинчерээк региондун башка жактарына дагы келе баштаган чет өлкөлүк миссионерлер, өзгөчө басмачылардын укум-тукумдарынан

чыккан сауд аравиялык өзбектер түрткү болушту. Биринчи ислам уюмдарынын башчылары жана активисттери расмий эмес исламдын салттарына таянышкан. Алардын бардыгы Совет доорунда эле көмүскөдө аракет кылышкан Борбордук Азиянын молдолору, имамдары жана аалымдары болгон – Хиндустани, Махсум,  Рахматулла-карынын ж.б. шакирттери болушкан. Радикал молдолор бир катар мечиттерге ээлик кылышып, экстремисттик ислам идеяларын кеңири үгүттөгөнгө жетишишкен.

Өзбекстанда, мисалы, өткөн бөлүмдө эскерилген «Адолат» жана «Ислом лашкарлари» деген радикалдык ислам уюмдары пайда болгон, алардын негизинде кийинчерээк Өзбекстан Ислам кыймылы (ӨИК, орусча ИДУ) түзүлгөн. Тажикстанда болсо Тажикстан Ислам кайра жаралуу Партиясы *(*ТИКП) жаралган. 1990-жылдарда Борбордук Азияда дагы бир уюм иштей баштады, ал негизги максаты ислам халифатын түзүү болгон улут аралык Хизб ут-Тахрир аль-Ислами (ХТИ) партиясынын филиалы болучу.

Бул мезгилде мусулман жаштары Абу-л-Ала Маудуди жана мисирлик Сейид Кутба сыяктуу ислам идеологдорунун эмгектери менен шыктанышкан жана алгач Мусулманабад куруу деген концепциянын тегерегинде топтолушкан. Анын автору Рахматулла-кары болгон, ал төмөнкүдөй жоболорду койгон:

1. Борбордук Азия ислам дүйнөсүнө таандык жана ислам үстөмдүк кылган бирдиктүү территория;
2. Адамдардын ортосундагы мамилелерди шариат гана аныкташ керек;
3. Бул территориядагы бардык кишилер Аллахка ишенишет жана аларды билимдүү уламалар башкарышат.

Рахматулла-карынын оюу боюнча, Мусулманабад деген катар жашаган ар түрдүү көз карандысыз мамлекеттердин биригиши болчу. Мусулманабад идеясы ХТИнин халифат концепциясына кээ бир жагынан окшош болгондугу менен көп жагынан формасыз (аморфтуу) болуп, өз алдынча саясий концепция болгонго жетише алган эмес. Ал жөн гана Борбордук Азиядагы саясий исламдын жолдоочулары үчүн кандайдыр бир жалпы багыт берүүчү маяк болуп калган[1].

[1] *Наумкин В.В.* Радикализация ислама в Центральной Азии. URL: http://www.islamica.ru/islamism/?uid=97.

Эмне үчүн ислам Борбордук Азияда популярдуу боло баштады? Калктын массалык түрдө жакырланышы, өсүп бараткан социалдык-экономикалык теңсиздик, бийликтин ашынып бараткан авторитаризми, коррупциянын аябагандай өсүшү жана нараазылык маанайды көрсөтүүнүн мыйзамдуу каналдары жок болгон шарттарда ваххабисттик мүнөздөгү исламдык топтордун иш-аракеттери коомдук каршылыктын жалгыз каражаты болуп калгандай көрүнгөн.

Исламдын бекемделишинин дагы бир себеби, исламдагы эң башкы баалуулуктун бири адилеттүүлүктүн бардык жерде бузулушу дагы себепкер болгон. Турмуштагы көрүнүштөр менен диний мыйзамдарды карама-каршы салыштыруу менен исламчылар бааланбай калган диндин атынан сүйлөгөнгө мүмкүнчүлүк алышкан. Исламисттердин саясий умтулуулары диний нормалар менен баалуулуктарды кармануунү талап кылуу менен жаап-жашырылган эле. Эгер саясий экстремизм өзүнүн ачык-айкын максаттары үчүн элден колдоо таппаса да, диний экстремизм ишенүүчүлөрдүн айрым топторунан колдоо тапкан.

Анын үстүнө Борбордук Азияда исламисттердин таасиринин күчөшүнө коомдук аң-сезимдеги кризистин өсүшү дагы чоң себепкер болду. Совет бийлиги талкаланып, жаңы улуттук өкмөттөр күткөн үмүттү актабады. Ал эми демократияны эл адеп-ахклактуулуктун жана моралдык эрежелердин кризисин баштан кечирип жаткан батыш маданиятынын призмасы аркылуу кабыл алгандыктан идеологиялык вакуум ислам менен толо баштады. Исламисттердин регулярдуу түрдө чет өлкөлөрдөн акчалай жардам алып турушу жана Жакынкы Чыгыштагы жана Түндүк Африкадагы араб дүйнөсүнүн радикалдык ислам топторунун активдешүүсү дагы чоң мааниге ээ болду. Ошондой эле Ортоңку Чыгыштын мамлекеттери, өзгөчө Афганистандагы «Талибан» кыймылынын жеңиши дагы Борбордук Азиядагы радикалдык исламдын маанайынын күчөшү үчүн жагымдуу таасир этти.

Борбордук Азияда исламисттердин таасиринин күчөшүнө дагы алардын кыймылы ислам менен мусулмандардын кызыкчылыктарын коргоого чакырылган расмий дин кызматкерлеринин позициясына нааразы болгон мусулман жаштарынын кыймылы катары түзүлүп калыптанышы дагы себепкер болгон[1].

---

[1] *Лукоянов А.П.* Игры в ваххабизм // Ислам и политика (взаимодействие ислама и политики в странах Ближнего и Среднего Востока, на Кавказе и в Центральной Азии. М.: Институт востоковедения РАН, Крафт+, 2001. С. 104.

Борбордук Азиядагы исламдын саясатташынын дагы бир себеби бул республикалардын калкынын көп улуттуу болушу эле. СССРдеги айрым этностордун кызыкчылыктарын коргогон улуттук саясат жана пролетардык интернационализм идеологиясы жок болгондон кийин эгемен мамлекеттердин коомчулугу бул эң маанилүү коомдук жөнгө салуучусу жок калышкан. Мына ушундай жагдайда адамдарды улутка ажыратпаган исламдык идеология Борбордук Азиянын мусулман республикаларында бириктирүүчү күч катары чыккан.

Тарыхый-географиялык фактор дагы өз таасирин көрсөткөн. Узак жылдар бою бул регион оазистердеги көп сандаган отурукташкан шаар-кыштактарда жана көчмөндөр жашаган Улуу Талаада өнүккөн. Диний фактор болсо көчмөндөргө караганда отурукташкан элдерге көбүрөөк таасир берген. Улуттук-мамлекеттик ажыратуу учурунда бул райондор быт-чыты чыгып бөлүнүп, ар башка республикалардын курамына өткөрүлүп берилген. Ошентип, Фергана өрөөнү Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстандын ортосунда бөлүнүп, Шаш оазиси Өзбекстан менен Казакстандын курамына кирип, ал эми Мавераннахр Түркмөнстан, Өзбекстан жана Тажикстанга өткөн.

Так ушул географиялык жана административдик-территориялык бөлүп-жаруу шарттарында исламдык жандануу жана исламдык саясий активдешүүнүн интенсивдүү процесстери жүрдү[1].

Дагы кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, радикалдык исламдын күчөшүнөн муундардын ортосундагы конфликтти байкасак болот. Ырас эле, көптөгөн экстремисттик топтордун мүчөлөрү – элитага жаңы муунду киргизбей жаткан эски расмий дин кызматкерлерине жана суфий тарикаттарынын төбөлдөрүнө каршы чыккан жаштардан турган[2].

Буга саясий исламдын радикалдашуусунун дагы бир себебин кошумчаласак болот. Бийликтегилер көп учурда саясий исламдын уюмдары менен кыймылдарына ишенбестик жана коркуу менен карап, конструктивдүү диалог кылганга даяр эмес болушчу. Анын үстүнө бул уюмдардын башчылары жаңы ачылган мүмкүнчүлүктөргө мас болуп, ийкемдүүлүктү көрсөткүсү келбеген кылык-жоруктарды жасашкан.

---

[1] *Абазов Р.Ф.* Исламское возрождение в центральноазиатских новых независимых государствах // Полис. 1995. № 5. С. 61–67.

[2] *Бибикова О.* «Ваххабизм» в СНГ // Ислам и политика (взаимодействие ислама и политики в странах Ближнего и Среднего Востока, на Кавказе и в Центральной Азии. С. 88–89.

Буга мисал катары Өзбекстандагы «Адолат» кыймылынын тарыхын келтирели. Бул кыймылдын башчылары Т. Юлдашев менен Д. Ходжиев 1991-жылдын аягында И.Каримов менен жолугушууда ага компартиянын Наманган шаардык комитетинин имаратын Ислам борбору кылуу, исламдык мүнөздөгү бардык партияларды мыйзамдаштыруу жана Ислам мамлекетин жарыялоо деген сыяктуу бир катар талаптарды коюшат. И.Каримов биринчи талапты аткарууга макул болот жана калган эки талапты жакшылап караштырууга убадасын берет. Анан көп өтпөй эле ал Фергана өрөөнүнө «боевиктерди тазалоо» үчүн аскерин жөнөттү. Жетимишке жакын активисттер камалып, калгандары Тажикстанга качышты же көмүскөгө жашынып калышты[1]. Мына ушундан кийин исламисттер компромисске келишпей, жалаң гана экстремисттик ыкмалар менен иш кылууга өтүшкөн.

Расмий дин башкармалыгы региондун бүт беш өлкөсүндө жападан жалгыз структуралык исламдык күч болуп саналат. Акыркы кезде аны менен «расмий эмес» дин кызматкерлердин ортосундагы бекем чек ара жуулуп бараткандай көрүнүүдө. Ал көп сандаган жаңы мечиттердин ачылышы менен аларды расмий каттоо жана эки түзүлүштү бир бүтүндүккө бириктирүүгө аракеттер менен байланыштуу. Ошону менен бирге бул таасирдүү коомдук катмардын ичинде көз караштар менен ынанымдар бирдей эмес жана расмий бийликтегилер менен мамилелер дагы өзгөчө мүнөзгө ээ.

Түзүлүшүнүн деңгээлине карап, саясий исламдын таасиринин кийинки катарына суфий боордоштуктарды (тарикаттарды) койсок болот. Алар региондун бардык беш өлкөсүндө тең бар жана өзгөчө Өзбекстан, Тажикстан менен Түркмөнстанда салмактуу орунга ээ. Бирок суфий тарикаттары коомдук-саясий жашоого өз алдынча иш-аракеттин программасы менен чыгышпайт. Алардын өкүлдөрү тигил же бул саясий исламдын топторунун курамына киришет. Андыктан аларга атайын көңүл бурбайбыз.

Исламдык көмүскө топтору адатта «пирамидалык иерархиялык» типтеги ийкемдүү системагы ээ. Уюм бир эле пирамидадан же бир нече көптөгөн айрым пирамидалардан, топтордон турушу ыктымал. Адатта топтор жакшы тартиптештирилген жана аскердик кызматты башынан

[1] *Абазов Р., Василевецккий А., Пономарев В.* Ислам и политическая борьба в странах СНГ. М., 1992. С. 11–12.

өткөрүп келгендерден (алардын ичинде Афганистандагы согуштун катышуучулары да бар) түзүлөт. Жетекчи (амир) адатта 15–20 кишиден турган кеңештин чечимине таянат, бирок өзү дагы өз алдынча чечим кабыл ала алат. Кеңештин ар бир мүчөсү, көбүнчө амир дагы өзүнө берилген жолдоочуларга ээ. Бул чынжыр ушинтип улана берет, анткени топтун катардагы мүчөсү пирамиданын кийинки тепкичи үчүн өзү дагы амир боло алат[1].

Мындай топтор бир топ эле көп, ондоп саналат жана алардын арасында кээ бир айырмачылыктар бар. Бирок Борбордук Азия мамлекеттериндеги исламдык экстремисттер үчүн жалпы нерселер бар, буга бийликти куралдуу жол менен тартып алуу, расмий бийликти тааныбагандык, шариаттын эрежелерин киргизүүнү талап кылуу, көз карандысыз өлкөлөрдүн жетекчилерин мажбурлоо үчүн террористтик акт жасоону колдонуу кирет[2].

Россиялык эксперттердин пикири боюнча, азыркы кезде Борбордук Азияда радикалдык ислам уюмдарынын жаңы мууну түзүлүп калды, анын өзгөчөлүктөрү болуп:

а) интернет булактарында исламдык үгүттү жигердүү жүргүзүү;

б) региондун республикаларынын бийликтеги өкүлдөрүн өз катарларына киргизүү;

в) калк жашаган райондордо (махалля) 5-6 адамдан турган базалык ячейкаларды түзүү иштерине басым жасоо;

г) социалдык теңчилик идеяларын үгүттөө («исламдык социализм»)[3] саналат.

Региондун бардык өлкөлөрүндө исламдык топтор улуттук коопсуздукка олуттуу коркунуч катары таанылат. 2011-жылдан баштап Борбордук Азиянын республикаларынын коопсуздугуна тышкы күчтөрдүн жардамы менен жүргүзүлгөн «Араб жазы» сценарийи боюнча деструктивдүү процесстердин болуу мүмкүнчүлүгү да коркунуч болду.

---

[1] *Абазов Р.Ф.* Исламское возрождение в центральноазиатских новых независимых государствах. С. 61–67.

[2] *Махкамов М.* Исламский экстремизм и его геополитическое влияние на государства СНГ // Ислам и политика (взаимодействие ислама и политики в странах Ближнего и Среднего Востока, на Кавказе и в Центральной Азии. С. 288–289.

[3] *Звягельская И.Д.* Исламское возрождение в Центральной Азии: причины и игроки // Исламский фактор в истории и современности. М.: Восточная литература, 2011. С. 483.

Анализдеп карасак, ошол «Араб жазы» болуп өткөн өлкөлөр менен Борбордук Азиянын өлкөлөрүнүн ортосунда окшоштуктар өтө эле көп. Кандай гана болбосун, радикал исламчылар эми жер-жерлердеги жаңжалдар менен эле чыкпастан, бүтүндөй регионду системалык кризиске түшүрүүсү мүмкүн.

2014-жылы июнда ИГИЛ (ДАИШ) уюму тарабынан «Исламдык мамлекетти» бүткүл дүйнөлүк халифат катары жарыялоо дагы Борбордук Азиядагы исламдык радикализмди өтө күчөтүп жиберди. Бул радикалдык исламчылардын региондон Сирия менен Иракты көздөй агылып кетип калышына түрткү болду, ал жакта атүгүл улуттук аскердик топтор (өзбектер менен тажиктерден турган) дагы түзүлгөн болчу.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы Борбордук Азия республикаларынын жетекчиликтерин расмий дин башкармалыгына таянып, радикал ислам менен күрөштү күчөтүшүнө аргасыз кылууда. Ошол эле учурда региондогу өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө экстремизмди жеңүү үчүн репрессивдик чаралар гана эмес, экономикалык реформалар, социалдык көйгөйлөрдү чечүү, тарбиялык иш-чаралар жана Россия өңдүү кызыкдар өлкөлөрдүн колдоосу керек экендигин түшүнүү бышып жетилди.

***Жыйынтык.*** *Постсоветтик учурда Борбордук Азиядагы исламдын саясатташа башташына бир жагынан, жаңы иденттүүлүктү түзүү үчүн курал катары колдонгонго аракет кылган улуттук элиталар түрткү болушкан. Экинчи жагынан, обьективдүү жана субьективдүү себептер – жакырлык, жемкорлук, калктын жыштыгы, идеологиялык вакуум, сырткы күчтөрдүн атайын максатынын астында муундардын ортосундагы конфликт, ошондой эле бийликтегилер менен исламдык кыймылдардын жетекчилеринин ортосундагы мамиледе катуулук – региондо радикалдык исламчылыктын пайда болушуна жана таралышына мүмкүнчүлүк берди. XXI кылымдын экинчи он жылдыгындагы окуялар, өзгөчө «Араб жазы» жана «Ислам мамлекетинин» түзүлүшү Борбордук Азиядагы радикалдык исламдын көйгөйүн өтө эле күчөттү.*

**Параграфтын суроолору:**

1.Борбордук Азиядагы жаңы эгемен мамлекеттеринин бийлиги исламдык факторду өз саясатында кантип колдонууга аракет кылышты?

2.Постсоветтик Борбордук Азия өлкөлөрүндө радикалдык ислам идеяларынын популярдуу болушунун себептери кайсылар?

3.Региондогу радикалдык ислам уюмдарын айырмалай турган белгилер кайсылар?

## 3.2.Борбордук Азиядагы Хизб ут-Тахрир партиясы

Хизб ут-Тахрир аль-ислами (ХТИ) партиясы (араб тилинен которгондо «Ислам боштондук партиясы»), 1953-жылы белгилүү диний ишмер, шариаттын апелляциялык сотунун казысы Такиуддин ан-Набхани аль-Фаластани тарабынан түзүлгөн. Анын өлүмүнөн кийин 1997-жылы партиянын лидери Иорданияда жашаган палестиналык Абдулькадим Заллум болгон. Ал 14-апрелде 2003-жылы ХТИ партиясынын жетекчилигинен баш тарткандан кийин, палестиналык Ата Абу Рашта шайланган. Ал ХТИ партиясын азыркы күнгө чейин жетектейт. Партиянын баштапкы биринчи негизги группасы 2012–2013-жылдары Египеттин башкаруу партиясы болгон, Жакынкы Чыгышта бир топ белгилүү жана таасирлүү болгон «Мусулман бир туугандар» уюмунун мүчөлөрүнөн турган.

1950–1960-жылдары Хизб ут-Тахрирдин активисттери жана колдоочулары Иордания, Ирак, Иран, Алжир, Йемен, Судан, Афганистан жана Пакистан өлкөлөрүндө пайда боло баштаган.

Партиянын жетекчилиги шариаттын мыйзамынын негизинде ислам мамлекетин түзүү максатын жарыялаган. Партиялык жетекчилердин жана идеологдордун көз карашы боюнча, дүйнөдөгү бардык ислам мамлекеттери туура эмес түзүлгөн жана туура эмес өнүгүп жатышат. Алар Батыштын күчтүү, кыйратуучу таасиринин алдында, бул мусулмандардын кызыкчылыгына каршы жана исламды коркунучка дуушар кылат. Кырдаалды оңдош үчүн ХТИнин документтеринин программасы боюнча, ислам мамлекеттеринин түзүлүшүн өзгөртүп жана алардын аймактарында бирдиктүү ислам мамлекетин «Халифатты» түзүү абзел[1].

ХТИнин теоретиктери жана үгүттөөчүлөрү өз максаттарына зордук-зомбулук менен эмес, ынандыруу жана үгүттөө жолдору менен жетүүгө аракет кылабыз деп айтышат. Баса белгилеп кетчү нерсе, партиялар жана

---

[1] Хизб ут-Тахрир: программа политической партии // Центральноазиатский Толстый журнал. URL: http://ctaj.elcat.kg/tolstyi/a/a073.htm.

кыймылдар ачык иштешкен башка бардык исламдык өлкөлөрдө ХТИ партиясынын ишмердүүлүгүнө тыюу салынган. Бирок азыркы күнгө чейин АКШда, Европанын көп өлкөлөрүндө «Хизб ут-Тахрир аль-ислами» терроризмди колдогон уюмдардын катарына кошулбайт.

1990-жылдардын ортосунда ХТИ партиясы Борбордук Азияга, биринчи кезекте Өзбекстанга жана Кыргызстанга кирген. Ал постсоветтик өлкөлөрдө партиянын бөлүмдөрүн ачууга аракет кылган А.Заллуманын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы экендиги анык.

ХТИнин активисттеринин айтуусу боюнча, Борбордук Азияда партиянын биринчи колдоочулары 1980-жылдардын аягында пайда болгон. Укук коргоо органдарынын маалыматтары боюнча Кыргызстанда жана Өзбекстанда ХТИнин алгачкы кыймылдары 1994–1995-жылдары байкалган. Активисттердин жана ХТИнин мүчөлөрү Фергана өрөөнүндө халифат түзүүнү көздөгөн.

Учурда ХТИнин ячейкалары Өзбекстанда, Кыргызстандын Ош, Жалал-Абад, Таджикстандын Согди областтарында жана Казакстандын түштүк аймактарында иш жүргүзүүдө. Өзбекстандын калк жыш жайгашкан кыштактарында эң чоң активдүүлүгү байкалат. Борбордук Азияда ХТИ диний экстримисттердин эң күчтүү жана олуттуу уюмдарынын бири болуп саналат. Башка ушул сыяктуу партиялар, уюмдар жана топтор бийликтин репрессивдүү аракеттеринен, Афганистанда талибдердин талкалануусунан, уюштуруу жана идеологиялык иштеринин катачылыктарынын улам ишенимден кетишкен.

Бийликтин тыюуларына, куугунтугуна карабай ХТИ өз позицияларын сактап кала алды. Алар көп жагынан кылдат иштелип чыккан себептердин жана терең ойлонулган идеология, жакшы каржылоонун натыйжасында ийгиликке жетишишти.

Азыркы учурда Хизб ут-Тахрир жашыруун иш алып барууда. Анын түзүмү классикалык ХТИ уюмунун пирамидалык түзүлүшүн кайталайт. Өзбекстанда уюмдун жетекчиси «мутамад» – «ишеничтүү өкүл» болуп саналат. Ага облустарда аймактык башчылар «масулалар» – «жооптуулар» баш ийет. Масулдардын жардамчылары «мусоиддер» райондук уюмдардын иштерине жооптуу. Райондор айрым участкаларга бөлүнөт, дагы мындай бөлүнүштөр кварталдарга чейин (махалла) барат. Уюмдун махалла деңгээлиндеги баштапкы звеносун «накиб» - «ыстарчын» же аксакал жетектейт.

Накиб жана анын жардамчылары «жихоз» – «аппаратты» түзүшөт. Анын курамына кол алдындагылар «мушрифтер» – төмөнкү звенодогу жетекчилер, уюмдун катарындагы мүчөлөр кирет. Жихоздордун санына байланыштуу ар бир мушриф бир же бир нече «халканы», башкача айтканда 4-5 адамдан турган топту жетектей алат.

Партиянын колдоочулары баса белгилегендей, тахрирчилерди каржылоо көп учурда уюмдун өз эсебинен жүргүзүлөт. Ар бир мүчө ай сайын партиянын кассасына өз мүмкүнчүлүгүнө жана кирешесине жараша кандайдыр бир суммада акча салып турат. Төлөм адатта карапайым жумушчунун кирешесинин 5 пайыздан 20% га чейин түзөт. Ошол эле убакта маалыматтар боюнча, партия анын ишмердүүлүгүн колдоо жана өнүктүрүү үчүн каражаттардын негизги бөлүгүн чет өлкөлөрдөн, негизинен Сауд Арабиясындагы жеке фонддордон алат.

Бийликтин куугунтугуна, партиянын жетекчилерин, мүчөлөрүн камакка алууга карабастан, «Хизб ут-Тахрир» Өзбекстандын бардык облустарында өз ячейкаларын сактап кала алды. Камакка алынган мушриф, накиб же мусоиддердин ордуна тезинен башка адам кызматка коюлат. Укук коргоо органдарынын жана Өзбекстандын атайын кызматтарынын маалыматтары боюнча, 1990-жылдардын аягында тахрирчилердин саны арифметикалык прогрессияда өскөн.

«Хизб ут-Тахрирдин» негизги иш формалары болуп үндөө, баракчаларды таратуу жолу менен жүргөн үгүт, катталбаган же мыйзамсыз мечиттерде жүргөн жума намаздар эсептелет.

Борбордук Азияда өз үгүтүндө «Хизб ут-Тахрирдин» активисттери төмөнкү китептерге таянышат:

1. «Низомул Ислом» – «Ислам системасы»;
2. «Хизбут Тахрир тушунчалари» – «Хизб ут-Тахрир түшүнүгү»;
3. «Хизбут Тахрир уюшма» – «Бирдиктүү кыймыл»;
4. «Халифалик» – Халифаттын курулушун түшүндүрүүчү китеп;
5. «Демократия куфр низоми» – « Демократия – каапырлардын системасы»;
6. «Халифалик кандай тугатилди» – «Халифат кантип жок болду»;
7. «Манхаж» (Метод) – «Хизб ут-Тахрир» кантип коомду өзгөртүүсү жана Халифат куруусу жөнүндө китеп;
8. «Иззат ва Шараф сари» – ислам дүйнөсүнүн азыркы абалы жөнүндө китеп;
9. «Сиесий фикрлар» – «Саясий ойлор»;

10. «Мусломий шахсия» – «Ислам инсаны».

Мындан тышкары «Аль-Ваъи» («Аң-сезим») журналы колдонулат, анда «Хизб ут-Тахрир» партиясынын ар кайсы өлкөлөрдө ар кайсы тилде чыккан журналынын өзбек тилиндеги материалдары басылып турат[1].

Партиянын программасында айтылат: «Хизб ут-Тахрир» Аллахтын «Силердин араңарда туура нерсеге үндөп, жакшылыкты орнотуп, жамандыктан коргоп, ийгиликке жете турган адамдардын тобу болот» деген чакыруусуна жооп катары уюшулган[2]. Бул аятка таянып «Хизб ут-Тахрир» өз тарапкерлерине «жакшылыкты орното турган жана жамандыктан коргой турган «адамдардын тобу» дегенде Алла-Таала «Хизб ут-Тахрир» партиясынын мүчөлөрүн айтууда» деп шыктандырууда.

Расмий документтерге жана билдирүүлөрггө караганда, ХТИ үгүттөө жана кыймылдын жактоочуларынын санын көбөйтүү жолдору менен ислам мамлекетин куруунун эволюциялык теориясын карманат. Ошол эле учурда эгер партиянын программасын кунт коюп окуса, ХТИ өз күрөшүндө бардык ыкмаларга, анын ичинде зордук-зомбулукка барганга да даярдыгы ачык көрүнүп турат. Атап айтканда, анда мындай дейт: «Партия араб жана мусулман өлкөлөрүнүн бийлиги үммөттөрдүн (мусулман жамааты) укуктарын четке кагып же алардын алдындагы милдеттерине кайдыгер мамиле кылып, алардын чакырыктарына маани бербегенде, алар исламга каршы чыккан сайын, аларды жооопкерчиликке тартуу, аларды алмаштыруу жолдору менен күрөшүп жатат; ошондой эле бул иш-аракеттер мындай режимдерди кулатуу жана ислам мыйзамдарын калыбына келтирүү максатында аткарылууда»[3].

ХТИнин китептеринин, брошюраларынын негизги мазмуну төмөндөгүчө: мусулман элдер сөзсүз бир мамлекетте – шариятка негизделген Халифатта жашашы керек. Китептер жана баракчалар адатта араб тилинен өзбек, кыргыз жана орус тилдерине которулган. Баракчалардын темасы Борбордук Азиядагы көйгөйлөргө тиешеси жок, башка өлкөдөгү мусулмандардын көйгөйлөрүнө арналган. Ошондой баракчалардын бири 2002-жылдын февралында Ташкентте жана Өзбекстандын кээ бир областтарында мыйзамсыз таратылган.

---

[1] *Тодуа З.* «Хизб ут-Тахрир» в Центральной Азии // Институт религии и политики. URL: http://i-r-p.ru/page/stream-trends/index-8725.html.

[2] Хизб ут-Тахрир: программа политической партии.

[3] Ошондо эле.

Ал баракчада «Аль-Азрар» ислам университетинин ректору шейх ат-Тантави Египетте америкалык протестанттык жыйындардын өкүлдөрү менен келишим кызматташтыгына кол коюшканы баяндалат. Баракчанын тексттинде ректор жана университеттин жетекчилиги диндер арасындагы келишим курсу үчүн курч талкууга алынганы жазылган. Баракчада ислам менен башка диндердин ортосунда эч кандай келишим болушу мүмкүн эмес экендиги айтылат.

«Хизб ут-Тахрирдин» принциптери боюнча, АКШ, Великобритания, Израил мамлекеттери туура эмес диний жолдо, б.а алар шайтандан туулгандар. Бирок АКШда ХТИнин жыйындарынын өтүшүнө эч кандай тоскоолдук кылынбайт жана айта кетчү нерсе – 1989-жылы дал ушул жерде партиянын программасы кабыл алынган. Ал эми Великобританиядан алар узак убакыт бою партиянын ишин жетектеп келишкен. Партиянын сайтынын сервери жана партиялык массалык маалымат каражаттарынын редакциясы да ошол жерде жайгашкан. Сайттын материалдары араб, орус, англис, немис, түрк, ошондой эле урду жана малай тилдеринде басылат.

Көп убакыт бою ХТИнин активисттери Халифат адегенде Жакынкы Чыгышта түзүлөт, андан соң ага Борбордук Азиянын өлкөлөрү кошулат деп айтып келишкен. Акыркы жылдардын окуялары партиянын өзбекстандык, кыргызстандык тарапкерлердин билдирүүлөрүндө, Халифат алгач Борбордук Азиянын Фергана өрөөнүндө түптөлүп, анын курамына Өзбекстандын, Кыргызстандын, Таджикстандын, Казакстандын жана Түркмөнстандын айрым аймактары кириши мүмкүн деген пикирлердин айтылышына алып келди.

Халифат түзүлгөн соң, ХТИнин активисттеринин ою боюнча, анын мусулман эмес өлкөлөр менен болгон мамилеси жөнүндө маселеси чечилиши керек. Партиянын пикири боюнча, мусулман эмес элдер Халифатка салык төлөөгө милдеттүү, ошондо гана алар анын камкордугуна алынат. Белгилей кетчү нерсе, колдоочулардын үгүтү партияга көзгө көрүнгөн жыйынтыктарды алып келүүдө. Ар кайсы убакта ХТИнин мүчөлөрүн кезиктирген көпчүлүк байкоочулар, көбүнчө фанатизмге чейин жеткен партиянын окууларынын жана ишмердүүлүгүнүн тууралыгына алардын ишенгенин белгилешет. Мындай көрүнүш борбор азиялык мамлекеттердин жарандарын таңгалдырып, таасирин тийгизет.

Ошентип, «Хизб ут-Тахрир» өз тарабына көп колдоочуларды

чогултууда. Расмий бийликтин катуу иш-аракетине карабастан, ХТИнин жашыруун ячейкалары жана топтору Борбордук Азияда иш алып барууда.

Бул бир нече себептер менен байланыштуу. Биринчи себеп – СССРдин кулашы, эски идеологиянын кыйрашы, өткөөл мезгилдин шартында өзүн таппай калган, татыктуу жумушу, турмуш-тиричиликке каражаты жок, жакырчылыкка кабылган, өз жашоосун жакшыртуудан үмүтүн үзгөн адамдардын пайда болушу. Экстремисттик уюмдарга катышуу аларга мүмкүнчүлүк катары сезилет, биринчиден акча табуу болсо, экинчиден жашоого жаңы маани, маңыз бергендей болот.

Экинчи себеп – билим берүүнүн катастрофалык төмөндөөсү. СССР кулагандан берки өткөн жылдардын ичинде экстремисттик топтордун идеологиялык агымына оңой алдаган, өтө чектелген уул-кыздардын бир нече муундары калыптанды. Бул СССР убагында иштеген бала бакчалардын, мектептердин, китепканалардын, пионерлер үйлөрүнүн, ийримдердин, секциялардын массалык түрдө жабылышынын жыйынтыгы, ошондой эле акырындык менен жана бардык жерде акы төлөнүүчү болуп жаткан жогорку окуу жайларына кирүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелишинен. Өзбекстанда ХТИге катышы бар деген айып менен камакка алынгандардын 82% 21–26 курактагы жаштар экени кокустук эмес[1].

Үчүнчү себеп – экстремисттик багыттагы адабияттарды таратуу, Жакынкы Чыгыштын өлкөлөрүндөгү диний окуу жайларда студенттерди окутуу, мечиттерди ачуу, дин кызматчыларды үгүттөө, диний кызматкерлерди жөнөтүү аркылуу экстремисттик борборлордун жана топтордун массалык идеологиялык чабуулу. Калктын басымдуу бөлүгүнүн кескин жакырлануусунун шартында финансылык жактан камсыз болгон миссионерлердин тез арада жайылта алган натыйжалуу ишмердүүлүгү.

Төртүнчү себеп – ХТИдеги үгүт иштерин жетектеген адамдар тигил же бул өлкөнүн калкынын ар кайсы катмарынын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алышат. Адатта экстремисттик адабият орус тилинде жана улуттук тилдерде таратылат. Китептер, брошюралар, баракчалар жөнөкөй, бирок ошол эле учурда адабий тилде жазылган. Алар сөзсүз Куранга жана сүннөткө шилтемелер менен камсыз кылынат.

---

[1] *Халид А.* Ислам после коммунизма. С. 228.

Китептин мазмуну логикалык жактан адамдардын оор абалынын себептерин түшүндүрүп, аларга кырдаалдан кантип чыгууну көрсөтө тургандай түзүлүп, албетте, тигил же бул партияга, топко кошулгула деп үндөйт.

Ошентип партия таратып жаткан «Ислам системасы» деген китепте бүт дүйнөдөгү мусулмандардын татаал жашоосу, ислам өлкөлөрүнүн бийлиги аларга адилетсиздик менен мамиле кылып жатканы, Батышка сатылганы, өз элин кордоп жана тоноп жатканы жөнүндө айтылат.

Мындан ары Батыш көп жылдан бери исламга каршы күрөшүп жаткандыгы жөнүндө маалымат берилет: китепте айтылгандарга караганда Батыш мусулман калкы көп мамлекеттерди көзөмөлдөйт, Израилди жана анын Палестинага болгон саясатын колдойт, Ирак жана Афганистан согушун ал баштаган.

Ал эми мусулман бир туугандар оккупанттарга каршы күрөшүп жатышат, бирок алар начар куралданган жана бөлүнгөн. «Эмнеге мусулман дүйнөсү эзилген жана баш ийген абалда, дайым жеңилүү ызасын тартууда?» – деп сурайт автор. Себеби, анын айтымында, мусулмандар Аллахтан жүзүн бурушту, ыйман жолунан адашты. Анан тексттин эң маанилүү бөлүгү кетет: «Мусулмандар туура ишенимди карманып, Курандын жана Сүннөттүн ыйык тексттеринин жоболоруна таянган шариаттын бардык мыйзамдарын так аткарганда, мусулмандар Халифат учурундагыдай бүт дүйнөнү башкарып турушмак»[1].

Исламдын сабыры суз позициясы жана түпкү тегине кайтуу зарылчылыгы жөнүндөгү тезистеринен тышкары, тексттердин авторлору азыркы учурда чынында эле көйгөйлүү жана ар тараптуу болгон маселелерге көңүл бурушат. Бул демократиянын принциптеринде түзүлгөн дүйнөнүн түзүлүшүндөгү тартиптин жеткилең эместиги, дүйнөнүн аймактарынын арасындагы теңсиздик, адеп-ахлактын төмөндөшү, коомдо үй-бүлөлүк баалуулуктардын жоголушу, ага өзүн гана ойлогон, жеке кызыкчылыгын көздөгөн, акча жана оюн-зооктун артынан сая түшкөн батыш жашоо образынын кирип кетиши.

И.Д. Звягелдин ою боюнча, халифат идеясы Борбордук Азиядагы ХТИнин тарапкерлери тарабынан абстракттуу түрдө кабыл алынбайт. «Исламчылар улуттук жана кландык обочолонууну таанымбайт, аларга бажы, чек ара, күчтүү өкмөттөр керек эмес. Кландардын күрөшүнөн

[1] *Тодуа З.* «Хизб ут-Тахрир» в Центральной Азии.

тажаган, мамлекеттик чек ара жакындарынан бөлүп салган, көнүмүш иштеринен ажыраткан адамдарга бирдиктүү мусулман деген ураан чындыгында реалдуу жана эңсеген үмүт болуп саналат»[1].

Акырында, бешинчи себеп – «Хизб ут-Тахрирдин» жактоочуларына каршы күрөштө бийликтин кетирген катачылыктары. Көптөгөн эксперттердин жана байкоочулардын пикиринде, ХТИнин популярдуулугуна бир жагынан ыраатсыздык, экинчи жагынан диний экстремизмге каршы күрөштө бийликтин ашкере ырайымсыздыгы түрткү болууда.

Ошентип, Кыргызстанда партия узак убакыт бою легалдуу түрдө иштеп келген да, 2004-жылдын аягында гана тыюу салынган. Тыюу салмай партиянын мүчөлөрүнүн жагдайын эч кандай өзгөрткөн жок, себеби Кыргызстандын расмий бийлигинин аброюу түштүк областтарда өтө төмөн болгон жана эки айдан кийин Кыргыз Республикасында «жоогазын» революциясы болуп өттү.

Өзбекстанда болсо бийлик диний экстремисттерге жетиштүү түрдө кысым көрсөтүүдө. Буга байланыштуу 2003–2004-жылдары партиялык баракчаларда көрүнгөн ХТИнин үгүтүнө көңүл бурулду. Уюмдун лидерлери адамдарды камактардан коркпоого чакыра башташты. Баракчалардын биринде айтылат: «Ар бир камакка алынган партиянын катардагы активисти түрмөгө түшүп алыс-жакын туугандарынын эсебинен бийликке нааразы болгондордун санын бери дегенде 50–60 кишиге көбөйтүп жатат»[2].

2002–2003-жылдары дүйнөдө Өзбекстанда болгон экстремисттерге каршы күрөштүн жалпы толкунунда ХТИнин иш-аракетине каршы жасаган кыймылдарынын кээ бири ийгиликке жетти. 2002-жылы жазында аты айтылбаган партиянын эмири, ошондой эле уюмдун алдыңкы топторунун лидерлери кармалган. ХТИнин баракчаларын жана брошюраларын басып чыгарган 15 жашыруун типография табылган. Укук коргоо органдары Өзбекстан Республикасына мыйзамдуу жана мыйзамсыз диний диверсиялык адабияттарды киргизген каналдарды жоё алды. Буга карабастан, «Хизб ут-Тахрир» өз ишин Өзбекстанда жана башка өлкөлөрдүн аймактарында улантууда. Кийинки жылдары

---

[1] *Звягельская И.Д.* Исламское возрождение в Центральной Азии: причины и игроки // Исламский фактор в истории и современности. М.: Восточная литература, 2011. С. 482.

[2] *Тодуа З.* «Хизб ут-Тахрир» в Центральной Азии.

партиянын баракчалары Ташкентте, ошондой эле Фергана, Наманган, Анжиян жана Сурхандарыя областтарында пайда болду. Мындан тышкары, ХТИнин баракчалары Казакстандын түштүгүндө, Тажикстандын Согди облусунда, Кыргызстандын Ош жана Жалал-Абад областтарында таралган.

Борбордук Азияда ХТИнин көзөмөлүнүн алдындагы жашыруун мечиттер алигиче иштеп жатат. Оппозициянын колдоочулары мурдагыдай эле көп жана ХТИге тиешиси бар деп соттолгондордун үй-бүлөсүнүн, жакындарынын, туугандарынын эсебинен толукталып турат. Өзгөчө Наманган жана Анжиян облустарында, Өзбекстанда жана Кыргызстандын түштүгүндө жагдай кооптуу бойдон калууда. Өзгөчө ушул областтарда коомдун бардык катмарында ХТИнин колдоочулары арбын.

«Хизб ут-Тахрир» партиясы расмий бийликке каршы активдүү куралдуу күрөш ыкмаларына өтүүдө деп айтууга негиздер бар. Балким, алар экинчи кыргыз революциясынан кийин Кыргызстан бийлигинин көзөмөлү түштүктө болгон жагдай алдында алсыз экенинен, ошону менен катар эле социалдык-экономикалык маселелер жана жергиликтүү калктын нараазычылыгы менен коштолгон кырдаалынан колдонгусу келип жатат.

1990-жылдары ХТИнин өкүлдөрү Өзбекстан ислам кыймылы куралдуу күрөш ыкмалары үчүн сындаганы белгилүү, бирок ошол эле учурда иш-аракеттерди координациялоо үчүн алар менен байланыш түзүүгө аракет кылышкан. ӨИКнын Кыргызстанга жана Өзбекстанга жасаган ийгиликсиз чабуулунан жана Афганистанда «Талибан» бийликтен кулатылгандан кийин ӨИКтин бөлүктөрү талкаланган.

Ошентип, ХТИ Борбордук Азиядагы диний оппозициянын лидери болуп калды. Бул окуялар ХТИнин активисттеринин күрөш ыкмалары өзгөргөн маалга дал келди. Күрөш ыкмаларынын өзгөрүшү жөнүндөгү маалымат ХТИнин баракчаларынын жана брошюраларынын мазмунун аныктайт.

2003-жылдын сентябрындагы баракчасында партия мусулмандарды Халифат түзүү үчүн күрөштө куралданууга ачык чакырат: «Биздин колдоочулар ислам мамлекетин түзүү жолунда өздөрүн аябайт. Алар каапырларды элдин көз алдында жок кылышат. Мусулмандар! Силерди ушул ардактуу ишке чакырабыз! Силерди зордук-зомбулук чынжырларын бузуп, сыйлуу курларды (шейиттер курларын) тагынууга

чакырабыз! Халифатты кайрадан жаратууга жан-дилинер менен күрөшүүгө чакырабыз! Учурдан пайдаланып, ислам үчүн, Алланын батасы менен бакытка жетели!»[1].

Кыязы, үгүт риторикасындагы бул өзгөртүүлөр Өзбекстандын бийлигине бир катар террордук чабуулдар үчүн тахрирчилерди күнөөлөгөнгө мүмкүнчүлүк берген көрүнөт. 2004-жылы март айында Өзбекстандын тарыхында биринчи жолу Ташкентте жанкечти аялдар жардыруучу заттарды иштетишкен. Ошол эле жылдын 30-июлунда үч жанкечти Израилдин элчилигинин, АКШ элчилигинин жана Башкы прокуратурынын имараттарынын жанында өзүн жардырып жиберген. Иликтөө иштерин жүргүзүүдө 85 адам кармалып, анын ичинде 17 аял, террорчулар «Хизб ут-Тахрир» партиясына тиешеси бар экендиги такталган. Буга тинтүү учурунда табылган жазуулар, баракчалар, көрсөтмөлөр, ошондой эле боевиктердин өз көрсөтмөлөрү далил болгон. Кармалгандардын жанында документтер менен бирге «Жихадга кантип кириш керек?» деген көрсөтмөлөр табылган.

2005-жылы ХТИнин мүчөлөрү Кыргызстандагы «жоогазын» революциясына катышкан. Ошол эле жылдын 13-майында «Хизб ут-Тахрирдин» боевиктери Анжияндагы окуяларга активдүү аралашкан. Анжияндагы окуялардын чордунунда болгон журналисттердин айтымында, козголоңчулардын лидерлери өз максаттарын айтып жатып, Фергана өрөөнүндөгү бийликти басып алган соң, ал жерге шариаттын негизинде адилеттүү ислам мамлекетин – Халифат түзүү ниеттерин ачык жарыялаган[2].

Ошондуктан Борбордук Азиянын бардык расмий өкүлдөрүнүн пикири окшош экендиги таң калыштуу эмес, алардын позициясы «Хизб ут-Тахрирдин» иш-аракетине кескин каршы жана алардын ою боюнча бул партияны жок кылуу абзел.

***Жыйынтык.*** *«Хизб ут-Тахрир» партиясы – Борбордук Азияда эң чоң, бүтүндөй аймакты камтыган эң көп тармактуу уюм. Саясий эволюциясында ал чакан чөйрөлөрдөгү үгүттөн бийликке каршы чоң теракттарга, Кыргызстандагы жана Өзбекстандагы тополоңдорго катышууга чейин барды. Борбордук Азия хизбуттар үчүн бир катар себептерден улам өзгөчө мааниге ээ. Биринчиден, СССР кулагандан*

---

[1] *Тодуа З.* «Хизб ут-Тахрир» в Центральной Азии.
[2] *Тодуа З.* «Хизб ут-Тахрир» в Центральной Азии.

*кийин көп мусулмандар жашоодогу ордун таба албай адашып, күтүлбөгөн өзгөрүүлөрдөн улам ыңгайсыз абалда, адилеттүү жашоону эңсеп калышты. Экинчиден, бардык беш республикада мусулман салттары менен байланыш үзүлгөн, ошондуктан алар диний илимдерди толук билген эмес. Мына ушул жагдайда ХТИнин үгүтү дал өзүнүн кишилерин тапты. Ошол эле учурда аймак «Улуу оюндун» аренасына айланды, ага бул жолу үч оюнчу – Россия, АКШ жана Кытай кирди.*

*Ошондуктан халифаттын жактоочуларына аймакты тигилер катуу орношуп алганга чейин «өздөштүрүүгө» үлгүрүшү керек эле.*

**Параграфтын суроолору:**

1.«Хизб ут-Тахрир» партиясы качан жана эмне максатта түзүлгөн?

2.Борбордук Азияда партиянын кеңири таралышынын себептери кайсылар?

3.Партиянын региондогу ишмердүүлүгүндө радикалдашуу эмнеден көрүнөт?

### 3.3. Өзбекстандагы саясий процесстерде ислам фактору

Өзбекстан илгертен эле СССРдин борбор азиялык республикаларынын ичинен өтө эле өнүккөнү болчу. Ал территориясы чаканыраак жана Казакстанга караганда табигый ресурстарга анча бай болбосо дагы, анда көп сандаган, улуттук жактан бир кылка калк жашайт. Андан тышкары, экономикалык жана аскердик потенциалы, ошондой эле региондун борборунда жайгашышы жана байыркы маданияты аны Борбордук Азиядагы башчылыкка биринчи претендент кылган. Ошол эле учурда Өзбекстанда исламдын позициясы баарынан күчтүүрөөк болгон.

Бүгүнкү күндө республикада расмий маалыматтар боюнча мусулмандар калктын 93% түзөт, көбүнчө алар ханафий мазхабындагы сунниттер болуп саналат. Шииттердин саны 1% ашпайт жана алар Бухара менен Самарканд облустарында топтолушкан.

Өзбекстандын көз карандысыздыгынын калыптаныш процесси Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүндөй эле, ар кыл сфераларында курч карама-каршылыктар менен коштолду. Бул учурда пайда болгон идеологиялык вакуум ар кыл диний агымдардын эсеби менен, баарынан мурун мусулман насаатчыларынын расмий жана расмий эмес деңгээлдеги агартуучулук насааттары менен толтурула баштады. Дин

насаатчылардын бул окутуулары карама-каршылыкта болуп, көп учурда исламдын өзүнүн маңызын бурмалап салышкан. Турмуштук тажрыйбасы жок жаштар, албетте, ар кыл идеялардын таасирине өтө эле берилип кеткен.

Ошонун натыйжасында өлкөдө аталышы ар башка, бирок маңызы жактан бирдей диний саясий уюмдар – «Адолат», «Товба», «Ислом лашкарлари» ж.б. пайда болгон, алардын башкы максаты теократиялык мамлекетти куруу эле. Ал эми бийлик жана тартип органдарынын бул айтылган топтордун иштерине карата кызыгууларын абийир эркиндигине карата жарандардын конституциялык укугун бузуу катары баалашкан. Бул топтор Фергана өрөөнүндө, мисалы Наманганда өтө активдүү болгон.

1991-жылы декабрда Беловеждик келишимден кийин Өзбекстанда референдум болуп өтүп, анда өлкөнүн көз карандысыздыгы аныкталган. Көп өтпөй, 1991-жылы 29-декабрда биринчи жолу бүт элдик президенттик шайлоо болуп, анда добуштун 86% алган И.А. Каримов жеңип чыкты.

1990-жылдын биринчи жарымында радикал исламчылар Өзбекстандагы алдыңкы саясий күчтөрдүн бири болууга аракет жасап, атүгүл Фергана өрөөнүнүн бир нече шаарын көзөмөлгө алышкан. Алардын ишмердүүлүгү өкмөттүн жигердүү иштери менен басылып, исламчылар көмүскөгө жашынып иш кылууга мажбур болушат.

Бул мезгилде Ислам Каримовдун өкмөтү өз ара бир-бири менен байланышкан эки максатты көздөшкөн: ички оппозицияны басып таштап, Борбордук Азияда башчылык роль аткарганга жетишүү керек эле. Эки максатта тең исламизмге жана «туура эмес исламга» карата күрөш караштырылган. Өкмөт расмий институттардын чегинен тышкары турган уруксаты жок диндин көрүнүштөрүнүн бардыгы «туура эмес ислам» деп аныктаган.

Натыйжада Өзбекстанда «көз карандысыз мусулмандар» деген өзгөчө категория пайда болгон, алар расмий түрдө катталган уюмдардан тышкары диний практика жасашкан. Бирок алар менен эффективдүү күрөш жүргүзүү үчүн И.Каримовдун өкмөтүнө Орто Азиялык Өзбек Муфтиятын (орусча САДУМ) көзөмөлдөшү керек эле.

1993-жылы ОАӨМ таратылып, анын ордуна мамлекеттик органдар менен тыгыз иштеген Өзбекстан мусулмандар Башкармалыгы (орусча УМУ) түзүлгөн. Бирок 1998-жылда кабыл алынып, 2021-жылдын июлуна чейин иштеген «Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө»

мыйзамы «мамлекет диний уюмдарга эч кандай мамлекеттик функцияларды аткарууну жүктөбөйт, эгер мыйзамга каршы болбосо, алардын иштерине кийлигишпейт»[1] десе дагы, жашоо өз кошумча-алымчасын киргизген.

Өзбекстандагы бийликтер ӨМБ уюмуна өзүнүн расмий органы катары мамиле кылышты, анын иштерине дайыма кийлигишип турушту, мечиттердеги имамдарды коюп же кызматтан алганга катышышты, медреседеги окуу программасынын мазмунун көзөмөлдөп, диний адабияттарды цензурадан өткөрүштү. Мечитке жумушка орношкусу келген ар бир адам саясий сабаттуулугу боюнча сынактан өтүшү керек болгон: ал улуттук гимнди жатка билип, И.А. Каримовдун жазган эмгектеринин мазмунун окуп, конституциялык мыйзамды карманууга жана өлкөнүн стабилдүүлүгү, өнүгүп-өсүшү үчүн аракет кылып жаткан президенттин иш-аракетин колдошу тийиш эле.

ӨМБ мамлекеттин талабы боюнча ар кыл фетваларды чыгарган. Мисалы, 1998-жылы январда «бул практика исламда жок болчу» деген негизде мечиттерде рупорлордун жардамы менен азан чакырууну алдырып таштаган. Имамдарга өз насыяттарын окуганга жол берилбей, алар ӨМБ берген тексттерди эле окуп беришкен. Ошентип, өкмөт Өзбекстанды ислам мамлекетине айландыруу керек деп талап кылган экстремисттерге каршы ӨМБны колдонгон.

Ал эми ӨМБ акырындап региондун ханафий салтына кайтып келген, муну азыркы күндө Өзбекстан үчүн ортодоксалдык дин деп айтсак болот. 2000-жылы ӨМБ «фундаментализм менен ар кыл экстремисттик тенденцияларга каршы жана өзүбүздүн асылзат динибизди коргоо» деген программа кабыл алды. Ал ханафий окутууга расмий статус берип, бүт имамдарга ханафий эмес агымдардын баарына каршы чыкканга буйрукту бекитти[2]. Акыркы кездерде ӨМБ диний китептерди чыгарууда монополияга ээ.

Мамлекет ошондой эле диний билимдин үстүнөн көзөмөлдү күчөтө баштады. Кайра куруу жылдары ачылган көптөгөн медреселердин ичинен И.Каримовдун президенттигинин акыркы жылдарына чейин он чактысы эле калды, анткени бийликтин айтуусу боюнча калгандарында

---

[1] О свободе совести и религиозных организациях: Закон Республики Узбекистан. 6 тиркемени караныз.

[2] *Халид А.* Ислам после коммунизма. С. 240.

радикалдык исламды үгүттөө жүргөн экен. Ал эми иштеп жаткан медреселердин үстүнөн катуу көзөмөл жүргүзүлөт. Медреседен тышкары жогорку ислам билимин алгысы келген жаштар совет мезгилинен бери калган Ташкент ислам институтуна тапшыра алышат.

1999-жылдын апрелинде өкмөт ӨМБга баш ийбеген ислам билим берүүсүнүн мамлекеттик жогорку окуу жайы катары Ташкент ислам университетин ачты. Анын максаттары жана милдеттери төмөнкүдөй деп белгиленди: «Ташкент ислам университети элибиздин ыйык дини болгон исламдын бай маданий жана рухий мурасын жандандыруу үчүн, ошондой эле дин, маданият, агартуу боюнча ойчул аалымдардын чыгармаларын изилдөө үчүн  кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Алсак, университетин иштеринин эң башкы милдети деп, диний жана светтик предметтерди, илимий-теориялык мамиле жасоонун принциптерин параллелдүү окутуу менен илимий изилдөө жүргүзө алган жогорку адистиктеги кадрларды даярдоо түзөт»[1].

Баса, Өзбекстандын орто жана жогорку окуу жайлары сөзсүз түрдө «Диний экстремизм жана фундаментализм: тарых, табият жана азыркы коопчулук» деген курсту өтүшөт. Адатта, дал ушул предметтен студенттер окуу процессинин чегинде дин менен тааныша алышат.

«Чыныгы ислам» менен диний экстремизмдин ортосундагы чектерди ӨМБ аныктайт, бирок акыркы чечимди Өзбекстан Республикасынын министрлер Кабинетинин астындагы дин иштери боюнча Комитет кабыл алат. «Көз карандысыз мусулмандар» үстүнөн сот жүргүзүү учурунда айыпталгандардан тартылып алынган диний адабияттарга жол берилеби же жокпу деген корутундуну алар беришет.

Ошентип, исламчылар менен күрөштө мамлекеттик органдар ӨМБ менен чогуу бир катарлаш күрөшүүдө. Исламчылар дагы 1990-жылдардын ортосунда биригишкен. 1995-жылы Тажикстан ислам кайра жандануу Партиясына (орусча ПИВТ) окшош кылып, Өзбекстан ислам жандануу Кыймылы (орусча ДИВУ) түзүлгөн, ал кээде Өзбекстан кайра жаралуусунун исламдык Кыймылы (ӨКИК) деп аталат.

Башында кыймылдын штаб-квартирасы Пешаварда жайгашкан, кийинчерээк анын өкүлчүлүгү Кабулга көчкөн. 1996-жылы бул кыймыл

---

[1] Ташкентский исламский университет: официальный сайт. URL: http://www.tiu.uz/index.php?option=com_content&view=article&id=1&Itemid=47&lang=ru.

кайра түзүлүп, Өзбекстан Ислам кыймылы (ӨИК) деп аталып калды. ӨИКнын саясий жетекчиси болуп Т.Юлдашев, партиянын аскердик канатынын жетекчиси – Д.Ходжиев, Юлдашевдин орун басары жана пресс-борбордун жетекчиси болуп – Зубаир ибн-Абдурахман (Абдул Рахим) шайланган. Бул кыймылдын башкы максаты болуп Өзбекстанда ислам мамлекетин түзүү жарыяланган. АКШнын мамлекеттик департаментинин бөлүштүрүүсү боюнча ӨИК эң коркунучтуу эл аралык террористтик уюмдардын тизмесине кирет.

ӨИК түзүлгөндө анын курамына 1992–1993-жылдары И.Каримов жаптырган бир катар ислам уюмдарынын активисттери дагы кошулган. Кыймылдын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү 1990-жылдардын башында «Адолат уюшмаси», «Ислам кайра жаралуу партиясы», «Одамийлик ва инсонпарварлик», «Түркестандын исламдык партиясы», «Ислом Лашкорлари» ж.б. ислам уюмдарында иш алып барышкан.

Өзбекстандагы исламга каршы кампания башталганда бул топтордун мүчөлөрү Афганистан менен Тажикстанга көчүп кетишкен. Чыгып кеткендердин жалпы саны эки миңдей кишини түзгөн. Алардын көпчүлүгү Тажикстандагы жарандык согушта Бириккен тажик оппозициясынын (БТО) катарында катышышкан. Жагымдуу чөйрөгө туш келген өзбек исламисттери Афганистан менен Тажикстанда жигердүү иштерди жүргүзө башташты.

Алсак, алар чет өлкөлүк бир катар идеологиялык борборлор жана атайын кызматтардын жардамы менен «наманган батальону» («Наманган шуъбаси») деген аскердик уюмду жаратышкан, аталышынан эле көрүнгөндөй анын негизин Наманган облусунан чыккандар түзгөн. Ошол кезде алар борбор азиялык республикаларынан, биринчи кезекте Фергана өрөөнүнөн жаштарды жалдоо боюнча кеңири иштерди жасашкан. Жалдангандардын көпчүлүгү кылмыш жасашкандыктан өз мекендеринен качып жүргөндөр эле. Рекруттар легалсыз түрдө Афганистан менен Пакистанда жайгашкан аскердик окуу лагерлерине жөнөтүлгөн. Кийинчерээк Жума Намангани Тажикстандын Гарм аймагында дагы ошондой аскер лагерин ачкан. Атайын диверсиялык даярдыктан өткөн боевиктер Өзбекстанга туруктуу абалды бузуу, калк арасында дүрбөлөң түшүрүп, бийликке ишенбей калуусу үчүн каракчылык чабуулдарды жасап, киши өлтүрүү үчүн жиберилип турган. Бул кылмыштардын туу чокусу 1996–1998-жылдары болуп өттү. Кылмышкерлердин курмандыгына чоң адамдар гана эмес, наристе балдар дагы туш болушту.

Алсак, 1996-жылы областтык ГАИ Мирзаевдин үйүн карактоо учурунда бүт үй-бүлөнү, анын ичинде эки баланы дагы атып салышкан.

1996–1999-жылдары ӨИК башчылары негизинен Афганистан менен Пакистанда болуп өткөн жолугушуулардын бир катарына катышышкан. Ал жерлерде Өзбекстандын территориясында жардыруу иштерин жүргүзүү иштери каралган болчу. Тажиктердин ортосундагы согушту токтотуу процессинде ӨИКтин талаа командирлери 1997-жылы Тажикстандын өкмөтү менен БТО ортосунда кол коюлган келишимдин шарттарын аткаргандан баш тартышкан. Боштондукка чыгуу күчтөрүн алар Өзбекстанга багытташкан. Андыктан Өзбекстанда 1997–1998-жылдардын кышында экстремизмге каршы багытталган кеңири кампаниянын жүрүшү бекеринен болгон эмес.

1997-жылдын декабрында Наманганда мыкаачылык менен киши өлтүрүүлөр болуп өттү. Полицейлер шаарда операция жүргүзүп, миңден ашык кишини камашып, алардын көпчүлүгүн ваххабиттер деп айыпташты. Буга далил катары ӨМБ тарабынан көзөмөлгө алынбаган мечиттерге баруу же дагы кандайдыр бир диний иш-аракеттер негиз болуп берген.

Республикада исламисттердин активдешүүсү бийликти 1998-жылы «Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» деген жаңы мыйзамды кабыл алууга түрткү берди, ал диндин бардык көрүнүштөрүнүн үстүнөн катаал көзөмөл жүргүзүүнү киргизип, расмий түрдө таанылган диний уюмдар гана дин боюнча иш жүргүзө аларын тастыктады[1]. Диний уюмдарды каттоо эрежелери катаалданган. Бардык мечиттер мындан ары катталуу үчүн арызын юстиция Министрлигине бериши тийиш болгон. Мечиттер сөзсүз түрдө регистрация болушу талап кылынганда алардын саны, өзгөчө Фергана өрөөнүндө өтө эле кескин кыскарып кетти. 1990-жылдардын ортосуна чейин Анжиянда жана анын тегерегинде иштеген 2200 мечиттин кырк экиси гана каттоодон өткөн. Наманганда 1000 мечиттен 240 гана калды. Диний экстремизм, сепаратизм жана фундаментализмге каршы кампаниянын үч негизги бутасы болгон. Аларга ӨМБна баш ийгиси келбеген имамдар, Өзбекстан Ислам кыймылы менен байланышы бар деп шектелгендер жана Хизб-ут-Тахрир мүчөлөрү кирген. 1998-жылы Өзбекстанда Хизб-ут-Тахрирге катышы бар деп айыпталгандардын биринчи соту өтөт, андан бери мындай процесстер

[1] Тиркеме 7.

регулярдуу болуп калды. 2007-жылы Өзбекстандын түрмөлөрүндө алты миң киши радикал ислам уюмдарына катышы болгону үчүн камакта жаткан. Алардын көпчүлүгү Хизб-ут-Тахрир мүчөсү деп айыпталган.

Өзбекстанда экстремизм менен күрөштүн туу чокусу 1999–2001-жылдарга туш келет. Бийликтин кооптонуусу негизсиз болгон эмес: анткени ушул учурга экстремисттик исламдык көмүскө уюмдарынын активдүү иш-аракеттери туш келген.

1999-жылдын февралында Ташкентте радикал исламисттер тарабынан уюшулган жана адамдардын өлүмүнө алып келген бир нече жардыруулар болду. Ташкенттеги террористтик актылар абалды туруксуздаштыруу жана өлкөнүн саясий жетекчилигин физикалык жактан жок кылууга багытталган болчу. Теракттардан кийин аларды уюштуруучулар жана Өзбекстан Ислам кыймылынын экстремизм, сепаратизм жана фундаментализм идеяларын колдогондор, Каримовдун режимине каршы чыккандар камалып, айыпталышкан.

1999-жылдын августунда ӨИКнын сан жагынан 1000 ге чейин жеткен отряддары Түндүк Тажикстандан Кыргызстандын түштүк райондоруна кирип келишип, Фергана өрөөнүн көздөй жүрүш жасашкан[1]. Негизги согуштук аракеттер Кыргызстандын Ош областынын Баткен районунда жүргөндүктөн бул окуялар Баткен согушу деп аталып калды. Отрядды ӨИКнын башчыларынын бири Жума Намангани башкарган, ал мурда тажик оппозициясынын катарында күрөшкөн эле. Көп боевиктер КМШ территориясынын мурдагы «курч жерлеринде» согушуп, чечендик лагерлерде даярдыктан өтүшкөн. ӨИКнын максаты Өзбекстанда ислам мамлекетин түзүү болгондуктан, сөзсүз, Борбордук Азия жана коңшу өлкөлөрдүн бийликтеги режимдерине коркунуч келтирмек[2].

1999-жылдын октябрь айларынын ортосунда Өзбекстан, Кыргызстан жана Россиянын чогуу аракетинин натыйжасында боевикттер талкаланган. Алардын бир бөлүгү жок кылынган, калгандары Кыргызстандын чегинен сүрүлүп ташталган. Көп өтпөй 27-октябрда Кыргызстанда Россия, Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстандын Куралдуу күчтөрүнүн командалык-штабдык окутуулары башталды. Бир жума бою Кыргызстандын түштүгүндөгү Ош шаарында генералдык

[1] *Фальков М.* Исламское движение Узбекистана (ИДУ). История, финансовая база и военная структура // Независимая газета. 2008. 24 августа.

[2] *Добронравин Н.* СССР после распада. Демократия по-узбекски. Война с террором и смена партнеров // Дело. 2006. № 438, 23 октября.

штабдын жогорку офицерлери Борбордук Азиянын бир мамлекетине кирип келген бандалык түзүлүштөрдү жок кылуу боюнча коллективдик иш-аракеттерди жүргүзүштү.

Бирок исламисттер тарабынан Өзбекстандын коопсуздугуна карата коркунуч өсө берди. 1999-жылдын 15-ноябрынын 16-ноябрга караган түнүндө ӨИКнын боевиктер тобу Кыргызстан менен Тажикстандын чегинде жайгашкан Янгиабад өзбек шаарын басып алышкан. Ташкент облусунун чегинде боевиктердин пайда болушу Өзбекстанда жакында боло турган парламенттик жана президенттик шайлоого карата өз күчтөрүн көрсөтүү болчу, анткени исламдык экстремисттер бул шайлоолорго катыша алмак эмес. Шаар бат эле өкмөттүк аскерлер тарабынан тартылып алынды. Боевикттер чегинип кетишти, бирок жок кылынган эмес.

Бир жылдан кийин 2000-жылдын жайында алар кайрадан Кыргызстандын түштүгүнө жана Өзбекстандын Сурхандарыясынын районуна кол салып, өкмөттүк аскерлер менен узак согушууга өтүштү. 2000-жылдын августунда И.Каримов бандалык топтордун куралдуу кол салууларын шылтоолоп, Ялтадагы КМШ өлкөлөрүнүн формалдуу эмес саммитине келүүдөн баш тарткан[1].

2001-жылы Афганистанда талибдердин режими кулагандан кийин алардан жардам алып турчу Өзбекстандын ӨИК өңдүү ислам уюмдарына олуттуу сокку урулган. Мына ошондуктан узак мөөнөткө, төрт жыл бою Өзбекстанда олуттуу кагылышуулар болгон эмес.

Экстремисттердин кезектеги активдешүүсү 2004–2005-жылдарга туш келди. 2004-жылы ӨИК исламчылары Ташкентте жана республиканын бөлөк шаарларында бир катар жардырууларды жасашты. Ал эми 2005-жылы жазында Фергана өрөөнүнүн кыргыз бөлүгү Бишкектеги борбордук өкмөткө баш ийбей калганы белгилүү болгондо исламчылар «Фергана халифатын» түзүүгө аракет жасашты. Ал үчүн өрөөндүн өзбекстан тарабындагы экстремисттери бийликти басып алууга даярданышкан. Негизги чабуул Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгышында жайгашып, саны боюнча өлкөдө төртүнчү орунду ээлеген Анжиян шаарына жасалуу керектиги чечилди.

2005-жылдын 12-майынан 13-майына караган түнү ХТИ менен тыгыз

[1] Официальная хроника. 16 августа 2000 г. // Дипломатический вестник. 2000. № 9, сентябрь. С. 20.

байланышкан «Акромия» ислам тобунун куралдуу мүчөлөрү кырк кишиден турган эки тобу менен Анжиян вилоятынын ички иштер башкармалыгынын (ИИБ) патрулдук-көзөмөлдөө кызматына чабуул жасашты. Ошол эле учурда боевиктердин 40 кишиден турган эки куралдуу тобу коргоо Министрлигинин аскер бөлүгүнө кол салды. Кылмышкерлер курал-жарак, ок дары жана «ЗИЛ-130» маркасындагы машинаны уурдап кетишти. Кийинчерээк эки согуштук топтун мүчөлөрү шаардык түрмөнүн территориясына кирип келишип, анын дарбазасын уурдалган аскер жүк унаасы менен сүздүрүп ачып алышты. 527 камалгандар азаттыкка чыгарылган. Алардын бир бөлүгү боевиктер ээлеп алган ок атуучу куралдарды алып, аларга кошулуп, областтык администрациянын имаратын басып алуу, адамдарды барымтага алуу, жарандарды өлтүрүү жана мүлктөрдү жок кылууга активдүү катышышты.

Андан ары экстремисттер Улуттук коопсуздук кызматынынын облустук башкаруусунун имаратына чабуул жасап басып алууга аракет кылышты, бирок ага чамалары жетпей, мизи кайтарылды. Ошондо алар Анжиян облусунун администрациясынын имаратына келишип, аны кайтарган милиция кызматкерин өлтүрүшкөн. Анын артынан козголоңчулар бул имаратка өздөрүнүн тууганадарын жана жакындарын чакыра башташты.

2005-жылы 13-майда администрация алдындагы аянтка толкундаган, эмне болуп жаткандыгын жакшы түшүнбөгөн шаардын тургундарынын тобу чогулду. Козголоңчулар аларды бийликтегилер менен каршы туруусунда тирүү калкан катары колдонушту. Ошол эле күнү козголоңду басуу үчүн Ташкенттен колдоо келди. Өкмөттүк аскерлер администрациянын имаратын кайтарып алышты. «Акромисттер» Ферғананын кыргыз бөлүгүнө качып кетишти.

2005-жылдын 14–19-майында ушундай эле окуялар Кыргызстан менен чектеш Кара-Суу өзбек шаарында дагы болуп өттү. Бирок өкмөт аскерлери бул козголоңду да басып коё алышты. Расмий маалыматтарга ылайык анжиян окуяларында 187 киши каза тапкан – алар көбүнчө козголоңчулар жана аскер кызматчылары болгон. Баары болуп козголоңго катышты деп 121 кишини камашкан. Анын уюштуруучуларынан 15 кишиге Өзбекстандын Жогорку Соту узак

мөөнөттөгү түрмө камагына өкүм кылган[1]. Ошентип, ушундай исламисттик чабуулдардын айынан өкмөттүн курсу ого бетер катаал жана компромисссиз боло баштады.

Кийинки он жылдыкта Өзбекстанда радикалдык ислам менен жагдай бир аз турукташып калгандай болду. Бирок Иракта «Ислам мамлекетинин» жарыяланышы кайрадан алардын активдүүлүгүн күчөттү. Көптөгөн радикал исламчылар Сирия менен Иракка жөнөшүп, ал жактан Ислам Мамлекетинин катарына жана бөлөк террористтик уюмдарга, алсак, Жабхат ан-Нусра дегендин катарына (2016-жылдын июлунан баштап Жабхат Фатах аш-Шам деп башкача аталган) киришти. Республикадан чыккандар Сирияда этникалык белгиси боюнча өздөрүнүн бөлүктөрүн дагы түзүп алышкан. Мисалы, «Имам Бухаранын жамааты» жана «Таухид валь-Жихад» деп аталган өзбек бөлүктөрү Алеппо менен Идлиб шаарларындагы согуштарда террористтик уюмдардын катарында согушушкан. Ал эми 2016-жылдын аягында россиялык аба күчтөрүнүн жардамы менен сириялык армиянын масштабдуу операцияларынан кийин өзбек боевиктери Афганистанга ооп, андан ары мекенине кайта башташты.

2017-жылдын февралында Өзбекстан Президенти Ш.М. Мирзиёев 2017–2021-жылдар үчүн өлкөнүн өнүгүшүнүн беш приоритеттүү багыттары боюнча иш-аракеттердин Стратегиясына кол койду. Анда «коопсуздукту, улуттар аралык ынтымакты жана диний толеранттуулукту камсыз кылуу, ошондой эле салмактуу, өз ара пайдалуу жана конструктивдүү тышкы саясатты жүзөгө ашыруу чөйрөсүндөгү артыкчылыкка ээ багыттар» да белгиленген[2].

2021-жылдын июлунда Өзбекстанда «Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» деген жаңы мыйзам кабыл алынды[3]. Ал бир жагынан диний көрүнүштөрдү көзөмөлдөөнү азайтты, мисалы, коомдук жайларда мындан ары диний кийимдерди кийүүгө уруксат берилди. Экинчи жагынан, «мыйзамсыз диний иш-аракеттер» менен «мыйзамдуу диний

[1] Международные отношения в Центральной Азии. События и документы. М.: Аспект-пресс, 2011. С. 340–341.

[2] Стратегия действий по пяти приоритетным направлениям развития Республики Узбекистан в 2017-2021 годах. Официальный сайт Президента Республики Узбекистан. URL: https://president.uz/ru/pages/view/strategy?menu_id=144

[3] Тиркеме 8.

иш-аракеттердин» ортосундагы белгилүү бир чек араны аныктап, аларга атайын көзөмөл күчөтүлдү.

Белгилей кетүүчү нерсе, ислам фактору Өзбекстандын ички саясатына гана эмес, тышкы саясатына да таасирин тийгизген. Алсак, 1999–2000-жылдары ӨИКтин боевиктери республикага эки жолу басып киргенде, Өзбекстан Россия менен аскердик-техникалык жана саясий кызматташтыкты күчөтүп, ага исламчыларга каршы күрөшүүдө жигердүү жардам берген.

2001-жылы Афганистанда талибдерге каршы америкалык операция башталгандан кийин, Өзбекстан АКШ менен тыгыз кызматташып, Жамааттык коопсуздук келишиминен (ЖКК) чыгып, ГУАМга кирип, 2003-жылы АКШнын Иракка басып кирүүсүн колдогон. Ал эми 2005-жылы Батыш аны «Анжиян окуяларын» баскандыгы үчүн айыптагандан кийин, ал кайрадан Россияга бурулуп, ГУАМдан чыгып, ЖКК жана ЕврАзЭС уюмуна кирген. Бирок ISAF коалициялык аскерлеринин Афганистандан чыгарып кетүү алдындагы исламисттердин жандануусу аны АКШ менен кызматташуусун күчөтүп, ОДКБ дан 2012-жылы чыгуусуна алып келди.

«Ислам мамлекетин» түзүү, анын эмиссарларынын региондо пайда болушу, Сириядагы орус операциясынын башталышы менен бир убакта ӨИКнын жанданышы  Өзбекстандын Россия тарапка жаңы мамилесин пайда кылды. Ал өлкөнү президент Ш.М. Мирзиёв жетектегенден кийин өзгөчө күч алды.

Бул курс 2021-жылы Американын аскерлерин Афганистандан биротоло чыгарып кетүүсү жана Афганистандагы «Талибан» жана башка радикалдык исламчылардын активдүүлүгүнүн кескин жогорулашы менен бекемделген.

***Жыйынтык.*** *Өзбекстанда бийлик исламды улуттук мамлекеттүүлүктү бекемдеш үчүн колдонгон. Ал эми исламисттер аны өкмөткө каршы чыгуулардын куралына айландырууга аракет кылышкан. Алардын башкы максаты орногон бийликти кулатып, диний мамлекетти куруу болгондуктан, ислам ураандары саясий күрөштүн каражаттары катары көтөрүлгөн.*

*Ошондой эле исламчылар менен күрөштүн муктаждыгы Өзбекстан Республикасынын сырткы саясий курсуна олуттуу таасирин тийгизип, ага зигзаг формасын берген.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Көз карандысыздык алгандан кийин Өзбекстандын жетекчилиги исламга кандай мамиле кылды?

2. Өзбекстан Ислам Кыймылынын (ӨИК) иш-аракети эмнени көрсөттү?

3. Өзбекстанда радикал исламчылардын «Анжиян окуяларында» ролу кандай?

4. Өзбекстандын тышкы саясатына ислам фактору кандай таасир берет?

## 3.4. Тажиктердин ортосундагы жаңжалда жана аны жөнгө салуу процессинде ислам факторунун ролу

Тажикстан – Борбордук Азиянын бүт мамлекеттеринин ичинен эң кичинекей жана эң жарды өлкө. Анын аянты болгону 143,1 миң квадрат километрди түзөт. Бирок анын геосаясий абалы, анын түндүк чек аралары Борбордук Азиянын бардык башка мамлекеттеринин чек аралары менен чектешкен шарнир-мамлекети катары кароого мүмкүндүк берет, ал эми түштүгүнө Афганистан, Пакистан, Индия жана Кытайдын чек аралары тартылат.

Тажикстандын аймагынын 93% Тянь-Шань, Гиссар-Алай жана Памир өңдүү дүйнөдөгү эң бийик тоо системалары ээлейт. Демек, Тажикстандын аймагынан азыркы геосаясатта маанилүү бир нече чектеш аймактарды көзөмөлдөөгө болот. Бул ага эл аралык мамилелердин ири державаларынын кызыгуусун алдын-ала аныктайт.

Диний планда Тажикстан калкынын 95% ханафит мазхабынын сунниттери түзөт, ага 2009-жылдын 2-апрелинен тартып расмий статус берилген. Учурда өлкөдө 3 400гө жакын мечит иштейт, алардын 355и собордук мечиттер. Расмий түрдө катталган 19 медресе иш алып барат. Тоолук Бадахшанда X–XI кылымдан бери келе жаткан исмаилиттик диний азчылык бар. 2009-жылы исмаилиттердин борбору өлкөнүн башкалаасында дагы ачылган.

Тажикстандын көйгөйү болуп региондук кландар – түндүк (худжандыктар же совет мезгилинде Ленинабад деп аталган шаардын атынан) жана түштүк (кулябдыктар – Куляб шаарынын атынан) ортосунда дайыма татаал мамиленин болуп келиши эле. Бул эки негизги кландан тышкары күчү азыраак, бирок таасирлүү – гармдык (каратегиндик), гиссарлык жана бадахшандык (памирлик) кландар дагы бар болчу.

Тажик мамлекетинин кландык уюшулушу мурдатан бери эле болгон жана советтик бийлик учурунда дагы сакталып калган, о.э жетекчи постторду берүүдө дагы атайын квоталар катуу киргизилген. Москва клпндын чоңдугуна жараша, анын мүчөлөрүнө жетекчи посттордун бөлүштүрүлүшүн кылдат көзөмөлдөп турган. Бул система аркылуу кландардын атаандаштыгын көзөмөлдөп турууга мүмкүнчүлүк болчу.

Тажикстандын көз карандысыздыгы жарыяланганга чейин анда салт боюнча түндүктүк, худжанд кланы биринчи орундарды ээлеп турган жана алар үч жагынан Өзбекстан менен курчалган Ленинабад облусунун кызыкчылыктарын коргошкон. Худжанд кланы Өзбекстандагы тажиктер жамааттары менен тыгыз байланышып, Тажикстанда «өзбекчил» катары эсептелишкен. Тартип жана өз ара жардамдашуу туура кадрдык саясатты жүргүзгөн бул клан бийликти 1990-жылдарга чейин сактаганга жардам берген. Бул кландан чыккандар жоопкерчиликтүү постторду түштүк куляб кланы жана бир аз орунду памирчилер менен бөлүшүшкөн.

СССРдин кулашы мурда союздук дотация менен күн көргөн республиканын экономикасынын талкаланышы менен коштолду. Ал эми негизги өндүрүштүк объекттер түндүктө болгондуктан Советтер Союзу ыдырар алдында түндүктөгүлөрдүн позициясы алсырай баштап, калган кландар өз укуктарын талап кыла башташты.

Республика эгемендүүлүккө ээ болуп калгандан кийин чыгыш кландардын регионалдык элита төбөлдөрү бийликке жетпей калышкан. Ушундай жагдайда алар өлкөдө олуттуу саясий күчкө айланган ислам дин кызматчыларынан колдоо издей башташат. Ошентип, ислам пропагандасы кээ бир регионалдык топтордун кызыкчылыктарын жылдыруу үчүн колдонулган. Исламдын олуттуу саясий күчкө айланышын камсыз кылуу үчүн исламчыларда бир топ кадыр-барктуу, дөөлөттүү лидерлер табылган.

Натыйжада коомчулукта улут аралык жаңжалдарга жана жарандык согушка алып келген курч карама-каршылыктар пайда болду. 1990-жылы бийликтегилер менен жаңыдан жаралып жаткан оппозициянын ортосунда каршылык башталды, бирок бирдиктүү лидердин жоктугу жана диний окутуулардын ажырымдары эки жактагы элди бириктире алган жок. 1990-жылы февраль айында биринчи жолу гармдыктар менен бадахшандыктар Тажикстан Компартиясынын БКнин биринчи секретары, түндүктүк Кахар Махкамовду четтетүү менен бийликти өз колуна алганга аракет кылышкан. 1990-жылдын 12-февралында Душанбедеги массалык тартипсиздиктердин

айынан 22 адам каза тапты. Баса, бул күн азыр Душанбеде дем алыш күнү – өлгөндөрдү эскерүү Күнү деп саналат. Ошентип, бул аракет бийлик органдарынан гармдык жана памирдик кландарды толугу менен кууп чыгуу менен аякталды, бирок алар убактылуу жашынып калышканы менен, моюн сунушкан жок.

1990-жылдын 29-ноябрында Тажикстанда биринчи жолу президенттин посту киргизилди. 1990-жылдын 30-ноябрында Тажик ССРнын биринчи президенти болуп К.Махкамов шайланган. Ал Тажикстандагы ар кыл жооптуу партиялык postторду ээлеген партиялык номенклатуранын өкүлү болчу. 1986-жылдын бери К.Махкамов Тажик ССРнын Коммунисттик партиясынын биринчи секретары жана КПСС БКнин мүчөсү эле.

Ошондуктан оппозиция уюштурган 1991-жылдын августундагы көп сандаган митингдерде президенттин отставкасы, компартиянын таратылышы жана 1990-жылы Тажикстан ислам кайра жаралуу партиясына (ТИКП) тыюу салган мыйзамды кайра караштыруу талаптары коюлган. Бул партия башында Ислам кайра жаралуу партиясынын тажик ячейкасы катары пайда болгон. 1990-жылы июль айында Астрахан шаарында СССР мусулмандарынын биринчи саясий уюму – Ислам кайра жаралуу партиясы түзүлгөн эле. 1990-жылы ячейка өз алдынча Тажикстан исламдык кайра жаралуу Партиясына (ТИКП) чейин өсүп жеткен. Бул партиянын негизин «майда» кландардын өкүлдөрү түзгөн. Мааниси жагынан алганда бул Тажикстанда ислам мамлекетин куралык деп чыккан, элге анча белгисиз реформатор-молдолордун тобу болчу. Ошону менен бул регионалдык группада башка субэтносторго караганда светтик жана диний башкаруунун ортосундагы тыгыз байланыш абдан байкалып турганын эстеш керек. Саясий исламдын «майда» кландарды колдоосу ушуну менен түшүндүрүлөт. Көп өтпөй сандаган мюриддери менен каратегиндик суфий эшендер кошулганда, ТИКП чынында эле олуттуу күчкө айланды.

Партияга бадахшандыктар дагы колдоо көрсөтүштү. Анчалык ашынбаган динчилдигине карабастан, алар исмаилизмге негизделген «Лаъли Бадахшон» деген улуттук коом негиздешкен. Ал маңызы боюнча этноконфессионалдык мүнөздөгү саясий партиянын ролун аткарып турган дагы, ТИКПнын бир бөлүгү болуп калды.

ТИКПнын негиздөөчүсү жана башчысы болуп 2009-жылга чейин эң таасирлүү тажик саясатчысы жана диний лидерлерини бири Саид Абдулло Нури болгон. Ал Тажикстанда ислам мамлекетин куруунун

активдүү жактоочусу эле. Саид совет доору учурунда эле өз көз караштарын ачык айта баштагандыктан, 1973-жылдан баштап исламды легалсыз үгүттөө жана баңги заттарды тараткан деген айып менен көп жолу камалып чыккан. Душанбедеги Мамлекеттик өзгөчө кырдаалдар комитети (ГКЧП) жеңилгенден кийин батыштык антикоммунисттик интеллигенция менен ТИКП негизи болгон ислам салттарын кармангандардын чогуу коалициясы жаралды. Бул бирикме өзүн Бириккен оппозиция деп атаган. Ал демократиялык лагердеги москвалык радикалдардын колдоосуна ээ болду.

Оппозициялык күчтөр өзүнүн курамы жагынан гана эмес, умтулуулары жагынан дагы бирдей эмес, ар кыл болгон. Анда бир жагынан либералдык-демократиялык багытты колдоочулар болсо, экинчи жагында өлкөнү Иранга окшош ислам мамлекетине айлантуу максатын жашырбагандар бар эле. Биринчи этапта бул эки агым тең бирдиктүү фронт менен чыгышты. Алар чыгышта Памирдин тоолуу аймактарынан жана түштүктө Афганистан менен чек аралаш турган Курган-Төбөдөн колдоо алышты. Кулябдыктар менен өндүрүш жагынан өнүккөн түндүк аймак номенклатуранын тарабында турушту[1].

1991-жылдын 9-сентябрында Тажикстандын мамлекеттик көз карандысыздыгы жарыяланды дагы, кийинки күнү эле «Тажикстан Республикасынын Президентин шайлоо» мыйзамы кабыл алынат. 1991-жылы 24-ноябрда эгемен Тажикстандын биринчи президенти болуп, Ленинабаддан чыккан Рахмон Набиев шайланды. Ал оппозициянын бириккен күчтөрүнүн лидери, тажик исламисттери колдогон памирлик Давлат Худоназаровдон ашып кетти. Р. Набиев тажрыйбалуу партиялык функционер болучу, аны К.Махкамов алмаштырганга чейин 1982–1985-жылдары Тажик ССР Компартиясынын БК Биринчи секретары болуп дагы иштеген[2]. 1992-жылдын башында Р. Набиев оппозицияны басканга аракет кылды, бирок исламчылар чет өлкөдөн келген каржылык колдоонун аркасы менен куралдуу отряддарды түзө баштады.

1992-жылдын январында Тажикстан Европадагы коопсуздук жана кызматташуу боюнча кеңешменин мүчөсү, ошол эле жылдын мартында БУУнун мүчөсү болуп калды. Бул оппозициянын активдүү

---

[1] *Шерматова С.* Кто, с кем и за что воюет в Таджикистане // Московские новости. 1996. № 6, 11–18 февраля.

[2] *Вронская Д., Чугуев В.* Кто есть кто в России и бывшем СССР. М.: ТЕРРА, 1994. С. 371.

каршылыктарын күчөттү. 1992-жылы 23-мартта оппозиция президентти кулатуу компаниясын баштап, Душанбедеги президенттик ак сарайдын алдындагы Шахидон аянтында исламдык ураандар менен көп күндүк митингдерди уюштурушту. Демонстранттардын негизин памирликтер жана гармиялыктар түзгөн. Уланып жаткан митингдер ансыз деле экономикалык оор абалда турган республикадагы социалдык-саясий кырдаалды туруксуздаштырууга алып келди.

1992-жылы 16-апрелде коңшулаш Афганистанда М.Наджибулланын кулатылышы кырдаалды ого бетер курчутту, анткени Кабулда жеңишке жеткен афган тажиктери мурдагы советтик-афган чек арасынын эки тарабындагы бардык тажиктерди бириктирүү деген ураан астында Тажикстандагы өз пикирлештерине жардам көрсөтө башташты.

21-апрелде оппозициянын жактоочулары тарабынан Жогорку Кеңештин депутаттарынын тобу жана өкмөт мүчөлөрү барымтага алынып, аларды Шахидон аянтына алып келишип, бийликтегилер жеңилдик берип, эпке келбесе, өлтүрөбүз деп коркутушкан. Кийинки күнү парламент митингчилердин шарттарын кабыл алды. Буга жооп кылып өкмөттү колдогон күчтөр 1992-жылы 26-апрелде Жогорку Кеңештин имаратынын алдындагы Озоди (Азаттык) аянтында митинг өткөрүшкөн. Ага катышуу үчүн Душанбеге Куляб облусунун тургундары түшкөн транспорт колонналары жөнөтүлгөн.

Ошентип, Душанбе өз ара бир жарым км алыс турган эки митинг менен сенек болуп калды. Митингдин катышуучулары бир-бирине агрессивдүү ниеттерин көрсөтүп жатышты. Алардын ар биринде коопсуздук топтору түзүлүп, зомбулук мисалдары, барымтага алуу жана уруп-токмоктоо учурлары катталды. ИИМ күчтөрү бейтараптык позицияда турду[1]. 1992-жылдын апрелинин аягында митинг кумары бүт борбор шаарды каптады. Шаарга Тажикстандын башка райондорунан дагы автоколонналар келе башташты. 1-майда президент Р. Набиев Улуттук Гвардиянын өзгөчө батальонун түзүү үчүн буйрук чыгарды жана өз жактоочуларына Азаттык аянтында 1800 автомат таратты[2].

---

[1] Права человека в Таджикистане. После событий гражданской войны 1992 г.: доклад Хьюман Райс Вотч; Хельсинки Вотч (HumanRightsWatch / HelsinkiWatch). М.: Human Rights Watch/Helsinki Watch, Memorial, 1994. С. 20.

[2] Указ Президента Таджикистана о создании бригады особого назначения. 1 мая 1992 г. // Вечерний Душанбе. 1992. 5 мая.

Оппозициянын тарапташтары да өз кезегинде коргонуу отряддарын түзүштү.

Көп өтпөй оппозициянын жетекчилери Курган-Төбө менен Гармдан кошумча күчтөрдү чакырышып, кулябдыктарды Душанбени таштап кетүүгө аргасыз кылышты. Күчтөрү көбөйүп, артыкчылыктарга ээ болгон шаарда калган памирликтер Тажикстандын Жогорку Кеңешинин имаратын курчап алышып, депутаттарды өздөрүнүн кишиси А. Искандаровдун башында турган жаңы өкмөттүн түзүлүшү үчүн добуш бергенге мажбурлашты. Өлкөдө коалициялык «улуттук элдешүү өкмөтү» түзүлгөн, андагы үчтөн бир бөлүгүн памирликтер ээлеген.

Президент Р. Набиев формалдык түрдө өз постунда калып, төңкөрүш түндүктөгүлөр менен памирликтердин сүйлөшүп алганынын натыйжасы катары көрүнгөнү менен, чындыгында памирликтер бийликти толугу менен басып алышкан болчу. 1992-жылы май айында өкмөт ичинде ажырым байкалган. Оппозиция лидерлери убактылуу коалициялык өкмөт түзүлсүн деп маселе коюшкан. Оппозициянын чегинде Тажикстан Ислам кайра жаралуу партиясы үстөмдүк кылуучу позицияны ээлеген. Республиканын эң жогорку мусулман жетекчилиги дагы Тажикстанда ислам мамлекети курулсун деген исламдык фундаментализмдин жактоочуларын колдоп кеткен.

1992-жылдын жайында Душанбеден саясий күрөш провинцияга карай жылды. Куралдуу тирешүү Курган-Төбөнүн облустук борборунда башталды, анда облисполкомдун имаратынын алдында митинг учурунда эки куралдуу топ кагылышып, көптөгөн адамдар курман болду. Атүгүл Курган-Төбөдөгү урушка замбиректер жана танктар дагы катышкан.

Курган-Төбөгө келген исламчылардын гармдык отряддары өзбек кварталында аябагандай мыкаачылык менен кан төгүштү. Орустарга дагы кол салышты. Бир гана шаарда жайгашкан россиялык 201-дивизиянын бөлүмдөрүнүн кийлигишүүсү оппозициялык боевиктердин ашынган иштерин токтотту[1]. Мына ошондон кийин армия кулябдыктарды активдүү колдой баштады. Россиялык расмий адамдардын айтуусуна караганда, кагылышууда колдонулган танктар мурунку советтик аскерлердин базасынан алынып келинген. Бул Россия үчүн аскерлерди орус командачылыгына кайра баш ийдирүүнүн зарылдыгы үчүн белги болду. Ушундай шартта Орусия Рахмон Набиевди активдүү колдоону

[1] *Фейгин М.З.* В западне. Самара: Самарский дом печати, 1999. С. 46.

чечти. Алар орус-тажик достук келишимине кол коюуга даярдыкты баштады. Ошол учурда Тажикстандын өкмөтү өз бийлигин Душанбеде гана эмес, провинцияларга дагы таратууга чечти, исламчылардын көңүлү Кулябга бурулду. Кулябдык кландын өкүлдөрү Душанбедеги март окуяларынан кийин исламчылар менен келишимге келүү мүмкүн эмес экендигин көрүшкөндүктөн, каршылык көрсөтүүнү чечишкен. Элдик фронт түзүүнү жарыялоо менен түштүктүктөр согушка жарактуу аскердик отряддарды тез арада түзө башташтаы. Тынч жаткан калкка карата кан төгүлгөн согуш башталып, ырайымсыздык менен коштолду. 1992-жылдын жай айынын аягында каршылаш топтордун ортосунда кандуу кагылышуулар бүткүл өлкө боюнча жүрдү. Оппозиция достук жана кызматташтык жөнүндө орус-тажик Келишимине кол коюуга жана КМШнын тынчтыкты сактоочу күчтөрүн республиканын аймагына киргизүүгө каршы чыгып, президенттин кызматтан кетишин жана убактылуу мамлекеттик кеңешти түзүүнү талап кылды.

Чыр-чатактын алгачкы айларында эки тарап тең БТРди кошо алганда, оор курал-жарактарга ээ болушкан, бирок кийин Элдик фронт Өзбекстандан оор курал-жарак алган. Афганистан жана Перс булуңундагы ислам өлкөлөрү курал-жарактарды, инструкторлорду жөнөтүп, исламчыл оппозицияга башка аскердик жардам көрсөтүштү[1]. 1992-жылдын 31-августунда оппозициялык куралчан отряддар президенттик аксарайды жана бир топ кишини барымтага алышып, алардын бирин ырайымсыздык менен өлтүрүп салышкан. Кийинки күндөрдө массалык демонстрациялардын жүрүшүндө президент Р.Набиевдин отставкасы жөнүндө талаптар коюлуп жатты. 7-сентябрында оппозиционерлер аны автомат менен коркутуп, Душанбенин аэропортунда отставкага кетүүгө мажбурлаган. Р.Набиев менен байланыштуу болгон өкмөт мүчөлөрү дагы коалициялык өкмөттү таштап кетишти. Мына ушул учурдан баштап ТИКПнын радикал жетекчилеринин таасири өтө эле кескин өскөн.

Душанбедеги бийлик коалициялык «исламдык-демократиялык өкмөткө» өткөн. А.Искандаров өзүн жаңы президентмин деп жарыялап, премьер-министрдин постун Худжанддан чыккан А.Абдулладжоновго

[1] *Карпов А.* Пятичасовая битва в Таджикистане открывает новый фронт на территории СНГ // Известия. 1993. 29 июня.

сунуштады. Исламчылар түштүктөгүлөргө каршы ээн-эркин уруш салышы үчүн түндүктүктөргө жакшы мамиле жасаганга аракет кылышкан. Исламчылардын жетекчилиги Россиядан өлкөдөн орус армиясынын 201-дивизиясын чыгарып кетүүсүн жана анын согуштук техникасын оппозициянын куралдуу отряддарына беришин талап кыла баштады.

Ошол эле учурда жаңы режим бардык Тажикстанды башкарып турган эмес. Түндүк кланы памирликтерге толук ишенбей, бийликти мурдагыдай эле түштүктөгүлөр менен бөлүшүп башкарууга өтүүнү каалаган. Ошондой эле конфессиялар аралык мамилелерде дагы карама-каршылыктуу жагдай түзүлө баштаган. Тажиктердин ар кыл топтору радикал исламизмге бирдей карашкан эмес. Ошондуктан жарандык күрөш акырындап тарап, бүт өлкөдө жүрдү. 1992-жылдын июнь айынан сентябрына чейин жарандык согуштун биринчи этабында 2000 киши өлтүрүлүп, 200 миң тажик качкынга айланган. 120 миңден ашуун турак үйлөр, административдик имараттар, мектептер жана бала бакчалары талкаланган. Ошол эле учурда, окуялар эң драмалуу сценарий боюнча өнүгүп жатты. 1992-жылдын октябрь айында Россия менен Өзбекстандын колдоосу аркылуу кулябдыктардан турган Элдик фронттун күчтөрү Душанбеге чабуул жасай башташкан.

1992-жылы 24-ноябрда Худжандда чогулган Тажикстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессиясы президенттик башкаруудан баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат. Парламенттин башчысы болуп Кулябдан чыккан Эмомали Шарипович Рахмонов шайланды. Өкмөт башчысы катары А. Абдуллоджанов калды. Мындан ары калыбына келтирилген Түндүк жана Түштүк коалициясында Түштүк башкаруучу күч болуп, бадахшандар кайрадан бийликтен куулду.

Бул мезгилде Орусия акыры Э.Ш. Рахмонов жетектеген борбордук тажик өкмөтүн колдоо жана КМШнын ички иши катары тынчтык орнотуу миссиясын сактоо саясатын тандап алды. Ал тажик режимин колдоду, анткени аны жарандык согуш менен кырылып жаткан республиканын калкынын коопсуздугун камсыз кылууга, тартипти орнотууга жана өлкөгө тынчтык берүүгө жөндөмдүү деп эсептеген.

1992-жылдын аягында Куляб аймагынан чыккан Элдик фронт оппозицияны Афганистанга сүрүп чыгара баштаган. 1992-жылы 10-декабрда анын аскерлери Душанбеге кирген. Кечээки эле союздаштары болгон гиссарлыктар менен ленинабаддык союздаштарынын

наарazычылыгын жараткан универсалдуу «кулябизация» башталды. Жаңы өкмөттүн көзөмөлү Тажикстандын Тоолуу Бадахшандан башка бардык аймактарына жайылды, анткени Бадахшандын жетекчилиги менен өкмөттүк аскерлерди анын аймагына жайгаштырбоо жөнүндө макулдашылган эле.

Чыр-чатак солгун фазага өттү. Тажик исламчылары Афганистандын аймагында базаларды түзүп, ал жерден Тажикстанга сокку ура башташты. Алардын башында белгилүү ислам аалымы Ходжи Акбар Туражонзода турган. Саид Абдулло Нури жетектеген «сүргүндө болгон өкмөт» түзүлдү. Оппозиция Иран, Пакистан, Афганистан жана Сауд Аравиясынан чоң жардам алып турган. Тажикстандын өкмөтү өз алдынча өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылып, жаңжалды жөнгө сала албай калган. Ал Россиядан үмүттөнүп, анын куралдуу күчтөрүнүн өз территориясында болушун каалаган жана бул маселеде колдоо тапкан.

1993-жылдын 22-январында Минскиде өткөн КМШ өлкөлөрүнүн саммитинде Э.Ш. Рахмонов өлкөсүндөгү абал туруктаашы үчүн Тажикстанга жамааттык тынчтык күчтөрүн киргизүүнү сураган[1]. Орусиянын жардамына таянган өкмөт юридикалык фронтто дагы чабуулга өткөн. 1993-жылдын 21-июнунда респбуликанын Жогорку Сотунун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясы Тажикстандын демократиялык партиясын, Тажикстандын ислам кайра жаралуу партиясын, «Растохез» элдик кыймылын жана «Лаъли бадахшон» коомдук фондун жабуу боюнча чечим кабыл алды. Соттун аныктамасында, иштин материалында оппозициялык партиялар менен кыймылдардын республикадагы конституциялык түзүлүштү күч менен кулатуу, элдик депутаттарды барымтага алуу, жарандык согушка жана тынч карапайым элдердин миңдеген курмандыктарына алып келген улут аралык жана этникалык жаңжалдарды чыгаруу жана куралданган түзүмдөрдү пайда кылуу боюнча күнөөлөрү толук түрдө далилденгени баса белгиленген.

Мына ошол кезде качкындардын арасынан үч миңге жакын тажик афгандык топтор тарабынан куралдандырылып, машыгуудан өтүшкөн.

---

[1] Заявление глав государств – участников Содружества Независимых Государств в связи с общественно-политической обстановкой в Республике Таджикистан. 22 января 1993 г. // Внешняя политика России: сб. документов. 1993. Январь–май: Министерство иностранных дел Российской Федерации. М.: Международные отношения, 2000. Книга 1. С. 133–134.

Алардын лагерлери качкындардын стандарынан өзүнчө жайгашып, жаңылар качып кетпесин үчүн катуу кайтарылган. Тажик оппозиционерлери жана афган моджахеддери тажик-афган чек арасында орус чек арачылары менен көп жолу кагылышып турушчу. 1993-жылдын 13-июлунда аябагандай катуу урушта Москвалык чек ара отрядынын 12-заставасынын 25 орус чек арачысы курман болгон, бул Россиянын кыжырын абдан кайнатты. Буга жооп кылып орус аскерлери көтөрүлүшчүлөрдүн позицияларына бомбалык сокку урду[1]. Тажикстандагы орус аскерлери үч негизги топтон түзүлгөн. Биринчи, эң күчтүү жана эң белгилүү, Душанбе жана Коргон-Төбөдө жайгашкан орусиялык армиянын 201-мотоаткычтар дивизиясы, кийинчерээк Тажикстандагы жамааттык тынчтык орнотуучу күчтөрдүн (КМС) курамына киргизилген жана учурда 201-аскер базасы болуп саналат.

Экинчи топ Россиянын федералдык чек ара аскерлеринин Москвалык, Пянжалык, Ишкашимдик, Хорогдук жана Мургабдык деген беш чек ара отряды болгон, анын ичине бардыгы болуп 60 застава кирген. Чек арачы орустардын жалпы саны 18 миң адам эле. Алар душанбелик өкмөт кырдаалды көзөмөлдөбөгөн жерде турушкан, о.э чек араны коргоп, оппозициялык боевиктердин кол салуусунан жана чек аранын эки тарабындагы бандалардан коргонууга аргасыз болушкан.

Акыры үчүнчү топту тынчтыкты коргоочу батальон жана контракттык негизде иштеген, жалпы саны 2–2,5 миңге жеткен ыктыярчылар түзгөн. Алар Хатлон облусунда, Душанбеде, Хорогдо жана Пянж дарыясынын боюнда жайгашышкан[2].

Үч топтон турган Россия аскерлери 1993-жылдын аягында өлкөдөгү согушту токтотушту. 1993-жылдын августунан баштап орус саясатынын Тажикстанда жаңы этабы башталды. Орустар тажик жаңжалынын эки тарабынын ортосундагы сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жардамдашууга өттү.

Бул мезгилде тажиктердин диалогуна көмөктөшүү боюнча чечимдерди ишке ашырууну Россия Федерациясынын Тышкы чалгындоо кызматын жетектеген Е.М. Примаков ишке ашырган.

1993-жылы 30-июлда Кабулга учуп, ошол кезде президент

---

[1] *Ротарь И.* Афганизация таджикского конфликта // Независимая газета. 1993. 3 августа.

[2] *Губарев В., Какоткин А.* Россия в Таджикистане: миротворчество или авантюра? // Московские новости. 1993. № 35, 29 августа.

Б.Раббанинин тушунда согуш министри болгон, афган тажиктеринин лидери Ахмад Шах Масуд менен жолуккан. А.Ш. Масуд аны ислам оппозициясынын башчысы Саид Абдулло Нури менен 1993-жылдын 31-июлунда жолугушуусуна жардам берди. Бул орус өкүлү менен тажик өкмөтүнө каршы эң чоң күчтүн жетекчилигинин биринчи жолугушуусу эле. Е.М.Примаковдун пикири боюнча, анын С.А.Нури менен сүйлөшүүсүн тажик жетекчилиги менен исламдык оппозициянын мамилесин оор, узак, татаал жөнгө салуунун эң алгачкы башталышы деп эсептегенге болот[1].

Ислам оппозициясынын көп нерсени чечкен экинчи адамы болгон Кожо Акбар Туражонзада менен жолугушуусунда Е.М. Примаков бийлик органдарында оппозиция менен душанбелик жетекчиликтин пропорциясы кандай болушу керектиги жөнүндө макулдашты. Оппозиция өкмөттүк бийликте ага 30% дан 70% га чейин орун берүүнү талап кылды[2]. 1993-жылдын 31-июлунда Е.М. Примаков Тегеранга учту, анткени Ирандын территориясында тажик ислам оппозициясынын жетекчи төбөлдөрүнүн бир бөлүгү жашап жаткан жана Иран сүйлөшүүлөрдө арачы катары таасир бере алмак.

Ошол мезгилде куралдуу кагылышуулардан жана соода байланыштарынын үзүлүшүнөн улам улуттук экономикага келтирилген жалпы зыян 500 миллиард рублдан ашкан эле. Тажик эли жарандык согушта 100 миң адамдан айрылды, дагы бир миллионго жакын адам качкын болуп калган.

Тажиктер ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн биринчи раунду БУУнун колдоосу астында, Россиянын көмөгү менен 1994-жылы 6–19-апрель күндөрү Москвада болуп өттү. Көпчүлүк саясатчылар жана талдоочулар аны сын көз менен баалаганына карабастан, биздин оюбузча, сүйлөшүүлөрдүн негизги максаты, тактап айтканда, Тажикстан өкмөтү менен исламчыл оппозициянын ортосундагы саясий диалогдун башталышы аткарылды. Ишенбестиктин дубалын талкалоодо биринчи кадам жасалды жана ага далил катары качкындар боюнча биргелешкен комиссияны түзүү чечимин көрсөтсөк болот.

Улуттук элдешүү боюнча тажиктер аралык сүйлөшүүлөрдүн экинчи

---

[1] *Примаков Е.М.* Минное поле политики. 4-е изд. М.: Молодая гвардия, 2007. С. 145.

[2] Ошол жерде.

раунду Россиянын жигердүү катышуусу менен 1994-жылы 18–28-июнда Тегеранда өттү. Орусия менен Ирандын өкүлдөрүнөн тышкары Тегеранга Афганистан, Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Пакистан жана ЕККУнун (СБСЕ) өкүлдөрү келишкен. Негизги максат Тажикстанда жүрүп жаткан уруштарды токтотуу жөнүндө келишим түзүү болгон. Бирок, Тегеранда тынчтык келишимине дароо кол коюлган жок, анткени Тажикстан өкмөтүнүн делегациясы оппозиция койгон бир катар шарттарга, айрыкча камакка алынган бардык боевиктерди бошотууга макул болгон жок.

Өз кезегинде өкмөттүк делегация оппозицияга өзүн-өзү коргоо отряддарын куралсыздандырууну сунуштап, ИИМге кадрдык өзгөртүүлөрдү киргизүүнү, ал эми Россиянын Куралдуу Күчтөрү башкы ролду ойногон КМШнын коалициялык тынчтыкты сактоо күчтөрүнө БУУнун Тынчтыкты сактоо күчтөрүнүн статусун берүүнү убада кылды. Оппозиционерлер буга макул болушкан жок. Сүйлөшүүлөр токтотулду.

Сүйлөшүүлөрдө саясий натыйжаларга жетише албагандыктан оппозиция Тажикстанда кеңири масштабдагы согуштук аракеттерди жүргүздү. Эми уруш Тавильдары, Дарваз өрөөндөрүн, Каратегин менен Пянжанын айрым аймактарына чейин жүрө баштады. Өкмөттүк аскерлер бир катар жеңилүүлөргө дуушар болуп, аскерлеринен жана техникадан оор жоготууларга учурады. Жарандык согуш жаңы күч менен алоолоно баштады.

1994-жылы 30-августта ошол мезгилде БУУнун Коопсуздук Кеңешинде төрагалык кылган, Россия Федерациясынын БУУдагы делегациясынын жетекчиси Ю.М. Воронцовго, эл аралык чыр-чатакты күчөтүү жана интернационалдаштыруу боюнча элдешпес оппозициянын акцияларына карата Э.Ш. Рахмоновдун кайрылуусу тапшырылган. Ю.М. Воронцов БУУнун Башкы катчысы Б.Бутрос Гали менен жолугушуу өткөрүп, анда БУУнун сүйлөшүүлөрдүн үчүнчү айлампасын даярдоо аракеттерин күчөтүүгө чакырды. БУУнун түзүмдөрү аркылуу жана Ирандын ортомчулугу менен Бириккен тажик оппозициясынын жетекчилерин сүйлөшүүлөр столуна кайтарууга мүмкүн болду.

Ушул аракеттердин натыйжасында 1994-жылы 17-сентябрда тажик өкмөтүнүн жана оппозициянын делегациялары Ирандын борборунда ок атууну убактылуу токтотуу менен тажик-афган чек арасында жана өлкө ичинде сүйлөшүүлөр мезгилине карата башка душмандык аракеттерге тыюу салуу жөнүндө келишим түзүшкөн. Ошондой эле улуттук жарашуу

боюнча тажиктер аралык консультациялардын жыйынтыгы боюнча Биргелешкен коммюнике кабыл алынды. Бул көп жагынан Россиянын салымы болгон. Атүгүл Орусияны көп жактырбаган батыш авторлору бул жаңжалды анализдеп отуруп, анын сүйлөшүү процессинде ойногон көрүнүктүү ролун баса белгилешкен.

Мисалы, Стокгольмдогу Швециянын эл аралык маселелер институтунун улук илимий кызматкери, доктор Л.Йонсон: «1994-жылы апрелде Россия согушуп жаткан эки тажик тарапты сүйлөшүү столуна отургузуп, 1994-жылы сентябрда ок атууну токтотуу боюнча убактылуу келишимге жетише алган», - деп баса белгиледи[1].

1994-жылдын 20-октябрь – 1-ноябрында Исламабадда сүйлөшүүлөрдүн үчүнчү раунду болуп өттү. Байкоочулар катары Россиядан бөлөк бул жолу Пакистан, Иран, Казакстан, Кыргызстан жана Өзбекстандын өкүлдөрү катышышкан. Башында эки тарап сүйлөшө албай коюшкан. Бирок көп сандаган консультациялардан кийин, өзгөчө Орусиянын тышкы иштер министрлигинин орун басары А.Чернышев менен кеңешип, 26-октябрда оппозициянын башчысы Х.А. Тураджонзода аткылашууну токтотуу боюнча мөөнөттү узартууга макулдугун билдирди. Сүйлөшүүлөр бүткөндө эки тарап тең тажик-афган чек арасында жана өлкөнүн ичинде алгач 6-февралга, кийинчерээк 1995-жылдын 26-апрелине чейин урушту токтото туруу жөнүндө макулдашууну узартышты.

1994-жылы 6-ноябрда Тажикстандагы шайлоолордо Эмомали Рахмонов жеңген. Тажик оппозициясы шайлоого катышкан жок. Көп өтпөй, 1994-жылы 16-декабрда БУУнун Коопсуздук кеңеши ок атууну токтотуу келишиминин аткарылышын көзөмөлдөө үчүн Тажикстанда БУУнун миссиясын түзүү жөнүндө резолюция кабыл алды. БУУнун миссиясы өз ишин Тажикстандагы КМШнын жамааттык тынчтыкты сактоочу күчтөрү, б.а. орус аскерлери менен тыгыз байланышта ишке ашырышы керек болчу[2].

---

[1] *Йонсон Л.* Политика России в Центральной Азии на примере Таджикистана // Центральная Азия и Кавказ. 1997. № 8. URL: http://www.ca-c.org/journal/08-1997/st_16_jonson.shtml

[2] Межтаджикский конфликт может быть разрешен только мирным путем: запись беседы со специальным представителем генерального секретаря ООН в Республике Таджикистан, главой миссии наблюдателей ООН в Республике Таджикистан Гердом Дитрихом Мерремом // Красная звезда. 1996. 11 сентября.

1995-жылдын 15-январында Москвада тажиктер аралык сүйлөшүүлөрдүн төртүнчү раунду өтмөк, бирок ал болбой калды. Ага карабай Москвада 1995-жылдын 19–26-апрелинде өкмөттүк жана оппозициялык делегацияларга консультациялар берилди. Мына ушундан кийин сүйлөшүүлөрдүн төртүнчү раунду Алма-Атада 1995-жылдын 22-майынан 1-июнуна чейин болуп өттү. Бирок ал дагы эле натыйжасыз болду.

1995-жылдар бою согуштук-саясий абалда оң өзгөрүүлөр болгон жок: республиканын территориясына боевиктердин айрым топтору жана ири отряддарынын кирип келүү аракети, орус заставалары менен чек ара постторун коңшулаш Афганистандан аткылоо улантыла берди. 1995-жылдын аягында Тажикстандагы жагдай туңгуюкка капталып калгандай эле болду.

1995-жылдын 30-ноябрынан 22-декабрга чейинки Ашхабаддагы тажиктер ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн бешинчи раундунун биринчи этабына карабастан макулдашуулар бир орунда жылбай турду. Ошол убакта ислам оппозициясы кайрадан Тажикстандын ички райондоруна согуштук чабуул жасады. Россиянын көп сандаган күчтүү армиясынын бар экендиги гана жагдайды көзөмөлдөп турганга мүмкүнчүлүк берген.

Афганистан менен чек араны орус чек арачылары кайтарууну улантышкан. Жаңжалдын солгун фазасына өтүшү менен алардын жүгү бир топ оорлой түштү. Россия Федерациясынын федералдык чек ара кызматынын Башкы штабынын маалыматы боюнча 1993–1995-жылдары тажик-афган чек арасында 799 тартип бузуучу кармалып, боевиктердин жарып өтүүгө болгон 582 аракетине бөгөт коюлуп, алар 260 жолу аскердик кагылышууга чейин жеткен. Орусиянын чек арачыларына 700 гө жакын ок атылган. Көп сандаган курал-жарактарды, атап айтканда, 127 мылтык жана миномёт, 100 гранатомет, 290 аткыч курал, 15 миңден ашык снаряд жана миналарды алып өтүү аракетине бир нече жолу бөгөт жасалган[1].

Тажик жаңжалын жөнгө салуу ишине жаңы импульс Россияда Е.М. Примаковду 1996-жылдын январында тышкы иштер Министри болуп дайындалганда пайда болду. Январдын акыркы күндөрү ал өзүнүн министр катары биринчи чет өлкөлүк сапарын дароо Тажикстандан баштаган, ал жакка орчундуу делегация менен келген. Анын курамына

[1] *Баранец В.Б.* Генштаб без тайн. Книга первая. М.: Политбюро, 1999. С. 177.

Россиянын тышкы чалгындоо кызматынын жаңы жетекчиси Вячеслав Трубников, РФ Федералдык чек ара кызматынын директору Андрей Николаев жана Россиянын КМШ иштери боюнча министри Валерий Серов кирген.

Душанбеде Е.М. Примаков оппозиция менен мамилелерди жөнгө салуу саясий стабилдештирүүнүн гана эмес, өлкөнүн бүтүндүгүн сактоонун, ошондой эле экономикалык көйгөйлөрдү чечүүнүн алдын ала шарты болуп саналат деп билдирди. Бул ойду ал Э.Ш. Рахмонов жана Тажикстандын тышкы иштер Министри Талбак Назаров менен сүйлөшүүлөрдө билдирген[1]. Е.М. Примаков жана анын коллегалары өкмөттүн оппозиция менен сүйлөшүүлөрүнүн жанданышы үчүн колдон келген мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгын жасашкан. Ошондуктан 1997-жылы 30-январда пландаштырылган мөөнөттөн бир күн кийин Ашхабадда «тынымсыз» макулдашуулардын бешинчи раундунун экинчи этабы башталды. Жаңжалдын эки тарабын тең компромисске баргыла деп түрткүлөгөн Орусиянын чечкиндүү позициясына карабастан январда акыркы чечим кабыл алынбады. Бешинчи раунд 1996-жылдын 8-июлунан 21-июлуна чейин үчүнчү этабы өткөрүлгөндөн кийин гана аяктаган жана эч кандай олуттуу жыйынтык чыккан жок.

Ошого карабастан, ортомчулардын, биринчи кезекте Россиянын орчундуу иш-аракеттеринин натыйжасында 1996-жылдын аягында тажиктер аралык конфликтте каршы тараптардын лидерлери – Президент Э.Ш. Рахмонов жана Бириккен Тажикстан оппозициясы (БТО) жана ТИКП жетекчиси С.А. Нури бир нече эки тараптуу жолугушууларды өткөрүштү. Алардын биринчиси 1996-жылы октябрда Тегеранда, экинчиси – декабрдын башында Хосхедде (Хост), Афганистандын түндүгүндө болгон, бирок алар күтүлгөн келишимдерди алып келген жок. Андан кийин Орусиянын тышкы иштер Министрлигинин жана президенти Б.Н. Ельциндин демилгеси менен Москвада Э.Ш. Рахмонов менен С.А. Нуринин жолугушуусун өткөрүү сунушталды.

Россияда сүйлөшүүлөр 1996-жылдын 23-декабрында башталган жана чоң кыйынчылыктар менен өттү. Мындай шартта, орус тарап улуттук элдешүү комиссиясынын функциялары жана ыйгарым укуктары жөнүндө протоколдун компромисстик вариантын сунуш кылды.

Жыйынтыгында, РФ Өкмөтүнүн төрагасы В.С. Черномырдиндин

[1] Москва пообещала помощь // Коммерсант. 1996. № 11 (969), 30 января.

катышуусу менен өткөрүлгөн сүйлөшүүлөр согуштан тынчтыкка өтүү мезгилинин мөөнөтү менен мазмунун жана Тажикстанда улуттук макулдашууга жетишүү механизмин аныктаган бир катар документтерге кол коюу менен аяктады. Алардын ичинен негизги документ болуп 1996-жылдын 23-декабрында Э.Ш. Рахмонов менен Москвада жолугушуусунун натыйжалары боюнча Макулдашуусу[1], о.э улуттук элдешүү боюнча комиссиянын негизги функциялары жана ыйгарым укуктары жөнүндө Токтомду айтсак болот[2]. Баса, Макулдашууда Тажикстандын Президенти жана тажик оппозициясынын башчысы меймандостугу жана Москвада жолугушууну уюштургандыгы үчүн Россиялык Федерациянын өкмөтүнө атайын ыраазычылыгын билдиришкен[3].

Кол коюлган бул документтер тез эле, эки жумага жетпей Тегеранда сүйлөшүүлөрдүн жаңы, алтынчы раундун баштаганга мүмкүнчүлүк берди. Ал 1997-жылдын 5−19-январь күндөрү өткөн. Сүйлөшүүлөрдө үч принципиалдуу саясий маселе боюнча макулдашууга жетишилди: өз ара кечиримдүүлүк жөнүндө Актыны жана мунапыс жөнүндө мыйзамды кабыл алуу жол-жобосу жөнүндө; өткөөл мезгилге шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук тандоо комиссиясы жана анын курамындагы Бириккен тажик оппозициясынын өкүлдөрүнүн квотасы жөнүндө; өкмөттү реформалоо жана Бириккен тажик оппозициясынын өкүлдөрүн квотага ылайык бийлик түзүмдөрүнө киргизүү механизми жөнүндө. О.э качкындар маселелери боюнча дагы протоколго кол коюлган.

1997-жылы февраль−март айларында тажиктердин сүйлөшүүлөрүнүн 7-раунду кайрадан Москвада өттү. Анын жыйынтыгы боюнча тажиктер мамилесин жөнгө салуудагы негизги документ болгон – согуштук көйгөйлөр боюнча Токтомго кол коюлган.

---

[1] Соглашение Президента Республики Таджикистан Э.Ш. Рахмонова и руководителя объединенной таджикской оппозиции С.А. Нури по итогам встречи в Москве 23 декабря 1996 г. 23 декабря 1996 г. // Внешняя политика России: сб. документов. 1996: Министерство иностранных дел Российской Федерации. М.: Международные отношения, 2001. С. 559–560.

[2] Протокол об основных функциях и полномочиях комиссии по национальному примирению. 23 декабря 1996 г. // Там же. С. 560–562.

[3] Соглашение Президента Республики Таджикистан Э.Ш. Рахмонова и руководителя объединенной таджикской оппозиции С.А. Нури по итогам встречи в Москве 23 декабря 1996 г. 23 декабря 1996 г. С. 560.

Акыры 1997-жылдын апрель–майында Тегеранда өткөн сүйлөшүүлөрдүн ортоңку 8-раундунан кийин тажик жаңжалын жыйынтыктоочу чекит баары бир Москвада 1997-жылы 27-июнда Б.Н. Ельциндин катышуусу менен коюлган болчу.

Россиялык ортомчулардын жигердүү катышуусундагы узак сүйлөшүүлөрдүн натыйжасы «Тажикстан Республикасынын Өкмөтү менен Бириккен тажик оппозициясынын ортосунда тынчтыкты жана улуттук макулдашууну орнотуу жөнүндө жалпы макулдашууга» кол коюу болду.

Макулдашуу жалпы амнистияны, туткундарды алмаштыруу, качкындардын кайтып келиши үчүн шарттарды түзүү, оппозициянын аскердик отряддарын демобилизациялоо жана аларга республиканын куралдуу күчтөрүнүн катарына киргенге мүмкүндүк берүүнү караштырган.

Ошондой эле оппозициянын өкүлдөрүнө борбордук аппаратта 30% орун берүү жана алар жергиликтүү бийлик органдарына дагы кире алыша тургандыгы айтылган. Жалпы макулдашуунун аткарылышын байкап туруу үчүн атайын улуттук элдешүү боюнча Комиссия түзүлгөн. Беш жылга созулган жарандык согуш ушинтип аяктады[1].

Оппозициядан Макулдашууну Саид Абдулло Нури кол койгон, ал андан тышкары улуттук элдешүү Комиссиясын дагы жетектеген. 2000-жылы ал комиссия өз функциясын аткарып бүттү деп таратылат дагы, Тажикстан ислам кайра жаралуу партиясы (ТИКП) бийликтегилерди Жалпы макулдашууну бузду деп айыптаган.

2002-жылы август айында Тажикстандын бир нече жараны Кубадагы америкалык «Гуантанамо» түрмөсүндө жаткандыгы жөнүндө маалымат пайда болду. Ушуну шылтоолоп өкмөт катталуу боюнча мыйзамды колдонуп, өлкөнүн түндүгүндөгү исламчылардын көзөмөлүндө калган 8 мечитти жаап таштады.

2003-жылы июнда ТИКП Эмомали Рахмоновго кезектеги мөөнөткө шайланганга жол берген конституцияга кошумча киргизүүгө каршы чыкты. Оппозиция менен бийликтин ортосундагы мамилелердин курчуй баштаганынан улам, элге кеңири популярдуу болуп бараткан бул партиянын активисттери куугунтукка дуушар болушту. Алсак, 2003-октябрда Саид Абдулло Нуринин орун басары Шамсуддин Шамсуддинов

---

[1] Московское заявление 27 июня 1997 г. // Внешняя политика России: сб. документов. 1997.: Министерство иностранных дел Российской Федерации. М.: Международные отношения, 2001. С. 219–220.

камалып, узак мөөнөткө түрмөгө кесилип кетти. 2005-жылы партия парламенттик шайлоодо болгону эки орун алды жана бийликтегилерди бурмалап жатасыңар деп айыптап, добуш берүүнүн жыйынтыктарын тааныган жок.

2006-жылдын 9-августунда Саид Абдулло Нуринин каза болушунан кийин ал түзгөн партияда ажырым пайда болду. Батыш менен кызматташуунун жактоочуларын Мухиддин Кабири, ТИКПнын парламенттеги депутаты жетектесе, Иранга карай багыт алган жактоочуларды Саид Абдулло Нуринин уулу Мухаммад Нури башкарды.

2010-жылы 28-февралда «Маджлиси Оли» деп аталган Тажикстандын төмөнкү палатасына кезектеги шайлоолор болуп өтүп, анда партия 8,2% добушка ээ болуп, кайрадан 63 орундан экөөнү эле алып калды. Буга байланыштуу Тажикстанды ошол жылдары светтик-диний компромисстик өлкө деп атасак болчудай. ТИКП расмий түрдө каттоодон өтүп, легалдуу иш алпарып, өздөрүнүн үгүт иштери үчүн китептерди чыгарышып, расмий сайт ачышкан[1].

Кийинки беш жылда ТИКПнын абалы Тажикстандагы бийлик күчтөрдүн балансында бир топ эле солкулдап калды. Бир жагынан республиканын расмий бийлиги партияны саясий процесстен сүрүп таштаса, экинчи жагынан ТИКП менен андан да өткөн радикалдуу, ХТИ өңдүү ислам уюмдары атаандаш болушту.

Натыйжада, партиянын айрым лидерлери, мисалы Мухиддин Кабири, мусулман эмес өлкөлөрдө «жакшы мусулман» болууну үйрөнгөн европалык мусулмандардын тажрыйбасына негизделген «евроисламга» багыт алыш керек деп эсептешти; башкалары Тажикстанда Ислам мамлекетин курууну туура көрүшкөнү менен, муну кантип жасоону начар түшүнүшкөн.

Жалпысынан алганда, ТИКП легалдуу укуктук позициясын өзүнүн эң маанилүү жетишкендиги катары эсептеген, бул ага Өзбекстандагыдай масштабда болбосо да, мыйзамсыз жана куугунтукка алынган ХТИ уюмуна бийлик менен бир катарда күрөшүүгө мүмкүнчүлүк берген[2]. 2015-жылы 1-мартта парламенттик шайлоодо ТИКП (ПИВТ) беш пайыздык тоскоолдукту ашып кете албай, араң эле 1,5% добуш алып,

[1] Ҳизби Наҳзати Исломии Тоҷикистон. URL: http://www.nahzat.tj/ (сайт 2015-жылдын сентябрынан бери иштебейт)

[2] *Халид А.* Ислам после коммунизма. С. 261–263.

депутаттык орундарды алалбай калган. Көп өтпөй бийликтин кысымына байланыштуу анын лидери Мухиддин Кабири Тажикстанды таштап кетти. 2015-жылдын август айында жергиликтүү бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу жол-жоболук мыйзам бузуулар үчүн Тажикстандын Юстиция Министрлиги партиянын саясий иш-аракетин токтотууну талап кылган. Ал эми 2015-жылдын сентябрында, Тажикстандын коргоо министринин орун басары Абдухалим Мирзо Назарзоданын жетекчилиги астында исламчылардын ийгиликсиз согуш козголоңунан кийин, партиянын козголоңчулар менен байланышы жарыяланган.

2015-жылы 29-сентябрында Тажикстан Республикасынын жогорку соту ТИКП партиясын террордук организация деп таанып, анын ишине тыюу салган. Ошондо анын лидери М.Кабири чет элдик филиалдарды сактоо менен Тажикстанда партиянын ишин токтотконун расмий жарыялады[1]. Республиканын башчылыгы мурдатан бери ТИКП уюмуна кысым көрсөтүү жана анын саясатка катышуусун азайтуу үчүн иш жүргүзүп келген. Бул процессти күчөткөн нерсе тажик исламчыларынын олуттуу бөлүгүнүн «Ислам мамлекетинин» катарына кеткени болду. Мисалы, тажик ОМОНунун мурдагы башчысы Гулмурод Халимов 2015-жылдын жазында Ислам мамлекети тарапка өтүп, атүгүл 2016-жылдын жайында анын эң башкы аскер башчысы болуп шайланганы белгилүү[2].

Заң боюнча, Тажикстанда Өзбекстандын Мусулмандар башкармалыгына окшогон расмий органы жок, бирок ошого карабастан бардык ислам топтору Тажикстандын ислам борборуна баш ийишет. Ислам борбору диний уюм болуп саналат жана Тажикстан Республикасынын Жарандык кодексине, Тажикстан Республикасынын «Абийир эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө» Мыйзамына жана республиканын шаарлары менен райондорунун 27 борбордук собордук мечиттерин камтыган уюштуруучулардын жалпы чогулушунун чечимине ылайык түзүлгөн.

Анын башкы милдеттерине өлкөнүн мечиттерине жетекчилик кылуу, диний чөйрөнү туруктуу жана нормалдуу кылууну камсыз кылуу,

---

[1] *Муртазин М.Ф.* Таджикистан: победа над исламизмом? // Россия и новые государства Евразии. -2018. - № 2(39). – С. 127-128.

[2] *Волков К.* Экс-полковник станет мишенью. Бывший глава таджикского ОМОНа возглавил ДАИШ // Российская газета - Столичный выпуск. - 2016. - 5 сент. - №7066 (198).

ханафий мазхабын жана анын баалуулуктарын кармануу боюнча мечиттерди дайыма контролдоо, мечиттердин иштерин мамлекеттик органдар менен көзөмөлдөө, имам-хатыбдардын жана мечиттердин имамдарынын билимдери менен жөндөмдөрүн текшерүү, насыят сөздөрдү иштеп чыгуу жана көзөмөлгө алуу, диний окуу жайлары жана диний окутуу топтору үчүн окуу программаларын даярдоо жана иштеп чыгуу, шариат тарабынан уруксат берилген фатваларды өз убагында сунуштоо, диний негизде ар кандай интригаларды жана кутумдардын алдын алуу, мусулмандын жогорку жалпы адамзаттык баалуулуктарын жана татыктуу жүрүм-турумун пропагандалоо, ислам дининин негиздерин окутууну жүзөгө ашыруу кирет.

Ислам борборунда өлкөнүн 25 кадырлуу уламасынан турган Уламалардын кеңеши түзүлгөн. Ислам борборунун төрагасы бир эле учурда Уламалардын кеңешинин Төрагасы болуп саналат. Азыркы кезде анын төрагасы Саидмукаррам Абдукодирзода.

Уламалардын кеңеши чогулуштун негизинде ханафий мазхабынын жоболоруна ылайык фикх (мусулман укугу) маселелери боюнча фетва берет, өлкөнүн мусулмандарын патроиттук рухта, улуттук баалуулуктарды сыйлоо, толеранттуулук жана башка диндерге сый мамиле кылуу багытында тарбиялайт, ошондой эле талаштуу диний маселелерди чечет. Тажикстан Республикасында Уламалар кеңеши гана шариат боюнча фетваларды сунуш кыла алат, республиканын бардык мусулмандары аларды кармануу милдеттүү[1].

2012-жылдын 20-сентябрында Тажикстандын Ислам борборунда имам-хатыбдарды даярдоо боюнча биринчи окуу борбордун расмий ачылыш майрамы болду. Бул борбордун директору болуп Казандагы Россиялык ислам институтунун бүтүрүүчүсү Атовулло Косимов дайындалганы баарынан кызыктуу. Анда дарстарды Тажик улуттук университеттин, Ислам институтунун, Ислам борборунун адистери, Дин иштери боюнча Комитеттен жана дин кызматкерлеринин кадыр-барктуу өкүлдөрү окушат. Бул Тажикстандагы биринчи катталган имамдарды даярдоо борбору. Акыркы учурда расмий бийлик Дин иштери боюнча Комитет жана Тажикстандын Ислам борбору аркылуу имам-катыбдардын иштерин көзөмөлдөй баштады жана ар дайым имам-катыбдар аттестациядан өтпөй

[1] Исламский центр и Совет улемов Республики Таджикистан. URL: http://islamnews.tj/ulema-council.html.

тургандыгы, алардын иштери жөн гана комитет менен макулдашыла тургандыгына басым коюлган[1].

Ошол эле учурда мамлекет билим берүү чөйрөсүн жана динди улам катуу көзөмөлгө алууда. Ислам билим берүүсү бүгүн татаал абалда. Тажикстанда 21 медресе жана бир исламдык институт бар, алар өтө эле консервативдүү билим беришет, ал эми окугандардын окуу деңгээли ХТИ мүчөлөрү берген суроолорго жооп бере албайт. Ошол эле учурда, Тажикстандагы исламдын «ченемсиз институттук жогорку билим берүүдөгү алсыздыгы» жана бул алсыздык башка факторлорго караганда өлкөдөгү туруксуздуктун себеби болуп саналат деген пикир бар[2]. Ошондуктан, мамлекет чет өлкөлүк ислам билимине катуу шектенүү менен карайт: мисалы, чет өлкөгө окууга кетип жаткан студенттер кайтып келгенден кийин мыйзамдуу түрдө жумушка орношуп иштей алышпайт.

***Жыйынтык.*** *Тажикстандын саясатында ислам фактору боюнча бир нече маанилүү өзгөчөлүктөр байкалат. Биринчиден, ушул жерде гана исламчылар беш жыл бою жарандык согушта өкмөткө каршы турган ТИКП базасында күчтүү куралдуу аскерди түзө алышты. Экинчиден, 2015-жылга чейин иштеп келген Тажикстандын Ислам кайра жаралуу партиясы, Борбордук Азиянын бардык исламчыл уюмдарынын ичинен жалгыз гана парламентте мыйзамдуу статуска жана өкүлчүлүккө ээ болууга жетишкен. Үчүнчүдөн, Тажикстанда гана расмий дин кызматчылары мусулмандардын Дин башкармалыгын ачышкан эмес, бирок анын ролун жарым-жартылай Тажикстандын Ислам борбору аткарат.*

**Параграфтын суроолору:**

1. 1992–1997-жылдардагы Тажикстандагы жарандык согушта ислам фактору кандай ролду ойногон?
2. Тажикстандагы Россиянын тынчтыкты орнотуу аракеттерине ислам факторунун таасири кандай?
3. 1990-жылдары Тажикстандын Ислам кайра жаралуу Партиясынын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү эмнеде?
4. XXI кылымдын башында ТИКПнын эволюциясы кандайча көрүнөт?

---

[1] В Таджикистане открыт первый центр по подготовке имам-хатыбов. URL: http://www.islamsng.com/tjk/news/5425.

[2] *Dudoignon S.* From Ambivalence to Ambiguity? Some Paradigms of Policy Making in Tajikistan // Martino L. de (Ed.). Tajikistan at a Crossroad: the Politics of Decentralization. Geneva, 2004. P. 141.

5. Тажикстандын саясатында расмий дин кызматкерлер кандай орунду ээлешет?

## 3.5. Кыргызстандагы саясий процесстерде ислам фактору

Кыргызстан Борбордук Азияда территориясы жана калкынын саны боюнча акыркынын алдында турганы менен Ички Дүң Продукциянын (ВВП) өлчөмү боюнча региондо эң акыркы орунда турат.

Эгемендүүлүк алгандан бери бул республика үч жолу президенттерин түшүрүп жана конституциясын көп жолу оңдогону менен дагы өзгөчөлөнөт. Көз карандысыздык алганда эле 1990-жылдын октябрь айында республиканын президенттигине партиялык номенклатуранын өкүлүн эмес, А.А. Акаевди – окумуштуу, профессор, академикти коюшкандыгы бүт региондо адаттан тыш кадам болгон. Акаев республиканын түндүгүнөн чыккан болчу, ал эми СССР президенти Михаил Горбачевдун тушунда бийликке келип калган түштүк кландары өздөрүн начар сезишкен. Бирок А.А. Акаев ал кезде өз өлкөсүндөгү ички тынчтыкты сактай алган[1].

1990-жылы 15-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Кеңеши мамлекеттин эгемендик жөнүндө Декларацияны кабыл алган, ошого байланыштуу расмий аталышта өзгөрүү болгон. Кыргызстан Республикасы деген жаңы аталыш – 1991-жылдын 5-февралынан баштап Конституцияга өзгөртүү киргизүү менен бекемделген.

Ошол эле учурда көчөлөр менен шаарлардын аталыштары өзгөрүлүп жатты, киргиздерди орус тилдүү прессаларда дагы «кыргыздар» деп расмий түрдө атай башташты. Мына ушундай жалпы өзгөрүүлөрдүн доорунда, 1991-жылдын жазында Кыргызстандын бардык улуттагы мусулмандарынын уюштуруучулук съезди болуп өттү, анда Кыргызстан Республикасынын Исламдык борбору түзүлгөн. Ошол эле жылдын июнь айында «Түркестан» диний кайрымдуулук фонду негизделген.

1991-жылдын 16-декабрында Республикада «Ишеним эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзам кабыл алынган жана ал диний чөйрөгө мамлекеттин катуу көзөмөлү менен жөнгө салуусун токтотту. Бул датаны

---

[1] *Вронская Д., Чугуев В.* Кто есть кто в России и бывшем СССР. С. 8.

исламдын расмий түрдө таанылгандыгы жана андан ары өнүгүшүнүн негизи деп эсептесе болот.

1993-жылдын апрелинде Кыргыз Республикасынын мусулмандарынын казыяты катталган, ал эми 5 айдан кийин 1993-жылы 17-сентябрда Кыргызстан мусулмандарынын өз алдынча жогорку диний органы – Муфтият пайда болгон, ал 1996-жылдын декабрында Кыргызстан мусулмандарынын Дин башкармалыгы деп (КМДБ – орусча ДУМК) кайрадан түзүлгөн.

Муфтиятты дагы, кийинчерээк КМДБдагы Кыргыз Республикасынын мусулмандарынын мурдагы казысы Кимсанбай ажы Абдрахманов муфтий жетектеген. Ал Ливиядагы ислам институтунда Шариат жана мыйзамдар факультетинде диний билим алган. Муфтият жана КМДБ уюштурулгандан кийин Кыргызстанда жаңы мечиттерди калыбына келтирүү жана куруу, ислам диний мектептерин, медреселерди жана институттарды түзүү башталды.

Исламды кайра жандандырууга умтулуу бүт республикада мечит курууга кызыгууну пайда кылды. Көп учурда аларга болгон керектөө барбы, жокпу эске албай эле сала баштышты. Айыл кыштактарда курулган мечиттердин көп бөлүгү айыл тарабынан «ашар» жолу менен салынып жатты. Аларга кеткен материалды айылдыктар өздөрү табышып же өздөрү жасашкан. Көп учурда жаңы имараттар сейсмикалык жана өрткө каршы талаптарга жооп берген эмес. Бул кийинчерээк жер титирөөгө жарамсыз мечиттердин жабылышына алып келген.

Мечиттердин активдүү курулушуна ар кыл чет өлкөлүк фонддордун, өзгөчө араб мамлекеттеринен келген спонсордук жардамдары түрткү болду. 1995-жылы ошолордун жардамы менен Бишкекте эски мечиттин ордуна жаңы Борбордук мечит ачылды. Өзгөчө чет өлкөлүк ислам фонддору республиканын түштүгүндө катуу иштеди. Мисалы, кеңсеси Сауд Аравиясында болгон бүт дүйнөлүк «Рабита» мусулмандар лигасы Ош шаарындагы «Рахматулла Алла» жана «Имам Бухари» мечиттеринин курулушун каржылаган. Мечиттердин курулушу жана жаштарды исламга окутуу ишенүүчүлөрдүн санын көбөйтүп, алар дайыма мечиттерге бара баштышты. Ошолордун ичинен жаштар саны 50 пайыздан ашык болду. Бирок мечиттердин олуттуу көбөйүшү чет өлкөдөн келген жаңы кадрлар же республикалык исламдык институттар, медреселердин бүтүрүүчүлөрүнүн эсебинен жабылган эмес. Андыктан жаңы мечиттерде кээде өзүн-өзү үйрөтүп молдо болгондор насаат сөз айтышкан, бул

исламды түшүндүрүүнүн сапатына да терс таасирин тийгизген.

1996-жылы 26-декабрда республиканын мусулмандарынын Курултайы болуп өткөн, ага 450 дөн ашык делегат келген. Анда Кыргызстан мусулмандарынын Дин башкармалыгынын уставы бекитилген. Ошондой эле уламалардын Кеңеши түзүлгөн, ага республиканын 25 исламдык ишмерлери киришкен. Республиканын мусулмандарынын башчысы Азрети (Жогорку) Муфтий деп аталып калган.

Ошол эле учурда мусулман жамааттары жана ислам диний институттары жарала баштаган. Ошондой эле КМДБ облустук казыяты, райондук жана айылдык бөлүктөрү түзүлгөн. Бул учурда Республикада мусулман дин кызматкерлерин калыптандыруу негизинен өзү окуп алып молдо болгондордон болгон, ал кезде саналуу гана диний өкүлдөр диний билимге ээ эле. Ушундай эле жагдай жаңы кылым башталганда деле анча өзгөргөн эмес. Алсак, 2003-жылы 1580 имамдын ичинен жогорку диний окуу жайын аяктагандыгы жөнүндө документтерге 66 гана адам, же 4, 18% ээ болсо, ал эми орто диний билим жөнүндө дипломдор 81 адамда же 5, 13% болгон. Анын үстүнө, өз бетинче окуп үйрөнгөн имамдар Кыргызстандын кыйла исламдашкан түштүк облустарында – Жалал-Абад (98,1%) жана Ошто (97,2%) иштеген[1].

Кадрдык жетишпестик акырындык менен негизинен Жакынкы жана Ортоңку Чыгышта окуп келген жаштар аркылуу толтурулду. Бул эки жактуу натыйжага алып келди. Бир жагынан чет өлкөлүк окуу жайларда окуп келүү кадрдык маселени чечкенге жардам берди. Бирок экинчи жагынан чет өлкөлүк исламдык билим берүүчү окуу жайларды бүтүп келгендер көп учурда радикал догматикалык идеологияны өзү менен ала келишти да, бул кийин исламдын негиздерин мечиттерде окутуунун сапатын бузду жана дин кызматчыларынын өз ара идеологиялык принциптеринин бөлүнүштөрүнө алып келди. Республикада радикал исламчылар иш-аракеттерин көбүрөөк көрсөтө башташты.

Өзгөчө бул 1999-жылдын аягында Жума Намангани жетектеген Өзбекстан Ислам Кыймылы талибандардын жардамы менен биринчи жолу Тажикстандын территориясынан Кыргызстан аркылуу Фергана өрөөнүнө

[1] *Вейцель Р.* Возрождение ислама в Кыргызстане // Ислам в Содружестве Независимых Государств. 2011. № 4 (5). URL: http://www.idmedina.ru/books/islamic/?4165.

карай куралдуу рейд жасаганга аракет кылганда көрүндү. Баткен окуялары деп аталып калган согуштук иштердин жүрүшүндө өкмөттүк аскерлер даярдыгы эң төмөн жана курал-жарак жактан алсыздыгын көрсөтүштү. Ал эми ӨИКнын боевиктери тескерисинче, Кыргызстандын түштүк областтарында, өзгөчө жергиликтүү өзбектер арасында колдоого ээ болушкан. 2000-жылы августта ӨИКнын боевиктери кайрадан Тажикстандан Кыргызстанга кол салышты. Кагылышуу Төрө ашуусунда болуп өттү. Экстремисттер кыргыз чалгындоо-издөө тобун гана жок кылбастан, эки вертолётту дагы атып түшүрүштү. Алгачкы күндөрү көптөгөн кыргыз аскерлери кыргынга учурады. Анткени аларда боевиктер сыяктуу эле бийиктиктерге чыгып алганга каражаттары жана мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз эле. Боевиктер болсо жергиликтүү жол көрсөтүүчүлөрү болгондуктан тоолордо жакшы багыт алып жүрүштү.

Ошентип, XX кылымдын аягында республикада бир жагынан расмий исламдын бекемделгенин, экинчи жагынан радикалдык исламизмдин киргендигин баса белгилесек болот.

Кийинки жылдары XXI кылымдын башында дагы бул эки тренд ушундай эле абалды ээлеп турду. 2005-жылдан баштап Кыргызстанда исламдын өнүгүшүндө жана саясий процесстерге катышуусунда жаңы этап башталды. «Жоогазын» революциясынын учурунда жана ал бүтөр менен өлкөдө болуп жаткан кызуу саясий окуялар менен кошо күн тартибине мечиттердин имамдарынын курамын сапаттуу түрдө жаңыртуу зарылдыгы менен экстремисттик уюмдарга каршылык көрсөтүү коюлду. Республиканын түндүк аймагынын калкына караганда түштүк жактарында ислам идеологиясы жана экстремисттик уюмдар көбүрөөк таасирге ээ болушкан. Алсак, А.Князевдин айтуусу боюнча, ал окуялар учурунда республиканын түштүгүндө, кийинчерээк Бишкекте «Хизб ут-Тахрир» партиясынын жигердүүлүгү бир топ өскөндүгү байкалган[1].

Революциядан кийин радикал исламчылардын расмий исламга чабуулу башталган. Мисалы, 2005–2007-жылдары муфтий Мураталы ажы Жуманов менен ислам оппозициясынын ортосунда элдешкис катуу күрөш жүргөн. Каршылаштары аны кайрымдуулукка түшкөн каражатты бөлүштүрүүдө алдамчылык жасадың деп күнөөлөгөн жана муфтияттын бардык иштерин сындаган айыптоолорду айтып чыгышкан.

---

[1] *Князев А.А.* Государственный переворот 25 марта 2005 г. в Киргизии. Изд. 3-е, исправл. и доп. Бишкек, 2007. С. 32.

2005-жылы республиканын мусулмандарын парламенттик жана президенттик шайлоолорго катыштыруунун биринчи аракеттери байкалган. 2007-жылы мусулман лидерлеринен түзүлгөн топ чыгып алып, президент Курманбек Бакиев менен мурунку премьер-министр Феликс Куловдун ортосундагы тирешүүгө кийлигишебиз жана алардын ортосуна туруп алабыз деп жарыялашкан. Радикал болбосо дагы бийлик менен оппозициянын ортосунда ценстристтик позицияны ээлеп турган топтун пайда болушу провокациялар жана жаңжалдын чыгышына алып келиши мүмкүн эле, ага анда өлкөнүн мусулмандары дагы аргасыз аралашып кетмек. Ошол эле учурда 2005-жылдан баштап мусулман ураандары кыргыз саясатчылары тарабынан дагы акырындап айтыла баштады. Көптөгөн депутаттар ачык эле өзүнүн динчил экенин жарыялашты. Кыргыз саясатчыларынын кээ бир демилгелери мамлекеттик түзүлүштүн светтик негизине кол салуу катары бааланды. Мисалы, кыргыз коомунда депутаттардын парламент имаратынын өзүндө эле намазкана ачып алышы жана жума күнкү намаз окуу үчүн мамлекеттик ишканаларга кошумча убакыт берүү жөнүндө сунушу абдан көп талкууланды. Мындай инициативалар иш жүзүндө аткарылбаганы менен элдин көзүнчө алардан баш тартуу дагы жарыяланган жок.

2007-жылы конституциянын жаңы редакциясы талкууланып жаткан учурда бир катар мусулмандык ишмерлер өлкөнүн негизги мыйзамына өз проектилерин киргизгенге аракет кылышкан. Парламенттик өлкөнүн конституциясын кулуардык кабыл алышкандыктан өлкөнүн «светтик» деген мүнөздөмөсү жоголуп кеткен. Бирок кийинчерээк саясий күрөш жана Ө.Текебаев башында турган парламент жеңилип калып, өлкөнүн негизги мыйзамынын президенттик варианты кабыл алынган, анда мамлекеттин светтик мүнөздөмөсү жөнүндө норма кайтарылып берилген.

2007-жылдан кийин саясатчылардын ислам факторун колдонуусу төмөндөй баштады. Анда-санда гана айрым саясатчылар жана партиялар шайлоо учурларында өз добуштарын көбөйтүү үчүн мусулман факторун колдонгонго аракеттерди кылышты. Бирок мындай абал узакка созулган жок.

2009-жылы Республикада «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамы кабыл алынды. Ал диний уюмдардын иш-аракеттерин катуу чектеди жана радикал исламчылардын катуу наразычылыктарын пайда кылды.

2010-жылкы апрель окуялары президент К.Бакиевди кулатканга алып

келгенден кийин Кыргызстанда болуп өткөн чоң өзгөрүүлөр коомдун диний чөлкөмүнө дагы таасир этти. Кезектеги революциянын таасири астында мусулман коомчулугу байкаларлык активдешти жана диндин саясатташуу айлампасынын бардык белгилери пайда болду.

Бул учурда чет өлкөдөн билим алып келген амбициоздуу, жаш молдолор жетектеген радикал мусулмандар реалдуу, таасирдүү саясий күчкө айланды. Алардын биринчи курмандыгы республиканын биринчи муфтийи Мураталы ажы Жуманов болду. Ал мусулмандардын айрым, өтө эле саясатташкан жана активдүү бөлүгүнүн басымы астында өзүнүн ыйгарым укуктарынан баш тартып, көп өтпөй эле катуу оорудан каза болуп калды. Ушундай эле тагдыр анын ордуна келген, Ислам университетинин ректору Абдышүкүр ажы Нарматовго да жетти, ал муфтийдин постунда саналуу гана күн отурду.

Кийинки муфтийди – Сүйүн ажы Кулиевди орой күч колдонуп кетиришти. Басма сөздө 2010-жылы 6-июнда жаш адамдардын тобу КМДБнын имаратына кирип келишип, анда өтүп жаткан облустук казыларынын чогулушун көзгө илбей, Сүйүн ажыны муфтий постунан кетишин талап кылышканы жазылган. Андан кийин муфтийди сабашып, муфтияттын имаратынан сүйрөп чыгарып бир жакка алып кетишкен. Ошондо ал аргасыздан өз каалоосу менен кеттим деген арыз жазып берген.

2010-жылы КМДБнын Уламалар Кеңеши республиканын тарыхында биринчи жолу альтернативалык негизде жаңы муфтий кылып Чубак ажы Жалиловду шайлады. Бирок ал 2010-жылдын июлунан 2012-жылдын июлуна чейин жүргүзгөн КМДБдагы реформа республиканын ичиндеги ар кыл идеологиялык агымдардын өкүлдөрү үчүн бириктирүүчү көпүрө болуп кала алган жок. Акырында Чубак ажы дагы исламчылардын басымына чыдай албай, отставкага кетти.

Мына ушул кезде республикада айрым мусулман диний уюмдар, мисалы Кыргызстан жана Борбордук Азия мусулмандарынын Конгресси активдешип кетти. Ушул уюмдун төрагасы Бактыбек Нурдинов түздөн-түз муфтияттын жетекчилигинин алмашылышына, Уламалар Кеңешинин статусунун калыбына келишине жана республиканын муфтийинин

альтернативалык шайлоосун өткөрүүгө жигердүү катышкан[1]. Ошентип, Кыргызстандагы ислам азыркы кезде тез жана активдүү саясатташып жатат. Акыркы учурда ислам активисттеринин ар кыл бутактарында жакындашуу болуп жатат. Бүт постсоветтик жылдарда расмий ислам сырттан келген күчтүү каржылык колдоого таянган радикал исламчыл молдолордун чабуулуна кабылып келген, азыркы кырдаалда бул өз жемишин берүүдө.

Бүгүнкү күнү Кыргызстандагы мусулмандар калктын басымдуу бөлүгүн 82,7% түзөт. Активдүү дааваттын натыйжасында ишенүүчүлөрдүн саны азыр республиканын бардык жагында өсүүдө. Өзгөчө бул жакынкы арада эле мусулмандар аз болгон аймактарда байкалып жатат (Бишкек, Чүй облусу). Мечиттердин саны да туруктуу өсүп барат. Эгерде 1991-жылы Кыргызстанда 39 мечит, 1997-жылы 160 болсо, 2000-жылы 857 мечит катталган, ал эми 2001-жылы мечиттердин саны 1395ке жеткен. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматы боюнча, 2005-жылга карата республикада 2500дөн ашык мечит иштеген. Муфтияттын маалыматы боюнча, алардын саны 3000ге жакын болгон. Ошондой эле, чындыгында, толук мечиттер жок жерлерде мечиттердин ролун аткарган намазканалар салынган. 2009-жылдагы мыйзам кабыл алынгандан кийин, мечиттердин саны бир аз кыскарган, бирок 2011-жылы алардын саны 2000ге чейин өскөн.

Мындан тышкары, республикада 9 ислам жогорку окуу жайы иштейт, аларда билим берүүнү негизинен чет өлкөлүк мусулман мамлекеттери – Түркия, Сауд Арабиясы жана башкалар каржылайт. Ошондой эле өлкөдө 60ка жакын медреселер жана дээрлик ошончо ислам борборлору, коомдук фонддор жана ар кандай бирикмелер иштейт.

Исламды салт катары жергиликтүү кыргыздар, өзбектер, дунгандар, уйгурлар, тажиктер, казактар, татарлар жана башкалар тутунат. Ал эми кыргыздар менен казактардын исламдык салттары дайыма тажиктер менен өзбектерге караганда үстүртөн болуп, исламга чейинки салт-санаа менен аралашып кеткен эле. Мына ушуга байланыштуу олуттуу тарыхый өбөлгөлөрү жок Кыргызстандагы исламды сырттан атайын

---

[1] *Дюшенбиев С.* Ислам в современном Кыргызстане: состояние и проблемы. URL: http://www.religiopolis.org/religiovedenie/3749-islam-v-sovremennom-kyrgyzstane-sostojanie-i-problemy.html.

радикалдаштыруу жана саясатташтыруу иштери абдан катуу, атайын максаттуу түрдө жүрүп жатат.

Айылдар менен провинциялык шаарлардын көчөлөрүнөн хиджаб жана араб үлгүсүндөгү мусулман кийимин кийген аялдарды көрсөк болот, мындай кийимдер кыргыз элине мурда мүнөздүү болбогон. Республиканын борбор шаарында светтик жашоо образы азырынча сакталууда, бирок айылдык кыргыздардын массалык каптап келүүсүнүн натыйжасында ал жакта дагы исламдын таасири көзгө байкалып калды.

Исламдын саясатташуусун жана радикалдашуусун коштоп жүргөн экстремизмдин күчөшү аябагандай коопттонууну туудурат. Муну 2010-жылдан бери кадыресе көрүнүшкө айланган террордук чабуулдар менен алардын аракеттери боюнча жагдай көрсөтүүдө.

Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин маалыматында, 2010-жылдын жайында синагоганын жанындагы жардыруунун, ошондой эле Спорт сарайынын жанындагы террордук чабуулдардын жана Кыргызстандын шаардык ички иштер башкармалыгынын жанындагы автоунааны жардыруу аракетинин артында «Жайшуль Махди» Кыргызстан Жамааты турган. Аны 2011-жылдын 5-январында Арашан айылында террористтерди кармоо боюнча атайын операциянын жүрүшүндө жок кылынган Советбек Исламов  жетектеген. 2013-жылы бул уюмдун 13 мүчөсү узак мөөнөткө кесилишкен, анын ичинде өмүр бою эркинен ажыратылгандары дагы болгон. Бирок, 2015-жылы тогуз боевик тайманбастык менен колониянын кызматкерлерин өлтүрүп, качып кетишкен[1].

Бул айтылган уюмдан тышкары дагы саясий процесске таасир бергенге умтулган бөлөк дагы радикал исламчылар бар. Мисалы, 2011-жылы 30-октябрдагы А.Атамбаев жеңген президенттик шайлоо алдында атайын кыргыз кызматы терактарды даярдап жаткан экстремисттердин тобун кармашкан. Кармалгандардын баары «Ислам жихадынын союзу» деген террористтик уюмдан болгон. Он кармалган кишинин арасында ар кыл улуттун өкүлдөрү: кыргыздар, уйгурлар жана Өзбекстан менен

[1] Джихадистская группировка «Жайшуль Махди» вновь напомнила о себе // AsiaTerra URL: http://www.asiaterra.info/ekstremizm/dzhikhadistskaya-gruppirovka-zhajshul-makhdi-vnov-napomnila-o-sebe.

Тажикстандан чыккандар дагы болгон[1]. Ал эми 2017-жылдын апрелиндеги Петербургдун метросундагы жардырууну Кыргызстандын Ош шаарынын тургуну, террорист-жанкечти Акбаржон Жалилов жасаган. Кол салуу убагында 16 киши каза таап, жүздөн ашык киши жабырланган.

***Жыйынтык***. *Кыргызстанда радикал исламисттери башынан эле өздөрүн ээн-эркин сезип тайраңдап жүрүшкөн. Буга бардык коомдук уюмдардын иштешине жол берип койгон А.Акаевдин демократиялык режими себепкер болду. Тарыхый жактан алганда өзбектер менен тажиктерге салыштырмалуу кыргыздар азыраак динчилдер болушса дагы, акырындап бара-бара, өзгөчө өлкөнүн түштүгүндө күчтүү исламдык оппозиция түзүлдү.*

*Алар бардык мамлекеттик төңкөрүштөргө катышкан, Кыргызстандын Мусулман Дин Башкармалыгынын жогорку муфтийлерин көп жолу ордунан алып түшүшкөн, эми акыркы жылдары алардын бир бөлүгү экстремисттик көмүскө топторду түзүүгө жана теракттарды жасоого өттү.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Эгемендик алгандан кийин Кыргызстандагы саясий системанын өзгөчөлүгү эмнеде болду?
2. 1990-жылдары Кыргызстандагы исламдык кайра жаралуунун негизги көйгөйлөрү кайсылар болгон?
3. 2005-жылдагы «жоогазын революциясында» жана 2010-жылда республикадагы бийлик алмашууда радикал исламчылар кандай роль ойношкон?
4. Кыргызстандагы радикалдык исламизмдин коркунучтуу жагы эмнеде?

## 3.6. Казакстандагы исламдын саясий процесстерге тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрү

Казахстан – постсоветтик өлкөлөрдүн ичинен Россиядан кийин эң ириси, анын аянты 2717,3 миң квадрат километрди түзөт, б.а. жалпы Борбордук Азиялык региондун үчтөн эки бөлүгүн ээлейт. Бирок

[1] Задержанные в Киргизии исламисты готовили теракты в преддверии выборов. URL: http://www.km.ru/v-mire/2011/10/10/islamistskie-ekstremisty-i-terroristy/zaderzhannye-v-kirgizii-islamisty-gotovili-t.

калкынын саны жагынан Казакстан коңшу Өзбекстандан бир топ эле артта калат.

Казакстан көп конфессиялуу светтик мамлекет. Америкалык Гэллап кызматынын иликтөөсүнө караганда Казакстандын калкынын динчилдик деңгээли региондо эң төмөн орунда турат. Кеңири таралган диндер болуп ислам менен машайакчылык саналат. Бирок Казакстанда улуттар жана диний аралык кагылышууларды алдын алуу үчүн мыйзам боюнча диний ынанымдын негизинде саясий кыймылдарды түзүүгө тыюу салынган.

2009-жылы эл каттоо жүргүзүлүп, респонденттерге динге мамилеси кандай деген суроо берилген. Анын жыйынтыгында Казакстандын 97% калкы өзүн тиги же бул динге тийиштүү деп айтышып, суралгандардын 3% гана ишенбөөчүбүз деген же суроого жооп беришкен эмес. Эл каттоонун тизмесине ылайык Казакстанда мусулмандар 11 337 900 адам, б.а. бүт калктын 71,2% түзөт.

Ошол эл учурда Казакстанда исламга байланыштуу кырдаалдын өзүнүн өзгөчөлүктөрү жана мүнөздүү көрүнүшү бар. Биринчиден, СССР кулаган учурда республикада Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүнө салыштырмалуу орустар абдан көп жашап турган. 1990-жылдардын ортосунда Казакстандан Россияга орустар массалык түрдө агылып көчүп кетишкенде дагы 16,6 млн орус адамынан 5 770 миң киши калган жана алар өлкөнүн калкынын 35% түзгөн. Андан тышкары, республиканын калкынын 20% орус тилдүү казак эмес элдерге дагы тишелүү болчу. Көп жагынан ушул жагдай массалык ислам кыймылдарынын жоктугун аныктаган.

Экинчиден, Казакстандагы ислам дайыма бир топ эле синкреттүү болуп келген, б.а. ал ислам менен кошо жергиликтүү бутпарастык ишенимдердин аралашмасынан турган. Ислам казактардын жападан жалгыз дини болуп калганына карабастан курч мүнөздөгү ортодоксалдык мүнөзгө ээ эмес. Диний салттар улуттук-тиричилик салттары менен тыгыз байланышкан, калк арасында ушул убакытка чейин мурунку бакшы-бүбүлөрдөн калган теңирчиликтин жана шаманизмдин ырым-жырымдары сакталып калган.

Баарынан кызыгы теңирчиликке кайтуунун жактоочуларынын кыймылы дагы түзүлгөн. Анын расмий эмес башчысы белгилүү оппозициялык ишмер Арон Атабек Едигеев (Нутушев) болот. 2008-жылы апрель айында «Кан жана улут» аттуу макаласында ал исламга каршы бир топ катуу айткан: «Исламдык геноцид – казактардын бардык

улуттук ыйык нерселеринин баарын жарып таштаган руханий «Хиросима»; Улуу Түрк каганатынын теңирчилери болгон «көк түрктөрүнөн» ири жеңилиштерге дуушар болгон араб Халифаты акыр аягында жылма жол менен акырындап жайылган соода-каржылык капиталы аркылуу Казакстанда бекемделип алды да, өзүнүн эң башкы жеңишине ээ болду: аңкоо, ишенчээк талаалыктарды арабдык шовинизм жана арабдык экспансиянын формасы болгон бөтөн дин – исламдын пайдасына өз ата-бабаларынын ишеними теңирчиликтен баш тартканга көндүрүп койду!»[1].

Үчүнчүдөн, көз карандысыздык жылдары бул тарыхый өбөлгөлөр республикада диний мамилелер жагында тең салмактуу мамлекеттик саясат менен бекемделген дагы, бул коомдук аң-сезимдин радикализмге туруктуу иммунитетин калыптандырган.

Ушул саясаттын негизи – демократиялык мыйзамдар, диний сабырдуулук жана плюрализм болуп эсептелет. Өлкөнүн Конституциясында мамлекеттин светтик мүнөзү, жарандардын абийир эркиндигине болгон укуктарынын кепилдиктери, кайсы бир динге карата протекционизмдин жоктугу, бардык диндерге карата толеранттуу мамиле кылуу бекитилген.

Реалдуу саясий практикасында өлкөнүн биринчи президенти болгон Нурсултан Назарбаев жана анын мураскери Касым-Жомарт Токаев дайыма көп улуттуу жана көп диндүү курамы бар светтик демократиялык мамлекет кайсы бир динге артыкчылыктарды бергенге жол бербеши керек деген жобону карманышкан. Ошол эле учурда мамлекет тарыхый калыптанган негизги диндер жөнүндө унутуп калбай, диндер аралык тең салмактуулукту сактаганга умтулуусу тийиш.

Диний чөйрөдөгү мамилелер 2011-жылга чейин 1992-жылда кабылданган «Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө» мыйзамы менен жөнгө салынып келген. Учурда Казакстан Республикасынын 2011-жылдын 11-октябрындагы № 483-IV «Диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер жөнүндө» Мыйзамы – 2012, 2013 жана 2016-жылдардагы техникалык өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен иштеп жатат.

Мамлекет башчысынын өлкөдөгү диний кырдаалга, динге ишенгендердин муктаждыктарына дайыма көңүл буруусу жалпы эле диний

---

[1] *Атабек А.* Кровь и нация. URL: http://www.kub.info/article.php?sid=21583.

фактордун жана атап айтканда, анын ичиндеги исламдык саясаттын артыкчылыгы жөнүндө айтып турат. Алгач бул маселелерде Казакстан өкмөтү астында түзүлгөн өлкөнүн бардык аймактарында структуралык бөлүмдөрү бар диний уюмдар менен байланыштар боюнча Кеңеш иш алпарган. Кийинчерээк Казакстан Республикасынын маданият Министрлиги астында диндер иштери боюнча комитет түптөлүп, ал 2011-жылы 18-майда диндер боюнча Казакстан Республикасынын Агенттиги деп кайра түзүлгөн. Бул агенттик өкмөттүн курамына кирбеген, бирок конфессиялар аралык ынтымакты, жарандардын дин тутуу эркиндигине болгон укуктарын жана диний бирикмелер менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу чөйрөсүндө, ошондой эле мыйзамдарда каралган чектерде, тармактар аралык координацияны жана анын компетенциясына кирген иш чөйрөсүндөгү башка функцияларды ишке ашыруучу борбордук аткаруучу орган болуп калды. Азыркы кезде ал кайрадан Казакстан Республикасынын Маалымат жана коомдук өнүктүрүү министрлигинин Дин иштери боюнча комитети болуп түзүлдү.

Төртүнчүдөн, республиканын башчылыгы токтоо көз караштарды карманган Казакстан мусулмандарынын Дин башкармалыгы менен тыгыз байланышта иштейт. Казакстанда ханафий мазхабындагы токтоо мүнөз, толеранттуу суннизм үстөмдүк кылат. Ага бөлөк диндегилерге чыдамдуулук, жергиликтүү диний эмес мыйзамдарды колдонуу, укуктук маселелерде эркин жеке пикир айтуу жана салыштыруулар мүнөздүү. Мындай мамиле бардык догматизм, чектелген окутууларды четке кагат. Казактарга исламдын өтө эле саясатташып кетиши, светтик бийлик менен диний төбөлдөрдүн тирешүүсү, бөлөк ишенимдегилерге чыдамсыздык көрсөтүү, диний фанатизм же теократиялык мамлекеттин баалуулуктары дайыма чоочун болгон. Бүгүнкү күндө өлкөдө мусулман диний бирикмелери 1300дөн, мечиттер беш миңден ашкан. Дин башкармалыгы «Ислам дүйнөсү» деген ай сайын чыгуучу журнал, гезит жана диний адабияттарды чыгарып турат.

Көз карандысыздыгынын биринчи жылдарынан баштап Казакстанда ишенүүчүлөргө мечиттердин кайтарылып бериши, аларды калыбына келтирип ондоо жана жаңыларын салуу, диний ислам мектептердин ачылышы жигердүү жүрдү. Алсак, 1999-жылы Алма-Атада 3000 миңден ашуун киши бата ала турган жаңы Борбордук мечит ачылган. Ал ошол кезде КМШ боюнча эң ири мечит эле. 2005-жылы Астанада жети жыл бою Казакстан менен Борбордук Азиядагы эң чоң мечит болгон «Нур Астана»

ачылган. Анын имаратында 5000 дей киши чогуу намаз окуй алат. Бирок 2012-жылы 6-июлда Астанада андан да чоң, он миңге чейин киши бата турган дагы бир жаңы собордук мечит ачылган. Ал Нурсултан Назарбаевдин сунушу боюнча «Хазрет Султан» деп аталган. Бул аталыш – күмбөзү Түркестан шаарындагы, суфий шейхи Кожо Акмат Ясавинин ардактуу наамдарынын бири болчу.

Республикада 20га жакын медресе иштейт, алардын эң ирилерине Алма-Ата, Атырау, Талгар, Тараз, Жезказгандагылары кирет. Чимкенттеги эл аралык казак-араб жана казак-кувейт университеттеринде «Араб тили жана дин таануу» факультеттери ачылган. Дин таануучу-адистерди Х.А.Ясави атындагы Түркестан шаарындагы Казак-түрк университети жана Алма-Атадагы Нур-Мубарак ислам маданий борборунун Египет университети дагы даярдоодо.

Кайыр-садагаларды чогултуу; начар жашагандар, балдар жана карылар үчүн акысыз тамак берүүнү уюштуруу; азык-түлүк жана кийим-кечек таратуу; руханий жана адеп-ахлактык маселелер боюнча жолугушууларды, аңгемелешүүлөрдү өткөрүү – мусулман диний уюмдардын кадыресе күнүмдүк иштери.

Бешинчиден, Казакстанда исламдык фундаментализм үчүн кеңири социалдык база жок. Өлкөдөгү социалдык-экономикалык кырдаал региондун башка өлкөлөрүнө караганда эң туруктуу. Алсак, Казакстандын Ички Дүң Продукциясы (ДИП-ВВП) Борбордук Азиянын калган төрт өлкөсүнүн жалпы ДИПнан азыркы учурда ашып кетет. Казакстан рейтинг боюнча калкынын ар бир башына ДИПтин деңгээли жагынан өзүнөн кийин келаткан Өзбекстандан төрт эсе жогору! Ал эми жумушсуздуктун деңгээли аймак боюнча эң төмөн.

Ошого карабай, Казакстандагы ислам экстремизминин көйгөйү 1990-жылдардын аягында, биринчи кезекте өлкөдө Хизб-ут-Тахрир партиясынын пайда болушу менен актуалдуу боло баштады. Бул уюмга расмий түрдө 2004-жылдын октябрь айында гана тыюу салынса дагы, ал мурунтадан эле куугунтукка алына баштаган. ХТИ мүчөлөрү баракчаларды таратканы же топко катышканы үчүн эле камалышкан.

Алсак, 2003-жылдын декабрында журналисттер менен бул темада маектешүүгө аракеттенгени үчүн камакка алынып, 2004-жылы апрель айында бул уюмда болгондугу үчүн Гани Байсалбаев төрт жылга кесилип кеткен. Андан бир жума өтпөй Шымкентте көмүскө типографиясында

ХТИ баракчаларын чыгарганы үчүн айыпталган Рахматулла Абдуллаевдин соту болду.

Адатта ХТИ партиясынын камалган мүчөлөрү мыйзамсыз коомдук иш чараларды уюштургандыгы, баракчаларды таратып, диний араздашууларды чыгарып, мамлекеттик төңкөрүш жасаганга аракет кылганы үчүн айыпталышат. 2005-жылдын башында чыккан «Экстремизмге каршы аракет» жаңы мыйзамы бул партиядагы мүчөлүктү мыйзамсыз деп тапты[1].

2004-жылы декабрь айында Казакстандын дин башкармалыгы бардык имамдардын ислам жөнүндө билим деңгээлин текшерүүдөн өткөрө баштады, сынактан өтпөй калгандары кызматтан кетишти.

Мамлекет дин кызматкерлеринин ичинен караңгылыкты жок кылуу дегенге жамынып алып, мечиттердин үстүнөн көзөмөл алууга аракет кылды. Ошону менен катар эле мамлекет текшерүүлөрдү жүргүзүп, жаап салуу менен коркутуп, бардык диний бирикмелер үчүн сөзсүз катталууну милдет кылып койду.

Экстремизмдин көрүнүштөрүн алдын алуу үчүн бийликтин жергиликтүү органдары бардык диний ислам бирикмелерин дайыма көзөмөлгө алышты. Ар кайсы улуттан турган же бир гана аз улутчулуктан турган диний уюмдарга өзгөчө көңүл бурулат. Диний мекемелердин жаштар менен кандай иштешип жатканына жана диний окуу жайлардын ишмердүүлүгүнө анализ жүргүзүлөт.

Алсак, мыйзамдын талаптарына жооп бербейт деп Жамбул облусунун Мерке шаарындагы медресе жабылган, Чимкент менен Сары-Агачтын медреселерине лицензиялар берилген эмес. Аны менен бирге бийлик органдарынын диний бирикмелер менен иштөөсүндөгү негизги ыкмалар жүргүзүлүп жаткан саясаттын гуманисттик мүнөзүнө ынандыруу, коомдук аң-сезимде жарандык тынчтык жана диний аралык ынтымак абдан баалуу экендигин бекемдөө болуп саналат. Ошентип, эгемендүүлүгүнүн алгачкы жыйырма жылында Казакстан исламдык радикализмден жана фундаментализмден көбүрөөк эркин болгон мамлекет болгон.

Бирок ага карабастан ал Борбордук Азиянын башка өлкөлөрү сыяктуу эле Жакынкы Чыгыш жана Түштүк Азиянын мамлекеттеринен келген саясий исламдын эмиссарларынын жана ар кыл агымдын миссионерлери

[1] Тиркеме 2.

тарабынан массалык жактан үгүттөөлөрүнүн жана саясий жактан таасирлеринин объектиси болгон. Алардын таасиринен улам республикада ага мүнөздүү болбогон жактар – радикалдык исламизм, экстремизм, терроризм пайда боло баштады.

Терракттар менен коштолгон экстремисттик маанайдын күчөшү 2011–2012-жылдарга туш келди, бул биздин көз карашыбызча, кезексиз президенттик (2011) жана парламенттик (2012) шайлоолор менен сырткы күчтөрдүн Борбордук Азияда «араб жазын» өткөрүүгө даярдык өткөргөнүнө байланыштуу болду көрүнөт. Алсак, 2011-жылы 25-февралда терактты даярдоого катышкан деп айыпталып отурган Актюбинск шаарынын СИЗОсунун дарбазасынын алдында жардыруу болуп өттү. 14-мартка караган түнү экинчи жардыруу Алма-Атага жакын жайгашкан Иссык шаарчасында болду. 2011-жылы 4-апрелде Алма-Ата шаарында спецназ экстремисттер жашынып жаткан квартираны чабуул менен алышкан. 2011-жылы 17-майда Актюбинск шаарынын улуттук коопсуздук Комитетинин имаратында жергиликтүү салафиттер жамаатынын мүчөсү өзүн жардырып жиберген. 24-майда жардыра турган заты бар машина Астананын Казакстан улуттук коопсуздугу (КНБ) СИЗОсунда жарылган.

Ошентип, 2011-жылдын биринчи жарымында эле бештен кем эмес теракттар жана экстремисттерге каршы операциялар болуп өттү. Баарынан дагы бул теракттар күч түзүмдөрүнүн кызматкерлерине каршы багытталган эле. Бир эле учурда исламчылардын өкмөткө тынчтык каражаттары менен басым жасоо аракеттери дагы байкалган. Алсак, 2011-жылдын 28-февралында Казакстан басма сөздөрүндө мусулмандардын «Өзүм билемдикке каршы күрөш» коомдук бирикмеси светтик окуу жайларында хиджаб кийүүгө тыюу салууга каршы наразычылык акциясын даярдап жаткандыгы тууралуу маалыматтар пайда болду.

2011-жылы 10-мартта мусулмандардын демилге көтөргөн бул тобу президент Н.Назарбаевдин атына, ошондой эле Казакстандын билим берүү жана илим Министрлигинин башчысы Б.Жумагуловго, Астананын акимиатына, Казакстандын алдыңкы ММКларынын редакцияларына, укук коргоо жана диний уюмдарына жөнөтүлдү. Светтик ЖОЖдордо кыздардын хиджаб кийүүсүнө тыюу салууну басмырлоо катары баалап, кайрылуунун авторлору ачкачылык жарыялашты. Нурсултан Назарбаев 2011-жылдын 11-мартында Түркестан шаарынын чыгармачыл интеллигенциясы менен жолугушууда мындай деген: «Мектептерде, институттарда жаштар хиджаб менен паранжа кие башташты. Мен

дайыма хиджаб менен паранжага каршымын. Биздин аялдар эч качан аларды кийген эмес жана жүздөрүн жашырышпаган... Биз мусулманчылыктын бардык өкүлдөрүн сыйлайбыз, бирок биздин өз жолубуз бар»[1].

2011-жылдын жайында исламчылардын террордук чабуулдары жаңы күч менен башталды. 2011-жылдын июнь айынын башында Актюбинск облусунун Шубарши поселогунда салафиттердин жергиликтүү жамаатынын мүчөлөрү алардын бирин кармаган полицейскийлерди атып салышкан. Куралдуу жана жакшы даярдык көрүлгөн каршылыкка дуушар болгон казак бийлиги оор бронетехника, авиация жана Ички иштер министрлигинин (МВД) атайын бөлүктөрү менен аскердик операция жасаганга мажбур болушту.

Батыш Казакстандагы окуялар менен кошо эле Караганды облусунун Балхаш шаарынын колониясынан 16 туткун качып чыккан. Бул качууну Карагандыдан экстремизм үчүн камалган салафит молдо уюштурган, анын таасирине башка камактагылар да түшүп калышкан.

2011-жылдын жаз-жай айларындагы теракттардан кийин «Диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер жөнүндө» жана «Диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер маселелери боюнча Казакстан Республикасынын кээ бир мыйзам актыларынан кошумчаларды жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» деген Мыйзамдар кабыл алынып, Казакстан Республикасынын территориясында тыюу салынган экстремисттик материалдардын Тизмеси бекитилген.

Жаңы мыйзамга ылайык мамлекеттик ишканаларда, жогорку окуу жайларда, аскердик бөлүктөрдө, башка күч мекемелеринде, түрмө колонияларда намазканалар жабылган. Мамлекеттик органдарда, уюмдарда жана мекемелерде, билим берүү жана медициналык жайларда диний бирикмелердин ячейкаларын түзүү, намаз окуу, диний салттарды, ырым-жырымдарды, чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салынган. Ошондой эле балдардын ден соолугун чыңдаган спорттук, чыгармачыл ж.б. лагерлер менен санаторийлерде диний окутуулардын таралышына багытталган иш-аракеттерге жол берилген эмес[2].

Бирок теракттар токтомок түгүл күчөгөндөн күчөп жатты. 2011-

---

[1] Назарбаев высказался против хиджаба и паранджи. URL: http://aktau-news.kz/?p=4934.

[2] Тиркеме 1 караңыз.

жылдын 31-октябрында шаардык акимиат менен шаардык прокуратуранын имаратынын жанында эки жардыруу болду. Андан тышкары дагы эки жардырууга даяр аппараттар табылды. Буга мурда белгисиз болгон «Джунд-аль-Халифат» («Халифаттын жоокерлери») деген топ жоопкерчиликтүү болгон. Казакстандын генпрокуратурасынын маалыматы боюнча, ал 2011-жылы жайында Казакстандын жарандары Ринат Хабидолла, Урынбасар Мунатов жана Дамир Зналиев тарабынан түзүлгөн, алар ошол кезде Афганистандагы «уруулар зонасында» жашырынып жүрүшкөн.

Бул топ Түндүк Кавказдагы орус күчтөрү тарабынан өлтүрүлгөн исламчыл идеолог Саид Бурятскийдин ваххабит идеяларынын таасири астында жаралган. 2011-жылы 24-октябрдан 15-ноябрга чейин «Джунд аль-Халифат» тобу Казакстан бийлигине коркунуч туудурган видео билдирүүлөрдү үч жолу жасады.

Атыраудагы жарылууларга дин жөнүндөгү жаңы мыйзам себеп болгон. «Шумух аль-Ислам» интернет-форумунда («Аль-Каида» форуму) жарыялаган маегинде Атыраудагы теракттардан кийин, «Джунд Аль-халифаттын» башчысы Равиль Кусаинов топтун мүчөлөрү Афганистандан, Казакстандан жана башка өлкөлөрдөн келген ислам халифатын жандандырууну, кайра жаралтууну көздөгөн «күрөшүүчүлөрү» экендигин айткан. Р.Кусаинов Казакстандагы мамлекеттин саясаты исламга терс таасирин тийгизип жаткандыктан, өз тарапташтарына «араб жазынан» сабак алып, Назарбаевдин өкмөтүнөн кутулууга чакырган. Ал казак бийлигинин аракетин мындай деп түшүндүргөн: «Биз өкмөттүн айткандарын баарын карап отурдук, алар бизге момун моджахеддерге (ислам шакирттерине) сын көз, жек көрүү жана текебер, менменсинүү менен карагандай көрүндү. Алар өкмөттүн адилетсиз чечимин жокко чыгарууну каалашпайт»[1].

Көп өтпөй бул топ жаңы дин мыйзамына каршы чыгып, «мусулмандарга каршы жасалган камакка алуу толкунун» айыптап, «биз бул ишке даярданган болчубуз жана Аллахтын уруксаты менен

[1] Солдаты Халифата продолжают угрожать Казахстану. URL: http://azh.kz/ru/news/view/7783.

мусулмандарды эзүүнү жок кылуу үчүн күрөштү улантууга даярбыз» - деп жарыялады[1].

Полициянын кызматкерлерине чабуул жасаган экстремисттердин дагы бир тобу 2011-жылы декабрдын башында Алма-Ата облусунда жок кылынган. Өлтүрүлгөн экстремисттер ошол эле «Джунд-аль-Халифат» тобуна кирген «аль-Захир Бейбарстын батальонунун» согушкерлери болуп чыкты. 2012-жылы дагы радикал исламчылардын террордук иштеринин көптөгөн мисалдары бар. Алсак, августта экстремисттердин бир тобу Алма-Атанын астындагы дача поселогунда жок кылынган. Сентябрда Атыраудагы жардыруулардын уюштуруучулары камалышкан. Ошондой эле Казакстандын Атырау облусунун Кулсары шаарында радикал исламчылар өлтүрүлгөн. Айтмакчы, бул шаар Жылыой районунун административдик борбору болуп саналат, анда Казакстан үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон нефтинин запасы боюнча республикада экинчи орунда турган Тенгиз мунайгаз кени жайгашкан.

Ошол эле учурда «Лашкаре Тваиба Казакстан» уюму да өзүн көрсөттү, ал Казакстан жарандарын экстремисттик көмүскө подпольеге тартуу жана аларды башка өлкөлөргө даярдоого жөнөтүү менен алектенет.

Ошентип, Казакстанда радикал исламчылардын жигердениши системалуу көйгөйгө айланды. Биринчи этапта күч түзүмдөрү жок кылган экстремисттердин согуштук топтору айсбергдин учу сыңар гана болгон. Белгилүү болгондой, республиканын аймагында терроризмдин уюткусу болгон бир катар радикал исламисттик топтор иштеген.

Аларга төмөнкү уюмдар кирген: «Өзбекстан Ислам кыймылы», «Борбордук Азиянын моджахеддер жамааты», «Хизб-ут-Тахрир», кыргыз «Таблиги жамааты» менен «Жайшуль Махди» топтору жана уйгур «Чыгыш Түркестандын ислам кыймылы», «Чыгыш Түркестанды боштондукка чыгаруу уюму», «Шарк Азатлык Ташкилати». 2011-жылы эле Алма-Ата облусунда «Таблиги жамааты» жана «Хизб ут-Тахрирдин» 300дөн ашык мүчөсү кармалган. Казакстан бийлиги окуялардын мындай массалык мүнөзү жөнүндө таасирди күчөтүүнү каалабай экстремисттерге каршы камакка алуу жана сот процесстерин жабык режимде өткөрүүнү

[1] «Солдаты Халифата» прокомментировали теракт в Таразе. URL: http://tengrinews.kz/kazakhstan_news/soldatyi-halifata-prokommentirovali-terakt-v-taraze-201649/

артык көрөт. Казакстандагы террордук иштин жигердүү тутанышы Россияга түздөн-түз байланышы болгон. Экстремисттердин иштеринин эң башкы очокторунун бири болуп калган Батыш Казакстан Орусиянын Түндүк Кавказына жакын жайгашкан.

XXI кылымдын башында контртеррористтик операциянын жүрүшүндө исламчылардын тарабында согушкан Казакстандын 20 жараны ал жактан өлтүрүлгөн эле. Согушта тажрыйбалуу болуп калган боевиктер урушту жандандыруу үчүн мекенине кайтып келишкен. Аналитиктер Казакстанда «дагестандагыдай» аракеттер болуп жаткандыгын олуттуу сөз кыла башташты, бирок ага бийликтегилер жана күч түзүмдөрү даяр эмес болуп чыкты.

Афганистандан ISAF коалициялык тобу чыгарылып, 2014-жылы Ирак менен Сирияда «Ислам мамлекетин» бүткүл дүйнөлүк халифат катары жарыялашкандан кийин исламчылар бүт аймакта жана Казакстанда абдан катуу активдүүлүгүн көрсөтө башташты. Республикага экстремисттик көмүскө подпольеден коркунуч бул жылдары өсүп кетти. Алсак, 2016-жылы июнь айында Актюбинск шаарында экстремисттер бир катар жергиликтүү тургундарды жана милицияларды өлтүрүп, түрмөдө жаткан өз тарапташтарын бошотконго аракет жасашкан. Ошондо коопсуздук бөлүмдөрү 18 боевикти жок кылышты. Бул теракт үчүн Н.А. Назарбаев салафиттерди айыптаган[1]. Ал эми 2020-жылдын башында атайын күч кызматтары Казакстандын ири шаарларында жардыруу үчүн даярдалган терракттардын бир катарын алдын ала токтотуп коё алышкан. Терракттар үчүн атайын даярдалган курал-жарактар менен жардыргыч заттарды табышкан. Буга катарлаш, «Ислам мамлекетинин» диний тарапташтары казак жаштарын «чыныгы руханий баалуулуктарга жана адилеттүүлүккө ээ болгон туура ислам» деген убадасы менен азгырып, өз катарына тартып, «уктап жаткан ячейкалардын» тармагын түзүүгө аракет кылган[2].

***Жыйынтык.*** *Казахстан постсоветтик жылдары исламдын саясатташуу процесстерине азыраак дуушар болгон. Туруктуу экономикасы, жумушсуздуктун аздыгы, орус тилдүү калкынын жогорку проценти бар, Орусия менен жалпы чек арага ээ Казакстанда экстремисттик маанайлар менен уюмдар үчүн жагымдуу шарттар*

[1] Радикальная исламизация в Казахстане и Киргизии URL: http://ctc-rk.kz/радикальная-исламизация-в-казахстан.html.

[2] Ислам и исламизм в Казахстане. URL: https://news-front.info/2020/02/20/islam-i-islamizm-v-kazahstane.

*түзүлгөн эмес. Бирок акырындап бул жерде да исламисттер көбөйө баштаган. Акыркы он жылдыкта алыскы чет өлкөлөрдөн жана жакынкы чек аралаш Борбордук Азия мамлекеттеринен активдүү радикал исламчылар агылып кирип, жергиликтүү исламдык топтор пайда болуп, бекемделип, республиканын ар кыл райондорунда теракттар болуп өттү.*

*Ошентип, исламдык фактор Казакстандын саясий процесстерине барган сайын өжөрлүк менен киришип жатат.*

**Параграфтын суроолору:**

1. 1990-жылдары Казакстандагы саясатка ислам факторунун азыраак таасир этишинин себептери эмнеде?
2. Казакстан өкмөтүнүн исламга карата саясаты кандай?
3. Казакстанда ислам экстремизми кандай коркунуч туудурат?
4. Республикада исламчыл көмүскө ишмердүүлүк эмнеге алып барат?

## 3.7. Түркмөнстан саясатында ислам факторун азайтуу

Түркмөнстан Борбордук Азияда калкынын саны боюнча үчүнчү, территориясынын көлөмү боюнча экинчи жана жаратылыш газынын запасы боюнча биринчи орунду ээлейт. Анын үстүнө ал Каспий деңизине чыга алат. Бул ага көп сырткы чоң оюнчулардын көңүлүн бурдурат, алардын ичинде ислам дүйнөсүнөн дагы ири өлкөлөр бар. Түркмөнстан эки ислам республикалары – Иран жана Афганистан менен жалпы чек арага ээ.

Түркмөнстан калкынын көп бөлүгүн 89 пайызын мусулман-сунниттер түзөт. Бул баарыдан мурун түркмөндөр жана өлкөдө жашаган казактар менен өзбектер. Республикада ошондой эле аз сандагы мусулман-шииттер дагы жашайт. Алар азербейжандар менен этникалык перстер. Мына ушундай обьективдүү шарттар жана факторлор өлкө көз карандысыздык алгандан кийин исламдын таасиринин күчөшүнө алып келчүдөй көрүнгөн.

Бирок Түркмөнстандын саясий системасындагы субъективдик фактор анын аймагында постсоветтик доордо исламдын өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн калыптандырды жана анын таасирин саясий процесстерде төмөндөттү.

СССР тарардын алдында Түркмөнстанда коңшу республикалардагыдай улуттук аң-сезимдин жанданышы болгон эмес.

Түркмөн ССР калкы региондогу башка өлкөлөргө караганда тынч, пассивдүүлүгү менен айырмаланган. Бирок ага карабастан 1989-жылы «Агзыбирлик» түркмөн улуттук кыймылы түзүлгөн болчу.

1990-жылы 13-январда Түркмөнстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Сапармурат Ниязов өз постун сактап калуу менен Түркмөн ССР Жогорку Кеңешинин төрагалык ордун ээлеген. 1990-жылдын 11-октябрында Түркмөн ССР Жогорку Кеңеши ал сунуш кылган республикалык конституцияга өзгөртүүлөрдү кабыл алып, ага ылайык президенттин постун киргизет.

1990-жылдын 27-октябрында альтернативасыз шайлоодо С.А. Ниязов Түркмөнстандын президенти болуп шайланат. Расмий маалыматтар боюнча, ал үчүн шайлоочулардын 98% добуш берген[1]. Конституция кабыл алынгандан кийин президент жаңы шайлоо жүргүзүүнү сунуштаган, анткени өзүнүн ыйгарым укутарын жаңы Негизги мыйзам менен шайкеш келтирүүнү чечкен. 1991-жылы 21-июнда президенттикке жападан-жалгыз талапкер катары С.А. Ниязов кайрадан көпчүлүк добуш менен республиканын президенти болуп шайланган: ал үчүн шайлоочулардын 99,5% добушу берилген. 1991-жылы 27-октябрда С.А. Ниязов республиканын президенти болуп шайлангандан туура бир жыл өткөндөн кийин, өлкөнүн Жогорку Кеңеши көз карандысыздык жөнүндө декларацияны кабыл алып, Түркмөнстан Республикасы деген жаңы аталышты бекиткен[2].

1991-жылы 19-ноябрда Түркмөнстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин пленумунда С.А. Ниязов республикада ушундай эле аталыштагы оппозициялык партия бар экендигин эске албай, ага жаңы ат – Демократиялык партия деген ысымды сунуштаган. 1991-жылы 16-декабрда Түркмөнстандын Коммунисттик партиясынын XXV съезддинде партиянын иш-аракети токтотулган, ал эми 1992-жылдын 3-мартында Түркмөнстандын демократиялык партиясы расмий түрдө катталган, аны С.А. Ниязов өзү жетектеген[3].

---

[1] *Полтаева Г.* Ниязов Сапармурат (Сапармурад) Атаевич – биографическая справка // Туркменская искра. 2006. 5 апреля.

[2] 27 октября 80-летие Туркменистана // Эркин Туркменистан. 2004. 25 октября.

[3] *Куртов А.* «Формула Туркменбаши»: за и против // Международные процессы. 2003. № 3, сентябрь–декабрь. С. 133.

Эгемендүү Түркмөнстан эң башынан эле Борбордук Азия мамлекеттеринен гана эмес, постсоветтик мейкиндикте пайда болгон башка өлкөлөрдүн баарынан айырмаланып турган. Ушул гана өлкөдө мамлекеттик аппарат улуттук идеологияны өөрчүтө алган. Ал президент Сапармурат Ниязовдун «Рухнама»[1] деген «ыйык китебине» негизделген эле.

1993-жылдын 22-октябрында Сапармурат Ниязов Межлистин чечими менен дүйнөнүн бардык түркмөндөрүнүн башчысы – Түркмөнбаши болуп жарыяланган. Кийинчерээк бул наам «Улуу Түркмөнбаши» деп аталып калган. 1994-жылы референдумдун жыйынтыгы боюнча анын президенттик мөөнөтү 1997-жылдан баштап саналып, дагы 5 жылга узартылган, 1999-жылы республиканын Халк Маслахаты деп аталган парламенти Түркмөнбашыны өмүр бою президент деп жарыялаган. Анын урматына шаарлар жана райондордун аты коюлуп, башчынын эстеликтери бардык жерде курулган.

Сөзсүз, ушундай жагдайда республикадагы исламдын абалы ага карата жол башчынын мамилеси менен аныкталмак, бирок Ниязовдун мамилеси өтө эле өзгөрүлмөлүү болгон. Алгач Түркмөнстан эгемендүүлүктү алгандан кийин Сапармурат Ниязов өлкөсүнүн өнүгүшүн Түрк Республикасынын үлгүсүндө көргөн, анын ичинде динге дагы түрктөрдөй мамиле кылган. Ислам улуттук жана маданий өзгөчөлүктүн бир бөлүгү катары кабылданып, анын белгилери мамлекеттик символикада жана коомдук тиричиликте колдонулган. Ашхабадда жана өлкөнүн кээ бир шаарларында мамлекеттин жардамы менен мечиттер салынган. Алсак, Орусия империясы менен түркмөн урууларынын акыркы жолу салгылашкан Геок-Тепе кыштагында чоң мечит курулган. Андан дагы чоңураак мечит президенттин туулган айлы Кыпчакта дагы ачылган. Орозо майрам менен Курман айт мамлекеттик майрамдар деп жарыяланган. Атүгүл мечиттердин имамдары өлкөнүн бюджетинен айлык алышкан.

Бирок 1990-жылдардын экинчи жарымынан баштап эле мусулмандар мамлекеттик органдар киргизген чектөөлөргө дуушар боло башташты. Мисалы, 1997-жылы өлкөдө иштеп жаткан мечиттердин жарымынан көбү кайра катталуудан өтпөй калышты. Беш жыл ичинде бардык эле мусулман окуу мектептери жабылат (акыркы болуп Чаржоудогу ири

[1] *Туркменбаши С.* Рухнама. Ашхабад, 2002. 416 с.

медресе 1999-жылы июнь айында ишин токтоткон). Ошондой эле миңдеген мусулмандар окуган мечиттердеги диний окутууларга чек коюла баштайт. Ишенгендердин айтуусу боюнча, 1990-жылдардын ортосунан баштап, өлкөгө диний ислам адабияттарын киргизүүгө тыюу салынган. Ушул эле учурда Түркмөнстандын түштүгүндө акырындап ваххабиттердин жана аларга каршы тирешкен суфий тарикаттардын таасири күчөй баштаган. 1996-жылдын сентябрында Түркмөнстандын Элдик Кеңешинин жыйынтыктоочу бүтүмүндө биринчи болуп, «биздин биримдигибиз жана бүтүндүгүбүзгө зыян келтирген» мусулмандар арасындагы араздашууларга тынчсыздануу биринчи болуп ачык айтылып, «тартипти бузгандарга чара көрүү зарылчылыгы» баса белгиленген. Кийинчерээк, ушундай «тынчсыздануулардын» президент көп жолу айткан.

2000-жылы «Рухнама» жарыялангандан кийин Түркмөнбашы өзү диний бийликке дагы ээ болууну чечти, ал үчүн өзүнүн культуна жетишпеген диний өлчөмдү кошту. «Рухнама» – таза аурага ээ болуп, ыйык деп аталып, мамлекеттик кызматкерлер аны түркмөн элинин руханий талаптарына анча толук жооп бербеген Куран жана Библия менен салыштырышкан. Китеп көптөгөн чет тилдерге которулуп гана тим болбостон, Ашхабадда ага атайын эстелик тургузулган. Аны окуп чыгуу бардык жарандар үчүн милдеттүү болуп калды.

2001-жылдын май айында басма сөз катчысы С. Ниязов «Сапармурат Түркмөнбашы – үчүнчү миң жылдыкта түркмөн элине жиберилген улуттук пайгамбары» деп жарыялаган. Албетте, көпчүлүк мусулмандар муну Кудайга акарат келтирүү деп кабыл алышты. Узак мезгил бою имамдарды намаздан кийин улуттук гимнди окуганга мажбурлашкан. 2004-жылы мечиттерде «Рухнаманын» экземплярларын Куран менен кошо коюуга буйрук берилген. Жогоруда айтылган Кыпчак кыштагындагы мечитте «Рухнамадан» алынган шилтемелер «Курандан» аяттар менен кошо дубалдарга тартылган болчу. «Рухнаманы» ыйыктоо исламга карата репрессиялардын күчөшү менен дал келди.

Түркмөнстандын мусулмандарынын расмий башчысы Насрулла ибн-Ибадулла башында Түркмөнбашыга лоялдуу мамиледе болчу. Бирок бардык мечиттердин дубалдарына Курандын аяттары менен кошо «Рухнамадан» шилтеме сүйлөмдөрдү жазгыла дегенде каршылык көрсөткөн. Диний ишмер өзүнүн баш ийбестиги үчүн абдан катуу жазаланды. Башында аны жумуштан алышкан, ал эми 2004-жылы өлкөгө

чыккынчылык кылды деп жарыялап 22 жылга түрмөгө кесишти. 2004-жылы уруксатсыз курулуп, же иштеп жаткандыгы үчүн сегиз мечит сүрдүрүлүп ташталган. 2005-жылдын июнунда Түркмөн улуттук университиндеги ислам теологиясы деген факультет жабылган. Ал медреселердин баары жабылгандан кийин өлкөдөгү диний билим берүүнүн жалгыз борбору болчу[1].

Ислам факультетин жаптыруу Түркмөнстандын мусулмандары үчүн олуттуу сокку болду, анткени ал мечиттер үчүн имамдарды даярдаган жалгыз окуу жайы болчу. Бирок бул Түркмөнбашы үчүн бир ай мурун Өзбекстанда болуп өткөн Анжиян көтөрүлүшүндөй окуялардын болбошу үчүн гарантиясы эле.

Дин үстүнөн көзөмөлдү катуу күчөтүү саясатын колдогон Түркмөнбашы исламдын расмий түрдө уруксат берилбеген бардык көрүнүштөрүнө репрессиялык жазалоолорду колдонду. Бул маселеге карата ал мындай деген: «Биз динди таза бойдон калтырып, аны саясий максатта колдонбойбуз жана эч кимге өзүнүн жеке мүдөөлөрү үчүн динди пайдаланышына жол бербейбиз»[2].

Бирок исламдын негиздери медреселер менен университетте гана эмес, түрк мектептеринде дагы окутулуп келген. Түркмөнстанда иштеп жаткан түрк мектептеринин көбү белгилүү түрк теологу жана педагогу Фетхуллах Гюлендин «Себат» тармагы менен байланышта болчу. Ошондой эле түрк мектептеринин көпчүлүгү ислам гана эмес, пантюркизм философиясын үгүттөгөн түрк уюмдары тарабынан дагы каржыланып турган[3]. Алдын ала айтсак, кийинчерээк, 2011-жылы августта алардын көпчүлүгү дагы жабылгандыгын белгилей кетели. Ашхабадда бир гана Кемал Ататүрк Мустафа атындагы 57-мектеп калган. Ага жаңы окуучуларды алуу токтотулган, бирок мектепте жүргөндөргө окуусун бүтүрүүгө мүмкүнчүлүк берилди. Велаяттардагы түрк мектептери таптакыр жабылды. Мисалы, Түркмөнбаши шаарындагы жергиликтүү түркмен-түрк мектеби №5, Балканабаддагы – № 22, ал эми Туркменабаддагысы – № 42 орто мектеби болуп калды.

Исламдын көз карашы боюнча, Түркмөнбашы бир нече жолу акарат келтирген кадамдарды жасаган. Алсак, 26-март 2000-жылы

---

[1] *Халид А.* Ислам после коммунизма. С. 267.

[2] Ошондо эле. С. 265–266.

[3] В Туркменистане идет искоренение исламского образования. URL: http://www.centrasia.ru/news2.php?st=1123744800.

«Түркмөнстан» басмаканасынын складдарынан мамлекет башчысынын көрсөтмөсү боюнча Курандын эки томдук басылмасынын 40 миң нускасы алынып, өрттөлүүгө тийиш болгон.

Анткени бул китептин котормочусу, белгилүү түркмөн диний ишмери Ходжахмет Оразклычев (Ходжаахмет ахун) «Эркиндик» радиосунун түркмөн кызматына берген интервьюсунан кийин бийликтин ырайымсыздыгына кабылгандыгына байланыштуу өрттөө жөнүндө чечим кабыл алынды. 2000-жылы 10-январда С.Ниязов исламдык баалуулуктарды сыйлабастыгынын экинчи мисалын көрсөттү. Түркмөн тили маселелери боюнча кеңешмеде сүйлөп жатып, ал күтүлбөгөн жерден тексттери «канондук эмес» жана «анда көп карама-каршылыктар бар» деп түркмөн мусулмандарынан Хадистерди колдонуудан баш тартууну талап кылган. Ал эми мусулмандар үчүн Хадистер Курандан кийинки эле исламдын орчундуу принциптери жана идеяларын алып жүргөн диний-укуктук эрежелердин булагы болуп саналат.

Баарынан кызыгы, исламдын көз карашы боюнча акарат болуп саналган президенттин сөзүнө бир дагы түркмөн мусулмандарынын жетекчилери кайраттуулук менен каршы сөз айта алган жок. 2000-жылдын 5-апрелинде Ашхабаддын алдындагы Кыпчак айлында сүйлөп жатып, Ниязов «бардык жерде ачылган медреселер менен диний мектептер жабылышы керек, өлкө үчүн муфтият көзөмөлүндөгү бир гана медресе жетиштүү» деп жарыялаган. Ал эми катталган медреселердин бардыгы мурунку жылдарда эле жабылып калгандыгына байланыштуу президенттин сөзүн расмий эмес ислам менен күрөшкө чакыруу жана жеке менчик диний билим берүүлөргө тыюу салынса дагы, катталбаган диний мектептер иштеп жатканын моюнга алуу катары кабыл алышты. Ошондуктан кийинки жылы өлкөдөн чет өлкөлүк жарандыгы бар 300 дөн ашык ислам үгүтчүлөрү депортацияланып кетишти[1].

2006-жылы Түркмөнбашы каза болгондон кийин бийликтегилердин исламга карата мамилеси жумшарганы менен исламчыларды куугунтуктоосу токтомок түгүл кайра күчөгөн.

---

[1] *Пономарев В.* Туркменские власти и Ислам: начало противостояния? URL: http://www.memo.ru/hr/politpr/cntrasia/tu000410.htm.

Ошого карабай, исламдык бирикмелердин бир катышуучусунун айтуусуна караганда алар «күн сайын колдоо, күч жана тажрыйбага ээ болуп келе жатышат. Өкмөт жакында аларга карата өз позициясын караштырып чыгат, анткени алар биздей тажрыйбалуу уюм менен күрөшкөнгө күчү жетпейт». Атүгүл алар «исламчылар биригип, жалпы душманга каршы бириккен фронт түзүшкөн»[1].

Акыркы беш жылдыкта Түркмөнстанда пайда болгон экономикалык кризис гиперинфляцияны пайда кылды, калк абдан жакырланды, ачкачылык пайда болду, мунун баары коомду радикалдаштырууну күчөттү. Өлкөдөн чыгууга катуу көзөмөл болгондугуна карабастан Афганистан менен чектешкен жерден жүздөгөн түркмөн чыгып кетип, ИГИЛге (ислам мамлекетине) барып кошулушту[2].

2021-жылы 11-сентябрда АКШ Афганистандан аскерин чыгаргандан кийин радикалдык Талибан исламчылары жана бөлөк экстремисттик уюмдар өлкөнүн чек араларын көзөмөлдөй баштаишты. Алардын кирип келүүсү жеңил болгон өлкө Түркмөнстан болуп жатат. Анткени Тажикстандын коопсуздугун ЖККУ (ОДКБ), ШКУ (ШОС) жана Россия камсыз кылса, Өзбекстандын коопсуздугун – ШКУ (ШОС) менен Россия камсыздайт (бул эки өлкөнүн РФ менен союздук мамилеси жөнүндө келишимдери бар). Ал эми «түбөлүк нейтралитет» менен жамынып, изоляция саясатында турган Түркмөнстандын коопсуздугу азыр коркунучта турат.

***Жыйынтык.*** *Постсоветтик жылдары Түркмөнстанда ислам саясий процесстерге эмес, саясат исламга таасирин тийгизди. Түркмөнстанда бийлик исламчылардын бөлүнүп гана тим болбостон, расмий исламдын позицияларын бир топ эле начарлаткан. Бул Түркмөнбашынын бийлигин жана инсандыгын, анын китеби «Рухнаманы» ыйыкташтыруунун фонунда болду.*

*Ошол эле учурда бийликтегилердин акаарат келтирген иштери исламдык коомчулуктун же исламдык көмүскөдөгү подпольенин каршылыктарын туудурган жок. Буга калктын салттуу түрдө*

[1] Скрытые исламисты Туркменистана: перспективы Ислама и Исламизма в Туркменистане. URL: http://www.neweurasia.net/ru/politics-and-society/skryityie-islamistyi-turkmenistana-chast-3-perspektivyi-islama-iislamizma-v-turkmenistane/.

[2] В Туркменистан пришли кризис и ИГИЛ: кто спасет Бердымухамедова? URL: https://tsargrad.tv/articles/v-turkmenistan-prishli-krizis-i-igil-kto-spaset-berdymuhamedova_208738.

*көбүрөөк конформизми, бийлик тарабынан катуу жазалоо чаралары жана өлкөнүн аймактардагы башка мамлекеттерге салыштырмалуу бир топ жабыктыгы себеп болгон.*

*Кийинки жылдарда бул курс жумшарганы менен жалпысынан кала берди. Бирок, ички социалдык-экономикалык кризис жана Афганистандан келген исламчылардын тышкы коркунучу исламдын Түркмөнстандын саясатына тийгизген таасирин кескин жогорулатат.*

**Параграфтын суроолору:**

1. Түркмөнстандын саясий системасынын өзгөчөлүктөрү жана исламдын республикадагы позицияларына тийгизген таасири кандай?
2. Түркмөнбашы менен «Рухнаманы» ыйыктоо аракеттери кандай болгон?
3. Түркмөнстанда ислам боюнча билимдин абалы кандай?
4. Исламдын республикадагы саясатка тийгизген таасирин күчөтүүгө кандай факторлор өбөлгө түзөт?

## 3-бөлүм боюнча жыйынтыктар

*Постсоветтик доор жөнүндө жыйынтыктап жатып, төмөнкүлөрдү айтсак болот. Борбордук Азиялык мамлекеттердин 30 жылдык эгемен жашоосунда региондо исламдын саясий процесстерге болгон мамилеси акырындап өсүп жатат.*

*Бир жагынан инициаторлор болуп исламдын жардамы менен жаңы улуттук жана мамлекеттик өзгөчөлүктү бекемдеп алууга умтулган саясий элиталар чыгышкан. Алар бул үчүн улуттук диний башкармалыктар менен муфтияттарды түзүшкөн, мечит менен медреселерди калыбына келтирип, жаңыларын курушкан, дин кызматчыларды колдошкон. Экинчи жагынан, оппозиция бардык мамлекеттерде радикал исламчылыктын формаларын кабыл алышкан. Экстремисттик уюмдар түзүлүп, акырындап бекемделишкен.*

*Алар Тажикстандагы жарандык согушка катышышкан, Кыргызстан менен Өзбекстанга кирип келишкен, Кыргызстандагы мамлекеттик төңкөрүштөргө катышышкан, региондордогу бардык теракттарды уюштурушкан. Азыркы учурда алар менен күрөш Борбордук Азиядагы региондук коопсуздукту камсыз кылуу ишинде эң маанилүү милдеттер болуп саналат.*

# КОРУТУНДУ

Биз он үч кылымдан ашуун Борбордук Азиянын саясатына исламдын тийгизген таасирин карап чыктык. Мына ушул учурда бул аймак жана анын айрым бөлүктөрү ар кыл мамлекеттердин – араб халифаты, Персия, Чагатай мамлекети, Россия империясы, Советтер Союзунун ж.б. курамында болду. Бирок ислам аймакта VII кылымдын аягында пайда болуп, VIII кылымда бекем орноп, тарыхый сценадан түшкөн жок.

XVIII кылымда анын ареалы кеңейип, жашоонун бардык чөлкөмүнө тийгизген таасири XX кылымга чейин өстү. Совет жылдарында исламдын таасири чектелген эле, бирок совет доорунан кийин ислам өз позициясын калыбына келтирип гана тим болбостон, бир топ эле күчөтө алды. Аймакта пайда болгон биринчи жылдары эле исламдын саясатка тийгизген таасири билине баштаган. Алгач бул арабдардын баскынчылык жортуулдарындагы исламдык ураандардан жана аларга каршы көтөрүлгөн элдердин исламга каршы ураандарынан көрүнгөн. Бирок байыркы жана өзгөчө маданияты бар аймак арабдык келгиндерди өзүнө сиңирип, алар жергиликтүү элдердин бир бөлүгү болуп калышты. Ислам Борбордук Азиянын маданиятына гана эмес, анда жашаган калктардын турмуштук салттарына дагы табигый түрдө айкалышып кирип кетти.

IX–X кылымдарда араб халифатынан өз алдынчалыкка бөлүнүп чыккан Саманиддердин бийлиги учурунда ислам аймактан жоголуп кетпестен, бир кыйла бекемделип алган. Анын саясий таасири бул доордо акырындап өсүп, көп тараптуу болуп, өкүмдарлардын түздөн-түз саясатына гана эмес, коомдук аң-сезимге, менталитетке билим, илим, адабият жана искусство аркылуу таасир бере баштады.

Андан тышкары бул учурда Борбордук Азиянын көчмөн түрктөрү жашаган талааларында дагы исламдын таасиринин эң биринчи үлгүлөрү табылган. Ушуну менен ислам Борбордук Азия аркылуу Байыркы Орус мамлекети жана Волгалык Булгария өңдүү ж.б. өлкөлөр менен аймактардын саясатына дагы таасир бере баштаган.

XI–XII кылымдарда Караханиддер жана Хорезмшахтар башкарган доордо Борбордук Азияда түрк элементтери менен кошо ислам факторунун ролу дагы саясатта күчөйт. Ошол кезде мусулман диниятчылары өтө эле таасирлүү күчкө айланган. Бардык баскынчылар жана бийликке умтулгандар муну эсепке алып, анын колдоосуна ээ болууга аракеттенишет. Атүгүл Сельжуктарга вассал кезиндеги Караханид мамлекетинде ислам аалымдары уюштурган бийлик алмашуу болуп өткөн.

Мына ушул учурдан баштап, исламды карманбаган элдерге каршы согуш, каапырларга каршы газават катары исламдык ураандар менен жүргөн. Муну Хорезмшахтардын каракытайлар менен болгон уруштарынан байкасак болот. Хорезм акырындап мусулман маданиятынын ири борбору болуп калган жана саясат менен исламдын ажырагыс биримдигин көрсөткөн.

Борбордук Азияда монголдордун үстөмдүгү мезгилинде исламдык идеялар жана ураандар саясий, социалдык жана улуттук-боштондукка чыгаруучу күрөштөрдө жигердүү түрдө колдонулган. Аймактагы эки монголдук мамлекетте – түштүктөгү Чагатай улусунда жана түндүктөгү Алтын Ордодо (Жуучунун улусунда) ислам мамлекеттик дин деп жарыялангандан кийин саясатка өтө эле активдүү таасирин бере баштады. Так ушул монгол ээлигинин тушунда бүт региондун акыркы жана айныгыс исламдашуусу болуп өттү. Алтын ордолук хандын саясаты менен Борбордук Азиянын түндүк, талаа аймактарына ислам киргизилген. Ошону менен бирге монголдук бийликтин доорунда расмий диниятчылардын саясий позициялары алсырап, анын ордуна өзгөчө Накшбандия жана Кубравия өңдүү тарикаттар сыяктуу ар кыл суфийлик ордендер гүлдөп өскөн.

XIV–XV кылымдарда Тимур (Темирлан) жана Тимуриддер тушунда саясатта исламдын ролу ого бетер күчөгөн. Бир жагынан акимдер жана Темирлан өзү саясий күрөшүндө жана баскынчылык жортуулдарында исламдык идеяларды, лозунгдарды жана жүйөлөрдү жигердүү түрдө колдонгон. Экинчи жагынан, бул кезде расмий жана суфий дин кызматчылар саясий процесстерге улам активдүү кирише башташкан. Кожо Ахрардын ишмердүүлүгүнүн мисалында исламдык фактор согуштардын башталышына гана эмес, аякталышына дагы таасир бергенин көрөбүз.

XVI–XVII кылымдарда ислам Борбордук Азиянын бардык территориясына таралган. Бирок анын саясатка болгон таасири бирдей болгон эмес, түндүктөн түштүккө карай күчөп отурган.

Эң орчундуу исламдык борборлор – Мавераннахрдын шаарлары, өзгөчө Самарканд менен Бухара болгон. Бухара жана Хива хандыктары жаралгандан кийин саясатта исламдык фактор бир топ өскөн. Аймактын бардык мамлекеттериндеги диниятчылар саясий процесстерге активдүү катышышкан, бирок бул шаарларда алардын таасири өтө эле жигердүү жана натыйжалуу болгон. Ошол эле учурда Борбордук Азиянын чыгыш аймактарында биз шейхтердин колунда светтик бийликтин топтолуш мисалдарын байкайбыз жана мусулман рухий башчыларынын ортосундагы согуштарды көрөбүз.

XVIII кылымда Борбордук Азиянын түштүк бөлүгүнүн аймактарында исламдын, дин кызматчыларынын жана суфий жамааттарынын башчыларынын саясий таасири бир кыйла өскөн. Бул доордо адат болуп калган мамлекеттердин тиби менен кошо Фергана менен Ташкентте кожолор башкарган теократиялык суфий мамлекеттери пайда болгон. Андан тышкары Бухаралык эмиратта суфизмдин ролу олуттуу түрдө күчөгөн, мисалы биринчи бухаралык эмир Шах-Мурад өзү анык суфий болгон. Бул көрүнүш исламдын саясатка болгон таасири канчалык зор болгонун көрсөтүп турат.

Ошол кезде исламдык фактор жергиликтүү саясатка гана эмес, Россиялык империянын региондогу саясатынын шилтеген биринчи кадамдарына дагы таасирин тийгизген. Орусия казак талааларын толук исламдаштыруу үчүн бир кыйла күч жумшаган жана аларды татар диниятчылары тарабынан толугу менен мусулмандаштырган.

XIX кылымдын биринчи жарымында Борбордук Азиянын үч ири мамлекети болгон Бухаралык эмират, Кокон жана Хива хандыгынын саясатында исламдык фактор эң маанилүү роль ойногон. Аларда акырындап диний катмар менен саясий аппараттын ортосундагы чек жоюла баштаган.

Ошол эле учурда региондогу эң башкы ислам борбору болууга атаандаштык аларды дайыма саясий жана аскердик кагылышууларга түрткөн. Муну менен кошо саясаттагы ислам фактору Борбордук Азиядагы «Чоң оюндун» эки негизги катышуучусу – Британдык жана Россиялык империялар тарабынан эсепке алынган. Жергиликтүү акимдер менен саясий элитаны өздөрү тарабына тартуу үчүн алардын ар бири

исламга болгон сый мамилесин көрсөтүүгө умтулган. Мамиле куруу үчүн Россия көбүнчө өзүнүн мусулман жарандары, негизинен татарлар менен казактарга таянса, британиялыктар Борбордук Азияга индиялык мусулмандарды жиберишкен.

Бухара менен Хива хандыктары өздөрүнүн саясий мамлекеттик даражасын протекторат астында сактап калышканы менен XIX кылымда Борбордук Азия Россия империясынын бир бөлүгү болуп калган. Бирок орус өкмөтү мажбурлап христианчылыкка киргизген эмес, тескерисинче жергиликтүү калктын эркин диний ишенимге укугу бар экендигин баса көрсөтүп колдоп турушкан. Экинчи жагынан, расмий ислам диниятчылары негизинен орус бийлигин тааныды жана атүгүл аны менен жигердүү кызматташууга барышты. Алардан айырмаланып, суфийлик эшендердин бир бөлүгү ошол кезде жаңы тартипке исламдык ураандар астында каршы чыгып жатышкан.

XX кылымдын башында жадидизм Борбордук Азиянын саясий процесстеринде исламдык фактордун жаңы көрүнүшү боло калды. Билим берүү системасын реформалоону талап кылуудан баштаган жадиддер бара-бара саясий талаптарга өтүштү жана кийинчерээк саясий уюмдарды уюштурганга чейин барышты. Бирок алар баары бир исламды башкы орунга коюп, өздөрүнүн саясий көз караштарын диний жүйөлөр менен негиздешкен.

Февраль жана өзгөчө Октябрь революциясынан кийин Борбордук Азияда саясатка карата ислам факторунун таасири бир кыйла күчөдү. 1917-жылдан 1926-жылга чейин ал бир жагынан исламдык ураандар астындагы басмачылык кыймыл жана алар менен совет бийлигинин күрөшүнөн көрүнсө, экинчи жагынан, большевиктердин аймактагы саясатынын оңдолушунан байкалган. Борбордук Азияда диний куугунтуктоолор Россиянын ички региондоруна караганда бир кыйла азыраак болгон. Бирок кийинки согушка чейинки жылдары исламга каршы компания жүрдү дагы, ал өзүнүн саясатка болгон таасирин толугу менен жоготуп алды десек болот. Ислам тиричиликке байланыштуу диний салттар катары эле сакталып, ал жагынан жаңы турмуштук реалийлерге ыңгайлашып, алар менен катар жашап, коомдогу мамилелерди жөнгө салуунун маанилүү фактору бойдон кала берди.

Улуу Ата мекендик согуштан кайра курууга чейин Борбордук Азиянын республикаларынын жашоосуна жана аймактагы саясий процесстерге исламдын таасири акырындап калыбына келтириле

баштаган. Бирок бул жылдары саясатка таасир негизинен СССРдин сырткы саясий иш чараларына катышкан САДУМдун ислам жетекчилигинин деңгээлинде гана болуп калган. Андан тышкары Борбордук Азия ошол кезде өлкөдөгү медресе жана ислам институттарынын деңгээлинде мусулмандык билим ала турган жалгыз аймак болчу.

Кайра куруу жылдары Борбордук Азиянын беш республикасынын ар биринде ислам институттары калыбына келтириле баштады. Расмий дин кызматкерлер ички саясий процесстерге көбүрөөк катышышты. Бирок регионго радикал исламчылар дагы келип, Фергана өрөөнүндө ушундай биринчи уюмдар пайда болду. Ошентип, исламдын саясатташуу процессине сырткы күчтөр таасир этти.

Көз карандысыздык алгандан кийин Борбордук Азиянын улуттук төбөлдөрү исламды өздөрүнүн жаңы өзгөчөлүктөрүн жана саясий системасын бекемдөө үчүн курал катары колдонушкан. Ошол эле учурда аймактын бардык жерине радикалдуу исламчылардын уюмдары таралып, бекемделип, көп учурда экстремисттик иш-аракеттерди жасап жатышты. Бүт регионду кучагына алып, бутактанып кеткен күчтүү уюм Хизб ут-Тахрир болду.

Ал өзүнүн саясий эволюциясында кичинекей кружоктордогу үгүттөөлөрдөн Кыргызстан менен Өзбекстандагы өкмөткө каршы көтөрүлүштөргө катышууга, «Ислам мамлекетинин» катарына адамдарды жалдоого чейин өсүп жетти.

Өзбекстанда эгемендиктин биринчи күндөрүнөн баштап эле ислам бийлик тарабынан улуттук мамлекеттүүлүктү бекемдөө үчүн колдонулган. Исламчылар аны өкмөткө каршы козголоңдорго курал кылганга аракеттенишкен. Өзгөчө Өзбекстандын Ислам кыймылы аттуу партиясы муну активдүү пайдаланып, терракттарды эле жасабастан, республикага Тажикстан аркылуу эки жолу чабуул жасаган. Анын үстүнө исламчылар менен күрөш Өзбекстандын сырткы саясатына дагы бир топ таасирин тийгизип, аны зигзаг формасына келтирген.

Тажикстанда исламчылар Тажикстан Ислам кайра жаралуу Партиясынын базасында күчтүү куралдуу отряддарды түзүп, өкмөткө каршы беш жыл жарандык согушту жүргүзүп турушту. Согуштан кийин ТИКП 2015-жылы жабылганга чейин региондогу ислам уюмдарынын ичинен жалгыз гана легалдуу статуска жана парламентте өкүлчүлүккө ээ болду. Республикадагы расмий диниятчылар өзүнүн Мусулмандар Дин

Башкармалыгын түзө алышкан жок, бирок анын ролун жарым-жартылай Тажикстандын Ислам борбору аткарып турат.

Кыргызстанда радикалдуу исламчылар өздөрүн баарынан эркин сезишкен, анткени алгачкы он беш жыл бою өлкөдө бардык коомдук уюмдардын ишине уруксат берилген болчу. Тарыхый жактан анча динчил болбогон жергиликтүү элди массалык түрдө исламдаштыруу кезинде жана сырткы күчтөрдүн таасири менен өлкөдө күчтүү исламдык оппозиция пайда болду. Ал бардык президентке каршы чыккан көтөрүлүштөрдө катышты жана расмий дин кызматкерлерине катуу басым көрсөттү. Акыркы жылдары исламчылардын бир бөлүгү экстремисттик көмүскө топтордун күчтөрү аркылуу терактталарга өтүп кетишти.

Казакстан исламдын саясатташуусуна баарынан аз дуушар болгон. Туруктуу экономика, жумушсуздуктун төмөндүгү, орус калкынын көптүгү, Орусия менен жалпы чек ара аны Борбордук Азиядагы эң стабилдүү мамлекет кылган. Бир топ эле убакыт бою анда экстремисттик маанайлар жана уюмдар жок болчу, бирок акырындап исламчылар казак жергесине да келип, конуш алып, бекемделип алышкан. Экстремисттик көмүскө топтор жасаган теракттар исламдык фактор Казакстандын саясий процесстерине улам катуу киришип жатканын көрсөтөт.

Түркмөнстанда постсоветтик жылдарда исламдын өнүгүшүнө саясий фактордун тийгизген таасири жөнүндө сөз кылсак туура болмок. Анткени ислам саясий процесстерге таасир бербей, тескерисинче болду. Түркмөнстанда бийлик Түркмөнбашы менен Рухнаманы ыйыкташтырды, бул исламчыларды гана эмес, расмий исламдын позицияларын дагы алсыратты. Бирок Түркмөнбашынын өлүмүнөн кийин саясий ислам акырындап жоготкон ордун ээлеп келе жатат.

Ошентип, Борбордук Азия исламдан ажырагыс, ал эми азыркы ислам – саясаттан ажырабайт. Исламдык картаны азыр ар кыл күчтөр: региондогу өлкөлөрдүн улуттук өкмөттөрүнөн тартып «системалык эмес» диниятчыларга чейин, ири дүйнөлүк державалардан эл аралык террористтик уюмдарга чейин ойногусу келүүдө. Россия бул аймактагы өзүнүн саясатында сөзсүз түрдө, ислам факторун эске алуусу тийиш. Мамлекеттерге радикалдык исламчылар менен күрөшкөнгө жардам берип, ошол эле учурда Борбордук Азиянын элдери менен маданий жана диний байланыштарды күчөтүү керек. Мындай саясат албетте, бул өтө маанилүү аймакта коопсуздукка жана стабилдүүлүккө салым кошот.

## СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР


1.*Абазов Р.Ф.* Исламское возрождение в центральноазиатских новых независимых государствах / Р.Ф. Абазов // Полис. – 1995. – № 5. – С. 61–67.

2.*Абусеитова М.Х.* История Казахстана и Центральной Азии / М.Х. Абусеитова, Ж.Б. Абылхожин, С.Г. Кляшторный и др. – Алматы: Дайк-Пресс, 2001. – 616 с.

3.*Бартольд В.В.* Тюрки. Двенадцать лекций по истории турецких народов Средней Азии / В.В. Бартольд. – Алматы: Жалын, 1993. – 192 с.

4.*Бартольд. В.В.* Работы по истории ислама и Арабского халифата / В.В. Бартольд. – М.: Восточная литература; РАН, 2002. – 784 с.

5.*Бахрушин С.В.* История народов Узбекистана / С.В. Бахрушин. – Ташкент: Изд-во АН Узбекской ССР, 1947. – 489 с.

6.*Безертинов Р.Н.* Татары, тюрки – потрясатели вселенной (история великих империй) / Р.Н. Безертинов. – Новосибирск: ЦЭРИС, 2001. – 733 с.

7.*Белоглазов А.В.* Политика России в мусульманских регионах СНГ в начале XXI века (на примере Центральной Азии) / А.В. Белоглазов. – Казань: Изд-во Казанского ун-та, 2018. – 384 с.

8.*Загидуллин И.* Исламские институты в Российской империи. Мечети в европейской части России и Сибири / И. Загидуллин. – Казань: Татарское книжное изд-во, 2007. – 416 с.

9.*Иванов П.П.* Очерки по истории Средней Азии (XVI – середина XIX века) / П.П. Иванов. – М.: Изд-во Восточной литературы, 1958. – 249 с.

10. *Имангалиев Р.Н.* Найти свою «игру»! Становление внешней политики республик Центральной Азии на современном этапе / Р.Н. Имангалиев. – Казань: Татарское книжное издательство, 2009. – 239 с.

11. Ислам в СССР: особенности процесса секуляризации в республиках советского Востока / отв. ред. Э.Г. Филимонов. – М.: Мысль, 1983. – 173 с.

12. Ислам и политика (взаимодействие ислама и политики в странах Ближнего и Среднего Востока, на Кавказе и в Центральной Азии). – М.: Институт востоковедения РАН; Крафт+, 2001. – 420 с.

13. Ислам на современном Востоке: регион стран Ближнего и Среднего Востока, Южной и Центральной Азии: сб. ст. / Ин-т востоковедения Рос. акад. наук / отв. ред.: В.Я. Белокреницкий, А.З. Егорин. – М.: Крафт+, 2004. – 439 с.

14. Исламизация и сакральные родословные в Центральной Азии / Ин-т востоковедения им. Р.Б. Сулейманова М-ва образования и науки Респ. Казахстан и др. – Алматы: Дайк-Пресс, 2008. – 220 с.

15. Исламский фактор в истории и современности / отв. ред. В.Я. Белокреницкий, И.В. Зайцев, Н.Ю. Ульченко. – М.: Восточная литература, 2011. – 605 с.

16. История народов восточной и Центральной Азии с древнейших времен до наших дней. – М.: Наука, Главная редакция восточной литературы, 1986. – 584 с.

17. *Кан Г.* История Казахстана / Г. Кан. – Алматы: Аркаим, 2002.

18. *Лунев С.И.* Независимые республики Центральной Азии и Россия / С.И. Лунев. – М.: Институт востоковедения РАН, 2001. – 96 с.

19. Международные отношения в Центральной Азии. События и документы / А.Д. Богатуров, А.С. Дундич, В.Г. Коргун и др.; отв. ред. А.Д. Богатуров. – М.: Аспект-пресс, 2011. – 549 с.

20. Мусульманский мир. Средние века. Новое время. Очерки исламской истории и культуры. – Казань: Б.и., 1996.

21. *Наливкин В.* Краткая история Кокандского ханства / В. Наливкин. – Казань: Типография императорского университета, 1886. – 216 с.

22. Россия - Средняя Азия: Политика и ислам в конце XVIII - начале XXI века / [Ф. М. Мухаметшин и др.]; Фак. мировой политики МГУ им. М. В. Ломоносова. – М.: Изд-во Московского ун-та, 2013. – 475 с.

23. *Халид А.* Ислам после коммунизма. Религия и политика в Центральной Азии / А. Халид. – М.: Новое литературное обозрение, 2010. – 304 с.

24. *Халфин Н.А.* Политика России в Средней Азии (1857–1868) / Н.А. Халфин. – М.: Издательство восточной литературы, 1960. – 272 с.

25. Центральная Азия в системе международных отношений: сборник научных статей / отв. ред. В.А. Заир-Бек. – М.: Ин-т востоковедения РАН, 2004. – 343 с.

26. Центральная Азия. Геополитика и экономика региона / Ин-т стратегических оценок и анализа; под общ. ред. В.А. Гусейнова. –М.: Красная звезда, 2010. – 290 с.

27. *Hopkirk P.* The Great Game on Secret Service in High Asia / P. Hopkirk. – L.: John Murray, 1997. – 656 p.

28. *Landau J.M.* Politics of Language in the ex-Soviet Muslim States. Azerbaijan, Uzbekistan, Kazakhstan, Kyrgyzstan, Turkmenistan and Tajikistan / J.M. Landau, B. Kellner-Heinkele. – London: Horst and Company, 2001. – 370 p.

29. *Naumkin V.V.* Radical Islam in Central Asia: Between Pen and Rifle / V.V. Naumkin. – Lanham: Rowman & Littlefield Publishers, 2005. – 285 p.

30. *Olkott M.B.* Central Asia's Second Chance / M.B. Olkott. – Washington: D.C., 2005. – 488 p.

## ТОПОНИМДЕР ЖАНА ГИДРОНИМДЕР СӨЗДҮГҮ

Агра – азыркы мезгилде Индиянын түндүгүндөгү Уттар-Прадеш штатындагы шаар. 1528–1658-жылдары Улуу Могол империясынын ордосу болгон. Ямуна дарыясынын жээгинде жайгашкан.

Алма-Ата (Алматы) – Казакстандын эң ири шаары, «Түштүк борбор» деп аталган, 1921-жылга чейинки аталышы – Верный.

Алмалык – Азыркы Өзбекстандын Ташкент областындагы шаар.

Амударыя – Борбордук Азиядагы эң ири дарыя. Пянж жана Вахш дарыяларынын кошулушунан пайда болуп, Арал деңизине куюлат.

Анжиян – Азыр Өзбекстандагы шаар, Анжиян облусунун административдик борбору. Фергана өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө Ташкенттен 260 км түштүк-чыгышта, Кыргызстандагы Оштон 40 км түндүк-батышта жайгашкан.

Аннау (Анау) – Азыр Түркмөнстандын Ахал велаятындагы шаар. Ал Ак-Бугдай этрапынын борбору жана Ахал велаятынын борбору. Ашхабад шаарынын чет жакасында, андан 8 км алыстыкта жайгашкан.

Ардебиль – Ирандын түндүк-батышындагы, Иран Азербайжанындагы, Аракска куюлган Карасу дарыясындагы деңиз деңгээлинен 1800 метр бийиктиктеги байыркы шаар. Ардебиль провинциясынын административдик борбору.

Атырау – 1991-жылга чейин Гурьев деп аталган шаар, Казакстан Республикасынын Атырау облусунун борбору. Урал дарыясынын жээгинде, Казакстандын европалык (батыш) бөлүгүндө жайгашкан.

Ашхабад – Түркмөнстандын борбору. Өзүнчө административдик бирдик болуп саналат, облустук укугу бар шаар.

Бадахшан – Түштүк-Чыгыш Тажикстанда жана Афганистандын түндүк-чыгышында жайгашкан Памирдин тарыхый аймагы. 1895-жылы Россия менен Британ империясынын ортосундагы келишим боюнча Бадахшан эки бөлүккө бөлүнгөн.

Баласагын – азыркы Кыргызстандын аймагындагы Токмок шаарына жакын жайгашкан орто кылымдагы шаар. Караханид мамлекети түзүлгөндөн тартып,

каракытайдын басып алуусуна чейин, Күз Ордо деп аталган, Баласагын Караханиддердин борбору же үч чоң калаасынын бири болгон.

Балканабад – Түркмөнстандагы шаар, Балкан областынын административдик борбору.

Балх – тарыхый Бактриянын борбору. Азыр Афганистандын түндүгүндөгү шаар.

Балхаш – Казакстандын Караганды облусунун борбор шаары.

Баткен – Кыргызстандагы шаар, Баткен облусунун жана райондун административдик борбору.

Библ – библиялык Гебал (Губл) шаары, Жер Ортолук деңизинин жээгинде, Ливандын азыркы борбору Бейруттан 32 км алыстыкта жайгашкан байыркы финикиялык шаар. Учурда байыркы Библдин ордунда арабдын Жебейл шаары жайгашкан.

Бухара – Борбордук Азиянын байыркы шаарларынын бири, Өзбекстан Республикасынын Бухара областынын борбору.

Вабкент – Өзбекстандын Бухара областындагы шаар, ушул эле аталыштагы райондун борбору.

Геок-тепе (Көк дөбө) – Түркмөнстандагы шаар. Копетдагдын этектериндеги Ахал-Текин оазисинде жайгашкан.

Герат – Афганистандын түндүк-батышындагы Геруруд дарыясынын өрөөнүндөгү шаар. Герат провинциясынын ордо калаасы. Байыркы убакта – Улуу Жибек жолундагы Кербен соодасынын маанилүү борбору болгон.

Гиждуван – азыр Өзбекстандын Бухара областындагы шаар жана ушул эле аталыштагы райондун борбору. Ал биринчи жолу X кылымдагы тарыхый маалыматтарда эскерилген.

Гилан, байыркы убактагы Дайлам – азыр Ирандын 31 провинциясынын бири. Каспий деңизинин түштүк-батыш жээгинде, Мазендеран аймагынын батышында, Ардебиль аймагынын чыгышында, Зенжан жана Казвин аймактарынын түндүгүндө жайгашкан. Түндүгүнөн Азербайжан Республикасы менен чектешет.

Гиндукуш – азыркы Афганистандын жана жарым-жартылай Пакистандын аймагындагы тоо системасы.

Гиссар-Алай – Борбордук Азиядагы тоо системасы, Памир-Алайдын ажырагыс бөлүгү.

Горган же Журжан – азыр Ирандын шаары, Гүлистан провинциясынын борбору. Горган өлкөнүн түндүгүндө, Каспий деңизинин жээгинде, Тегерандан 400 чакырымдай алыстыкта жайгашкан.

Дарвазу – тарыхый аймак, ал азыркы учурда эки бөлүккө бөлүнгөн: оң жээк жагы Дарваз Тажикстанга, сол жээк жагы Афганистанга карайт.

Дели – азыр Индиянын экинчи ири шаары, союздук аймак статусуна ээ (Индиянын мамлекеттик борбору). Индиянын түндүгүндө Ямуна дарыясынын жээгинде жайгашкан.

Жалал-Абад – Кыргызстандагы шаар, Жалал-Абад областынын административдик борбору.

Жаркурган – азыр Өзбекстандын Жаркурган районундагы шаар (1973-жылдан бери).

Жезказган – Казакстандын борбордук бөлүгүндөгү шаар. 1997-жылдын май айына чейин мурунку Жезказган облустук борбору болгон, азыр Караганды облусуна карайт.

Жетисуу – түндүгүндө Балхаш, түндүк-чыгышында Сасыкөл жана Алакөл көлдөрүнүн, түштүк-чыгышында Жунгар Алатаусынын, түштүгүндө Түндүк Тянь-Шань тоо кыркаларынын ортосунда жайгашкан тарыхый аймак.

Жиззах – азыркы Жизак, Өзбекстандагы шаар, Жизак облусунун административдик борбору. Нурото тоосунун түндүк этегинде Санзар дарыясынын боюнда, Ач талаанын түштүк бөлүгүндө, Ташкенттен 180 км түштүк-батышты карай, Самарканддан 90 км түндүк-чыгышта жайгашкан.

Жунгар хандыгы – XVII-XVIII кылымдарда болгон ойрот мамлекети. Балхаш көлүнүн, Тянь-Шань тоолору менен Иртыштын жогорку агымынын ортосундагы жер тилкесинде жайгашкан.

Жучу улусу, Улус Жучу, Алтын Ордо – Евразиядагы орто кылымдагы мамлекет. 1224–1266-жылдары Монгол империясынын курамында болгон. 1266-жылы Хан Менгу-Тимурдун тушунда императордук борбордон формалдуу көз карандылыгын сактап, толук эгемендүүлүккө ээ болгон. XV кылымдын орто ченинде бир нече өз алдынча хандыктарга ажыраган.

Зеравшан – дарыя, Амударыянын байыркы куймасы. Тажикстан жана Өзбекстан аркылуу агып өтүп, Самарканд жайгашкан уникалдуу оазисти түзөт.

Иле – Кытайдагы (Синьцзян-Уйгур автономиялуу районундагы Или-Казак автономиялык округу) жана Казакстандын Алматы облусундагы дарыя.

Иргиз – Казакстандын Актөбө жана Костанай областтарындагы дарыя, Торгайдын оң куймасы.

Исфиджаб – кийин Сайрам деп аталган чеп. Азыр Казакстандын Түштүк Казакстан облусунун Сайрам районундагы айыл. Сайрам-Су дарыясынын боюнда, Шымкент шаарынан 10 км чыгыш тарапта.

Караганда – Казакстандагы шаар, Караганда областынын борбору. Ири өнөр жай, илимий жана маданий борбор.

Каракол – Кыргызстандагы шаар, Ысык-Көл областынын административдик борбору. 1889–1922 жана 1939–1992-жылдарда Пржевальск деп аталган.

Кара-Суу – Кыргызстандагы шаар, Ош областынын Кара-Суу районунун административдик борбору.

Каратегин – Тажикстандагы тарыхый аймак, дарыянын орто жээгиндеги тоолордо жайгашкан. Вахш (Сурхоб), Амударыянын оң куймасы.

Карши – Өзбекстандагы шаар, Кашкадарыя областынын административдик борбору.

Кашкадарыя – Өзбекстандагы дарыя.

Кеш – азыркы Өзбекстандын Кашкадарыя областындагы Шахрисабз шаары.

Кобадиан – азыркы Кубадиян, шаар тибиндеги поселок, Тажикстан Республикасынын Хатлон областынын Кубадиян районунун административдик борбору.

Кокон – Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш бөлүгүндөгү шаар. 1709-жылдан ушул эле аталыштагы хандыктын борбору. 1876-жылдан Россия империясынын Фергана облусунун, андан кийин Өзбек ССРинин курамына кирген. Азыр Өзбекстандын Фергана облусунун бир бөлүгү.

Кульсары – Казакстандагы шаар, Атырау облусунун Жылыой районунун борбору.

Куляб – азыр Тажикстандын Хатлон облусундагы калаа, өлкөнүн эң байыркы шаарларынын бири. Яхсу дарыясынын өрөөнүндө (Пянж бассейни) Хазратишох кырка тоосунун этегинде, Душанбе шаарынан 203 км түштүк-чыгышта жайгашкан.

Кунград – Өзбекстандын түндүк-батышындагы Каракалпакстан автономиялык республикасындагы шаар. Ал Амударыя дельтасында, шаардан 8 км батыш тарапта, Устюрт платосу башталат.

Кундуз – азыр Афганистандын түндүгүндөгү шаар жана ошол эле провинциянын административдик борбору.

Курдистан – азыр Ирандын провинциясы. Ирандын батышында жайгашкан. Батышта Ирак, түндүгүндө Батыш Азербайжан облусу, түндүк-батышта Зенжан провинциясы жана түштүктө Керманшах провинциясы менен чектешет.

Кызылкум – Өзбекстан, Казакстан жана жарым-жартылай Түркмөнстандагы Амударыя менен Сырдарыянын ортосундагы кумдуу чөл, түндүк-батышында Арал деңизи, түндүк-чыгышында Сырдарыя, чыгышында Тянь-Шань жана Памир-Алайдын этектери, түштүк-батышта Амударыянын бою менен чектелген.

Кэмп-Бондстил – Косоводогу KFOR эл аралык миссиясынын алкагында америкалык контингенттин негизги аскердик базасы.

Лахор – азыр Пакистандын экинчи чоң шаары, Пенджаб провинциясынын борбору. Рави дарыясынын боюнда, Индия менен чек арадан бир нече чакырым алыстыкта жайгашкан.

Мавераннахр – Амударыя менен Сырдарыянын ортосундагы Борбордук Азиядагы тарыхый аймак. Өзбекстандын көпчүлүк бөлүгү, Тажикстан менен Кыргызстандын батыштары, Түркмөнстандын чыгышы жана Казакстандын түштүк аймактары азыркы Мавераннахрдын аймагында жайгашкан.

Мазендеран – Персиядагы тарыхый аймак, азыр Ирандын 31 провинциясынын бири, өлкөнүн түндүгүндө жайгашкан. Ал батышта Гилян жана Казвиндин калган аймактары, түштүгүндө Тегеран жана Семнан шаарлары менен, чыгышта Гүлистан провинциясы менен чектешет. Түндүктөн Каспий деңизи менен жуулат.

Маргалаң – азыркы Маргилан, Өзбекстандын Фергана облусундагы шаар. Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгышында, Алай кырка тоосунун этектеринде, Ферганадан 9 км түндүк-батышта жайгашкан.

Мерв – Түркмөнстандын түштүк-чыгыш бөлүгүндө Мургаб дарыясынын жээгинде, азыркы Мары шаарынан 30 км чыгыш тарапта жайгашкан Борбордук Азиядагы эң байыркы шаар.

Мешхед – азыр Ирандын түндүк-чыгышындагы шаар, Хорасан-Резави провинциясынын административдик борбору.

Могулистан – XIV кылымдын ортосунда түзүлгөн мамлекет. Чагатай улусунун кулашынын натыйжасында Түштүк-Чыгыш Казакстандын жана Кыргызстандын аймагында түзүлгөн.

Мургаб оазиси – Тажикстан Республикасынын Тоолуу-Бадахшан автономиялуу облусунун азыркы Мургаб районунун аймагындагы тарыхый аймак.

Наманган – азыр Өзбекстандын Наманган облусунун административдик борбору, Ташкенттен кийинки экинчи чоң шаары. Фергана өрөөнүнүн түндүк бөлүгүндө, Ташкенттен 200 км түштүк-чыгышта жайгашкан.

Нарын – Кыргызстандагы шаар, Нарын облусунун жана районунун административдик борбору.

Нишапур – азыр Ирандын шаары, Ирандын түндүк-чыгышындагы Хорасан-Резави провинциясынын экинчи чоң калаасы. Өлкөнүн түндүк-чыгышында, Тегерандан 670 км чыгыш тарапта жайгашкан

Отрар – моңгол баскынчылыгына чейин Орто Азиядагы ири шаарлардын бири, азыркы Түштүк Казакстан областынын Отрар районундагы калктуу конуш. Арыс дарыясынын төмөнкү агымында, Сырдарыяга кошулган жерде, Тимур темир жол станциясынан 10 км батышта, азыркы Талапты айылына жакын жерде, Түркестан шаарынан 57 км түштүктө жайгашкан.

Ош – Кыргызстандагы республикалык баш ийүүдөгү шаар, Ош областынын административдик борбору. Кыргызстандын экинчи чоң шаары, расмий түрдө «Түштүк борбор» деп аталат.

Пайкенд – Бухарадан 40 чакырым батыш тарапта жайгашкан байыркы шаар.

Памир – Борбордук Азиянын түштүгүндөгү, ошондой эле Кытай менен Афганистандын территориясындагы тоолуу аймак. Памир башка кубаттуу тоо системаларынын – Гиндукуш, Каракорум, Куньлун жана Тянь-Шандын кыркаларынын кесилишинде жайгашкан.

Пенжикент – Самарканддын чыгышында Зарафшан дарыясынын өрөөнүндөгү шаар. Азыр Тажикстан Республикасынын Согди облусунун Пенжикент районунун административдик борбору. Ал казак-өзбек чек арасына жакын жерде, Өзбекстандын борбору Ташкенттен 15 км алыстыкта жайгашкан.

Регенсбург (нем. Regensburg) – Германия Федеративдик Республикасынын Бавария жеринде жайгашкан калаа, Дунай менен Реген дарыясынын кошулган жеринде, Дунайдын эң түндүк бурулушунда жайгашкан. Шаар Жогорку Пфальц аймагынын борбору жана рим-католик епископунун орду.

Решт – Ирандагы шаар, Гилян провинциясынын борбору. Каспий деңизинин түштүгүндө түздүктө жайгашкан.

Самарканд – дүйнөдөгү эң байыркы шаарлардын бири, тарыхый аймактын жана Согдиана мамлекетинин борбору, Өзбекстандын экинчи чоң шаары, Самарканд облусунун административдик борбору.

Сары-Агач – Казакстандагы шаар, Түштүк-Казакстан облусунун Сарыагач районунун борбору.

Сеитов посады – азыр Оренбург облусунун Сакмар районундагы Татардык Каргала айылы. 1744-жылы пайда болгон, Оренбургдан 18 чакырым алыстыкта жайгашкан Каргала дарыясынын боюнда Казан аймагынан келген татарлардын бир тобу негиздешкен. Оренбург облусундагы татар маданиятынын негизги борбору.

Согд, же Согдиана — Борбордук Азиядагы Амударыя менен Сырдарыянын ортосундагы тарыхый аймак. Азыр ал территориялык жактан Согдиана Самарканддын борбору жайгашкан Өзбекстан менен Согду областынын аталышы сакталып калган Тажикстандын ортосунда бөлүнгөн.

Согди облусу – Тажикстан Республикасынын курамындагы административдик район. 1939-жылы 27-октябрда Ленинабад облусу болуп түзүлгөн. 2000-жылдын 10-ноябрында Согди облусу деп өзгөртүлгөн. Тажикстандын түндүгүндө Тянь-Шань жана Гиссар-Алай тоолорунда жайгашкан, түндүк бөлүгү Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш тарабын ээлейт.

Стерлибаш – азыркы Стерлибашево айылы, Башкыртстан Республикасынын Стерлибашев районундагы административдик борбору. Уфа шаарынан 171 км алыстыкта жайгашкан.

Сырдарыя – Борбордук Азиядагы эң чоң дарыя. Фергана өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө Нарын менен Карадарыянын кошулган жеринде пайда болгон.

Талас – Кыргызстан менен Казакстандын аймагынан агып өткөн дарыя. Узундугу 661 км. Кыргызстандын Талас кырка тоосундагы мөңгүлөрдөн башталып, Каракол жана Үч-Кошой сууларынын кошулушунан пайда болгон.

Талгар – Казакстандагы шаар, Алматы облусунун Талгар районунун борбору. Ал Алма-Атадан 25 км чыгыш тарапта, Иле Алатаусынын түндүк капталында жайгашкан.

Тараз – азыр Казакстандын шаары, Жамбыл областынын административдик борбору. Казакстандын түштүгүндө Кыргызстан менен чектешкен жерде, Талас (Тараз) дарыясынын боюнда жайгашкан.

Ташкент – азыр Өзбекстан Республикасынын борбору, республикалык баш ийүүдөгү шаар, Ташкент облусунун административдик борбору.

Тебриз – Ирандагы Урмия көлүнүн жанындагы шаар, азыркы Ирандын Чыгыш Азербайжан провинциясынын административдик борбору.

Термез – азыр Өзбекстандын шаары, Сурхандарья облусунун административдик борбору.

Тохаристан – азыркы Өзбекстандын түштүгүн, Тажикстанды жана Афганистандын түндүгүн камтыган тарыхый аймак.

Түркстан – Казакстандын Түштүк Казакстан облусундагы шаар.

Түркмөнабад — Түркмөнстандагы шаар, Лебап облусунун (мурдагы Чарджоу) административдик борбору.

Тянь-Шань – тоо системасы. Борбордук Азияда Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстан жана Кытайдын Синьцзян-Уйгур автономиялык районунун чек арасында жайгашкан.

Улус Ордо-Ичен – Жучу (Көк Ордо) улусунун сол канатынын түштүк-чыгыш бөлүгү, б.а. Арал деңизинин чыгышында Орто Азиянын аймагы. Жучунун тун уулу, Чыңгызхандын небереси Ордо-Ичендин атынан коюлган.

Ура-Төбө – азыркы Истаравшан, Тажикстандын Согди областындагы шаар, Истаравшан районунун административдик борбору. Тажикстандын түндүгүндө, Түркестан кырка тоосунун этектеринде, облустун борбору – Худжанд шаарынан 78 км алыстыкта жайгашкан.

Ургенч – азыр Өзбекстандагы шаар, Хорезм облусунун административдик борбору.

Ургут – Өзбекстандын Самарканд облусундагы шаар, Ургут облустун борбору Самарканддан болжол менен 50 км түштүк-чыгышта.

Уструшана – Орто Азиядагы алгачкы орто кылымдардагы аймак, Согдунун курамына кирген. Уструшананын борбору Бунжикат Тажик Республикасынын Согди облусунун Шахристан районунун борбору Шахристан деген заманбап шаар тибиндеги кыштакка жакын жерде жайгашкан.

Фергана – Өзбекстандын чыгышындагы Фергана өрөөнүнүн түштүк четиндеги шаар, Фергана облусунун административдик борбору.

Фергана өрөөнү – Борбордук Азиянын тоолорундагы ойдуң. Картасы боюнча ал узундугу 300 км, туурасы 170 кмге чейин эллипске окшош. Ал дээрлик тоо кыркалары менен курчалган: түндүк-батышында – Курамин жана Чаткал, түндүк-чыгышында – Фергана, түштүгүндө – Түркстан жана Алай. Батышта гана азыр Кайрак-кум суу сактагычы ээлеп, Ач талаага алып баруучу кууш өтмөк бар.

Форт Перовский – азыркы Кызылорда, Казакстандагы шаар, Кызылорда облусунун административдик борбору. Сырдарыянын оң жээгинде, Астана шаарынан 830 км түштүк-батышты карай жайгашкан.

Хива – Хорезм оазисиндеги байыркы шаар, Хива хандыгынын борбору, азыркы Өзбекстандын Хорезм облусундагы шаар.

Хисар – азыр Тажикстандын Гиссар шаар тибиндеги поселогу, Душанбе шаарынан 20 км батыш тарапта.

Ходжент, Худжанд – азыр Тажикстандын түндүгүндөгү шаар, Согди облусунун административдик борбору.

Хорасан – Чыгыш Иранда жайгашкан тарыхый аймак. Сасаниддердин доорунан бери белгилүү.

Хорезм – Борбордук Азиядагы тарыхый аймак, борбору Амударыянын төмөнкү агымында, сугат дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана соода өнүккөн аймак. III кылымдын аягынан X кылымга чейин Хорезмдин борбору Кят шаары болгон.

Хузестан – азыр Ирандын түштүк-батышындагы тарыхый аймак. Түндүк-батыштан Илам, түндүгүнөн Лурестан, түндүк-чыгышынан Исфахан, чыгышынан Чехармехаль, Бахтиярия, Кохгилуй жана Бойерахмед менен, батышынан Ирак менен чектешет. Түштүктөн Перс булуңунун суулары менен жуулат.

Чадак – учурда Өзбекстандын Наманган облусуна караштуу Чуст шаарынан 40 км чыгыш тарапта жайгашкан айыл.

Чач, же Шаш – Өзбекстандагы, Сырдарыянын оң жээгиндеги Чирчик дарыясынын өрөөнүндөгү тарыхый аймак.

Чимкент – Түштүк Казакстан облусунун баш калаасы, Казакстандын үч ири шаарынын бири жана өлкөдөгү эң ири өнөр жай жана соода борборлорунун бири.

Чирчик – Өзбекстандын Ташкент облусундагы дарыя, Сырдарыянын оң куймасы.

Чу – Кыргызстан менен Казакстандагы Жоонарык жана Кочкор дарыяларынын кошулушунан пайда болгон дарыя.

Чүй кантону – Кыргыз АССРинин 1926–1928-жылдары болгон административдик-аймактык бирдиги. Борбору Фрунзе шаары кантонго кирген эмес. 1928-жылы Фрунзе кантонуна кошулган.

Чыгыш Түркстан – Борбордук Азиядагы азыркы учурда Кытайдын (СУАР) курамына кирген аймактын тарыхый аталышы. Ага Кашгария (түштүк бөлүгү) жана Жунгария (түндүк бөлүгү) кирет.

Шахрисябз – азыркы Шахрисабз, Өзбекстандын Кашкадарыя облусундагы шаар. Аймактын түндүк-чыгышында, Самарканддан 80 км түштүктө жайгашкан. Ал 2700 жыл мурун негизделген.

Шахрухия – Ташкент оазисиндеги Сырдарыянын оң жээгиндеги шаар. Чынгызхандын аскерлери тыптыйпыл өрттөп таштаган Бенакет калаасынын ордуна Тимур кийин кайрадан шаар куруп, чеп менен курчап, атын уулунун ысымынын урматына Шахрухия деп атаган.

Шугнан – Памирдин түштүк-батышындагы тарыхый аймак, Гунт дарыясынын жана анын сол куймасы Шахдара дарыясына жакын жайгашкан. Учурда ал эки бөлүккө бөлүнгөн: оң жээги Шугнан азыркы Тажикстандын Тоолуу-Бадахшан автономиялуу облусунун Шугнан районунун аймагында, сол жээги Афганистандын Бадахшан провинциясындагы Шигнан аймагы.

Яик – азыр Урал дарыясы, Россия жана Казакстандын аймагы аркылуу агып, Каспий деңизине куят.

Янгиабад – Өзбекстандын Ташкент областындагы шаар, Ангренге жакын жайгашкан.

Яркенд – учурда Кытайдын Синьцзян-Уйгур автономиялуу районундагы Яркенд уездинин Шачэ айылы, Кашгардын түштүк-чыгышында жана Хотандын түндүк-батышында деңиз деңгээлинен 1189 м бийиктикте жайгашкан.

Яркенд хандыгы – борбору Яркенд болгон Чыгыш Түркстандын батыш бөлүгүндөгү феодалдык мамлекет.

## ГЛОССАРИЙ

Араб жазы – 2010-жылдын 18-декабрында араб дүйнөсүндө башталган демонстрациялардын жана нааразычылык акцияларынын революциялык толкуну. Ага Тунис менен Египеттеги революциялар, диктатордук режимдин кулашына алып келген Ливиядагы жарандык согуш, Бахрейндеги жарандык көтөрүлүштөр, Сирия жана Йемен, Алжирде, Иракта, Иорданияда, Мароккодо жана Омандагы массалык нааразылык акциялары, ошондой эле Кувейтте, Ливанда, Мавританияда, Сауд Аравиясында, Суданда жана Батыш Сахарада болуп өткөн майда нааразылык акциялары кирет.

Басмачылык (түрк тилинен «басмак» сөзү жортуул, чабуул, кагылышуу дегенди билдирет) – Орто Азиядагы 1917-жылдагы революциядан кийин пайда болгон жана Совет бийлигине каршы багытталган аскердик-саясий партизандык кыймыл.

Вакф (вакуф) – диний мусулман уюмдарынын кыймылсыз же өздүк мүлкү.

Ваххабизм –XVIII кылымда исламдагы калыптанган диний-саясий агым жана Сауд Аравиянын расмий идеологиясы болуп саналат. Бул термин Ибн Таймийанын (1263–1328-жж.) жолдоочусу болгон Мухаммад ибн Абд аль-Ваххаб ат-Тамиминин (1703–1792-жж.) атынан аталган. Эреже катары, анын идеяларын жактоочулар өздөрүн салафиттер деп аташат. Мухаммад ибн Абд аль-Ваххаб чыныгы исламды Мухаммед пайгамбардын жолдоочуларынын алгачкы үч мууну гана карманган деп эсептеп, кийинки бардык жаңылануууларга каршы чыгып, аларды сырттан киргизилген бидъат (Мухаммеддин динине каршы келген ишеним) деп эсептеген.

Вилайат – административдик бирдик; мамлекет башчысы тарабынан дайындалган башкаруучусу – хаким болгон аймак.

Газават – мусулмандардын ишеними үчүн ыйык согуш.

Гази – мусулман дини үчүн күрөшкөн жоокер, газават мүчөсү.

Гурхан – Каракытайлардын башкаруучусунун титулу.

Даруга – башкаруучу, шаардын хан дайындагын башкаруучусу. Даруганын милдеттерине жалпы башкаруу, салыктардын туура түшүүсүн жана милдеттердин аткарылышын көзөмөлдөө кирген. XV–XVI кылымдарда «даруга» термини кеңири мааниде колдонулган – өкмөт башчысы, башкаруучу жетекчи, жалпысынан уюштуруучу.

Дервиш – суфий бир туугандардын мүчөсү үчүн жамааттык термин, суфий термининин синоними. Дервиштер эки чоң топко бөлүнгөн: айрым кездерде тентип жүргөндөр, дайыма тентип жүргөндөр жана атайын жайда «ыйык аксакалдын» (шейх пирдин) көзөмөлүндө жашагандар баары бир топко кирген. Ал эми үйүндө жашап, өз иштери менен эле жүргөн, бирок атайын бир туугандык сыйынуулар менен сыйынып, жалпы зикир чогулуштарына катышып турганга милдеттүү болгон дервиштер экинчи топко киришкен.

Диван – бухгалтердик эсепти жана кеңсени белгилөө үчүн сасаниддик Персиясынан алынган термин. «Диван» деген сөз кээ бир уруулардын же адамдардын категорияларынын казынадан багуу укугун күбөлөндүргөн документтердин жыйындысы маанисинде да колдонулган.

Динар – алтындан (болжол менен XIV кылымга чейин) жана күмүштөн жезге (XV кылымдын аягынан) чейин өзгөргөн тыйындын аты. Бир алтын динарда орто эсеп менен 4,25 грамм алтын бар болгон.

Дирхам – күмүш тыйын жана салмактын өлчөмү.

Десекуляризация – бул диндин жана диний институттардын жалпы коомдо жана өзгөчө саясатта өсүп жаткан ролу.

Бул терминди америкалык теолог Джордж Вейгел ойлоп тапкан. С.Хантингтондун айтылуу эмгеги «Цивилизациялардын кагылышынын» аркасында белгилүү болгон.

Дехкан – байыркы доордо бул термин Борбордук Азияда ири жер ээлери болгон феодалдарды, кийинки жылдары карапайым жер иштетүүчү дыйкандарды билдирип калган.

«Жамандыктын огу» (англ. Axis of evil) – бул терроризмге демөөрчүлүк кылган же массалык кыргын салуучу куралдарды иштеп чыгуучу жана аларды террористтерге өткөрүп берүүгө жөндөмдүү режимдерди сүрөттөө үчүн АКШ тарабынан колдонулган термин.

Жизна (Жизья) – ислам мамлекеттериндеги мусулман эместерден алынган салык.

Жихад – исламда Аллах жолунда аракет кылуу деген түшүнүк. Жихад адатта каапырларга каршы куралдуу күрөш менен байланышкан, бирок бул түшүнүк алда канча кеңири. Аскердик жихад түшүнүгү мусулман эместерге карата «ыйык согуш» түшүнүгүнүн синонимине айланган.

Журт – көчмөн уруунун аймагы.

Зекет (зекет) – шарият боюнча кедейлердин пайдасына алынуучу мүлк салыгы.

Зикир – момундардын жөнөкөй намазында Алланы кайталап эскерүү. Суфий бир туугандар өздөрүнүн зикир чалуу салтын түзүшкөн.

ИГИЛ (Ислам мамлекети, ИМ, ДАИШ) – Россия Федерациясында жана дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө тыюу салынган эл аралык исламчыл террористтик уюм.

Ижтихад же аль-ижтихад – исламда аалымдын теологиялык-укуктук комплекстин маселелерин изилдөө жана чечүүдөгү ишмердүүлүгү, мужтахид аалым колдонгон принциптердин, аргументтердин, усулдардын жана ыкмаларынын системасы, ошондой эле окумуштуунун (мужтахид) илимде, тафсирде жана теологиялык жана укуктук булактарды чечмелөөдө жана комментарийлөөдө өзүнүн авторитетинин даражасы.

Имам – диний лидер, мусулман коомчулугунун башчысы, ошондой эле белгилүү диний бийликтердин, чоң жамааттардын лидерлеринин, диний агымдардын, чечмелөөлөрдүн жана мектептердин негиздөөчүлөрүнүн ардактуу лакап аты.

Исламизм – мусулман калкы бар коомдогу жана мамлекеттин ичиндеги бардык ар кандай карама-каршылыктар, ошондой эле мамлекеттер аралык мамилелер дагы шарият нормаларынын негизинде чечиле турган шарттарды түзүүгө багытталган диний-саясий идеология жана практикалык ишмердүүлүк.

Исламдык фашизм (англ. Islamofascism) – бул талаштуу неологизм, АКШда заманбап ислам экстремизми менен фашизмдин же XX кылымдын башындагы улуттук социализмдин ортосундагы идеологиялык параллелдерди салыштыруу үчүн колдонулган термин. Бул терминди француз тарыхчысы Максим Родинсон киргизген.

Исмаилит – VIII кылымдын орто ченинде пайда болгон шииттик исламдын негизги багыттарынын бири. Он эки имамдан жетөөсүн таанышат.

Ишан (эшен) – дервиш, суфий багытындагы мусулман коомчулугунун жетекчиси жана насаатчысы. Динге ишенгендердин ою боюнча эшен ооруларды айыктырып, келечекти алдын ала айта алган көзү ачыктык касиетке эгедер.

Кади (казы) – өкүмдар тарабынан дайындалган жана шарияттын негизинде адилеттүүлүк жүргүзгөн мусулмандардын соту-чиновниги.

Каландар – тентип жүргөн, диний көрсөтмөлөрдүн кээ бирин аткарган томаяк дервиш. Борбордук Азиядагы «Календер» терминининин синоними «дервиш» сөзү болгон.

Курултай – съезд, башкаруучу палатанын жана феодалдык топтордун эң таасирдүү өкүлдөрүнүн мамлекеттик жогорку маанидеги маселелер боюнча чогулушу.

Маула (көптүк түрдө мавали) – алгачкы халифаттыктын тушунда араб эмес кул же туткун, эркиндикке чыккан жана өзүнүн мурдагы кожоюнунун камкордугунун астындагы кул, ошондой эле арабдар басып алган элдердин

эркин адамы. Исламды кабыл алып, кайсы бир араб уруусунун коргоосуна өткөн киши.

Мазар – күмбөз жана көрүстөн; мүрзө, кабыр.

Медресе – мусулмандардын билим берген окуу жайы.

Моджахид, мужахид (көптүк түрү мужахидин) – жихаддын катышуучусу, сөзмө-сөз «күрөшүүчү», «күч колдонуучу». Моджахид бир гана күрөшкө машыккан адам эмес, ошондой эле күрөшү жихаддын аныктамаларынын бирине туура келген ар бир мусулман.

Мужтахид – фикхтин эң маанилүү маселелери боюнча өз алдынча чечим чыгарууга укуктуу аалым окумуштуу.

Муршид – суфийлердин руханий насаатчысы.

Мухтасиб – соода менен кол өнөрчүлүк иштерин жана коомдук жайларда адамдардын жүрүм-турумун көзөмөлдөөгө милдеттүү болгон чиновник.

Мурид – суфий шейхинин жолдоочусу, окуучусу.

Наиб – орун басар, башкаруучу.

Намаз – бул сыйынуу.

Пир – руханий насаатчы, суфий агымынын башчысы.

Радикализм – ар кандай көз караштарга, концепцияларга өтө эле ашынып берилгендик. Көп учурда коомдук-саясий чөйрөдөгү кээ бир идеялар жана иш-аракеттерге карата айтылат, радикализм өз учурундагы коомдук институттарды чечкиндүү, түп-тамырынан өзгөртүүгө багытталат. Бирок ошондой эле өлчөмдө ар кандай жаңырууларга, өзгөрүүлөргө каршы «радикалдык консерватизм» дагы болушу ыктымал. Көбүнчө коомдо саясий радикализм колдонулат, бирок диний, жыйындык, философиялык радикал дагы болушу ыктымал.

Садр – мусулман өлкөлөрүндөгү ар кандай чиновниктердин титулу. Баштапкы мусулман мамлекеттеринде садр падышага жакын даражалуу адамдардын жана дин кызматчылардын ардактуу наамдарынын бири болгон. XI-XII кылымдардан баштап кээде вазирге (министр) барабар наам болуп турган. Ал ошондой эле көбүнчө мамлекеттин же аймактын вакфтарын башкарган дин кызматчы инсандарга карата дагы айтылган.

Сейид – кызы Фатима жана небереси Хусейн аркылуу кеткен Мухаммед пайгамбардын урпактары үчүн мусулмандар арасындагы ардактуу наам.

Сунна – Мухаммеддин өкүмдөрү жана көрсөтмөлөрү, анын иш-аракеттери жана сөздөрүнүн жыйындысы суннит мусулмандары үчүн жол көрсөтүүчү болуп саналат.

Талибан – 1994-жылы Афганистанда пуштундар арасында пайда болгон радикалдык ислам кыймылы. 1996–2001-жылдары Афганистанды башкарган

(«Афганистан Ислам Эмираты»). Учурда бул өлкөнүн көпчүлүк аймагын көзөмөлдөйт.

Тарикат – суфийлердин руханий өнүгүү жана Кудайды таануу жолу, суфий бир туугандардын (тартип) синоними. Суфизм ушундай көптөгөн жолдорго, бир туугандыкка жол берет. Тарикат шарияттан кийинки руханий өнүгүү баскычы деп да аталат.

Тафсир – бул Куран аяттарын чечмелөө жана түшүндүрүү боюнча ислам илими.

Уламалар – теолог окумуштуулар (аалымдар). Исламдын теориялык жана практикалык аспектилери боюнча таанылган жана беделдүү эксперттердин жамааттык аты.

Улус – эреже катары, этносаясий бүтүндүктү түзгөн жамаат же топ; көчмөндөрдүн улустары башкаруучу династиянын өкүлдөрүнө бөлүнгөн.

Улусбеги – улустун башкаруучусунун кызматы.

Үммөт (умма) – араб сөзү, «жамаат» же «улут» дегенди билдирет. Исламда үммөт сөзү момундардын жамааты (уммат аль-му’минин), б.а. өлкөлөрүнө, чек араларына, улуттарына, ж.б. карабастан бүткүл ислам дүйнөсү. Курандагы умма вахида («бир жамаат») деген сөз айкашы бирдиктүү ислам дүйнөсүн билдирет.

Факихтер («билимдүү») – фикхти өздөштүргөн теолог-юристтер.

Фатва – исламда кандайдыр бир маселе боюнча муфтий же факих тарабынан чыгарылган, исламдын принциптерине жана мусулмандардын укуктук практикасынын прецеденттерине негизделген чечим.

Фикх – бул теология менен ажырагыс байланышта болгон жана Куран, Сунна, ижма жана кыясты изилдөөгө негизделген мусулман мыйзам илими.

Фундаментализм – өтө консервативдүү философиялык, моралдык жана социалдык агымдардын жалпы аталышы. Фундаментализм көбүнчө азыркы коомдо болуп жаткан глобалдашуу жана секуляризация процесстерине реакция болуп саналат. Бул агымдын варианттарынын бири – диний фундаментализм, анын ичинде ислам.

Хадж (Ажылык) – Меккеге зыярат кылуу.

Ханака – дервиштер жашаган жай.

Хараж – табигый жер салыгы, кээде түшүмдүн 2/3 бөлүгүнө чейин жетет.

Хулагуиддер (Илханиддер) – Чыңгызхандын небереси Хулагунун урпактары; XIII жана XIV кылымдын орто ченинде Жакынкы жана Ортоңку Чыгышта бийлик жүргүзгөн монгол династиясы. Хулагуиддер мамлекетинин башкаруучулары улуу хан деген мааниде ильхан («уруунун ханы») титулуна ээ болушкан.

Хутба – жума намаздарында, курман айт майрамдарында жана өзгөчө учурларда айтылуучу насаат сөз.

Шариат – бул мусулман мыйзамы.

Шейх-уль-ислам – бир катар ислам мамлекеттериндеги ислам маселелери боюнча жогорку кызмат адамынын наамы.

Шииттер – Али Абу Талиб жана анын урпактарын Мухаммеддин жалгыз мыйзамдуу жана руханий мураскорлору деп тааныган мусулмандардын ар кандай топторунун жалпы аталышы.

Шура-и-Ислам (араб. «Ислам Кеңеши» же «Исламдык Кеңеш») – Түркестандагы 1917-жылдагы революция жана Россиядагы жарандык согуш жылдарында пайда болгон коомдук-саясий уюм.

Шура-и-Улема (араб. «Дин кызматкерлеринин Кеңеши») – Түркестандагы 1917-жылдагы революция жана Россиядагы жарандык согуш жылдарында пайда болгон коомдук-саясий уюм. Уюмга мусулман дин кызматкерлеринин, жергиликтүү феодалдардын, улуттук буржуазиянын өкүлдөрү кирген.

Экстремизм – экстремалдык көз караштарга жана өзгөчө чараларга аша чаап берилгендик (адатта мындай көрүнүш саясатта болот). Бул чараларга тартипсиздикти уюштуруу, террористтик акцияларды, партизандык согуш ыкмаларын киргизсе болот. Өтө эле радикал көз караштагы экстремисттер көбүнчө кандайдыр бир компромисстерди, сүйлөшүүлөрдү, келишимдерди четке кагышат.

# ТИРКЕМЕЛЕР

*Тиркеме 1*

# ДИНИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮК ЖАНА ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕР: Казакстан Республикасынын Мыйзамы № 483-IV 2011-жыл, 11-октябрь

Бул Мыйзам боюнча Казакстан Республикасы өзүн демократиялык, светтик мамлекет катары жарыялайт, ар кимдин дин эркиндигине болгон укугун бекемдейт, ар кимдин диний ынанымына карабай тең укуктуулугун гарантиялайт, ханафий багытындагы исламдын жана православиелик христианчылыктын элдин маданиятынын жана руханий жашоосунун өнүгүшүндөгү тарыхый ролун тааныйт, Казакстандын руханий мурастары менен айкалышкан башка диндерди сыйлайт, дин аралык макулдашуу, диний толеранттуулук жана жарандардын диний ишенимдерин урматтоонун маанилүүлүгүн тааныйт.

## 1-бөлүм. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1-берене. Бул Мыйзамда колдонулган негизги түшүнүктөр

Бул Мыйзамда төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) культтук имарат (курулуш) – Кудайга табынуу, сыйынуу жана диний чогулуштар, диний урматтоо (зыяратчылык) үчүн арналган жай;

2) диний ишмердүүлүк – ишенүүчүлөрдүн диний муктаждыгына багытталган иш-аракет;

3) дин кызматчысы – тиешелүү диний уюм (бирикме) тарабынан диний, насааттоо кызматын кылууга ыйгарым укук берилген адам;

4) диний бирикме – рухий муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жалпы кызыкчылыктарынын негизинде биригип, Казакстан Республикасынын мыйзам актылары боюнча Казакстан Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын өз ыктыяры менен түзгөн уюму.

5) миссионердик ишмердүүлүк – Казакстан Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүктөрдүн, жарандыгы жок адамдардын Казакстан Республикасында катталган диний бирикмелердин атынан Казакстан Республикасынын территориясында өз диний ишенимин жайылтууга багытталган иш-аракети.

6) Ыйгарымдуу орган – диний ишмердүүлүк чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салууну ишке ашырган мамлекеттик орган.

**2-берене. Диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер жөнүндө Казакстан Республикасынын Мыйзамы**

1. Казакстан Республикасынын диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер жөнүндөгү Мыйзамы Казакстан Республикасынын Конституциясына негизделген жана азыркы Мыйзамдан жана Казакстан Республикасынын башка нормативдик укуктук актыларынан турат.

2. Эгерде Казакстан Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимде бул Мыйзамда каралгандардан башка эрежелер бекитилсе, анда эл аралык келишимдин нормалары колдонулат.

**3-берене. Мамлекет жана дин**

1.Мамлекет динден жана диний бирикмелерден бөлүнгөн.

2.Диний бирикмелер жана Казакстан Республикасынын жарандары, чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жок адамдар динге карата мамилесине карабай мыйзам алдында бирдей.

3. Эч бир дин мамлекеттик болбойт же милдеттүү түрдө таңууланбайт.

4. Казакстан Республикасындагы билим берүү системасы жана тарбиялоо (диний билим берүү уюмдарынан тышкары) динден жана диний бирикмелерден бөлүнгөн жана светтик мүнөзгө ээ.

5. Мыйзамдуу диний иш-аракетке тоскоолдук кылууга, адамдардын динге карата мамилеси боюнча жарандык укуктарын бузууга же алардын диний сезимдерин мазактоого, тиги же бул диндин жолдоочулары тарабынан урматталган предметтер, курулуштар жана жайларды булгаганга жол берилбейт.

6. Ар кимдин Казакстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык диний же башка ынанымдарды тутканга, аларды таратканга, диний бирикмелердин иштерине катышканга жана миссионердик иштер менен алек болгонго укугу бар.

7. Эч ким өзүнүн диний ынанымдарынын мотивдери боюнча Казакстан Республикасынын мыйзамдары жана Конституциясы караштырган милдеттерди аткаруудан баш тартканга укугу жок.

Диний бирикмелердин дин кызматчылары, миссионерлери, жетекчилери же мүчөлөрү болгон Казакстан Республикасынын жарандары саясатта Казакстан Республикасынын бардык жарандары менен бирдей, өз атынан гана катыша алышат.

8. Дин менен диний бирикмелердин бөлүнүү принциби боюнча мамлекет:

1) Казакстан Республикасынын жараны, чет өлкөлүк жана жарандыгы жок адамдын динге жана диний бирикмелердин бирине болгон мамилесин тандап алуусуна, ата-энелердин же мыйзамдуу опекундардын балдарды тарбиялоодо өзүнүн ынанымдарына жараша тарбиялоосуна (мындай тарбиялоо баланын

өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирбесе, анын укуктарын бузуп, жоопкерчилигин чектебесе жана Казакстан Республикасынын территориялык бүтүндүгү, эгемендиги жана конституциялык түзүлүшүнө каршы багытталбаса) кийлигишпейт;

2) мамлекеттик органдардын функцияларын аткарууну диний бирикмелерге жүктөбөйт;

3) эгерде Казакстан Республикасынын мыйзамдарына диний бирикмелердин иштери каршы келбесе, анда диний бирикмелердин ишмердүүлүгүнө кийлигишпейт;

4) Казакстан Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын, динди туткандар менен тутпагандардын жана ар түрдүү диний бирикмелердин ортосунда өз ара чыдамдуулук менен сыйлоо мамилелеринин түзүлүшүнө көмөк көрсөтөт.

9. Диндин жана диний бирикмелердин мамлекеттен бөлүнүү принцибине ылайык диний бирикмелер:

1) мамлекеттик органдардын функциясын аткарбайт жана алардын иштерине кийлигишпейт;

2) саясий партиялардын иштерине катышпайт, аларга каржылык колдоо көрсөтпөйт, саясий иштер менен алек болушпайт;

3) Казакстан Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткарганга милдеттүү.

10. Диний негиздеги партиялардын ишмердүүлүгүнө, мамлекетте бир диндин үстөмдүгүн орнотуу үчүн багытталган диний уюмдарды түзүүгө, диний кастык жана араздашууну чакырууга, анын ичинде зомбулукка же кысым көрсөтүүгө чакыруу өңдүү башка укукка каршы иш-аракеттерди жасаганга тыюу салынат.

11. Казакстан Республикасынын кабыл алынган мыйзамдарына ылайык катталбаган диний бирикмелердин иштерине жана Казакстан Республикасынын жарандарын, чет өлкөлүктөрдү жана жарандыгы жок адамдарды динге киргенге, диний бирикмелердин иштерине катышканга жана диний ырым-жырымдарга катышканга же динди окутууга мажбурлаганга жол берилбейт.

12. Казакстан Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын үстүнөн зомбулук көрсөткөн, алардын ден соолугуна зыян келтирген же жубайлардын никесин буздурган (үй-бүлөсүн талкалаган) же туугандык мамилелерди ажырымга алып келген, адам менен жарандын укуктарын, эркиндигин бузган жана адеп-ахлактыгына зыян келтирген, Казакстан Республикасынын мыйзамдары жана Конституциясы тарабынан каралган милдеттерди жарандарды аткаруудан баш тартканга

үндөгөн, же Казакстан Республикасынын мыйзамдарын бузган диний бирикмелердин иш-аракеттерине жол берилбейт.

13. Өз иштерине Казакстан Республикасынын жарандарын, чет өлкөлүктөрдү жана жарандыгы жок адамдарды мажбурлап же кайрымдуулук иштери менен киргизген жана диний бирикмеден чыгуусуна (анын ичине шантаж, зомбулук же күч колдонуу кирет), алардын материалдык же бөлөк көз карандылыгын колдонуу же алдоо жолу менен тоскоолдук кылган диний бирикмелердин ишмердүүлүгүнө жол берилбейт.

14. Диний бирикмелердин, алардын жетекчилери жана бөлөк катышуучуларынын (мүчөлөрү) пайдасына диний бирикмелердин мүчөлөрүнүн өздөрүнө тиешелүү мүлктөрүн берүүгө мажбур кылуусуна жол берилбейт.

15. Динди жана диний ынанымдарды пайдалануу менен мамлекеттик органдардын ишин чакчелекей түшүрүүгө, алардын үзгүлтүксүз иштешин бузууга, өлкөдө контролдуктун деңгээлин төмөндөтүүгө ачык эле жөндөмдүү чечимдерди кабыл алууга жана аракеттерди жасоого жол берилбейт.

16. Диний бирикменин башчысы жашы жете элек балдардын ата-энесинин биринин же анын башка мыйзамдуу өкүлдөрүнүн каршылыгы менен диний бирикменин ишине жашы жете электердин тартылышына жана (же) катышуусуна бөгөт коюу боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

## 2-бөлүм. ДИНИЙ ИШТЕР ЧӨЙРӨСҮН МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ

### 4-берене. Ыйгарым укуктуу органдын компетенциясы

Ыйгарым укуктуу орган:

1) диний бирикмелер менен өз ара аракеттенүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын түзүүгө жана ишке ашырууга катышат;

2) Казакстан Республикасынын аймагында түзүлгөн диний бирикмелердин, миссионерлердин, билим берүүнүн руханий (диний) уюмдарынын ишин иликтөөнү жана талдоону жүргүзөт;

3) өз компетенциясына байланыштуу маселелелер боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзөт;

4) Казакстан Республикасынын диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер боюнча мыйзамын жакшыртуу үчүн сунуштарды иштеп чыгарат;

5) диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер менен өз ара иштешүү маселелери боюнча облус, республикалык маанидеги шаарлар жана борбор калаанын жергиликтүү аткаруучу органдарынын иштерин жөнгө салат;

6) диний бирикмелерди түзүү үчүн диний таануучулук экспертизаларды өткөрүүнү жана демилгечи-жарандардын тизмесин текшерүүнү камсыз кылат;

7) диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер боюнча Казакстан Республикасынын мыйзамынын бузулуусу жөнүндө жеке жана юридикалык жактардын кайрылуусун териштирет;

8) диний иш-аракеттер боюнча чет өлкөлөрдүн ыйгарымдуу органдары менен кызматташууну уюштурат жана ишке ашырат;

9) чет өлкөлүк диний бирикмелердин республиканын территориясындагы иш-аракетин, Казакстан Республикасындагы диний бирикмелердин жетекчилерин чет өлкөлүк диний борборлор тарабынан коюлушун макулдашат;

10) бул Мыйзамда, Казакстан Республикасынын башка мыйзамдарында, Казакстан Республикасынын Президентинин жана Казакстан Республикасынын Өкмөтүнүн актыларында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**5-берене. Диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер менен өз ара чогуу иштешүү маселелери боюнча областтар, республикалык маанидеги шаарлар жана баш калаанын жергиликтүү аткаруучу органдарынын компетенциясы**

Диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер менен өз ара чогуу иштешүү маселелери боюнча областтар, республикалык маанидеги шаарлар жана баш калаанын жергиликтүү аткаруучу органдары:

1) региондогу диний жагдайды изилдейт жана анализ жүргүзөт;

2) диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер жөнүндө Казакстан Республикасынын мыйзамын жакшыртуу үчүн сунуштарды ыйгарым укуктуу органга киргизет;

3) өздөрүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча жергиликтүү деңгээлде түшүндүрүүчү иштерди жүргүзүшөт;

4) диний адабияттарды жана диний мазмундагы бөлөк маалыматтык материалдарды, диний багыттагы предметтерди таратуу үчүн атайын стационардык жайлардын жайгашуусун бекитет, ошондой эле диний ырым-жырымдарды өткөрүү үчүн жайлардын культтук имараттардын (курулуштардын) чегинен тышкары жайгашуусун макулдашат;

5) ыйгарым укуктуу орган менен макулдашып алып, сыйынуу имараттарын (курулуштарын) куруу, алардын жайгашкан жерин аныктоо, ошондой эле имараттарды сыйынуу имараттарына (курулуштарына) кайра профилдөө (функционалдык багытын өзгөртүү) жөнүндө чечим кабыл алат;

6) жергиликтүү мамлекеттик башкаруунун кызыкчылыгы боюнча жергиликтүү аткаруу органдарына Казакстан Республикасынын мыйзамдары менен жүктөлгөн башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

**6-берене. Дин таануучулук экспертиза**

1. Ыйгарым укуктуу орган дин таануучулук экспертизаны төмөнкү негиздер боюнча өткөрүүнү камсыздайт:

1) жеке же юридикалык жактар ыйгарым укуктуу органга кайрылган болсо;

2) диний адабият жана диний мазмундагы бөлөк информациялык маалыматтар Казакстан Республикасынын уюмдарынын китепканалык фонддоруна жана ыйгарым укуктуу органга келип түшкөн болсо;

3) жеке адамдар миссионерлер катары катталуу жана диний бирикмелерди каттоо боюнча кайрылган учурда;

4) диний мазмундагы маалымат материалдарын алып келүүдө (жеке колдонууга багышталган материалдардан тышкары);

5) ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин буйругу болсо.

2. Дин таануу экспертизасынын объекттерине уюштуруу, ошондой эле диний мазмундагы башка документтер, рухий (диний) билим берүү программалары, диний мазмундагы маалыматтык материалдар жана диний багыттагы предметтер кирет.

3. Дин таануу экспертизасы дин таануу жаатында атайын билими бар адамдар тарабынан мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн жана башка адистерди тартуу менен жүргүзүлөт.

4. Дин таануу экспертизасын өткөрүү тартиби Казакстан Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**3-бөлүм. КАЗАКСТАНДАГЫ ДИНИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮК**

**7-берене. Диний ырым-жырымдар жана аземдер**

1. Диний бирикмелер табынуучу жайларды кармаганга акылуу.

2. Кудайга табынуу, диний ырым-жырымдар, аземдер жана (же) чогулуштар сыйынуу имараттарында (курулуштарында) жана аларга бөлүнгөн аймакта, сыйынуу жайларында, диний бирикмелердин мекемелеринде жана жайларында, көрүстөндөрдө жана крематорияларда, турак жайларда, коомдук тамактануу объектилеринде жакын жашаган адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо шарты менен тоскоолдуксуз өткөрүлөт (аткарылат). Башка учурларда диний иш-чаралар Казакстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

3. Кудайга табынуу, диний ырым-жырымдарды, аземдерди жана чогулуштарды, ошондой эле миссионердик иш-аракеттерди төмөнкү жайларда, территорияларда жана имараттарда өткөргөнгө болбойт:

1) ушул берененин 2 жана 4-пункттарында каралган учурларды кошпогондо, мамлекеттик органдардын, уюмдардын территориясында жана имараттарында;

2) Куралдуу Күчтөрдүн, башка аскерлердин жана аскердик түзүлүштөрдүн, сот жана укук коргоо органдарынын, коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, жеке адамдардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо менен байланышкан башка кызматтардын имараттарында;

3) руханий (диний) окуу жайлардан тышкары билим берүү уюмдарында;

4) Атайын мекемелерде кармалып турган, жаза аткаруучу мекемелерде отурган, стационардык жардам көрсөткөн саламаттык сактоо уюмдарынын пациенттери болгон, кары-картаңдар жана майыптар үчүн жатак үйлөрдө социалдык тейлөөдөн өтүп жаткан адамдарга алардын, же алардын туугандарынын өтүнүчү боюнча Казакстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган диний бирикмелердин дин кызматкерлери чакырылат. Мында диний ырым-жырымдарды, аземдерди жана (же) чогулуштарды жасоо аталган уюмдардын ишине тоскоолдук кылбоого, башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууга тийиш эмес.

**8-берене. Миссионердик ишмердүүлүк**

1. Казакстан Республикасынын жарандары, чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жок жактар миссионердик ишти катталуудан өткөндөн кийин ишке ашырышат.

2. Миссионердик иш жүргүзгөн адамдарды каттоо ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрү тарабынан документтер берилген күндөн тартып отуз календардык күндөн ашпай турган мөөнөттө жүргүзүлөт. Миссионер берген материалдар боюнча корутунду алуу үчүн дин таануу экспертизасын жүргүзүүдө каттоо мөөнөтү токтотулуп турат.

3. Казакстан республикасынын аймагандагы миссионерлер жыл сайын ыйгарым укуктуу органдын территориялык бөлүмдөрүндө кайра катталып турушу тийиш.

4. Катталуу үчүн миссионерлер ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрүнө төмөнкү документтерди жана материалдарды сунушташат:

1) паспорттун же өздүк күбөлүктүн көчүрмөсү;

2) миссионердик иш-аракеттин аймагын жана мөөнөтүн көрсөтүп жазган арыз;

3) диний бирикменин атынан миссионердик ишти жүзөгө ашыруу укугуна диний бирикме тарабынан уруксат берилген документ;

4) Казакстан Республикасында мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн жана өкүлү миссионер болгон диний бирикменин уставынын көчүрмөлөрү;

5) миссионердик иш үчүн арналган диний багыттагы буюм-тайымдар, диний адабияттар, диний мазмундагы башка маалыматтык материалдар.

6) Казакстан Республикасындагы чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жок адамдар миссионер катары катталуу үчүн ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрүнө төмөнкү документтерди кошумча түрүндө сунушташат:

1) миссионердин өкүлү болгон диний бирикменин чет мамлекеттин мыйзамдары боюнча расмий катталгандыгын айгинелеген мыйзамдаштырылган же апостилдештирилген документти;

2) Казакстан Республикасында катталган диний бирикменин аны чакыруусу.

Чет мамлекеттер тарабынан алынган документтер казак жана орус тилине которулушу тийиш жана котормочунун кол тамгасы, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлүүсү менен берилет.

5. Миссионер катары каттоодон өтүү үчүн документтерди берген Казакстан Республикасынын жарандарына, чет өлкөлүктөргө жана жарандыгы жок адамдарга дин таануу экспертизасынын терс корутундусунун негизинде каттоодон баш тартат, ошондой эле эгерде анын миссионердик иши конституциялык түзүлүшкө, коомдук тартипке, адам укуктарына жана эркиндиктерине, калктын ден соолугуна жана адеп-ахлагына коркунуч туудурат деген шек пайда болгондо да катталбайт.

6. Диний мазмундагы материалдарды жана диний багыттагы предметтерди дин таануу экспертизасынын оң корутундусун алгандан кийин миссионерлер колдоно берсе болот.

7. Миссионердик иш-аракетти каттоосуз жүргүзүүгө тыюу салынат.

**9-берене. Диний адабияттар жана диний максаттагы предметтер**

1. Казакстан Республикасынын жарандары, чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жок адамдар, диний бирикмелер диний адабияттарды, диний мазмундагы башка маалыматтык материалдарды, диний багыттагы буюмдарды өз ыктыяры менен сатып алууга жана колдонууга укуктуу.

2. Диний адабий китептерди, диний мазмундагы бөлөк маалыматтык материалдарды, диний багыттагы предметтерди таратууга табынуучу имараттарында (курулуштарында), рухий (диний) билим берүү уюмдарында, ошондой эле облустардын, республикалык маанидеги шаарлардын жана борбордун жергиликтүү аткаруу органдары тарабынан атайын аныкталган стационардык жайларында гана уруксат берилет.

3. Жеке пайдалануу үчүн арналган маалыматтарды кошпогондо, Казакстан Республикасынын аймагына диний мазмундагы маалыматтык материалдарды алып келүү дин таануу экспертизасынын оң корутундусун алгандан кийин гана катталган диний бирикмелер тарабынан жүзөгө ашырылат.

4. Диний адабияттарда жана диний мазмундагы роликтер чыгаруучу жана (же) таратылуучу башка маалыматтык материалдарда диний бирикменин толук аталышы камтылууга тийиш.

**10-берене. Кайрымдуулук иштер**

1. Диний бирикмелер кайрымдуулук иштерин жасоого жана кайрымдуулук уюмдарын негиздегенге укуктуу.

2. Кайрымдуулук иштерди жүргүзүп жаткандарга Казакстан Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын материалдык жактан муктаждыгын пайдаланып диний иштерге тартууга (муктаждыктарын) жол берилбейт.

**11-берене. Диний бирикмелердин жана ишенгендердин эл аралык жана жеке байланыштары**

1. Казакстан Республикасынын жарандары, чет өлкөлүктөр, жарандыгы жок адамдар жана диний бирикмелер эл аралык жана жеке байланыштарды түзүүгө жана колдоого, анын ичинде зыярат кылуу, жолугушуулар менен башка диний иш-чараларга катышуу үчүн чет өлкөгө барууга укуктуу.

2. Диний бирикмелер Казакстан Республикасынын жарандарын чет өлкөгө рухий (диний) билим берүү окуу жайларына окууга жибере алышат жана чет өлкөлүктөрдү, жарандыгы жок адамдарды Казакстан Республикасындагы рухий (диний) билим берүү уюмдарында окууга кабыл алышат.

## 4-бөлүм. ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕРДИ ТҮЗҮҮ, МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО, КАЙРА ТҮЗҮҮ ЖАНА ЛИКВИДАЦИЯЛОО

**12-берене. Диний бирикмелердин статусу**

1. Казакстан Республикасында жергиликтүү, аймактык жана республикалык статусу бар диний бирикмелер түзүлүшү жана иштеши мүмкүн.

2. Бир облустун, республикалык маанидеги шаардын жана борбордун чегинде иш алып барган Казакстан Республикасынын элүүдөн кем эмес жаранынын демилгеси боюнча түзүлгөн диний бирикме жергиликтүү диний бирикме деп таанылат.

3. Эки же андан ашык жергиликтүү диний бирикмелердин катышуучулары (мүчөлөрү) болгон, Казакстан Республикасынын беш жүздөн кем эмес жарандарынын демилгеси боюнча түзүлгөн, алардын ар биринен эки жүз элүү жарандан кем эмес сандагы, экиден кем эмес облустун, республикалык маанидеги шаарлардын жана Борбор калаанын өкүлү болгон диний бирикме региондук (аймактык) диний бирикме деп таанылат.

4. Аймактык диний бирикмелер ушул жергиликтүү диний бирикмелердин ишинин аймагынын чегинде түзүлөт жана өз ишин аткарат.

5. Казакстан Республикасынын беш миңден кем эмес жарандарынын демилгеси боюнча түзүлгөн, бардык облустардын, республикалык маанидеги шаарлардын жана Борбор калаанын атынан чыккан, алардын ар биринде Казакстан Республикасынын үч жүздөн кем эмес жараны болгон, ошондой эле Казакстан Республикасынын бардык аймагында өзүнүн структуралык бөлүмдөрү (филиалдары жана өкүлчүлүктөрү) бар диний бирикме республикалык диний бирикме деп таанылат.

**13-берене. Диний бирикмелерди түзүү**

1. Диний бирикме уюштуруу чогулушун (съезд, конференция) чакырган Казакстан Республикасынын жарандарынын демилгеси менен пайда болот, анда диний бирикмени түзүү, анын аталышы, уставы тууралу чечимдер кабыл алынат жана анын жетекчи органдары түзүлөт. Жарандар уюштуруу чогулушуна (съездге, конференцияга) өз каалоосу боюнча жеке катышат.

2. Диний бирикменин төмөнкү белгилери болуусу тийиш:

1) бирдиктүү ишеним окутуусу;

2) диний ырым-жырымдарды, аземдерди жасоо жана насааттарды окуу;

3) өзүнүн катышуучуларын (мүчөлөрүн) жана диний жолдоочуларын диний жактан тарбиялоо;

4) иштин руханий багыты.

3. Республикалык жана региондук диний бирикмелер өз уставдарына ылайык дин кызматчыларын даярдоонун кесиптик окуу программаларын ишке ашыруучу мекемелер түрүндө билим берүүчү диний (диний) уюмдарды түзүүгө укуктуу.

4. Рухий (диний) билим берүү уюмдарынан тышкары диний бирикмеден башка диний иш менен алектенген партияларды түзүүгө жана алардын ишине жол берилбейт.

5. Мамлекеттик органдарда, уюмдарда жана мекемелерде, билим берүү жана саламаттык сактоо уюмдарында диний бирикмелердин уюштуруу топторун түзүүгө жол берилбейт.

**14-берене. Диний бирикменин аталышы**

1. Диний бирикменин аталышы кайсы динге таандык экендигин жана статусун камтусу керек.

2. Толук жана кыскартылган аталышы жана анын символикасы Казакстан Республикасынын жана башка мамлекеттердин мамлекеттик символдорун, Казакстан Республикасынын мамлекеттик органдарынын, Казакстан Республикасында катталган диний бирикмелердин, ошондой эле Казакстан Республикасынын мыйзамдарын бузганына байланыштуу тыюу салынган жана (же) жоюлган диний бирикмелердин ысымын жана символикасын толугу менен же олуттуу бөлүгүндө кайталабашы тийиш.

**15-берене. Диний бирикмелердин мамлекеттик катталышы**

1. Диний бирикме юридикалык жактын укугуна мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып ээ болот.

2. Республикалык диний бирикмелер менен аймактык диний бирикмелерди мамлекеттик каттоону Казакстан Республикасынын юстиция Министрлиги ишке ашырат. Жергиликтүү диний бирикмелерди мамлекеттик жактан каттоо, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү эсептик жактан каттоону аймактык юстиция органдары ишке ашырышат.

3. Катталуу үчүн арыз диний бирикмени түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган учурдан тартып эки айлык мөөнөт ичинде каттоочу органга берилет. Арызга төмөнкүлөр тиркелет:

1) диний бирикменин жетекчиси кол койгон диний бирикменин уставы;

2) уюштуруу чогулушунун (съезддин, конференциянын) протоколу;

3) каттоочу орган белгилеген форма боюнча түзүлүп жаткан диний бирикменин демилгечил-жарандарынын электрондук жана кагаз түрүндөгү тизмеси;

4) диний бирикменин жайгашкан жерин айгинелеген документ;

5) диний окуунун пайда болуу тарыхы менен негиздерин ачып берүүчү жана ага тиешелүү диний иш-аракеттер жөнүндө маалыматтарды камтыган басма сөз диний материалдары;

6) юридикалык жактын мамлекеттик катталуусу үчүн алым төлөнгөндүгүн ырастоочу документ;

7) диний бирикменин башчысын шайлоо жөнүндө чечим же болбосо чет өлкөлүк диний борбордун жетекчиси дайындалган учурда ыйгарым укуктуу орган менен макулдашууну айгинелеген документ.

4. Аймактык диний бирикмени каттоодо аймактык диний бирикмелерди түзүүнү демилгелеген жергиликтүү диний бирикмелердин ар биринин катышуучуларынын тизмеси каттоочу орган белгилеген форма боюнча, ошондой эле алардын жергиликтүү диний бирикмелеринин уставдарынын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү кошумча берилет.

5. Катталган күндөн тартып бир жыл өткөнгө чейин республикалык диний бирикмелер статусун айгинелөө үчүн аймактык юстиция органдарында алардын түзүмдүк бөлүмдөрү (филиалдары жана өкүлчүлүктөрү) тарабынан эсептик каттоодон өткөндүгүн көрсөткөн документтердин көчүрмөлөрүн каттоону жүзөгө ашыруучу органга берүүгө милдеттүү.

6. Ушул статьянын 5-пунктунун талаптары аткарылбаган учурда республикалык диний бирикме Казакстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленгендей тартипте кайрадан уюштурулууга же жоюлууга тийиш.

7. Диний бирикмелерди мамлекеттик жактан каттоо жана алардын филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн эсепке алган каттоосу, диний бирикмелерди кайрадан каттоо, каттоодон баш тартуу ушул Мыйзамда каралган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен Казакстан Республикасынын «юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жана филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү эсептик каттоо жөнүндө» Мыйзамында каралган тартипте жана мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

8. Мамлекеттик катталуунун (кайра катталуунун) мөөнөтү дин таануу экспертизасын жүргүзүү жана диний бирикмени түзүүнүн демилгечи-жарандарынын тизмесин ушул Мыйзамдын талаптарына ылайыктуулугун текшерүү үчүн атайын бир убакытка токтотулуп турат.

9. Каттоочу орган мамлекеттик катталуунун (кайра катталуунун) мөөнөтүн бузуу жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып үч жумушчу күндөн кечиктирбестен дин таануу экспертизасын өткөрүүнү уюштуруу жана диний бирикмени түзүүнүн демилгечи-жарандарынын тизмелерин текшерүү үчүн зарыл болгон документтердин көчүрмөлөрүн ыйгарым укуктуу органга жиберет.

10. Берилген документтерди мыйзамдарга ылайык текшерүүнүн, дин таануу экспертизасынын, диний бирикмени түзүүнүн демилгечи-жарандарынын тизмесин текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча диний бирикмени мамлекеттик катталуу же мамлекеттик каттоого макул болбоо жөнүндө чечим чыгарат.

**16-берене. Диний бирикменин уставы**

Диний бирикме өз ишин Уставдын негизинде жүргүзөт, ага төмөнкүлөр кириши тийиш:

1) ишмердүүлүктүн аталышы, предмети жана максаты;

2) жайгашкан жери жана ал өз иш-аракетин жүргүзчү аймак;

3) башкаруу органдарынын түзүлүшү, түзүү тартиби жана иштей турган иштери;

4) катышуучулардын (мүчөлөрдүн) укуктары жана милдеттери;

5) кайсы динге таандыктыгы, анын диний окутуусунун негиздери жана ага тиешелүү диний иш жөнүндө маалыматтар;

6) диний бирикменин мүчөлүгүнө кабыл алуу менен андан чыгуунун шарттары жана тартиби;

7) мүлккө ээ болуунун булактары;

8) уюштуруу документтерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби;

9) иш-аракетти кайра уюштуруунун жана токтото туруунун шарттары;

10) жоюлган учурда калган мүлктү пайдалануу тартиби;

11) филиалдар жана өкүлчүлүктөр жөнүндө маалыматтар.

2. Диний бирикменин уставында анын иш-аракетине тиешелүү жана Казакстан Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка жоболор да камтылышы ыктымал.

3. Диний окутуунун жана диний иштин негиздери жөнүндө маалыматтарда негизги диний идеялар, диний бирикменин ишинин формалары, ошол диний бирикменин катышуучуларынын (мүчөлөрүнүн) жана башка адамдардын никеге жана үй-бүлөгө, билимине, ден соолугуна карата мамиленин өзгөчөлүктөрү, анын катышуучуларынын (мүчөлөрүнүн) жана кызматчыларынын конституциялык укуктары менен милдеттерин ишке ашырууга карата мамилеси камтылууга тийиш.

**17-берене. Диний бирикмени каттоодон баш тартуу**

1. Диний бирикмени мамлекеттик каттоодон, анын түзүлүштүк бөлүгүн (филиалын жана өкүлчүлүгүн) эсептик жактан каттоодон баш тартуу Казакстан Республикасынын мыйзамдары боюнча, ошондой эле уюштуруу боюнча жана башка документтерде камтылган маалыматтар туура эмес болгондо жана (же) түзүлгөн бирикме дин таануу экспертизасынын натыйжаларынын негизинде диний бирикме катары эсептелбеген учурларда болот.

2. Каттоодон баш тартуу жөнүндө чечими боюнча сотко кайрылууга болот.

**18-берене. Диний бирикмени кайрадан уюштуруу жана жоюп салуу**

1. Казакстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык диний бирикмелерди кайрадан түзүү диний бирикменин уюштуруу документтери менен ыйгарым укук берилген органдын чечими же соттун чечими боюнча биригүү, кошулуу, бөлүү, кайра түзүү жана бөлүнүп чыгуу жолу менен ишке ашырылышы мүмкүн. Диний бирикме башка диний бирикмеге же жеке менчик мекемеге гана өзгөрүшү мүмкүн. Диний бирикмелерди кайра уюштуруунун натыйжасында түзүлгөн уюмдар ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык келген учурда диний бирикмелер катары катталышы мүмкүн.

2. Диний бирикменин ишин токтотуу жана таптакыр жоюп салуу Казакстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

**19-берене. Мамлекет жана чет өлкөлүк диний бирикмелер**

1. Ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуусу жок чет өлкөлүк диний борбор тарабынан коюлган диний бирикменин башчысынын ишке киришүүсүнө жол берилбейт.

2. Диний бирикменин башчысынын кызмат ордуна келе турган талапкерди макулдашуу үчүн чет өлкөлүк диний борбор ыйгарым укуктуу органга төмөнкү документтерди сунуштайт:

1) жалпы эле талапкер жөнүндө, жана анын чет өлкөлүк диний борбордогу мурдагы кылган иш-аракеттери тууралуу маалыматтарды камтыган өтүнүч;

2) талапкерди Казакстан Республикасынын аймагында иштеген диний бирикменин башчысы кылып бекитүү жөнүндө чечим;

3) диний бирикменин башчысынын кызмат ордуна коюла турган талапкердин паспортунун же инсандык күбөлүгүнүн көчүрмөсү.

Бул документтер Казакстан Республикасында казак жана орус тилинде которулуп, ошол котормонун аныктыгы жана аны которгон котормочунун кол тамгасынын аныктыгын нотариалдык жактан күбөлөндүрүүсү менен берилет.

3. Бул берененин 2-пунктунда көрсөтүлгөн документтер ыйгарым укуктуу орган тарабынан алар берилген күндөн тартып отуз календардык күндүн ичинде каралышы тийиш.

4. Талапкердин иштери эгерде конституциялык түзүлүшкө, коомдук тартипке, адам укуктарына жана эркиндиктерине, калктын ден соолугуна жана адеп-ахлагына коркунуч туудурушу мүмкүн болсо, ыйгарым укуктуу орган чет өлкөлүк диний борбор тарабынан Казакстан Республикасындагы диний бирикменин башчысын дайындоого уруксат берүүдөн баш тартат.

## 5-бөлүм. ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕРДИН МҮЛК БОЮНЧА УКУКТУК МАМИЛЕЛЕРИ

### 20-берене. Диний бирикмелердин менчиги

1. Диний бирикмелер өз каражаттарынын эсебинен сатып алынган же жасалган, Казакстан Республикасынын жарандары, чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жок адамдар, уюмдар берген же Казакстан Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка негиздер боюнча сатып алынган мүлктүн үстүнөн менчик укугуна ээ.

2. Диний бирикмелердин менчиги болуп менчик укугунда турган кыймылсыз жана кыймылдуу мүлк саналат.

3. Диний бирикмелердин менчигинде Казакстан Республикасынын чегинен тышкары жайгашкан мүлк да болушу ыктымал.

4. Диний бирикмелер ыктыярдуу каржылык жана бөлөк кайрымдуулуктарды алуу үчүн кайрылууга жана алууга укуктуу.

5. Диний бирикмелердин менчикке болгон укугу мыйзам менен корголот.

### 21-берене. Мамлекеттин, уюмдардын жана жеке жактардын менчиги болгон мүлктү пайдалануу

1. Диний бирикмелер аларга келишимдик негизде берилген имараттарды, территорияларды жана мүлктү пайдаланууга укуктуу.

2. Диний багыттагы тарых жана маданият эстеликтери Казакстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык диний бирикмелерге пайдаланууга берилиши мүмкүн.

### 22-берене. Жоюлган диний бирикменин мүлкүн териштирүү

1. Диний бирикменин иш-аракетин жоюп же токтоткон учурда анын

менчигинде турган мүлктү териштирүү анын уставы жана Казакстан Республикасынын мыйзамдары боюнча ишке ашырылат.

2. Эгерде диний бирикменин укук мураскорлору жок болгон учурда, мүлк Казакстан Республикасынын мамлекеттик мүлк жөнүндө мыйзамдары боюнча мамлекеттин курамына өтөт.

**6-бөлүм. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР**

**23-берене. Казакстан Республикасынын диний иштер жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

Казакстан Республикасынын диний иштер жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамын бузуу Казакстан Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн жоопкерчиликти тартууга алып келет.

**24-берене. Өткөөл жоболор**

1. Диний бирикмелер бул Мыйзам колдонууга киргизилген күндөн тартып бир жылдын ичинде бул Мыйзамдын талаптарына ылайык өзүнүн уюштуруу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө милдеткер. Аны менен чогуу каттоочу органга диний бирикменин статусун аныктаган документтер берилет.

2. Диний кызыкчылыктарды жана муктаждыктарды канааттандыруу менен алектенген жана бул Мыйзам колдонууга киргизилгенге чейин башка уюштуруу-укуктук формада түзүлгөн, диний бирикмеден башка юридикалык жактар дагы бул Мыйзам колдонууга киргизилген күндөн тартып бир жылдын ичинде өзүнүн уюштуруу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө милдеттүү.

3. Көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин өзүнүн уюштуруу документтерин бул Мыйзамдын талаптарына ылайык түзбөгөн юридикалык жактар диний бирикмелерди мамлекеттик каттоону жүзөгө ашыруучу органдын кайрылуусу боюнча сот тартибинде жоюлат.

**25-берене. Корутунду жоболор**

1. Бул Мыйзам расмий жарыялангандан кийин он календардык күн өтөр менен колдонууга киргизилет.

2. «Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө» Казакстан Республикасынын 1992-жылдын 15-январындагы Мыйзамы күчүн жоготту деп таанылсын (Казакстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1992-ж., №4, 84-б.; 1995-ж., №20, 120-б., 121; Казакстан Республикасынын Парламентинин Ведомосттору, 1997-жыл, №13-14, 205-б.; 2004-ж., № 23, 142-б.,; 2005-ж., №5, 5-б; № 13 , 53-б; 2007-ж., № 9, 67-б; 2011-ж., № 11., 102-б.).

**Казакстан Республикасынын Президенти Н.Назарбаев.**

*Тиркеме2*

**ЭКСТРЕМИЗГЕ КАРШЫЛЫК КҮРӨШҮҮ БОЮНЧА**
**Казакстан Республикасынын 2005-жылдын 18-февралындагы № 31-III ЗРК Мыйзамы**

Бул Мыйзам менен адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин, конституциялык түзүлүштүн негиздерин коргоо, Казакстан Республикасынын көз карандысыздыгын, анын территориясынын бүтүндүгүн, кол тийбестигин жана ажыратылбастыгын, улуттук коопсуздукту камсыз кылуу максатында экстремизмге каршы аракеттенүүнүн укуктук жана уюштуруучулук негиздери аныкталат.

**1-берене. Бул Мыйзамда пайдаланылган башкы түшүнүктөр**

Бул Мыйзамда төмөнкүдөй башкы түшүнүктөр пайдаланылат:

1) экстремисттик иш-аракеттерди уюштуруу – экстремисттик аракеттерге жетекчилик кылуу, экстремизмди каржылоо, адамдарды жалдоо, экстремисттик максатта каражаттарды жана куралдарды даярдоо жана сатып алуу, ошондой эле жеке жана (же) юридикалык жактардын бирикмелеринин экстремизмди ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган башка аракеттери;

2) экстремизмге каршы аракет кылуу – мамлекеттик органдардын адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин, конституциялык түзүлүштүн негиздерин коргоого, Казакстан Республикасынын экстремизмден бүтүндүгүн жана улуттук коопсуздугун камсыз кылууга, экстремизмдин алдын алууга, табууга, бөгөт коюуга жана анын кесепеттерин жоюуга, ошондой эле экстремизмди жүзөгө ашырууга өбөлгө болуучу себептер менен шарттарды табууга жана жоюуга багытталган иши;

3) экстремизмдин алдын алуу иши – экстремизмдин алдын алууга, эскертүүгө багытталган укуктук, уюштуруучулук, тарбиялык, пропагандалык жана башка чаралардын тутуму;

4) экстремисттик иш-аракет – экстремисттик максаттарды түздөн-түз ишке ашыруу, анын ичинде мындай аракеттерди жасоого ачык чакыруу, экстремисттик уюмдардын символикасын жайылтуу, үгүттөө жана эл алдында көрсөтүү;

5) экстремизм – уюштуруу жана (же) аткаруу:

жеке жана (же) юридикалык жак, жеке жана (же) юридикалык жактардын бирикмеси тарабынан, экстремисттик деп таанылган уюмдардын атынан иш-аракеттер;

жеке жана (же) юридикалык жак, жеке жана (же) юридикалык жактардын бирикмеси тарабынан төмөнкү экстремисттик максаттарды көздөгөн иш-аракеттер: конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүү, Казакстан Республикасынын көз карандысыздыгын, бүтүндүгүн, кол тийбестигин жана анын территориясынын ажырагыстыгын бузуу, мамлекеттин улуттук коопсуздугун жана коргонуу жөндөмдүүлүгүн кыйратуу, бийликти күч менен басып алуу же бийликти күч менен кармап туруу, мыйзамсыз куралданган топторду жаратуу, жетектөө жана ага катышуу, социалдык, таптык кастыкты козутуу (саясий экстремизм);

расалык, улуттук жана уруулук уруштарды, анын ичинде зомбулукка же зомбулукка байланыштуу чакырыктарды (улуттук экстремизм) козутуу;

диний кастыкты же араздашууну, анын ичинде зомбулук жасоо же зомбулукка чакыруу менен байланышкан ар кандай диний практиканы козгоо, ошондой эле жарандардын коопсуздугуна, өмүрүнө, ден соолугуна, адеп-ахлагына же укуктарына жана эркиндиктерине коркунуч келтирген ар кандай диний практиканы колдонуу (диний экстремизм);

6) экстремисттик уюм – экстремизмди жүзөгө ашыруучу жана сот тарабынан экстремисттик деп таанылган юридикалык жак, жеке жана (же) юридикалык жактардын бирикмеси;

7) экстремисттик материалдар – экстремисттик аракеттерди ишке ашырууга чакырган же аларды жасоонун зарылдыгын негиздеп же актаган басып чыгарууга жана таратууга арналган ар кандай документтер же маалыматтар;

8) экстремизмди каржылоо – жеке жана (же) юридикалык жактарды, жеке жана (же) юридикалык жактардын бирикмелерин экстремисттик максаттарда, анын ичинде аларга финансылык каражаттарды, кыймылсыз мүлктү, окуу, полиграфиялык жана материалдык-техникалык базаны, телефондук, факсимилдик жана байланыштын башка түрлөрүн, маалыматтык кызматтарды, ошондой эле башка материалдык-техникалык каражаттарды берүү жолу менен каржылоо.

**2-берене. Казакстан Республикасынын экстремизге каршы күрөшүү жөнүндө мыйзамдары**

1. Казакстан Республикасынын экстремизмге каршы иш-аракет кылуу жөнүндө мыйзамдары Казакстан Республикасынын Конституциясына негизделет жана бул Мыйзамдан жана Казакстан Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

2. Эгерде Казакстан Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимде бул Мыйзамда камтылгандан башка эрежелер көрсөтүлсө, анда эл аралык келишимдин эрежелери пайдаланылат.

**3-берене. Экстремисттик уюмдарды түзүүгө тыюу салуу**

Казакстан Республикасынын территориясында максаты же аракети экстремизмди жүзөгө ашырууга багытталган чет өлкөлүк жана (же) эл аралык уюмдардын уюмдарын, структуралык бөлүмдөрүн (филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн) түзүүгө жана анын ишине тыюу салынат.

Казакстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте экстремисттик деп таанылган уюмдардын аталыштарын жаңыдан катталып жаткан уюмдардын аталыштарында колдонууга жол берилбейт.

**4-берене. Экстремизмге каршы иш-аракеттердин негизги милдеттери жана принциптери**

1. Экстремизмге каршы иштердин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр

саналат: Казакстан Республикасында экстремизмди билдирүүнүн ар кыл түрлөрүнө карабастан ишке ашырууга жол бербөө;

экстремизмди жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө жол бербөө; жарандардын саясий жана укуктук маданиятын калыптандыруу;

Казакстан Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу.

2. Экстремизмге каршы күрөш төмөнкү принциптерге негизделет:

мыйзамдын үстөмдүгү;

адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин теңдиги, анын расасына, улутуна, тилине, динге болгон мамилесине, социалдык топторго таандыктыгына карабастан;

коомдук, анын ичинде улуттар аралык жана конфессиялар аралык ынтымак;

мамлекет менен коомдук институттардын өз ара аракеттенүүсү;

ачык-айкындык.

**5-берене. Экстремизмге каршы күрөшүүнүн негизги багыттары**

Экстремизмге каршы аракеттенүү төмөнкү негизги багыттар боюнча жүзөгө ашырылат: экстремизмдин алдын алууга багытталган профилактикалык чараларды көрүү, анын ичинде аны ишке ашырууга өбөлгө болуучу себептерди жана шарттарды аныктоо жана аны четтетүү; экстремизмди аныктоо жана бөгөт коюу; экстремизмге каршы чаралар боюнча эл аралык кызматташтык.

**6-берене. Экстремизмди алдын алуу боюнча мамлекеттик органдардын компетенциясы**

Мамлекеттик органдар өз компетенциясынын чегинде экстремизмдин алдын алууга багытталган төмөнкүдөй алдын алуу чараларын ишке ашырышат:

1) диний бирикмелер менен байланыштар боюнча мамлекеттик орган Казакстан Республикасынын аймагында түзүлгөн диний бирикмелердин жана кандайдыр бир диний окууларды таратуу жана (же) жайылтуу менен алектенген чет элдиктердин ишин иликтейт жана талдайт, анын компетенциясына кирген маселелер боюнча маалыматтык-пропагандалык иш-чараларды жүзөгө ашырат, дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө Казакстан Республикасынын мыйзамдарын бузууга тиешелүү маселелерди карайт, диний бирикмелердин ишине тыюу салуу жөнүндө сунуштарды киргизет;

2) жалпыга маалымдоо каражаттарынын иштери боюнча ыйгарым укуктуу орган жалпыга маалымдоо каражаттарынын продукциясына экстремизмди пропагандалоого жана актоого жол бербөө үчүн алардын Казакстан Республикасынын мыйзамдарын сакташына көзөмөл жүргүзөт, мамлекеттик заказды аткаруучу жалпыга маалымдоо каражаттарында улуттар аралык жана конфессиялар аралык ынтымакты бекемдөө маселелерин чагылдырууну камсыз кылат;

3) билим берүү жаатындагы борбордук аткаруу органы билим берүү уюмдарында экстремизм идеяларын жайылтпоону, эл аралык укуктун жана гуманизмдин жалпы таанылган принциптерин урматтоону калыптандырууга багытталган тарбиялоо программаларын бекитүүнү жана ишке ашырууну камсыз кылат, окуу жайлардын студенттерин алмашуу маселелери боюнча эл аралык келишимдердин сакталышына көзөмөлдү ишке ашырат;

4) Казакстан Республикасынын улуттук коопсуздук органдары ыкчам издөө иш-чараларын жүргүзүшөт жана Казакстан Республикасынын мыйзамдарына жараша мамлекеттик органдардын жүйөлүү корутундулары боюнча өз аракеттери менен коомдун жана мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч же зыян келтирген чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын Казакстан Республикасына кирүүсүнө жол бербөө боюнча чараларды ишке ашырышат;

5) Казакстан Республикасынын ички иштер органдары коомдук тартипти сактоо жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча ыкчам-издөө ишин, аткаруучу жана тескөөчү функцияларды жүзөгө ашырат, ошондой эле Казакстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз аракеттери менен коомдун жана мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч же зыян келтирген чет өлкөлүктөрдү жана жарандыгы жок адамдарды Казакстан Республикасынан чыгарып салууну жүзөгө ашырат;

6) облустардын (республикалык маанидеги шаарлардын, борборлордун), райондордун (облустук маанидеги шаарлардын) жергиликтүү аткаруу органдары коомдук бирикмелер менен өз ара аракеттенишет, тиешелүү

аймактарда түзүлгөн диний бирикмелердин жана кандайдыр бир диний окууларды таратуу жана (же) жайылтуу менен алектенген чет элдиктердин ишин изилдейт, алар жөнүндө маалыматтар банкын курат, алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча региондук деңгээлде маалыматтык-пропагандалык иш-чараларды жасайт, региондогу диний кырдаалды иликтөөнү жана талдоону жүргүзөт.

**7-берене. Экстремизмди аныктоо жана токтотуу боюнча мамлекеттик органдардын компетенциясы**

1. Казакстан Республикасынын улуттук коопсуздук органдары жана ички иштер органдары Казакстан Республикасынын мыйзамдары менен ушул органдардын карамагына кирген кылмыштарды аныктайт, токтотот, ачып берет жана изилдейт, ошондой эле Казакстан Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды аткарат.

2. Прокурорлор жеке жана юридикалык жактар, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү (филиалдары жана өкүлчүлүктөрү) тарабынан экстремизмге каршы аракет кылуу боюнча мыйзамдарды бузуу фактылары табылганда же укукка каршы аракеттер даярдалып жаткандыгы жөнүндө маалыматтар болгондо, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу адамдын жана жарандын укуктарына жана эркиндиктерине, ошондой эле юридикалык жактардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына зыян келтириши мүмкүн болгон экстремисттик материалдар тараган учурда экстремизмдин ар кандай көрүнүштөрүн четтетүү жөнүндө прокурордук көзөмөлдүн актыларын киргизишет, анын ишке ашырылышына өбөлгө түзгөн себептер жана шарттарды четтетүү боюнча, бузулган укуктарды калыбына келтирүү жөнүндө, экстремизмди жүзөгө ашырган учурда уюмдардын ишин токтото туруу жана тыюу салуу жөнүндө сотко арыз берет, ошондой эле Казакстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана чектерде камоо ишин ишке ашырат.

3. Башка мамлекеттик органдар Казакстан Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн компетенцияларынын чегинде экстремизмди аныктоого жана бөгөт коюп, токтотууга катышат.

**8-берене. Уюмду экстремисттик уюм деп таануунун тартиби**

1. Уюмду экстремисттик деп таануу сот тартибинде ишке ашырылат. Эгерде анын бөлүмдөрүнүн (филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн) бири ошол уюмдун жетекчилеринин бирөөсүнүн уруксаты менен экстремисттик ишти жасаса, анда ал уюм экстремисттик деп таанылат.

2. Уюмду экстремисттик деп табуу жөнүндө арыз, ушул берененин 3-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, сотко прокурор, ички иштер органдары же Казакстан Республикасынын жарандары тарабынан берилет.

3. Казакстан Республикасынын жана (же) башка мамлекеттин аймагында өз ишин жүзөгө ашырган чет өлкөлүк же эл аралык уюм прокурордун арызы боюнча Казакстан Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте Астана шаарынын соту тарабынан экстремисттик деп таанылат.

4. Казакстан Республикасынын мамлекеттик органдары өз компетенциясынын чегинде уюмду экстремисттик деп таануу үчүн зарыл болгон далил базасын түзүү үчүн материалдарды прокуратура, ички иштер органдарына берүүгө милдеттүү.

**9-берене. Экстремисттик уюмдардын жана экстремизмди жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылган адамдардын эсебин алуу**

1. Экстремизмдин алдын алуу, аныктоо жана бөгөт коюу максатында өз компетенциясынын чегинде укуктук статистика жана атайын эсепке алуу жаатында статистикалык иш жүргүзгөн мамлекеттик орган соттордун чечимдеринин негизинде экстремисттик уюмдардын жана экстремизмди жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылган адамдардын эсебин жүргүзөт.

2. Сот тарабынан уюм экстремисттик деп таанылганда же экстремизмди жүзөгө ашырууда уюмду жоюу жана экстремизмди жасагандыгы үчүн адамдарды жоопкерчиликке тартуу аркылуу ишти токтото туруу же тыюу салуу учурунда сот өзүнүн компетенциясынын чегинде укуктук статистика жана атайын эсепке алуу жаатындагы статистикалык ишти жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органга дароо маалыматтык эсепке алуу документтерин жөнөтүүгө милдеттүү.

**10-берене. Казакстан Республикасынын мамлекеттик органдарынын чет мамлекеттердин органдары жана эл аралык уюмдар менен экстремизмдин алдын алуу, аныктоо жана бөгөт коюу жаатында өз ара аракеттенүүсү**

1. Казакстан Республикасынын мамлекеттик органдары экстремизмдин алдын алуу, аныктоо жана бөгөт коюу максатында чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен кызматташат.

2. Казакстан Республикасынын экстремизмге каршы аракеттенүүнү ишке ашырган мамлекеттик органдары чет мамлекеттердин компетенттүү органдары, эл аралык укук коргоо уюмдары менен кызматташат, Казакстан Республикасынын мыйзамдарына жана (же) эл аралык келишимдерге ылайык Казакстан Республикасынын же башка мамлекеттердин аймагында ыкчам-издөө иш-чараларын жүргүзүшөт.

Бул Мыйзамдын 7-беренесинин 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн мамлекеттик органдар башка мамлекеттердин компетенттүү органдарынын, эл аралык укук коргоо уюмдарынын экстремизмди жасаган жерине карабастан

экстремизмге тиешеси бар адамдарды кайрылуусу боюнча Казакстан Республикасынын аймагында куугунтукташат.

**11-берене. Мамлекеттик органдардын ишин координациялоо**

Казакстан Республикасында экстремизмге каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик органдардын ишин координациялоону Казакстан Республикасынын Президенти аныктаган мамлекеттик орган ишке ашырат.

**12-берене. Экстремизмди ишке ашыруу, жарыялоо жана жайылтуу үчүн байланыш тармактарын жана каражаттарын, экстремисттик материалдарды пайдаланууга жол бербөө**

Казакстан Республикасынын аймагында экстремизмди жасоо үчүн байланыш тармактарын жана каражаттарын пайдаланууга, ошондой эле экстремисттик материалдарды басып чыгарууга жана таратууга тыюу салынат. Экстремизмди жасаш үчүн байланыш тармактарын же каражаттарын пайдаланган учурда ыкчам-издөө ишин жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу органдар Казакстан Республикасынын мыйзамдары боюнча ар кандай байланыш тармактарынын жана каражаттарынын ишин токтото турууга укуктуу.

Байланыш тармактарынын жана каражаттарынын ишине тыюу салуу сот тарабынан Казакстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Маалыматтык материалдарда экстремисттик максаттардын бар же жогун аныктоо прокурордун арызынын негизинде мындай материалдарды чыгарууну жүзөгө ашырган уюм жайгашкан аймактагы сот тарабынан жүзөгө ашырылат.

Маалыматтык материалдарда диний экстремизмдин белгилери бар экендигин сот тарабынан аныктоо үчүн соттук экспертизанын корутундусу керек.

**13-берене. Тынч чогулуштарды, митингдерди, жүрүштөрдү, пикеттерди жана демонстрацияларды өткөрүүдө экстремизмди жүзөгө ашырууга жол бербөө**

Тынч чогулуштарды, митингдерди, жүрүштөрдү, пикеттерди жана демонстрацияларды өткөрүүдө экстремизмди кылууга жол берилбейт. Жоопкерчилик жөнүндө тынч чогулуштарды, митингдерди, жүрүштөрдү, пикеттерди жана демонстрацияларды уюштуруучуларга республикалык маанидеги шаардын, борбордун жана райондун (облустук маанидеги шаардын) жергиликтүү аткаруу органы тарабынан жазуу жүзүндө эскертилет.

Тынч чогулуштарды, митингдерди, жүрүштөрдү, пикеттерди жана демонстрацияларды өткөрүүдө аларга экстремисттик уюмдарды тартууга, алардын символикасын пайдаланууга, ошондой эле экстремисттик материалдарды таратууга жол берилбейт.

Бул беренеде каралган учурлар байкалган учурда тынч чогулуштарды, митингдерди, жүрүштөрдү, пикеттерди жана демонстрацияларды уюштуруучулар же аларды өткөрүүгө жоопту башка адамдар көрсөтүлгөн бузууларды четтетүү боюнча токтоосуз чара көрүүгө милдеттүү. Бул милдетти аткарышпаса тынч чогулуштарды, митингдерди, жүрүштөрдү, пикеттерди жана демонстрацияларды токтотууга жана Казакстан Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча жана тартипте алардын уюштуруучуларын жоопкерчиликке тартууга алып келет.

**14-берене. Экстремизмди каржылоого жол бербөө**

Казакстан Республикасынын территориясында жеке жана (же) юридикалык жактардын, жеке жана (же) юридикалык жактардын бирикмелеринин, анын ичинде Казакстан Республикасынын территориясында өз ишин жүзөгө ашырган чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын экстремизмди каржылоого багытталган ишине тыюу салынат.

Бул беренеде каралган учурлар аныкталган кезде жеке жана (же) юридикалык жактар, жеке жана (же) юридикалык жактардын бирикмелери, анын ичинде Казакстан Республикасынын аймагында өз ишин кылган чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар Казакстан Республикасынын мыйзамдары боюнча жоопкерчилик тартышат.

**15-берене. Казакстан Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын экстремизмди кылуудагы жоопкерчилиги**

Экстремизмди кылгандыгы үчүн Казакстан Республикасынын жарандары, чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жок адамдар Казакстан Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген жоопкерчиликке тартылышат. Сот тарабынан экстремисттик уюмдардын катышуучулары деп таанылган же экстремисттик аракеттерди жасаган адамдар мамлекеттик кызматка, аскердик кызматка жана укук коргоо органдарындагы кызматка кирүүсүнө чектөө коюлушу мүмкүн.

**16-берене. Экстремизмди кылган уюмдардын жоопкерчилиги**

1. Юридикалык жактын, ошондой эле чет өлкөлүк жана (же) эл аралык уюмдун структуралык бөлүмүнүн (филиалынын жана өкүлчүлүгүнүн) иши алар экстремизмди кылган учурда Казакстан Республикасынын мыйзам актыларында каралган тартипте сот тарабынан уюмду жоюу аркылуу токтотулат же тыюу салынат. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын менчик ээсинин же таратуучусунун иши ушул жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу менен экстремизмди кылган учурда сот тарабынан токтотулат же тыюу салынат.

Сот тарабынан экстремизмди кылууда юридикалык жакты жоюу менен анын ишине тыюу салуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда, анын структуралык бөлүмдөрү (филиалдары жана өкүлчүлүктөрү) да жоюлууга тийиш.

2. Экстремизмди кылган учурда жеке жактардын бирикмесинин ишине бул Мыйзамдын 7-беренесинин 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн органдардын арызы боюнча сот тарабынан тыюу салынат.

Экстремизмди кылган жеке жактардын бирикмесинин ишине тыюу салуу жөнүндө сот чечим кабыл алган учурда ага чогулуштарды жана башка массалык иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө, ошондой эле пропагандалык жана үгүт иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат.

**Казакстан Республикасынын Президенти Н.Назарбаев.**

*Тиркеме 3*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАРЫ ЖӨНҮНДӨ: Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 31-декабрындагы №282 мыйзамы**

**1-бөлүм. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

**1-берене. Бул Мыйзамдын жөнгө салуу предмети**

1. Бул Мыйзам Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимдерде аныкталган адамдын дин тутуу эркиндиги боюнча укуктарын камсыз кылууга, ошондой эле диний иш-аракеттерди жүргүзүү боюнча маселелерди жөнгө салууга, диний уюмдардын укуктук абалын, Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларын белгилөөгө багытталган.

2. Бул Мыйзам дин иштери боюнча коомдук комитеттерди түзүү жолу менен дин иштери боюнча мамлекеттик орган менен бирдикте коомдук тартипти, диний коопсуздукту, аймактык бүтүндүктү жана конституциялык түзүлүштү диний экстремизмден коргоону камсыз кылуу үчүн дин жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын жана милдеттерин аныктайт.

**2-берене. Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдардын ишмердүүлүгү жөнүндө мыйзамдар**

1. Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан жана ага ылайык кабыл алынган башка ченемдик укуктук актылардан турат. Мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ушул Мыйзамга карама-каршы келген ченемдик укуктук актыларды чыгарууга жол берилбейт.

2. Диний абалды турукташтыруу, диний экстремисттик баш аламандыкты четтетүү, мамлекеттик (улуттук) коопсуздукту камсыз кылуу максатында диний окутуу боюнча кошумча укуктук актыларды белгилөөгө жол берилет.

**3-берене. Бул Мыйзамда колдонулган негизги терминдер жана түшүнүктөр**

Бул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөндөгүдөй негизги терминдер жана түшүнүктөр пайдаланылат:

табынуу кызматы – иштелип чыккан ырым-жырым жана диний окуунун талаптары боюнча дин кызматкерлери тарабынан жасалуучу табынуу жөрөлгөлөрүнүн жана иш-аракеттеринин жыйындысы;

дин тутуу – салттуу табынуу тажрыйбасы бар кайсы бир динге таандык диний окуу;

диний табынуу – дин кызматкерлеринин жана динге ишенгендердин өзгөчө ырым-жырымы, иш-аракети менен туюнтулуучу ар кандай диндеги милдеттүү элементтеринин бири;

табынуу мүлкү – диний ырым-жырымдарды, каада-салттарды жана аземдерди жасоого зарыл предметтер, башка материалдык объектилер (имараттар, мечиттер жана жыйын буюмдары ж.б.);

миссия – өзүнүн диний ишенимин жайылтуу максатында өлкөгө келген чет өлкөнүн диний уюму же диний уюмдардын өкүлдөрү;

миссионердик ишмердүүлүк – өзүнүн диний ишенимин жайылтууга багытталган иш-аракет;

зыярат кылуу – динге ишенгендердин диндин маанилүү ыйык жерлерине барышы;

прозелитизм – башка дин окууларын туткандарды өзүнүн динине киргизүүгө умтулуусу;

дин – дүйнөгө көз караш жана дүйнө тааным, ошондой эле табияттан тышкаркы күчтөргө ишенүүгө негизделген тиешелүү жүрүм-турум жана өзгөчө иш-аракет (табынуу);

диний ишмердүүлүк – динге ишенгендердин диний муктаждыктарын канааттандырууга багытталган иш-аракет, диндерди жайылтуу, диний таалим-тарбия, табынуу иштерин, сыйынуу чогулуштарын өткөрүү, үгүт-насыят окуу, дин адистерин, дин кызматкерлерин окутуу, миссионердик иш, ошондой эле диний уюмдун табынуу ишин уюштуруучулук жана материалдык жактан камсыз кылууга багытталган дагы башка иш (диний адабиятты басып чыгаруу жана жайылтуу, табынуу буюмдарын жасоо жана жайылтуу, диний кызматчылар жана дин кызматкерлери үчүн тиешелүү кийим-кечек чыгаруу, дагы башка иш-аракеттер);

диний ырым-жырымдар – диний түшүнүктөр камтылган диний окуу менен белгиленген иш-аракеттердин жыйындысы;

диний каада-салттар жана аземдер – ырым-жырым иш-аракеттерин жасоонун диний окууда белгиленген тартиби;

дин тутуу эркиндиги – адамдын диний ынанымдарды тандап алуу, диний ишенимдерге ээ болуу, алмаштыруу, билдирүү жана жайылтуу, ушуларга ылайык мыйзамдарда тыюу салынбаган динге табынуу иштерине, ырым-жырымдарга, каада-салттарга катышуу укугу;

дин кызматкери – тиешелүү диний уюм (бирикме) тарабынан дин кызматчылык, имамдык, пасторлук, үгүттөөчүлүк кызматын кылууга ыйгарым укук берилген адам;

секта – негизги диний окуунун кайсы бир конфессиясынан бөлүнүп чыккан, аны менен макул болбогон, коомдун кызыкчылыктарына кайдыгер караган жана каршы турган диний агым (жамаатчылык);

диний символ – белгилүү бир динге таандык экендигин көрсөткөн атрибут же буюм түрүндөгү белги.

**4-берене. Дин тутуу эркиндигине укук**

1. Кыргыз Республикасында ар кимге дин тутуу жана атеисттик ынаным эркиндигин карманууга кепилдик берилет.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары өздөрүнүн динге болгон мамилесине жана диний же атеисттик ынанымдарына карабастан жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий турмуштун бардык тармактарында мыйзам алдында бирдей. Расмий документтерде жарандын динге карата мамилесин көрсөтүүгө жол берилбейт.

3. Жаран динге, дин тутуу же тутпоого, табынууга, диний ырым-жырымдарга жана аземдерге катышууга, динди окууга карата өзүнүн мамилесин аныктаган учурда аны кандайдыр бир жол менен мажбурлоого тыюу салынат.

4. Жарандардын алардын динге карата мамилесине жараша укуктарын чектөө жана кандайдыр бир артыкчылыктарды белгилөө, ошого тете эле касташуу жана жек көрүүчүлүктү ойготуу же алардын динге карта мамилесине байланыштуу сезим-туюмун атайлап мазактоо, тигил же бул дин тарабынан урматталуучу табынуу объектилерин маскаралоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке кириптер кылат.

5. Жашы жетелектерди диний уюмдарга тартууга жол берилбейт.

6. Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамдуу түрдө жашаган чет өлкө жарандары жана жарандыгы жоктор Кыргыз Республикасынын жарандары менен катар эле дин тутуу эркиндиги укугунан пайдаланышат жана дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликти тартышат.

7. Башка адамдардын эркиндигин жана укугун, коомдук коопсуздукту жана тартипти, аймактык бүтүндүктү, конституциялык түзүлүштү коргоону камсыз кылуу максатында Конституция жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен адамдын дин тутуу эркиндигине болгон укуктарына чектөө коюуга жол берилет. Бирок бул учурда жалпы конституциялык эркиндик жана укуктун маңызына шек келтирилбейт.

8. Диний уюмдардын иш-аракети адамдардын укугун жана кадыр-баркын кемсинтпеши, социалдык жана гендердик дискриминацияны пропагандалабашы керек.

9. Диний уюмдар, миссиялар жана алардын өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салган иш-аракеттерди жүргүзгөндүгү үчүн мыйзамда белгиленген жоопкерчиликти тартышат.

10. Өздөрүнүн диний ынанымдарынын жүйөлөрү боюнча эч ким мыйзамдарда белгиленген жарандык милдеттерди аткаруудан баш тартууга укугу жок. Диний ынанымдарынын жүйөлөрү боюнча бир милдетти башкасына алмаштырууга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда гана жол берилет.

**5-берене. Мамлекет жана дин**

1. Мамлекеттин дин тутуу чөйрөсүндөгү саясаты төмөндөгүдөй принциптерде курулат:

- Кыргыз Республикасы – диний уюмдар менен динге табынуу кызматкерлеринин мамлекеттик бийлик жана өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракетине кийлигишүүсүнө жол бербеген светтик мамлекет;
- эч кандай дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары белгилениши мүмкүн эмес;
- диний уюмдардын диний окуусу жарандар үчүн милдеттүү түрдө белгилениши мүмкүн эмес;
- бардык диндер жана диний уюмдар мыйзам алдында бирдей;
- мамлекет менен диний уюмдардын өз ара мамилеси руханий, маданий, мамлекеттик жана улуттук салттардын калыптанышына таасир этишин эсепке алуу менен мыйзам аркылуу жөнгө салынат.

2. Мамлекет дин туткан жана аны тутпаган жарандардын ортосунда, ар кандай диндерди туткан диний уюмдардын ортосунда өз ара сабырдуу жана бирин-бири сыйлаган мамилелер орношуна көмөк көрсөтөт, ошондой эле алардын жолун жолдоочулардын ортосунда диний радикализм менен экстремизмге, мамилелерди кагылыштырууга жана курчутууга, диний касташууну тутантууга багытталган иш-аракетине жол бербейт.

3. Диний уюмдардын жана дин кызматчыларынан мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кандайдыр бир басым жасаган, Кыргыз Республикасынын күчүндө турган мыйзамдарын бузган ар кандай аракети мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылат.

4. Бир конфессиянын жолдоочуларын башкаларды жолдоого (прозелитизм) багытталган иш-аракетке, ошондой эле ушул багыттагы ар кандай мыйзамсыз миссионердик ишти жүргүзүүгө тыюу салынат. Ушул эреженин бузулушуна күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылат.

5. Эгерде ал мыйзамдарга каршы келбесе, мамлекет диний уюмдардын ишине кийлигишпейт, бир динди же дин тутууну башкалардан кайсы бир жагынан артыкчылыкка ээ же чек коюлган деп белгилөөгө жол бербейт, диний уюмдардын ишин жана атеизмди пропагандалоо боюнча ишти каржылабайт.

6. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка өткөн учурда дин кызматкерлеринин дин кызматчысы катары ишмердүүлүгү белгиленген мөөнөткө токтотулат.

7. Кудайга табына турган жерлерде чогулуш, митинг, шайлоо алдындагы үгүттөө, саясий мүнөздөгү дагы башка иш-чараларды өткөрүүгө жол берилбейт.

**6-берене. Билим берүү жана дин**

1. Динге карата мамилесине карабастан, адамдарга ар кандай түрдөгү жана деңгээлдеги билим алуу мүмкүнчүлүгү берилет.

2. Диний окуу жайларын кошпогондо, билим берүү мекемелеринде диний уюмдарды түзүүгө жол берилбейт.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган диний уюмдар балдарга жана чоң кишилерге диний билим берүү үчүн уставдарына ылайык өзүнүн менчик каражаттарынан финансыланган өздөрүнүн менчик имарат-жайларын пайдалануу менен диний окуу жайларын түзүүгө жана күтүүгө укугу бар.

4. Диний уюмдар дин кызматкерлерин жана аларга зарыл диний кадрларды даярдоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте диний окуу жайларды ачууга акысы бар.

5. Жогорку жана орто диний окуу жайларда окуу үчүн «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык милдеттүү жалпы орто билим алган жарандар кабыл алынат.

6. Диний окуу жайларда дин сабактарын окуткан адамдардын тиешелүү документтер менен күбөлөндүрүлгөн атайын диний (духовный) билими болушу керек жана өз ишин өздөрү мүчө болгон диний уюмдун тиешелүү башкаруучу органдын макулдугу боюнча ишке ашырууга тийиш.

7. Диний сабактарды билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде жеке тартипте окутууга тыюу салынат.

8. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбесе, жалпы билим берүү мүнөзүндөгү дин таанытуучу сабактарды мамлекеттик окуу жайлардын программасына киргизсе болот.

9. Диний билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын аймагында иштеп жаткан окуу жайлардын бардык укуктарынан жана милдеттеринен пайдаланышат.

**7-берене. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрү менен диний уюмдардын өз ара мамилеси**

1. Динге ишенген аскер кызматчылары менен мамлекеттик органдардын өз ара мамилеси «Жалпыга бирдей аскердик милдеттер жөнүндө» жана «Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

2. Аскер кызматчылары өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын динге карата тигил же бул мамилени пропагандалоо үчүн пайдаланууга укугу жок.

## 2-бөлүм. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ДИНИЙ УЮМДАРДЫ ЖАНА ЧЕТ ЭЛДИК ДИНИЙ УЮМДАРЫНЫН МИССИЯЛАРЫН ТҮЗҮҮ

**8-берене. Диний уюмдар**

1. Кыргыз Республикасында биргелешип дин тутуу, табынуу, каада-салттарды жана аземдерди өткөрүү, диний билим берүү жана алардын ишин улантуучуларды тарбиялоо максатында түзүлгөн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу бирикмелери (диний коомдор, борборлор, диний окуу жайлар, мечиттер, чиркөөлөр, синагогалар, табынуу үйлөрү, монастырлар ж.б.) диний уюмдар деп таанылат.

2. Дин иштери боюнча мамлекеттик органдын эсепке алуу каттоосу жок диний уюмдардын иш-аракетине жана иштешине ушул Мыйзамга ылайык тыюу салынат. Каттоодон өтпөгөн диний уюмдун атынан иш жүргүзгөн адам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

3. Диний уюм жашы жеткен жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын эки жүздөн кем болбогон жаранынын демилгеси боюнча түзүлөт.

4. Тиешелүү конфессиялардын диний уюмдарынын ишин координациялоо жана багыттоо үчүн алардын борбордук бирдиктүү башкаруу органдары – диний башкармасы, союздары, конференциялары ж.б. (мындан ары – борбордук башкаруу органдары) түзүлсө болот.

Борбордук башкаруу органы Кыргыз Республикасынын кеминде тогуз регионунда (областтар, Бишкек, Ош шаарлары) иш жүргүзгөн тиешелүү конфессиялардын диний уюмдары тарабынан эсепке алуу каттоосунан өткөн уюмдаштыруу чогулушу (курултайы, конференциясы ж.б.) тарабынан түзүлөт.

Жетектөөчү борборлору Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарда жайгашкан диний уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген учурларда гана өз ишинде жогору турган борборлордун уставын жетекчиликке ала алышат.

5. Бирдиктүү дин туткан ондон кем эмес диний жамаат болсо, мында жок дегенде булардын бирөө Кыргыз Республикасынын аймагында кеминде он беш жылдан кем эмес өзүнүн иш-аракетин жүргүзсө диний бирикме түзүлөт.

6. Чет элдик диний уюмунун миссиясы деп, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарда жетектөөчү борборлору же жетекчилигинин курамында чет өлкө жарандары бар уюм аталат.

Кыргыз Республикасынын аймагында белгиленген тартипте эсепке алуу каттоосунан өтпөгөн миссиялардын иштешине жол берилбейт.

Миссиялар өздүк түзүмүнө ылайык, өзүнүн уставына (жобосуна) жараша өз кызматчыларын тандап алат, дайындайт жана алмаштырат.

**9-берене. Диний уюмдун уставы жана миссиялардын жобосу**

1. Диний уюм же миссия уставына (жобосуна) ылайык иштейт жана Кыргыз Республикасынын күчүндө турган мыйзамдарынын талаптарына жооп бериши керек.

Борбордук башкаруу органдары бар диний уюмдардын, миссиялардын уставдары (жоболору) жогору турган башкаруу органдары менен макулдашылууга тийиш.

2. Диний уюмдардын, миссиялардын уставында (жобосунда) төмөндөгүлөр камтылышы керек:

- диний уюмдун, миссиянын аталышы, жайгашкан жери, түрү жана өзүнүн ишин жүзөгө ашырып жаткан аймагы;
- кайсы динди тутканы, предмети жана максаттары, ишинин милдеттери жана негизги формалары;
- диний уюмду жана миссияны түзгөн Уюштуруу кеңешинин жана анын мүчөлөрүнүн уставдык укуктары жана жоопкерчиликтери;
- уюмдун жана анын мүчөлөрүнүн укуктары менен милдеттери;
- ишти ачуунун жана токтотуунун тартиби;
- уюштуруу түзүмү, анын башкаруу органдары, аларды түзүүнүн тартиби, анын башкаруу органдарынын компетенциясы жана ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү;
- диний уюмдун уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүүнүн тартиби;
- уюмдун финансы каражаттарын жана башка мүлкүн түзүү булактар;
- иши токтотулган учурда мүлккө ээлик кылуунун тартиби.

3. Диний уюмдун, миссиянын уставында (жобосунда) Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана күчүндө турган мыйзамдарына карама-каршы келген нормалар камтылбашы керек.

**10-берене. Диний уюмдарды эсептик каттоого алуу**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында иштеген диний уюмдарды жана диний багыттагы объекттерди эсептик каттоого алуу дин иштери боюнча мамлекеттик органдар тарабынан ушул Мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Диний уюм дин иштери боюнча мамлекеттик орган тарабынан берилүүчү эсептик каттоого алуу (кайра каттоого алуу) жөнүндө күбөлүк берилген учурдан тартып дин ишин жүзөгө ашырууга укук алат.

2. Диний уюмду эсепке алуу үчүн уюштуруучулар төмөндөгүдөй уюштуруу документтерин (мамлекеттик жана расмий тилде) тапшырышат:

- эсептик каттоого алуу жөнүндө арызды;

- диний уюмду жана миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелген жана уставдын алкагында мыйзам алдында жоопкерчиликтүү жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн (алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, жарандыгын, турган жерин, паспортунун номерин жана сериясын, качан жана кайдан берилгендигин көрсөтүү менен) тизмесин.

- төрт нускада мамлекеттик жана расмий тилдерде түзүлгөн диний уюмдун уставын;

- чогулуштун төрагасы жана катчысы тарабынан кол коюлган уюштуруу чогулушунун (конференциялардын, курултайлардын ж.б.) протоколу;

- динге ишенүүнүн негиздери тууралуу жана ага шайкеш келүүчү тажрыйба, анын ичинде диндин келип чыгыш тарыхы жөнүндө, анын ишинин формалары жана методдору жөнүндө, үй-бүлөгө жана никеге, билим берүүгө мамилеси жөнүндө, ушул динди жактоочулардын ден соолугуна жасалган мамиленин өзгөчөлүктөрү, жарандык укуктар жана милдеттерге байланыштуу уюмдун мүчөлөрү менен кызматчылары үчүн чектөөлөр тууралуу маалыматтар;

- түзүлүп жаткан диний уюмдун толук аталышы жөнүндө маалымат;

- тиешелүү аймакта түзүлүп жаткан диний уюмдун жайгашкан жерин (юридикалык дарегин) ырастоочу документ (өзүнүн имарат-жайын сатып алуу, сатуу келишими, ижара келишими, имарат-жайды акысыз берүү келишими, расмий кат ж.б.).

3. Диний уюмдарды, ошондой эле миссияларды эсепке алуу каттоосу арыз берилген күндөн тартып отуз күндөн кечиктирилбестен зарыл документтерин тиркөө жана алардын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында шайкеш келишин текшерүү менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

Дин иштери боюнча мамлекеттик орган кошумча маалыматтарды сураганга жана тиешелүү органдардын корутундусун алууга, ошондой эле

арыз ээсинин уюмдаштыруу документтерин дин таануучу экспертизага жиберүүгө укуктуу. Мындай учурда арызды кароо дагы бир айга узартылат.

Диний уюмдун уставына толуктоолор менен өзгөртүүлөр диний уюмду эсепке алуу каттоосунун тартибинде жана мөөнөтүндө кайра эсепке алуу каттоосунан өткөрүлүүгө тийиш.

Диний уюмдардын дин иштери боюнча мамлекеттик органда эсепке алуу каттоосунан баш тартышы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке кириптер кылат.

4. Эсептик каттоого алуунун жыйынтыктары боюнча арыз ээсине белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берилет жана диний уюм эсептик каттоого алуу жөнүндө күбөлүк берилген учурдан тартып дин ишин жүзөгө ашырууга укук алат.

5. Диний уюмдарды мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте юстиция органдары тарабынан ишке ашырылат.

**11-берене. Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларын (өкүлчүлүктөрүн) эсептик каттоого алуу**

1. Миссия эсептик каттоого алуудан өтүш үчүн чет өлкөлүк диний уюм тарабынан ыйгарым укук берилген адам дин иштери боюнча мамлекеттик органдарга арыз берет.

Арызга миссияны каттоо жөнүндө төрт нускадагы (мамлекеттик жана расмий тилдердеги) төмөндөгүдөй уюштуруу документтери тиркелет:

1) Миссиянын жобосунда төмөндөгүдөй маалыматтар камтылышы керек:

- миссиянын негизги максаттары жана милдеттери;

- анын иши жайгашкан жери жана болжонгон аймактык чек аралары;

- башкаруунун түзүмү жана жетекчиликтин ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү;

- каржылоо булактары жана менчик мүлк мамилелери;

- миссияны жабуу тартиби;

2) миссиянын кызматчылары жөнүндө маалымат (фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жылы, жарандыгы, туруктуу жашаган жеринин дареги жана Кыргыз Республикасындагы жашаган дареги, билими, мурда иштеген жери);

3) мамлекеттик же расмий тилге нотариалдык түрдө ырасталган котормосу менен чет өлкө борборунун уставынын көчүрмөсү;

4) диний борбор өз өлкөсүнүн мыйзамдары боюнча юридикалык жак экендигин күбөлөндүргөн, мамлекеттик же расмий тилдеги котормосу нотариалдык түрдө ырасталган реестрдин көчүрмөсүн же башка документти;

5) чет өлкөлүк диний уюмдун миссиясы жайгашкан жерди ырастаган документ;

6) миссиянын өкүлүнө (ишенимдүү адамына) нотариус тарабынан күбөлөндүрүлүп берилген ишеним кат.

Арызга ошондой эле диний уюм менен миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелген жана уставдын алкагында мыйзам алдында жоопкерчиликтүү жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн (алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, жарандыгын, турган жерин, паспортунун номерин жана сериясын, качан жана кайдан берилгендигин көрсөтүү менен) тизмеси тиркелет.

2. Чет өлкөлүк диний борбор тарабынан дайындалуучу Кыргыз Республикасынын аймагында иштеген диний уюмдардын миссияларынын жетекчилери Кыргыз Республикасында канча убакыт болуу мөөнөтүн көрсөтүү менен, мамлекеттик же расмий тилдеги котормосу нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлгөн жогору турган уюмдун жолдомосун бериши керек.

3. Миссиянын жобосунун ченемдери чет өлкөлүк диний уюмдун уставына шайкеш келиши, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеши тийиш, жана жогору турган чет өлкөлүк диний уюмдун жетекчисинин колу, мөөрү менен күбөлөндүрүлүшү керек.

Жободо миссияны кайра уюштуруу же жоюу учурунда миссиянын архитектуралык, маданий жана тарыхый баалуулук болуп саналган менчиги Кыргыз Республикасынын аймагында калууга тийиштиги көрсөтүлүшү керек.

4. Дин иштери боюнча мамлекеттик орган бир айдын ичинде эсептик каттоого алуу жөнүндө арызын, миссиянын уюштуруу документтерин карайт, андан кийин тиешелүү чечим кабыл алат.

Дин иштери боюнча мамлекеттик орган тапшырылган документтерде камтылган маалыматтардын ишенимдүүлүгүн текшерүүгө жана тиешелүү мамлекеттик органдар же өкмөттүк эмес уюмдар аркылуу кошумча маалыматтарды суратып алууга, ошондой эле арыз ээсинин уюштуруу документтерин диний иликтөө экспертизасына жиберүүгө укугу бар. Мындай учурда арызды кароо дагы бир айлык мөөнөткө узартылат.

5. Эгерде эсептик каттоого алуу жөнүндө арыз жана тиркелген документтер ушул Мыйзамдын талаптарын бузуу менен берилсе, анда дин иштери боюнча мамлекеттик орган аларды карабастан туруп арыз ээсине кайтарат, бул жагдай ушул эле маселе боюнча бардык зарыл талаптарды сактоо менен маселеге кайра кайрылууга тоскоолдук кылбайт.

6. Оң багыттагы чечим кабыл алынса, белгиленген үлгүдөгү эсептик каттоого алуу жөнүндө күбөлүк берилет.

Миссия эсептик каттоого алуу жөнүндө күбөлүк берилген датадан тартып диний ишти жүзөгө ашырууга укук алат.

7. Эсептик каттоого алуу жөнүндө күбөлүк бир жылдан ашпаган мөөнөткө берилет. Мөөнөт өткөндөн кийин миссия ушул беренеде белгиленген тартипте дин иштери боюнча мамлекеттик органда кайра эсептик каттоодон өтөт. Миссия дин иштери боюнча мамлекеттик органга ар жыл сайын ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн маалыматтардын өзгөргөндүгү жөнүндө кабар берип турууга милдеттүү.

8. Дин иштери боюнча мамлекеттик орган, эгерде миссиянын ишинин натыйжасында мамлекеттик жана коомдук коопсуздукка, этностор аралык жана конфессиялар аралык ынтымакка, калктын саламатчылыгына жана адеп-ахлагына коркунуч туулса, же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдери бир нече ирет бузулган учурда дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга караштуу дин таануу эксперттик тобунун корутундусунун негизинде миссиянын ишин токтото туруу жөнүндө чечим чыгарууга укугу бар.

9. Миссиянын ыйгарым укуктуу адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бузулган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопко тартылышат.

10. Миссияны эсептик каттоого алуудан (кайра каттоодон) төмөнкү учурларда баш тартылышы мүмкүн:

- эгерде Кыргыз Республикасында миссияны ачуу жөнүндө өтүнүч жасаган жогору турган чет өлкөлүк диний уюмдун максаттары менен иши Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерине жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына карама-каршы келсе;

- эгерде тапшырылган документтер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, же ишенимсиз маалыматтарды камтыса;

- эгерде анын иши мамлекеттик жана коомдук коопсуздукка, этностор аралык жана конфессиялар аралык ынтымакка, калктын саламатчылыгына жана адеп-ахлагына коркунуч туудурса, же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

Эсептик каттоого алуудан баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда арыз ээсине баш тартуунун негиздерин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө маалымат берилет.

11. Дин иштери боюнча мамлекеттик органдын эсептик каттоого алуусунан, миссиянын ишин токтото туруудан баш тартуу жөнүндө чечими боюнча сотко кайрылууга болот.

12. Миссия юридикалык жак деп эсептелбейт.

**12-берене. Дин ишин жүргүзүү максатында Кыргыз Республикасына келип жаткан чет өлкөлүк жарандарды (миссионерлерди) эсептик каттоого алуу**

1. Дин ишин жүргүзүү максатында Кыргыз Республикасына келген чет өлкөлүк жаран (мындан ары – миссионер) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дин иштери боюнча мамлекеттик орган тарабынан эсептик каттоого алуудан өтөт.

2. Кыргыз Республикасынын аймагында миссионердик иш-аракетти чакыруусу жана тиешелүү жолдомосу бар, катталган диний уюмдун атынан келген миссионер жүргүзүүгө укуктуу.

Миссионер Кыргыз Республикасынын аймагында үч жылдан ашпаган мөөнөткө болууга укуктуу.

3. Миссионер дин иштери боюнча мамлекеттик органга эсептик каттоого алуудан өтүш үчүн арыз берет.

Арызга төмөндөгүлөр тиркелет:

1) анкета;

2) кирүү жана чыгуу визаларын каттоо менен паспорттун көчүрмөсү;

3) миссионердин Кыргыз Республикасынын аймагында болуу мөөнөтү көрсөтүлгөн, мамлекеттик же расмий тилдеги котормосу нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлгөн жогору турган уюмдун жолдомосу;

4) Кыргызстанга миссионерди чакырган, диний уюм менен миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелген жана уставдын алкагында миссионердин иш-аракети үчүн мыйзам алдында жоопкер жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн (алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, жарандыгын, турган жерин, паспортунун номерин жана сериясын, качан жана кайдан берилгендигин көрсөтүү менен) тизмеси.

4. Дин иштери боюнча мамлекеттик орган бир айдын ичинде чет өлкөлүк жаранды (миссионерди) эсептик каттоого алуу жөнүндө арызды карап, тиешелүү чечим чыгарат.

Дин иштери боюнча мамлекеттик орган тапшырылган документтерде камтылган маалыматтардын ишенимдүүлүгүн текшерүүгө, тиешелүү мамлекеттик органдар же өкмөттүк эмес уюмдар аркылуу кошумча маалыматтарды суратып алууга, ошондой эле арыз ээсинин уюштуруу документтерин дин таануу экспертизасына жиберүүгө укугу бар. Бул учурда арызды кароо дагы бир айлык мөөнөткө узарылат.

5. Каттоонун жыйынтыктары боюнча миссионерге бир жылдан ашпаган мөөнөткө белгиленген үлгүдөгү эсептик каттоосу жөнүндөгү күбөлүк берилет. Көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин миссионер ушул Мыйзамда белгиленген

тартипте дин иштери боюнча мамлекеттик органда кайра эсептик каттоодон өтөт.

6. Эгерде анын иш-аракети коомдук коопсуздукка жана тартипке, этнос аралык жана конфессия аралык ынтымакка, калктын саламатчылыгына жана адеп-ахлагына коркунуч туудурса, миссионерди эсепке алуу каттоосунан баш тартылышы мүмкүн.

Эсептик каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда бул тууралуу арыз ээсине баш тартуунун негиздерин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө маалымат берилет.

Бул чечим боюнча сотко кайрылып, даттанууга болот.

7. Миссионерлерге күбөлүктөр берилип жаткан учурда Кыргыз Республикасында болуунун тартиби, анын ичинде каттоонун тартиби түшүндүрүлөт, ошондой эле аларга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык визаларды узартуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасында болуунун тартибин бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылаары жөнүндө эскертилет.

8. Миссионерлерге визаларды ачуу дин иштери боюнча мамлекеттик орган менен макулдашылып, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер Министрлиги жана Кыргыз Республикасынын ички иштер Министрлиги тарабынан жүзөгө ашырылат.

9. Тиешелүү мамлекеттик органдын уруксаты жок миссионерге эмгек же жеке ишкердик менен алектенишине жол берилбейт.

**13-берене. Диний окуу жайды эсептик каттоого алуу**

1. Диний окуу жайлар дин иштери боюнча мамлекеттик органда милдеттүү түрдө эсептик каттоодон өтүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын аймагында белгиленген тартипте эсептик каттоодон өтпөй туруп диний окутууга тыюу салынат.

2. Диний окуу жайларды эсептик каттоого алуу үчүн уюштуруучу төмөнкүлөрдү берет:

- диний окуу жайдын уюштуруучу (уюштуруучулар) тарабынан бекитилген, мамлекеттик жана расмий тилдерде төрт нускада түзүлгөн уставы;
- уюштуруу чогулушунун протоколу, диний окуу жайды түзүү жөнүндө чечим же буйрук (уюштуруу келишими);
- диний окуу жайын уюштуруунун демилгечилеринен болуп эсептелген жана уставдын алкагында мыйзам алдында жоопкер жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн (алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, жарандыгын, турган жерин, паспортунун номерин жана сериясын, качан жана кайдан берилгендигин көрсөтүү менен) тизмеси;

- уюштуруучунун (уюштуруучулардын) уставынын, диний уюм катары мамлекеттик каттоого алуу тууралуу күбөлүгүнүн нотариалдык ырасталган көчүрмөлөрү;

- уюштуруучу (уюштуруучулар) тарабынан бекитилген окутуу программасы, окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчү;

- тийиштүү кызматтар (санитардык-эпидемиологиялык, өрттөн сактануу) берген маалымкат-корутунду, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы диний окуу жайга өзүнүн иш-аракетин жүзөгө ашыруу үчүн берген уруксат;

- финансылык ресурстарынын бар экендиги жөнүндө ырастоо;

- окутуучулардын сапаттык курамы.

3. Эсептик каттоодон өткөндөн кийин диний окуу жайына белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берилет.

**14-берене. Алар мыйзамдарды бузган учурда диний уюмду, миссияны, диний окуу жайды жоюу жана алардын иш-аракетине тыюу салуу**

1.Диний уюмдар төмөнкү тартипте жоюлат:

- алардын түзүүчүлөрүнүн же диний уюмдун уставы буга ыйгарым укук берген органдын чечими боюнча;

- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, ушул Мыйзамдын жана башка мыйзамдардын ченемдери бир нече ирет бузулганда же диний уюм тарабынан өзүнүн уставдык максаттарына каршы келген иш-аракеттер дайыма жүргүзгөн учурларда соттун чечими боюнча.

2. Сот тартибинде диний уюмду жоюу, диний уюмдун, миссиянын иш-аракетине тыюу салуу үчүн негиздер болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- коомдук коопсуздукту жана коомдук тартипти бузуу, мамлекеттин коопсуздугуна зыян келтирүү;

- Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүш негиздерин күч менен өзгөртүүгө жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузууга багытталган аракеттер;

- куралданган топторду түзүү;

- согушту пропагандалоо, социалдык, расалык, улуттук же диний кастыкты козутуу, адамзатты жектөөгө чакыруу;

- үй-бүлөнү бузууга мажбурлоо жана мунун натыйжасында үй-бүлөнүн бузулушу;

- адамдын керт башына, жарандардын укуктарына жана эркиндиктерине асылуу;

- жарандардын адеп-ахлагына, саламаттыгына мыйзамда каралган залалдарды келтирүү, анын ичинде алардын диний иш-аракетине байланышта баңги жана психотроптук каражаттарды, гипнозду колдонуу менен залал келтирүү, жосунсуз жана башка укукка каршы аракеттерди жасоо;

- өзүн өзү өлтүрүүгө же болбосо өмүрү жана ден соолугу кооптуу абалда турган адамдарга медициналык жардам көрсөтүүдөн диний жүйө менен баш тартууга үгүттөө;

- милдеттүү билим алууга тоскоолдук кылуу;

- диний уюмдун мүчөлөрү менен диний уюмдун жолун жолдоочуларды жана башка адамдарды өздөрүнө таандык мүлктөрдү диний уюмдун пайдасына ажыратып берүүгө мажбурлоо;

- жарандын өмүрүн, ден соолугун, мүлкүн зыянга учуратабыз деп коркутуу, эгерде аны жүзөгө ашыруунун чыныгы кооптуулугу болсо же күч колдонуу, башка укукка каршы аракеттер аркылуу анын диний уюмдан чыгуусуна тоскоолдук кылуу;

- жарандарды мыйзамдарда белгиленген жарандык милдеттерин аткаруудан баш тартууга жана башка укукка каршы аракеттерди жасоого үгүттөө.

3. Диний уюмдарды эсептик каттоого алууну жүзөгө ашыруучу дин иштери боюнча мамлекеттик орган жана прокуратура органдары диний уюмду жоюу же болбосо диний уюмдун иш-аракетине тыюу салуу жөнүндө сунушту сотко киргизүүгө укуктуу.

4. Жоюлуучу диний уюмдун юридикалык жак катары укукка жарамдуулугу токтотулат, ал эми көрсөтүлгөн диний уюмдун мүлкү анын уставына жана Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык бөлүштүрүлөт.

5. Диний уюмду сот тартибинде жоюунун негиздери менен тартиби миссиянын жана диний окуу жайдын иш-аракетине тыюу салууга карата да колдонулат.

## 3-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДАРДЫН, МИССИЯЛАРДЫН ЖАНА ДИНИЙ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН МҮЛКТҮК АБАЛЫ

### 15-берене. Диний уюмдардын, миссиялардын жана диний окуу жайлардын менчиги

1. Диний уюмдардын, миссиялардын жана диний окуу жайлардын менчигинде имараттар, курулуштар, табынуу буюмдары, өндүрүштүк, социалдык жана кайрымдуулук объектилер, акчалай каражаттар жана алардын иш-аракетин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон башка мүлктөр болушу мүмкүн.

2. Диний уюмдар, миссиялар жана диний окуу жайлар өз каражаттарынын, жарандар, коомдук уюмдар берген (мураска калтырган) каражаттардын эсебинен алынган же түзүлгөн мүлктөргө карата, ошого тете жана мыйзамда каралган башка негиздер боюнча алынган мүлктөргө карата да менчик укугуна ээ болушат.

3. Диний уюмдар, миссиялар жана диний окуу жайлар ыктыярдуу финансылык жана башка кайрымдуулуктарды алуу үчүн кайрылууга жана аларды алууга укуктуу.

**16-берене. Юридикалык жана жеке жактардын менчигинде болгон мүлктөрдү пайдалануу**

1. Диний уюмдар, миссиялар, диний окуу жайлар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте юридикалык жана жеке жактар келишимдик негизде аларга берилген имараттарды жана мүлктөрдү өз муктаждыктары үчүн пайдаланууга укуктуу.

2. Табынуу имараттары менен мүлктөрүнө ээлик кылууга жана аларды пайдаланууга тиешеси бар маселелер боюнча талаштар, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, сот тартибинде чечилет.

3. Диний ишенимдерге жараша көрүстөндөрдү пайдалануу эрежелерин таануу жана көрүстөн жыйымдары жөнүндө жоболор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

**17-берене. Диний уюмдардын, миссиялардын жана диний окуу жайлардын өндүрүштүк-чарбалык иш-аракети**

1. Диний уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, чарба жүргүзүүчү субъектилерди, ошондой эле кайрымдуулук жайларын (балдар үйлөрү, интернаттар, ооруканалар) жана башка ишканаларды түзүүгө укуктуу.

2. Диний уюмдар өздөрүнүн уставдык максаттарына жетишүү үчүн чарбалык, анын ичинде өндүрүштүк иш-аракеттерди жүргүзүү укугуна ээ.

3. Диний уюмдардын өндүрүштүк иш-аракеттен алган пайдасына жана башка кирешелерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салык салынат.

4. Түшкөн финансылык каражаттар, кайрымдуулуктар, гуманитардык жардамдар жана башка мүлктөр диний уюмдун, миссиянын бухгалтериялык документтеринде милдеттүү тартипте эсепке алынат.

5. Диний уюмдардын жана миссиялардын финансылык-бухгалтериялык отчёттору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

6. Диний уюмдардын, миссиялардын жана диний окуу жайлардын финансылык-бухгалтериялык отчётторуна контролдук кылуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

**18-берене. Диний уюмдардын, миссиялардын кайрымдуулук жана маданий-агартуучулук иш-аракеттери**

1. Диний уюмдардын, миссиялардын кайрымдуулук иш-аракеттери турмуш-тиричилик шарты оор адамдарга материалдык жардам көрсөтүүгө,

карылар, алсыздар, эмгекке жарамсыздар ж.б.у.с. үчүн камкордук көрүүгө багытталышы керек.

2. Кайрымдуулук иш-аракети диний ишенимдерди жана диний окууларды жайылтууга көмөк көрсөтпөөгө тийиш.

3. Мамлекет диний уюмдардын жана миссиялардын кайрымдуулук иш-аракеттерине, ошондой эле алардын коомдук мааниге ээ маданий-агартуу программаларын жана иш-чараларын жүзөгө ашыруусуна көмөк жана колдоо көрсөтүшү мүмкүн.

**19-берене. Өз иш-аракетин токтоткон диний уюмдардын жана миссиялардын мүлктөрүн тескөө**

1. Диний уюмдар жана миссиялар өз иш-аракетин токтоткондон кийин аларга юридикалык жана жеке жактар тарабынан пайдаланууга берилген мүлктөр мурдагы ээсине же анын укук мураскерине кайтарылып берилет.

2. Диний уюмдардын жана миссиялардын иш-аракети токтотулганда алардын менчигинде болгон мүлктөрдү тескөө алардын уставына (жобосуна) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

3. Диний уюмдарга жана миссияларга таандык болгон диний мүлк карыз берүүчүнүн дооматтары боюнча өндүрүп берүү иши жүргүзүлүшү мүмкүн эмес.

4. Укук мураскерлери жок болгондо мүлк мамлекеттин менчигине өтөт.

## 4-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДАРДЫН, МИССИЯЛАРДЫН ЖАНА ДИНИЙ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА ИШТӨӨ ШАРТТАРЫ

**20-берене. Диний уюмдардын ишмердүүлүгүнүн укуктук негизи**

Диний уюмдар, миссиялар жана диний окуу жайлар өз иштеринде өздөрүнүн уставдарын жетекчиликке алууга тийиш жана Конституцияны, ушул Мыйзамды жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын сактоого милдеттүү.

**21-берене. Диний каада-салттар, ырым-жырымдар, аземдер**

1. Кудайга табынуулар, диний каада-салттар, ырым-жырымдар жана аземдер табынуу имараттарында, курулуштарында жана аларга таандык аймактарда, зыярат жайларында, көрүстөндөрдө өткөрүлөт.

Диний сыйынууларды жана чогулуштарды өткөрүү үчүн диний уюмдар буга жарактуу жайларды карап-күтүүгө, ошондой эле бул же тигил дин үчүн ыйык деп эсептелген зыярат жайларына камкордук кылууга жана аларды пайдаланууга укуктуу.

1-1. Сауд Аравия Королдугунун аймагындагы ыйык жерлерге Кыргыз Республикасынын жарандарынын зыяратка баруусун (ажы, умра) уюштуруу жана ал үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен

белгиленген тартипте катталган Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгына жүктөлөт.

2. Карылар жана майыптар үйлөрүндө, алдын ала камоо жана жазаны өтөө жайларында диний каада-салттар, ырым-жырымдар жана аземдер аларда турган жарандардын өтүнүчү боюнча жана администрация бул максат үчүн атайын бөлүп берген жайда өткөрүлөт. Бул мекемелерде турган адамдар, эгерде бул алардын ден соолугуна зыян келтирбесе жана башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарына шек келтирбесе, тыюу салынбаган диний адабияттарды жана табынуу буюмдарын ала алышат, ээлик кыла алышат жана колдоно алышат.

Бул мекемелердин администрациясы дин иштери боюнча мамлекеттик орган менен макулдашып дин кызматчыларын чакырууга көмөк көрсөтөт, диний каада-салттарды, ырым-жырымдар менен аземдерди өткөрүүнүн убагын жана башка шарттарын аныктоого катышат.

3. Атайын арналбаган жайларда кудайга сыйынууларды, диний каада-салттарды, ырым-жырымдарды жана аземдерди, ошондой эле башка массалык иш-чараларды өткөрүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлүшү мүмкүн.

4. Диний уюмдар дин тутунгандардан мажбурлап акчалай жыйым чогултууга жана алардан алым алууга, ошондой эле аларга карата адамдын ар-намысына жана аброюна шек келтирген чараларды көрүүгө укугу жок.

5. Мусулмандар үчүн мусулманчылыктын байыркы каада-салтына – сүннөткө отургузууга жана мусулманчылык адаты боюнча мечитте, үй-бүлөдө нике кыюуга, ошондой эле христиандар үчүн чөмүлдүрүүгө, жарандык каттоого алуу менен чиркөөдө нике кыюуга жол берилет.

**22-берене. Диний адабияттар жана диний багыттагы буюмдар**

1. Диний уюмдар диний адабияттарды, башка басылмаларды, аудиовидеоматериалдарды, ошондой эле диний багыттагы башка буюмдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чыгарууга, сатып алууга, Кыргыз Республикасынан чыгарып кетүүгө, Кыргыз Республикасына алып келүүгө, сактоого жана жайылтууга укуктуу.

2. Конституциялык түзүлүштү, коомдун адеп-ахлактык негиздерин өзгөртүүгө, диний сабырсыздыкка тиешелүү чакырыктар камтылган диний адабияттарды, башка басылмаларды, аудиовидеоматериалдарды алып келүүгө, даярдоого, сактоого, ташууга жана жайылтууга тыюу салынат.

3. Дин иштери боюнча мамлекеттик орган диний адабияттарга, башка басылмаларга, аудиовидеоматериалдарга дин таануу экспертизасын дайындоого укуктуу.

Диний адабияттар китепкана фондуларына түшкөн учурда мамлекеттик дин таануу экспертизасы милдеттүү түрдө жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган диний уюмдар мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кайрылуулары боюнча басма сөздө, кинофотоаудиовидео продукцияларда жана башка материалдарда диний экстремизмдин элементтери бар экени жөнүндө түшүндүрмө берүүгө укуктуу.

4. Диний уюмдар өздөрүнүн иш-аракеттерин жүзөгө ашырууда өздөрүнүн толук аталыштарын жана конфессиялык таандыктыгын көрсөтүүгө милдеттүү.

5. Диний уюмдар чыгарган адабияттарда, башка басылмаларда, аудиовидеоматериалдарда алардын толук аталышын жана конфессиялык таандыктыгын камтыган маркировка болушу керек.

6. Диний адабияттарды, диний мазмундагы аудио, видео жана башка материалдарды жайылтуу иши диний уюмдарга менчик укугунда таандык болгон, ошондой эле белгиленген тартипте ушул максатта жергиликтүү мамлекеттик администрациялар бөлүп берген жайларда жүргүзүлүшү мүмкүн.

Диний мүнөздөгү адабияттарды, басылмаларды, аудиовидеоматериалдарды коомдук жайларда (көчөлөрдө, сейил бактарда) жайылтууга, квартираларды, балдар мекемелерин, мектептерди жана жогорку окуу жайларды кыдырып таркатууга тыюу салынат.

7. Жарандар жана диний уюмдар өздөрү тандаган тилдеги диний адабияттарды, ошого тете эле диний багыттагы башка предметтерди жана материалдарды табынуучу жайлар менен атайын дүкөндөрдөн гана сатып алууга жана пайдаланууга укуктуу.

8. Диний экстремизмдин, сепаратизмдин жана фундаментализмдин идеяларын камтыган басылмаларды, кинофотоаудиовидео продукцияларды жана башка материалдарды алып келүү, даярдоо, сатып алуу, ташуу, кайра жөнөтүү, сактоо жана таратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартууга алып келет.

9. Диний экстремизмдин, сепаратизмдин жана фундаментализмдин идеяларын камтыган басылмаларды, кинофотоаудиовидео продукцияларды жана башка материалдарды алып келүүнү, даярдоону, сатып алууну, ташууну, кайра жөнөтүүнү, сактоону жана таратууну контролдоо дин иштери, улуттук коопсуздук жана ички иштер боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан жүзөгө ашырылат.

**23-берене. Диний уюмдардын, миссиялардын эл аралык байланыштары**

1. Диний уюмдар, миссиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык зыярат кылуу же башка диний иш-чараларга катышуу максаттарында, диний билим алуу үчүн эл аралык байланыштарды жана карым-катнаштарды түзүүгө жана алып барууга, ошондой эле бул максаттарда чет өлкөлүк жарандарды чакырууга укуктуу.

2. Диний уюмдар, миссиялар дин иштери боюнча мамлекеттик орган менен макулдашып чет өлкөлүк жарандарды ушул уюмдарда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кесиптик, анын ичинде үгүтчүлүк, диний иш-аракетин жүргүзүү максатында чакыруу укугуна ээ.

**24-берене. Диний уюмдардагы жана миссиялардагы эмгектик укук мамилелери**

1. Диний уюмдарда жана миссияларда, ошондой эле алар түзгөн ишканаларда, мекемелерде жана кайрымдуулук жайларында эмгек келишими боюнча иштеген жарандарга Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары колдонулат.

2. Жарандардын, анын ичинде дин кызматкерлеринин диний уюмдагы, миссиядагы жумуштан алган кирешелерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жалпы негизде салык салынат.

**25-берене. Диний уюмдарда, миссияларда иштеген жарандарды социалдык камсыздоо жана социалдык камсыздандыруу**

1. Диний уюмдар, алардын мекемелери жана ишканалары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана өлчөмдө мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча чегерүүлөрдү жүзөгө ашырат.

2. Диний уюмдарда жана миссияларда иштеген бардык жарандарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жалпы негизде пенсия дайындалат.

## 5-бөлүм. МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДЕРИН ИШКЕ АШЫРУУНУ УКУКТУК КАМСЫЗДОО

**26-берене. Диний уюмдун ишмердүүлүгүнө көзөмөл кылуу**

1. Диний уюм Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бухгалтердик эсепти жана статистикалык отчетторду жүргүзөт.

2. Диний уюм өз иш-аракети жөнүндө маалыматты расмий статистика жаатындагы мамлекеттик органга жана салык органдарына, дин иштери боюнча мамлекеттик органга жана анын аймактык органдарына, прокуратура органдарына, уюмдун уюштуруучуларына жана башка адамдарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана диний уюмдун уставына (жобосуна) ылайык берет.

3. Диний уюмдун кирешелеринин өлчөмү жана түзүмү, ошондой эле диний уюмдун мүлкүнүн өлчөмү жана курамы жөнүндөгү маалыматтар, анын чыгымдары, кызматкерлеринин саны жана курамы, алардын эмгек акысы, диний уюмдун иш-аракетинде жарандардын акы төлөнбөгөн эмгегин пайдалануу жөнүндөгү маалыматтар коммерциялык купуя сырдын предмети болуп эсептелиши мүмкүн эмес.

4. Диний уюм расмий статистика жаатындагы мамлекеттик органга жана салык органдарына, дин иштери боюнча мамлекеттик органга, прокуратура органдарына өзүнүн иш-аракети жөнүндө, жетекчи органдарынын персоналдык курамы жөнүндө, ошондой эле акча каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө жана бөлөк мүлктөрдү пайдалануу тууралуу, анын ичинде эл аралык жана чет өлкөлүк уюмдардан, чет өлкөлүк жарандардан жана жарандыгы жок адамдардан алынган мүлктөрдү пайдалануу жөнүндө отчеттор камтылган документтерди берүүгө милдеттүү. Аталган документтердин формалары жана аларды берүүнүн мөөнөттөрү дин иштери боюнча мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

5. Прокуратура чет өлкөлүк диний уюмдардын диний уюмдары, миссиялары (өкүлчүлүктөрү) тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын так жана бирдей аткарылышына көзөмөлдү жүзөгө ашырат.

6. Дин иштери боюнча мамлекеттик орган жана анын аймактык органдары, салык органдары диний уюмдун иш-аракетинин, алардын уставында (жобосунда) каралган максаттарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келишин контролдоону жүзөгө ашырат. Диний уюмга карата прокуратура органдары, дин иштери боюнча мамлекеттик орган жана анын аймактык органдары, салык органдары төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) диний уюмдун башкаруу органдарынан алардын тескөөчү жана финансылык документтерин берүүнү талап кылууга:

2) диний уюмдардын финансылык-чарбалык иш-аракети жөнүндө маалыматтарды салык органдарынан жана мамлекеттик көзөмөлдүн жана контролдун башка органдарынан, ошондой эле банк мекемелеринен жана башка финансылык уюмдарынан суроого жана алууга;

3) өз өкүлдөрүн диний уюмдар тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга катышуу үчүн жиберүүгө;

4) диний уюмдун, анын ичинде акча каражаттарын жана башка мүлктөрдү чыгымдоо боюнча иш-аракеттеринин анын уставында (жобосунда) каралган максаттарга ылайык келишин бир жылда бир жолудан көп эмес текшерүүгө;

5) диний уюм Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы аныкталган учурда же анын уставында (жобосунда) каралган максаттарга

карама-каршы келген аракеттер жасалганда ага карата келтирилген кемчиликтерди көрсөткөн жана аларды четтетүүнүн бир айдан кем эмес мөөнөтүн белгилеген жазуу жүзүндөгү чечим чыгарууга. Диний уюмга чыгарылган эскертүү боюнча жогору турган органга же сотко кайрылып, даттанылышы мүмкүн.

7. Диний уюм ушул беренеде каралган маалыматтарды белгиленген мөөнөттөрдө системалуу түрдө бербесе, бул прокуратура органдары, дин иштери боюнча мамлекеттик орган жана анын аймактык органдары үчүн ушул диний уюмду жоюу жөнүндө арыз менен сотко кайрылууга негиз болуп саналат.

**27-берене. Жазуу жүзүндө эскертүү**

1. Диний уюмдар, миссиялар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бузулган же диний уюмдун, миссиянын уставына каршы келген иш-аракеттер жүргүзүлгөн учурда дин иштери боюнча мамлекеттик орган жазуу жүзүндө эскертүү берет, ал үч күндүн ичинде диний уюмдун, миссиянын жетекчи органына жиберилет.

2. Эгерде ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн укук бузуулар үч айдын ичинде оңдолбосо же жыл ичинде кайра кайталанса, дин иштери боюнча мамлекеттик орган диний уюмду жоюу жөнүндө арыз менен сотко кайрылуу укугуна ээ болот. Мындай учурда дин иштери боюнча мамлекеттик орган сот чечими чыгарылганга чейин диний уюмдун иш-аракетин токтото турууга чечим кабыл алууга укуктуу.

**28-берене. Диний уюмдардын иш-аракеттерин токтото туруунун натыйжалары**

Диний уюмдун иш-аракети токтотулуп турган учурда ал диний жана башка иш-аракеттерди жүзөгө ашырууга, массалык маалымат каражаттарын жана башка юридикалык жактарды уюштуруучу катары чыгууга, өзүнүн банктык (эсеп-кысаптык) утурумдук эсебинен башка жактардын эсебине, бюджетке, бюджеттен тышкаркы мамлекеттик фондуларга төлөмдөрдү жана башка милдеттүү төлөмдөрдү, мурда түзүлгөн жарандык жана эмгек келишимдери боюнча эсептешүүлөрдү, диний уюмдун, миссиянын аракеттеринин натыйжасында келтирилген зыяндардын ордун толтурууну кошпогондо, акчалай каражаттарды которууга укугу жок.

**29-берене. Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

1. Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жаза тартууга, административдик жана башка жоопкерчиликке тартылууга алып келет.

2. Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган күнөөлүү кызмат адамдары жана Кыргыз Республикасынын жарандары, диний уюмдардын уюштуруучулары жана башка адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

**6-бөлүм. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР**

**30-берене. Корутунду жоболор**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Мыйзамды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл ченемдик укуктук актыларды кабыл алсын.

3. Диний уюмдардын, миссиялардын уставдары жана башка уюштуруу документтери ушул Мыйзамга ылайык келтиргенге чейин ушул Мыйзамга каршы келбеген бөлүктөрүндө гана колдонулат.

4. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- «Дин тутуу эркиндиги жана дин уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ведомосту, 1991-ж., № 22, 667-б.);

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин 1991-жылдын 16-декабрындагы № 657-XII «Дин тутуу эркиндиги жана дин уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү жөнүндө» токтому.

(Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ведомосту, 1991-ж., № 22, 668-б).

**Кыргыз Республикасынын Президенти К.Бакиев.**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2008-жылы 6-ноябрында кабыл алынган.

*Тиркеме 4*

## АБИЙИР ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ: 2009-жылдын 26-мартындагы № 489 Тажик Республикасынын Мыйзамы

Тажикстан Республикасы светтик мамлекет экендигин моюнга алып жана тактоо менен, динге жана ишенимге болгон мамилесине карабастан, ар бир адамдын укугун таануу жана ырастоо менен, бардык диндерге жана диний багыттарга сый-урмат жана сабырдуулук көрсөтүү менен, Тажикстан элинин улуттук маданиятынын жана руханий жашоосунун өнүгүшүндө ислам дининин ханафиттик багыттагы өзгөчө ролун таануу менен, ушул Мыйзам кабыл алынат.

### 1-бөлүм. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1-берене. Ушул Мыйзам менен жөнгө салынуучу мамилелер**

Ушул Мыйзам адамдын абийир жана дин тутуу эркиндиги жаатындагы мамилелерин, мамлекет менен диний бирикмелердин ортосундагы мамилелерди, ошондой эле, диний бирикмелердин укуктук абалын жөнгө салат.

**2-берене. Тажикстан Республикасынын абийир эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндөгү мыйзамдары**

Тажик Республикасынын абийир эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө мыйзамдары Тажикстан Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан, Тажикстан Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан, ошондой эле, Тажикстан тарабынан таанылган эл аралык укуктук актылардан турат.

**3-берене. Негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

- абийир эркиндиги – ар бир адамдын жана жарандын динге болгон мамилесин ыктыярдуу жана өз алдынча аныктоого, жекече же башкалар менен биргеликте ар кандай динди тутууга же эч бирөөсүн тутпоого, диний ишенимди эркин тандоого жана өзгөртүүгө, ошондой эле, динге жана атеисттик көз карашка байланыштуу ар кандай ишенимдерди билдирүүгө жана жайылтууга укугу бар;

- дин тутуу эркиндиги – ар бир адамдын жана жарандын каалаган динди эркин жана өз алдынча тандоого жана тутууга, табынуу кызматтарына катышууга, диний ырым-жырымдарды аткарууга, диний билим алууга укугу бар;

- диний бирикме – биргелешип табынуу жана диний ырым-жырымдарды аткаруу, диний билим берүү, ошондой эле диний ишенимдерди жайылтуу максатында бир динди тутунгандардын ыктыярдуу бирикмеси.

**4-берене. Абийир эркиндигине жана дин тутуу эркиндигине карата укук**

1. Тажикстан Республикасында абийир эркиндиги жана дин тутуу эркиндиги, анын ичинде ар кандай динди өз алдынча же башкалар менен бирге тутунуу же эч кандай динди тутпоо, ар кандай диний жана башка ынанымдарды эркин тандоо, жайылтуу жана өзгөртүү укугу, ошондой эле дин тутуу эркиндиги кепилдикке алынат, ошондой эле аларга ылайык иш алып барылат.

2. Тажикстан Республикасында динге болгон мамилесине жана кайсы динге таандык экендигине карабастан, бардыгы мыйзам алдында бирдей.

3. Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар диний ырым-жырымдарды аткарууга катышууга укуктуу жана абийир эркиндигин, диний бирикмелер жөнүндөгү мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылышат.

4. Эч ким өзүнүн динге болгон мамилесин билдирүүгө милдеттүү эмес. Адам динге карата мамилесин аныктоодо, динди тутуу же динден баш тартууда, табынууга, башка диний ырым-жырымдарга жана каада-салттарга, диний бирикмелердин ишине, диний билим берүүгө катышуусу же катышпоосу үчүн мажбурлоого дуушар болушу мүмкүн эмес.

5. Динге болгон мамилесине байланыштуу жарандардын сезимдерин атайылап мазактоо, диний артыкчылыкты пропагандалоо менен, анын ичинде адамга зомбулук көрсөтүүгө байланышкан, абийир жана дин тутуу эркиндиги боюнча укуктарын ишке ашырууга тоскоолдук кылуу, мүлктү жок кылуу же зыян келтирүү, же болбосо, ушундай аракеттерди жасоо коркунучун туудурууга тыюу салынат жана андай учурларда Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жоопкерчиликке тартылат.

Диний табынуу объектилеринин жанында жарандардын диний сезимдерин кемсинткен тексттерди жана сүрөттөрдү жайгаштырууга, ошондой эле ушул сыяктуу ачык иш-чараларды өткөрүүгө тыюу салынат.

6. Динге жана ишенимге карата ар кандай артыкчылыктарга жана чектөөлөргө байланышкан чакырыктарга тыюу салынат.

7. Мыйзам менен дин тутуу эркиндигин чектөөгө конституциялык түзүлүштү, аймактык бүтүндүктү коргоо, коопсуздукту, коомдук тартипти, ден соолукту жана коомдук адеп-ахлакты сактоо максатында, ошондой эле башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында жол берилет.

8. Диний негизде ар кандай жек көрүүчүлүктү, кастыкты жана чыр-чатакты козутууга, жарандардын диний жана атеисттик сезимдерин кемсинтүүгө тыюу салынат.

9. Жалпыга маалымдоо ишин бул Мыйзамда белгиленген тартипте катталган диний бирикмелер гана жүргүзүүгө укуктуу.

10. Адамды динчилдиги же ишенбөөчүлүгү, же диний ишенимсиздиги боюнча айыптоого тыюу салынат.

11. Диний бирикмелер абийир эркиндиги жана дин тутуу эркиндиги менен байланышкан маселелерде адамдын жана жарандын жеке жашоосуна кийлигишүүгө укугу жок.

12. Расмий документтерде жарандын динге жана ишенимге болгон мамилесин көрсөтүүгө жол берилбейт.

13. Эч ким өзүнүн диний ишенимдеринин негизинде мыйзамда белгиленген милдеттерди аткаруудан баш тарта албайт. Диний ишенимдердин жүйөлөрү боюнча бир милдетти аткарууну экинчисине алмаштырууга Тажикстан Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган учурларда гана жол берилет.

14. Ата-энелер же аларды алмаштырган адамдар баланын абийир эркиндигине болгон укугун эске алуу менен өз балдарын динге карата өз мамилесине ылайык окутууга жана тарбиялоого укуктуу.

15. Жашы жете электерди диний бирикмелердин ишине тартууга, ошондой эле жашы жете электерди алардын ата-энелеринин же аларды алмаштырган адамдардын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз диний окутууга тыюу салынат.

## 2-бөлүм. МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕР

### 5-берене. Мамлекет менен диний бирикмелердин өз ара мамилелери

1. Мамлекет абийир эркиндигин жана дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу, динге ишенген жарандардын жана диний бирикмелердин мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо үчүн жагымдуу шарттарды түзөт.

2. Тажикстан Республикасынын Конституциясынын жоболоруна ылайык бир дагы диний идеология мамлекеттик жана жалпыга милдеттүү деп таанылбайт. Диний бирикмелер мамлекеттен бөлүнгөн, жана мамлекет:

- адамдын динге болгон мамилесин жана диний таандыгын аныктоого кийлигишпейт;
- диний бирикмелерге мамлекеттик бийлик органдарынын, башка мамлекеттик органдардын, мамлекеттик мекемелердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын аткарууну жүктөбөйт;
- мыйзамдарда каралган учурларды кошпогондо, диний бирикмелердин ишине кийлигишпейт;

- мамлекеттик билим берүү мекемелеринде билим берүүнүн светтик мүнөзүн камсыз кылат;

- динге ишенген жана ишенбеген жарандардын ортосунда, ар кандай диндердин жана конфессиялардын диний бирикмелеринин ортосунда, ошондой эле алардын жолдоочуларынын ортосунда толеранттуулук жана сый-урмат мамилелерин орнотууга өбөлгө түзөт, диний бирикмелердин ишинде диний фанатизмдин жана экстремизмдин көрүнүштөрүнө жол бербейт.

3. Диний бирикмелерди мамлекеттен бөлүү принциби боюнча диний бирикме:

- Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген өзүнүн ишин ички диний жана маданий эмес системасынын тартибинин чегинде жүргүзөт, өзүнүн дин тутуу эрежелерине ылайык өзүнүн кызматчыларын тандайт, дайындайт жана алмаштырат;

- мамлекеттик бийлик органдарынын, бөлөк мамлекеттик органдардын, мамлекеттик мекемелердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын аткарбайт жана алардын ишине кийлигишпейт;

- мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого катышпайт;

- саясий партиялардын жана саясий кыймылдардын ишине катышпайт, аларга материалдык жана башка жардам көрсөтпөйт.

**6-берене. Дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган**

Дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- абийир эркиндигине жана дин тутуу эркиндигине укуктарды камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана мамлекеттин диний бирикмелер менен болгон мамилесин координациялоо;

- Тажикстан Республикасынын аймагында иштеп жаткан диний бирикмелердин ишин изилдөө жана талдоо;

- өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде маалыматтык-пропагандалык ишти жүзөгө ашыруу;

- жарандардын абийир эркиндигине жана дин тутуу эркиндигине болгон укуктарын камсыз кылуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

Тажикстандын дин тутуу эркиндиги жөнүндө мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- диний бирикмелерди мамлекеттик жана эсептик каттоону жүргүзүү;

- анын толук милдеттерине байланыштуу маселелерди түшүндүрүү жана комментарий берүү;

- бул Мыйзамда жана Тажикстан Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

**7-берене. Мамлекеттик билим берүү системасы жана диний окутуу**

Мамлекеттик билим берүүнү диний бирикмелерден бөлүү принцибине ылайык мамлекеттик жалпы билим берүү мекемелеринде билим берүү дин аралашпаган мүнөзгө ээ, динге болгон мамилесине карабастан билим берүүнүн ар кандай түрлөрүнө жана деңгээлдерине жетүү камсыз кылынат жана мамлекет:

- мамлекеттик билим берүү системасында ата-энелердин же аларды алмаштырган адамдардын диний же атеисттик тандоосуна ылайык балдарды окутуу жана тарбиялоо функцияларын өзүнө жүктөбөйт;

- мамлекеттик билим берүү мекемелеринин окуу программаларына маалыматтык-агартуу мүнөзүндөгү жана диний жана диний ырым-жырымдарды жана ырым-жырымдарды жасоо менен коштолбогон дин таануу сабактарын окутууну киргизүүгө укуктуу.

**8-берене. Диний билим берүү**

1. Ар ким өзүнүн тандоосу боюнча жекече же башкалар менен биргеликте диний билим алууга укуктуу.

2. Диний уюмдар өздөрүнүн уставдарына ылайык жана бул Мыйзамда белгиленген тартипте диний билим берүү мекемелерин түзгөнгө укуктуу.

3. Борбордогу собордук жума мечиттери жана башка мечиттер атайын окуу топторун түзүү аркылуу диндин негиздерин өз уставдарына (жоболоруна) ылайык үйрөтө алышат.

4. Диний окууга бул мыйзамда каралган учурларда мамлекеттик лицензия алгандан кийин уруксат берилет.

5. 7 жаштан 18 жашка чейинки балдарды окуу сабактарынан бош убакта жана мамлекеттик билим берүүнүн окуу программасынын чегинен тышкары жерлерде ата-энелеринин же аларды алмаштырган адамдардын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен диний окутууга уруксат берилет.

**3-бөлүм. ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕР**

**9-берене. Диний бирикмелерди түзүү**

1. Тажикстан Республикасында диний бирикмелер өз ыктыяры менен жана ачык-айкын түзүлөт.

2. Жалпы дин тутууга ээ жана 18 жашка толгон Тажикстан Республикасынын ондон кем эмес жараны диний бирикмелердин уюштуруучулары боло алат. Республикалык диний борбор жалпы диний маселелерди чечүү үчүн диний бирикменин өзгөчө формасы катары жалпы конфессиядагы диний уюмдардын жалпы санынын жарымынан көбү тарабынан түзүлөт.

3. Мамлекеттик кызмат адамдары жана мамлекеттик кызматкерлер, саясий партиялардын жетекчилери менен мүчөлөрү диний бирикмелердин уюштуруучулары жана кызматчылары боло алышпайт.

4. Мамлекеттик бийлик органдарында, башка мамлекеттик органдарда, мамлекеттик уюмдарда жана мекемелерде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, билим берүү мекемелеринде жана аскердик бөлүктөрдө диний бирикмелерди түзүүгө тыюу салынат.

**10-берене. Диний бирикмелердин формалары жана алардын укуктук абалы**

1. Диний бирикмелер диний жамааттын жана диний уюмдун формаларында иштейт.

2. Диний жамаат – чогуу табынуу кызматтарды жана башка диний муктаждыктарды канааттандыруу максатында түзүлгөн Тажикстан Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу жана өз алдынча бирикмеси.

3. Диний жамааттардын формалары – собордук жума мечити, беш жолу намаз окуу мечити, жамааткана сыйынуу үйлөрү, сыйынуучу объектилер жана мыйзамдарга каршы келбеген башка формалар.

4. Диний жамаат дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органда эсептик каттоодон өткөндөн кийин өзүнүн жобосунун негизинде иш жүргүзөт.

5. Диний жамааттын ишинин мүнөзү жана аймагы анын жобосу менен аныкталат.

6. Диний жамааттын иши үчүн зарыл болгон жайлар жана мүлктөр Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык диний уюмдар жана башка жеке жана юридикалык жактар тарабынан биргелешип пайдалануу үчүн берилет.

7. Диний уюм – табынуу кызматы, диний окутуу жана диний ишенимди жайылтуу максатында түзүлгөн Тажикстан Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу жана өз алдынча бирикмеси.

8. Диний уюмдардын формалары – республикалык диний борбор, Борбордук собордук жума мечити, Борбордук жамааткана, диний билим берүү мекемеси, чиркөө, синагога жана мыйзамдарга карама-каршы келбеген башка формалар.

9. Диний уюмдар юридикалык жактар болуп саналат жана ушул Мыйзамда белгиленген тартипте катталган өз уставдарынын негизинде иш жүргүзөт.

10. Диний уюмдар өздөрүнүн иш-аракетинин аймагына жараша райондук, шаардык жана республикалык болуп бөлүнөт.

11. Диний уюмдун аталышында кайсы динди тутуусу жөнүндө маалыматтар камтылуусу тийиш.

12. Диний бирикмелер өздөрүнүн уставына (жобосуна) ылайык диний бирикмелердин мамлекеттик реестрине киргизилүүчү маалыматтарды көрсөтүү менен өз ишин улантуу жөнүндө аларды каттаган органга жыл сайын маалымдап турууга милдеттүү. Көрсөтүлгөн маалыматтарды бербегендик диний бирикменин ишин токтото туруу үчүн негиз болушу мүмкүн.

**11-берене. Мечит**

1. Мечит мусулмандардын ыктыярдуу бирикмеси, намаз окуу жана башка диний муктаждыктарды канааттандыруу максатында түзүлгөн, ошондой эле жалпы дайындоо менен исламдык жамааттын намазканасы.

2. Борбордук собордук жума мечиттери диний бирикменин өзгөчө формасы катары республиканын ар бир районунда жана шаарында динге ишенгендердин диний жана башка диний муктаждыктарын канааттандыруу максатында уюштурулат.

3. Собордук жума мечиттери 10 миңден 20 миңге чейин калкы бар жерлерде курулат. Душанбе шаарында собордук жума мечиттери 30 миңден 50 миңге чейин калкы бар жерлерде уюшулат.

4. Беш маал окуган намазкана мечиттери 100дөн 1000ге чейин калкы бар жерлерде уюшулат. Душанбе шаарында 1000ден 5000ге чейин адам жашаган жерлерде намазкана мечиттери түзүлөт.

5. Мечиттер тиешелүү диний бирикмелер, жарандар курган имараттардагы өз жоболорунун негизинде же калктын жардамы менен иштейт.

6. Имам-хатибдерди жана мечиттердин имамдарын шайлоо дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча өткөрүлөт.

**12-берене. Диний билим берүү мекемелери**

1. Медреселер диний бирикмелердин өзгөчө формасы болуп саналат жана тиешелүү диний уюм тарабынан бекитилген жана мамлекеттик каттоодон өткөн өзүнүн уставынын негизинде диний окутуу менен алектенүүгө укуктуу.

2. Медреселерде окутуунун шарттары жана системасы мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылат.

3. Медреселердин окуу иши лицензиянын негизинде жүргүзүлөт.

4. Медреселердин окуу иштерин лицензиялоо Тажикстан Республикасынын «иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө» Мыйзамында көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт.

5. Медреселердин күндүзгү бөлүмдөрүндө окуган жарандар мамлекеттик окуу жайларынын студенттери үчүн Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген укуктардан жана жеңилдиктерден пайдаланышат.

6. Медереселердин окуу программалары жана пландары мамлекеттик билим берүү мекемесинин деңгээлине шайкеш келиши керек жана Тажикстан Республикасынын билим берүү жөнүндө мыйзамдарына каршы келбеши керек.

### 4-бөлүм. ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕРДИ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО

#### 13-берене. Диний бирикмелерди каттоо

1. Диний уюмдар юридикалык жакты түзүү менен мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш, ал эми диний жамааттар юридикалык жакты түзбөстөн эсептик каттоодон өтүүгө тийиш.

2. Диний уюмдарды мамлекеттик каттоо дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган тарабынан бул Мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

3. Диний жамааттарды эсептик каттоо дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган жана анын ведомстволук органдары тарабынан Тоолуу Бадахшан автономиялык облусунда, башка облустарда, Душанбе шаарында, шаарларда жана райондордо бул Мыйзамда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

4. Диний уюмдарды мамлекеттик каттоо, кайра каттоо жана мамлекеттик каттоодон баш тартуу, ошондой эле диний жамааттарды эсептик каттоо, кайра каттоо жана эсептик каттоодон баш тартуу Тажикстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, бирок ушул беренеде көрсөтүлгөн уюштуруу документтеринин толук тизмеси берилген күндөн тартып бир айдан ашык эмес жана кошумча контролдук – аналитикалык жол-жоболорду жүргүзүү зарыл болгон учурларда үч айга чейин жүргүзүлөт.

5. Диний уюмду мамлекеттик каттоо үчүн дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга төмөнкүдөй документтер берилет:

- мамлекеттик каттоо жөнүндө арыз;
- диний уюмдун уставы;
- уюштуруу чогулушунун протоколу;
- диний уюмдун уюштуруучуларынын жана текшерүү комиссиясынын курамынын жарандыгы, жашаган жери жана туулган жылы көрсөтүлгөн тизмеси;
- диний уюмдун иш-аракетинин аймагында анын жолдоочулары 5 жылдан бери бар экендигин билдирген жергиликтүү мамлекеттик бийликтин органынын справкасы;
- диний окуунун негиздери жана ага тиешелүү практика жөнүндө, анын ичинде диндин пайда болуу тарыхы жана диний уюм жөнүндө, анын ишинин формалары жана ыкмалары жөнүндө, билим берүүгө, үй-бүлөгө жана никеге

карата мамилеси, өзүнүн жолдоочуларынын ден соолугуна карата мамилелердин өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалыматтар;

- мамлекеттик алымды төлөгөндүгү жөнүндө документ;

- түзүлүп жаткан диний уюмдун жайгашкан жерин (юридикалык дарегин) тастыктаган документ.

6. Диний жамааттарды эсептик каттоо үчүн төмөнкү документтер берилет:

- эсептик каттоо жөнүндө арыз;

- диний жамааттын абалы;

- уюштуруу чогулушунун протоколу;

- жарандык жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен диний жамааттын уюштуруучулар курамынын тизмеси,

жашаган жери жана туулган күнү;

- диний жамааттын жайгашкан жерин (юридикалык дарегин) тастыктаган документ.

7. Дин бирикмелеринин уставдарына (жоболоруна) киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор ушул беренеде белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш жана ушундай каттоодон өткөн учурдан тартып укуктук жөндөмдүүлүккө ээ болот.

8. Диний уюмду мамлекеттик каттоо үчүн, анын уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн Тажикстан Республикасынын «мамлекеттик салык жөнүндө» Мыйзамына ылайык мамлекеттик салык алынат.

9. Диний уюм мамлекеттик каттоодон өткөн жана күбөлүк алган учурдан тартып юридикалык жактын статусуна ээ болот. Диний жамаат өзүнүн жобосуна ылайык, юридикалык жакты түзбөстөн, эсептик каттоодон жана маалымкатты алгандан кийин гана иш жүргүзөт.

**14-берене. Диний бирикмелерди каттоодон баш тартуу учурлары**

1. Диний бирикмеге мамлекеттик же эсептик каттоодон төмөнкү негиздер боюнча баш тартылышы мүмкүн:

- эгерде диний бирикменин уставы (жобосу) Тажикстан Республикасынын Конституциясына, бул Мыйзамга жана Тажикстан Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына карама-каршы келсе же мазмуну боюнча диний бирикменин диний ишениминин бардык өзгөчөлүктөрүн камтыбаса;

- эгерде уюштуруу документтеринин толук тизмеси берилбесе:

- эгерде берилген документтерде так эмес маалыматтар камтылса;

- эгерде диний бирикменин аталышы жарандардын адеп-ахлагын, улуттук жана диний сезимдерин кемсинтсе;

- Тажикстан Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

2. Диний бирикмени каттоодон баш тартуу боюнча сотко кайрылып, даттануу болушу мүмкүн.

**15-берене. Диний бирикмелердин уставы (жобосу)**

1. Диний уюм уставдын негизинде иштейт жана диний жамаат уюштуруучулар тарабынан бекитилген жоболордун негизинде иш жүргүзөт.

2. Диний бирикмелердин уставында (жоболору) төмөнкү маалыматтар кирүү керек:

- диний бирикменин аталышы, жайгашкан жери жана формасы, дин тутуусу жана тиешелүү диний уюмга таандык болгон учурда – анын аталышы;
- максаттар жана аткара турган иши, укуктар жана милдеттер, территория жана ишмердүүлүктүн негизги формалары;
- ишти түзүүнүн, кайра уюштуруунун жана токтотуунун тартиби;
- диний бирикменин түзүмү, анын жетектөөчү жана контролдук-текшерүү органдары, структуралык тартиби жана ыйгарым укуктары;
- уставга (Жобого)өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби;
- акча каражаттарын жана ар кандай мүлктөрдү түзүү булактары;
- иш токтотулган учурда мүлктү тескөө тартиби;
- эгерде бар болсо, диний уюмдун символикалык белгиси.

3. Уставда (жободо) диний бирикмелердин ишинин өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү жана Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка жоболор каралышы мүмкүн.

**16-берене. Диний бирикмелердин мамлекеттик реестри**

1. Диний бирикмелердин мамлекеттик реестри – диний бирикмелер жөнүндө маалыматтардын жыйындысы. Реестрдин формасы дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

2. Диний бирикмелердин мамлекеттик реестрине киргизилет:

- диний бирикменин аталышы;
- дин тутуу;
- юридикалык адреси, жайгашкан жери;
- диний бирикменин формасы;
- лицензиялык иштин көрүнүшү жөнүндө маалыматтар;
- диний уюмду мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн номери жана датасы;
- диний жамааттын эсептик каттоосу жөнүндө маалымкаттын номери жана датасы;
- диний уюмдарды кайра каттоо жөнүндө маалыматтар, байланыштар;
- диний бирикменин ар жылдык иши жөнүндө маалыматтар;
- диний бирикмени кайра уюштуруу же жоюу процесси жөнүндө маалыматтар.

**17-берене. Мамлекеттик дин таануу экспертизасы**

1. Мамлекеттик дин таануу экспертизасы мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган тарабынан диний бирикмелердин дин тутуусунун мүнөздүү белгилерин, алардын диний окуулары жана диний иш-аракеттери жөнүндө маалыматтардын тууралыгын аныктоо, ошондой эле диний багыттагы адабияттардын жана предметтердин мазмунун талдоо максатында жүргүзүлөт.

2. Мамлекеттик дин таануу экспертизасы Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

3. Мамлекеттик дин таануу экспертизасын өткөрүү тартиби Тажикстан Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

## 5-бөлүм. ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕРДИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**18-берене. Диний бирикмелердин укуктары**

1. Диний бирикмелер Тажикстан Республикасынын мыйзамдарынын нормаларына жана Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген өзүнүн ички ченемдерине ылайык иш жүргүзүшөт.

2. Өз максаттарын ишке ашыруу үчүн диний бирикмелер:

- өз иши жөнүндө маалыматты эркин жайылтууга;

- сот жана башка мамлекеттик бийлик органдарында өз укуктарын коргоого жана көрсөтүүгө;

- жарандардын диний кызыкчылыктарына тиешелүү маселелер боюнча мамлекеттик бийлик органдарына сунуштарды киргизүүгө;

- Тажикстан Республикасынын мыйзамдары менен өндүрүштүк жана чарбалык иштерди жүргүзүүгө;

- ушул Мыйзамда жана Тажикстан Республикасынын башка мыйзамдарында каралган башка укуктарды ишке ашырууга укуктуу.

**19-берене. Диний бирикмелердин милдеттери**

Диний бирикмелер төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- Тажикстан Республикасынын Конституциясын, Тажикстан Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын, Тажикстан тарабынан таанылган жана алардын иш чөйрөсүнө тиешелүү эл аралык укуктук актыларды, ошондой эле алардын уставдарында (жоболорунда) жана башка ички документтерде белгиленген ички көрсөтмөлөрдү сактоого;

- тиешелүү мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын суроо-талабы боюнча маалыматтарды берүүгө;

- мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын өкүлдөрүнүн диний бирикмелер өткөргөн иш-чараларга катышуусуна тоскоол болбоого.

**20-берене. Диний ырым-жырымдар жана каада-салттар**

1. Диний ырым-жырымдар жана каада-салттар Тажикстан Республикасынын мыйзамдарынын чегинде жүргүзүлөт.

2. Диний бирикмелер сыйынуу имараттарын жана курулуштарын, ошондой эле табынуу кызматтарын жана башка диний муктаждыктарды канааттандыруу үчүн атайын алдын ала каралган башка жерлерди жана объекттерди негиздөөгө жана кармоого укуктуу.

3. Табынуу, диний ырым-жырымдар жана каада-салттар сыйынуу имараттарында жана аларга тиешелүү аймактарда, ыйык жерлерде, көрүстөндөрдө – диндин өзгөчөлүктөрүнө жараша, ошондой эле турак жайларда жана жарандардын үйлөрүндө өткөрүлөт.

4. Диний бирикмелер ооруканаларда, профилакторияларда, кары-картаңдар жана майыптар үйлөрүндө, алдын ала камоо жана эркиндигинен ажыратуу жайларында турган жарандарга белгиленген тартипке ылайык табынуу, диний ырым-жырымдарды жана каада-салттарды өткөрүү жөнүндө сунуштар менен кайрылууга укуктуу.

5. Башка учурларда эл алдында сыйынуу, диний ырым-жырымдарды жана каада-салттарды аткаруу, тынч чогулуштарды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү өткөрүү үчүн Тажикстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

**21-берене. Жарандардын ажылык жана Умрага зыярат кылуу укуктары**

1. Тажикстан Республикасынын жарандары ажылыкка барууга жана Умрага зыярат кылууга укуктуу.

2. Ажылыкка барууга жана Умрага жарандардын баруу тартиби Тажикстан Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**22-берене. Диний адабияттар жана диний багыттагы буюм-тайымдар**

1. Жарандар жана диний бирикмелер диний адабияттарды, диний багыттагы башка предметтерди жана материалдарды сатып алууга жана пайдаланууга укуктуу.

2. Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык, диний уюмдар диний адабияттарды, диний багыттагы предметтерди, диний мазмундагы башка маалыматтык материалдарды тиешелүү көлөмдө өндүрүүгө, экспорттоого, импорттоого жана таратууга укуктуу.

3. Диний адабияттарды, ошондой эле диний багыттагы башка предметтерди жана материалдарды даярдоо, экспорттоо, импорттоо, сатуу жана таратуу мамлекеттик дин таануу экспертизасынын корутундусун алгандан кийин гана жүзөгө ашырылат.

4. Диний адабияттарды басып чыгаруу жана диний багыттагы буюмдарды жана материалдарды жасаган ишканаларды диний уюмдар гана уюштурууга укуктуу.

5. Диний уюмдар чыгарган жана тараткан диний адабияттар менен диний багыттагы материалдар ушул диний уюмдун толук аталышы менен көрсөтүлүшү тийиш.

**23-берене. Диний бирикмелердин кайрымдуулук жана маданий-агартуу иши**

1. Диний бирикмелер кайрымдуулук иштерин Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына жараша жүргүзүүгө укугу бар.

2. Диний уюмдар өздөрүнүн уставдык максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн Тажикстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте маданий-агартуу мекемелерин түзүүгө жана жалпыга маалымдоо каражаттарын уюштурууга укугу бар.

3. Диний бирикмелердин мамлекеттик мектепке чейинки жана мектеп мекемелеринде, ошондой эле жарандардын үйлөрүндө жана батирлеринде жакшы кабар айтуу жана агартуу иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат.

4. Мамлекет диний бирикмелердин кайрымдуулук иштерине, ошондой эле алардын коомдук маанилүү маданий-агартуу программаларын жана иш-чараларын ишке ашырууга көмөк көрсөтөт.

**24-берене. Диний уюмдардын эл аралык мамилелери**

Диний уюмдар дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын макулдугу боюнча чет өлкөлүк уюмдар менен эл аралык диний кызматташтыкты орнотууга укуктуу.

## 6-бөлүм. ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕРДИН МЕНЧИГИ ЖАНА АЛАРДЫН ЭМГЕК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**25-берене. Диний бирикмелердин менчиги**

Диний бирикмелер Тажикстандын Жарандык кодекси боюнча менчикке ээ жана алардын иши үчүн зарыл болгон мүлккө жана башка буюмдарга ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугунан пайдаланышат.

**26-берене. Мамлекеттин, коомдук бирикмелердин жана жарандардын менчиги болуп саналган мүлктү пайдалануу**

1. Диний бирикмелердин мамлекеттик органдар, коомдук бирикмелер жана жарандар тарабынан аларга келишимдик негизде берилген имараттарды жана мүлктөрдү өз муктаждыктары үчүн пайдаланууга укугу бар.

2. Мамлекеттик бийликтин жергиликтүү жана борбордук органдарынын диний бирикмелерге мамлекеттик менчикте турган мечиттерди жана башка

мүлктөрдү функционалдык максаттар үчүн акысыз пайдаланууга берүүгө укугу бар.

3. Тарыхый жана маданий эстеликтер болуп саналган курулуштарды жана буюмдарды функционалдык максаттар үчүн диний бирикмелерге пайдаланууга берүү Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

4. Диний бирикмелердин жерди өз муктаждыктары үчүн Тажикстан Республикасынын Жер кодексинде белгиленген тартипте пайдаланууга укугу бар.

**27-берене. Диний уюмдардын өндүрүштүк жана чарбалык иши**

1. Диний уюмдардын Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык өндүрүштүк жана чарбалык иштерди жүргүзүүгө укугу бар.

2. Диний уюмдардын өндүрүштүк иш-аракеттеринен түшкөн кирешелерине жана башка булактардан келген кирешелерине Тажикстан Республикасынын Салык кодексине ылайык салык салынат.

**28-берене. Ишин токтоткон диний бирикмелердин мүлкүн тескөө**

1. Диний бирикменин иши токтотулганда анын менчигинде турган мүлктү тескөө мыйзамдарга жана анын уставына (жобосуна) ылайык ишке ашырылат.

2. Диний бирикмелерге таандык болгон Кудайга кызмат кылуу багытындагы мүлктөргө кредитордун даттануусу боюнча өндүрүп алуу жүргүзүлүшү мүмкүн эмес.

3. Укук мураскорлору жок болгон учурда диний бирикмелердин мүлкү мамлекеттин менчигине өтөт.

**29-берене. Жарандардын диний бирикмелердеги эмгек ишмердүүлүгү жана эмгек укуктары**

1. Диний бирикмелер жарандарды ишке кабыл алууга укуктуу. Диний бирикме менен кызматчынын ортосунда жазуу жүзүндө түзүлгөн эмгек келишиминде тараптардын эмгек шарттары, укуктары жана милдеттери көрсөтүлүшү тийиш.

2. Диний бирикмелерде иштеген жарандарга Тажикстан Республикасынын эмгек, социалдык коргоо, салык жана камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдары жайылтылуусу керек.

## 7-бөлүм. ДИНИЙ БИРИКМЕЛЕРДИН ИШИН КӨЗӨМӨЛДӨӨ

**30-берене. Диний бирикмелердин ишин көзөмөлдөө**

1. Тажикстан Республикасынын абийир эркиндиги жана диний бирикмелер боюнча мыйзамды аткарылышы боюнча көзөмөлдү Тажикстан Республикасынын прокуратурасынын органдары аткарышат.

2. Диний бирикмелер тарабынан алардын ишинин максаттары менен тартибине карата мыйзамдардын жана өз уставдарынын (жоболорунун) жазма буйруктарынын сакталышын түздөн-түз контролдоо дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

3. Салык органы Тажикстан Республикасынын Салык кодексине ылайык диний бирикмелердин киреше булактарын, алар алган каражаттарга салыктарды жана салыктарды төлөөнү көзөмөлдөйт.

4. Диний бирикмелердин учурдагы экологиялык, өрткө каршы, санитардык-эпидемиологиялык жана башка ченемдер менен стандарттардын сакталышын жана аткарылышын контролдоо жана текшерүү Тажикстан Республикасынын нормативдик укуктук актыларына ылайык тиешелүү мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдар тарабынан ишке ашырылат.

**31-берене. Диний бирикменин ишин токтотуу**

1. Диний бирикме Тажикстан Республикасынын мыйзамдарын бузган же анын уставында (Жобосунда) каралган максаттарга карама-каршы келген аракеттерди жасаган учурлар аныкталганда дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган диний бирикмеге аларды жоюу мөөнөтүн көрсөтүү менен жазуу жүзүндө эскертүү жиберет.

2. Диний бирикме Тажикстан Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин сактабаган же анын уставында (Жобосунда) каралган каршы аракеттерди жасаган учурда, Тажикстан Республикасынын Башкы прокурору же ага караштуу прокурорлор диний бирикмеге укук бузууларды токтоосуз жоюу жөнүндө жазма буйрук, ал эми катталган диний бирикмеге аларды жоюу мөөнөтүн көрсөтүү менен билдирүү жөнөтөт.

3. Эгерде көрсөтмө берүү же кабарлоо үчүн негиз болгон укук бузуулар белгиленген мөөнөттө четтетилбесе, дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган диний бирикменин ишин үч айга чейин токтото турууга укуктуу.

4. Эгерде диний бирикменин ишин токтото туруунун белгиленген мөөнөтүнүн ичинде анын ишин токтото турууга негиз болгон укук бузуулар жоюлса, диний бирикме дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын чечими менен өз ишин улантууга укуктуу.

5. Өзгөчө абал киргизилген учурда диний бирикменин ишин токтотуунун тартиби мыйзам менен аныкталат.

6. Диний бирикменин иши токтотулган учурда анын жалпыга маалымдоо каражаттарын уюштуруучунун укуктары токтотулат; диний бирикме чогулуштарды, митингдерди, демонстрацияларды, жүрүштөрдү жана башка массалык иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө, чарбалык иш жана эмгек келишимдери боюнча эсептешүүлөрдү, анын аракети менен келтирилген

зыяндын ордун толтурууну, салыктарды, алымдарды жана айыптарды төлөөнү кошпогондо, банктык аманаттарды пайдаланууга укугу жок.

**32-берене. Диний бирикмени жоюу жана анын иш-аракеттерине тыюу салуу**

1. Диний бирикме анын уставына (жобосуна) ылайык же соттун чечими боюнча жоюлат.

2. Диний бирикмени жоюу жана анын ишине тыюу салуу үчүн негиз болуп төмөнкүлөр саналат:

- адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузуу;

- Тажикстан Республикасынын Конституциясын, Тажикстан Республикасынын мыйзамдарын жана башка нормативдик укуктук актыларын бузуу, ошондой эле диний бирикме тарабынан анын уставында (жобосунда) белгиленген максаттарга жана милдеттерге карама-каршы келген ишти жүзөгө ашыруу:

- прокурордун буйругунда же дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын чечиминде көрсөтүлгөн укук бузуулардын диний бирикме тарабынан жоюлбагандыгы.

3. Прокурор же дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган диний уюмду жоюу же диний жамааттын ишине тыюу салуу жөнүндө арыз менен сотко кайрылууга укуктуу.

4. Эгерде сот диний биримдикти жоюу же анын ишине тыюу салуу жөнүндө арызды канааттандырбаса, диний бирикме соттун чечими күчүнө киргенден кийин өз ишин улантат.

5. Диний бирикмени соттун чечими боюнча жоюу диний бирикменин каттоосуна карабастан анын ишине тыюу салынгандыгын билдирет. Жоюлган диний бирикме башка аталыш менен катталууга укугу жок.

## 8-бөлүм. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

**33-берене. Бул Мыйзам колдонууга киргизилгенге чейин түзүлгөн диний уюмдарды мамлекеттик каттоо**

1. Диний бирикмелерди мамлекеттик каттоо жөнүндө ушул Мыйзамдын 11-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрүндө белгиленген жоболордон тышкары, диний бирикмелерди мамлекеттик каттоо жөнүндө ушул Мыйзамдын жоболору ушул Мыйзам колдонууга киргизилгенге чейин түзүлгөн диний уюмдарга да жайылтылат.

2. Ушул Мыйзам колдонууга киргизилгенге чейин түзүлгөн диний уюмдардын уставдары (жоболору) жана башка уюштуруу документтери ушул Мыйзамга ылайык келүүгө тийиш. Уставдар (жоболор) жана башка уюштуруу документтери ушул Мыйзамга ылайык келтирилгенге чейин алар ушул Мыйзамга каршы келбеген бөлүгүндө гана колдонулат.

3. Ушул Мыйзам колдонууга киргизилгенге чейин түзүлгөн диний уюмдарды мамлекеттик кайра каттоо мамлекеттик салыкты төлөөдөн бошотуу менен 2010-жылдын 1-январынан кечиктирилбестен жүргүзүлөт.

4. Ушул беренеде белгиленген мөөнөттө расмий кайра каттоодон өтпөгөн диний уюмдар юридикалык жактын статусун жоготот, ал эми алардын мурда катталганы жөнүндө күбөлүктөр каттоочу органдын чечими боюнча жараксыз деп эсептелет.

**34-берене. Бул Мыйзамды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

Бул Мыйзамды бузгандыгы үчүн жеке жана юридикалык жактар Тажикстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылат.

**35-берене. «Дин жана диний уюмдар жөнүндө» Тажикстан Республикасынын Мыйзамын күчүн жоготту деп табуу жөнүндө**

«Дин жана диний уюмдар жөнүндө» Тажикстан Республикасынын 1990-жылдын 8-декабрындагы Мыйзамы күчүн жоготту деп таанылсын (Тажик ССР Жогорку Советинин Ведомосттору, 1990-ж., № 24, 418-б.; Жогорку Советинин Жарчысы. Тажикстан Республикасы, 1991-ж., № 22, 297-б., 1992-ж., № 12, 203-б, 1994-ж., № 23-24, 452-б, Тажикстан Республикасынын Ахбори Мажлиси Оли, 1997-ж., № 9, 117-берене, № 23-24, 333-берене, 1999-ж., № 9, 232-берене , 2001-ж., № 4, 155-берене).

**36-берене. Бул Мыйзамды колдонууга киргизүүнүн тартиби**

Бул Мыйзам расмий жарыялангандан кийин күчүнө кирет.

**Тажикстан Республикасынын Президенти Эмомали Рахмон.**

*Тиркеме5*

## ИШЕНИМ ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАР ЖӨНҮНДӨ: 2003-жылдын 21-октябрындагы Түркмөнстан мыйзамы

Түркмөнстан динге жана ишенимге болгон мамилесине карабастан, ар бир адамдын дин тутуу эркиндигине болгон укугун, ошондой эле мыйзам алдында теңдикти тастыктоо менен, Түркмөнстан дин аралашпаган светтик мамлекет экендигине негизделип, Түркмөнстандын кылымдарды карыткан тарыхында, анын руханийлигин жана маданиятын калыптандырууда жана өнүктүрүүдө мусулмандардын өзгөчө ролун таанып, башка диндерди урматтап, дин тутуу эркиндиги маселелеринде өз ара түшүнүүгө, сабырдуулукка жана урматтоого жетишүүгө көмөктөшүү маанилүү деп эсептегендиктен, ушул Мыйзамды кабыл алат.

### 1-бөлүм. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1-берене. Ушул Мыйзамды жөнгө салуу предмети**

Ушул Мыйзам Түркмөнстандын Конституциясына ылайык адамдын жана жарандын дин тутуу эркиндигине болгон укуктары чөйрөсүндөгү укуктук мамилелерди, ошондой эле диний уюмдардын укуктук абалын жөнгө салат.

**2-берене. Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдар**

Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдар Түркмөнстандын Конституциясына негизделет, бул Мыйзамдан жана Түркмөнстандын башка нормативдик укуктук актыларынан турат.

Эгерде Түркмөнстандын эл аралык келишимдеринде бул Мыйзамда камтылгандан башка эрежелер белгиленсе, анда эл аралык келишимдердин эрежелери пайдаланылат.

**3-берене. Дин тутуу эркиндигине карата укук**

Дин тутуу эркиндиги – бул жарандардын ар кандай динди тутууга же эч кандай динди тутпоого, динге карата мамилеге байланыштуу ишенимдерди билдирүүгө жана жайылтууга, диний табынууларды, ырым-жырымдарды, каада-салттарды кылууга жана катышууга кепилденген конституциялык укугу.

Жаран динге, динди тутууга же тутпоого, табынуу кызматтарын өткөрүүгө, диний ырым-жырымдарга жана аземдерге катышууга же катышпоого, руханий билим алууга өзүнүн мамилесин аныктоодо кандайдыр бир мажбурлоого жол берилбейт.

Жашы жете электерди диний уюмдарга тартууга, ошондой эле алардын эркине, ата-энелеринин жана аларды алмаштырган адамдардын эркине каршы динди окутууга жол берилбейт.

Дин тутуу эркиндигине болгон укукту жүзөгө ашыруу белгиленген коомдук укук тартибине карама-каршы келбейт, ал улуттук коопсуздукту жана коомдук тартипти, башка жарандардын өмүрүн, ден соолугун, адеп-ахлагын, укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу зарыл болгондо убактылуу чектелиши мүмкүн.

Түркмөнстандын аймагында туруктуу жашаган же убактылуу жүргөн чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар дин тутуу эркиндигине Түркмөнстандын жарандары менен бирдей укуктардан пайдаланышат жана Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

**4-берене. Динге болгон мамилесине карабастан жарандардын тең укуктуулугу**

Түркмөнстандын жарандары диний ишенимдерине карабастан, жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий турмуштун бардык тармактарында мыйзам алдында бирдей. Расмий документтерде жарандын динге болгон мамилесин көрсөтүүгө жол берилбейт.

Жарандардын укуктарын түздөн-түз же кыйыр түрдө чектөө жана алардын диний жана атеисттик ишенимдерине жараша кандайдыр бир артыкчылыктарды белгилөө, ага байланыштуу кастыкты же жек көрүүнү козгоо же жарандардын сезимдерин кемсинтүү Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

Эч ким өзүнүн диний ишенимдеринин негизинде Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген милдеттерди аткаруудан качышы мүмкүн эмес. Диний ишенимдердин себептери боюнча бир милдетти аткарууну экинчисине алмаштырууга Түркмөнстандын мыйзамдарында каралган учурларда гана жол берилет.

**5-берене. Мамлекет жана диний уюмдар**

Түркмөнстан – светтик дин аралашпаган мамлекет. Түркмөнстандагы диний уюмдар мамлекеттен өзүнчө бөлүнгөн.

Бир эле дин же дин тутуу башка диндегилерге же атеисттерге карата кандайдыр бир артыкчылыктарды же чектөөлөрдү белгилөөгө жол берилбейт.

Мамлекет жарандардын, уюмдардын жана дин тутпагандардын ортосунда, диний уюмдар менен алардын ар кандай дин тутунган мүчөлөрүнүн ортосунда өз ара сабырдуулук жана сый-урмат жагдайын орнотууга көмөктөшөт, диний же башка фанатизмдин жана экстремизмдин көрүнүштөрүнө, ар кандай диний уюмдардын ортосундагы мамилелерди карама-каршы коюуга жана курчутууга, кастыкты козутууга багытталган аракеттерге жол бербейт.

Түркмөнстан диний уюмдарга эч кандай мамлекеттик функцияларды жүктөбөйт, эгер ал Түркмөнстандын мыйзамдарына каршы келбесе, диний уюмдардын ишине кийлигишпейт.

Мамлекет диний уюмдардын ишмердигин жана атеизмди үгүттөө ишин каржылабайт.

Түркмөнстанда диний негиздер боюнча саясий партияларды жана коомдук кыймылдарды, ошондой эле мамлекеттен тышкары түзүлгөн диний партиялардын филиалдарын жана бөлүмдөрүн түзүүгө жана иштөөгө жол берилбейт.

Диний уюмдардын иш-аракеттери саясатты үгүттөөнү жүргүзүү менен дал келбейт.

Диний уюмдар Түркмөнстандын мыйзамдарынын талаптарын сактоого милдеттүү. Динди мамлекеттик, Конституцияга каршы үгүттөө, кастыкты, жек көрүүнү, улуттар аралык араздашууну козгоо, коомдогу адеп-ахлактык негиздерди жана жарандык ынтымакты бузуу, жалаа жабуу, кырдаалды курчутуучу ушактарды жайылтуу, калк арасында дүрбөлөң жаратуу, адамдардын ортосундагы зыяндуу мамилелерди түзүү жана мамлекетке, коомго жана инсанга каршы багытталган башка аракеттерди жасоо максатында колдонууга жол берилбейт.

Терроризмге, наркотик каражаттарын жана башка кылмыштарды мыйзамсыз жүгүртүүгө өбөлгө түзгөн, ошондой эле аларды пропагандалаган диний уюмдардын, агымдардын, секталардын жана башка уюмдардын ишине тыюу салынат.

Мамлекеттик органдарга, кызмат адамдарына, ошондой эле мыйзамсыз диний иштерге, анын ичинде үй шартында жүргүзүлүп жаткан иштерге кысым көрсөтүү аракеттери Түркмөнстандын мыйзамдары менен куугунтукка алынат.

**6-берене. Билим берүү системасы жана дин**

Түркмөнстандагы билим берүү системасы диний уюмдардан бөлүнүп, светтик мүнөзгө ээ.

Дин аралашпаган билим алуу укугу Түркмөнстандын жарандарына алардын динге болгон мамилесине карабастан камсыз кылынат.

Түркмөнстандын жарандары өз каалоосу боюнча жеке же башкалар менен биргеликте рухий билим алууга, диний билим алууга укугу бар.

Түркмөнстандын Президентине караштуу дин иштери боюнча Генгештин уруксаты менен мечиттерде ата-энелеринин, аларды алмаштырган опекундардын, алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн жана балдардын өздөрүнүн макулдугу менен балдарды жалпы билим берүүчү мектептик сабактардан бош мезгилде жумасына төрт сааттан ашпаган көлөмдө диний окууга окутуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

Дин сабактарын жогорку руханий окуу жайларын аяктаган жана Генгештин Түркмөнстандын Президентине караштуу дин иштери боюнча уруксаты бар адамдар гана окутушу мүмкүн.

Жеке тартипте диний окутууну окутууга тыюу салынат жана Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке алып келет.

**7-берене. Мамлекеттик органдар жана диний уюмдар**

Диний уюмдардын ишин караштыруучу мамлекеттик орган – Түркмөнстандын Президентининин кол алдындагы дин иштери боюнча Генгеш, ал Түркмөнстандын Президенти бекиткен Жобого ылайык иш алып барат.

Генгеш өз ыйгарым укуктарынын чегинде Түркмөнстандын Президентине караштуу дин иштери боюнча:

Түркмөнстандагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышы боюнча диний уюмдардын ишин көзөмөлдөйт;

диний мамилелерде конституциялык укуктарды жана кепилдиктерди жүзөгө ашырууну камсыз кылат;

Түркмөнстанда жайгашкан жана иштеп жаткан диний уюмдардын кызыкчылыктарын мамлекеттик органдарда коргойт;

диний уюмдардын иштерине карата жарандардын арыздарын, каттарын жана даттанууларын карайт жана аныкталган кемчиликтер менен мыйзам бузууларды жоюу боюнча чараларды көрөт;

дин тутуу эркиндиги жөнүндө Мыйзамды жана диний уюмдарды колдонуу маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү берет;

Түркмөнстандагы диний уюмдар боюнча маалымат банкын түзөт;

дин таануу экспертизасын жүргүзүү үчүн дин таануучулардын, диний уюмдардын өкүлдөрүнүн жана адам укуктары маселелери боюнча адистердин эксперттик кеңешин түзөт жана зарыл учурларда аткаруу бийлик органдарынын жана казыяттын суроо-талаптары боюнча расмий эксперттик корутунду берет;

Түркмөнстандын ичинде да, анын чегинен тышкары да ар кандай диндеги диний уюмдардын ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү жана толеранттуулук жагдайын бекемдөөгө өбөлгө түзөт;

чет өлкөлөрдөгү диний мекемелер жана мамлекеттин ичиндеги мамлекеттик органдар менен байланыштарды жана тескөөчү карым-катнаштарды түзөт.

**2-бөлүм. ТҮРКМӨНСТАНДАГЫ ДИНИЙ УЮМДАР**

**8-берене. Диний уюм**

Диний уюм катары ишенимди бирге таануу жана жайылтуу максатында түзүлгөн, табынуу кызматтарды жана башка ырым-жырымдар менен аземдерди жасаган, диний тарбияны жүзөгө ашырган жана Түркмөнстандын

мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган Түркмөнстандын жарандарынын ыктыярдуу бирикмеси таанылат.

Диний уюм Түркмөнстандын жашы жеткен жана Түркмөнстандын аймагында туруктуу жашаган беш жүздөн кем эмес жарандарынын демилгеси менен түзүлөт.

Диний уюмдардын жетекчилери жогорку диний билими бар Түркмөнстандын жарандары болушу мүмкүн.

Православдык динди тутунган, чет өлкөлөрдө руханий борборлору бар диний уюмдар, эгерде Түркмөнстандын мыйзамдары бузулбаса, ушул борборлор тарабынан белгиленген тартипте дин кызматкерлерин жана аларга керектүү диний кызматкерлерди даярдоону жүзөгө ашырышат.

Диний уюмдар өздөрүнүн уставдарына жана Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык зыяратка баруу жана башка диний иш-чараларга катышуу максатында Түркмөнстандын Президентине караштуу дин иштери боюнча Генгештин макулдугу менен эл аралык байланыштарды түзүүгө жана аларга жардам берүүгө укугу бар.

**9-берене. Диний окуу жайлары**

Түркмөнстандын президентинин алдындагы дин иштери боюнча Генгеш Түркмөнстандын Министрлер Кабинетинин уруксаты менен дин кызматкерлерин жана аларга керектүү диний кызматкерлерди даярдоо үчүн диний окуу жайларын түзүүгө укуктуу.

Диний окуу жайлары Түркмөнстандын адалат Министрлиги тарабынан каттоодон өтүп, тиешелүү лицензия алгандан кийин гана өз ишмердигине укук алышат.

Жогорку диний окуу жайына окуу үчүн  алар Түркмөнстандын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык милдеттүү жалпы орто билим алгандан кийин кабыл алынат.

Түркмөнстандын жарандары диний билимди Махтумкули атындагы Түркмөн мамлекеттик университетинин теология факультетинен ала алышат.

Жогорку окуу жайдын диний факультетинде окуган Түркмөнстандын жарандары мамлекеттик окуу жайларынын окуучулары үчүн Түркмөнстандын мыйзамдарында көрсөтүлгөн аскердик кызматты өтөөнү кийинкиге калтыруу, салык салуу, окуу убактысын эмгек стажына киргизүү боюнча укуктардан жана жеңилдиктерден пайдаланышат.

**10-берене. Диний уюмдун уставы**

Диний уюм анын уюштуруучулары тарабынан бекитилген уставдын негизинде иштейт.

Диний уюмдун уставында төмөнкү маалыматтар камтылышы керек:

диний уюмдун аталышы, түрү, юридикалык дареги, дин тутуусу;

максаты, милдеттери жана ишинин негизги түрлөрү;

мүлктү кайра уюштуруунун жана жоюунун, ошондой эле бөлүштүрүүнүн шарттары жана тартиби;

башкаруу түзүмү жана органдары, аларды түзүү тартиби жана ыйгарым укуктары;

уюмдун каражаттарын жана башка мүлкүн түзүү булактары;

уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби;

диний уюмга кирүү жана андан чыгуу тартиби;

диний уюмдун ишине тиешелүү бөлөк маалыматтар.

Борбордук башкаруу органдары бар диний уюмдардын уставдары ушул башкаруу органдары менен макулдашылууга тийиш.

**11-берене. Диний уюмдарды каттоо**

Диний уюмдарды каттоо Түркмөнстандын Президентине караштуу дин иштери боюнча Генгештин сунушу, ошондой эле вилаяттардын юристтери тарабынан даярдалган материалдар боюнча Түркмөнстандын адалат Министрлиги тарабынан жүргүзүлөт. Диний уюмдар каттоодон өткөндө жана юридикалык жактардын Бирдиктүү мамлекеттик реестрине киргизилген учурдан тартып юридикалык жактын укугуна ээ болушат.

Катталбаган диний уюмдун ишине тыюу салынат. Катталбаган диний уюмдун атынан иш жүргүзгөн адам Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

Диний уюмду каттоо үчүн төмөнкү документтер сунушталат:

жашаган жери, фамилиялары, аттары, атасынын аты жана туулган күнү көрсөтүлгөн диний уюмдун уюштуруучулары жана мүчөлөрү кол койгон арыз;

диний уюмдун уставы;

уюштуруу чогулушунун протоколу;

түзүлүп жаткан диний уюмдун жайгашкан жерин тастыктаган документ;

каттоо жыйымын төлөгөндүгү жөнүндө документ.

Диний уюмдарды каттоо жөнүндө арыз берилген күндөн тартып бир айлык мөөнөттө каралат.

Түркмөнстандын адалат Министрлиги кошумча материалдарды суроого жана тиешелүү органдардын эксперттик корутундусун алууга укуктуу. Мындай учурда чечим каттоо жөнүндө арыз берилген күндөн тартып үч айлык мөөнөттө кабыл алынат.

Диний уюмдун уставына толуктоолор жана өзгөртүүлөр диний уюмду каттоо тартибинде жана ошол эле мөөнөттө катталууга тийиш.

**12-берене. Диний уюмду каттоодон баш тартуу**

Төмөнкү себептер болгондо каттоодон баш тартылышы мүмкүн:

эгерде түзүлгөн уюм диний уюм катары таанылбаса;

эгерде уставдын жоболору жана башка документтер бул Мыйзамдын жана Түркмөнстандын бөлөк мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келбесе;

эгерде аларда билип туруп жалган маалымат камтылса;

эгерде уюштуруучулар ыйгарым укукка ээ болушпаса.

Диний уюмду каттоодон баш тарткан учурда арыз ээлерине каттоодон баш тартуунун негиздерин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө билдирилет.

Диний уюмду каттоодон баш тартуу баш тартууга себеп болгон негиздер жоюлган шартта катталууга документтерди кайра берүү үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

Кайра кайрылууну кароо жана ал боюнча чечим чыгаруу ушул Мыйзамда каралган тартипте жүргүзүлөт.

**13-берене. Диний уюмдарды каттоодон баш тарткан учурда даттануу**

Диний уюмду каттоодон баш тартуу Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте казыятка кайрылып, даттанылуусу мүмкүн.

**14-берене. Диний уюмдарды жоюу**

Диний уюмдар жоюлушу мүмкүн:

диний уюмдун уставы менен ыйгарым укук берилген органдын же уюштуруучулардын чечими боюнча;

Түркмөнстандын адалат Министрлиги каттоону жокко чыгарган учурда;

Түркмөнстандын Конституциясынын, ушул Мыйзамдын жана башка мыйзамдардын нормативдерин бир нече жолу же одоно бузган учурда казыяттын чечими боюнча;

диний уюм аны түзүү максаттарына (уставдык максаттарына) карама-каршы келген ишти системалуу түрдө жүзөгө ашырган учурда.

Диний уюмду казыяттык тартипте жоюу үчүн негиз болуп төмөнкүлөр саналат:

коомдук коопсуздукту жана коомдук тартипти, мамлекеттин коопсуздугун бузуу;

конституциялык түзүлүштүн негиздерин күч менен өзгөртүүгө жана Түркмөнстан мамлекетинин бүтүндүгүн бузууга багытталган аракеттер;

куралдуу түзүлүштөрдү түзүү;

согушту үгүттөө, социалдык, расалык, улуттук же диний карама-каршылыктарды козгоо;

үй-бүлөнүн бузулушуна алып келген үй-бүлөлүк иштерге кийлигишүү;

жарандардын инсандыгына, укуктарына жана эркиндиктерине кол салуу;

жарандардын адеп-ахлагына, ден соолугуна мыйзамда белгиленген зыян келтирүү, анын ичинде алардын диний ишине байланыштуу баңги жана психотроптук каражаттарды, гипнозду пайдалануу жана укукка каршы аракеттерди жасоо;

милдеттүү билим алууга тоскоолдук кылуу;

диний уюмдун мүчөлөрүн жана башка адамдарды өзүнө таандык мүлктү диний уюмдун пайдасына чечүүгө мажбурлоо;

жарандарды мыйзамда белгиленген жарандык милдеттерди аткаруудан баш тартууга жана башка укукка каршы аракеттерди кылууга чакыруу.

Диний уюмдун ишин токтотуу боюнча чечим Түркмөнстандын адалат Министрлиги тарабынан Түркмөнстандын Президентине караштуу дин иштери боюнча Генгеш менен макулдашып кабыл алынат.

Диний уюмдарды каттаган прокуратура органдары, Түркмөнстандын адалат Министрлиги, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары казыятка диний уюмду жоюу же диний уюмдун ишине тыюу салуу боюнча сунуштаганга укугу бар.

Жоюлуп жаткан диний уюмдун юридикалык жак катары укуктук жөндөмдүүлүгү токтотулат, ал эми бул диний уюмдун мүлкү анын уставына жана Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык бөлүштүрүлөт.

## 3-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДАРДЫН МҮЛКТҮК АБАЛЫ

### 15-берене. Диний уюмдардын менчиги

Диний уюмдардын менчигинде имараттар, курулуштар, сыйынуу предметтери, өндүрүштүк, социалдык жана кайрымдуулук багыттагы объекттер, ошондой эле өз каражаттарынын эсебинен сатып алынган же жасалган, айрым жарандар, коомдук бирикмелер тарабынан же мамлекет тарабынан берилген, жана чет өлкөдө жайгашкан жана Түркмөнстандын мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча сатып алынган акча каражаттары жана башка мүлктөр болушу мүмкүн.

Диний уюмдар Түркмөнстандын адалат Министрлигинде чет өлкөлүк техникалык жана башка жардамдардын долбоорлоруна жана программаларына байланыштуу финансылык жана материалдык каражаттарды алса, аны каттоого милдеттүү.

Түркмөнстандын мамлекеттик органдары диний уюмдарга мамлекеттин менчигиндеги сыйынуу имараттарын жана башка мүлктөрүн Түркмөнстандын мыйзамдарында аныкталган тартипте менчикке же акысыз пайдаланууга бере алышат.

Диний уюмдар Түркмөнстандын аймагында жерге ээлик кылууну жана пайдаланууну Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте кылышат.

**16-берене. Түркмөнстандын, коомдук уюмдардын же жарандардын менчик мүлкүн пайдалануу**

Диний уюмдар мамлекеттик, коомдук уюмдар же жарандар тарабынан аларга келишимдик негизде берилген имараттарды жана мүлктөрдү өз муктаждыктары үчүн пайдаланууга укуктуу.

Диний уюмдар чектеш аймактары бар сыйынуу имараттарын аларга өткөрүп берүүгө артыкчылык укугуна ээ.

Диний уюмдарга сыйынуу имараттарын жана мүлкүн өткөрүп берүү жөнүндө чечим тиешелүү өтүнүчтү алган учурдан тартып бир айлык мөөнөттөн кечиктирилбестен, бул жөнүндө арыз ээлерине жазуу жүзүндө билдирүү менен кабыл алынууга тийиш.

Диний уюмдарга тарых жана маданият эстеликтери болуп саналган объектилерди жана буюмдарды өткөрүп берүү жана пайдалануу Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

**17-берене. Өндүрүштүк-чарбалык ишмердүүлүк**

Диний уюмдардын борбордук башкаруу органдары уставдык максаттарына жараша Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык өндүрүштүк, реставрациялык-курулуш, айыл чарба жана башка ишканаларды уюштурууга укуктуу.

Диний уюмдардын финансылык жана мүлктүк кайрымдуулуктарына, ошондой эле башка кирешелерине салык салынбайт.

**18-берене. Ишин токтоткон диний уюмдардын мүлкүн бөлүштүрүү**

Диний уюмдардын иши токтотулгандан кийин аларга мамлекеттик, коомдук уюм же жарандар тарабынан пайдаланууга берилген мүлк анын мурдагы ээсине же укук мураскоруна кайтарылып берилет.

Диний уюмдун иши токтотулганда анын менчигинде турган мүлктү башкаруу анын уставына жана Түркмөнстандын мыйзамдарына жараша ишке ашырылат. Кредиторлордун талаптары боюнча өндүрүп алууга мүмкүн болбогон сыйынуу багытындагы мүлктүн тизмеси Түркмөнстандын Президентине караштуу дин иштери боюнча Генгештин сунуштамасы боюнча Түркмөнстандын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

Укук мураскорлору жок болгон учурда мүлк мамлекеттин менчигине өтөт.

## 4-бөлүм. ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ЖАНА ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫ

**19-берене. Диний ырым-жырымдар жана аземдер**

Диний уюмдар жеткиликтүү табынуу жайларын же диний ырым-жырымдарды эркин негиздөөгө жана жүргүзүүгө, ошондой эле зыярат кылуучу жайларды кармоого укуктуу.

Табынуу, диний ырым-жырымдар жана аземдер диний уюмдардын жайгашкан жери боюнча табынуу жана сыйынуу имараттарында жана аларга таандык аймактарда, зыярат кылуучу жерлерде, көрүстөндөрдө, ырым-жырым зарыл болгон учурда жарандардын үйлөрүндө алардын каалоосу боюнча өткөрүлөт.

Аскер бөлүктөрүнүн командачылыгы аскер кызматчыларынын бош убактысында алардын намаз окууга катышуусуна жана диний ырым-жырымдарды аткаруусуна тоскоолдук кылбайт.

Ооруканаларда, госпиталдарда, карылар жана майыптар үйлөрүндө, камакта кармоо жана жаза өтөө жайларында табынуу жана диний ырым-жырымдар алардагы жарандардын өтүнүчү боюнча жүргүзүлөт.

Бул мекемелердин администрациясы дин кызматкерлерин чакырууга көмөктөшөт, табынуу кызматынын, ырым-жырымдын же салтанаттын ордун, убактысын жана башка шарттарын аныктоого катышат.

Табынуу кызматы жана сыйынуу имараттарынан тышкары коомдук сыйынуу, диний ырым-жырымдар жана аземдер Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Түркмөнстандын жарандарынын (диний уюмдардын кызматчыларын кошпогондо) коомдук жайларда диний кийимдерде болушуна жол берилбейт.

Диний уюмдар динге ишенгендерге мажбурлап акчалай жыйымдарды жана салык салууларды жүргүзүүгө, ошондой эле аларга карата алардын ар-намысын жана кадыр-баркын кемсинтүүчү чараларды колдонууга укугу жок.

**20-берене. Диний адабияттар жана диний буюмдар**

Түркмөнстандын жарандары жана диний уюмдар өздөрү каалаган тилде диний адабияттарды, ошондой эле диний башка предметтерди жана материалдарды алууга жана пайдаланууга укуктуу.

Диний, улуттук жана улуттар аралык жана расалык араздашууну тутантууга өбөлгө түзгөн адабияттарды даярдоого, алып келүүгө, алып чыгууга, таратууга жол берилбейт. Көрсөтүлгөн аракеттер Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

Чет өлкөдө басылып чыккан диний адабияттарды жеткирүү жана сатуу Түркмөнстандын Президентине караштуу дин иштери боюнча Генгеш тарабынан анын мазмунуна Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте экспертиза жүргүзүлгөндөн кийин ишке ашырылат.

Диний экстремизм, сепаратизм жана фундаментализм идеяларын камтыган басма сөз басылмаларын, кино-, фото-, аудио-, видеопродукцияларды жана башка материалдарды даярдоо, сактоо жана жайылтуу Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартууга алып келет.

**21-берене. Диний уюмдардын кайрымдуулук жана маданий-агартуу иштери**

Диний уюмдар кайрымдуулук, соопчулук же башка маданий-агартуу иштерин өз алдынча, ошондой эле коомдук фонддор аркылуу жүргүзүүгө укуктуу.

Бул максаттар үчүн кайрымдуулук жана чегерүүлөр салыктан алынат.

## 5-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДАРДА ЖАНА АЛАРДЫН ИШКАНАЛАРЫНДА ЭМГЕК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**22-берене. Диний уюмдардагы эмгек укук мамилелери**

Диний бирикмелерде, ошондой эле алардын ишканаларында эмгек келишимдери (контракттар) боюнча иштеген жарандарга Түркмөнстандын эмгек жөнүндө мыйзамдары жайылтылат. Бул жарандар профсоюздун мүчөлөрү боло алышат.

**23-берене. Диний уюмдарда иштеген жарандардын салык төлөөсү**

Диний уюмдарда жана алардын ишканаларында жарандар, анын ичинде дин кызматчылары иштөөдөн түшкөн кирешелерден салык алуу Түркмөнстандын мамлекеттик ишканаларынын, мекемелеринин жана уюмдарынын жумушчулары жана кызматчылары үчүн атайын белгиленген ставкалар боюнча жүргүзүлөт.

**24-берене. Диний уюмдарда жана алардын ишканаларында иштеген жарандарды социалдык камсыздоо жана социалдык жактан камсыздандыруу**

Диний уюмдарда, ошондой эле алардын ишканаларында иштеген Түркмөнстандын жарандары, анын ичинде дин кызматкерлери Түркмөнстандын мамлекеттик ишканаларынын, мекемелеринин жана уюмдарынын жумушчулары жана кызматкерлери менен бирдей социалдык камсыздоого жана социалдык камсыздандырууга тийиш.

Бул максатта диний уюмдар жана алардын ишканалары мамлекеттик ишканалар, мекемелер жана уюмдар үчүн белгиленген тартипте жана өлчөмдө мамлекеттик социалдык камсыздандырууга чегерүүлөрдү киргизишет, ошондой эле Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте жарандарды ыктыярдуу пенсиялык камсыздандыруу келишимдерин түзүүгө көмөктөшөт.

Диний уюмдарда жана алардын ишканаларында иштеген бардык жарандарга мамлекеттик пенсиялар Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык негизде дайындалат жана төлөнөт.

## 6-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ИШИН КӨЗӨМӨЛДӨӨ ЖАНА КӨЗӨМӨЛГӨ АЛУУ

### 25-берене. Диний уюмдардын ишин көзөмөлдөө жана көзөмөлгө алуу

Түркмөнстандын адалат Министрлиги жана адалат облустардын (вилаят) адалат башкармалыктары диний уюмдардын иш-аракеттеринин уставдык максаттарына ылайык келишин көзөмөлдөшөт. Түркмөнстандын адалат жана башкаруу Министрлиги, вилаят адалат башкармалыктары диний уюмдардын жетекчи органдарынан алардын уюштуруу документтерин суроого; диний уюмдар өткөргөн иш-чараларга катышуу үчүн өз өкүлдөрүн жиберүүгө; диний уюмдун мүчөлөрүнөн жана башка жарандардан уставды сактоого байланыштуу маселелер боюнча түшүндүрмөлөрдү алууга укуктуу; диний уюмдар Түркмөнстандын мыйзамдарын бузгандыгын же алардын уставдык максаттарына карама-каршы келген аракеттерди жасагандыгын аныктаган учурда бул уюмдардын жетекчи органдарына эскертүү берүү үчүн негиздерди көрсөтүү менен жазуу жүзүндө эскертүү бериши мүмкүн.

Түркмөнстандын адалат Министрлиги диний уюм негизинен ишкердик ишке өткөн болсо же уставда каралган максаттарды ишке ашыруу мүмкүн болбой калса, каттоону жокко чыгарат.

Эгерде диний уюмга жыл ичинде укук бузууларды жоюу жөнүндө экиден ашык жазуу жүзүндө эскертүү же көрсөтмө берилсе, ошондой эле жыл ичинде Түркмөнстандын адалат Министрлигине катталууга тийиш болгон жаңыланган маалыматтар берилбесе, адалат Министрлиги казыятка диний уюмду жоюу жөнүндө арыз бере алат.

Түркмөнстандын Башкы прокурору жана анын кол алдындагы прокурорлору дин тутуу эркиндиги жөнүндө мыйзамдардын жана диний уюмдардын аткарылышын көзөмөлгө алышат.

Каржы жана салык органдары Түркмөнстандын мыйзамдарына жараша диний уюмдардын киреше булактарын, алар алган каражаттардын көлөмүн жана салыктар менен жыйымдардын төлөнүшүн бакылашат.

Диний уюмдардын учурдагы ченемдерди жана эрежелерди аткарышына көзөмөл жана бакылоо экологиялык, өрт, санитардык-эпидемиологиялык жана мамлекеттик көзөмөлдүн жана бакылоонун башка органдары тарабынан жүзөгө ашырылышы ыктымал.

### 26-берене. Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө Мыйзамдарды бузгандыгы боюнча жоопкерчилик

Түркмөнстандын кызмат адамдары, жарандары менен чет өлкөлүктөр дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарды бузушканда Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

**7-бөлүм. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР**

**27-берене. Корутунду жоболор**

Бул Мыйзам күчүнө киргенге чейин түзүлгөн диний уюмдардын уставдары жана башка уюштуруу документтери бул Мыйзамга ылайык келтирилүүгө тийиш.

1991-жылдын 29-майында кабыл алынган Түркмөнстандын «Түркмөнстандагы абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Мыйзамы бул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып кийинки өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен кошо күчүн жоготту деп табылсын.

**Түркмөнстандын Президенти Сапармурат Ниязов.**

*Тиркеме 6*

**«ДИНИЙ ИШЕНИМ ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАР» жөнүндө 2016-жылдын 26-мартындагы Түркмөнстандын мыйзамы**

Бул мыйзам Түркмөнстан демократиялык, укуктук жана светтик мамлекет болуп туруп, дин жана диний ишеним эркиндигине кепилдик бере турганына, алардын диний ишенимине карабастан ар бир адамдын тең укуктуулугун камсыз кылгандыгына негизделет, ислам дини маданиятты жана элдин руханий турмушун өнүктүрүүдөгү тарыхый ролго ээ экендигин эске алат, башка диндерди урматтайт, диндер аралык ынтымактын, диний сабырдуулуктун жана жарандардын диний ишенимдерин урматтоонун маанилүүлүгүн түшүнөт.

**1-бөлүм. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

**1-берене. Бул мыйзамда колдонулган негизги түшүнүктөр**

Бул мыйзамда төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) дин – дүйнөгө көз караш жана сезим, ошондой эле бирөөгө же бир нерсеге ишенүүгө негизделген, ага тиешелүү жүрүм-турум жана спецификалык иш-аракеттер;

2) диний ишеним – салттуу диний практикасы бар кандайдыр бир динге таандык иштелип чыккан окутуу;

3) Табынуу кызматы – диний окутуунун талаптарынан чыккан жана атайын иштелип чыккан ырым-жырымдар боюнча диний кызматчылар жасаган диний жөрөлгөлөр менен иш-аракеттердин жыйындысы;

4) диний каада-салттар – диний идеяларды камтыган окутуу тарабынан белгиленген аракеттердин жыйындысы;

5) диний ырым-жырымдар жана аземдер – доктрина тарабынан белгиленген салттык иш-аракеттерди жасоонун ирети;

6) зыярат кылуу – динге ишенүүчүлөрдүн тигил же бул диндин ыйык жайларына табынуу үчүн тарыхый жактан маанилүү жерлерге барышы;

7) диний ишмердүүлүк – ишенүүчүлөрдүн диний муктаждыктарын канааттандырууга багытталган иш-аракет жана диний уюмдун культтук практикасын материалдык жактан камсыздоо жана уюштуруу иштерине байланыштуу башка иш-аракеттер.

**2-берене. Бул Мыйзамдын жөнгө салуучу предмети**

Бул мыйзам Түркмөнстандын Конституциясына ылайык адамдын жана жарандын динге ишенүү укугу менен эркиндигин, ошондой эле диний уюмдардын укуктук абалын жөнгө салат.

**3-берене. Бул Мыйзамдын негизги милдеттери**

Бул Мыйзамдын негизги милдеттери ар бир адамдын дин тутуу эркиндигине, социалдык адилеттүүлүккө, теңдикке, динге болгон мамилесине жана диний таандыктыгына карабай укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого, диний уюмдарга кирүү эркиндигине болгон укугун камсыз кылууда турат.

**4-берене. Түркмөнстандын дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдары**

1. Түркмөнстандын динди кармануу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдары Түркмөнстандын Конституциясына негизделет, ушул Мыйзамдан жана Түркмөнстандын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

2. Эгерде Түркмөнстандын эл аралык келишимдеринде ушул Мыйзамда камтылгандан башка эрежелер белгиленсе, анда эл аралык келишимдердин эрежелери колдонулат.

**5-берене. Дин тутуу эркиндигине болгон укук**

1. Түркмөнстанда дин тутуу эркиндиги, анын ичинде ар кандай динди жеке же башкалар менен бирдикте тутунуу же эч кандай динди тутпоо, эркин тандоо жана өзгөртүү, диний жана башка ишенимдерге ээ болуу, ошондой эле аларга ылайык иш-аракет кылуу укугуна кепилдик берилет.

2. Адамдын жана жарандын дин тутуу эркиндигине болгон укугу конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамдын жана жарандын адеп-ахлагын, ден соолугун, укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, өлкөнүн коргонуусун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу максатында зарыл болгон өлчөмдө гана мыйзам менен убактылуу чектелиши мүмкүн.

3. Динге болгон мамилесине жараша басмырлоонун артыкчылыктарын, чектөөлөрүн же башка түрлөрүн белгилөөгө жол берилбейт.

4. Түркмөнстандын жарандары динге болгон мамилесине жана диний таандыктыгына карабастан, жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий турмуштун бардык тармактарында мыйзам алдында бирдей.

5. Эч ким динге болгон өзүнүн жеке мамилеси жөнүндө билдирүүгө милдеттүү эмес жана динге болгон мамилесин аныктоодо, динди тутунууда же аны тутунуудан баш тартууда, сыйынууга, башка диний каада-салттарга жана ритуалдарга катышууда же катышпоодо мажбурланышы мүмкүн эмес.

6. Дин тутуу эркиндигине болгон укукту жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылууга, анын ичинде инсанга карата зомбулук көрсөтүү, динге карата мамилесине байланыштуу жарандардын сезимдерин жана кадыр-баркын атайылап кемсинтүү, диний үстөмдүктү үгүттөө, мүлкүн жок кылуу же бузуу

менен же мындай аракеттерди жасоо коркунучу менен байланышкан иштерге мыйзамдарга ылайык тыюу салынат жана куугунтукталат.

7. Түркмөнстандын мыйзамдары боюнча ар бир адам диний же башка ишенимдерди кармануугa, аларды билдирүүгө, диний уюмдардын ишине катышууга укугу бар.

8. Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар дин тутуу эркиндигине Түркмөнстандын жарандары менен бирдей укуктардан пайдалана алышат.

**6-берене. Диндердин баарынын укугу бирдей, тең**

Диндер жана динге ишенимдер мыйзам алдында бирдей укукта.

**2-бөлүм. МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИН**

**7-берене. Мамлекет жана дин**

1. Түркмөнстан светтик, дин аралашпаган мамлекет. Диний органдар мамлекеттен бөлүнгөн. Мамлекет жарандардын, дин тутпаган уюмдардын жана жарандар менен ар кандай дин туткан диний уюмдардын ортосунда өз ара сабырдуулуктун жана сый-урматтын калыптанышына өбөлгө түзөт, диний фанатизмдин жана экстремизмдин пайда болушуна, ар кандай диний уюмдардын ортосундагы мамилелерди карама-каршы коюуга жана курчутууга, кастыкты козутууга багытталган аракеттерге жол бербейт.

2. Диндердин ичинен бири да мамлекеттик же милдеттүү дин катары өзгөчөлөнүшү мүмкүн эмес.

Мамлекет диний уюмдарга кандайдыр бир мамлекеттик функцияларды жүктөбөйт, алардын ишине кийлигишпейт, ошондой эле диний уюмдардын ишин каржылабайт.

Терроризмге, наркотик каражаттарын же психотроптук заттар менен байланыштуу жана башка кылмыштарды жасоого көмөк көрсөткөн, ошондой эле аларды үгүттөгөн, ошондой эле диний ишти жашыруун жүргүзгөн диний уюмдардын ишине тыюу салынат.

3. Мыйзамдуу диний иш-аракеттерге тоскоолдук кылууга, динге карата мамиленин жүйөлөрү боюнча жеке адамдардын жарандык укуктарын бузууга же алардын диний сезимдерин жана кадыр-баркын кемсинтүүгө, тигил же бул диндин жолдоочулары урматтаган предметтерди, курулуштарды жана жерлерди булгоого, акарат келтирүүгө жол берилбейт.

4. Жашы жете элек өспүрүм балдарды диний уюмдарга тартууга, ошондой эле алардын эркине, ата-энесинин же аларды алмаштырган адамдардын эркине каршы динди окутууга жол берилбейт.

5. Түркмөнстандын Конституциясында жана мыйзамдарында көрсөтүлгөн милдеттерди аткаруудан эч ким өзүнүн диний ишенимдеринин негизинде баш тартууга укугу жок.

6. Максаты жана аракети бир диндин үстөмдүгүн мамлекетте бекитүүгө, диний кастыкты же араздашууну тутантууга багытталган, анын ичинде зомбулукка же кастык чакырыктарга жана башка укукка каршы аракеттерге байланышкан диний негиздеги партиялардын ишине, диний уюмдарды түзүүгө жана алардын ишине тыюу салынат.

**8-берене. Билим берүү системасы жана дин**

1. Түркмөнстандагы мамлекеттик билим берүү системасы динден жана диний уюмдардын билим берүү мекемелеринен бөлүнүп, өзүнчө светтик мүнөзгө ээ.

2. Түркмөнстандын жарандары жеке өзү же башкалар менен биргеликте рухий билим алууга укугу бар.

3. Түркмөнстанда диний уюмдар менен иштөө жана диний маалыматтарды, басма жана полиграфиялык продукцияларды камтыган ресурстарды экспертизалоо боюнча комиссиянын (мындан ары – Комиссия) уруксатынын негизинде ата-энелеринин же аларды алмаштырган адамдардын, ошондой эле жашы жете электердин өздөрүнүн макулдугу менен жалпы билим берүүчү мекемеде сабактардан бош убактарда, бирок жумасына төрт сааттан ашпаган мезгилде аларды диний окууга окутуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

**9-берене. Руханий окуу жайлары**

1. Диний уюмдар өздөрүнүн уставдарына ылайык дин кызматчыларын жана аларга керектүү болгон диний кадрларды даярдоо үчүн диний окуу жайларын түзүүгө укуктуу.

2. Диний окуу жайлары Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте тиешелүү лицензия алгандан кийин билим берүү иш-аракеттерине укугу бар.

3. Жогорку руханий окуу жайына жалпы орто билим алган жарандар кабыл алынат.

4. Диний окуу жайларында диний сабактарды окуткан адамдар диний билимге ээ болууга жана өз ишин Комиссия менен макулдашуу боюнча диний уюмдун тиешелүү борбордук башкаруу органынын уруксаты менен жүзөгө ашырууга тийиш.

5. Жеке тартипте диний окутууну окутууга тыюу салынат жана Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылышат.

## 3-бөлүм. ДИНИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ

### 10-берене. Түркмөнстанда диний уюмдар менен иштөө жана диний маалыматтарды, басма жана полиграфиялык продукцияларды камтыган ресурстарды экспертизалоо боюнча комиссиянын ыйгарым укуктары

1. Комиссия өз ишин Түркмөнстандын Министрлер Кабинети бекиткен ал жөнүндө Мыйзамга ылайык жүргүзөт.

2. Комиссия өз ыйгарым укуктарынын чегинде:

1) Түркмөнстандагы дин тутуу эркиндиги жөнүндө мыйзамдардын жана диний уюмдардын аткарылышы боюнча диний уюмдардын ишине контролдукту жүзөгө ашырат, алардын ишин координациялайт жана Түркмөнстандын тиешелүү мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

2) диний мамилелер чөйрөсүндө конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди жүзөгө ашырууну камсыз кылат;

3) Түркмөнстандагы диний уюмдардын ишин изилдейт жана талдайт;

4) диний уюмдардын ишине байланыштуу жарандардын арыздарын, кайрылууларын жана даттанууларын карайт жана аныкталган кемчиликтер менен бузууларды жоюу боюнча чараларды көрөт;

5) ар кандай динге ишенген диний уюмдардын ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү жана толеранттуулук жагдайын бекемдөөгө өбөлгө түзөт;

6) диний иш чөйрөсүндө чет мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары менен кызматташууну уюштурат жана жүзөгө ашырат;

7) Түркмөнстанда жана чет өлкөлөрдө жайгашкан диний уюмдар менен байланыштарды жана координациялык байланыштарды жүзөгө ашырат;

8) руханий борбору Түркмөнстандан тышкары жайгашкан диний уюмдун жетекчисин кызматка дайындоого макулдук берет;

9) дин таануу экспертизасын жүргүзүү үчүн дин таануучулардын эксперттик кеңешин түзүүгө, ошондой эле тиешелүү мамлекеттик органдардын жана соттордун суроо-талаптары боюнча зарыл учурларда расмий эксперттик корутунду берүүгө байланышкан ишти уюштурат;

10) Түркмөнстандын адалат Министрлигине диний уюмдарды жана алардын филиалдарын мамлекеттик каттоо үчүн сунуштарды даярдайт;

11) Түркмөнстандын Министрлер Кабинетинин кароосуна диний уюмдарга зарыл болгон дин кызматкерлерин жана диний кадрларды даярдоо үчүн руханий окуу жайын түзүү жөнүндө сунуштарды киргизет;

12) бул Мыйзамда, Түркмөнстандын башка ченемдик укуктук актыларында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**11-берене. Жергиликтүү аткаруу бийлик органдарынын диний ишмердүүлүк жана диний органдар менен өз ара иштешүүдөгү компетенциясы**

Диний ишмердүүлүк жана диний уюмдар менен өз ара аракеттенүү чөйрөсүндөгү жергиликтүү аткаруу бийлик органдары:

1) өзүнүн административдик-аймактык бирдиктеринин чегинде диний кырдаалды иликтөөнү жана талдоону жүргүзөт;

2) Комиссияга Түркмөнстандын дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизет;

3) өзүнүн административдик-аймактык бирдиктеринин чегинде алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзөт;

4) сыйынуу имараттарынын (курулмаларынын) чегинен тышкары жерлерде диний ырым-жырымдарды өткөрүүнү макулдашат;

5) Комиссия менен макулдашуу боюнча табынуу имараттарын (курулуштарын) куруу, алардын жайгашкан жерин аныктоо жөнүндө чечим кабыл алат;

6) бул Мыйзамда, Түркмөнстандын башка ченемдик укуктук актыларында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**12-берене. Дин таануу экспертизасы**

1. Комиссия төмөнкү окуялар боюнча дин таануу экспертизасын жүргүзөт:

1) жеке адамдардын диний уюмдарды мамлекеттик каттоого кайрылуусу;

2) диний адабияттарды, диний мазмундагы башка маалыматтык материалдарды алып келүү.

2. Дин таануу экспертизасынын объекттерине уюштуруу, ошондой эле диний мазмундагы башка документтер, диний билим берүү программалары, диний мазмундагы маалыматтык материалдар жана диний багыттагы предметтер кирет.

3. Дин таануу экспертизасы дин таануу жаатында жалпы социалдык билими бар адамдар тарабынан мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн жана башка адистерди тартуу менен жүргүзүлөт.

4. Дин таануу экспертизасын өткөрүү тартиби Түркмөнстандын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

## 4-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДАРДЫ УЮШТУРУУ ЖАНА АЛАРДЫ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО

**13-берене. Диний уюмдардын укуктук абалы**

1.Диний уюм – Түркмөнстандын жарандарынын ишенимди биргелешип тутуу менен аны таратуу, ырым-жырымдарды жана жөрөлгөлөрдү өткөрүү

менен, Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөн диний билим берүү максатында уюштурулган өз ыктыярдуу бирикмеси.

Диний уюм элүүдөн кем эмес Түркмөнстандын аймагында туруктуу жашаган жана эрезеге жеткен жарандардын демилгеси боюнча түзүлөт.

2. Атайын диний билим алган Түркмөнстандын жараны Түркмөнстанда катталган диний уюмдун, ошондой эле Түркмөнстандан тышкары жерде рухий борбору бар уюмдардын жетекчиси боло алат.

3. Түркмөнстандын чегинен тышкары рухий борбору бар диний уюмдун жетекчиси Комиссия менен макулдашуу аркылуу дайындалат.

4. Түркмөнстандын чегинен тышкары жайгашкан рухий борборлору бар диний уюмдар ырым-жырымдарды, ошондой эле атайын диний кызматкерлерди жана алар менен бирге диний кадрларды даярдоону айтылып жаткан борборлор тарабынан Түркмөнстандын мыйзамдарын эске алуу менен белгиленген тартипте жүзөгө ашырышат.

5. Диний уюмдар өздөрүнүн уставдарына жана Түркмөнстандын мыйзамдарына жараша Комиссиянын макулдугу менен зыяратка баруу жана бөлөк диний иш-чараларга катышуу максаты менен эл аралык байланыштарды түзүүгө жана сактоого укугу бар.

**14-берене. Диний уюмдун уставы**

1. Диний уюм өзүнүн уюштуруучулары тарабынан бекитилген устав боюнча иштейт.

2. Диний уюмдун уставында төмөнкүдөй маалыматтар камтылат:

1) диний уюмдун аталышы, анын түрү, кайсы динге ишенүүсү, юридикалык дареги жана иш жүргүзүүсүнүн аймагы;

2) иштин максаты, милдеттери жана негизги формалары;

3) диний уюмду кайра уюштуруунун, ишин токтотуунун же жоюунун, ошондой эле мүлктү бөлүштүрүүнүн шарттары жана тартиби:

4) структурасы жана башкаруу органдары, аларды түзүү тартиби жана ыйгарым укуктары;

5) уюмдун каражаттарын жана башка мүлкүн түзүү булактары;

6) уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби;

7) диний уюмга кирүү жана андан чыгып кетүүнүн тартиби;

8) диний уюмдун жана анын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери;

9) диний уюмдун ишине тиешелүү башка маалыматтар.

3. Борбордук башкаруу органдары бар диний уюмдардын уставдары ошол башкаруу органдары менен макулдашуусу тийиш.

**15-берене. Диний уюмдун аталышы**

1.Диний уюмдун аталышы диний жактан таандыктыгын жана статусун камтууга тийиш.

2.Диний уюмдун толук жана кыскартылган аталышы менен анын символикасы Түркмөнстандын жана башка мамлекеттердин мамлекеттик символдору, Түркмөнстандын мамлекеттик органдарынын, эл аралык уюмдардын, Түркмөнстанда катталган диний уюмдардын, ошондой эле Түркмөнстандын мыйзамдарын бузууга байланыштуу тыюу салынган жана (же) жоюлган диний уюмдардын аталышы жана символикасы менен дал келбеши тийиш.

**16-берене. Диний уюмдарды мамлекеттик каттоо**

1.Диний уюмдарды Түркмөнстандын адалат Министрлиги тарабынан мамлекеттик каттоо Комиссиянын сунушу боюнча жүргүзүлөт. Диний уюмдар мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин жана юридикалык жактардын Бирдиктүү мамлекеттик реестрине киргизилген учурдан тартып юридикалык жак укугуна ээ болушат.

Диний уюмду мамлекеттик каттоодон өткөрүү үчүн төмөнкү документтер берилет:

1) диний уюмдун уюштуруучулары жана башкаруу органынын мүчөлөрү кол койгон арыз;

2) эки нускадагы диний уюмдун уставы;

3) диний уюмдун уюштуруу чогулушунун протоколу;

4) диний уюмдун юридикалык дарегин тастыктаган документ;

5) каттоо алымынын төлөнгөндүгүн ырастоочу документ;

6) уюштуруучулар жөнүндө маалыматтар: жашаган жери, аты-жөнү жана туулган жылы.

Мамлекеттик каттоого документтер диний уюмдун уюштуруу чогулушу өткөрүлгөн күндөн тартып бир айдын ичинде жөнөтүлөт.

3.Диний уюмду мамлекеттик каттоо жөнүндө арыз берилген күндөн тартып бир айдын ичинде каралышы тийиш.

4.Түркмөнстандын адалат Министрлиги тиешелүү органдардан кошумча материалдарды суроого жана эксперттик корутунду алууга укуктуу. Мындай учурда чечим мамлекеттик каттоого арыз берилген күндөн тартып үч айдын ичинде кабыл алынат.

5.Түркмөнстандын адалат Министрлиги диний уюмга мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк берет.

6.Диний уюмдун уставына киргизилген толуктоолор жана өзгөртүүлөр диний уюм мамлекеттик каттоодон өткөндөгүдөй тартипте жана мөөнөттө мамлекеттик каттоодон өткөрүлүүгө тийиш.

6. Түркмөнстандын аймагында катталбаган диний уюмдардын иш-аракеттерине тыюу салынат.

**17-берене. Диний уюмду мамлекеттик каттоодон баш тартуу**

1.Диний уюмду мамлекеттик каттоодон баш тартуу төмөнкү негиздерге карата болушу мүмкүн:

1) диний уюмдун максаттары жана иш жүргүзүүсү Түркмөнстандын Конституциясына карама-каршы келсе;

2) диний экспертизанын жыйынтыгы боюнча түзүлүп жаткан уюм диний уюм деп таанылбаса;

3) уставдын жана башка документтердин жоболору бул Мыйзамдын талаптарына шайкеш келбесе же алар атайылап жалган маалыматтарды камтыса.

2.Диний уюмду мамлекеттик каттоодон баш тартылган учурда, бул жөнүндө арыз ээлерине каттоодон баш тартуунун негиздерин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө билдирилет.

3.Диний уюмду мамлекеттик каттоодон баш тартуу, баш тартууга негиз болгон себептер четтетилген шартта документтерди мамлекеттик каттоого кайра тапшыруу үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

4.Кайта жазылган арызды кароо жана ал боюнча чечим кабыл алуу ушул Мыйзамда белгиленген тартипте ишке ашырылат.

**18-берене. Диний уюмду мамлекеттик каттоодон баш тартуу жана ага карата даттануу**

Диний уюмду мамлекеттик каттоодон баш тартуу болгон жагдайда Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте арыз менен сотко кайрылууга мүмкүн.

## 5-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ИШИН ТОКТОТО ТУРУУ, ТОКТОТУУ ЖАНА ЖОЮУ

**19-берене. Диний уюмдун ишин токтото туруу**

1. Диний уюмдун иши Түркмөнстандын Конституциясынын талаптары, Түркмөнстандын мыйзамдары, ошондой эле анын уставынын жоболору бузулган учурда, эгерде ага жазуу жүзүндө эскертүү берилген болсо жана диний уюм жазуу жүзүндө эскертүү берүүгө негиз болгон укук бузууларды белгиленген мөөнөттө жойбосо же аларды жоюу жөнүндө ырастоочу документтерди бербесе, Түркмөнстандын адалат Министрлигинин арызы боюнча соттун чечими менен алты айга чейин токтотулушу мүмкүн.

2. Диний уюмдун иши соттун чечими менен белгиленген мөөнөткө токтотулган учурда, анын ишин токтото туруу үчүн негиз болгон укук бузууларды жоюуга багытталган иш-аракеттерди кошпогондо, башка иштерди кылууга тыюу салынат.

3. Эгерде диний уюмдун ишин токтото туруу мөөнөтүнүн ичинде анын ишин токтото турууга негиз болгон укук бузуулар четтетилсе, анда белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин диний уюм өз ишин кайрадан жандандырса болот жана Түркмөнстандын адалат Министрлигине тастыктоочу документтерди берүү менен аталган мыйзам бузууларды жоюу жөнүндө билдирет.

4. Аныкталган катачылыктар диний уюм тарабынан белгиленген мөөнөттө четтетилбеген учурда Түркмөнстандын адалат Министрлиги аны жоюу жөнүндө сотко арыз берет.

**20-берене. Диний уюмдун ишин токтотуу**

1. Диний уюмдун ишин токтотуу анын уюштуруучуларынын же ага диний уюмдун уставы менен ыйгарым укук берилген органдын чечими боюнча ишке ашырылат.

2. Диний уюмдун ишин токтотуу жөнүндө чечимди Түркмөнстандын адалат Министрлиги Комиссияга жеткирет.

**21-берене. Диний уюмду жоюу**

1. Диний уюм соттун чечими менен жоюлушу мүмкүн:

1) Түркмөнстандын Конституциясынын, ушул Мыйзамдын жана Түркмөнстандын башка ченемдик укуктук актыларынын ченемдерин бир нече жолу же одоно бузганда;

2) диний уюм тарабынан аны түзүү максаттарына (уставдык максаттарына) карама-каршы келген иштердин дайыма болуп турушу;

3) Түркмөнстандын Конституциясынын, Түркмөнстандын мыйзамдарынын талаптарын, ошондой эле анын уставынын жоболорун ушул Мыйзамдын 19-беренесинин биринчи бөлүгү боюнча анын иши токтотулгандан кийин дагы бир жыл ичинде кайталап бузуу;

4) согушту же экстремисттик ишти үгүттөө жана ишке ашыруу же расалык, улуттук же диний жаатташууну козутуу;

5) жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуу менен байланышкан, ошондой эле жарандардын алардын мамлекеттик, коомдук, үй-бүлөлүк милдеттерин аткаруусуна тоскоолдук кылган же алардын ден соолугуна зыян келтирген ишти жасоо;

6) коомдук коопсуздукту жана коомдук тартипти бузуу, мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч келтирүү.

2. Диний уюм Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген чет өлкөлүк техникалык, финансылык, гуманитардык жардам долбоорлорун жана программаларын ишке ашырууга жана гранттарды пайдаланууга коюлган талаптарды бузгандыгы үчүн соттун чечими менен жоюлушу мүмкүн.

3. Ушул берененин биринчи жана экинчи бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн негиздерге карата диний уюмду жоюу жөнүндө сотко арыз Түркмөнстандын адалат Министрлиги тарабынан берилет.

4. Жоюлуп жаткан диний уюмдун юридикалык жак катары укуктук жөндөмдүүлүгү токтотулат, ал эми бул диний уюмдун мүлкү анын уставына жана Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык бөлүштүрүлөт.

5. Диний уюмду жоюу жөнүндө чечим аталган диний уюмду бул реестрден чыгаруу үчүн юридикалык жактардын Бирдиктүү мамлекеттик реестрин жүргүзүүчү органга жиберилет.

6. Диний уюмду жоюу жөнүндө маалымат жарыяланышы керек.

## 6-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДАРДЫН МҮЛКТҮК АБАЛЫ

### 22-берене. Диний уюмдардын менчиги

1. Диний уюмдар жеке же юридикалык жактар тарабынан тартууланган же мамлекет тарабынан диний уюмдардын менчигине берилген, же Түркмөнстандын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка ыкма менен сатып алынган, өз каражаттарынын эсебинен алынган же жасалган мүлккө менчик укугуна ээ.

2. Диний уюмдардын менчигинде имараттар, курулуштар, сыйынуу предметтери, өндүрүштүк, социалдык жана кайрымдуулук багытындагы объекттер, алардын ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон акча каражаттары жана башка мүлктөр болушу мүмкүн.

3. Диний уюмдар Түркмөнстандын адалат Министрлигине чет өлкөлүк акысыз техникалык, финансылык, гуманитардык жардамдардын долбоорлорун жана программаларын каттоого, ошондой эле бул долбоорлорду, программаларды ишке ашыруу жана гранттарды пайдалануу жөнүндө этап-этабы менен акыркы отчетторду берүүгө милдеттүү.

4. Түркмөнстандын мамлекеттик органдары диний уюмдарга мамлекеттин менчигинде турган, алардын ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон сыйынуу имараттарын жана башка мүлктөрдү, анын ичинде тарых жана маданият эстеликтерине киргизилген мүлктөрдү Түркмөнстандын мыйзамдарында аныкталган тартипте менчикке же акысыз пайдаланууга бере алышат.

5. Диний уюмдар мамлекет тарабынан аларга менчикке берилген диний курулуштарды жана алардын менчиги болуп саналган тарыхый эстеликтер сыяктуу башка мүлктөрдү сактоону жана максаттуу пайдаланууну же акысыз пайдаланууну камсыз кылууга милдеттүү.

6. Диний уюмдар Түркмөнстандын аймагында жерге ээлик кылууну жана пайдаланууну Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүшөт.

7. Диний уюмдардын менчигинде Түркмөнстандан тышкары жайгашкан мүлк да болушу ыктымал.

**23-берене. Мамлекеттин, башка уюмдардын же коомдук бирикмелердин же жеке жактардын менчиги болуп саналган мүлктү пайдалануу**

1. Диний уюмдар мамлекет, башка уюмдар же коомдук бирикмелер же жеке адамдар тарабынан берилген имараттарды жана мүлктөрдү өз муктаждыктары үчүн пайдаланууга укуктуу.

2. Диний уюмдар чектеш аймактары бар сыйынуу имараттарын аларга өткөрүп берүү артыкчылык укугуна ээ.

3. Мамлекеттик же башка менчикте турган сыйынуу имараттарын жана аларга тиешелүү жер участоктору бар курулуштарды жана диний багыттагы башка мүлктөрдү белгиленген тартипте диний уюмдарга пайдаланууга берүү акысыз болот.

4. Диний уюмдарга сыйынуу имараттарын жана мүлкүн өткөрүп берүү жөнүндө чечим тиешелүү өтүнүчтү алган учурдан тартып бир айлык мөөнөттөн кечиктирилбестен, бул жөнүндө арыз ээлерине жазуу жүзүндө билдирүү менен кабыл алынышы керек.

**24-берене. Жоюлган дин уюмдарынын мүлкүн тескөө**

1. Диний уюмдар жоюлгандан кийин аларга юридикалык жана жеке жактар тарабынан пайдаланууга берилген мүлк, мүлктү берген адамдарга кайтарылып берилет.

2. Диний уюм жоюлганда анын менчигиндеги мүлктү башкаруу анын уставына жана Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

3. Кредиторлордун талаптары боюнча өндүрүп алууга мүмкүн болбогон сыйынуу багытындагы мүлктүн тизмеси Түркмөнстандын Министрлер Кабинети тарабынан атайын түзүлөт.

## 7-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ДИНИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖАНА УКУКТАРЫ

**25-берене. Диний ырым-жырымдар, каада-салттар жана аземдер**

1. Диний уюмдар табынуу же диний ырым-жырымдар, каада-салттар жана аземдер үчүн диний жайларды негиздөөгө жана кармоого, ошондой эле зыярат кылуучу жайларды колдонууга укугу бар.

2. Табынуу, диний ырым-жырымдар, каада-салттар жана аземдер сыйынуу имараттарында, курулуштарында жана аларга тиешелүү аймактарда, диний уюмдарга ушул максаттар үчүн берилген башка жерлерде, зыярат кылуучу жерлерде, көрүстөндөрдө тоскоолдуксуз өткөрүлөт.

3. Диний ырым-жырымдар, каада-салттар жана аземдер, эгерде алар массалык жана системалык мүнөздө болбосо, жатакананын эрежелерин жана коомдук тартипти сактоо шартында, жарандардын өтүнүчү боюнча алардын жашаган жеринде өткөрүлүшү мүмкүн.

4. Саламаттык сактоо уюмдарында, социалдык мекемелерде, камакта кармоо жана жаза өтөө жайларында табынуу кызматы жана диний ырым-жырымдар аларда турган жарандардын өтүнүчү боюнча атайын бөлүнгөн жайларда жүргүзүлөт. Бул мекемелердин администрациясы дин кызматкерлерин чакырууга көмөк көрсөтөт, табынуу кызматын, диний ырым-жырымдын же аземдин убактысын жана башка шарттарын аныктоого катышат.

5. Аскер кызматчылары тарабынан табынуу, диний ырым-жырымдарды, ритуалдарды жана аземдерди аткаруу тартиби Түркмөнстандын «аскер кызматчылары менен алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн статусу жана социалдык коргоо жөнүндө» Мыйзамы менен белгиленет.

6. Табынуу жана сыйынуу имараттарынан тышкары коомдук сыйынуу, диний ырым-жырымдар жана аземдерди өткөрүү Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

7. Диний уюмдар динге ишенгендерди мажбурлап чогулушка айлып келүүгө жана салык салууга, ошондой эле алардын ар-намысын жана кадыр-баркын кемсинтүүчү чараларды колдонууга укугу жок.

**26-берене. Диний адабияттар жана диний багыттагы буюмдар**

1. Диний уюмдар диний адабияттарды жана диний багыттагы буюмдарды сатып алууга, даярдоого, пайдаланууга, ошондой эле дин таануу экспертизасын өткөргөндөн кийин алып келүүгө жана таратууга укугу бар.

2. Түркмөнстандын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар диний адабияттарды, диний мазмундагы башка маалыматтык материалдарды өз каалоосу боюнча каалаган тилде сатып алууга жана пайдаланууга укуктуу.

3. Диний, улуттук жана улуттар аралык жана расалык араздашууну тутантууга өбөлгө түзгөн же диний экстремизм, сепаратизм жана фундаментализм идеяларын камтыган адабияттарды, башка басма сөз басылмаларын, аудио жана видео материалдарды даярдоо жана сактоо, алып келүү, жайылтуу мыйзам боюнча куугунтукталат жана Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылышат.

**27-берене. Диний уюмдардын кайрымдуулук жана маданий-агартуу иштери**

1. Диний уюмдар кайрымдуулук иштерин Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүүгө акысы бар.

2. Өзүнүн уставдык максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн диний уюмдар билим берүү жана башка уюмдарды түзүүгө, ошондой эле Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте жалпыга маалымдоо каражаттарын уюштурууга укуктуу.

3. Мамлекет диний уюмдардын кайрымдуулук иштерине, ошондой эле алардын коомдук маанилүү маданий-агартуу программаларын жана иш-чараларын ишке ашыруусуна көмөк көрсөтөт.

## 8-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДАРДАГЫ ЭМГЕК МАМИЛЕЛЕРИ ЖАНА САЛЫК САЛУУ

### 28-берене. Диний уюмдардагы эмгек мамилелерин жөнгө салуу

Диний уюмдардагы эмгек мамилелери Түркмөнстандын эмгек мыйзамдары менен жөнгө салынат.

### 29-берене. Диний уюмдарда жана ишканаларда салык салуу, бухгалтердик эсеп жана финансылык отчет

Тиешелүү уюмдарда жана алардын ишканаларында салык салуу, бухгалтердик эсеп жана финансылык отчет Түркмөнстандын мыйзамдарына жараша аткарылат.

### 30-берене. Диний уюмдарда жана алардын ишканаларында иштеген жарандарды социалдык коргоо жана социалдык жактан камсыздандыруу

1. Диний уюмдарда жана алардын ишканаларында иштеген жарандар, ошондой эле дин кызматчылары Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык социалдык жактан корголууга жана милдеттүү түрдө мамлекеттик пенсия менен камсыздандырылууга тийиш.

2. Бул максатта диний уюмдар жана алардын ишканалары Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартип менен өлчөмдө социалдык камсыздандырууга жана мамлекеттик пенсия менен камсыздандырууга салымдарын салышат.

## 9-бөлүм. ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАР ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ ЖАНА КӨЗӨМӨЛГӨ АЛУУ

### 31-берене. Диний уюмдардын Түркмөнстандын мыйзамдарын колдонуусун көзөмөлдөө

Түркмөнстандын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын диний уюмдар тарабынан так жана бирдей сакталышына көзөмөл Түркмөнстандын Башкы прокурору жана ага баш ийген прокурорлор тарабынан жүзөгө ашырылат.

**32-берене. Диний уюмдардын ишинин алардын уставдык максаттарына ылайык келишин көзөмөлгө алуу:**

1. Диний уюмдардын иш-аракеттеринин алардын уставдык максаттарына ылайык келишин Түркмөнстандын адалат Министрлиги көзөмөлгө алат.

2. Түркмөнстандын адалат Министрлигинин төмөнкүлөргө укугу бар:

1) диний уюмдардын жетекчи органдарынан алардын уюштуруу документтерин жана кабыл алынган расмий чечимдерин сурап алууга;

2) диний уюмдар өткөргөн иш-чараларга катышуу үчүн өз өкүлдөрүн жиберүүгө;

3) диний уюмдун мүчөлөрүнөн жана башка жарандардан уставды сактоо менен байланышкан маселелер боюнча түшүндүрмөлөрдү алууга;

4) жайгашкан жери, аталышы, жүргүзүлүп жаткан иши жөнүндө, ошондой эле диний уюмдун жетекчилери жөнүндө маалыматтарды суроого.

3. Диний уюмдар Түркмөнстандын мыйзамдарын бузгандыгын же алардын уставдык максаттарына карама-каршы келген аракеттерди жасагандыгын аныктаган учурда Түркмөнстандын адалат Министрлиги бул уюмдарга жазуу жүзүндө эскертүү берүүгө укуктуу.

4. Түркмөнстандын адалат Министрлиги Түркмөнстандын мыйзамдарында белгиленген тартипте кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайтарымсыз чет өлкөлүк техникалык, финансылык, гуманитардык долбоорлор жана программалар жөнүндө маалыматтарды бериши керек.

*Тиркеме 7*

## АБИЙИР ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАР ЖӨНҮНДӨ: Өзбекстан Республикасынын 1998-жылдын 1-майындагы Мыйзамы

**1-берене. Бул Мыйзамдын максаты**

Бул Мыйзамдын максаты ар бир адамдын абийир эркиндигин жана динге ишенүү укугун, динге болгон мамилесине карабай жарандардын теңдигин камсыз кылуу жана диний уюмдардын иш-чаралары менен байланышкан мамилелерди жөнгө салуу болуп саналат.

**2-берене. Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзам**

Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзам Өзбекстан Республикасынын Конституциясынан, ушул Мыйзамдан жана мыйзамдардын башка актыларынан турат. Каракалпакстан Республикасындагы абийир эркиндиги жана диний уюмдардын иштерин камсыз кылууга байланыштуу мамилелер Каракалпакстан Республикасынын мыйзамы менен жөнгө салынат. Эгерде Өзбекстан Республикасынын эл аралык келишиминде Өзбекстан Республикасынын абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамында камтылбаган башка эрежелер бар болсо, анда эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат.

**3-берене. Абийир эркиндигине болгон укук**

Абийир эркиндиги – жарандардын каалаган динди тутканга же тутпаганга болгон гарантиялык конституциялык укугу. Жаранды динге болгон өз мамилесин аныктоодо, бир динди кармануусуна же карманбоосуна, диний кызмат кылууга, диний ырым-жырым жана аземдерге катышуусуна, диний билим алуусуна карата кандайдыр бир мажбурлоого жол берилбейт.

Жашы жетпеген өспүрүмдөрдү алардын, ата-энелеринин же опекундарынын каалоосу болмоюнча динге киргизүү жана динди окутууга жол берилбейт.

Улуттук коопсуздук жана коомдук тартип үчүн, башка жарандардын өмүрүн, ден соолугун, адеп-ахлагын, укугун жана эркиндигин камсыз кылуу керек болгон учурда жарандын динди эркин кармануусуна же башка ынанымдарына айрым чектөөлөр коюлат.

Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар Өзбекстан Республикасынын жарандары менен бирдей абийир жана дин таануу эркиндиги боюнча укукту колдонушат жана ушул мыйзамды бузган учурда жоопкерчиликке тартылышат.

**4-берене. Динге болгон мамилесине карабастан жарандардын тең укуктуулугу**

Өзбекстан Республикасынын жарандары динге карата мамилесине карабастан мыйзам алдында баары бирдей. Расмий документтерде жарандын динге ишеними көрсөтүлүшүнө жол берилбейт.

Динге болгон мамилесине карата укуктарын чектөө же кандайдыр бир артыкчылыктарды берүү, диний же атеисттик ынанымдарына жараша жек көрүү жана жаңжалдарды козутуу же кордоо, диний культтук обьекттерди булгоо жана акарат кылуу мыйзам тарабынан жоопкерчилик тартууга алып келет.

Мыйзам талап кылган милдеттерди аткаруудан өзүнүн диний ынанымдары боюнча эч ким баш тарталбайт. Мыйзам караштырган учурларда гана бир милдетти экинчи бир милдетке алмаштырууга жол берилет.

**5-берене. Диндин мамлекеттен бөлүнүшү**

Өзбекстан Республикасында дин мамлекеттен бөлүнгөн. Бир диндин же ишенимдин башкалардын үстүнөн артыкчылыгына же чектелишине жол берилбейт.

Мамлекет ар кыл динди туткан же тутпаган жарандардын, ар түрдүү ишенимдердин диний уюмдарынын ортосунда өз ара чыдамдуулук жана сыйлоонун болушуна түрткү болот. Ар кыл конфессиялардын ортосунда кастыкты козутууга, мамилелердин курчушуна жана каршылашына багытталган иш чараларга, диний жана башка фанатизм менен экстремизмдин болушуна жол бербейт.

Мамлекет диний конфессиялар ортосунда тынчтыкты жана макулдашууну колдойт. Бир конфессиянын ишенүүчүлөрүн башка конфессияга киргизүүгө багытталган иш-чаралар (прозелитизм) жана бардык миссионердик ишмердүүлүккө тыюу салынат. Бул эрежени бузган адамдар мыйзам белгилеген жоопкерчиликти тартышат.

Мамлекет диний уюмга кандайдыр бир мамлекеттик функцияларды аткарууну жүктөбөйт, эгер мыйзамга каршы келбесе, алардын ишине кийлигишпейт. Диний уюмдар мамлекеттик функцияларды аткарышпайт. Мамлекет диний уюмдардын иштерин жана атеизмди үгүттөөнү каржылабайт.

Өзбекстан Республикасында диний белги боюнча саясий партияны жана коомдук кыймылды түзүүгө жана иш жүргүзүүгө жол берилбейт. Ошондой эле республикадан тышкары диний партиянын филиалдарын жана бөлүмдөрүн түзгөнгө болбойт.

Диний уюмдар иштеп жаткан мыйзамдын талаптарын карманышы тийиш. Динди мамлекетке каршы, антиконституциялык үгүттөөдө, улуттар аралык араздашуу, касташуу, жек көрүүнү козгоодо, жарандык ынтымак менен адеп-

ахлактык түзүлүштү бузууда колдонууга болбойт. Ошондой эле динди абалды туруксуз кылган жалган жалаа, ойлорду таратууга, калк арасында дүрбөлөң салууга жана мамлекетке, коом менен инсанга каршы багытталган башка иштерди жасаганга пайдаланууга жол берилбейт. Терроризмге, баңги бизнеске жана уюшулган кылмышкердикке түрткү болгон диний уюмдар, агымдар, секталар жана башкалардын, ошондой эле башка жеке максатын көздөгөндөрдүн иштешине тыюу салынат.

Мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун органдарына, кызматкерлерге басым жасоого болгон бардык аракеттер жана легалсыз диний ишмердүүлүк мыйзам тарабынан токтотулат.

**6-берене. Мамлекеттик органдар жана жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдарынын диний уюмдар менен болгон карым-катнашындагы ыйгарым укуктары**

Мамлекеттик органдардын диний уюмдар менен өз ара мамилелерин багыттоо жана абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу дин иштери боюнча комитетке жүктөлөт. Комитеттин укуктук статусу Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен Жобо менен аныкталат.

Каракалпакстан Республикасынын Министрлер Кеңеши, облустардын, райондордун жана шаарлардын хокимиаттары, ошондой эле белгилүү аймактагы жарандардын өз алдынча башкаруу органдары абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдын аткарылышы үчүн мыйзам алдында жоопкерчиликтүү.

**7-берене. Билим берүү системасы жана дин**

Өзбекстан Республикасында билим берүү системасы динден өзүнчө бөлүнгөн. Билим берүү системасынын окуу программаларына диний дисциплиналардын киришине жол берилбейт.

Динге болгон мамилесине карабастан Өзбекстан Республикасынын жарандарына светтик билим алуу укугу камсыз кылынган.

**8-берене. Диний уюмдар**

Диний уюмдар деп ишенимди карманууу, табынуу кызматы, диний ырым-жырымдарды жана аземдерди чогуу жасоо үчүн Өзбекстан Республикасынын жарандарынын ыктыярдуу түрдөгү бирикмелери таанылат (диний коомдор, диний окуу жайлар, мечиттер, чиркөөлөр, синагогалар, монастырлар ж.б).

Өзбекстан Республикасынын аймагында туруктуу жашаган, он сегизге чыккан жүздөн кем эмес жарандардын демилгеси менен диний уюм түзүлөт.

Тийиштүү конфессиялардын диний уюмдарынын ишин башкаруу жана багыттоо үчүн алардын Өзбекстан Республикасы боюнча бирдиктүү борбордук

башкаруу органдары (андан ары – борбордук башкаруу органдары) түзүлүшү мүмкүн.

Борбордук башкаруу органы Өзбекстан Республикасынын (облус, Ташкент шаары, Каракалпакстан Республикасы) сегизден кем эмес аймактык түзүлүштөрүндө болгон тийиштүү конфессиянын катталган диний уюмдарынын өкүлдөрүнүн уюштуруу чогулушу (конференциясы) тарабынан түзүлөт.

Диний уюмдар юридикалык жактын статусуна ээ болушат жана өз иш-чараларын Өзбекстан Республикасынын Юстиция Министрлигинде же анын жергиликтүү органдарында каттоодон өткөндөн кийин мыйзамдарда каралган тартипте жүргүзгөнгө укук алышат.

Тийиштүү атайын диний билими бар Өзбекстан Республикасынын жарандары диний уюмдардын жетекчилери болгонго укугу бар. Өзбекстан Республикасынын жараны эмес диний уюмдардын жетекчилеринин талапкерлери Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу дин иштери боюнча Комитет менен макулдашуу аркылуу ишке ашат.

**9-берене. Диний окуу жайлары**

Диний уюмдардын борбордук башкаруу органдары өздөрүнө керектүү диний кадрларды жана дин кызматчыларын даярдоо үчүн диний окуу жайларын ачканга укугу бар. Диний окуу жайлары Өзбекстан Республикасынын Юстиция Министрлигинен каттоодон өтүп, тиешелүү лицензия алгандан кийин иштөө укугуна ээ болот.

Жогорку жана орто диний окуу жайларына окуш үчүн жарандар Өзбекстан Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык милдеттүү жалпы орто билим алгандан кийин гана кабыл алынат.

Диний окуу жайларда диний сабактарды окуткан адамдар керектүү диний билимге ээ болууга жана өз ишин тийиштүү борбордук башкаруу органынын уруксаты менен гана жүргүзүүгө тийиш.

Жеке өз алдынча диний окутууга тыюу салынат.

**10-берене. Диний уюмдун уставы**

Диний уюмдун уставы төмөнкү маалыматтарды камтуусу керек:

диний уюмдун аталышы, түрү, жайгашкан жери, диний ишеними;

максаты, милдеттери жана ишинин негизги түрлөрү;

диний уюмду түзүүнүн жана токтотуунун тартиби;

диний уюмдун түзүлүшү жана башкаруу органдары;

бул уюмдун ичинде да, анын чегинен тышкары да каражаттардын жана мүлктүк мамилелердин киреше булагы;

бул диний уюмга тиешелүү башка маалыматтар.

Борбордук башкаруу органдары бар диний уюмдардын уставдары ушул башкаруу органдары менен макулдашылышы тийиш.

**11-берене. Диний уюмдарды каттоодон өткөрүү**

Диний уюмдардын борбордук башкаруу органдарын каттоо Өзбекстан Республикасынын Юстиция Министрлиги, башка диний уюмдарда тиешелүүлүгүнө жараша Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу дин иштери боюнча Комитет менен макулдашуусу менен Каракалпакстан Республикасынын Юстиция Министрлигинде, облустардагы юстиция башкармалыктарында, Ташкент шаарында жүргүзүлөт.

Диний уюмду каттоо үчүн төмөнкүдөй документтер керек болот:

Өзбекстан Республикасынын жарандарынын диний уюм түзүү демилгеси боюнча жүздөн кем эмес сандагы адамдын колу коюлган арыз;

диний уюмдун уставы;

уюштуруу чогулушунун протоколу;

түзүлүп жаткан диний уюмдун жайгашкан жерин көрсөткөн документ;

«мамлекеттик алымдын» (каттоо жыйымынын) төлөнгөндүгү жөнүндө документ (Өзбекстан Республикасынын 2008-жылдын 31-декабрындагы N-ZRU-197 Мыйзамына ылайык).

Диний уюмдардын борбордук башкаруу органын каттоого төмөнкү документтер талап кылынат:

уюштуруу чогулушунун (конференциясынын) төрагасы жана катчысы кол койгон арыз;

диний уюмдарды башкаруунун борбордук органынын уставы;

уюштуруу чогулушунун (конференциянын) протоколу;

уюштуруучулардын ыйгарым укуктарын көрсөткөн документтер;

жетекчи органдын жайгашкан жерин көрсөткөн документ;

«мамлекеттик алымдын» (каттоо жыйымынын) төлөнгөндүгү жөнүндө документ (Өзбекстан Республикасынын Мыйзамына ылайык 31.12.2008-ж, N-ЗРУ-197).

Диний уюмдарды жана алардын борбордук башкаруу органдарын каттоо боюнча арыздар берилген күндөн тартып бир айлык мөөнөттө каралышы тийиш.

Юстиция органдары кошумча материалдарды суроого жана тийиштүү органдардын эксперттик корутундусун алууга укуктуу. Мындай учурда чечим каттоо боюнча арыз берилген күндөн тартып үч айлык мөөнөттө кабыл алынат.

Диний уюмдун уставына толуктоолор жана өзгөртүүлөр болсо, алар диний уюмду каттоо тартибинде жана ошол эле мөөнөттө катталууга тийиш.

Диний уюмдардын жетекчилеринин уюмдун уставын мамлекеттик органдарда каттагандан баш тартуусу мыйзамдарга жараша жоопкерчилик тартууга алып келет.

Диний уюмдардын жасаган иштери уставына ылайык келишин көзөмөлдөө ошол диний уюмду каттаган орган аркылуу аткарылат.

Каттоодон өтпөгөн диний уюмдардын иштешине жол берген мамлекеттик кызматчылар мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартышат.

**12-берене. Диний уюмду каттоодон баш тартуу**

Эгерде диний уюмдун уставынын же башка документтеринин жоболору ушул Мыйзамдын же Өзбекстан Республикасынын башка мыйзам актыларынын талаптарына карама-каршы келсе, диний уюмду каттоодон баш тартылышы мүмкүн.

Диний уюмду каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим баш тартуунун себептерин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө арыз ээлерине жөнөтүлөт. Диний уюмду түзүүнүн демилгечилери уставды мыйзамга ылайык келтирген шартта, мыйзам боюнча тийиштүү түрдө Өзбекстан Республикасынын Юстиция Министрлигине жана анын жергиликтүү органдарына уставын каттоо жөнүндө арыз менен кайра кайрылууга укуктуу.

Диний уюмду каттагандан баш тартуу учуру же ушул Мыйзамдын талаптарынын сот органдары тарабынан бузулушу сотко даттанылышы мүмкүн.

**13-берене. Диний уюмдун ишин токтотуу**

Диний уюмдун иши ал өзүн-өзү жойгондо же ушул Мыйзамдын, ошондой эле Өзбекстан Республикасынын мыйзамдарынын башка актыларынын жоболору бузулган учурда токтотулушу ыктымал.

Диний уюмдун ишин токтотуу жөнүндө чечим аны регистрация кылган орган тарабынан кабыл алынат. Бул чечим боюнча сотко даттанууга мүмкүн.

**14-берене. Диний ырым-жырымдар жана аземдер**

Диний уюмдар жеткиликтүү табынуу жайларын жана диний ырым-жырымдарды негиздөөгө жана аларды колдонууга, ошондой эле зыярат кылуучу жайларды кармоого укуктуу.

Табынуу кызматтар, диний ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр диний уюмдар жайгашкан жерлерде, сыйынуу имараттарында жана аларга таандык аймактарда, зыярат кылуучу жерлерде, көрүстөндөрдө, ырым-жырым зарыл болгон учурда жарандардын үйлөрүндө алардын өз каалоосу боюнча өткөрүлөт.

Ооруканаларда, госпиталдарда, кары-картаңдар жана майыптар үйлөрүндө, алдын ала камоо жана жаза өтөө жайларында табынуу кызматы

жана диний ырым-жырымдар аларда болгон жарандардын суранычы боюнча жүргүзүлөт.

Культтук жана сыйынуу имараттарынан тышкары коомдук табынуу кызмат, диний ырым-жырымдар жана каада-салттар Өзбекстан Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт.

Өзбекстан Республикасынын жарандарынын (диний уюмдардын кызматчыларын кошпогондо) коомдук жайларда диний кийимдерди кийишине жол берилбейт.

Диний уюмдар ишенген кишилерден мажбурлап акча жыйноо жана салык салуу, ошондой эле аларга карата адамдын ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирүүчү иштерди жасаганга укугу жок.

**15-берене. Диний уюмдардын менчиги**

Диний уюмдардын менчигинде мамлекет тарабынан, ошондой эле чет өлкөдө жайгашкан жана мыйзамда каралган башка негиздер боюнча алынган имараттар, курулуштар, табынуу объекттери, өндүрүштүк, социалдык жана кайрымдуулук объекттери, фонддор жана алардын ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон, алар тарабынан өз каражаттарынын эсебинен сатып алынган же түзүлгөн, айрым жарандар, коомдук бирикмелер белекке берген (керез кылган) же башка мүлктөр болушу ыктымал.

Диний уюмдардын менчик укуктары мыйзам тарабынан корголот.

**16-берене. Мамлекеттин менчиги болуп эсептелген мүлктү пайдалануу**

Диний уюмдар мамлекеттик органдар тарабынан келишимдик негизде аларга берилген имараттарды жана мүлктү өз муктаждыктары үчүн пайдаланууга укугу бар.

Тарых жана маданият эстеликтери болуп эсептелген объектилерди жана буюмдарды диний уюмдарга пайдалануу үчүн өткөрүп берүү мыйзамда белгиленген тартипте ишке ашырылат.

Диний уюмдар үчүн жер бөлүп берүү жана диний имараттарды куруу белгиленген тартипте Каракалпакстан Республикасынын Министрлер Кеңешинин, областтардын жана Ташкент шаарынын акимдиктеринин, ошондой эле Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин уруксаты менен ишке ашырылат.

**17-берене. Өндүрүштүк жана чарбалык иш**

Диний уюмдардын борбордук башкаруу органдары уставдык максаттарына ылайык Өзбекстан республикасынын мыйзамдары боюнча басмаканаларды, өндүрүш, реставрациялоо-курулуш, айыл чарба жана башка ишканаларды, ошондой эле кайрымдуулук мекемелерин (баш калкалоочу жайларды, ооруканаларды) ачууга укуктуу.

**18-берене. Өз ишин токтоткон диний уюмдардын мүлкүн тескөө**

Диний уюмдардын иши токтотулгандан кийин аларга пайдаланууга берилген мүлк мурунку менчик ээсине кайтарылат.

Диний уюмдардын иши токтотулган учурда аларга таандык мүлккө ээлик кылуу уставдарына жана мыйзамдарына ылайык ишке ашат. Кредиторлордун талаптары боюнча өндүрүп алууга мүмкүн болбогон диний маанидеги мүлктөрдүн тизмеси диний уюмдардын сунушу боюнча Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

Укуктук мураскорлор жок болгон учурда мүлк мамлекеттин карамагына өткөрүлөт.

**19-берене. Диний адабияттар жана диний багыттагы буюмдар**

Диний уюмдардын борбордук башкаруу органдары Өзбекстан Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте диний багыттагы буюмдарды, диний адабияттарды жана диний мазмундагы башка маалыматтык материалдарды даярдоого, алып чыгууга, алып келүүгө жана таратууга укугу бар.

Чет өлкөдө басылып чыккан диний адабияттарды жеткирүү жана сатуу мыйзамдарда белгиленген тартипте анын мазмунуна экспертиза жүргүзүлгөндөн кийин гана ишке ашырылат.

Диний уюмдардын борбордук башкаруу органдары тийиштүү лицензиясы болгон учурда гана диний сыйынуу предметтерин чыгарууга жана аларды элге жайылтуу үчүн айрыкча укукка ээ болот.

Диний экстремизмдин, сепаратизмдин жана фундаментализмдин идеяларын камтыган басма сөз басылмаларын, кино-, фото-, аудио-, видепродукцияларды жана башка материалдарды даярдоо, сактоо жана жайылтуу мыйзам боюнча жоопкерчилик тартууга алып келет.

**20-берене. Диний уюмдардын кайрымдуулук иштери**

Диний уюмдар кайрымдуулук жана боорукердик иштерин жүргүзгөнгө укугу бар.

**21-берене. Диний уюмдардагы эмгек мамилелери**

Диний уюмдарда эмгек келишимдери (контракттары) боюнча эмгектенген жарандарга Өзбекстан Республикасынын эмгек мыйзамдары колдонулат.

**22-берене. Диний уюмдардын эл аралык мамилелери**

Диний уюмдар мыйзам боюнча ажылыкка баруу же башка диний иш-чараларга катышуу максатында эл аралык мамилелерди түзүүгө жана колдоого укуктуу.

**23-берене. Абийир эркиндиги жана диний уюмдар боюнча мыйзамды бузган учурдагы жоопкерчилик**

Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарды бузган чиновниктер, диний уюмдардын кызматчылары жана жарандар Өзбекстан Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылышат.

*Тиркеме 8*

# АБИЙИР ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАР ЖӨНҮНДӨ ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Мыйзам чыгаруу палатасы тарабынан 2021-жылдын 4-майында кабыл алынган.

Сенат тарабынан 2021-жылдын 26-июнунда бекитилген.

## 1-бөлүм. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1-берене. Бул Мыйзамдын максаты

Бул Мыйзамдын максаты абийир эркиндигин камсыз кылуу жаатындагы мамилелерди, ошондой эле диний уюмдардын ишин жөнгө салуу болуп саналат.

### 2-берене. Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдар

Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдар Өзбекстан Республикасынын Конституциясынан, ушул Мыйзамдан жана башка мыйзам актыларынан турат.

Эгерде Өзбекстан Республикасынын эл аралык келишиминде Өзбекстан Республикасынын абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарында каралгандан башка эрежелер белгиленсе, анда эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат.

### 3-берене. Негизги түшүнүктөр

Бул Мыйзамда төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

диний окуу жай – диний уюмдардын кесипкөй кызматчыларын жана алар үчүн зарыл болгон диний кадрларды даярдоо үчүн, Өзбекстан Республикасындагы диний уюмдардын борбордук башкаруу органы тарабынан түзүлгөн белгилүү бир конфессияга таандык мекеме;

диний уюм – ишенимди, сыйынууну, диний ырым-жырымдарды жана жөрөлгөлөрдү биргелешип өткөрүү максатында түзүлгөн, өз ишинин негизги максаты катары киреше (пайда) алууну көздөбөгөн, анын жергиликтүү катышуучуларынын (мүчөлөрүнүн) (Өзбекстан Республикасындагы жергиликтүү диний уюм, диний билим берүү мекемеси жана диний уюмдун борбордук башкаруу органы) ортосунда алынган кирешени (пайданы) бөлүштүрбөгөн, белгиленген тартипте катталган жарандардын ыктыярдуу бирикмеси;

Өзбекстан Республикасындагы диний уюмдардын борбордук башкаруу органы – жергиликтүү диний уюмдардынын, ошондой эле бир конфессиянын диний билим берүү уюмдарынын ишин координациялоо максатында

Өзбекстан Республикасынын кеминде сегиз административдик-аймактык бирдигинде (область, Ташкент шаары, Каракалпакстан Республикасы) иш жүргүзгөн катталган жергиликтүү диний уюмдар тарабынан түзүлгөн диний уюм;

жергиликтүү диний уюм – областтарда, Каракалпакстан Республикасында жана Ташкент шаарында, райондо же шаарда иштеп жаткан, Өзбекстан Республикасынын тиешелүү районунун (шаарларынын) аймагында туруктуу жашаган, он сегиз жашка толгон элүүдөн кем эмес Өзбекстан Республикасынын жарандарынын демилгеси боюнча түзүлгөн диний уюм (мечиттер, чиркөөлөр, синагогалар, монастырлар жана башкалар);

миссионердик – адамды (адамдардын тобун) өзүнүн динине киргизүү максатында атайылап идеологиялык таасир көрсөтүү жолу менен диний көз караштарды мажбурлап таңуулоо жана диний окууларды жайылтуу боюнча иш-аракет;

мыйзамсыз диний иш – диний уюм катары каттоосуз иш-аракет, диний уюм тарабынан өзүнүн турган жеринен тышкары жерде, анын ичинде табынуучу жайлардан жана сыйынуучу жайлардын имараттарынан жана диний уюмга таандык аймактардан тышкары иш-аракеттерди жүргүзүү, ошондой эле диний агартуучулук иш-аракеттерди жеке түрдө, диний окуу жайларынан сырткары жүргүзүү;

диний кесиптик билим берүү – диний окуу жайларда окуучуларга белгилүү бир конфессиядагы диний билимдерди берүүгө багытталган процесс;

прозелитизм – бир конфессияга ишенгендердин экинчи конфессияга өтүшүнөн көрүнгөн миссионердик ишмердүүлүктүн бир түрү.

## 2-бөлүм. АБИЙИР ЭРКИНДИГИН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН НЕГИЗДЕРИ

### 4-берене. Абийир эркиндигин камсыз кылуу

Абийир эркиндиги – жарандардын каалаган динди тутуу же эч бир динди тутпоо боюнча конституция тарабынан кепилдик берилген укугу.

Жаран өзүнүн динге карата мамилесин, динди тутуу же тутпоо, сыйынууга, диний ырым-жырымдарга жана жөрөлгөлөргө катышуу же катышпоо, диний билим алууга мамилесин аныктаганда кандайдыр бир мажбурлоого жол берилбейт.

Жашы жете электерди диний уюмдарга алардын эркине, ата-энесинин же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн эркине каршы тартууга жол берилбейт.

Өз динин жана ишенимин тутуу эркиндиги мыйзамда белгиленген чектөөлөргө гана дуушар болот.

Динди конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүү, Өзбекстан Республикасынын эгемендигине жана аймактык бүтүндүгүнө шек келтирүү, жарандардын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине шек келтирүү, согуш, улуттук, расалык, этникалык же диний кастыкты үгүттөө, жарандардын ден соолугуна жана адеп-ахлагына кол салуу, жарандык ынтымакты бузуу, жалган жалаа жабуу, туруксуз абалды бузуу, калк арасында дүрбөлөң салуу жана инсанга, коомго жана мамлекетке каршы багытталган башка аракеттерди жасоо максатында пайдаланууга жол берилбейт

**5-берене. Абийир эркиндигин камсыз кылуунун негизги артыкчылыктары**

Абийир эркиндигин камсыз кылуунун негизги артыкчылыктары төмөнкүдөй:

жарандардын динге болгон мамилесине карабастан абийир эркиндигине болгон укуктарын ишке ашыруу үчүн бирдей шарттарды түзүү, диний көз караштарды мажбурлап таңуулоого жол бербөө;

конфессиялар ортосундагы тынчтыкты жана ынтымакты чыңдоо, коомдо диний сабырдуулукту камсыздоо;

абийир эркиндигин камсыз кылуу менен светтик мамлекеттик түзүлүштү сактоо;

жарандардын жана диний уюмдардын абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарды сактоосун камсыз кылуу;

коомдук тартипке, ден соолукка жана адеп-ахлакка, Өзбекстан Республикасынын жарандарынын укуктары менен эркиндиктерине коркунуч келтирүүчү диний идеяларды жана көз караштарды тамырлантууга жана жайылтууга каршы аракеттенүү.

Абийир эркиндигин, ошондой эле абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарды колдонуунун ырааттуу жана бирдиктүү практикасын камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашыруу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы дин иштери боюнча Комитет (мындан ары – ыйгарым укуктуу орган) саналат.

**6-берене. Жарандардын динге болгон мамилесине карабастан тең укуктуулугу**

Өзбекстан Республикасынын жарандары динге болгон мамилесине карабастан мыйзам алдында бирдей.

Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар Өзбекстан Республикасынын жарандары менен бирдей негизде абийир эркиндигине жана дин тутуу эркиндигине укуктуу жана абийир эркиндиги жана диний уюмдар

жөнүндө мыйзамды бузгандыгы үчүн мыйзам алдында жоопкерчилик тартышат.

Расмий документтерде жарандардын динге болгон мамилесин көрсөтүүгө жол берилбейт.

Жарандардын укуктарын чектөө жана алардын динге болгон мамилесине жараша тике же кыйыр артыкчылыктарды белгилөө, алардын диний же атеисттик ынанымдарына байланыштуу кастыкты жана жек көрүүчүлүктү козутуу же жарандардын сезимдерин мазактоо, ошондой эле урматка ээ болгон диний объектилерди кемсинтүү – мыйзам тарабынан белгиленген жоопкерчиликке тартууга алып келет.

Эч ким өзүнүн диний көз карашы боюнча мыйзамда белгиленген милдеттерди аткаруудан четтей албайт. Диний ынанымдар боюнча бир милдеттерди аткарууну башка менен алмаштырууга мыйзамда каралган учурларда гана жол берилет.

Бир диндин же ишенимдин башкаларына карата артыкчылыктарын же чектөөлөрүн белгилөөгө жол берилбейт.

**7-берене. Динди мамлекеттен бөлүү**

Өзбекстан Республикасында дин мамлекеттен бөлүнгөн. Өзбекстан Республикасындагы диний уюмдардын жана мамлекеттик органдардын иши өз ара кийлигишпөө негизинде жүзөгө ашырылат.

Мамлекет ар кандай динди туткан жарандар менен аларды тутпаган жарандардын ортосунда, ар түрдүү конфессиядагы диний уюмдардын ортосунда өз ара сабырдуулукту жана сый-урматты орнотууга көмөк көрсөтөт, диний фундаментализмге жана экстремизмге, каршылык жаратууга жана мамилелерди курчутууга багытталган аракеттерге жол бербейт.

Мамлекет конфессиялардын тынчтыкта жанаша жашоосунун гаранты катары иш алып барат. Миссионердикке жана прозелитизмге жол берилбейт.

Мамлекет диний уюмдарга кандайдыр бир мамлекеттик функцияларды аткарууну жүктөбөйт, алардын иши мыйзамга каршы келбесе, аларга кийлигишпейт. Диний уюмдар мамлекеттик функцияларды аткарышпайт. Мамлекет диний уюмдардын ишин каржылабайт жана динге ишенгендердин диний сезимдерин кемсинткен иштерге жол бербейт.

Өзбекстан Республикасында диний негизде саясий партияларды жана башка коомдук бирикмелерди, республиканын чегинен тышкары түзүлгөн диний партиялардын өкүлчүлүктөрүн жана филиалдарын түзүлүшүнө жана иштешине, саясий максаттарды көздөгөн диний уюмдардын саясий партиялардын жана башка коомдук бирикмелердин ишмердигине катышуусуна ошондой эле аларга финансылык же башка жардам көрсөтүүгө жол берилбейт.

**8-берене. Билим берүү системасы жана дин**

Өзбекстан Республикасындагы билим берүү системасы динден бөлүнгөн.

Билим берүү системасынын окуу пландарына диний сабактарды (диний окуу жайларын кошпогондо) киргизүүгө жол берилбейт.

Светтик билим алуу укугу Өзбекстан Республикасынын жарандарына алардын динге болгон мамилесине карабастан берилет.

Ар бир адам диний окуу жайларында диний кесиптик билим алууга укуктуу.

Диний окуу жайларына жарандар мыйзамда белгиленген тартипте жалпы орто, атайын орто билим же кесиптик билим алгандан кийин кабыл алынат.

Кесиптик диний билими бар адамдар диний окуу жайларында диний сабактарды окутуу менен алектенүүгө укуктуу.

**9-берене. Диний ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр**

Диний ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр диний уюмдар жайгашкан жерде, анын ичинде табынуу жана сыйынуу имараттарында жана аларга тиешелүү аймактарда, сөөк коюу, зыярат кылуучу жайларда, диний аземдерди аткаруу зарылчылыгы болгон учурда – жарандардын арызы боюнча алардын үйлөрүндө өткөрүлөт.

Ооруканаларда, бейтапканаларда, интернаттарда, тергөө камак жайларында жана жаза өтөө жайларында, ички иштер органдарынын реабилитациялык борборлорунда диний ырым-жырымдарды жана аземдерди аларда турган жарандардын өтүнүчү боюнча мыйзамдарда белгиленген тартипте өткөрүүгө жол берилет.

Табынуучу жана сыйынуучу имараттардын сыртында коомдук диний ырым-жырымдарды жана жөрөлгөлөрдү өткөрүү мыйзамда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Диний уюмдар динге ишенгендерден акчалай каражаттарды жана салыктарды мажбурлап өндүрүүгө, ошондой эле аларга карата адамдын ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирүүчү чараларды колдонууга укугу жок.

**10-берене. Диний мазмундагы материалдар, аларды чыгаруу, ташып келүү жана жайылтуу**

Диний мазмундагы материалдар – китептер, брошюралар, журналдар, гезиттер, баракчалар, башка басылмалар, белгилер, предметтер, символдор, аудиовизуалдык чыгармалар (теле-, кино- жана видеофильмдер, клиптер, концерттик программалардын жазуулары, мультфильмдер жана башкалар), электрондук алып жүрүүчү дисктер, компакт-дисктер, DVD-дисктер, орнотулган жана алынуучу эстутум карталары, дүйнөлүк желеде жайгаштырылган материалдар жана башкалар) диний окуулардын жана

комментарийлердин догматикалык негиздерин, тарыхын, идеологиясын, ар кандай диний ишенимдердин ырым-жырымдарын, ошондой эле инсандарга, тарыхый фактыларга жана окуяларга дин позициясынан баа берүүнү чагылдырган материалдар эсептелет.

Диний мазмундагы материалдарды даярдоо, алып келүү жана Өзбекстан Республикасынын аймагына жайылтуу, диний экспертизанын оң корутундусу алынгандан кийин конфессиялар аралык мамилелерди жана диний толеранттуулукту бузууга көмөктөшүүчү, диний негиздеги зомбулукка жана өзүм билемдикке чакырган идеялардын жана көз караштардын коомдо жайылуусун алдын алуу максатында жүзөгө ашырылат.

Диний мазмундагы материалдарды даярдоо, ташып келүү жана жайылтуу тартиби Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

## 3-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДУ ТҮЗҮҮ, АНЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ. ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ИШ-АРАКЕТИНЕ КОШУМЧА КЕПИЛДИКТЕР

### 11-берене. Диний уюмду түзүү

Диний уюм мыйзамга ылайык анын демилгечилеринин (уюштуруучулардын) чечими боюнча түзүлөт.

Диний уюмдун демилгечилери (уюштуруучулары) уюштуруу чогулушун (конференциясын) чакырышат, анда устав кабыл алынат жана башкаруу органдары түзүлөт.

Диний уюм катталган учурдан тартып түзүлгөн деп эсептелет.

Диний уюм юридикалык жак болуп саналат.

Диний уюм Өзбекстан Республикасындагы диний уюмдардын борбордук башкаруу органы (мындан ары – борбордук башкаруу органы), диний окуу жай же жергиликтүү диний уюм түрүндө түзүлүшү мүмкүн.

Диний билим берүү мекемеси каттоодон өткөндөн жана ыйгарым укуктуу органдан тиешелүү лицензия алгандан кийин өз ишин жүзөгө ашыруу укугуна ээ болот.

Диний уюм ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча белгиленген тартипте берилген жер участокторунда түзүлөт.

Доктринасында диний кесиптик билим берүү системасы каралбаган конфессияларды кошпогондо, тиешелүү кесиптик диний билими бар адам диний уюмдун жетекчиси боло алат.

Диний уюмду кайра уюштуруу анын башкаруу органынын чечими боюнча кошулуу, биригүү, бөлүнүү, бөлүнүп чыгуу жана кайра түзүү жолу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

Диний уюмду кайра уюштуруу мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

**12-берене. Диний уюмдардын укуктары жана милдеттери**

Диний уюм төмөнкүлөргө укуктуу:

келишимдин негизинде берилген имараттарды жана мүлктү, ошондой эле материалдык маданий мурас объекттерин мыйзамда белгиленген тартипте өз муктаждыктары үчүн пайдалануу;

кайрымдуулук иштерин жүргүзүү;

диний уюмдун ишмердүүлүгү менен байланышкан иштерди жүзөгө ашыруу;

уставда көрсөтүлгөн милдеттерди аткаруу үчүн чарбалык структураларды түзүү;

диний мазмундагы материалдарды өндүрүү, импорттоо жана экспорттоо;

зыяраттарды уюштуруу же башка диний иш-чараларга катышуу максатында эл аралык байланыштарды түзүү;

жаңы көрүстөндөрдү түзүү жана бар болгондорду реконструкциялоо боюнча сунуштарды киргизүү.

Диний уюм төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

Өзбекстан Республикасынын Конституциясынын, ушул Мыйзамдын, башка мыйзам актыларынын талаптарын жана анын уставынын жоболорун сактоо;

табынуу жайларында, диний ырым-жырымдарды же жөрөлгөлөрдү өткөрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү;

маданий мурас объекттерин коргоо жана пайдалануу боюнча мыйзамдарда каралган талаптарды милдеттүү түрдө аткаруу менен диний уюмдун менчигинде (пайдалануусунда) материалдык маданий мурас объекттеринин сакталышын камсыз кылууга, архитектуралык эстеликтерди реставрациялоо боюнча долбоордук документтердин негизинде курулуш жана оңдоо иштерин жүргүзүү;

иш-чараларды (конференция, семинар ж.б, диний ырым-жырымдарды жана жөрөлгөлөрдү кошпогондо) юстиция органдары алардын эркин өтүшүнө көмөк көрсөтүүсү үчүн аларды өткөрүү жөнүндө билдирүү;

башкаруу органынын курамынын өзгөргөндүгү жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып бир айдын ичинде юстиция органдарына билдирүү;

юстиция органдарына белгиленген формада жыл сайын өткөн жылдагы иши жөнүндө маалыматтарды берип туруу.

Диний уюм мыйзамдарда каралган башка укуктарга ээ болушу жана башка милдеттерди аткарышы мүмкүн.

**13-берене. Диний уюмдардын иш-аракетине кошумча кепилдиктер**

Диний уюмдар өз ишмердүүлүгүн мыйзамга ылайык өз алдынча жүзөгө ашырышат.

Диний уюмдардын менчигинде имараттар, курулуштар, табынуу объекттери, өндүрүштүк, социалдык жана кайрымдуулук объектилери, фонддор жана анын ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон башка мүлк болушу мүмкүн.

Диний уюмдардын менчиги мыйзам тарабынан корголот.

Диний уюмдар мамлекеттик органдардын мыйзамсыз чечимдерине, алардын кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) баш ийүү тартибинде жогору турган органга же сотко даттанууга укуктуу.

Диний уюмдар мамлекеттик органдардын, алардын кызматкерлеринин мыйзамсыз чечимдерине, укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузган аракеттерине (аракетсиздигине) сотко даттануу менен мамлекеттик алым төлөөдөн бошотулат.

## 4-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДУ КАТТООНУН ЖАНА КАЙРА КАТТООНУН ТАРТИБИ

**14-берене. Диний уюмдун уюштуруу документи**

Диний уюмду түзүүнүн демилгечилери (уюштуруучулары) бекиткен устав диний уюмдун уюштуруу документи болуп саналат.

Диний уюмдун уставында төмөндөгүлөр каралат:

диний уюмдун аталышы, түрү, доктринасынын негиздери жөнүндө маалымат жана тиешелүү диний ишмердүүлүк жөнүндө маалыматтар, анын уюштуруу-укуктук формасы, жайгашкан жери (почталык дареги), ал иш алып барган аймак;

максаты, милдеттери жана негизги иш-чаралары;

диний уюмдун түзүмү жана башкаруу органдары;

диний уюмдун башкаруу органдарын түзүүнүн компетенциясы жана тартиби, алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү, туруктуу иштеген башкаруу органынын жайгашкан жери (почталык дареги);

каражаттарды жана башка мүлктү түзүү булактары, диний уюмдун жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн мүлктү башкаруу боюнча укуктары ;

кайра уюштуруунун жана жоюунун тартиби, ошондой эле диний уюм жоюлган учурда анын мүлкүн тескөөнүн тартиби;

уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби.

Уставда диний уюмдун ишине тиешелүү мыйзамдарга карама-каршы келбеген башка жоболор да каралышы мүмкүн. Диний уюмдун уставынын

талаптары диний уюмдун өзү, аны түзүүнүн демилгечилери (уюштуруучулары) үчүн милдеттүү болуп саналат.

Борбордук башкаруу органдары бар диний уюмдардын уставдары ушул органдар менен макулдашылууга тийиш.

**15-берене. Диний уюмду каттоодо (кайра каттоодо) мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү**

Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде диний уюмдарды каттоо (кайра каттоо) боюнча кызмат көрсөтүүлөр юстиция органдарынын электрондук системасы аркылуу көрсөтүлөт.

Электрондук системага кирүү, электрондук цифралык кол тамганы же адамды идентификациялоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу башка каражаттарды колдонуу менен ишке ашырылат.

Электрондук системага киргенден кийин арыз ээси өзүнүн жеке кабинетинде кайрылуунун түрүн тандап, акырындык менен маалыматтарды киргизет жана электрондук система аркылуу документтерди жөнөтөт.

Электрондук системада түзүлгөн же юстиция органдары тарабынан жөнөтүлгөн электрондук документтерде матрицалык штрих-код (QR код) жана идентификацияланган сандар бар. Ошол эле учурда электрондук системанын атайын бөлүмүнө анда көрсөтүлгөн идентификациялык номерди киргизүү менен электрондук документ тууралуу маалыматты алууга болот.

Электрондук системанын иштөө тартиби, маалыматтын түрү жана алардын формалары, ошондой эле электрондук документтердин үлгүлөрү Өзбекстан Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан бекитилет.

**16-берене. Диний уюмдарды каттоо**

Диний уюмдарды каттоону юстиция органдары (мындан ары – каттоочу органдар) жүргүзүшөт.

Борбордук мамлекеттик органдарды жана диний окуу жайларды каттоону Өзбекстан Республикасынын юстиция Министрлиги, ал эми жергиликтүү диний уюмдарды тиешелүүлүгүнө жараша Каракалпакстан Республикасынын юстиция Министрлиги, областтардын жана Ташкент шаардык юстициясынын башкармалыктары ишке ашырат.

Өзбекстан Республикасынын юстиция Министрлиги белгиленген тартипте чет өлкөлүк жарандар болгон диний уюмдардын кызматкерлерин (жетекчилерин), ошондой эле алардын багуусундагы үй-бүлө мүчөлөрүн аккредитациялайт.

Диний уюмдарды каттоо, диний уюмдардын чет өлкөлүк жарандар болгон кызматкерлерин, ошондой эле алардын багуусундагы үй-бүлө мүчөлөрүн аккредитациялоо үчүн «Мамлекеттик алым жөнүндө» Өзбекстан

Республикасынын Мыйзамында белгиленген өлчөмдө мамлекеттик алым алынат.

Диний уюмду каттоодон өткөргөн орган анын ишинин уставдык максаттарга жана мыйзамдарга ылайык келишине көзөмөлдү жүзөгө ашырат.

**17-берене. Диний уюмду каттоо үчүн зарыл болгон документтер**

Диний уюмду түзүү жөнүндө уюштуруу чогулушун (конференциясын) өткөргөн күндөн тартып алты айдын ичинде аны каттоо тууралуу электрондук арыз каттоочу органга жөнөтүлөт.

Борбордук башкаруу органын каттоого электрондук арызга төмөнкү документтердин электрондук көчүрмөлөрү тиркелет:

борбордук башкаруу органын түзүү, анын уставын бекитүү жана башкаруу органдарын шайлоо жөнүндө маалыматтарды камтыган уюштуруу чогулушунун (конференциясынын) чечимдери;

борбордук органдын мамлекеттик тилде уставы;

жайгашкан жери диний уюмдун почта дареги катары пайдаланылышы мүмкүн болгон кыймылсыз мүлккө ээлик кылуу же пайдалануу укугун ырастоочу документ ;

борбордук башкаруу органынын уюштуруучулары жана анын башкаруу органынын мүчөлөрү жөнүндө документтер;

доктринасында диний кесиптик билим берүү системасы каралбаган конфессияларды кошпогондо, борбордук мамлекеттик органдын башчысынын диний кесиптик билими бар экендигин ырастоочу документ;

ыйгарым укуктуу органдын тыянактары.

Диний окуу жайын каттоого электрондук арызга төмөнкү документтердин электрондук көчүрмөлөрү тиркелет:

диний билим берүү мекемесин түзүү, анын уставын бекитүү жана башкаруу органдарын шайлоо (дайындоо) жөнүндө маалыматтарды камтыган борбордук башкаруу органынын чечимдери;

мамлекеттик тилде диний окуу жайдын уставы;

диний окуу жайдын башкаруу органынын мүчөлөрү жөнүндө документтер;

ыйгарым укуктуу органдын тыянактары.

Жергиликтүү диний уюмду каттоо жөнүндө электрондук арызга төмөнкү документтердин электрондук көчүрмөлөрү тиркелет:

демилгеси боюнча жергиликтүү диний уюм түзүлүп жаткан, он сегиз жашка толгон, кеминде элүү адамдан турган Өзбекстан Республикасынын жарандарынын кол тамгаларын камтыган документ;

жергиликтүү диний уюмду түзүү, анын уставын бекитүү жана башкаруу органдарын шайлоо жөнүндө маалыматтарды камтыган уюштуруу чогулушунун чечими;

мамлекеттик тилде жергиликтүү диний уюмдун уставы;

жергиликтүү диний уюмду түзүүнүн демилгечилери жана анын башкаруу органынын мүчөлөрү жөнүндө документтер;

доктринасында диний кесиптик билим берүү системасы каралбаган конфессияларды кошпогондо, жергиликтүү диний уюмдун жетекчисинин диний кесиптик билими бар экендигин ырастоочу документ;

ыйгарым укукту органдын тыянактары;

жергиликтүү аткаруу бийлигинин (Каракалпакстан Республикасынын Министрлер Кеңешинин, областтардын жана Ташкент шаарынын акимдиктеринин) жергиликтүү диний уюмдун шаар куруу стандарттарынын талаптары менен почта дареги катары пайдаланылышы болжолдонгон кыймылсыз мүлкүнүн ылайыктуулугу тууралуу тиркеме менен тыянактары.

**18-берене. Кайра уюштуруу жолу менен түзүлгөн диний уюмду каттоо үчүн зарыл болгон документтер**

Кошуу, биригүү, бөлүнүү, бөлүнүп кетүү же кайра түзүү түрүндөгү кайра уюштуруунун жолу менен түзүлгөн диний уюмду каттоого электрондук арызга ушул Мыйзамдын 17-беренесинде каралган документтерден тышкары төмөнкү электрондук документтердин көчүрмөлөрү тиркелет:

кайра түзүлүп жаткан диний уюмдун бардык белгилүү кредиторлорунун жазуу жүзүндөгү билдирүүсүн ырастоо жана кайра уюштуруу жөнүндө билдирүүнү жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоо;

кайра түзүлгөн диний уюмдун бардык кредиторлоруна жана карызкорлоруна карата бардык милдеттенмелерин, анын ичинде тараптар талашкан милдеттенмелерин мурастоо жөнүндө жоболорду камтыган өткөрүп берүү актысы (бириккенде жана кайра өзгөртүлгөндө) же ажыратуу балансы (бөлүнүүдө жана бөлүнүп кетүүдө);

кайра түзүлгөн диний уюмдун мөөрү менен штампын жок кылуу жөнүндө акт.

**19-берене. Диний уюмдун уставына өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүүдө диний уюмду кайра каттоо**

Диний уюм өзүнүн уставына өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор киргизилген учурда ушул Мыйзамда белгиленген тартипте кайра каттоодон өткөрүлүүгө тийиш.

Диний уюмду кайра каттоодо диний уюмду каттоо талаптары колдонулат.

Диний уюмдун уставына өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүү жөнүндө чечимди диний уюмдун башкаруу органы кабыл алган күндөн тартып бир айдын ичинде диний уюмду кайра каттоо үчүн каттоо органына электрондук арыз жөнөтүлөт.

Диний уюмду кайра каттоодон өткөрүү жөнүндө электрондук арызга төмөнкү документтердин электрондук көчүрмөлөрү тиркелет:

уставга өзгөртүүлөрдүн жана (же) толуктоолордун тексти, же уставдын жаңы редакциясы;

диний уюмдун башкаруу органынын уставына өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүү жөнүндө чечимдери;

диний уюмдун аталышы өзгөргөндө же каттоо органы өзгөргөндө – диний уюмдун мөөрү менен штампын жок кылуу жөнүндө акт.

Диний уюм кайра түзүлгөндүгүнө (бөлүнүшүнө же кошулушуна) байланыштуу кайра каттоодон өткөн учурда ушул статьяда каралган документтерден тышкары төмөнкү документтердин электрондук көчүрмөлөрү тиркелет:

кайра түзүлүп жаткан диний уюмдун бардык белгилүү кредиторлорунун жазуу жүзүндөгү билдирүүсүн ырастоо жана кайра уюштуруу жөнүндө билдирүүнү жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоо;

кайра түзүлгөн диний уюмдун бардык кредиторлоруна жана карызкорлоруна карата бардык милдеттенмелеринин, анын ичинде тараптар талашып жаткан милдеттенмелеринин мурастоосу жөнүндө жоболорду камтыган өткөрүп берүү актысы же бөлүү балансы;

кайра түзүлгөн диний уюмдун мөөрү менен штампын жок кылуу жөнүндө акт.

Каттоочу орган өзгөргөн учурда диний уюмду каттоону жүзөгө ашырган каттоочу орган электрондук система аркылуу диний уюмду мурда каттоодон өткөргөн каттоочу органдан аны каттоого байланыштуу документтерин сурайт.

Диний уюм почта дареги, банктык реквизиттери же башкаруу органынын курамы өзгөргөн учурда бул маселелер боюнча чечим кабыл алынган күндөн тартып бир айдын ичинде тиешелүү чечимдерди тиркеп, электрондук система аркылуу каттоочу органга билдирет.

**20-берене. Диний уюмду каттоо жөнүндө арызды кароо**

Электрондук суроо-талапты жөнөтүүчү, электрондук суроо-талапты калыптандырууну аяктагандан кийин электрондук система тарабынан автоматтык түрдө аныкталуучу мамлекеттик алымды төлөйт.

Мамлекеттик алым төлөнгөндөн кийин диний уюмду каттоо жөнүндө арыз кароо стадиясына өтөт.

Эгерде арызда оңдоого мүмкүн болгон каталар болсо, же ушул Мыйзамда талап кылынган же электрондук арызды жөнөтүүчү шилтеме кылган документтер жок болсо, каттоочу орган ага беш жумушчу күндүн ичинде аларды оңдоо жана жетишпеген документтерди жөнөтүү мүмкүнчүлүгүн

берет. Электрондук арызды жөнөтүүчүнүн талабы боюнча каттоочу орган бул мөөнөттү кеминде беш жумушчу күнгө узарта алат.

Каттоочу орган диний уюмду каттоо үчүн жиберилген документтердин аныктыгын жана алардын мыйзамга ылайык келишин текшерүүгө укуктуу.

**21-берене. Диний уюмду каттоо жөнүндө документтерди кароонун мөөнөттөрү**

Диний уюмду каттоо жөнүндө документтер каттоочу орган тарабынан төмөнкү мөөнөттөрдө каралат:

диний уюмду каттоо үчүн – арыз келип түшкөн күндөн тартып бир айдын ичинде;

диний уюмду кайра каттоо үчүн – арыз келип түшкөн күндөн тартып он беш күндүн ичинде.

**22-берене. Диний уюмду каттоо жөнүндө документтерди кароонун жыйынтыгы**

Диний уюмду каттоо жөнүндө документтерди кароонун жыйынтыгы боюнча каттоочу орган төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

диний уюмду каттоо жөнүндө;

диний уюмду каттоодон баш тартуу жөнүндө.

Диний уюмду каттоо жөнүндө чечим кабыл алынган учурда каттоочу орган чечим кабыл алынган күндөн тартып үч күндүн ичинде:

диний уюм жөнүндө маалыматтарды диний уюмдардын реестрине киргизет;

диний уюмду салык жана статистика органдарында каттоодон өткөрөт;

электрондук системада диний уюмдун жеке кабинетин түзөт;

диний уюмду каттоонун электрондук күбөлүктөрүн түзөт;

диний уюмду каттоо жөнүндө электрондук күбөлүктү жана диний уюмдун уставын электрондук системадагы диний уюмдун жеке кабинетине жөнөтөт.

Диний уюмду кайра каттоо жөнүндө электрондук күбөлүктө диний уюм жөнүндө мурунку маалыматтар, анын ичинде анын аталышы, каттоочу органдын аталышы, диний уюм катталган дата, кайра каттоо датасы көрсөтүлөт.

Каттоочу органдын өзгөрүшүнө байланыштуу диний уюм кайра каттоодон өткөн учурда жаңыдан катталган орган тиешелүү каттоо маалыматтарын көрсөтүү менен электрондук система аркылуу мурунку каттоочу органга билдирет.

Диний уюмду каттоодон баш тартылган учурда, чечим кабыл алынгандан кийин бир жумушчу күндүн ичинде электрондук системадагы электрондук кайрылууну жөнөтүүчүнүн жеке кабинетине баш тартуунун себептерин көрсөтүү менен билдирүү жөнөтүлөт.

Диний уюмду каттоодон баш тартуу, баш тартуу үчүн негиздер жоюлган шартта документтерди кайра тапшырууга тоскоолдук болбойт.

**23-берене. Диний уюмду каттоодон баш тартуунун негиздери**

Төмөнкү шарттарда диний уюмду каттоодон баш тартылышы мүмкүн:

Диний уюмду түзүүнүн максаты конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, Өзбекстан Республикасынын эгемендигине, бүтүндүгүнө жана коопсуздугуна каршы чыгып сүйлөөгө, жарандардын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине шек келтирүүгө, согушту пропагандалоого, социалдык, улуттук, расалык жана диний жек көрүү, адамдардын ден соолугуна жана адептүүлүгүнө кол салуу болсо;

диний уюмду түзүүнүн мыйзамда белгиленген тартиби бузулса же берилген документтерде мыйзамга карама-каршылыктар болсо;

түзүлүп жаткан уюм диний уюм катары таанылбаса;

берилген уюштуруу документтеринде атайылап жалган маалыматтар бар экендиги аныкталса.

Каттоочу органдын диний уюмду каттоодон баш тартуу жөнүндө чечими боюнча сотко кайрылууга болот.

**24-берене. Диний уюмдардын реестри**

Каттоодон өткөн диний уюм юстиция органдары тарабынан электрондук системада жүргүзүлүүчү жана жалпыга ачык таанышуу үчүн жеткиликтүү болгон диний уюмдардын реестрине (мындан ары – реестр) киргизилет.

Реестерде төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

диний уюмдун аталышы жана анын конфессиялык таандыктыгы;

диний уюмдун жайгашкан жери (почталык дареги);

диний уюмдун ишинин аймагы;

демилгечилер (уюштуруучулар), катышуучулар жөнүндө маалыматтар (фамилиясы, аты, атасынын аты), байланыш маалыматтары;

башкаруу органынын аты жана почта дареги, байланыш маалыматтары;

диний уюм катталган дата жана башка маалыматтар.

## 5-бөлүм. ДИНИЙ УЮМДУН ИШИН ТОКТОТО ТУРУУ ЖАНА БИРОТОЛО ТОКТОТУУ

**25-берене. Диний уюмдун ишин токтото туруу**

Диний уюмдун иши ал тарабынан Өзбекстан Республикасынын Конституциясынын, ушул Мыйзамдын жана башка мыйзам актыларынын талаптары бузулган учурда сот тарабынан токтотулушу мүмкүн.

Диний уюм мыйзам актыларынын талаптарын бузган, ошондой эле анын уставдык максаттарына карама-каршы келген аракеттерди жасаган учурда прокуратура же каттоочу орган бул диний уюмдун башкаруу органдарына бул

бузууларды четтетүү жөнүндө сунуш киргизет жана аларды жоюу үчүн мөөнөт белгилейт.

Эгерде бул мыйзам бузуулар белгиленген мөөнөттө четтетилбесе, диний уюмдун иши прокуратуранын же каттоочу органдын сунушунун негизинде соттун чечими боюнча алты айга чейинки мөөнөткө токтотулат.

Өзгөчө абал киргизилген учурда диний уюмдун ишин токтотуунун тартиби мыйзам менен аныкталат.

**26-берене. Диний уюмдун ишин токтото туруунун кесепеттери**

Диний уюмдун иши соттун чечими менен белгиленген мөөнөткө токтотулган учурда анын кайрымдуулук фонддорунун уюштуруучусу катары укуктары токтотулат, чарба жүргүзүүгө, эмгек келишимдери, анын аракетинен (аракетсиздигинен) келтирилген зыяндын ордун толтуруу жана айыптарды төлөөгө кеткен чыгымдарды кошпогондо, иш-чараларды уюштурууга, банктык аманаттарды пайдаланууга тыюу салынат.

Эгерде диний уюмдун ишин токтото туруу үчүн сот тарабынан белгиленген мөөнөттө анын ишин токтото турууга негиз болгон укук бузуулар жоюлса, анда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин диний уюм өзүнүн ишин кайра уланта алат.

Эгерде диний уюм көрсөтүлгөн бузууну четтете албаса, бул диний уюмдун ишин токтотуу жөнүндө сотко өтүнүч келтирген орган аны жоюу жөнүндө сотко өтүнүч менен кайрыла алат.

**27-берене. Диний уюмду жоюунун тартиби**

Диний уюмду жоюу мыйзамдардын жана диний уюмдун уставынын негизинде жүзөгө ашырылат.

Диний уюмду жоюу ыктыярдуу түрдө диний уюмдун башкаруу органынын чечими боюнча же ушул Мыйзамдын 26-беренесинин үчүнчү бөлүгүнө ылайык сот тартибинде жүзөгө ашырылат.

Диний уюмду жоюу жөнүндө чечим кабыл алган диний уюмдун башкаруу органы же сот – жоюучуну, жоюу комиссиясын же жеке адамды дайындайт, аны жоюу мөөнөтүн аныктайт.

Жоюу комиссиясынын курамына, адатта, бухгалтердик эсеп жаатында тиешелүү юридикалык, экономикалык билими жана (же) практикалык тажрыйбасы бар адамдар кирет.

Эгерде диний уюмдун башкаруу органы тарабынан диний уюмду жоюу жөнүндө чечим кабыл алынса, жоюучу жөнүндө маалымат каттоочу органга үч жумушчу күндүн ичинде диний уюмду жоюу жөнүндө чечимдин электрондук көчүрмөсү менен электрондук система аркылуу берилет.

Диний уюм сот тарабынан жоюлган учурда жоюучу соттун чечимин электрондук система аркылуу алгандан кийин үч жумушчу күндүн ичинде анын электрондук көчүрмөсүн каттоочу органга берет.

Каттоочу орган жоюучу жөнүндө маалыматты жана диний уюмду жоюу жөнүндө башкаруу органынын чечимин алгандан кийин эки жумушчу күндүн ичинде диний уюм жоюу процессинде тургандыгы жөнүндө маалыматтарды реестрге киргизет жана электрондук система аркылуу салык органдары жана статистика органдары, кыймылсыз мүлккө жана транспорт каражаттарына укуктарды каттоо органдары, ошондой эле диний уюм катталган жер боюнча сот актыларын жана башка органдардын актыларын аткаруу органдарына билдирет.

**28-берене. Диний уюмду жоюу жөнүндө реестрге жазуу киргизүү**

Диний уюмду жоюу жөнүндө жазууну реестрге киргизүү үчүн жоюучу бул жөнүндө электрондук система аркылуу каттоочу органга электрондук арыз жөнөтөт.

Электрондук кайрылууга төмөнкү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет:

диний уюмду жоюу жөнүндө басма сөздө жарыяланган кулактандыруу;

белгиленген тартипте бекитилген жоюу балансы;

диний уюмдун бардык эсептеринин жабылгандыгы жөнүндө тейлөөчү банктардан маалымкаттар;

кредиторлордун талаптары толук канааттандырылгандан кийин калган мүлктү тескөө фактысын күбөлөндүргөн документтер;

мөөрлөрдү жана штамптарды жок кылуу жөнүндө акт;

лицензиялар жана уруксаттар (бар болсо);

салыктар жана жыйымдар боюнча карыздардын жоктугу жөнүндө салык органдарынын тыянактары;

сот актыларын жана башка органдардын актыларын аткаруу боюнча органга диний уюм карыздар катары катышкан аткаруу документинин аткарылбагандары өндүрүштө жок экендигин кабарлоо;

диний уюмдун документтерин мамлекеттик архивге тапшырганын тастыктаган маалымкаттар.

Мында документтердин түп нускасы каттоочу органга эки жумушчу күндүн ичинде берилет.

Жоюучунун электрондук арызын алгандан кийин беш жумушчу күндүн ичинде каттоочу орган диний уюмду жоюу жөнүндө реестрге жазуу киргизет.

Эгерде документтердин толук тизмеси берилбесе же алар туура эмес тартипте таризделсе, ошондой эле берилген документтерде атайылап жалган маалыматтар камтылса, реестрге жазуу киргизүүдөн баш тартылышы мүмкүн.

Реестрге жазуу киргизүүдөн баш тартылган учурда, каттоочу орган жоюучуга электрондук система аркылуу баш тартуунун негиздерин көрсөтүү менен билдирүү жөнөтөт.

Реестерге жазуу киргизүү жөнүндө чечим каттоочу органдын жетекчисинин корутундусу түрүндө кабыл алынат.

Диний уюмду жоюу жөнүндө реестрге жазуу киргизилгенден кийин каттоочу орган эки жумушчу күндүн ичинде:

электрондук система аркылуу диний уюмду жоюу жөнүндө жоюучуга, салык органдарына жана статистика органдарына кабарлайт;

диний уюмга берилген лицензияларды жана уруксаттарды (бар болсо) аларды берген органдарга өткөрүп берет.

Диний уюмду жоюу жөнүндө жазуу реестрге киргизилген учурдан тартып диний уюм жоюлду деп эсептелет.

**29-берене. Өз ишмердүүлүгүн токтоткон диний уюмдун мүлкүн тескөө**

Диний уюмдун иши токтотулгандан кийин ага пайдаланууга берилген мүлк мурунку ээсине кайтарылып берилет.

Диний уюмдун иши токтотулганда анын карамагындагы мүлккө ээлик кылуу анын уставына жана мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат. Кредиторлордун талаптары боюнча өндүрүп алууга мүмкүн болбогон диний мүлктүн тизмеси Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

Укуктук мураскорлор жок болгон учурда мүлк мамлекеттин менчигине өтөт.

**6-бөлүм. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР**

**30-берене. Талаш-тартыштарды чечүү**

Абийир эркиндигин камсыз кылуу, ошондой эле диний уюмдардын ишин жөнгө салуу жаатында келип чыккан талаш-тартыштар мыйзамда белгиленген тартипте чечилет.

**31-берене. Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарды бузгандагы жоопкерчилик**

Диний уюмдарда абийир эркиндиги жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн күнөөлүү адамдар белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.

**32-берене. Өзбекстан Республикасынын айрым мыйзам актыларын күчүн жоготту деп таануу**

Жараксыз деп таануу:

1) Өзбекстан Республикасынын 1991-жылдын 14-июнундагы №289-XII «Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Мыйзамы (Өзбекстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1991-ж., №8, 186-б.);

2) Өзбекстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1991-жылдын 14-июнундагы №290-XII «Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Өзбекстан Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу» Жарлыгы (Өзбекстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосту 1991-ж., №8, 187-б.);

3) Өзбекстан Республикасынын 1993-жылдын 3-сентябрындагы №934-XII «Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Өзбекстан Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Мыйзамы (Өзбекстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин Билдирүүсү, 1993-ж., №9, 334-б.);

4) Өзбекстан Республикасынын 1998-жылдын 1-майындагы №618-I «Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Өзбекстан Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралуу» Мыйзамы (Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Билдирүүсү, 1998-ж., №5-6, 99-б.);

5) Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин 1998-жылдын 1-майындагы №619-I «Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Өзбекстан Республикасынын Мыйзамын жаңы редакцияда колдонууга тартиби жөнүндө» токтому (Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Билдирүүсү, 1998-жыл, №5-6, 100-б.);

6) Өзбекстан Республикасынын 2008-жылдын 31-декабрындагы №ЗРУ-197 «Салык мыйзамдарынын өркүндөтүлүшүнө байланыштуу Өзбекстан Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Мыйзамынын 2-беренеси (Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин палаталарынын билдирүүсү, 2008-жыл, №12, 640-б.);

7) «Өзбекстан Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Өзбекстан Республикасынын 2018-жылдын 18-апрелиндеги №ЗРУ-476 Мыйзамынын 2-беренеси (Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин палаталарынын билдирүүсү, 2018-ж., №4, 224-б.);

8) Өзбекстан Республикасынын 2021-жылдын 21-апрелиндеги №ЗРУ-683 «Өзбекстан Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамынын 5-беренеси (Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Палаталарынын Ведомосттору, 2021-ж., №4 тиркеме).

**33-берене. Ушул Мыйзамдын аткарылышын, жеткирилишин, маңызын жана маанисин түшүндүрүүнү камсыз кылуу**

Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы дин иштери боюнча Комитети, Өзбекстан Республикасынын юстиция Министрлиги жана башка кызыкдар уюмдар ушул Мыйзамдын аткарылышын,

аткаруучуларга жеткирилишин жана анын маңызын жана маанисин калк арасында түшүндүрүүнү камсыз кылсын.

**34-берене. Мыйзам актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү**

Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети:

өкмөттүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

ушул Мыйзамга карама-каршы келген өздөрүнүн ченемдик-укуктук актыларын мамлекеттик органдар тарабынан кайра карап чыгууну жана жокко чыгарууну камсыз кылсын.

**35-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Өзбекстан Республикасынын президенти Ш. МИРЗИЁЕВ.**

Ташкент шаары, 5 июль, 2021-ж., № ЗРУ-699.

***Белоглазов Альберт Владиславович***

# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРГЕ ИСЛАМДЫН ТААСИРИ

*Окуу куралы*

Орус тилинен кыргыз тилине которгондор
Камалова Кыял; Исакова Бактыгүл

Редактор жана корректор
Мамбеталиева Болдукан Жумабековна

Верстка жасаган В.Бримкулова

«Биргелешкен Рухий Семинария» диний коому
Протестанттык диний агым
Бишкек ш., Жибек жолу көч., 529

Тираж 200 экз. Ченеми 60 х 84/16. Көлөмү 22,0 басма табак